РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КЫРГЫЗ ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ.

Тил жана адабият институту



Кыргыз адабий тилинин грамматикасы.

II бөлүм

Синтаксис



Бишкек "Илим" 1992

Коллектив тарабынан жазылган бул эмгекте сөз айкашынын синтаксисинин, жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдүн, тел жана бөтөн сөздүн, тыныш белгилеринин актуалдуу маселелери жөнүндө кеңири маалымат берилген.

Китеп илимий кызматкерлердин кеңири чөйрөсүнө, аспиранттарга жана студенттерге, жогорку окуу жайларынын окутуучуларына, мектеп мугалимдерине, ошондой эле кыргыз тилинин синтаксистик түзүлүшү жөнүндө жалпы маалымат алууга кызыккан бардык адамдарга арналат.

Жооптуу редактор
филол.илим.докт. А.ТУРСУНОВ

Рецензенттер:
филол. илим. кандидаттары С.ИБРАГИМОВ
С.МУСАЕВ.

Бул китеп 1980-жылы "Илим" басмасы тарабынан жарыкка чыккан "Кыргыз адабий тилинин грамматикасы , I бөлүм, фонетика жана морфология" деген китептин экинчи бөлүгү болуп эсептелет.

Эмгекте кыргыз тилиндеги сөз айкаштары анын структуралык түрлөрү жөнүндө, жөнөкөй сүйлөм жана татаал сүйлөм, анын түрлөрү, сүйлөм мүчөлөрү, төл жана бөтөн сөздүн жана тыныш белгилеринин колдонулушу жөнүндө, ошондой эле синтаксистин башка маселелери боюнча, мүмкүн болушунча, терең, кеңири, системалуу маалыматтар берилген.

Ишти жазууда традициялык метод, традициялык классификация колдонулду.

Бул эмгек жогорку окуу жайларынын филология факультетинин окутуучуларына, студенттерине, аспиранттарга, мектеп мугалимдерине жана илимий кызматкерлерге арналат.

Бул ишти жазууда жана редактирлөөдө "Грамматика русского языка", т.П.Синтаксис, ч.I., М., 1954; Сартбаев К.К. "Кыргыз тилиндеги кошмо сүйлөмдүн синтаксиси", Фрунзе, 1957; А.Жапаров. "Кыргыз тилинин синтаксиси", Фрунзе, 1979-ж. деген эмгектердеги ой-пикирлер эске алынды.

Бул грамматиканын бөлүмдөрү төмөнкү авторлор тарабынан жазылды:

Тойчубекова Б. (филол.илим. канд.)- Сүйлөм; ~~Түюк~~ Бөлүксүз жактуу сүйлөм; Жалпылама жактуу сүйлөм; Белгилүү жактуу сүйлөм; Атама сүйлөм; Сөз-сүйлөм; Кемтик сүйлөм.

Турсунов А. (филол.илим.докт.). Сөз айкашынын синтаксиси, Эки тутумдуу сүйлөмдөр жөнүндө жалпы түшүнүк; Жалаң жана жайылма сүйлөм; Сүйлөм мүчөлөрү жөнүндө жалпы түшүнүк; Баш мүчөлөр; ээ; Баяндооч; Баяндоочтун ээни ээрчиши; ээ менен баяндоочтун ортосуна сызыкчанын коюлушу; Айкындооч мүчөлөр; Аныктооч;

желекчү (приложение), толуктооч;

тике толуктооч, кыйыр толуктооч; обочолонгон түшүндүрмө мүчөлөр, чакчыл түрмөктөр, сырдык сөздөр; тыныш белгилери.

Чечейбаева Н. –(филол.илим канд...) ← –Сүйлөмдүн классификациясы, сүйлөмдүн айтылуу максатына карай бөлүнүшү: жай сүйлөм, суроолуу сүйлөм, буйрук сүйлөм, илептүү сүйлөм; сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү; бир өңчөй мүчөлөрдөгү жалпылагыч сөз.

Мусаев С. (филол.илим канд...) ← – Атоочтук түрмөктөр.

Иманов А. (филол. илим канд...) ← – Эки тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөрдөгү сөздөрдүн орун тартиби.

Лайлиева Э.– Бышыктооч: жөнөкөй бышыктооч, тутумдаш бышыктооч, Бышыктоочтордун түрлөрү: сыпат бышыктооч, орун бышыктооч, мезгил бышыктооч, себеп бышыктооч, максат бышыктооч, сан-өлчөм бышыктооч.

Болчурова Т. – Жаксыз сүйлөм.

Закирова В. (филол.илим канд...) ← – Грамматикалык жактан сүйлөм мүчөлөрү менен байланышпаган сөздөр : каратма сөздөр, кириндди сөз жана кириндди сөз айкаштары; Кириндди сөздөрдүн түзүлүшү, туюндурган мааниси; Кириндди сүйлөм жана кыстырынды сүйлөм.

Мураталиев М. (филол.илим канд...) ← – Татаал сүйлөм жөнүндө жалпы түшүнүк; Татаал сүйлөмдүн уюшулуу жолдору; Багынычсыз татаал сүйлөм жана багынычтуу татаал сүйлөм жөнүндө; Байламтасыз багынычсыз татаал сүйлөм, анын маанилик түрлөрү; Байламтасыз багынычсыз татаал сүйлөмдөрдө коюлуучу тыныш белгилери; Байламталуу багынычсыз татаал сүйлөм; Байламталуу багынычсыз татаал сүйлөмдөрдө коюлуучу тыныш белгилери; Багынычтуу татаал сүйлөм; Багынычтуу татаал сүйлөмдүн уюшулуу жолдору; Багыныңкы сүйлөмдүн классификациясы. Багыныңкы сүйлөмдүн түрлөрү,

Кеңбагыныңкылуу татаал сүйлөм: бир өңчөй багыныңкылуу татаал сүйлөм,ар түрдүү багыныңкылуу татаал сүйлөм; Аралаш татаал сүйлөм; Төл жана бөтөн сөз.

Турсунов А.
филология илимдеринин кандидаты.

МАЗМУНУ

СӨЗ АЙКАШЫНЫН СИНТАКСИСИ

СӨЗ АЙКАШЫ

Сөз айкашынын түгөйлөрүнүн байланышуу жолдору.....
Эркин сөз айкаштары жана туруктуу сөз айкаштары.....
Сөз айкашы жана сөз.....
Сөз айкашы жана сүйлөм.....
Багыныңкы сөз айкаштары жана тең байланыштагы сөздөрдүн тизмеги...
жөнүндө.....
Сөз айкаштарын классификациялоо жөнүндө.....

АТООЧТУК СӨЗ АЙКАШТАРЫ

Ыкташуу аркылуу уюшулган атоочтук сөз айкаштары.....
Таандык байланыш жолу менен уюшулган атоочтук сөз айкаштары.....
Башкаруу аркылуу уюшулган атоочтук сөз айкаштары.....

ЭТИШТИК СӨЗ АЙКАШТАРЫ

Ыкташуу аркылуу уюшулган этиштик сөз айкаштары.....
Башкаруу аркылуу уюшулган этиштик сөз айкаштары.....
Жандооч катышкан этиштик сөз айкаштары.....
Жардамчы атоочтор катышкан этиштик сөз айкаштары.....
Жөнөкөй жана татаал сөз айкаштары.....
.....
Жөнөкөй сүйлөмдүн синтаксиси.....
Сүйлөм.....
Сүйлөмдүн классификациясы.....
Сүйлөмдүн айтылуу максатына карай бөлүнүшү.....

Жай сүйлөм.....
Суроолуу сүйлөм.....
Буйрук сүйлөм.....
Илептүү сүйлөм.....
Эки тутумдуу сүйлөмдөр.....
Жалаң жана жайылма сүйлөм.....
Сүйлөм мүчөлөрү.....
Баш мүчөлөр.....
Ээ.....
.....
.....
Баяндооч.....
.....
.....
Баяндоочтун ээни ээрчиши.....
Жак боюнча ээрчишүү.....
Жак боюнча ээрчишүүдөгү өзгөчөлүктөр.....
Сан боюнча ээрчишүү. .....
Сан боюнча ээрчишүүдөгү өзгөчөлүктөр.....
Ээ менен баяндоочтун ортосуна сызыкчанын коюлушу..
.....
Айкындооч мүчөлөр.. .....
Аныктооч.....
.....
.....
Жөлөкчү(приложения).....
Толуктооч.....
.....

Тике толуктооч.....

Кыйыр толуктооч.....

Бышыктооч.....

.....

.....

Сыпат бышыктооч.....

Орун бышыктооч.....

Мезгил бышыктооч.....

Себеп бышыктооч.....

Максат бышыктооч.....

Сан – өлчөм бышыктооч.....

Обочолонгон түшүндүрмө мүчө.....

Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү.....

Бир өңчөй ээлер.....

Бир өңчөй баяндоочтор.....

Бир өңчөй аныктоочтор.....

Бир өңчөй толуктоочтор.....

Бир өңчөй бышыктоочтор.....

Бир өңчөй мүчөлөрдө коюлуучу тыбыш белгилери.....

Бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдөгү жалпылагыч сөз....

Эки тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөрдөгү сөздөрдүн орун тартиби.....

Грамматикалык жактан сүйлөм мүчөлөрү менен байланышпаган сөздөр.....

Каратма сөздөр.....

Кириндi сөз жана кириндi сөз айкаштары.....

Кириндi сүйлөм жана кыстырынды сүйлөм.....

.....

Сырдык сөздөр.....

Бир тутумдуу сүйлөм.....

Туюк жактуу сүйлөм.....

Жалпылама жактуу сүйлөм.....

Жаксыз сүйлөм.....

Белгилүү жактуу сүйлөм.....

Атама сүйлөм.....

Сөз-сүйлөм.....

Кемтик сүйлөм.....

Кыскартылган баяндоочтуу сүйлөм.....

Татаал сүйлөмдүн синтаксиси.....

Татаал сүйлөмдүн уюшулуу жолдору.....

Багынычсыз татаал сүйлөм жана багынычтуу татаал сүйлөм.....

Багынычсыз татаал сүйлөм.....

Байламтасыз багынычсыз татаал сүйлөм.....

Мезгилдеш багынычсыз татаал сүйлөм.....

Себептеш багынычсыз татаал сүйлөм.....

Каршылаш багынычсыз татаал сүйлөм.....

Салыштырма багынычсыз татаал сүйлөм.....

Түшүндүрмөлүү багынычсыз татаал сүйлөм.....

Шартташ багынычсыз татаал сүйлөм.....

Орун багынычсыз татаал сүйлөм.....

Байламтасыз татаал сүйлөмдөрдө коюлуучу тыныш белгилер.....

Байламталуу багынычсыз татаал сүйлөм.....

Бириктируучу байламталуу багынычсыз сүйлөм.....

Каршылагыч байламталуу багынычсыз сүйлөм.....

Ажыраткыч байламталуу багынычсыз сүйлөм.....
Байламталуу багынычсыз татаал сүйлөмдөрдө коюлуучу тыныш белгилери.....
Багынычтуу татаал сүйлөм.....
Багынычтуу татаал сүйлөмдүн уюшулуу жолдору.....
Багыныңкы сүйлөмдөрдүн классификациясы.....
Ээлик багыныңкы сүйлөм.....
Баяндоочтук багыныңкы сүйлөм.....
Аныктоочу багыныңкы сүйлөм.....
Толуктоочу багыныңкы сүйлөм.....
Мезгил багыныңкы сүйлөм.....
Шарттуу багыныңкы сүйлөм.....
Себеп багыныңкы сүйлөм.....
Салыштырма багыныңкы сүйлөм.....
Сыпат багыныңкы сүйлөм.....
Карама-каршы багыныңкы сүйлөм.....
Максат багыныңкы сүйлөм.....
Орун багыныңкы сүйлөм.....
Өлчөм багыныңкы сүйлөм.....
Көп багыныңкылуу татаал сүйлөм.....
Бир өңчөй багыныңкылуу татаал сүйлөм.....
Ар түркүн багыныңкылуу татаал сүйлөм.....
Аралаш татаал сүйлөм.....
Төл жана бөтөн сөз.....
Кыйыр сөз.....
Тике сөз.....
Тыныш белгилери.....

ШАРТТУУ КЫСКАРТУУЛАР

А.Т. – Аалы Токомбаев. 14

А.У. – Айткулу Убукеев 15

К.Б. – Касымалы Баялинов 5

К.Б. – Касымалы Бектенов 6

К.Ж. – Касымалы Жантөшев 7

К.К. – Касым Каимов 8

К.О. – Качкынбай Осмоналиев 9

"Кырг.аял".– "Кыргызстан аялдары".

М.А. – Мамасалы Абдукаримов 2

М.Э. – Мукай Элебаев 16

Н.Б. – Насирдин Байтемиров 4

"СК" – Советтик Кыргызстан 11

С.Ө. – Сагындык Өмурбаев 10

Т.С. – Түгөлбай Сыдыков 12

У.А. – Узакбай Абдукаимов 1

Ч.А. – Чынгыз Айтматов 3

СӨЗ АЙКАШЫНЫН СИНТАКСИСИ

Грамматиканын бир бөлүгү болгон синтаксис сөздөрдүн бири-бири менен болгон өз ара байланышын, ал байланышуудан пайда болгон ар түркүн синтаксистик бирдиктерди (сөз айкашы, сүйлөм), аларды уюштурууучу тилдик каражаттарды, андай синтаксистик конструкциялардын грамматикалык түзүлүштөрүн, түрлөрүн изилдейт жана үйрөтөт.

СИНТАКСИС изилдөй турган об"ектилерине ылайык эки бөлүмдөн турат: сөз айкашынын синтаксиси, сүйлөмдүн синтаксиси.

Тил коомдун мүчөлөрүн бири-бири менен катнаштырууда, пикир алыштырууда аларды өз ара байланыштыруунун негизги формасы катары дайыма сүйлөмдү пайдаланат.[I]

Сүйлөм болсо тигил же бул тилдин законуна ылайык грамматикалык жагынан уюшулган речтин бир бүтүн бирдиги жана адамдын оюн уюштурууучу, ал жөнүндө башкаларга кабар берүүчү негизги каражат болуп эсептелет. Сүйлөм аркылуу турмуштагы чындык жана ага карата болгон сүйлөөчүнүн мамилеси билдирилет. Сүйлөм дайыма сөздөрдүн жана сөз айкаштарынын ошол тилдин грамматикалык эрежеси жана закондору боюнча бири-бири менен өз ара байланышып келиши аркылуу уюшулат.[2] Сүйлөм ар кандай эле сөздөрдүн көкустан болгон жыйындысынан түзүлө бербейт. Адатта, айтылуучу ойдун максатына ылайык сүйлөм куруу үчүн тандалып алынган сөздөр бири-бири менен маанири жана грамматикалык жактан байланышып келип, эки же андан артык сөздөн турган синтаксистик бирдиктерди, сөз айкаштарын түзүшөт; кийин ал синтаксистик бирдиктер өз ара байланышып келип, бир бүтүн сүйлөмдү уюштурат.

I. В.В.Виноградов. Основные вопросы синтаксиса предложения. В сб.: Вопросы грамматического строя.-М., 1955, 389-б.

2. В.В.ВИНОГРАДОВ. Введение. Грамматика русского языка, т.II, синтаксис, ч.I, 64-65-бб.

Демек, сүйлөмдү уюштурууда сөз айкаштары жана айрым сөздөр зор ролду ойнойт.

Чындыктагы бардык көрүнүштөр өз ара тыгыз байланышкан, бири-бири менен шартташкан абалда болордугу белгилүү. Ал эми ошол көрүнүштөр жөнүндө кабар берүүчү сүйлөмдөрдүн составындагы сөздөр бири-бири менен байланышып келип, дайыма чындыктагы ошол заттардын, көрүнүштөрдүн, кыймыл-аракеттин арасындагы байланыштарды билдирип шет.

Мисалы: Алар чак түштө бийик жондун үстүндөгү көкжайыкка жетишти.

Бул сүйлөмдүн ичиндеги "чак түштө жетишти" деген синтаксистик бирдик мезгилдик катышты, "бийик жондун", "көкжайыкка" - сыпаттык катышты, "жондун үстүндөгү жайык" - орундук катышты билдирип турат.

Сүйлөм ичиндеги сөздөрдүн маани жагынан жана грамматикалык жактан өз ара байланышкан мындай синтаксис бирдиктери ар дайым толук маанидеги эки, же андан артык сөздөрдүн багыныңкы байланышынан түзүлөт.

Мисалы: Илимди өнүктүрүүгө кеңири мүмкүнчүлүктөр түзүлдү. ("С.К.")

Бул сүйлөмдө сөздөрдүн төмөнкүдөй маанилик-грамматикалык топтору бар: илимди өнүктүрүүгө, кеңири мүмкүнчүлүктөр, өнүктүрүүгө түзүлдү. Бул сөз айкаштарынын тутумундагы толук маанилүү бүтүн сөздөрдүн биринчиси экинчисине маани жана грамматикалык жактан багынып байланышкан. Сүйлөм ичиндеги сөздөрдүн бул өндүү маанилик - грамматикалык топторунун жогоруда көрсөтүлгөн белгилерине негизделип, сөз айкашына төмөнкүдөй мүнөздөмө берүүгө болот:

Толук маанидеги эки же андан артык сөздүн багыныңкы байланышынан түзүлүп, ал сөздөр туюндурган түшүнүктөрдүн ортосундагы ар түрдүү катышты билдирүүчү сөздөрдүн семантика-грамматикалык бирдиги сөз айкашы деп аталат.

Мисалы: темир дарбаза, жаңы клуб, жыйырма кой, окуучунун китеби, чөптү үйүү ж.б.

Бул сөз айкаштары эки сөздүн багыныңкы байланышынан түзүлүп, тутумундагы сөздөр билдирген түшүнүктөрдүн ортосундагы ар кандай маанилик катышты: заттын эмнеден жасалгандыгын (темир дарбаза), сапаттык белгисин (жаңы клуб), сандык белгисин (жыйырма кой), таандык катышты (окуучунун китеби), аракет багытталган об"ектини билдирип турат(чөптү үйүү).

Бирок сөздөрдүн ар кандай эле грамматикалык бирикмеси сөз айкашы боло бербейт; бири-бири менен маани жагынан жана грамматикалык жактан байланыштуу келген эки, же андан көп толук маанилүү сөздөрдүн бирикмеси гана сөз айкашын уюштура алат. Себеби сүйлөм ичиндеги сөздөрдүн ортосундагы ар түрдүү синтаксистик мамиле толук маанидеги сөздөрдүн айкашы аркылуу гана берилет, толук маанилүү сөздөрдүн өз ара байланышы гана мааниси жана структурасы жагынан бирдиктүү сөз айкашын уюштура алат: Мисалы, жашыл жайлоо, бийик үй, клубда иштөө, планды аткаруу ж.б.

Бул сөз айкаштары толук маанидеги сөздөрдөн уюшулгандыктан, аныктоочтук, бышыктоочтук, об"ектилик катышты туюндуруп, структурасы жана мааниси жагынан толук уюшулган бир бүтүндүктү билдирип турушат.

Ал эми толук маанилүү сөз менен жардамчы сөз байланышса, структуралык жана маани жагынан толук уюшулган өзүнчө бир сөз айкашын уюштура албайт. Мисалы: тоого карай, иш жөнүндө, үйөктүн түбүндө, эң кубаттуу ж.б. Мында толук маанидеги сөздөр менен жандоочтор, жардамчы атоочтор, бөлүкчөлөр айкашкан. Бирок алар өзүнчө сөз айкашы боло алышпайт, себеби структуралык жагынан жана маани жагынан толуп уюшулуп бүтпөгөн. Бул өндүү айкаштар экинчи бир сөз менен байлан-

ышып келгенде гана толук сөз айкашы уюшулат: тоого карай жөнөө, иш жөнүндө кам көрүү, үймөктүн түбүнө отуруу, эң кубаттуу электр станциясы ж.б.

Сөз айкаштары багындыруучу сөзгө анын маанисин айкындоочу багынынкы сөздүн кошулуп айтылышы менен уюшулат: костюм - жаңы костюм (костюм - багындыруучу сөз, жаңы - багынынкы сөз), галстук - окуучунун галстугу (галстугу - багындыруучу сөз, окуучунун - багынынкы сөз), коргоо - Мекенди коргоо (коргоо - багындыруучу сөз, мекенди- багынынкы сөз).

Жогоруда белгиленгендей, сөз айкаштарынын тутумундагы сөздөрдүн бири экинчисине мааниси жана грамматикалык жактан багынып турат. Багындыруучу маанидеги сөзү сөз айкашынын багындыруучу түгөйү (багындыруучу компоненти) деп аталат да, ага багынынкы абалда турганы багынынкы түгөйү (багынынкы компонент) деп аталат. Сөз айкашынын багынынкы түгөйү багындыруучу түгөйүнүн ар кандай белгисин көрсөтүп, аныктап турат: Мисалы, атлас көйнөк, жыгач аяк, кызыл желекче, бешинчи катар ж.б.

Мында багынынкы түгөйү (биринчи сөз) өзүнөн кийинки багындыруучу түгөйү менен ыкташып байланышып, ал билдирген заттын кандай материалдан жасалгандыгын, өңүн, санын көрсөтүп турат;менин пальтом, окуучунун дептери ж.б. - бул сөз айкаштары таандык байланыш жолу менен уюшулуп, заттын бирөөгө тиешелүүлүгүн билдирип турат; пахтаны терүү, бакты кыюу, курортко жөнөө, шаардан келүү - бул сөз айкаштарынын терүү, кыюу, жөнөө, келүү деген багындыруучу түгөйлөрү өзүнүн алдындагы сөздөрдү табыш, барыш, чыгыш жөндөмөлөрүнө келтирип башкарып, багынынкы түгөйлөрү кыймыл-аракет багытталган об"ектини жана

орундук мамилени билдирип турат.

СӨЗ АЙКАШЫНЫН ТҮГӨЙЛӨРҮНҮН БАЙЛАНЫШУУ ЖОЛДОРУ

Кыргыз тилинде сүйлөм ичиндеги сөздөрдү өз ара тутумдаштыруучу синтаксистик байланыштын түрлөрүнө ээрчишүү, ыкташуу, башкаруу, таандык байланыш кирет.

ЭЭРЧИШҮҮ жолу менен сүйлөмдүн баш мүчөлөрү байланышат. Мында сүйлөмдүн баяндоочу грамматикалык жактан сүйлөм ээсине баш ийип, аны жак, сан, түр боюнча ээрчип айтылат.

Сөздөрдүн синтаксистик байланышынын калган үч түрү (ыкташуу, башкаруу, таандык байланыш) дайыма сөз айкаштарынын түгөйлөрүн бири-бири менен байланыштырат.

ЫКТАШУУ. Сөз айкашынын багыныңкы түгөйү багындыруучу түгөйү менен кандайдыр бир грамматикалык форма (мүчө) аркылуу байланышпастан, синтаксистик жол менен, башкача айтканда, сөздөрдүн орун тартиби аркылуу байланышса, ыкташуу байланышы деп аталат. Мындай учурда багыныңкы түгөйү дайыма багындыруучу түгөйүнүн алды жагына жайгашып, маани жагынан анын ар кандай белгисин көрсөтөт. Ыкташуу жолу менен уюшулган сөз айкаштарынын түгөйлөрү семантикалык жагынан бири-бири менен байланыша ала турган мааниде болуу керек. Эгер андай маанилик байланыш болбосо, сөз айкашы да түзүлбөйт. Мисалы: эски көйнөк (заттын сапаттык белгисин көрсөттү), жыйырма кой (сандык белги), жыгач үй (кандай заттан жасалгандыгы), төмөн түшүү (орундук белги) ж.б.
Сөз айкашынын багындыруучу түгөйү менен көбүнчө төмөнкү сөз түркүмдөрү ыкташып байланышат: атооч жөндөмөдөгү зат атоочтор, сын атоочтор, эсептик, иреттик сан атоочтор, шилтеме, сурама, аныктама ат атоочтор,

атоочтуктар, чакчылдар, тактоочтор, тууранды сөздөр: темир меш, илимий конференция, отуз пионер, ушул киши, кайсы бала, аткарылган план, күлө сүйлөө, тез келүү, тарс-тарс атылуу ж.б.

Кээде, көбүнчө ырларда, уйкаштыкты сактоо максатында ыкташуу жолу менен уюшулган сөз айкаштарынын багыныңкы түгөйү инверсияланып, багындыруучу түгөйүнөн кийин келип калат:

Ааламда алп сыяктуу туруп бекем,
"Азезил" капсаландан жалтанбаган.
Тамыры барган сайын тарап терең,
Таалайга маяк болуп асмандаган (К.Акаев).

БАШКАРУУ. Сөз айкашынын багындыруучу түгөйү өзүнүн лексико-грамматикалык маанисине карай алдындагы багыныңкы компонентти башкарып, аны барыш, табыш, жатыш же чыгыш жөндөмөлөрүнүн бирине келтирип байланышса, башкаруу байланышы деп аталат.

Башкаруу жолу менен зат атоочтон, ат атоочтон, эсептик сан атоочтон жана затташып кеткен башка сөздөрдөн (сын атооч, атоочтук, сан атоочтун айрым түрлөрү ж.б.) турган багыныңкы компоненттер байланышат. Андай багыныңкы компоненттерди көбүнчө этиштен, кээде айрым атооч сөздөрдөн турган багындыруучу компоненттер башкарат: бакка чыгуу, алтыга бөлүү, улууну урматтоо, эч кимге айтпоо, сураганга берүү, таштан оор, малга бай, бизден артта ж.б.

ТААНДЫК БАЙЛАНЫШ. Таандык формадагы багындыруучу сөзгө багыныңкы түгөйү илик жөндөмөдө туруп байланышып, таандык маанини туюндурса, таандык байланыш деп аталат.

Таандык байланыштагы сөз айкаштарынын компоненттери бири-бирине кайчы багынып байланышат: биринчи компоненти илик жөндөмөдө тургандыктан, кийинки компонентине тиешелүү таандык уланды жалганат;

экинчи жагынан, ал таандык формадагы экинчи компоненти алдындагы сөздүн илик жөндөмөдө турушун талап кылат. Ушинтип, мындай структурадагы сөз айкаштарынын компоненттерин бири-бири менен илик жөндөмөнүн мүчөсү менен таандык уланды байланыштырат да, мааниси жагынан, негизинен, бир заттын экинчи бирөөгө таандык экендигин билдирет: мектептин багы, колхоздун кампасы, биздин огородубуз.

Мындай сөз айкаштарынын тутумундагы иликтеги сөз - багыныңкы түгөйү таандык формадагы сөз - багындыруучу түгөйү болот.

Таандык байланыштагы сөз айкаштарынын компоненттери атооч сөздөрдөн жана заттык маанидеги сын атоочтон, атоочтуктардан болот: совхоздун клубу, сенин пикириң, үчтүн экиси, баланын күлгөнү, жакшынын шарапаты ж.б.

ЭРКИН СӨЗ АЙКАШТАРЫ ЖАНА ТУРУКТУУ СӨЗ АЙКАШТАРЫ

Сүйлөм ичиндеги сөздөр дайыма грамматикалык жактан өз ара байланышып, бири-бири менен айкашып келишет. Сөз айкаштарынын компоненттеринин ортосундагы лексико-семантикалык жана грамматикалык байланыштар, ал байланыштардын мүнөзү түрдүүчө болот. Ошол өзгөчөлүктөрүнө карай сөз айкаштары эркин сөз айкаштары жана туруктуу сөз айкаштары болуп эки топко бөлүнөт.

ЭРКИН СӨЗ АЙКАШТАРЫНЫН компоненттери сөз жүрүп жаткан учурда гана айтылуучу ойго ылайык тандалып алынат да, грамматикалык жактан өз ара байланышат. Эркин сөз айкаштарынын компоненттеринин ортосундагы байланыш белгилүү бир жагдайга карата пайда болгон убактылуу байланыш болуп эсептелет, ошондуктан анын тутумундагы сөздөр айтыла турган ар бир жаңы ойдун мазмунуна ылайык улам алмашылып, жаңы

сөздөр менен эркин айкаша берет. Эркин сөз айкашын уюштурган сөздөр өзүнүн жеке тургандагы фонетикалык, грамматикалык, семантикалык касиеттерин, лексикалык өз бетинчелигин толук сактайт, өзүнүн негизги түз маанисинен четтеп кетпейт. Мисалы: I) жаңы үй, жаңы пальто, жаңы турмуш, жаңы китеп;

2) алыс жол, таштуу жол, тайгак жол, жалгыз аяк жол.

Бул мисалдарда биринчи топтогу сөз айкаштарынын жаңы деген багыныңкы компоненти айтылуучу түшүнүктүн мазмунуна карай улам башка сөздөр менен (үй, пальто, турмуш, китеп) айкашып, жаңы сөз айкаштары түзүлдү. Экинчи топтогу сөз айкаштарында да жол деген багындыруучу компоненти айтылуучу түшүнүктүн мазмунуна ылайык улам башка сөздөр (алыс, таштуу, тайгак, жалгыз аяк) менен айкашып, жаңы сөз айкаштары уюшулду. Экинчи жагынан, бул сөз айкаштарынын тутумундагы ар бир сөз өзүнүн алгачкы фонетикалык, грамматикалык, лексикалык өз бетинчелигин толук сактаган. Мындай сөз айкаштарынын компоненттери өзүнүн лексикалык маанисин толук сактагандыктан, алардын ар бири сүйлөмдүн айрым-айрым мүчесүнүн милдетин аткарат: Сенин кызың ушуну туура чечти (Ч.А.).

Эркин сөз айкаштарынын түгөйлөрүнүн ортосундагы байланыш анчалык бекем болбогондуктан жана бири-биринен оңой эле ажырап тургандыктан, алардын арасына айрым башка сөздөрдү кошуп айта берүүгө болот. Мисалы: планды аткаруу - планды ашыра аткаруу, экскурсияга жөнөө - экскурсияга эрте жөнөө ж.б.

Компоненттери өз ара эркин байланышып, айтылуучу ар бир жаңы ойдун мазмунуна ылайык улам жаңыдан түзүлүп турган сөз айкаштары эркин сөз айкаштары деп аталат.

Айрым сөз айкаштары айтылуучу ойдун мазмунуна карай сүйлөм тизмегинде жаңы уюшулбастан, сүйлөм ичине бир бүтүн даяр биримдик

(единица) катары киргизилет. Мисалы: Атасы Жакып колунан көөрү төгүлгөн темир уста (Ш.Б.). Көчөдө көзгө сайса көрүнгүс караңгылык (К.Бек.). Мындагы "колунан көөрү төгүлгөн", "көзгө сайса көрүнгүс" деген идиомалар сүйлөм ичине мурунтан даяр бир бүтүн биримдик катары киргизилген.

Компоненттери бири-бири менен өтө тыгыз байланышып, маани жактан өз ара ширелишип келип жалпыланган бир бүтүн жаңы маанини туюндурса, туруктуу сөз айкаштары деп аталат.

Мисалы: жүрөгү жок (коркок), беш өрдөгүн учуруу (калп айтуу) ж.б. Бул сөз айкаштарынын компоненттери өз ара тыгыз байланышкан, ошондуктан алардын ордун алмаштырууга, же арасына сөз кошуп айтууга болбойт. Экинчи жагынан, булардын тутумундагы сөздөр өзүлөрүнүн тике лексикалык маанисинде колдонулбай, маани жактан ширелишип келип, жалпыланган бир бүтүн жаңы маанини билдирип турушат.

Туруктуу сөз айкаштарына фразеологиялык айкаштар кирет. Эркин сөз айкаштары менен туруктуу сөз айкаштары төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрү менен бири-биринен айырмаланышат:

I) Эркин сөз айкаштары айтылуучу ар бир жаңы ойдун мазмунуна карай сүйлөм ичинде улам жаңыдан түзүлүп турса, туруктуу сөз айкаштары сөз жүрүп жаткан учурда жаңыдан уюшулбастан, сүйлөм ичине даяр бир бүтүн биримдик катары киргизилет.

Мисалы: Райкомдун председателинин чоң кабинети элге жык толгон (Ч. Бул сүйлөмдөгү райкомдун председателинин, чоң кабинети, председателинин кабинети, элге толгон, жык толгон деген эркин сөз айкаштары ушул сүйлөмдү айткан учурда гана анын маанисине ылайыкталып тандалып алынган сөздөрдүн бири-бири менен айкалышынан түзүлгөн. Каратай отурган топко келип кошулду (Ч.А.). десек, бул сүйлөмдүн

маанисине карай отурган топко, топко келип кошулду деген жаңы сөз айкаштары уюшулду.

Ал эми: Алар ичинен таруу айланбаган кара ниеттер (М.Аб.). Тажыбай колунан көөрү төгүлгөн атактуу уста (К.Бек.). Битин сыгып, канын жалаган байлар зили түбү жарыбайт го (К.Ж.). деген сүйлөмдөрдөгү кара менен терилген тизмектер - туруктуу фразеологиялык айкаштар. Булар ушул сүйлөмдөр айтылган учурда эле тиешелүү сөздөрдүн өз ара байланышынан жаңыдан түзүлгөн жок. Алар айтылып жаткан ойдун мазмунуна ылайыкталып, тилдик каражаттардын ичинен даяр, бир бүтүн биримдик катары тандалып алынып, сүйлөм тизмегинде колдонулду.

2) Эркин сөз айкаштарында ар бир компонентинин лексикалык мааниси толук сакталат жана андай сөз айкаштарынын жалпы грамматикалык маанисиндеги компоненттеринин жалпыланган лексико-семантикалык маанилеринин өз ара катышынан түзүлөт: жаңы мектеп, көрктөнгөн кыштак, кызылчаны отоо, колхоздо иштөө. Мындагы 1,2-сөз айкаштары жалпысынан аныктоочтук катышты билдирип, багыныңкы компоненти багындыруучу компонентинин сыпаттык белгисин көрсөтүп турат; "кызылчаны отоо" "колхоздо иштөө" дегендер об"ектилик жана бышыктоочтук катышты билдирип, кыймыл-аракет багытталган затты жана орундук белгини туюндуруп турат.

Туруктуу сөз айкаштарынын тутумундагы сөздөр өзүнүн лексикалык өз бетинчелигин, тике маанисин толук сактабай, өтмө мааниге өтүп, маани жактан өз ара ширелишип келип, жалпыланган бир бүтүн жаңы маанини туюндурат. Алар билдирген бирдиктүү жаңы маани менен компоненттеринин баштапкы тике маанисинин ортосунда түздөн-түз байланыш жоктой сезилип турат.

Мисалы: жүрөгү жок - коркок, өтүмү жок, ит жандуу - чыдамкай,

итке минген - абдан жарды, беш өрдөгүн учуруу - калп айтуу, битин сыгып, канын жалаган - сарак, зыкым.

3) Эркин сөз айкаштарынан айырмаланып, туруктуу сөз айкаштарынын компоненттери бири-бири менен өтө тыгыз байланышкан болот. Ошол себептүү алардын тутумундагы сөздөрдүн ордун алмаштырууга, же алардын арасына жаңы сөздөрдү кошуп айтууга болбойт.
Мисалы: төбө чачы тик туруу (абдан коркуу), өлбөгөн төрт шыйрагы калуу (абдан катуу уялуу), ат тезегин кургатпай (тынымсыз, тез-тез).

4) Эркин сөз айкаштарынын компоненттери өзүнүн лексикалык маанисин толук сактагандыктан, сүйлөм ичинде алардын ар бири айрым-айрым мүчөлүк милдетти аткарары белгилүү.

Туруктуу сөз айкаштарында болсо компоненттери өз ара тыгыз байланышып, ширелишкен бир бүтүн маанини билдиргендиктен, алар бирдиктүү түрдө туруп, сүйлөмдүн бир мүчөсүнүн гана милдетин аткарат.
Мисалы: Атасы Жакып колунан көөрү төгүлгөн уста (Ш.Б.) (аныктооч).
Токмоктун кечөлөрүн беш колундай билүүчү (К.Бек) (сыпат бышыктооч).
Алар оту менен кирип, күлү менен чыгышат (А.Т.) ("эртеден кечке кыңк этпей иштөө" деген мааниде) (баяндооч).

Туруктуу сөз айкаштарынын негизги түрү болгон фразеологиялык айкаштар көпчүлүк учурда жеке сөздүн эквиваленти катары келет: таш тырмак (сарак), жел өпкө (мактанчаак), жер карама (уяң, жалтак) ж.б.
Ошол себептүү фразеологиялык айкаштарды сөз айкашынын синтаксиси эмес, тил илиминин бир бөлүгү болгон фразеология изилдейт. Ал эми эркин сөз айкашынын табиятын синтаксис илими изилдейт.

СӨЗ АЙКАШЫ ЖАНА СӨЗ

Адамдар өз ара пикир алышууда бири-бирине өз оюн сүйлөмдөр аркылуу билдиришет. Сүйлөм дайыма өз ара тутумдашып келген сөздөрдөн жана сөз айкаштарынан түзүлөт. Сөз айкаштары болсо маани берүүчү негизги сөздөрдөн уюшулат. Бул жагынан алганда, сөз – сөз айкашы үчүн да, сүйлөм үчүн да курулуш материалы болуп эсептелет.

Сөз айкашы менен сөздөрдүн ортосунда айрым окшоштук белгилер бар: Сөз сыяктанып, сөз айкаштары да бири-бири менен синтаксистик жагынан байланышып келип, сүйлөмдөрдү уюштурат жана кадыресе сөздөр сыяктуу эле, эркин сөз айкаштарынын ар бир компоненти өзүнчө сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткарат. Эгерде синтаксистик ажырагыс сөз айкаштары болсо, алар татаал сөздөргө окшоп, сүйлөмдүн бир мүчөсүнүн милдетин аткарат.

Мисалы: Асыл тукум койлордун төлүн көрүп жүрбөйбүзбү (А.У.). Болжогон жерге он кадамча калды (К.Боб.) Мындагы "асыл тукум", "он кадамча" деген синтаксистик ажырагыс сөз айкаштары аныктоочтук жана бышыктоочтук милдетти аткарып турат.

Сөз айкаштары, сөз сыяктанып, дайыма сүйлөмдүн составында жана сүйлөм аркылуу гана коммуникативдик (байланыштыруучу) функцияны аткара алат. Бир эле сөз кээде сүйлөмдүк маанини берип калган сыяктуу, айрым сөз айкаштары да "кабар берүүчү интонация" менен жабдылганда сүйлөмдүк маанини берип калат: Интернаттын клубу. Клубдун ичи кызыл-тазыл. Дубалдарына Маркс, Энгельс, Лениндин сүрөттөрү илинген. (К.Б)

Бир катар сөз айкаштары китеп, газета, журналдардын, макалалардын аттары катары келгенде, сөз сыяктанып, "бир нерсени атоо" маанисин да берип калат: "Биздин замандын кишилери", "Атанын тагдыры", "Алкоого татыктуулар", "Малчыларга жардам" ж.б.

Ушуну менен бирге, сөз айкашы менен сөздү бири-биринен айырмалап

турган өзгөчөлүктөрү да бар: I) Сөз башка бир сөз менен байланышпай, өзүнчө жеке туруп эле лексикалык бир маанини берет: доска, үй, машина, табак ж.б.

Сөз айкаштары болсо толук маанилүү эки же андан артык сөздөрдүн грамматикалык байланышынан түзүлүп, ал сөздөр түюндурган түшүнүктөрдүн ортосундагы ар түрдүү мамилени билдирет: таза аба, тамекини үзүү, жайлоого көчүү ж.б.

Ушинтип, сөз айкашынын составында грамматикалык жагынан байланышкан экиден кем эмес сөз болсо, жөнөкөй сөз бир гана лексикалык бирдиктен турат. Ушул өзгөчөлүктөрүнө карай сөздөр лексикалык категорияга кирсе, сөз айкаштары синтаксистик категорияга кирет.

2) Сөз айкаштарынын мааниси өзүнүн тутумундагы сөздөрдүн жалпыланган лексико-семантикалык маанилеринин бири-бири менен болгон катышынан түзүлөт да, турмуштагы заттардын, кубулуштардын, алардын ар кандай белгилеринин ортосундагы түрдүү мамилелерди жалпыланган мүнөздө билдирет. Мисалы: кызыл гүл, катуу жыгач - заттын өңүн, сапатын билдирди, шаарга жөнөө, мектепке баруу - кыймыл-аракеттин багытталган ордун көрсөттү. Демек, сөз айкаштары жөнөкөй сөздөрдөн сырткы түрү жагынан гана эмес, мааниси жагынан да айырмаланат.

3) Сөзгө караганда сөз айкаштарынын мааниси конкреттүү келет, анткени анын багыныңкы компоненти багындыруучу компоненттин ар кандай белгисин мүнөздөп көрсөтөт да, натыйжада сөз айкашынын тутумундагы сөздөрдүн абстрактуу мааниси, же болбосо көп маанилүүлүгү, же омонимдик мааниси такталып, сөз айкаштары да жалпы жоңунан конкреттүү мааниге ээ болот. Мисалы: "ат" деген омоним сөз өзүнчө турганда "жылкы" деген маанидеби, же "ысым" деген маанидеби, же болбосо "ок чыгаруу" деген этиштик маанидеби - дароо айтуу кыйын.

Ал эми ушул эле сөз "кулук ат", "таамай атуу" болуп, сөз айкашынын составында келсе, кайсы мааниде экендиги ачык көрүнөт.

Тилде эки-үч сөздүн айкашынан уюшулган татаал сөздөр да кеңири учурары белгилүү. Татаал сөздөр сырткы түрү жагынан жана компоненттеринин өз ара байланышуу жолу боюнча (ыкташуу, башкаруу, таандык байланыш) сөз айкаштары менен абдан окшош келет, ошондуктан кээде аларды бири-биринен так ажыратуу да кыйын. Алардын ортосундагы төмөнкүдөй окшоштук белгилерди көрсөтүүгө болот:

Татаал сөздөр да, сөз айкаштары да эки же андан артык толук маанилүү сөздөрдүн айкашынан түзүлөт, экөөнүн тең компоненттеринин орун алыш тартиби бирдей. Татаал сөздөрдүн компоненттери да, сөз айкаштарынын компоненттери да бири-бири менен бирдей эле грамматикалык жол менен (ыкташуу, башкаруу, таандык байланыш) байланышып, бирдей грамматикалык формада уюшулат.

Мисалы: кара жоолук - кара курт, мектеп багытап күрөшү, атка минүү - атка минер ж.б. Ушуну менен бирге татаал сөздөр, тилдин тарыхый өсүш процессинин натыйжасында, тигил же бул сөз айкаштарынын негизинде пайда болгондугун байкоого болот. Эркин сөз айкаштарынын татаал сөзгө айлануу процессинде анын компоненттери айрым тыбыштык өзгөрүүлөргө учурап, биригип кетет; көпчүлүк убактарда тыбыштык өзгөрүүлөргө учурабай, өзүнүн структурасын сактап калат, бирок мындай учурда, эркин сөз айкаштарынан айырмаланып, алардын компоненттеринин алган орду туруктуу келет. Берген мааниси боюнча, өз ара айкашкан сөздөр алгачкы маанисинен алыстап, лексикалашып, бирдиктүү бир жаңы маанини туюндуруп калат. Мисалы: бүгүн, быйыл, алтыгат, жарганат, карагат ж.б деген тарыхый татаал сөздөр бу күн, бу жыл, алты кат, жаргак канат, кара гат (жемиш) деген эркин сөз айкаштарынын компоненттеринин тыбыштык өзгөрүүлөргө учурап, биригип кетиши-

нен жасалган. Ал эми таш бака, суу жылан, таш көмүр, кызыл бурч деген сыяктуу татаал сөздөр алгачкы учурда эркин сөз айкаштарынын моделинде уюшулса да, кийинчерээк акырындык менен структуралык жагынан туруктуу абалга өтүп, тутумундагы сөздөрдүн семантикасы күңүрттөнүп, бирдиктүү бир жаңы лексикалык мааниге ээ болушуп, бара-бара татаал сөзгө айланып кетишкен.

Ушуну менен бирге, сөз айкаштары менен татаал сөздөрдү бири-биринен айырмалап турган айрым өзгөчөлүктөрү да бар.

Эркин сөз айкашынын ар бир компоненти өзүнүн лексико-семантикалык өз бетинчелигин толук сактайт, ошондуктан андай сөз айкаштарынын түюндурган жалпы лексикалык мааниси да өз компоненттеринин лексикалык маанисинин кошундусунан түзүлөт: жашыл жалбырак, бийик аска, чөптү чабуу ж.б.

Сөз айкаштарынын ар бир компоненти өзүнүн лексикалык маанисин толук сактагандыктан, грамматикалык талдоо учурунда анын ар бир түгөйүнө өзүнчө суроо берилип, сүйлөмдүн айрым-айрым мүчөсүнүн милдетин аткарышат. Татаал сөздөрдүн компоненттери өзүлөрүнүн лексико-семантикалык маанисин сактоо жагынан ар түрдүү: бир катар татаал сөздөрдүн ар бир компоненти өзүнүн толук маанисин сактаса (эмгек күн, кол жазма, ала карга, сары май, темир жол), айрымдарында бир компоненти гана толук маанисин сактап, экинчи компоненти азыркы учурда маанисин жоготкон, же мааниси күңүрттөнүп, начарланган (кызылгаш, өрө кийиз, калы килем, [illegible] төрт түлүк, берүү жатыш).

Татаал сөздөрдүн мааниси да компоненттеринин алгачкы семантикасынын негизинде түзүлөт, бирок алардын лексикалык маанисинин жөнөкөй суммасы эмес; татаал сөздөрдүн компоненттери маани жагынан биригишип, жуурулушуп келип, бирдиктүү жаңы лексикалык маанини берет да, конкреттүү бир предметти, көрүнүштү атап көрсөтөт: алтыгат, музоо баш,

жел боо, жарыш сөз, кызыл бурч, жол башчы, кырк аяк.

Татаал сөздөр лексикалык бирдиктүү бир маанини билдиргендиктен, бир суроого жооп берип, сүйлемдүн бир мүчөсүнүн милдетин аткарат: Кызыл үйдүн ичи кызыл-тазыл жасалгаланган (К.Б.). Апасы боз үйдөн чыкпайт... (Ш.Б.) Республиканын айыл чарбасы ылдам темп менен өнүктү. Эркин сөз айкаштары речте даяр, белгилүү бир калыпка түшүп калган бир бүтүн бирдик катары колдонулбайт. Анын компоненттери ошол сөз жүрүп жаткан учурда гана, айтылуучу ойдун мазмунуна ылайыкталып, улам жаңыдан тандалып алынып, грамматикалык жактан өз ара байланышып айтылат. Демек, эркин сөз айкаштарынын компоненттери туруктуу эмес; алардын ортосундагы байланыш ошол учурга гана ылайык пайда болгон убактылуу байланыш жана алар бири-бири менен кыналышып бекем тутумдашпайт. Ошол себептүү аларды бири-биринен оңой эле ажыратып жиберүүгө болот. Ушул өндүү шарттар эркин сөз айкаштарынын түгөйлөрүнүн арасына маани жактан ылайыктуу келген айрым сөздөрдү кошуп айтууга мүмкүнчүлүк берет. Мисалы: жаңы кинофильм, жаңы магазин; эски кыштак, көрктөнгөн кыштак десек, айтылуучу пикирге ылайык улам жаңы составдагы сөз айкаштары уюшулду.

Лекторлордун семинары - лекторлордун республикалык семинары, жоолукчан кыз - кызыл жоолукчан кыз, мугалимдердин курсу - мугалимдердин бир айлык курсу. Мында эркин сөз айкаштарынын компоненттеринин арасына жаңы сөздөр кошулуп айтылды. Татаал сөздөрдүн компоненттери болсо өз ара тыгыз байланышкан, тилдин тарыхый өсүш процессинин натыйжасында белгилүү бир тартипте биротоло калыпташып, грамматикалык формасы жагынан да, алган орду жагынан да туруктуу абалга жетишкен. Алар сөз жүрүп жаткан учурда речте даяр, бир бүтүн бирдик катары колдонулат. Ушул себептен татаал сөздөрдүн бир компонентин экинчи бир башка сөз менен алмаштырууга, же составына жаңы сөз кошууга, же болбосо компон-

енттеринин морфологиялык структурасын өзгөртүүгө эч мүмкүн эмес. Эгерде алар бир аз эле өзгөрүлсө, татаал сөздүк касиетин жоготушат. Мисалы: ак куу, беш жылдык, өмүр баян, атка минер. Эгерде сары куу, алты жылдык, атты минди деп, компоненттерин, же грамматикалык формасын өзгөртсөк, татаал сөз болбой калат.

Сөз айкаштарынын ар бир компоненти лексико-семантикалык өз бетинчелигин толук сактагандыктан, ар биринин өзүнө тиешелүү басымы болот. Кошмок жана кош сөздөрдө да ошондой: жөө жомок, кыл жуугуч; ата-эне, анда-санда. Ал эми бириккен татаал сөздөрдүн компоненттери тыбыштык жагынан бузулуп, бир сөз сыяктанып биригип кеткендиктен, бир гана басымга ээ болуп калган: унчүк, быяк, карагат.

Эркин сөз айкаштарынын ар бир компоненти өзүнүн түз маанисин толук сактаса, татаал сөздөрдүн компоненттери маани жагынан абстракцияланып келип, көбүнчө өтмө мааниде колдонулат: атка минер, таш бака, кара сөз, кулак сал, жөө жомок, суу жоолук ж.б.
Татаал сөздөр өзүнчө бир конкреттүү маани берип, лексикалык бирдик катары колдонулгандыктан, дайыма сөз айкашынын бир компоненти катары келип, аны уюштурууга активдүү катышат: Колхоз боюнча кереге газетаны чыгардык (К.Б.). Кыштак арасы кубур-шыбырга толгон. (Т.С.).
Ушул өңдүү негизги айырмачылыктарына карай сөз айкаштары синтаксистик категорияга, татаал сөздөр морфологиялык категорияга кирет.

СӨЗ АЙКАШЫ ЖАНА СҮЙЛӨМ.

Сөз айкашы менен сүйлөм - синтаксистик категория.
Сүйлөм ойду уюштуруучу, билдирүүчү жана ал жөнүндө башкаларга кабар берүүчү речтин грамматикалык жактан уюшулган бирдиги. Сөз айкашы сүйлөм ичинде экиден кем эмес толук маанидүү сөздөрдүн багыныңкы байланышынан түзүлгөн сөздөрдүн синтаксистик тобу. Ал сүйлөм тутумуна анын зарыл составдык бөлүгү катары кирет. Сөз айкашы да, сүйлөм

Ч. Айтматов атындагы ... институту Кыргыз ... фондусу 5322 ... Кыргыз Республикасынын ... китеп илимдер академиясынын Гуманитардык ... жана экономикалык ... институту

да синтаксистин изилдей турган об"ектилери болуп эсептелет. Бул экөөнүн ортосунда айрым бир жалпы белгилер бар. Экөө тең сөздөрдүн базасында түзүлөт жана сөздөрдү сөз айкашында, сүйлөм тизмегинде байланыштыруучу грамматикалык каражаттар, алардагы сөздөрдүн орун тартиби негизинен бирдей.

Сөз айкаштары да кээде кабар берүүчү интонациянын ("интонация сообщения") жардамы менен жана компоненттеринин белгилүү бир тартипте жайгашышы аркылуу сүйлөмдүк касиетке жетишишип, коммуникативдик функцияны (байланыштыруучу милдетти) аткарып калат. Мисалы: Эртең мененки сат сегиз. Колхоздун мектеби. Мектептин ичи кенен, жарык (К.Б.). Түн. Сыдырым муздак жел. Үйдүн ичи жапжарык. (К.Бек). Ушуну менен бирге, бул эки синтаксистик категория бири-биринен айрым бир өзгөчөлүктөрү боюнча айырмаланып да турушат I) Сөз айкашы менен сүйлөм бири-биринен структуралык түзүлүшү жагынан айырмаланат: сөз айкаштары толук маанилүү эки же андан артык сөздүн багыныңкы байланышынан түзүлүп, компоненттери синтаксистик байланыштын тигил же бул түрү аркылуу өз ара байланышат, грамматикалык мааниси боюнча аныктоочтук, об"ектилик, же бышыктоочтук катышты билдирет. Мисалы: кайраттуу киши, үчүнчү класс - булар сын атоочтун, сан атоочтун зат атооч менен айкашып айтылышы аркылуу уюшулган; компоненттери ыкташуу жолу менен байланышып, аныктоочтук катышты билдирип турушат. Теректи кыюу, окуучудан алуу, мектепке жөнөө, айылдан келүү - бул сөз айкаштары зат атооч менен этиштин айкашынан түзүлгөн, компоненттери өз ара башкаруу жолу менен байланышып, об"ектилик жана орундук катышты туюндуруп турат. Ал эми сүйлөмдүн структуралык түзүлүшү сөз айкаштарыныкынан таптакыр башкача. Мисалы, эки составдуу сүйлөмдөр дайыма ээ менен баяндоочтун предикативдик байланышынан түзүлүп, мааниси жагынан

бүткөн айрым ойду билдирет: Жер-суу көрүнбөйт (К.Б.). Азыр да эч кимиси унчукпады (Ч.А.).

2) Сөз айкашы менен сүйлөмдүн составындагы сөздөрдүн саны ар түрдүү. Сөз айкаштары дайыма багындыруучу жана багыныңкы компоненттердин өз ара айкашынан түзүлүп, составы жагынан көбүнчө толук маанидеги эки сөздөн турат: эшкиндүү колхозчулар, отличниктердин слету, кызылчаны суюлтуу. Татаал сөз айкаштары үч-төрт сөздөн уюшулат: Ата мекендик согуштун катышуучусу, айыл чарбасынын алдыңкылары, үч сомдон сатуу.

Сүйлөмдөр болсо структурасы жагынан жайылыңкы келет. Жалаң сүйлөмдөн башка бардык түрлөрү бир нече сөздүн айкашынан уюшулат.

Мисалы: Мүмкүн, ал сезим башта ар кимибизде билинбей жашыруун болгон чыгар (Ч.А.).

3) Сөз айкашы менен эки составдуу сүйлөмдөр компоненттеринин ортосунда түзүлгөн синтаксистик катыштын мүнөзү боюнча да бири-биринен айырмаланышат.

Эки составдуу сүйлөмдөрдө алардын баш мүчөлөрү дайыма предикативдик катышта келет да, чындыктагы көрүнүштөр жөнүндө кабар берет: Ал жыгачтын түбүнө тура калды (Т.С.). Сөз айкаштары болсо эки же андан артык сөздөрдүн багыныңкы байланышынан түзүлүп, эки составдуу сүйлөмдөрдөн айырмаланып, негизинен аныктоочтук катышты (мында багыныңкы компоненти багындыруучу компонентин ар түрдүү белгилери боюнча аныктайт), об"ектилик катышты (багыныңкы компоненти кыймыл-аракет багытталган об"ектини көрсөтөт), бышыктоочтук катышты (багыныңкы компоненти кыймыл-аракеттин кандай абалда, шартта аткарылгандыгын, орундук, мезгилдик катышты) билдирет.

4) Сөз айкашынан айырмаланып, сүйлөм предикативдүүлүк категориясына ээ. Предикативдик байланыш негизинен ээ менен баяндоочтун ортосунда түзү-

лөт. Предикативдүүлүк сүйлөмдүн уюшулушунда негизги ролду ойнойт жана анын милдети сүйлөмдүн мазмунунун чындыкка карата болгон катышын көрсөтүү, чындык жөнүндө кабар берүү болуп эсептелет. Сүйлөмдүн негизи болгон предикативдүүлүк грамматикалык жагынан модалдуулук категориясы жана жак, чак категориялары аркылуу уюшулат. Мисалы: Мал жайытта жатат (Н.Б.). Албетте, жакында жыйын өткөрөлү деген жакшы сөз (К.Ж.). Быйл биз планды, ээсүз, ашыра аткарабыз.

Ал эми сөз айкаштары үчүн предикативдүүлүк категориясы мүнөздүү эмес.

5) Сүйлөмдү сөз айкаштарынан айырмалап туруучу негизги белгилердин дагы бири – сүйлөмдө кабар берүүчү интонациянын ("интонация сообщения") бар экендиги болуп эсептелет. Кабар берүүчү интонация сүйлөмдү уюштуруучу маанилүү грамматикалык каражаттарга кирет, анын жардамы менен сөздөрдүн тизмеги гана эмес, айрым жеке сөздөр да сүйлөмдүк мааниге ээ боло алат: Жайкы кеч. Береги бир тоодо дүкүйгөн ак булут чокмороктошуп уюп турат (М.Э.).

Сөз айкашында кабар берүүчү интонация болбойт.

6) Сүйлөм грамматикалык жактан жана маани жагынан толук уюшулуп бүткөн болот да, синтаксистик башка конструкциялар менен байланышпай, өзүнчө туруп эле толук аяктаган ойду билдирет: Бүткөн боюм дүр дей түштү (К.Б.). Сөз айкаштары болсо сүйлөмдүн айрым бөлүкчөлөрү гана болуп эсептелет, ошол себептүү алар толук аяктаган ойду түшүндүрө албайт. Сөз айкаштары өз компоненттери билдирген түшүнүктөрдүн ортосундагы ар түрдүү катышты билдирет: түнүк булак, эрте ойгонуу, үйдү куруу, кроватка жатуу.

7) Сүйлөм, сөз айкаштарынан айырмаланып, толук коммуникативдик (байланыштыруучу) функцияга ээ. Сүйлөм, ар бир тилдин законуна ылай-

ык, сөздөрдүн жана сөз айкаштарынын тизмегинен түзүлөт да, адамдын оюн тилдик материалдын базасында уюштуруп, аны башкаларга толук билдирип, аларды өз ара байланыштырууда эң негизги ролду ойнойт: Ал дайым уйдул молотилканы чыгарган Харьковду мактайт (Т.С.). Сөз айкаштары болсо өзүнчө турганда кандайдыр бир бүткөн ой туурады башкаларга кабар берип, аларды өз ара байланыштыруучу коммуникативдик функцияны аткара албайт. Алар,адатта, эки же андан артык толук маанилүү сөздөрдүн багыныңкы байланышынан түзүлөт да, багыныңкы компоненти багындыруучу компонентинин маанисин тактап, толуктап, анын ар түрдүү белгисин көрсөтөт: кызыл алма, таттуу алма, тез жүрүү, жерди казуу. Жогоруда көрсөтүлгөн өзгөчөлүктөрүнө карай сөз айкашы менен сүйлөм бири-биринен түп тамырынан бери айырмаланган эки түрдүү синтаксистик категорияга кирет.

БАГЫНЫҢКЫ СӨЗ АЙКАШТАРЫ ЖАНА ТЕҢ БАЙЛАНЫШТАГЫ СӨЗДӨРДҮН ТИЗМЕГИ ЖӨНҮНДӨ.

Сүйлөм ичиндеги сөздөр грамматикалык жагынан өз ара багыныңкы байланышта жана тең байланышта болушат.

Багыныңкы байланыштагы сөздөр синтаксистик байланыштын төрт түрүнүн (ыкташтуу, башкаруу, таандык байланыш, ээрчишүү) бири менен байланышат да, ал өз ара тутумдашкан сөздөрдүн бири экинчисине мааниси жана грамматикалык жактан багынып, аны ар түрдүү белгилери боюнча айкындап турат: бактылуу үй бүлө, менин китебим, телевизорду өндоо. Тең байланыш аркылуу сүйлөм ичиндеги бири-бирине көз каранды эмес, бири-бирине багынбаган сөздөр бирдей укукта байланышат. Бул жол менен тутумдашкан сөздөр өз ара багыныңкы катышта келбей, биринин артынан экинчиси удаалаш айтылып, бири-бири менен санак интонация, же байламта аркылуу байланышат; синтаксистик жагынан дайыма бир өңчөй

мүчөлөрдүн милдетин аткарышат: Алай, Ак-Сай, Тогуз-Торо, Чаткалда киргиди жок Ильич шамы жагылсын (Т.У.).

Багыныңкы байланыш аркылуу уюшулуп, компоненттеринин бири экинчисине мааниси жана грамматикалык жактан багынып турган сөз айкаштары багыныңкы сөз айкаштары деп каралат.

Айрым окумуштуулар "сөз айкашы" деген терминге кеңири мааниде түшүнүшөт да, тең байланыштагы сөздөрдүн тизмегин да сөз айкашы деп эсептешет. Бирок көпчүлүк окумуштуулар тең байланыштагы сездөрдү сөз айкаштарынын системасына кийирүүнү туура деп табышпайт, анткени алар структурасы жагынан да, тутумундагы сөздөрдүн ортосундагы грамматикалык катыштын мүнөзү жагынан да багыныңкы сөз айкаштарынан түп тамырынан бери айырмаланып турат.

I) Багыныңкы сөз айкаштарында дайыма аны уюштуруучу негизги ядросу, багындыруучу компоненти, болот да, ага экинчи бир сөз мааниси жана грамматикалык жактан багынып айтылып, аны ар кандай белгилери боюнча аныктап турат: эпкиндүү чабан, көңүлдүү иштөө, бедени чабуу.

Тең байланыштагы сөздөрдүн тизмегинде болсо анын өзөгүн түзгөн негизги ядросу, б.а. багындыруучу компоненти жана аны айкындап турган багыныңкы түгөйү болбойт; тутумундагы сөздөр мааниси жана грамматикалык жактан бири-бирине багынбай, бирдей укукта, биринин артынан экинчиси улаша айтылып байланышат: Селезнов бул жолу суз, салкын, каардуу, кекчил (Т.С.).

2) Багыныңкы сөз айкаштары мааниси жагынан өз ара байланыштуу келген эки же андан артык сөздөрдүн байланышынан түзүлгөндүктөн, структурасы жагынан толук уюшулуп бүткөн болот да, мааниси жагынан бир бүтүндүктү билдирет. Ошол себептүү мындай түзүлүштөгү сөз айкаштарынын составына кандайдыр бир жаңы сөздү дайыма эле эркин кошуп айта берүүгө болбойт: жаңы чайкана, оң жакка бурулуу, тез иштөө.

Кызыл, көк, сары гүлдөр жайнап турат.

Тең байланыштагы сөздөрдүн тизмеги бири экинчисин айкындап турган толук маанилүү сөздөрдүн багыныңкы байланышынан түзүлбөйт, мында маани жагынан бирдей укуктагы сөздөр өз ара тең байланышта тутумдашып айтылат, семантикасы боюнча бир бүтүн бирдикти билдире албайт (салыштыр: бийик дубал — кызыл, көк, жашыл). Ущул себептүү айтылуучу ойдун мазмунуна карай тең байланыштагы сөздөрдүн катарына дагы жаңы сөздөрдү кошуп, улантып айта берүүгө болот: кызыл, көк, сары, жашыл, ак гүлдөр жайнап турат.

3) Багыныңкы сөз айкаштары структурасы жана маани жактан толук уюшулуп бүткөндүктөн, анын компоненттеринин бирин түшүрүп айтууга болбойт, түшүрсөк - сөз айкашы болуудан калат. Тең байланыштагы сөздөрдүн тизмеги структурасы жагынан жыйынтыкталбай, ачык формада айтылгандыктан, мааниси жагынан бир бүтүндүктү билдирбегендиктен, тутумундагы сөздөрдүн айрымдарын түшүрүп айта берүүгө болот жана андан ал сөз тизмегинин ички түзүлүшү орчундуу өзгөрүүгө учурабайт: Өтүн, суу, май, күрүч, сабиз - бардыгы мында даяр турат (А.Т.).— — Өтүн, күрүч, май - бардыгы мында даяр турат.

4) Багыныңкы сөз айкашынын компоненттери мааниси жана грамматикалык жактан өз ара бекем байланышта болгон себептүү, алардын ордун алмаштырып айтуу негизинен мүмкүн эмес (инверсияланып айтылышын эске албаганда), эгер алмаштырсак, структурасы, мааниси бузулат, же предикативдик катышты билдирип калат (үйгө кирүү - кирүү үйгө, кездемени бычуу - бычуу кездемени; калың токой - токой калың). Тең байланыштагы сөздөр бири-бирине багынбай, бирдей укукта тутумдашкандыктан, алардын ордун эркин түрдө алмаштырууга болот: Карандаш, китеп, кагаз - бардыгын берем, барасыңбы? (А.Т.).— Кагаз, карандаш, китеп - бардыгын берем, барасыңбы?

5) Багыныңкы сөз айкаштары түзүлүшү жагынан көбүнчө эки составдуу болот, кээде 3–4 сөздөн турат: ударник жумушчулар, үймөктү бузуу, беш саат күтүү, түштүк тарапка бет алуу.

Тең байланыштагы тизмектин составындагы сөздөр сан жагынан алда канча арбын жана өз ара тыгыз байланышпаган болот. Ошол себептүү алардын санын андан ары да көбөйтүп айта берүүгө болот. Мисалы: Кыргызстанда көптөгөн завод, фабрика, мектептер курулду. — Кыргызстанда көптөгөн завод, фабрика, мектептер, клубдар, окуу жайлары, электр станциялары, каналдар курулду.

6) Багыныңкы сөз айкаштарынын сүйлөм ичинде өзүнөн кийинки сөз менен байланышы анын багындыруучу компоненти аркылуу ишке ашат; мындай учурда ага тиешелүү грамматикалык форма жалганат да, ошонун жардамы аркасында өзүнөн кийинки сөз менен тутумдашат: Мен анын сүйлөгөнүн уктум (А.Т.). Мында "анын сүйлөгөнү" деген сөз айкашынын багындыруучу компоненти ("сүйлөгөнү") кийинки "уктум" деген сөз менен табыш жөндөмөнүн "-н" мүчөсү аркылуу байланышып турат. Тең байланыштагы сөздөр сүйлөм ичинде бирдей синтаксистик милдетти аткарышып, алардын ар бири сүйлөмдүн бир мүчесү менен түздөн-түз байланышат. Мисалы: Бул лагерге шаарлардан, райондордон, айылдардан балдар келишет (Т.С.). Ушинтип, тең байланыштагы сөздөрдүн тизмеги структурасы, грамматикалык байланышы жана мааниси жагынан багыныңкы сөз айкаштарынан түп тамырынан бери айырмаланып тургандыктан, аларды сөз айкашынын бир түрү катары карооого болбойт. Тең байланыштагы сөздөр сүйлөм ичиндеги бир өнчөй мүчөлөр болуп эсептелет.

ПРЕДИКАТИВДҮҮ ЖАНА ПРЕДИКАТИВДҮҮ ЭМЕС СӨЗ АЙКАШТАРЫ.

Айрым окумуштуулар сөздөрдүн ортосундагы синтаксистик катыштын мүнөзүнө карай сөз айкаштарын "предикативдүү сөз айкаштары", "предикативдүү эмес сөз айкаштары" деп да бөлуштүрүшөт (В.П.Сухотин, Е.М.Гал-

кина-Федорук, Е.И.Убрятова ж.б.). Адатта, сүйлөмдүн структуралык негизин түзүүчү эө менен баяндоочтун байланышынан уюшулуп, маани жагынан чындыктагы көрүнүш тууралу кабар берүүчү тизмекти предикативдүү сөз айкаштары деп карашат (Мис., үй бийик, ава ырайы жакшы деген сыяктууларды). Ал эми составында ээ, баяндоочтук катыштагы сөз тизмеги жок, ошол себептүү сүйлөмдүк касиетке жетише албаган, жөн гана чындыктагы ар түрдүү көрүнүштөрдүн: заттардын, кубулуштардын ар кандай белгилерин билдирүүчү синтаксистик бирдиктер предикативдүү эмес сөз айкаштары деп аталат: катуу жыгач, бийик аска, кыштакта жашоо, каналды казуу.

Көпчүлүк окумуштуулардын пикирлерине жана тилдик фактыларга караганда, сөздөрдүн предикативдүү тизмегин сөз айкашынын түрүнө кийирүүгө болбойт. Анткени предикативдүү сөз тизмеги ээ менен баяндоочтун айкашынан түзүлүп, кабар берүүчү интонация менен айтылып, баяндоочунун аягына жак, чак, ыңгай мүчөлөрү жалганып келип, турмуштагы чындык тууралу кабар берет (окуучу келди). Эгерде мындай сөз тизмеги жайылма сүйлөмдүн составында келсе, анда ал сүйлөмдүн скелетин, структуралык негизин түзөт: Район быйыл республиканын сыйлыгына татыктуу болду. Мында "район татыктуу болду" деген тизмек сүйлөмдүн структуралык негизин, уюткусун түзүп турат.

Демек, предикативдүү айкаш структурасы, функциясы жагынан сүйлөмгө жакын, сүйлөмгө окшош. Ошол себептүү сөздөрдүн предикативдүү тизмеги сөз айкашы жөнүндөгү окууда эмес, сүйлөм жөнүндөгү окууда каралууга тийиш. Бул жөнүндө акад. В.В.Виноградов: "Сөздөрдүн предикативдик бирикмеси жөнүндөгү проблема сөз айкашы жөнүндөгү окууга эмес, сүйлөм жөнүндөгү окууга тиешелүү. Ошондуктан сөз айкаштарын предикативдүү жана предикативдүү эмес деп эки топко бөлүүнүн эч кандай негизи жок; антип бөлүштүрүү сөз айкаштарын изилдөө жана сүйлөм курулушун изилдөө деген эки түрдүү маселени бири-бири менен

чаташтыруунун натыйжасында келип чыккан"[I],-дейт.

Ал эми предикативдүү эмес сөз айкашы, предикативдүү сөз тизмеги сыяктанып, ээ менен баяндоочтун айкашынан түзүлбөйт, эки же андан артык толук маанилүү сөздөрдүн багыныңкы байланышынан уюшулат. Алардын бири багындыруучу мааниде болот да, экинчиси ага семантикасы жана грамматикалык жактан багынып, анын маанисин аныктап, толуктап турат: жашыл талаа, камыш чатыр, заводдун имараты, жүргүнчүлөрдү тейлөө. Предикативдүү эмес сөз айкаштары үчүн,предикативдүү сөз тизмегинен айырмаланып, жак, чак, модалдуулук категориялары, кабар бөрүүчү интонация мүнөздүү эмес, ошол себептүү алар шарттуу түрдө аяктаган кандайдыр бир ойду билдире алышпайт. Алар өзүнүн компоненттери билдирген түшүнүктөрдүн ортосундагы ар түрдүү маанилик катышты билдирет. Мисалы, заттын өңү-түсүн: кара ала уй, сандык белгисин: он эки пионер, таандык мамилени: колхоздун мүлкү, кыймыл-аракеттин кимге, эмнеге жумшалгандыгын: окуучуга берүү, арчаны кыюу, орундук, мезгилдик катышты: короого кийирүү, төрт жылга шайлануу ж.б. билдиришет. Бул сыяктуу предикативдүү эмес сөз айкаштарынын түзүлүш жолдору түрлөрү, маниси сөз айкашынын синтаксисинде изилденет.

СӨЗ АЙКАШТАРЫН КЛАССИФИКАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ. Сөз айкаштары, ар түрдүү принципке негизделип, түрдүүчө классификацияланып жүрөт.

Кээ бир окумуштуулар сөз айкашынын багыныңкы компонентинин синтаксистик функциясына карай аныктоочтук ("атрибутивные", "определительные"), бышыктоочтук ("обстоятельственные" же "релятивные"), толуктоочтук ("об"ектные") сөз айкаштары деп бөлүштүрүшөт. Айрымдары сөз айкаштарынын өзүнүн синтаксистик функциясына карай аларды субстантивдик сөз айкаштары, атрибутивдик: ад"ективдик жана

I. В.В.Виноградов. Введение. Грамматика русского языка, т.II, синтаксис, ч.I, стр. I2.

адвербиалдык сөз айкаштары ж.б. деп бөлүштүрүшөт.

Кийинки мезгилдерде окумуштуулардын көпчулугу сөз айкаштарын багындыруучу компонентинин кайсы сөз түркүмүнөн экендигине жана компоненттеринин ортосундагы байланыштын түрүнө карай классификациялоо принцибин кеңири колдоно башташты.

Ал эми сөз айкаштарынын структурасы, түрлөрү, анын компоненттеринин өз ара байланышуу өзгөчөлүктөрү көбүнчө багындыруучу түгөйүнүн кайсы сөз түркүмүнөн экендигине, анын семантикалык, грамматикалык бөтөнчөлүгүнө байланыштуу болот. Мисалы, эгерде сөз айкашынын багындыруучу компоненти етмө этиштерден болсо, ал өзүнүн алдындагы багыныңкы сөздү башкарып, табыш жөндөмөсүнө келтирип байланышат (көпүрөнү оңдоо); ал эми багындыруучу компоненти өтпөс этиштерден болсо, багыныңкы компонентин башкарып, барыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрүнүн бирине келтирип байланышат (сессияга катышуу, чогулуштан чыгуу).

Эгерде багындыруучу компоненти зат атоочтон болсо, анда ал багыныңкы түгөйү менен көбүнчө ыктащуу же таандык байланыш жолу менен айкашат (салкын аба, бактын бутагы). Демек, классификациялоонун бул кийинки принциби түздөн-түз сөз айкаштарынын ички өзгөчөлүктөрүн ачууга багытталгандыктан, колдонуу үчүн ылайыктуу. Ошондуктан кыргыз тилиндеги сөз айкаштарын классификациялоодо да төмөнкү үч принципти колдонууга болот:

I) Сөз айкашынын компоненттеринин кайсы сөз түркүмүнө тиешелүү экендиги; 2) анын компоненттеринин ортосундагы синтаксистик байланыштын түрлөрүнө карай; 3) сөз айкашынын структурасы боюнча.

I. Багындыруучу компонентинин кайсы сөз түркүмүнөн экендигине карай сөз айкаштары атоочтук сөз айкаштары жана этиштик сөз айкаштары болуп эки топко бөлүнөт.

АТООЧТУК СӨЗ АЙКАШТАРЫНА багындыруучу түгөйү зат, сын, сан, ат атооч,

тактоочтордон болгон сөз айкаштары кирет (темир тосмо, элге жакшы, окуучулардын бешөө, түшүмгө мол, келгендердин кимиси).

ЭТИШТИК СӨЗ АЙКАШТАРЫНА багындыруучу түгөйү этиш сөздөрдөн болгон сөз айкаштары кирет (кыска сүйлөө, коноктордү күтүү, поездге түшүү).

2. Компоненттеринин ортосундагы синтаксистик байланыштын мүнөзүнө карай ыкташуу жолу менен байланышкан, башкаруу жолу менен байланышкан жана таандык байланыш аркылуу уюшулган сөз айкаштары болуп ажырайт.

3. Структурасына карай жөнөкөй сөз айкаштарына жана татаал сөз айкаштарына бөлүнөт.

Сөз айкаштарын ушул принциптердин негизинде классификациялап изилдөө алардын структуралык түрлөрүн аныктоого, атооч сөздөр менен этиштин башка сөз түркүмдөрү менен айкаша алуу мүмкүнчүлүктөрүн тактоого, атоочтук жана этиштик сөз айкаштары үчүн синтаксистик байланыштын кайсы түрлөрү өзгөчө мүнөздүү экендигин белгилөөгө мүмкүндүк берет.

АТООЧТУК СӨЗ АЙКАШТАРЫ

Сөз айкаштарынын бул түрүнө багындыруучу компоненти атооч сөздөрдөн болгон сөз айкаштары кирет. Атооч сөздөрдүн башка түрлөрүнө (сын, сан, ат атооч жана тактооч) караганда зат атоочтор атоочтук сөз айкаштарын уюштурууга активдүү катышат, алардын багындыруучу компоненти болуп эркин түрдө келе берет. Ал эми калган башка атооч сөздөр өзүлөрүнүн лексико-семантикалык өзгөчөлүгүнө карай сөз айкаштарынын составында көбүнчө багыныңкы компоненттин ролунда келишет; ошону менен бирге кээде атоочтук сөз айкаштарынын негизги компоненти катары да келе берет.

Атооч сөздөр, өз ара тутумдашып, сөз айкаштарын уюштуруш үчүн, аларда алды менен маани жагынан бири-бири менен айкаша алуу мүмкүнчүлүгү болуу керек. Эгерде мааниси боюнча өз ара байланыша албаса, андай сөздөр сөз айкашын уюштура алышпайт.

Атоочтук сөз айкаштарынын компоненттери өзүлөрүнүн лексико-грамматикалык өзгөчөлүктөрүнө карай бири-бири менен негизинен синтаксистик байланыштын ыкташуу, таандык байланыш, кээде башкаруу жолдору аркылуу байланышат.

Ыкташуу аркылуу уюшулган атоочтук сөз айкаштары.

Ыкташуу жолу менен уюшулган сөз айкаштарында багыныңкы түгөйү багындыруучу түгөйү менен кандайдыр бир мүчө аркылуу байланышпастан, маанилик катышы жана алган орду боюнча байланышат. Тактап айтканда, багыныңкы түгөйү дайыма багындыруучу түгөйүнүн алдына жайгашып, маани жагынан негизги компоненттин ар кандай белгисин көрсөтөт: муздак суу, жыгач күрөк, жылкычы Асан.

Ыкташуу жолу менен уюшулган атоочтук сөз айкаштарында багындыруучу компоненти дайыма зат атоочтордон, кээде субстантив дешкен башка сөздөрдөн, болот да, багыныңкы компоненти зат, сын, сан, ат атооч, атоочтук, кыймыл атооч, тактоочтордон болот. Компоненттеринин семантикалык өзгөчөлүктөрүнө карай мындай структурадагы сөз айкаштары ар түрдүү маанилик катышты билдирет.

Багындыруучу компоненти зат атоочтон, багыныңкы компоненти да атооч жөндөмөдөгү зат атоочтон болгон сөз айкаштары.

Мында уңгу түрдөгү зат атооч экинчи бир зат атооч менен жанаша айтылып, ыкташа байланышып, сөз айкашы уюшулат; анын составындагы биринчи зат атооч дайыма мааниси жагынан экинчисине багыныңкы абалда болот. Мындай структурадагы сөз айкаштарынын багыныңкы компоненти болуп бардык эле зат атоочтор келе бербейт, конкреттүү маанидеги зат атоочтор гана багыныңкы компонент боло алат: темир дарбаза, таш короо.

Сөз айкашынын бул түрү негизинен төмөнкүдөй маанилик катышты билдирет:

I) Багыныңкы компоненти багындыруучу компоненти билдирген заттын кандай материалдан жасалгандыгын көрсөтөт: кундуз тебетей, алтын шакек, даки кур, трико кемсел.

Кетик тиш карыя чөнтөгүнөн мүйүз чакчасын сууруп чыкты (К.Б.). Кымкап чапаныңыз болсо кийип алыңыз (Т.С.). Анын колунда сабоосу бар(К.Б.).

2) Багындыруучу компоненти туюндурган заттын кесибин билдирет:

мугалим кыз, инженер бала, шофер жигит, чабан кыз.

3) Багыныңкы компоненти илимий наамды, кызматын, улутун, кандайдыр уюмга тиешелүүлүгүн билдирет: профессор Алиев, бригадир Ашым, орус кыз, пионер балдар, комсомол жаштар. Бир грузин карыядан укканым бар (К.Б.).

4) Туугандык, жолдоштук жакындыгын, жыныстык айырмачылыгын көрсөтөт: карындашым Салый, кызым Зуура, иним Асан, энеси Шарийпа; кыз балдар, эркек балдар, ургаачы кой, дос эл. Жолдошум Осмон колхоздо иштейт. Бул иш аял кишиге оор. Атасы Петр - райондо зоотехник (С.Өмүрбаев).

5) Багындыруучу компоненти билдирген заттын орундук белгисин көрсөтөт: үй жаныбарлары, тоо айбандары, талаа чычкандары, кургак бака, суу жылан, чөнтөк саат.
Ал акырын чөнтөк фонарын жандырды ("Кырг.аял.").

6) Негизги компоненти билдирген заттын эмнеге арналгандыгын билдирет: кой короо, ат сарай, үй сарай.

7) Салыштыруу, окшоштуруу маанисин берет: Чыгыш жак алтын нурга чөмүлдү (К.Б.). Абышка күмүш сакалын кайра-кайра сылады. Эрмек топчу мурдун кайра-кайра тарта берди (С.Ө.).

8) Кээ бир зат атоочтор экинчи бир зат атооч менен айкашканда, семантикалык жагынан толук уюшулган сөз айкашы түзүлбөйт! кап буудай, көтөрүм отун. Мындай айкаштардын биринчи сөзүнүн алдына дагы бир тиешелүү сөз кошулуп айтылганда гана, толук маанилүү сөз айкашы уюшулат; семантикасы боюнча ар кандай өлчөмдүк маанини туюндурат: бир кап буудай, үч килограмм эт, үч чакырым жер, бир кайнатым чай.

Айрым зат атоочтор багындыруучу компонент менен кайталанып айтылып айкашат: казан-казан эт, короо-короо кой, кап-кап эгин.

Багыныңкы компоненти сын атоочтон болгон сөз айкаштары.

Сын атоочтор өзүнүн лексикалык мааниси боюнча заттын сын-сыпатын, сапатын, ар кандай белгисин көрсөткөндүктөн, грамматикалык жагынан сөз өзгөртүүчү мүчөлөр менен өвгөрбөгөндүктөн, дайыма зат атооч менен ыкташуу жолу аркылуу байланышып, атоочтук сөз айкаштарын уюштурушат.

Мындай түзүлүштөгү сөз айкаштары багыныңкы компонент катары келген сын атоочтун лексикалык маанисине карай ар түрдүү маанилик катышты билдирет.

1) Багыныңкы компоненти багындыруучу компонент билдирген заттын өңү-түсүн, даамын, формасын, көлөмүн билдирет: жашыл чөп, көк ала сакал, көгүш булут; ачуу дары, кычкыл алма; тоголок таш, ийри жыгач, чоң үй, тар комната, терең суу, тайыз кечүү.

2) Ар кандай сапатын, кулк-мүнөзүн: жаңы техника, эски сарай, жакшы адам, начар товар, катуу жыгач, жумшак жер, шайыр бала, жоош киши.

3) Салмагын, температуралык сапатын, жаш өзгөчөлүгүн: оор жүк, жеңил таңылчак; муздак суу, салкын жел, ысык жер; кары киши, жаш коммунист ж.б.

4) Багыныңкы компоненти салыштырма даражадагы сын атоочтордон болсо, негизги компоненти билдирген заттын белгисин толугураак же кемирээк даражада, күчөтмө сын атоочтордон болсо, тиешелүү

белгисин күчөтүп көрсөтөт: бийигирээк тоо, көгүрөөк материал, начарыраак иш, жапжашыл чөп, кипкичине бала, эң таттуу алма.

Катыштык сын атоочтордун маанисиси өзүнүн түпкү уңгусунун лексикалык маанисиси менен байланыштуу болот да, заттын ар кандай белгисин ошол өзүнүн жасалышына база болгон зат атоочко карата болгон катышы аркылуу билдирет: туз-тузду тамак, топу-топучан киши.

I) = луу, = ман, = поз курандылары аркылуу жасалган катыштык сындар багыныңкы компонент болуп келсе, багындыруучу компонент атаган заттын багыныңкы компонент билдирген заттык белгиге ээ экендигин билдирет: таштуу жол, балалуу аял, таалайлуу жаштар, акылман киши, кайраттуу адам, илимпоз киши, өнөрпоз киши.

Эгерде багыныңкы компонент = сыз формасындагы катыштык сын атоочтон болсо, багындыруучу компонентте багыныңкы түгөйү билдирген заттык белгинин жок экендигин көрсөтөт: суусуз талаа, тузсуз тамак, чыдамсыз бала, күйүмсүз киши.

2) Багыныңкы компоненти = гы,= кы, = лык формасындагы катыштык сындардан болсо, түпкү уңгусунун лексикалык маанисине карай багындыруучу компоненттин орундук, мезгилдик белгисин билдирет: Фрунзедеги завод, Оштогу фабрика, асмандагы жылдыздар, бүгүнкү сабак, түнкү сугат, кышкы суук; шаардык бала, алайлык кыргыз, айылдык мектеп, кыштык отун, жаздык эгин, күздүк эгин, түштүк жол.

3) =лык формасындагы катыштык сындар багыныңкы компонент катары келгенде, түп уңгусунун маанисине карай орундук, мезгилдик катыштан башка негизги компоенент билдирген заттын кандайдыр бир уюмга, агымга, коомго, көз карашка, улутка, окуяга тиешелүүлүгүн көрсөтөт: комсомолдук чогулуш, марксисттик кружок,

пионердик дружина, социалисттик маданият, англиялык аскерлер, фашисттик самолет, советтик адам.

– Багындыруучу компонент билдирген белгинин, заттын кимге тиешелүү экендигин, эмнеге жумшаларын, тиги же бу кесипчиликке үйрөтөрүн туюндурат: аталык камкордук, энелик мээрим, жолдоштук жардам; костюмдук материал, этүктүк булгаары, көйнөктүк щелк; шофердук курс.

4) Багыныңкы компонент = лаш формасындагы катыштык сындардан болсо, түпкү уңгусунун лексикалык маанисине карай негизги компоненти билдирген заттын ой-пикири, ниети, кесиби бирдей, окшош экендигин, туугандык катышын, мезгил, орун жагынан болгон жалпылыкты билдирет: тилектеш киши, пикирлеш жолдош, кесиптеш адис, замандаш адамдар, жатындаш иниси, айылдаш киши, жердеш балдар, классташ балдар, курсташ балдар.

5) = дай формасындагы катыштык сын багыныңкы компонент болуп келсе, негизги компоненттин белгисин багыныңкы компонент билдирген зат менен салыштырып көрсөтөт:
тоодой толкун, үйдөй таш, темирдей тартип, томуктай сөөк, чынындай алма.

6) = чыл, = чаак, = аак, = гыр, = өнөк, = кор, = арман, = мер деген сыяктуу курандылар менен жасалган катыштык сындар багыныңкы компонент катары келгенде, негизги түгөйү билдирген заттын бир нерсеге шыктуу, жөндөмдүү экендигин туюндурат: суучул бала, ыйлаак кыз, таарынчак бала, алгыр куш, сүзөнөк уй, билерман киши, чайкор абышка, боорукер киши, ишмер аял, сөзмөр адам.

7) =чан формасындагы сын атооч багыныңкы компонент болуп келгенде, ~~мынтыкчанкишини~~ өзүнүн лексикалык маанисине

ылайык, негизги компоненти билдирген заттын эмне менен кураллангандыгын, ар кандай сыртқы жана ички белгилерин, өзгөчөлүктөрүн көрсөтөт: мылтыкчан киши, найзачан баатыр, кылыччан аскер, көйнөкчөн бала, топучан киши, атчан солдат; ысыкчан киши, суукчан киши, оорукчан бала.

Багыныңкы компоненти сан атоочтон болгон сөз айкаштары

Сан атоочтор семантикасы боюнча негизинен заттын санын, иретин билдирет. Морфологиялык жагынан сөз өзгөртүүчү мүчөлөр менен өзгөрбөйт. Ошондуктан сан атоочтор көбүнчө зат атоочтор менен ыкташуу жолу аркылуу айкашышат. Бирок сан атоочтор бардык зат атоочтор менен эле эркин айкаша бербейт, саналып айтылууга жөндөмдүү жекелик мааниде айтылуучу зат атоочтор менен айкаша албайт. Жекелик санда айтылуучу зат атоочторго абстрактуу маанидеги сөздөр (күч, кубаныч, кыял, азап, жаңылык, даңк ж.б.), жаратылыштын көрүнүштөрү, илимий түшүнүктөр (мөндүр, жамгыр, кар, шамал, суук, ысык, чагылган; ботоника, педагогика, марксизм-ленинизм ж.б.), жамдоо маанисиндеги жана буюмдук (вещественные) зат атоочтор (эл, калк, мал, мүлк, журт, идиш-аяк; алтын, темир, азот, жибек, сүт) ж.б. кирет. Сан атооч багыныңкы компонент болуп келгенде, анын негизги компоненти - зат атоочко көптүк -лар мүчөсү жалганбайт. Себеби мындай учурда көптүк маани сан атооч аркылуу берилгендиктен, ага -лар мүчөсүн улоонун зарылчылыгы болбой калат: беш дептер, он кой.

Багыныңкы компоненти сан атоочтон болгон атоочтук сөз

айкаштары биринчи компонентинин семантикалык өзгөчөлүктөрүнө карай ар түрдүү маанилик катышты билдирет.

I. Сөз айкашынын багыныңкы компоненти эсептик сан атоочтон болсо, багындыруучу компоненти билдирген заттын сандык белгисин көрсөтөт:

Сени менен төрт киши болот (К.Б.). Бирок кырк эки жыл оңойбу? (Мид.А.). Алтымыш кысыр, жүз байтал мөрөйлөшүп сайчу элек (фольк.).

2. Иреттик сан атоочтон болсо, багындыруучу компоненти атап көрсөткөн заттын иреттик номерин билдирет: Быйыл ал тогузунчу класста (Ж.Мав.). Мен кырк биринчи үйдүн эшигин тарттым("Ала-Тоо"). Үчүнчү күнү жамгыр басылды (К.Б.).

3. Чамалама сан атоочтон болсо, негизги түгөйү билдирген заттын санын болжолдоп, чамалап көрсөтөт: Анын артынан келте келип, элүүчө кишини алды (К.Ж.). Дагы жыйырмадай кою бар. Жарыядан кийин жүздөгөн кыз келди ("Ала-Тоо"). Атайдан алты-жети жаш кичүү (Кас.К.). "Узак жол" жазылгандан бери отуздан ашуун жыл өттү ("Кырг. мад."). Бул системада кыркка жакын мастерская бар ("СК"). Алардын туугандары жыйырма чакты үй (Кас.К..).

4) Багыныңкы компонент топ сандан болсо, негизги компонент билдирген заттын бирдей өлчөмдө бөлүнгөндүгүн, бөлчөктүк сандан болсо, бүтүндүн бир бөлүгү экендигин көрсөтөт: Үстүбүздөгү жылы ар жүз түбар бээден токсон жетиден кулун алды ("СК"). Ар бир окуучу ондон дептер алды. Жыл сайын колхоздо алынуучу байлыктын үчтөн эки бөлүгүн пахта түзөт("СК

Жамдоо сан атоочтор ыкташуу жолу менен зат атоочтор

менен айкаша албайт. Себеби алар мааниси боюнча

аныктоочту да, аныкталгычты да өз ичине камтып турат; салыштыр: беш киши – бешөө, алты китеп – алтоо.

Эсептик сан атоочтор саналып айтылбай турган зат атоочтор менен нумеративдик сөздөр (центр, килограмм, тонна, даана, татым, чакырым, метр, саат ж.б.)
эки килограмм май, үч метр сатин, бир саат убакыт, эки тонна чөп, бир татым туз, үч чакырым жол ж.б.

Багыныңкы түгөйү ат атоочтон болгон сөз айкаштары

Ат атоочтун түрлөрүнүн атооч сөздөр менен ыкташуу жолу аркылуу байланышып, атоочтук сөз айкаштарын уюштуруу мүмкүнчүлүктөрү ар түрдүү.

I. Шилтеме ат атоочтун бардык түрлөрү зат атооч менен ыкташып байланышып, сөз айкашын уюштура алат. Мааниси боюнча, аныктоочтук катышты билдирип, негизги түгөйү атап турган затты башкалардан айырмалап бөлүп көрсөтөт: Деги ушул аттардын азабын тарттым(К.Б.). Биз да ошол кыштактабыз (К.Б.). Бул нан биздики болсо керек (А.Т.) Ал суу текке кетип жатат (Ч.А.). Мүмкүн, тетиги куу жиликтер так ошол төөнүкүдүр (А.Т.). А дегенде тигил кабар жат угулган(Т.С.

2. Сурама ат атоочтордун ичинен кандай, кайсы, канча, нече, канчанчы, неченчи, эмне дегендери гана негизги түгөйү менен ыкташып байланышып, атоочтук сөз айкаштарын уюштурууга катышат. Маанисине карай суроолуу= сапаттык жана сандык катышты билдирет. Мисалы: Анда канча коммунист бар? (К.Б.). Таң эртеңки уйку кандай соңун, кандай таттуу (К.Б.). Кана, тылда эмне жаңылыктар бар экен? (К.Б.) Сен канчанчы үйдө жашайсың?

3. Тангыч ат атоочтордун ичинен эч кандай, эч бир, аныктама ат

атоочтордон бүткүл, бүтүн, бардык, ар бир, белгисиз ат атоочтордон кээ бир, кайсы бир, кандайдыр бир, кай бир, бир канча, алда канча, алда кандай деген ат атоочтор да атоочтук сөз айкаштарынын багыныңкы түгөйү катары келип, негизги түгөйү менен ыкташып байланышат, мааниси боюнча, анын жалпыланган, болжолдуу жана таңуу маанисиндеги ар кандай белгилерин көрсөтөт. Бул ат атоочтордун башка сөздөр менен айкашуу жөндөмдүүлүгү анча кеңири эмес.

Мисалы: бүткүл эл, бүтүн журт, ар бир окуучу, кайсы бир балдар. Айланада эч бир жан жок (Ч.А.). Бүгүн эч кандай иш бүтпөдү. Барлык ынтасын коюп иштеди (К.Б.). Анын кай бир кийимдери илинип турат (К.Ж.). Сизге кандайдыр бир киши келди. Арадан алда канча сөздөр айтылып өттү (К.Ж.). Ар бир мектепте лениндик бурчтар бар ("Жаш ленинчи"). Ар түтүнгө бирден үймөк (Ш.Б.). Алда кандай окуялар өттү.

Кээ бир ат атоочтор (жактама ат атоочтор, кайда, качан дегендер) уңгу түрүндө туруп, зат атооч менен ыкташып, байланыша албаганы менен, аларга =дай, =гы курандылары уланып келгенде, ыкташып айкаша берет: кайдагы киши, качанкы окуя. Сендей балдар бизде абдан көп (А.Т.). Ынтаандуу койсоң, сен да биздей мастер болосуң (К.Б.).

Багыныңкы түгөйү атоочтуктан болгон сөз айкаштары.

Этиштин өзгөчө бир түрү болгон атоочтуктар да зат атооч менен, кээде субстантивдешкен башка сөздөр менен ыктащуу жолу аркылуу байланышып, атоочтук сөз айкаштарын уюштурушат.

I. =ган формасындагы атоочтук багыныңкы түгөй болуп келгенде, негизги түгөйү билдирген заттын болуп өткөн кыймылдык белгисин билдирет: Молдавияда балдар үчүн түзүлгөн шарттар эң жакшы ("Жаш ленинч."). Тойгон конокгор тез гана конурукка кириштн (А.Т.

Олтурган эл унчуккан жок (А.Т.). Ылаалаган жылкы, сайгактаган уй жок (К.Ж.).

2. =ар (=бас) жана =уучу, =оочу формасындагы атоочтуктан турган багыныңкы түгөй келечекте болуучу кыймылдык белгисин билдирет: Анын андан аркы көрөр күнү, өткөрөр тиричилиги өгөй эненин колунда (К.Б.). Батар күндүн атар таңы бар (макал). Урушпас уул, керишпес келин болбос. Солбос өмүр, сынбас темир болбос (макал). Айтылуучу аңгеме айтылып бүткөн белем (Т.С.). Иштелүүчү иштер аяктап бүттү.

3. Багыныңкы компоненти =а//=й+элек формасындагы атоочтуктардан болсо, баштала элек кыймыл-аракетти негизги түгөйү билдирген заттын белгиси катары көрсөтөт: Саала элек уйлар өңгүрөшүп, музоолорун издегендей эки жакты карашат (Н.Б.). Тууй элек уйдун уузун күтүптүр (макал).

Кээде кыймыл атоочтор да зат атооч менен ыкташып байланышып, атоочтук сөз айкаштарын уюштурушат. Мааниси боюнча, негизги түгөйү атаган заттын кыймылдык белгисин көрсөтөт. Бирок кыймыл атоочтордун зат атооч менен ыктащуу жолу аркылуу айкащуу мүмкүнчүлүгү анчалык кеңири эмес, чектелген мүнөздө. Мисалы: кабыл алуу пункту, ойлоо жөндөмдүүлүгү, иштөө мүмкүнчүлүгү, сүйлөө речи. Ал бүгүн шаарга бармак киши эмес беле.

Багыныңкы түгөйү тактоочтордон болгон сөз айкаштары.

Мындай түзүлүштөгү атоочтук сөз айкаштары кыргыз тилинде сейрек учурайт. Себеби тактоочтор негизинен этиш менен айкашып, атооч сөздөр менен өтө аз айкашат. Адатта, айрым мезгил, сан-өлчөм тактоочтор, кээ бир сыпат тактоочтор зат атооч же сын атооч менен байланышып келип, сөз айкашын уюштурушат. Мааниси жагынан багындыруучу түү-

гөйү билдирген заттын мезгилдик, сан-өлчөмдүк, сыпаттык белгилерин көрсөтөт: жаңыча турмуш, ылдый жер, өйдө жер, Казы менен көптөн тааныш (К.Б.). Ошентсе да жүрүш бүгүн көңүлсүз (Т.С.). Ал азыр айылда сельсовет (Ч.А.). Колхозчулар жайы-кышы тоодо ("СК".). Карачы көп жерди айдап ксюптур (Мид.А.). Балким, ал жер мол түшүм берип калгысы бардыр (К.Б.). Ормуштун азыр эки ууду бар. Саякатка кеткендерден азырынча кабар жок. Өтө сейрек болсо да, айрым кош айтылган туураңды сөздөр зат атооч менен ыкташып байланышып, атоочтук сөз айкаштарын уюштурушат да, негизги түгөйү билдирген заттын ар кандай белгисин туурап көрсөтөт: Алыстан жылт-жылт оттор көрүндү. Оң тараптан шаңк-шуңк күлкүлөр угулду. Бир аздан кийин кобур-собур үн чыкты.

ТААНДЫК БАЙЛАНЫШ ЖОЛУ МЕНЕН УЮШУЛГАН АТООЧТУК СӨЗ АЙКАШТАРЫ.

Синтаксистик байланыштын бул түрү түрк тилдери үчүн гана мүнөздүү. Бул жол менен уюшулган сөз айкаштары илик жөндөмөдөгү сөз менен таандык формадагы сөздүн айкашынан түзүлөт. Иликтеги сөз багыныңкы компонент катары келет да, таандык мүчө жалганган сөзү багындыруучу түгөйү болот: совхоздун малы, окуучунун китеби, менин иним.

Мындай структурадагы сөз айкаштарынын морфологиялык түзүлүшү алардын компоненттериин өз ара байланышуу өзгөчөлүктөрү менен шартташкан. Тактап айтканда, багыныңкы түгөйү илик жөндөмөдө тургандыктан, анын грамматикалык маанисине карай багындыруучу түгөйүнө тиешелүү таандык уланды жалганат, экинчи жагынан, ал таандык формадагы багындыруучу түгөйү алдындагы багыныңкы түгөйдүн илик жөндөмөдө турушун талап кылат: баланын көйнөгү, бактын

бутагы, силердин үйүңөр.

Ушинтип, мындай түзүлүштөгү сөз айкаштарынын түгөйлөрүн бири-бири менен илик жөндөмөнүн мүчөсү менен таандык уланды байланыштырат. Таандык байланыштагы атоочтук сөз айкаштарынын биринчи жана экинчи түгөйлөрү көбүнчө зат атоочтордон, ат атоочтордон, кээде субстантивдешкен сан атооч, сын атоочтордон, атоочтуктардан, кыймыл атоочтордон болот. Компоненттеринин лексико-семантикалык өзгөчөлүктөрүнө карай ар түрдүү маанилик катышты билдирет, алардын негизгилери төмөнкүлөр:

I. Илик жөндөмөдөгү биринчи компоненти таандык формадагы экинчи түгөйү билдирген заттын кимге, эмнеге таандык экендигин билдирет: Асандын дептери, пионердин галстугу, колхоздун сарайы. Заготзернонун короосу ызы-чуу (Ч.А.). Экинчи элдин мүлкүнө кол салбай жүр (Ш.Б.). Биздин ишибиз чындыкта (К.Б.).

2. Бүтүн нерсе менен анын бөлүгүнүн ортосундагы катышты көрсөтөт. Мындай учурда сөз айкашынын биринчи компоненти бүтүн бир затты, же жалпылоо маанисиндеги затты, экинчи түгөйү бүтүндүн, көп нерсенин бир бөлүгүн билдирет: столдун буту, койдун башы, үйдүн чатыры, мылтыктын кундагы; нандын жарымы, элдин теңи, балдардын экөө. Ошол учурда автоматымдын боосун мойнумдан чыгара койдум (А.Т.). Коргондун дарбазасынын түбүнө Култай карыя чалкасынан түштү (М.Аб). Бир топ убакыт өткөндөн кийин, Болотбектин өозунан сөз чыкты (Т.С.). -Жооп бергиле деди, - вазирлердин бирөө (А.Т.).

3. Адамдын коомдук уюмга болгон катышын, кайсы өлкөгө, улутка тиешелүүлүгүн, кесибин, адистигин туюндурат: профсоюздун мүчөсү; партиянын мүчөсү, мектептин директору, совхоздун зоотехниги, Англиянын эмгекчилери, Советтер Союзунун эли, кыргыздын кызы. Колхоздо комсомолдун мүчөлөрү көп (К.Б.). Баарыңар революциячыл

кружоктун мүчөсүсүңөр (К.Бек.). Азыркы кезде ал колхоздун председатели (К.Б.).

4. Экинчи түгөйү илик жөндөмөдөгү биринчи компоненти билдирген затка карата болгон туугандык, жолдоштук катышты билдирет: Асандын энеси, сенин уулуң, Ормуштун досу, Султандын келини. Беш баланын энеси элем (Т.С.). Тигиниси баягы Орунбайдын иниси Мамажан экен (К.Ж.). Алар-менин ата-энем (К.Б.).

5. Заттын белгилүү бир орунга, мезгилге карата болгон катышын билдирет. Мындай учурда иликтеги биринчи компоненти орундук, мезгилдик маанидеги сөздөрдөн болот: Анткени менен Фрунзенин көчөлөрүндө кыймыл күч (Т.С.). Ленинграддын абасы нымдуу келет. Кыштын ызгаардуу суугу күчүнө келип турган кез. Биз ишти бүткөнчө августтун аягы болуп калды.

6. Экинчи компоненти бидирген заттын эмнеден жасалгандыгын, тегин билдирет: буудайдын уну, жүгөрүнүн талканы, зыгырдын майы, жүзүмдүн ширеси.

7. Бул структурадагы сөз айкаштары сыпат менен ал сыпатка ээ болуп турган заттын ортосундагы катышты да билдирет. Мындай учурда экинчи компоненти сыпаттык маанидеги сөздөрдөн болот: адамдын жакшысы, айлананын сулуулугу, коондун таттуулугу, абанын тазалыгы. Акылы, адамкерчилиги бар, үй-бүлө дегенде ал адамдын асылы (К.Б.). Тойдун шаан-шөкөтү көп болот эмеспи (К.Б.). Коноктору Сары-Челектин кооздугу таң калтырды.

8. Кыймыл-аракеттин суб"ектиге карата болгон катышын билдирет. Бул учурда сөз айкашынын биринчи түгөйү жандуу заттардан, экинчи түгөйү атоочтук, кыймыл атооч, же этиштен жасалган зат атоочтордон болот: Салыйдын бир күндө тергени эки жүз килого чейин жетти ("СК"). Бирок ал биздин жүрүшүбүздү үзүүгө тийиш эмес (Т.С.). Анын басыгы эң бир сонун (Ч.А.).

9. Кыймыл-аракет менен анын об"ектисинин ортосундагы катышты көрсөтөт. Мында экинчи түгөйү көбүнчө кыймыл атоочтордон болот да, мааниси боюнча аракеттин илик жөндөмөдөгү биринчи компонентке жумшалгандыгын билдирет:

Ушул тартип менен бир уйдун бир саалышына кенен бир саат убакыт кетет экен (А.Уб.). Бүгүн жолдун арбышына да ушул ою сүрөөнчү болгондой (Т.С.). Элдин турмушунун жогорулашына жетишүүгө тийишпиз ("СК").

Таандык байланыштагы атоочтук сөз айкаштарынын биринчи түгөйү, жогоруда көрсөтүлгөндөй, зат атоочтон башка ат атоочтордон, абстрактуу маанидеги, же субстантивдешкен сан атоочтордон, сын атоочтордон, атоочтуктардан, кыймыл атоочтордон болот: Алардын үйүн не аябагандай зор бакыт келди ("СК".). Ондун жарымы—беш. Бүгүн онунчунун сабагы эрте бүттү. Илээндинин малы көчкөндө жүк болот (макал). Көргөндүн көөнү тоёт. Миң кайтара ойлонсо да, мындан кутулуунун айласын таппады (К.Ж.). Экинчи компонентинин ролунда да зат атоочтон тышкары ат атоочтор, субстантивдешкен сын атоочтор, сан атоочтор жана атоочтуктар, кыймыл атоочтор, тактоочтор келе берет: Сын-сыпаты, өңү дал атасынын өзү (Ш.Б.). Магазинге телевизордун жакшысы түштү. Сендейлердин миң-миңи Токмоктун сайында калган ("Ала-Тоо"). Мен аны ошолордун бири деп ойлодум (А.Т.). Катышкан жаштардын ар бири лыжада жүрүштү жакшы үйрөнүшкөн (Т.С.). Кеңешмеге малчылардын толук катышканы жакшы болду. Анын көрүнүшү эбегейсиз кубанычтуу (К.Ж.). Колдогу болгон куралдын көбү начар (Т.С.).

Кээде мындай структурадагы сөз айкаштарынын компонентине уланган илик жөндөмөнүн мүчөсү түшүп калып да айтылат. Эгерде иликтин мүчөсү түшпөй айтылганда, сөз айкашынын экинчи түгөйү

билдирген заттын кимге, эмнеге таандык экендиги ачык жана баса көрсөтүлсө, илик жөндөмөнүн мүчөсү түшүп айтылганда, заттын бирөөгө таандык экендиги өзгөчө белгиленбей, жалпы көрсөтүлөт жана ал затты өзүнө окшош башка заттардан айырмалап туруучу белги катары кабыл алынат. Салыштыр: мектептин окуучусу – мектеп окуучусу, колхоздун малы – колхоз малы, шаардын калкы – шаар калкы. Булбул үнү улам мукамданып созолонду. Эр эмгегин жер жебейт. Аргымак мойнун ок кесет, азамат мойнун жок кесет (макал). Шаар багынын дал орто жеринде "Ударник" киносу (К.Б.). Чортек өз ыктыярына көчүп кетти (К.Б.).

Сөз айкашынын биринчи түгөйү илик жөндөмөдөгү биздин, сиздин, силердин, сиздердин деген ат атоочтордон болсо, кээде анын экинчи компонентинин аягындагы таандык мүчө түшүрүлүп айтылат. Мындай учурда да багындыруучу түгөйү билдирген заттын бирөөгө таандык экендиги баса көрсөтүлбөй, жалпы таандык катары көрсөтүлөт. Салыштыр: биздин айылыбыз – биздин айыл, силердин үйүңөр – силердин үй. Ошондой кыйынчылыктарда биздин жаштар эрдикти, чыдамдуулукту көрсөтүштү (Т.С.). Биздин эл абдан көп жана баатыр болот (А.Т.).

Башкаруу аркылуу уюшулган атоочтук сөз айкаштары.

Өзүнүн алдындагы багыныңкы түгөйүн белгилүү бир жөндөмөгө келтирип, башкарып байланышуу негизинен этиш сөздөргө мүнөздүү. Ошону менен бирге кээ бир атооч сөздөр (айрым зат атоочтор, сапаттык сын атоочтор, тактоочтор ж.б.) багындыруучу компонент катары келгенде, алдындагы багыныңкы түгөйдү барыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрүнүн бирине келтирип, башкаруу жолу менен да айкашат.

I. Башкаруу жолу менен уюшулган атоочтук сөз айкаштарынын багындыруучу түгөйү көбүнчө сапаттык сын атоочтордон болот; багыныңкы

түгөйүү барыш, чыгыш жөндөмөлөрүндө башкарып, мааниси боюнча об"ектилик жана мейкиндик катышты билдирет:

а) Жаманга жандан мал таттуу (макал). Адыр арасы адамга коркунучтуу (Т.С.). Албетте, биринчи кезекте сизге оор (А.Т.). Эрге сыпайыкерчилик жакшы (А.Т.). Ар кимдин кесиби өзүнө кызык (А.Т.).

б) Бала чиркин жандан таттуу (А.Т.). Ал менден кичүү (К.Б.). Тоонун ары жагы мындан да соңун (К.Каим.). Эртеңки күн бүгүнкүдөн салмактуу, эртеңки өмүр бүгүнкүдөн кайраттуу (Н.Б.).

2. Багындыруучу түгөйдүн ролунда айрым зат атоочтор келип, биринчи компонентти барыш, жатыш жөндөмөлөрүндө башкарат; об"ектилик, орундук катышты билдирет:

а) Сен эми мага карындашсың (К.Б.). Малсыздар телмирип бай-манаптарга коңшу (А.Т.). Эски мечитке күкүк азанчы, эси кеткен кишиге эшек азанчы (макал). Алар бизге кожоюн (К.Б.).

б) Кызы Батый айылда трактордчу (К.Ж.). Атасы Петр райондо зоотехник (К.Ш.). Мен совхоздо жылкычымын (К.Б.).

3. Негизги түгөйү айрым бир сан-өлчөм, сапаттык, орун маанисиндеги тактоочтордон болуп, аны менен барыш, жатыш, чыгыш жөндөмөдөгү атооч сөздөр айкашып айтылып, об"ектилик жана орундук, мезгилдик катышты туюндурат:

а) Анан калса тоодогу түн да жүрөккө кандай жакын! (Н.Б.). Баары тең кымызга ала күү (К.Б.). Ал эми буга баары бир (Ж.Ташт.).

б) Ал кезде айылда эркектер аз (Ч.А.). -Ооба, балам, колхозубузда араба көп (К.Б.).

в) Кыштак темир жолдон алыс (К.Б.). Койлор, уйлар мырзалардан артта (К.Бек.).

4. Кээде багындыруучу түгөйдүн ролунда бар, жок, керек деген сөздөр, айрым ат атоочтор келип, алар менен жатыш, чыгыш, барыш жөндөмөдөгү атооч сөздөр айкашып айтылат; об"ектилик, орундук

катышты билдирет: Колунда кош атары бар (Т.С.). Аркабызда лыжаларыбыз бар (К.Б.). Кампада бир ууч эгин жок (К.Б.). Кеткенине бир жыл алты ай болсо да, Алымдан кабар жок (К.Ж.). Ысмайылга оокат керек (Ч.А.). Малга да тазалык керек (А.Уб.). Тамшанган менен Муратка нан кайда? (К.Б.). Жайлоо дегениң жай мезгилинде ушундай (К.Б.).



ЭТИШТИК СӨЗ АЙКАШТАРЫ

Этиштик сөз айкаштарынын багындыруучу компоненти этиш сөздөрдөн болот. Кыргыз тилинде этиштик сөз айкаштары сөз айкашынын эң өнүмдүү жана кеңири таралган түрлөрүнүн бири. Анткени этиштер башка сөз түркүмдөрүнө караганда сөз айкаштарын уюштуруу ишине өтө активдүү катышат. Этиш менен зат атооч, ат атооч, тактооч, чакчылдар, сын атооч, сан атоочтор жана жандооч, жардамчы атоочтор менен бирге айтылган сөздөр (шаарга карай жөнөө, үйдүн үстүнө чыгуу) айкаша берет.

Этиштик сөз айкаштарынын компоненттери да өзүлөрүнүн лексико-грамматикалык өзгөчөлүктөрүнө карай бири-бири менен синтаксистик байланыштын ыкташтуу, башкаруу, таандык байланыш жолдору аркылуу байланышат.

ЫКТАШУУ АРКЫЛУУ УЮШУЛГАН ЭТИШТИК СӨЗ АЙКАШТАРЫ.

Багындыруучу түгөй катары келген этиш сөз менен негизинен тактоочтор, чакчылдар, сын, сан атоочтор, тууранды сөздөр, ат атоочтун айрым түрлөрү (көбүнчө сурама ат атоочтор) ыкташып байланышат. Багындыруучу түгөйү этиш, багынынкы түгөйү тактоочтон болгон этиштик сөз айкаштары.

Тактоочтор негизинен кыймыл-аракеттин ар түрдүү кырдаалын көрсөтүп, морфологиялык жагынан дээрлик өзгөрбөйт. Демек, алар өзүнүн лексико-семантикалык өзгөчөлүгүнө ылайык этиштик сөз айкаштарынын уюшулушуна активдүү катышат, багындыруучу түгөйү менен дайыма ыкташып байланышат.

Бул структурадагы сөз айкаштары жалпы жонунан бышыктоочтук катышты билдирип, мезгилдик, орундук, сыпаттык, сан-өлчөм, себеп, максат маанилерин туюндурат.

I) Багыныңкы түгөйү мезгил тактоочтон болсо, сөз айкашы кыймыл-аракеттин болгон, башталган мезгилин, качанга чейин созулгандыгын, же мезгил-мезгили менен болуп тургандыгын, же болбосо тез болуп өткөндүгүн ж.б. кошумча маанилерди билдирет: кереэли кечке иштөө, кезкезде келүү, бүгүндөн баштоо. Биздин үй капкачан жаткан (М.Э.). Кырманга бир паста жеттим (К.Б.). Султан практикадан эртеңдерден келип калат.

2) Багыныңкы түгөйү орун тактоочтордон болсо, кыймыл-аракеттин болгон, башталып чыккан ордун, мейкиндик боюнча болгон багытын билдирет: Тигине алдыда Жамийла жеңем кетип бара жатат (Ч.А.). Ал чоң сууну бойлоп, жогору басты (Н.Б.). Тиги кишилер алыстан келишти.

3) Сын-сыпат тактоочтордон болсо, кыймыл-аракеттин тез же жай темп менен болгондугун, ар кандай мүнөзүн, окшоштуруу маанисин ж,б. билдирет: тез иштөө, дароо бүтүрүү, катуу басуу, акырын ырдоо, жай жүрүү, даана угуу, жөө жүрүү, жаңаша отуруу, жылкыча кишенөө, боточа боздоо.

4) Сан-өлчөм тактоочтордон болсо, кыймыл-аракетти сандык, өлчөмдүк белгилери боюнча мүнөздөйт: арбын берүү, толук угуу, көп окуу, азыраак алуу, бир аз күтүү, саал коркуу.

Сүйлөшүп жаткан киши Курмановго толугураак айтты (К.Б.). Мейлиң, бирок тогуз сомун кем аласың (А.Т.).

5) Кыймыл-аракеттин болуш себебин, максатын билдирет. Мындай учурда багыныңкы түгөйү себеп, максат тактоочтордон болот. Бирок мындай маанидеги тактоочтор кыргыз тилинде сан жагынан аз (эриксизден, амалсыздан, аргасыздан, айласыздан, атайы, атайын). Ошол себептүү бул тактоочтордун катыщуусу менен уюшулган этиштик сөз айкаштары да тилибизде аз учурайт: Арыкбай атынын башын амалсыздан бурду (К.Бек). Бүбүш мында калган кыз-жигиттерди атайы атабады (Т.С.).

Багыныңкы түгөйү тууранды сөздөрдөн болгон сөз айкаштары. Башка түрк тилдери сыяктуу эле, кыргыз тили да тууранды сөздөргө өтө бай. Алар айтыла турган ойду так жана көркөм, образдуу түшүндүрүүгө жардам берет. Ошол себептүү алар поэзия сөздө, көркөм адабий чыгармаларда кеңири колдонулат. Ушундан улам тууранды сөздөрдүн катышуусу менен уюшулган этиштик сөз айкаштары да сүйлөм тизмегинде көбүрөөк жолугат. Этиш менен жөнөкөй формадагы жана кош айтылган тууранды сөздөр айкашат. Бирок алар чакчыл формадагы эт, де жардамчы этиштери менен бирге айтылганда этиш менен эркин айкаша алат: бырс күлүү, шаңк-шаңк күлүү, тарс деп атылуу, карс этип ачылуу.

I) Этиштен турган багындыруучу түгөйгө табыш тууранды сөз багыныңкы компонент болуп келсе, кыймыл-аракетти чыккан табышы боюнча мүнөздөп көрсөтөт: Акмат счетун уруп олтуруп, өзүнөн-өзү бырс күлдү (Т.С.). Ок төбөсүнөн чыр этип учат (Т.С.).

2) Багыныңкы түгөйү элес тууранды сөздөрдөн болсо, кыймыл-аракетти ар түрдүү элестүү көрүнүштөрү боюнча мүнөздөйт: Ал жалт карады (А.Т.). Кежирлигин карматып, бурчка жалп отурду (Т.С.).

3) Кайталанып кош айтылган тууранды сөздөр багыныңкы түгөй болуп келгенде, багындыруучу түгөйү билдирген кыймыл-аракетке тиешелүү табыштын, элестин бир нече ирет кайталангандыгын көрсөтөт: Баласын ала коюп, чоп-чоп өпкүлөдү (А.Т.). Ээликкен жорго, оозун бербей, ойсок-ойсок басат (А.Т.).

Багыныңкы түгөйү чакчылдардан болгон сөз айкаштары. Чакчылдар семантикасы боюнча негизги этиштин кошумча кыймыл-аракетин, ар кандай белгисин билдирет жана мүчөлөп өзгөрбөйт. Ошол себептүү алар экинчи бир этиш менен дайыма ыкташып байланышып, этиштик сөз айкаштарын уюштурууга активдүү катышат.

I) Этиштик сөз айкашынын багыныңкы түгөйү -а,-й (-бай),-ып (-п) формасындагы чакчылдардан болсо: а) багындыруучу түгөйү биидирген кыймыл-аракеттин кандай мүнөздө болгондугун толуктап, тактап көрсөтөт: Байтик Балык Оозго акырая карады (А.Т.). Бекжул экөөбүз жарыша жөнөдүк (М.Э.). Биз шашып чуркадык (А.Т.). Эки дос кучакташып көрүштү (К.Б.).

б) Айрым учурда кыймыл-аракеттин мезгилин туюндурат: Чатактын түйүнү бара чечилер (Т.С.). Мен ага айылдан келатып жолуккам.

в) Кыймылдын кандай күч менен, кандай деңгелде болгондугун, өлчөмүн билдирет: Дос күйдүрө айтат, душман күлдүрө айтат (макал). Биз нөмадан ашыра айдадык. Жамгыр күчөп жаай баштады.

г) Багыныңкы түгөйү -ып формасындагы чакчылдан болгондо, максаттык маанини да билдирет: Биз сени издеп келдик. Тоого аң уулап чыкканбыз.

Эгерде багыныңкы компоненти кайталанып айтылган чакчылдардан болсо, аракеттин бир нече ирет кайталангандыгын, созулуңкулугун туюндурат: Бурулча да, Андрееванын колун кыса-кыса кармады (К.Б.). Жумшак уурту булкуп-булкуп тартты (Т.С.).

2) Багыныңкы түгөйү -ганы,-гени//-галы,-гели формасындагы чакчылдардан болсо:

а) Кыймыл-аракеттин максатын билдирет: Алар силер менен учурашканы келиптир. Абдырасул арыктын жээгине жуунганы олтурду (С.С.).

б) Кыймылдын белгилүү бир убакыттан тартып болгон мезгилин көрсөтөт: Ал кеткени келе элек. Султанга келгени жолуга элекмин.

3) -ганча,-генче //-гыча,-гиче формасындагы чакчылдар багыныңкы түгөй катары келгенде, кыймыл-аракеттин качанга чейин созулган мезгилин көрсөтөт: чарчаганча иштөө, келгенче күтүү, уктаганча отуруу

4) -майынча //-майын формасындагы чакчыл багыныңкы түгөй болсо, мезгилдик маанини берип, бир кыймыл-аракет аткарылмайынча, экинчи

кыймыл да жүзөгө ашпай тургандыгын билдирет: Мен ал тапшырманды аткармайынча тынбайм. Бирок Калбаймат алдыма чакырмайын келбейт (К.Ж.).

Багыныңкы түгөйү сын атоочтордон болгон сөз айкаштары. Заттар гана эмес, кыймыл-аракет да сапаты, аткарылыш мүнөзү боюнча бири-биринен өзгөчөленүп турат. Кыймыл-аракеттин ар түрдүү белгилерин негизинен тактоочтор билдирет, кээде сын атооч аркылуу да берилет. Демек, сын атоочтор өзүнүн лексико-семантикалык өзгөчөлүгүнө карай дайыма зат атоочтор менен айкашса да, айрым учурларда этиш менен байланышып, этиштик сөз айкаштарын да уюштурушат. Бирок сын атоочтун бардык эле түрлөрү этиш менен эркин түрдө айкаша бербейт. Көбүнчө сын-сыпатты, кандай мүнөздө, кандай даражада, кандай өлчөмдө болгондугун билдирүүчү сапаттык сындар: -луу, -сыз, -дай, -чыл мүчөлөрү менен жасалган катыштык сындар этиш менен айкашып айтылат.

Багыныңкы түгөйү сын атоочтон болгон этиштик сөз айкаштары:

I) Кыймыл-аракетке сын-сыпаттык мүнөздөмө берет: мыкты иштөө, сонун көрүнүү, жылуу жатуу, түз басуу, жакшы ырдоо.

2) Кыймыл-аракеттин ар кандай белгилерин, анын кандай мүнөздө аткарылгандыгын билдирет: шайдоот иштөө, салабаттуу сүйлөө, аяныч-туу көрүнүү, селдей каптоо, магниттей тартуу.

3) Кыймыл-аракеттин кандай даражада болгондугун, ченемин, өлчөмүн көрсөтөт: катуу уялуу, күчтүү чыгуу, терең улутунуу.

4) Кээде мезгилдик катышты билдирип калат: Жанагы айткан сезду унутпа. Былтыркы келген киши быйыл да келет.

Багыныңкы түгөйү сан атоочтон болгон сөз айкаштары. Сан атоочтор өзүнүн лексико-семантикалык маанисине ылайык дайыма заттын санын, иретин билдирет. Бирок кандайдыр бир зат тарабынан аткарылган

кыймыл-аракеттин сандык белгиси да түрдүүчө болушу мүмкүн. Мындай учурда кыймылдын, аракеттин сан жагынан болгон өзгөчөлүгүн да сан атоочтор аркылуу көрсетүүгө туура келет. Ушуга байланыштуу сан атоочтун айрым түрлөрү этиш менен айкашып, этиштик сөз айкаштарын уюштурууга да катыша берет.

Кыргыз тилинде этиш менен ыкташтуу жолу аркылуу сан атоочтун түрлөрүнөн эсептик, иреттик, топ сандар, кээде чамалама сандар айкашып айтылат. Жамдоо, бөлчөк сандар этиш менен ыкташып байланыша албайт. Багыныңкы компоненти сан атоочтон болгон этиштик сөз айкаштары бышыктоочтук катышты билдирип, кыймыл-аракетти сандык белгилери боюнча мүнөздөйт.

I) Багыныңкы түгөйү эсептик, иреттик сан атоочтордон болсо, кыймыл-аракеттин канча жолу болгон санын, сандык иретин тактап көрсөтөт: Куду эл ичине үч келип, үч кетти (К.О.). Нысапсызга кашык салса, беш ууртайт (макал). Бурулча ордунан биринчи турду (К.Ж.) Ушуну менен силердикине үчүнчү келишим.

2) Багыныңкы түгөйү топ сандан болгон этиштик сөз айкаштары бир нерсенин топтоштурулуп бөлүнгөнүн, топ-тобу менен алгандыгын билдирет: Окуучулар дептерди ондон алышты. Он-ондон өргөн көмүрдөй кара чачы эчен имерилип бүктөлүп жатат (А.Т.).

3) Чамалама сан атооч катышып уюшулган сөз айкаштары кыймыл-аракеттин сандык белгисин чамалап, болжолдоп көрсөтөт: Биздин колхоздо эмгек ударниктери ондоп саналат. Колхозчулардан элүүчө келди.

2 Багыныңкы түгөйү ат атоочтон болгон сөз айкаштары. Синтаксистик байланыштын ыкташуу жолу аркылуу этиш менен ат атоочтун бардык түрлөрү эле айкаша бербейт. Сурама ат атоочтордун ичинен кайда, кайдан, кандай, кантип, эмне, эмнеге, канча, нече (ким, кайсы дегендер ыкташып айкаша албайт), тангыч ат атоочтордон эч бир,

эч качан, эч кандай, эч кайдан, эч кайда, эч нерсе, (эч ким, эч кайсы айкаша албайт), белгисиз ат атоочтордон эмнегедир, кайдадыр, качандыр бир, бир нече (башка түрлөрү айкашпайт), аныктама ат атоочтордон бүтүн (башкалары ыкташып байланышпайт), шилтеме ат атоочтор (бул, ушул, тигил, ошол), алардын = дай мүчөсү уланган туунду формасы (мындай, ошондой ж.б.), жактама ат атоочтордон ал (мен, сен ыкташып айкашпайт) дегендер гана айрым этиштер менен ыкташып байланышып, этиштик сөз айкаштарын уюштурушат. Алар компоненттеринин лексико-семантикалык маанисине карай ар түрдүү маанилик катышты туюндурат.

I) Кайда, кайдан, эч кайда, эч кайдан деген ат атоочтор багыныкы компонент болуп келсе, сөз айкашы кыймыл- аракеттин болгон, башталып чыккан ордун, же багытын сурамжылайт, аны орундук белгиси боюнча аныктайт: Сен кечээ кайда болдуң? Айылдагы эркектер кайда кетти? (К.Ж.) Жолоочулар кайдан келишти. Мен бүгүн эч кайда барбайм. Ал тууралуу эч кайдан кабар укпадык.

2) Багыныкы компоненти кандай, кантип деген сурама атоочтор болсо, кыймыл-аракеттин сапаттык белгисин аныктайт, анын кандайча аткарылгандыгын сурамжылап көрсөтөт: Ой,жан ай, жанчылган бут кандай сыздайт (Ч.А.). Кана балам, кантип келдиң? (К.Б.) Мынча жумушту кантип бүтүрдүң?

3) Качан, эч качан; канча, бүтүн деген ат атоочтор тиркешип уюшулган этиштик сөз айкаштары мезгилдик маанини берет жана кыймыл-аракет сан-өлчөмдүк белгиси боюнча мүнөздөлөт: Сенин акылың качан токтолот? (Р.Ш.) Эч качан жалган жеңбейт, чындык жеңет (А.О.).Барбагын деп канча айттым,болбодуң! Малчылардын арасында канча жүрдүң? Мектеп жашындагы балдар окууга бүтүн тартылды ("СК

4) Биринчи түгөйү эмне, эмнеге, (кээде не, неге) деген сурама

ат атоочтон болгон этиштик сөз айкаштары аракеттин эмне себептен болгондугун сурап тактайт: Ой, Зарылжан, эмне ойлонуп калгансың? (Т.С.) Сен мени эмнеге кекетесиң?

5) Эч бир, эч кандай, эч нерсе + этиш моделиндеги сөз айкаштары кыймыл-аракетти күчөтүү маанисинде тактап көрсөтөт: Душмандан эч бир сестенбеген (А.Т.). Душманды араласам эч бир коркпой (А.Т.). Силердикине сентябрга чейин эч кандай бара албайм. Андан эч нерсе болбойт.

6) Белгисиз ат атоочтордун айрымдары ыкташуу жолу менен этиштик сөз айкаштарын уюштурушат; кыймыл-аракетке болжолдоо, белгисиздик маанисин берет, ошондой эле анын багытын, мезгилин болжолдуу көрсөтөт: Темир эмнегедир босогодо селдейип тура калды (Т.С.). Ошондон кийин ал бизден кандайдыр четтегенсип жүрдү (Т.С.). Алар кайдадыр шашып жөнөштү. Чоң эненин качандыр бир айтканын Динар азыр эсине түшүрдү (Т.С.)

7) Шилтеме ат атоочтор багыныңкы түгөй болуп келгенде, кыймыл-аракетти мейкиндик жагынан аныктайт, ошондой эле аны конкреттештирет, тактайт: Зарылдын көзү да ошол олтурган аялда болучу (Т.С.). Тиги турган киши райкомдун өкүлү экен. Ушу турган ага-ининиң аяган жок бар күчүн (Токтогул).

Кээде = дай формасындагы шилтеме ат атоочтор катышып да, сөз айкаштары уюшулат. Алар мааниси боюнча кыймыл-аракеттин сыпаттык белгисин, же бет алган багытын билдирет:
Ырысы жок мал ушундай болот (Ч.А.). Турмуш мени так ошондой жаратты (А.Т.). Ал киши тигиндей бастырып кетти.

БАШКАРУУ АРКЫЛУУ УЮШУЛГАН ЭТИШТИК СӨЗ АЙКАШТАРЫ.

Этиш сөздөр багындыруучу компоненттин ролунда келгенде, өзүнүн

лексико-грамматикалык маанисине карай алдындагы багыныңкы төгөйүн кыйыр жөндөмөлөрдүн бирине келтирип, башкарып да байланышат. Башкарыдуучу багыныңкы компоненти зат атооч, ат атооч, же субстантивдешкен сын атооч, сан атооч, атоочтуктар жана кыймыл атоочтордон болот. Бул жол менен уюшулган этиштик сөз айкаштары багыныңкы түгөйүнүн кайсы жөндөмөдө экендигине карай төрт топко бөлүнөт: багыныңкы түгөйү табыш жөндөмөдөгү атооч сөздөрдөн болгон сөз айкаштары, барыш жөндөмөдөгү атоочтордон болгон сөз айкаштары, жатыш жөндөмөдөгү атоочтордон болгон сөз айкаштары, чыгыш жөндөмөдөгү атоочтордон болгон сөз айкаштары.

Багындыруучу түгөйү - этиш, багыныңкы түгөйү табыш жөндөмөдөгү атооч сөздөрдөн болгон этиштик сөз айкаштары.

Башка тилдердеги сыяктуу, кыргыз тилиндеги этиштер да маанисине жана об"ект менен болгон катышына карай өтмө этиштер жана өтпөс этиштер болуп эки топко бөлүнөт. Өтмө этиштер билдирген кыймыл-аракет белгилүү бир затка түздөн-түз өтөт жана ал затты бүт бойдон өз таасирине толук камтыйт, кыймыл-аракет багытталган зат дайыма табыш жөндөмөдө айтылат: катты жаз, нанды же, бакты кый. Өтпөс этиштер билдирген кыймыл-аракет кандайдыр бир затка түздөн-түз багытталбайт жана ал зат аракеттин таасирине дуушар болбойт, жөн гана кыймыл-аракеттин затка карата болгон ар кандай катышын билдирет: үйгө бар, күчүңө ишен, мектептен кел, бурчта тур. Өтпөс этиштер, өтмө этиштер сыяктанып, активдүү процессти билдирбегендиктен, алдында турган сөздү табыш жөндөмөсүндө эмес, барыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрүнүн бирине келтирип башкарат.

Этиштик сөз айкаштарынын багындыруучу түгөйү конкреттүү аракетти билдирүүчү этиштерден болуп, табыш жөндөмөдөгү багыныңкы түгөйү да конкреттүү заттык маанидеги сөздөрдөн болсо, сөз айкашы

жалпы жонунан кыймыл-аракеттин об"ектиге тикеден-тике жумшалгандыгын билдирет: картошканы тигүү, дубалды бузуу, белин курчануу, жыгачты кесүү.

Мындай структурадагы сөз айкаштарынын жогоркудай жалпы мааниси компоненттеринин семантикасына карай ар түрдүү кошумча маанилер менен толукталат.

I) Багындыруучу түгөйү "бир нерсеге таасир этүү" маанисиндеги этиштерден болсо, сөз айкашы кыймыл-аракетти жана анын таасири менен жаңыдан пайда болгон, же жоолуп кеткен тике об"ектини билдирет: үй куруу, арык казуу, көйнөк тигүү, дубалды буzуу, жыланды өлтүрүү.

2) Кыймыл-аракетти жана анын кандайдыр бир өзгөрүүгө дуушар болгон тике об"ектисин көрсөтөт: темирди эритүү, этти туурoo, отунду майдалоо, чепкенди кыскартуу, үйдү агартуу.

3) Бул түзүлүштөгү сөз айкаштары кээде об"ектилик-мейкиндик катышты да билдирет. Мындай учурда анын багындыруучу түгөйү кыймыл, же орундук маанидеги (статикалык) этиштерден, багыныңкы түгөйү мейкиндик, орундук маанидеги зат атоочтордон болот да, мааниси боюнча басып өтүлгөн аралыкты, аракеттин болгон ордун билдирет: Чарчабастан оюн-кырын кыдыралы (К.Б.). Шамбет талааны кыдырады, кыштакты аралады (Т.С.). Быйыл биздин колхоздун малы Сууса-мырды жайлады.

4) Бул структурадагы айрым сөз айкаштары сан-мезгилдик, сан-мейкиндик жана сан-өлчөмдүк катышты да билдирет. Андай сөз айкаштарынын багыныңкы түгөйү сан-өлчөм маанисиндеги сөз кошулуп айтылган мезгилдик, мейкиндик маанидеги сөздөрдөн болот: Бир айды Ош областында өткөрдүк. Айыл чарбасына жарактуу жер аянты 24 миң гектарды түзөт ("СК"). Бул эксковатор бир тоннаны бир сузат экен. Алар элүү километрди басып өтүштү.

5) Сөз айкашынын багындыруучу түгөйү этмө маанидеги сезуу (көр, кара, ук, тат (даамын), жытта), сүйлөө (айт, сүйлө, сура, карга), ойлоо (ойло, эсте), билүү маанисиндеги (бил, үйрөн), ички сезимди билдирүүчү (сүй, эркелет, жек көр, көрө алба, жактыр, сыйла, урматта, ая, макта, шылдыңда) этиштерден болсо, багыныңкы компоненти ошол кыймыл-аракет багытталган об"ектини билдирет: ишти ойлоо, сөздү сүйлөө, ырды үйрөнүү, ата-энесин сыйлоо.

Табыш жөндөмөдөгү биринчи компоненттин ролунда зат атоочтон башка ат атоочтор, субстантивдешкен сын атоочтор, сан атоочтор, атоочтуктар, кыймыл атоочтор да келе берет, об"ектилик катышты билдиришет:

Эне, Мырзакул мени урду (Ч.А.). Жакшыны сөз өлтүрөт, жаманды таяк өлтүрөт (макал). Онду жыйырмага кош. Калбүбү тууй турган уйлардан сегизди бөлдүрүп алды (А.Уб.). Карга көргөнүн чокуйт, молдо билгенин окуйт (макал). Машиналар дале киши сыяктуу асыроону талап кылат (С.С.).

Кээде сөз айкашынын табыш жөндөмөдөгү биринчи түгөйү мүчөсүз айтылып калат. Эгерде табыштагы сөзгө өзгөчө көңүл бурулбай, жалпы айтылса, логикалык басым менен табыш жөндөмөдөгү сөз эмес, анн башкарып турган этиш айтылса, мүчөсүз колдонулат.

Мисалы: Бир аздан кийин балык бышырып жейбиз (К.Ж.). Бүгүн биздин огородго да картошка тигебиз (С.Ө.). Издеп тапкыла деп, туш-тушка киши жибердик (А.Уб.).

Багыныңкы түгөйү барыш жөндөмөдөгү атооч сөздөрдөн болгон сөз айкаштары.

Багыныңкы түгөйү барыш жөндөмөдөгү атоочтордон болгон сөз айкаштары көбүнчө кыймыл-аракет багытталган кыйыр об"ектини билдирет. Ошону менен катар компоненттеринин семантикалык өзгөчөлүктөрүнө карай ар түрдүү кошумча маанилерди да туюндурат.

I) Кыймыл-аракеттин кимге, эмнеге арналгандыгын, кимдин, эмненин пайдасы үчүн аткарылгандыгын билдирет: Кан майданда жүрген уулдарынарга гүл азык камдагыла (К.Б.). Ударник жылкычыларга сыйлык берилди (К.Б.). Концерт окуучуларга арналды.

2) Барыш жөндөмөдөгү түгөйү кандайдыр бир нерсе салынган, куюлган, орун алган об"ектини көрсөтөт: сууга түшүү, көлгө чөгүү, казанга салуу, машинага түшүү, банкага куюу. Эгинди дорожкага салышты (К.Б.) Үчөө сууга кириштн (М.А.). Сүттү кружкаларына куюп бериштн (М.Ж.).

3) Экинчи бир зат тийишкен, урунган, илинген, жабышкан об"ектини көрсөтөт: дубалга сүйөнүү, бутакка илүү, баканга асуу, кийимге жабышуу. Алексейдин аялы эшикке жөлөнүп турду (К.Б.).

4) Бирөөнүн кандай кызматка дайындалгандыгын, кандай ишке, уюмга тартылгандыгын баяндайт: башкармалыкка шайлоо, комсомолго өтүү, партияга кабыл алуу. Эртели-кеч кружокко катышат (К.Б,). Партияга согуш башталар жылы өткөн (К.Б.).

5) Багындыруучу түгөйү билдирген аракеттин,ички сезимдин пайда болушуна себепчи болгон об"ектини билдирет: Желге ыргалуу, сөзүнө кубануу, кылык-жоругуна капалануу, суукка тоңуу.

6) Суб"ект жолукkан, жетишкен, ээ болгон об"ектини көрсөтөт: жолдошуна кезигүү, баласына учуроо, тилегине жетүү, үйгө ээ болуу, максатына жетүү.

7) Айрым сөз айкаштары кыймыл-аракеттин кандай зат менен, кандай буюмдун жардамы менен аткарылгандыгын туюндурат: сууга кириңүү, жуурканга оронуу, атка сүйрөтүү.

8) Сөз айкашынын экинчи түгөйү сүйлөө, көрүү маанисиндеги этиштерден болсо, биринчи түгөйү ошол сүйлөө, кароо аракети багытталган об"ектини көрсөтөт: Бул оюн Асан бир күнү атасы Иликбайга айтты (К.Б.). Жапар эсепчиге карады (К.Б.).

9) Сөз айкашынын багындыруучу түгөйү кыймыл этиштеринен болуп, барыш жөндөмөдөгү багыныңкы түгөйү конкреттүү маанидеги зат атоочтордон болсо, кыймыл-аракет багытталган об"ектини туюндурат: Биз түш оой малчыларга жөнөдүк (К.Б.). Жанталашып хандын капкактуу кудугуна жүгүрдү (К.Ж.).

Мындай түзүлүштөгү этиштик сөз айкаштары бышыктоочтук катышты да туюндурат. Тутумундагы сөздөрдүн семантикалык өзгөчөлүктөрүнө карай орундук, мезгилдик, максаттык маанилерди баяндайт.

I) ОРУНДУК МААНИ. а) Багындыруучу түгөйү кыймыл этиштерден, багыныңкы түгөйү мейкиндик маанидеги зат атоочтордон болсо, сөз айкашы кыймыл-аракеттин мейкиндик боюнча болгон багытын көрсөтөт: Лыжачылар бир аз жүргөндөн кийин батышка бет алышты (Т.С.). Эл жайнап дөңгө чыгып баратат (М.Э.).

б) Бир катар сөз айкаштары кыймыл-аракеттин болгон ордун билдирет. Бул учурда анын багындыруучу түгөйү орундук маанидеги (статикалык) этиштерден болот: Эртеси күн чыга эл кырманга жыйналды (К.Б.). Башкалары тышка жаткан (М.Э.).

2) МЕЗГИЛДИК МААНИ: Мында сөз айкашынын барыш жөндөмөдөгү биринчи компоненти мезгилдик маанидеги сөздөрдөн болот. Мааниси боюнча, кыймыл-аракеттин болор мезгилин, анын канча мезгилге чейин созулгандыгын билдирет, бул учурда көбүнчө багыныңкы компоненттин алдына сандык маанидеги сөз кошулуп айтылат:

Алардын нсмы кылымдарга сакталат. Даярдык жыйырма күнгө созулду (Т.С.). Чабуул бир нече күнгө созулду.

3) Максаттык маанини туюндурат. Мындай айкаштардын биринчи түгөйү көбүнчө кыймыл атоочтордон, экинчи түгөйү кыймыл этиштерден болот: Бай аны издөөгө кетти (К.Б.). Азыр ошолордун ишин көрүшкө бара

жатам (К.Ж.).

4) Айрым сөз айкаштары аракеттин пайда болуу себебин билдирет. Мындай учурда алардын биринчи түгөйү көбүнчө атоочтуктардан, экинчиси ички сезимди билдирүүчү этиштерден болот: келгенине сүйүнүү, айтканына капалануу, кутулганына ыраазы болуу.

5) Кээ бир сөз айкаштары кыймыл-аракеттин сандык, мейкиндик, салмактык өлчөмүн, адамдын жаш өзгөчөлүгүн баяндайт. Андай айкаштардын биринчи түгөйү, сан атоочтон, же сан атооч кошулуп айтылган нумеративдик сөздөрдөн болот:

Ат чубатып болуптур, санаты миңге толуптур ("Манас"). Дан тапшыруунун планы жүз он процентке орундалды ("СК".). Кээ бирөөлөрүнүн үстүндөгү жүктөрү 18–20 килограммга жетиптир (Т.С.). Айдаган жери эки гектарга жетти (М.Э.). Мен он жетиге толуп, он сегизге карадым, - деди (К.Ж.). Сулайман жыйырма үч жашка чыкты (К.О.). Алтыга сатып, бешке алган - соодагердин адаты (макал). Пальтону жүз сомго алдым.

Z Бул структурадагы сөз айкаштарынын биринчи компоненти зат атоочтон тышкары ат атоочтордон, субстантивдешкен сын атооч, сан атооч, атоочтуктардан, кыймыл атоочтордон боло берет:

Бирок ал өзүнүн көргөн-билгенин эч кимге айтпады (Т.С.). Абийирдүүгө ажалдуу кийик жолугат (макал). Шафкат нанды үчкө бөлдү (Б.Ж.). Билген миңди башкарат, билбеген миңге кошулат (макал). Жыгылган оогонго күлөт (макал). Экөө тең жуунууга чыгышты (А.Т.).

Багыныңкы түгөйү жатыш жөндөмөдөгү атооч сөздөрдөн болгон сөз айкаштары.

Мындай түзүлүштөгү этиштик сөз айкаштары компоненттеринин маанилик өзгөчөлүктөрүнө карай бышыктоочтук жана об"ектилик катышты билдиришет.

Бышыктоочтук катыштагы сөз айкаштары тутумундагы сөздөрдүн семантикалык өзгөчөлүктөрүнө ылайык орундук, мезгилдик, кээде сын-сыпаттык маанилерди туюндурат.

I) Багыныңкы түгөйү мейкиндик, орун маанисиндеги сөздөрдөн болсо, кыймыл-аракеттин болгон ордун көрсөтөт: Былтыр жайында мен айылда болдум. Ал артымда чукул келаткан (К.Ө.). Инилери интернатта окушат. (А.Т.).

Орундук маанидеги сөз айкаштарынын биринчи компоненти кээде жатыш жөндөмөнүн мүчөсү жалганган синтаксистик ажырагыс сөз айкаштарынан да болот. Мындай сөз айкаштары сүйлөм тизмегинде турганда компоненттери маани жагынан жана грамматикалык жактан бири-бири менен өтө тыгыз байланышкан болот да, бирдиктүү түрдө турганда гана толук мааниге ээ болуп, сүйлөмдүн бир мүчөсүнүн милдетин аткарат. Синтаксистик ажырагыс сөз айкаштарынын компоненттерин сүйлөм ичинде бири-биринен ажыратып талдоого болбойт. Эгер ажыратсак, анын бирдиктүү мааниси бузулат, компоненттеринин маанисн да начарлай түшөт. Ошондуктан мындай айкаштар бирдиктүү түрдө туруп, багыныңкы компонент катары келип, татаал сөз айкаштарын уюштурууга катышат. Мисалы: Данияр болсо караңгы киргенче ошол жерде отурат (Ч.А.). Биз силердин сол жагыңарда болобуз (А.Т.). Эки жигит чалдын эки тарабында олтурушат (А.Т.).

2) Сөз айкашынын жатыш жөндөмөдөгү багыныңкы түгөйү мезгилдик маанидеги сөздөрдөн, же сөз айкаштарынан болсо, кыймыл-аракеттин болгон мезгилин, качанга чейин созулгандыгын көрсөтөт.

а) Мындай сөз айкаштарынын биринчи компоненти жатыш жөндөмөсүнүн мүчөсү жалганган жыл мезгилдерин, айдын аттарын, убакытты билдирүүчү сөздөрдөн болот: жайда эс алуу, шашкеде туруу, июнда келүү, саат ондо туруу.

Кээде бул өңдүү сөздөрдүн алдына мезгилди билдирүүчү экинчи бир сөз (эрте, кеч, өткөн, быйыл, иреттик сандар) кошулуп айтылып, мезгилдик маанини тактап көрсөтөт: Серкебай өткөн күздө атасынын ашын берди (К.О.). Саадайдыкына экинчи жолу кеч бешимде кайрылды (К .О.). Пахта терүү 20-сентябрда массалык түрдө башталды. Кечки саат үчтө бороон бир аз басаңдады (К.Б.).

б) Мезгилдик маанидеги түрдүү сөздөрдүн катышуусу менен уюшулган синтаксистик ажырагыс сөз айкаштары жатыш жөндөмөдө туруп, багыныңкы компонент катары келгенде да, мезгилдик маанидеги татаал сөз айкаштары уюшулат.

Мисалы: Бул учурда колхоздун усталары да бошобой калат (К.Ж.). Бир кезде анын чыңырган үнү угулду (К.Б.). Мени жаш чагымда Бектурган баатыр дешчү (А.Т.). Бул окуя согуш мезгилинде болгон (Т.С.) Ошондо биз мамлекеттик планды он сегиз күндө аткарганбыз (К.Б.).

в) Айрым сөз айкаштары, тутумундагы сөздөрдүн лексикалык маанисине карай, кыймыл-аракеттин аткарылыш мүнөзүн, сыпатын да билдирип калат. Мындай маанидеги сөз айкаштарынын биринчи компоненти абстрактуу маанидеги зат атоочтордон болот, экинчи компоненти көбүнчө туруу, жашоо маанисиндеги этиштерден, айрым аракет, кыймыл этиштеринен болот: жыргалда жашоо, кубанычта көрүшүү, боштондукта жашоо, эркиндикте жашоо.

Ар бир кадамды кыйынчылыкта басып өтүүдө (Т.С.).

2 Багыныңкы түгөйү жатыш жөндөмөдөгү сөздөрдөн болгон этиштик сөз айкаштары об"ектилик катышты да туюндурат. Мындай учурда сөз айкашынын биринчи түгөйү конкреттүү маанидеги зат атоочтордон болот. Об"ектилик катыштагы сөз айкаштары да тутумундагы сөздөрдүн лексикалык маанисине карай айрым кошумча маанилерди билдирет:

а) Багыныңкы түгөйү туюндурган ал-абалдын, аракеттин кимде, эмнеде экендигин; бетинде кандайдыр бир иш аткарылган об"ектини, бирөө

нүн эмнеде иштегендигин ж.б. көрсөтөт:

Мунун бирөө болсо Жапарда болот. Болор кулун желеде жулкунат, болор бала бешикте булкунат (макал). Ал күндүр-түндүр молотилкада иштейт (Т.С.); Газетада жарыяланган, китепте жазылган, журналда басылган, кагазда тартылган.

б) Айрым сөз айкаштары кыймыл-аракеттин эмнеинин жардамы менен аткарылгандыгын билдирет. Мындай убакта анын биринчи компоненти кандайдыр бир иш процесси аткаруучу куралдын, предметтин атын билдирүүчү зат атоочтордон болот: арабада ташуу, машинада келүү, станокто иштөө, радиодо сүйлөө, телефондо сүйлөшүү, комузда ойноо, машинкада басуу.

в) Кээ бир сөз айкаштары багындыруучу түгөйү билдирген "сапаттык өзгөрүүгө" себепчи болгон об"ектини көрсөтөт: ысыкта эрүү, суукта тоңуу, шамалда кургоо, отто бышуу, сууда жибүү.

Мындай түзүлүштөгү сөз айкаштарынын биринчи компоненти зат атоочтордон башка жатыш жөндөмөдөгү ат атоочтордон, субстантивдешкен сын атооч, сан атоочтордон, атоочтуктардан жана кыймыл атоочтордон да боло берет. Мисалы: Мүмкүн, ал сезим башта ар кимибизде болгон чыгар (Ч.А.). Нускалуу сөздөр акылдууда болот. Экөөбүз онунчуда чогуу окунанбыз ("КМ".). Он экиде чыгып, сегизде араң келди.

Атты арыганда көр, эрди карыганда көр (макал);

Пахтаны сугарууда кемчилдиктер кетиптир.

Багыныңкы түгөйү чыгыш жөндөмөдөгү атооч сөздөрдөн болгон сөз айкаштары.

Мындай структурадагы сөз айкаштары да тутумундагы сөздөрдүн семантикалык өзгөчөлүктөрүнө карай бышыктоочтук катышты жана об"ектилик катышты туюндурат.

I. Бышыктоочтук катыштагы сөз айкаштары компоненттеринин маанилик өзгөчөлүктөрүнө ылайык орундук, мезгилдик, себеп, сан-өлчөм маанилерин билдирет.

I) Орундук маани. а) Биринчи түгөйү мейкиндик маанидеги зат атоочтордон, экинчи түгөйү кыймыл этиштерден болсо, кыймыл-аракеттин башталып чыккан ордун көрсөтөт: I942-жылдын август айында Кыргызстандан дагы көп аскер жөнөдү (У.А.). Эл жайлоодон жалпы түшүп болду (С.К.). Курман кулунун короодон жетелеп чыкты (К.Б.).

б) Кээ бир сөз айкаштары суб"ект тарабынан басып өтүлгөн мейкиндикти билдирет. Бул учурда экинчи түгөйү аш, кеч, өт деген кыймыл этиштерден болот: Машина тайгактан өттү (К.Б.). Алар бешим ченде ашуудан ашты (К.Бек.). Атчандар көпүрөдөн өтүштү.

в) Багындыруучу түгөйү статикалык (орундук) маанидеги этиштерден болсо, кыймыл-аракеттин болгон ордун билдирип калат: Беш-алты жыл Фрунзеден окудум ("КМ".). Мен аны Рыбачыдан жолуктурдум (К.Б.). Жок, тамакты кырмандан ичели (К.Б.).

г) Айрым сөз айкаштары кыймыл-аракеттин эмне аркылуу (кайсы жер аркылуу) болгондугун билдирет. Мындай учурда багындыруучу компоненти кир, чык, кара, көр деген сыяктуу этиштерден болот: эшиктен кирүү, терезеден чыгуу, тешиктен кирүү, терезеден көрүү. Орто бойлуу, кара тору сүйкүмдүү бир кыз эшиктен кирди (К.Б.). Акырын басып барып, айнектен карады (К.Б.).

Орундук маанидеги этиштик сөз айкаштарынын биринчи түгөйү ар түрдүү жолдор менен уюшулган синтаксистик ажырагыс сөз айкаштарынан да болот. Мисалы: Жапар интернаттын директору Сатарга ошол жерден жолуккан (А.Т.). Сооронбай, Айдарбек даткалар оң тарабынан кысып киришти (К.Ж.). Арт жактан атылган мылтыктын үндөрү угулду.

2) Сөз айкашынын биринчи түгөйү мезгилдик маанидеги сөздөрдөн болсо, кыймыл-аракеттин качантан бери болуп келе жаткандыгын, анын башталган мезгилин билдирет: Ал ишке күздөн киришет. Отпускага июлдан чыгам. Болчуров бармактайынан ишке машыккан. Спартак сени баятан күтүп олтурат (А.Т.).

Мезгилдик маанидеги этиштик сөз айкаштарынын биринчи түгөйү ар түрдүү структурадагы синтаксистик ажырагыс сөз айкаштарынан да болот. Мисалы: Өзү бала күнүнөн шок чыккан (М.Э.). Валя жаш чагынан ата-энесинен ажыраган (К.Бек.). Омор мектепке жети жашынан кирген. Мен эмдиги жылдан иштейм.

3) Айрым сөз айкаштары кыймыл-аракеттин аткарылыш себебин да билдирет. Бул учурда багыныңкы түгөйү чыгыш жөндөмөдөгү абстрактуу маанидеги зат атоочтордон, же атоочтуктардан болот: Тамак-аштын жетишсиздигинен бир туугандары каза болду (М.Аб.). Сагызган сактыгынан эмес, суктугунан өлөт (макал). Мен кубанычымдан жашып олтурам (А.Т.). Ал коркконунан ордунан тура калды (Ч.А.). Жигит кубанганынан дагы ыйлады (А.Т.).

4) Кээ бир этиштик сөз айкаштары кыймыл-аракеттин ар түрдүү мүнөздөгү өлчөмүн билдирет. Мындай маанидеги айкаштардын биринчи компоненти сан атооч менен нумеративдик сөздөрдүн, же башка зат атоочтордун айкашынан уюшулган синтаксистик (ажырагыс) сөз айкаштарынан болот: Сандык өлчөм: үч чыныдан ичүү, эки каптан алуу; үч мертебе келүү; салмактык өлчөм: үч килодон алуу, алты центнерден тийүү, жыйырма граммдан берүү; мезгилдик өлчөм: Биз эки сааттан кароолдо турдук. Курулушта күнүгө сегиз сааттан иштедик. Мейкиндик өлчөм: Күнүгө алтымыш километрден бастык. Машина саатына жүз километрден жүрдү; эки гектардан айдоо.

Баа, нарк жагынан болгон өлчөм: үч сомдон алуу, эки сомдон сатуу,

отуз тыйындан сатуу.

5) Айрым сөз айкаштары кыймыл-аракеттин кандай мүнөздө болгондугун, абалын, сыпатын билдирет. Бирок мындай маанидегилер тилибизде өтө аз учурайт: узунунан жаткыруу, туурасынан кесүү, чалкасынан жыгылуу, көмкөрөсүнөн жатуу, чын жүрөктөн кубануу.

2. Об"ектилик катыштагы этиштик сөз айкаштары да тутумундагы сөздөрдүн семантикалык өзгөчөлүктөрүнө карай ар түрдүү кошумча маанилерди туюндурат.

I) Сөз айкашынын чыгыш жөндөмөдөгү биринчи түгөйү кандайдыр бир зат алыстан бөлүнүп чыккан, ажыраган, куру калган об"ектини атап көрсөтөт, Бул учурда биринчи компоненти көбүнчө конкреттүү маанидеги зат атоочтордон, экинчи түгөйү кыймыл этиштерден жана бошоп чыгуу, кутулуу, куру калуу, же бөлүп алуу маанисиндеги этиштерден болот: үйдөн алыстоо, коллективден четтөө; балдардан бөлүнүү, кучагынан бошонуу, көзүнөн жаш чыгуу, алманы сабагынан үзүү, энчисинен куру калуу.

2) Биринчи компоненти ар кандай ички сезимдин, сапаттык өзгөрүүнүн пайда болушуна себепчи, түрткү болгон об"ектини билдирет. Мындай маанидеги сөз айкаштарынын багыныңкы түгөйү конкреттүү же абстрактуу маанидеги зат атоочтордон, багындыруучу түгөйү психикалык абалды билдирүүчү чарча, корк, талыкшы, чочу ж.б., сапаттык кубулушту билдирүүчү куура, үшү, тоң, өл, семир, арыкта ж.б. деген сыяктуу этиштерден болот: иштен чарчоо, ысыктан талыкшуу, кайнагасынан уялуу, жыландан коркуу; сууктан тоңуу, келтеден өлүү, эмгектен арыктоо.

3) Айрым сөз айкаштары кыймыл-аракеттин бүтүн нерсенин бир бөлүгүнө жумшалгандыгын туюндурат: башынан сылоо, ооздуктан кармоо, жакадан алуу, бутунан байлоо.

Ысман атасын колтугунан жөлөдү (А.Т.). Кемпир баласын бетинен

өпкүлөдү (К.Бек.).

4) Биринчи түгөйү кыймыл-аракетке жарым-жартылай, бир аз бөлүгү дуушар болгон об"ектини билдирет: суудан ичүү, эттен берүү, нандан жеөө. Анан жүзүмдөн бир даана алып жеди ("ЖЛ".). Балдарынын эски-үскү кийимдеринен кийгизди (К.Б.).

5) Мындай түзүлүштөгү сөз айкаштарынын айрымдары бир нерсенин эмнеден жасалгандыгын, эмнеден пайда болгонун билдирет: күмүштөн жассо, чыттан тигүү. Анын саадагы текенин мүйүзүнөн жасалган (А.Т.). Кездеме пахтадан токулат.

6) Кыймыл-аракеттин кимдин, эменин жардамы менен, эмне аркылуу аткарылгандыгын баяндайт: Аны мына бул балдардан айтып жиберебиз (М. Аб.). Китепти Шаршенден алдырдым.

телефондон сүйлөшүү, радиодон ырдоо, мылтыктан атуу, пулемоттон атуу.

7) Багыныңкы компоненти кандайдыр бир маалымат алынган нерсени об"ект катары көрсөтөт; багындыруучу түгөйү угуу, билүү маанисиндеги сура, ук, бил, үйрөн, оку ж.б. деген сыяктуу этиштерден болот: Асанбай колхоздун абалын Андрейден сурап алды (Н.Б.).Мен сиздин сырыңызды Каныбектен укканмын (К.Ж.).Кимдин койлору экенин койчусунан билдик (К.Б.).

8) Биринчи түгөйү кимдир бирөөнү, кандайдыр бир нерсени билүүгө, таануугa негиз болгон об"ектини билдирет; экинчи түгөйү кебүнчө бил, тааны, сез деген этиштерден болот: Дүйшөнкулдун муюну бошой түшкөнү үнүнөн сезилди (К.О.). Аттын ачуусу кулагынан билинет, иттин ачуусу куйругунан билинет (макал). Бөрү атар уулду бөркүнөн тааны (макал).

9) Бул структурадагы кээ бир сөз айкаштары суб"ектинин кимден, эмнеден сактануу, жашырынуу керек экендигин баяндайт. Мындай учурда

экинчи компоненти бир нерседен сактоо маанисиндеги коргоо, жашын, сакта, кору, жашыр, катар, далдала ж.б. деген этиштерден болот: балдардан жашынуу, чымчыктан коруу, карышкырдан кайтаруу, октон сактануу. Акырын баскан молдодон сактан, ала чапан кожодон сактан (макал). Ата журтубузду душмандан коргодук.

Мындай түзүлүштөгү этиштик сөз айкаштарынын багыныңкы түгөйү зат атоочтон башка ат атоочтордон, субстантивдешкен сын, сан атоочтордон, атоочтуктардан жана кыймыл атоочтордон да боло берет: Сенден үч кат алдым (А.Т.). Батийна эч кимден коркпойт (Т.С.). Жакшыдан жаман туулса — чыгаша, жамандан жакшы туулса — киреше. Сен ондон бешти алчы. Жашы да жыйырмадан эчак ашкан. (К.Б.). Көрүп турган Жапар уялгандан тердеп кетти (А.Т.). Самтыраган кебетеси менен учурашуудан уялды (К.Ш.).

Кыйыр жөндөмөдө турган багыныңкы компонентти жөнөкөй этиштер гана эмес, аналитикалык түзүлүштөгү татаал этиштер да башкарып, этиштик сөз айкаштарын уюштурушат.

Мисалы: душманды жек көрүү, колхозчуларга жетекчилик кылуу, лагерде эс алуу ж.б.

ЖАНДООЧ КАТЫШКАН ЭТИШТИК СӨЗ АЙКАШТАРЫ

Жандоочтор – толук маанилүү сөздөрдөн кийин келип, анын грамматикалык маанисин толуктап, тактап көрсөтүүчү кызматчы сөздөрдүн бир түрү. Жандоочтор дайыма өзү байланышкан сөздөн кийин келип, сүйлөм ичинде өзүнчө синтаксистик милдетти аткара албайт; ал өзүнүн алдындагы байланышкан сөзү менен бирге ажырагыс бир бүтүндүктү түзөт да, аны менен бирдикте туруп, сүйлөмдүн бир мүчөсүнүн милдетин аткарат: Ал сарайга карай кетти.

Сөз айкаштары ар дайым толук маанилүү эки, же андан артык сездердүн багыныңкы байланышынан түзүлөрү белгилүү. Себеби сүйлөм ичиндеги өз ара байланышкан сөздөрдүн ортосундагы ар түрдүү синтаксистик катыш толук маанилүү сөздөрдүн айкашы аркылуу гана берилет, толук маанилүү сөздөрдүн өз ара байланышы гана мааниси жана структурасы жагынан толук уюшулуп бүткөн бирдиктүү сөз айкашын түзө алат (калың токой, сууда сүзүү).

Ал эми жандооч өзүнөн мурунку атооч сөз менен байланышканда, сөз айкашы уюшулбайт, Анткени бул жерде толук маанилүү эки сөз айкашпастан, толук маанидеги сөз менен жардамчы сөз айкашы келет, ошол себептүү алар мааниси жагынан да, структуралык жактан да толук уюшулган сөз айкаштарын түзө алышпайт. Мисалы: шаарга карай, мектепке чейин, иш жөнүндө, көчө менен. Бул өндүү жандоочтук айкаштардан кийин дайыма дагы бир сөздүн (көбүнчө этиштин) кошулуп айтылышы зарыл экендиги сезилип турат: шаарга карай (жөнөө), мектепке чейин (баруу), иш жөнүндө (сүйлөшүү), көчө менен (жүрүү).

Ошондуктан жандоочтор өзүнүн алдындагы байланышкан сөзү менен бирдикте туруп, өзүнөн кийинки этишке багыныңкы компонент катары келгенде гана, бирдиктүү сөз айкашы уюшулат. Мындай учурда жандооч

сөз айкашынын тутумундагы толук маанилуу эки сөзду (өзүнүн алдындагы атооч менен өзүнөн кийинки этишти) бири-бири менен байланыштыруучу каражаттын милдетин да аткарат: Көчө менен+келуу, күн сайын+иштөө, сарайды көздөй+басуу. Жандооч катышып уюшулган сөз айкаштары негизинен үч сөздөн турат (жайлоону+көздөй+көчүү); анын ичинен биринчи экөө (жандоочтук айкаш) багыныңкы компонент, акыркысы (этиш) багындыруучу компоненти болот.

Башка түрк тилдериндегидей эле, кыргыз тилинде да жандоочтор кайсы жөндөмөдөгү сөз менен айкаша алышына карай үч топко бөлүнөт:

1) атооч жөндөмөдөгү сөз менен айкашуучу жандоочтор;
2) барыш жөндөмөдөгү сөз менен айкашуучу жандоочтор;
3) чыгыш жөндөмөдөгү сөз менен айкашуучу жандоочтор.

I. АТООЧ ЖӨНДӨМӨДӨГҮ СӨЗ МЕНЕН АЙКАШУУЧУ ЖАНДООЧТОР КАТЫШКАН СӨЗ АЙКАШТАРЫ.

Атооч жөндөмөдөгү сөз менен байланышып келип, этиштик сөз айкашын уюштуруучу жандоочторго менен, үчүн, аркылуу, тууралуу, жөнүндө, сыяктуу, шекилдүү, боюн, боюнча, сайын дегендер кирет. Булар катышып уюшулган этиштик сөз айкаштары компоненттеринин лексикалык маанисине карай об"ектилик жана бышыктоочтук катышты билдиришип, ар түрдүү мааниде колдонулат.

1) "Менен" жандоочу катышып уюшулган этиштик сөз айкаштары об"ектилик катышта келгенде: а) кыймыл-аракеттин башка бирөө менен биргелешип иштелгендигин, аны аткарууга экинчи бирөөнүн кошо катышканын билдирет:

Жүр, силер менен байдын алдында сүйлөшөм (М.Аб.). Мен колхоздо өз күрдүү теңтуштарым менен иштедим.

б) Аракеттин кандай куралдын, заттын жардамы менен аткарылганды-

тын: балта менен кыюу, дүрбү менен көрүү, телефон менен сүйлөшүү, самолет менен учуу, поезд менен жүрүү.

Анда-санда чекесин жеңи менен сүртүп коет (К.Б.).

Бышыктоочтук катышты туюндурганда:

а) Кыймыл-аракеттин болгон ордун билдирет: Калың кара куурайдын арасындагы жол менен бир аял келатат (Ч.А.). Кечинде капчыгай менен келатканбыз.

б) Аракеттин болгон мезгилин көрсөтөт. Мында менен жандоочуна айкашкан биринчи сөз мезгилдик маанидеги сөздөрдөн, же ар формасындагы атоочтуктардан болот: Саар менен жөнөө, жайы менен иштөө, кышы менен эс алуу.

Ал жатар менен мени суракка ала баштады (А.Т.).

в) Кыймыл-аракеттин сыпатын, кандай мүнөздө болгондугун баяндайт. Бул учурда жандооч менен айкашкан биринчи сөзү ички абалды, сыпатты билдирүүчү абстрактуу сөздөрдөн болот: чыдамсыздык менен күтүү, салмак менен сүйлөө, кичи пейилдик менен өтүнүү.

Мен сени жан дилим менен сүйөм (К.Б.). Акырын туруп, көңүлсүздүк менен кийинди (К.Ж.).

2) "Үчүн" жандоочу катышып уюшулган сөз айкаштары да компоненттеринин маанисине карай бышыктоочтук жана об"ектилик катышты билдиришет.

Бышыктоочтук катышта келгенде: а) Кыймыл-аракеттин болуш себебин билдирет. Мында үчүн жандоочу таандык мүчө уланган -ган+дык формасындагы атоочтуктар, абстрактуу маанидеги зат атоочтор менен айкашып келет: кечиккендиги үчүн жемелөө, келбегендиги үчүн куру калуу, аткарбагандыгы үчүн сөгүш берүү; баатырдыгы үчүн

сыйлануу.

Муну меймандостугун үчүн белек кылам ("Кырг.аял".).

б) Кыймыл-аракеттин аткарылыш максатын туюндурат. Анда үчүн менен айкашкан биринчи сөзү көбүнчө кыймыл атоочтордон болот:

Биз кедейлерге жардамдашуу үчүн келдик (К.Б.). Бул сыйды актоо үчүн жан-дилим менен иштейм (К.Б.).

Об"ектилик катышты билдиргенде, кыймыл-аракет ким үчүн, эмне үчүн, кимдин кызыкчылыгы үчүн аткарылгандыгын туюндурат. Мындай учурда биринчи компоненти конкреттүү маанидеги зат атоочтордон, ат атоочтон болот: Колхозубуз балдар үчүн ясли куруп жатат. Бул китепти сен үчүн алдым. Ал эл үчүн жаралган, эл кызы (Ч.А.).

3) "Аркылуу" жандоочу катышкан сөз айкаштары об"ектилик жана мейкиндик катышты билдирет.

Об"ектилик катышта келгенде кыймыл-аракеттин ким аркылуу, кимдин, эмненин жардамы менен аткарылгандыгын туюндурат: Бул кубанычтуу кабар дароо радио аркылуу берилди. Алайлык кыргыз болсо, ошол аркылуу табабыз (К.Ж.).

Мейкиндик катышта келгенде кыймылдын кайсы жер аркылуу болуп өткөндүгүн керсөтөт. Андай сөз айкаштарынын биринчи сөзү мейкиндик маанидеги зат атоочтордон, багындыруучу түгөйү кыймыл этиштерден болот: Сиз Ташкент аркылуу кетесиз го? (К.Бек.). Эки зооканын ортосундагы жүлүндөй жол аркылуу атчандар капчыгайды өрдөштү (К.О.).

4) "Сайын" жандоочу катышкан сөз айкаштары: а) кыймыл-аракеттин белгилүү бир мезгилде улам кайталанып тургандыгын баяндайт. Мында сайын жандоочу мезгилдик маанидеги сөздөр менен, же -ган формасындагы атоочтук менен айкашып, багынынкы компонент катары келет: Ал күн сайын аларды карады (К.Б.). Алар жыл сайын планды ашыра

аткарышат. Ал келген сайын мага жолугат.

б) Кээде орундук маанини берип калат:

Биздин райондо балдар бакчасы колхоз сайын курулду. Кызыл бурч бригада сайын уюшулду.

5) "Жөнүндө", "тууралуу" жандоочтору өз ара синонимдик мааниде. Булар катышып уюшулган сөз айкаштары аракет багытталган об"ектини көрсөтөт:

Адегенде эле аларга жумуш жөнүндө айтты (К.Б.). Антон мен тууралуу өзүнүн билгендерин айтат (К.Б.).

6) "Бою" жандоочу катышкан сөз айкаштары көбүнчө мезгилдик катышты, айрым учурда мейкиндик катышты туюндурат.

а) Бул жандооч мезгилдик маанидеги сөздөр менен айкашып, багыныңкы компонент катары келсе, кыймыл-аракеттин белгилүү бир мезгил ичинде созулуп аткарылгандыгын көрсөтөт: Кыш бою эс алуу, жай бою иштөө, күн бою жол жүрүү, түн бою уктабоо.

Кээде мындай сөз айкашынын алдына сан атооч кошулуп айтылып, аракеттин созулган мезгилин тактап көрсөтөт: Татыбек жыйырма күн бою тынбай иштеди (Н.Б.). Алар терт саат боё иштеди.

б) Эгерде бою жандоочу мейкиндик маанидеги зат атооч менен айкашып, ныймыл этиш менен байланышса, аракеттин болгон ордун билдирет: Жаш балача шолоктоп, жол бою ыйлап барды (К.Ж.).

7) "Боюнча" жандоочу катышкан сөз айкаштары об"ектилик катышта келгенде: а) кыймыл-аракеттин бир нерсеге негизделип аткарылгандыгын, ал кимдир бирөөнүн, бир нерсенин талабына ылайык иштелгендигин туюндурат. Бул учурда сөз айкаштарынын биринчи түгөйү көбүнче абстрактуу зат атоочтордон, -уу, -оо формасындагы ныймыл атоочтордон болот: Офицердин буйругу боюнча туткундар ишке киришти (К.Ж.). Алар закон боюнча жоопко тартылат.

б) Компоненттеринин маанисине ылайык аракеттин эмне жөнүндө бол-

гондугун, анын мазмунун ачып көрсөтөт: пландын аткарылыш боюнча сүйлөшүү; жылдын жыйынтыгы боюнча отчет берүү, шахмат боюнча биринчиликти алуу.

Бышыктоочтук атышты түюндурганда:

а) Кыймыл-аракеттин сын-сыпатын, кандай мүнөздө, кандай абалда аткарылгандыгын билдирет. Бул учурда жандоочтук айкаштын биринчи сөзү =ган формасындагы атоочтуктан, сын атоочтон болот: ысык боюнча ичүү, чийки боюнча жеөө, таарынган боюнча кетүү.
Акия кетирекей безилдеген боюнча кулап түштү (Т.С.). Оокатты жылуу боюнча алып келишти.

б) Кыймыл-аракеттин созулган мезгилин, качантан бери болгон убагын көрсөтөт: түн боюнча уктабоо, жыл боюнча иштөө, кечээки боюнча келбоо, былтыркы боюнча көрбөө; кеткен боюнча келбөө .

в) Кыймыл-аракет тараган мейкиндиктин чегин, болгон ордун билдирет Өздүк көркөм чыгармачылыктын кароосу район боюнча өткөрүлдү ("КМ") Алар кыштактын сыртындагы жол боюнча келатышты.

8) "Бойдон" жандоочу катышып уюшулган сөз айкаштары компоненттеринин семантикалык өзгөчөлүктөрүнө карай: а) кыймыл-аракет кандай мүнөздө, кандай абалда аткарылгандыгын билдирет. Бул учурда бойдон жандоочу айкашкан биринчи сөз =ган формасындагы атоочтуктан, сын атоочтон, айрым шилтеме ат атоочтордон болот: Татыбек чыканактаган бойдон жатат (Н.Б.). Алар учкашкан бойдон кетишти. Алым ошол бойдон жатып калды. Ал шашканынан тамакты ысык бойдон ичти.

б) Кыймыл-аракеттин качантан бери болгон мезгилин түюндурат. Бул учурда бойдон жандоочу мезгилдик маанидеги сөздөр менен, =ган формасындагы атоочтук менен, же мезгил маанисиндеги сөздүн ордуна

колдонулган шилтеме ат атоочтор менен айкашып келет: кечээки бойдон наар албоо, былтыркы бойдон көрбөө, кеткен бойдон келбөө. Ал ошол бойдон келбеди.

9) "Сыяктуу", "шекилдүү" жандоочтору катышкан сөз айкаштары. Бул экөө-маанилеш синоним сөздөр. Булар жандоочтук мааниден башка кээде модаль сөздүк мааниде да колдонулат. Анда алар айтылуучу ойго болжолдоо маанисин берип, баяндоочтун составында айтылат: Боюна бүткөн келбетине караганда, бай шекилдүү (К.Ж.). Уккан ушактарга караганда, иш чатак жагында сыяктуу.

Ал эми жандоочтук мааниде колдонулганда салыштыруу, окшоштуруу маанисин берип, сын атоочту жасоочу =дай аффикси менен синонимдеш келет: тоо сыяктуу-тоодой, айбан шекилдүү-айбандай.

Бул жандоочтордун катышуусу менен уюшулган этиштик сөз айкаштары кыймыл-аракеттин аткарылыш сапатын, абалын экинчи бир нерсе менен салыштырып, окшоштуруп керсетөт: Каардуу согуш добул сыяктуу өттү (Т.С.). Экөө тең алп шекилдүү көрүндү (К.К.).

2. БАРЫШ ЖӨНДӨМӨДӨГҮ СӨЗ МЕНЕН АЙКАШУУЧУ ЖАНДООЧТОР КАТЫШКАН СӨЗ АЙКАШТАРЫ.

Барыш жөндөмөдөгү сөз менен айкашуучу жандоочтор чейин (дейре, дейин), карай, карап, карата, катар, көздөй, көздеп, караганда, жараша.

I) "чейин" (дейре, дейин) жандоочу алдындагы сөздү барыш жөндөмөдө башкарат да, аны менен бирдикте багыныңгы компонент катары келип, этиштик сөз айкаштарын уюштурат. Мындай структурадагы айкаштар компоненттеринин семантикасына карай ар түрдүү маанилерди туюндурат. а) Кыймыл-аракеттин мейкиндик боюнча болгон чегин, кайсы жерге чейин созулгандыгын көрсөтөт: Абылкасым Ракыяны үйүнө чейин жеткирип барды (Н.Б.). Акыркы жолу Луговая станциясына дей-

ре барышты (Т.С.).

б) Кыймыл-аракет болгон мезгилди, анын кайсы учурга чейин созулгандыгын туюндурат. Бул учурда сөз айкаштарынын жандооч менен айкашкан барыш жөндөмөдөгү биринчи сөзү: 1—мезгилдик маанидеги сөздөрдөн болот: Арыктүн боюнан кечке чейин карап турдум (Ч.А.). Экөө узакка чейин сүйлөштү (М.Аб.). Каныбек дагы көпкө чейин унчукпады (К.Ж.).

– Атоочтуктардан жана кыймыл атоочтордон болот: кеткенге чейин окуу, жөнөгөнгө чейин бүтүрүү, жатууга чейин келүү.

–Мезгилдик маанидеги сөздөрдүн ордуна колдонулган ат атоочтордон болот: Ага чейин тоо арасын басмачылардан тазалаш керек (Т.С.).

– Мезгилдик маанидеги сөздөрдүн катышуусу менен уюшулган синтаксистик ажырагыс сөз айкаштарынан болот: ушул убакка чейин келбөө, бүгүнкү күнгө дейре күтүү ж.б. Бузурман аны үч күнгө чейин мейманда (К.К.).

в) Чейин (дейре) жандоочу менен айкашкан биринчи сөз сан атоочтон болсо, же сан менен заттын айкашынан турса, кыймыл-аракеттин сан жагынан болгон чегин көрсөтөт: жыйырмага чейин саноо, жүз сомго чейин төлөө. Колхоздун жылкысы беш жүзгө чейин барды (Н.Б.).

г) Кыймыл-аракет об"ектинин кайсы жерине чейин жумшалгандыгын, анын тараган чегин, чен-өлчөмүн тактайт: Кана, жеңиңди чыканагыңа чейин түрчү? (Ш.Б.). Сланов баткакка тизесине чейин батты (К.К.). Кычан башын кулагына чейин суугa матырды (Ш.Б.). Өтүн-суусуна чейин камдоо, кийим-кечегине чейин алып берүү, кары-жашына чейин чогулуу.

2) "Карай", "карап", "карата", "катар" жандоочтору катышып уюшулган сөз айкаштары да бышыктоочтук жана об"ектилик катышты билдиришет. Бышыктоочтук катышта келгенде тутумундагы сөздөрдүн лексикалык

маанисине ылайык: а) Кыймыл-аракеттин мейкиндик боюнча болгон багытын, ордун туюндурат. Мындай учурда жандооч менен айкашкан биринчи сөзү орундук маанидеги, кээде конкреттүү маанидеги сөздөрдөн, багындыруучу түгөйү кыймыл этиштерден, айрым убакта статикалык маанидеги этиштерден болот: Биз чүйгө карай жол тарттык (К.Б.). Алар Ошко карап жөнөп калышты (К.Ж.). Анархан тышка карата жөнөдү (К.Ж.). Сакадай Каныбекке карай тызылдаган бойдон жүгүрдү (К.Ж.). Аларга жолду карата өткөн-кеткендер жолугушту (М.Аб.). Бул жандоочтор алдындагы сөздү барышта гана эмес, кээде табыш жөндөмөдө да башкарып байланышат: Чоң баш торунун тизгинин бура тартып, кайра малды карап жөнөдү (К.Ж.). Өзөндүн өйүз-бүйүзүндөгү айыл арасынан көк түтүн асманды карай созолонот (К.О.).

Эгерде бул жандоочтор тактооч менен байланышса, анда тактоочтун грамматикалык жактан өзгөрбөстүгүнө байланыштуу, ал-жандооч менен атооч жөндөмөдө туруп айкашат: төмөн карай кетүү, ары карата жөнөө, ылдый карай түшүү.

"Катар" жандоочу тилибизде сейрек учурайт; ал жол деген сөз менен табыш, же жатыш жөндөмөдө айкашып айтылып, а) мейкиндик (орундук) маанини билдирет: Ашым жолду катар, ар кандай анекдотторду айтып, аны күлдүрдү (К.К.). Кабыл жолдо катар ошол келечегин ойлоп келет (К.Ж.).

б) Аракеттин бир нерсеге ылайыкталып аткарыларын, анын аткарылышына негиз боло турган өлчөмдү билдирет: алына карата иштөө, эмгегине карай төлөө. Албан-албан күлүк бар, алына карай жүгүрөт. Төшөгүнө карап бутун соз (макал).

Бул структурадагы этиштик сөз айкаштары (көбүнчө карата жандоочу катышкан сөз айкашы) об"ектилик катышта келгенде, аракеттин кандайдыр бир нерсеге багытталгандыгын көрсөтөт: Майрамга карай

кызуу даярдык көрүлүүдө. Кийинки күндөрдө Акбарга карата Амантур аксакалдын мамилеси такыр бузулуп калган эле (А.У.). -Сен бул сөздү мага карата айттың го, Вера (А.Т.).

3) "Караганда" жандоочу катышкан сөз айкаштары эки нерсени салыштырып, алардын биринин артыкчылык белгисин көрсөтөт; "жараша" жандоочу катышкан сөз айкаштары кыймыл-аракеттин кандайдыр бир нерсеге ылайыкталып иштелгендигин туюндурат: Сен бизге караганда шаар көрүп келдиң (Т.С.). Шамал мурдагыга караганда алда канча басаңдады (К.Ж.). Андрей жоопко жараша сүйлөдү (С.С.). Биз шартка жараша иш кылалы.

4) "Каршы" жандоочу катышып уюшулган сөз айкаштары: а) кыймыл-аракеттин бирөөгө каршы аткарылгандыгын баяндайт. Мындай учурда багындыруучу түгөйү сүйлөө процессине байланыштуу этиштерден, жана күрөшүү, согушуу, көтөрүлүү, чыгуу, туруу, чабуул коюу ж.б. деген сыяктуу этиштерден болот: ага каршы туруу, анын сөзүнө каршы чыгуу, душманга каршы туруу. Алар падышага каршы көтөрүлүштү (К.Б.).

б) Аз да болсо мейкиндик катышты да билдирет. Анда сөз айкашынын багындыруучу түгөйү кыймыл этиштерден болот да, мааниси жагынан кыймыл-аракет багытталган затты көрсөтөт: Биз да алды жагыбызда келе жаткан жолоочуларга каршы бет алдык (М.Э.). Фарель балыктары агымга каршы сүзөт.

5) "Көздөй" жандоочтук мааниде келгенде алдындагы сөздү табыш жөндөмөдө башкарат. Бул жандооч катышып уюшулган сөз айкаштары кыймыл-аракеттин мейкиндик боюнча болгон багытын билдирет. Мындай түзүлүштөгү сөз айкаштарынын биринчи түгөйү мейкиндик, кээде конкреттүү маанидеги сөздөрдөн, экинчи түгөйү кыймыл этиштерден болот:

Алар Үч-Дөбөнү көздөй кетишиптир (Т.С.). Эшалондор батышты көздөй тынбай өтүп жатты (Ч.А.). Окуучулар мектепти көздөй чуркашты. "Көздөй" жандоочу кээде "көздөп" түрүндө да колдонулат: – Ооба, тээтиги магазинди көздөп баскан эле (К.К.).

3. ЧЫГЫШ ЖӨНДӨМӨДӨГҮ СӨЗ МЕНЕН АЙКАШУУЧУ ЖАНДООЧТОР КАТЫШКАН СӨЗ АЙКАШТАРЫ.

Кыргыз тилинде чыгыш жөндөмөдөгү сөз менен айкашып, этиштик сөз айкашын уюштурууга катыщуучу жандоочторго мурун, кийин, соң, ары, бери, илгери, тышкары, башка, көрө, баштап, тартып, жандоочтору кирет.

Булар жандоочтук мааниде колдонулганда, өз алдынча туруп белгилүү бир суроого жооп бере албайт, өзүнчө сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткара албайт; алдындагы сөздү белгилүү бир жөндөмөдө башкарып, аны өзүнөн кийинки сөз менен байланыштырып, алардын ортосундагы ар кандай синтаксистик катышты билдирет.

I) "Мурун" (кээде "мурда" формасында да айтылат), "илгери" жандоочтук мааниде колдонулганда, алдындагы сөздү чыгыш жөндөмөдө башкарып, аны өзүнөн кийинки этиш менен байланыштырып, сөз айкашын уюштурат. Бул структурадагы сөз айкаштары дайыма мезгилдик катышты туюндурат да, кыймыл-аракеттин белгилүү бир нерседен, фактыдан, окуядан мурун аткарылгандыгын көрсөтөт: Асандан мурун келүү, менден мурун кетүү.

Чуу чыккан жерге элден мурда жетет (Н.Б.). Ал сенден мурун келген. Айрым убактарда мындай жандоочтук айкаштын арасына мезгил маанисиндеги экинчи бир сөз айкашы кошулуп айтылып, кыймыл-аракеттин болгон мезгилин тактап көрсөтөт: менден эки саат мурун келүү, Алымдан эки жума мурда жөнөө. Мындан бир ай мурун Камилжан кы-

зын күйөөгө берген (К.Ж.). Бул жолду мындан эки жыл илгери салышкан ("Ала-Тоо").

2) "Кийин", "соң" жандоочтору катышкан сөз айкаштары мааниси жагынан, биринчиден, бир кыймыл-аракеттин артынан экинчисинин удаа болгондугун билдирет: Мен Сатардан кийин сүйлөдүм. Экинчиден кыймыл-аракеттин болгон мезгилин, бир аракет аяктагандан кийин, экинчи аракеттин аткарылгандыгын көрсөтөт.

Мисалы: Жыйналыштан кийин кино болот (Ш.Б.). Андан соң өлүктүн жанына эч ким келбеди (К.Бек.). Тойгондон кийин токтунун эти топурак даамданат (макал).

Бул жандоочтор мезгилдик маанидеги синтаксистик ажырагыс сөз айкаштары менен айкашып, багыныңкы компонент катары келет:

Кыңыр иш кырк жылдан кийин билинет (макал). Бир нече айдан кийин ал Мырзабек менен жайлоого көчтү (К.Б.). Бир күндөн соң байланыш башталат ("СК").

3) "Бери", "ары" дегендер жандоочтук мааниде келгенде, алдындагы сөздү чыгыш жөндөмөдө башкарып, аны менен бирдикте этиштик сөз айкашына багыныңкы компонент болуп келет. Мындай түзүлүштөгү сөз айкаштары да компоненттеринин лексикалык маанисине карай мезгилдик жана мейкиндик катышты билдиришет.

Мезгилдик катышта келгенде, бери жандоочу катышкан сөз айкаштары кыймыл-аракеттин белгилүү бир мезгилден ушул учурга чейин болгондугун көрсөтөт. Мындай маанидеги сөз айкаштарынын жандооч менен айкашкан биринчи сөзү мезгилдик маанидеги зат атоочтордон, тактоочтордон, атоочтуктардан, мезгил маанисиндеги сөздүн ордуна колдонулган шилтеме ат атоочтордон болот.

мисалы: Анын жаздан бери боору ооруйт (Т.С.). Чоко кечээ кечтен бери жол тосот (К.Ж.). Сизди баятан бери береги жетим бала күтүп

отурат (К.Бек.). Алымдан кеткенден бери кабар келбеди (К.Ж.). Ал иним ошондон бери түрмөдө жатат (К.Ж.).

Кээде мезгилдик маанидеги синтаксистик ажырагыс сөз айкаштары бери жандоочу менен айкашып, багыныңкы компоненттин ролунда келе Мен он жылдан бери мында отурам (К.Ж.). Бизди эки айдан бери сан далтты (К.Ж.).

"Ары" жандоочу катышып уюшулган сөз айкаштары мезгилдик катышта келгенде, кыймыл-аракеттин белгилүү бир мезгилден ары карата болорун билдирет. Сөз айкашынын биринчи компоненти болуп мезгилдик маанидеги зат атоочтор, тактоочтор, шилтеме ат атоочтор келет: Бул козулар жаздан ары жутка моюн беришпейт. Эртеңден ары чөп чабыкка чыгабыз (Ш.Б.). Мектептердин ишин мындан ары да жакшыртабыз.

Мейкиндик катышта келгенде "бери" жандоочу катышкан сөз айкаштары кыймылдын белгилүү бир жерден бери карата болгондугун, "ары" жандоочу катышканы белгилүү бир жерден ары карата багытталгандыгын баяндайт. Мындай сөз айкаштарынын тутумундагы биринчи сөз орундук, же конкреттүү маанидеги зат атоочтордон, орун маанисиндеги сөздүн ордуна колдонулган шилтеме ат атоочтордон болот; багындыруучу түгөйү кыймыл этиштерден болот. Мисалы: Малчылар жайлоодон бери атчан келишти. Биз шаардан ары беш километр жүрдүк. Эми мындан ары машина жүрбөйт. Тээтиги таштан бери чене.

4) "Баштап", "тартып" дегендер да жандоочтук функцияда келип, этиштик сөз айкаштарын уюштурууга катышат. Мындай сөз айкаштары мааниси боюнча, биринчиден, кыймыл-аракеттин белгилүү бир мезгилден тартып башталгандыгын билдирет: Комсомол постуларынын ишин бүгүндөн баштап кайрадан жандандыруу керек. (Н.Б.). Алар октябрдан тартып иштейт ("СК"). Ал ошондон тартып өчөшүп калды.

Экинчиден, кыймыл-аракеттин болгон ордунун башталган чегин көрсөтөт: Тиги теректен тартып ченегиле.

5) "Башка", "тышкары", "көрө", "бетер" дегендер да жандоочтук функцияда келгенде, алдындагы сөздү чыгыш жөндөмөдө башкарып, аны м менен бирдикте сөз айкашына багыныңкы компонент болуп келет. Бул жандоочтор катышып уюшулган этиштик сөз айкаштары тутумундагы сөздөрдүн маанилик өзгөчөлүктөрүнө карай ар түрдүү маанилерди: чектөө, салыштыруу, күчөтүү маанилерин, аракеттин бир нерсенин үстүнө дагы кошумча иретинде аткарылгандыгын ж.б. көрсөтөт.

Мисалы: Уйларыбызга кыш күндөрү самандан башка эч нерсе бербейбиз (чектөө маанисинде) (А.У.). Ушундан көрө бир жакка кетүү керек (салыштыруу) (К.Ж.). Колхоздошкондон бери Мамбеткулдун иши андан бетер оңолду (күчөтүү) (К.К). Колхозубуз пландан тышкары бир эшалон эт жүктөду (кошумча маанисинде) ("СК").

ЖАРДАМЧЫ АТООЧТОР КАТЫШКАН ЭТИШТИК СӨЗ АЙКАШТАРЫ.

Жардамчы атоочтор - кызматчы сөздөрдүн өзүнчө бир түрү. Сөздөрдүн бул тобуна үстү, төбө, баш, бет, асты, алды, түп, жан, туш, каршы, арт, арка, сырт, айлана, тегерек, чет, жээк, бой, ичи, орто, ара дегендер кирет.

Кыргыз тилиндеги жардамчы атоочтор да кызматчы сөздүк мааниси менен бирге өзүнүн алгачкы лексикалык маанисин да сактап калган.

Эгерде жардамчы атоочтор атооч, табыш, илик жөндөмөлөрүнүн биринде турса, өзүнүн толук маанисин сактап, заттык түшүнүктү билдирет. Мындай учурда алар өз алдынча туруп сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарат: Бул кыя жолдун асты - типтик жар таш. Эки колун жайып, алардын алдын тороду (К.Бек.).

Жардамчы атоочтор кызматчы сөздүн функциясында келгенде, ага таандык мүчө, андан кийин барыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрүнүн биринин мүчөсү уланып, өзүнүн алдындагы илик жөндөмөдөгү сөз менен

тыгыз айкашып айтылат. Мындай учурда жардамчы атоочтун лексикалык маанисн начарлап, алдындагы илик жөндөмөдөгү сөзгө багыныңкы абалда болот да, ошол сөз менен бирге мейкиндик, мезгилдик катышты туюндурат: столдун үстүнө чыгуу, үйдүн алдында отуруу, айдын аягында келуу.

Кээде жардамчы атооч менен айкашкан иликтеги сөздүн аягындагы жөндөмө мүчө түшүрүлүп да айтыла берет: Бир кезде эшик алдына араба токтоду (К.Б.). Ал ат үстүнөн салам берди.

Ушинтип, жардамчы атоочтор кызматчы сөздүк функцияда келгенде, дайыма ага таандык уланды жана мейкиндик жөндөмөлөрдүн биринин мүчөсү уланат да, алдындагы илик жөндөмөдөгү сөз менен кыйышып байланышат: көлдүн бетинде, сарайдын жанына, короонун артынан.

Сөз айкаштары дайыма толук маанилүү сөздөрдөн гана уюшулары белгилүү. Демек, жогоруда көрсөтүлгөндөй, иликтеги сөз менен жардамчы атоочтун өзү гана айкашканда, структурасы жана мааниси жагынан толук уюшулган сөз айкаштарын түзө албайт (анткени жардамчы атоочтор толук маанилүү бүтүн сөз эмес, кызматчы сөз). Мисалы: таштын астына, үйдүн ичинен ж.б. Мындай илик жөндөмөдөгү сөз менен жардамчы атоочтун айкашы бирдиктүү түрде туруп, экинчи бир этиш менен айкашып келгенде гана структуралык жагынан да, маанисн жагынан да толук уюшулган этиштик сөз айкаштары түзүлөт: таштын астына коюу, үйдүн ичинен чыгуу. Мындай түзүлүштөгү сөз айкаштарында жардамчы атооч өзүнүн алдындагы илик жөндөмөдөгү сөз менен бирге туруп, багыныңкы компонент катары келет: үйдүн үстүнө чыгуу (үйдүн үстүнө+чыгуу).

Экинчи жагынан, мындай структурадагы сөз айкаштарынын тутумундагы жардамчы атооч да, жандооч сыяктанып, алдындагы атооч менен өзүнөн кийинки этишти байланыштыруучу элементтин милдетин да аткарат. Жардамчы атоочтор катышып уюшулган этиштик сөз айкаштары көпчүлүк учурда орундук маанини, айрымдары мезгилдик маанини туюндурат.

Көбүнчө орундук мааниии билдириши андай сөз айкаштарынын тутумундагы жардамчы атоочтордун басымдуу көпчүлүгүнүн орундук маанини туюндурушу менен байланыштуу.

I. а) Эгерде мындай структурадагы сөз айкаштарынын тутумундагы жардамчы атооч барыш жөндөмөдө айтылса, кыймыл-аракеттин багытталган ордун тактап көрсөтөт:

Таабалды түйүнчөктү столдун үстүнө койду (К.Бек.). Исмайыл мылтыгын куурайдын астына сундуруп жиберди (Ч.А.). Аны көрө койду да, тамдын аркасына жашынды (К.Бек.).

б) Жардамчы атооч жатыш жөндөмөдө турса, кыймыл-аракеттин болгон ордун тактап туюндурат: Короонун ортосунда жеңем экөөбүз эле калыптырбыз (Ч.А.). Сокочулар айылдын сыртында жер айдап жүрүшөт. Мен алачыктын аркасында жашынып турдум.

в) Жардамчы атооч чыгыш жөндөмөдө айтылса, кыймылдын башталып чыккан ордун тактап көрсөтөт: Баягы аял тигине, менин жаныман тез кет! (К.Бек.). Пулемётту суунун түбүнөн алып чыгышты. Сарайдын тегерегинен кобур-кобур үн чыгат.

2. Баш, асты, алды, туш, ич, орто, ара деген жардамчы атоочтор катышып уюшулган сөз айкаштары орундук мааниден тышкары мезгилдик маанини да туюндурат. Бул учурда жардамчы атооч менен айкашкан илик жөндөмөдөгү биринчи сөз көбүнчө мезгилдик маанидеги сөздөрдөн болот. Мисалы: Пахта терүү иши сентябрдын башынан кызуу башталды. Ал жерге буудайды жаандын алдында сепкенбиз. Падышанын тушунда кедейге салган оорун (Барпы). Бул ишти эки сааттын ичинде бүтүрөбүз. Биз кыш ортосунда айылга көчүп кеттик. Ал жумушту иш арасында бүтүрдүк.

3. Үст, асты, алды деген жардамчы атоочтор катышкан сөз айкаштары кээде кыймыл-аракеттин кандай абалда, кандай мүнөздө болгондугун

баяндайт: Коноктор Сапарбайдын үйүндө сый үстүндө болушту (Т.С.). Окуучулар чоң кубанычтын үстүндө олтурушту. Ал аны кабагынын астынан теше тиктеди (Ч.А.).

ЖӨНӨКӨЙ ЖАНА ТАТААЛ СӨЗ АЙКАШТАРЫ

Кыргыз тилинде сөз айкаштары түзүлүшүнө карай жөнөкөй сөз айкаштары жана татаал сөз айкаштары болуп эки топко бөлүнөт.

Жөнөкөй сөз айкаштары дайыма толук маанилүү эки сөздүн айкашынан түзүлүп, компоненттери билдирген түшүнүктөрдүн ортосундагы ар түрдүү синтаксистик катышты туюндурат: жаңы шаар, айылдык бала, спорттук курулуштар, темир дарбаза, көрктенгөн кыштак, жыйырма окуучу, бул киши; мектептин багы, колхоздун малы; чөптү чабуу, жайлоодон түшүү, клубга баруу, шаарда жашоо.

Татаал сөз айкаштары экиден көп сөздөрдүн айкашынан уюшулуп, маани жагынан конкреттешкен бирдиктүү бир түшүнүктү билдирет: бир айлык командировка, чокчокара сакал киши, эки мешок ун, беш саат убакыт, айыл чарба адистери, тоо текенин мүйүзү; даярдоо пункутуна жеткирүү, чабандык кесипте иштөө, бир ай эс алуу, көз ачып жумганча бүтүрүү. Татаал сөз айкаштары көбүнчө бир сөздөн турган багындыруучу компонентке синтаксистик ажырагыс сөз айкашынын багыныңкы компонент болуп келиши менен, же тескерисинче, жөнөкөй сө айкашынан турган багындыруучу компонентке экинчи бир сөздүн багыныңкы компонент катары келиши менен уюшулат. Мисалы: элүү грамм+май, эки миздүү+бычак, оң тарапка+бурулуу, эки метрге+секирүү; же: душманга+тишин кайроо, чоң+жыгач күрөк, жаңы+кумуш кашык.

Татаал сөз айкаштарынын багыныңкы компоненти менен багындыруучу компоненти да бири-бири менен ыкташуу, башкаруу, таандык байланыш

жолу менен байланышат: эки чака ун, мектеп жактан келүү, мектептин багынын арасы.

Татаал сөз айкаштары да багындыруучу түгөйүнүн кайсы сөз түркүмүнөн экендигине карай атоочтук сөз айкаштары жана этиштик сөз айкаштары болуп бөлүнөт: үч күндүк жол, кара тондуу киши; эки сыйра кайталоо, оң жакка бурулуу.

Татаал сөз айкаштарынын биринчи (багыныңкы) компоненти көбүнчө синтаксистик ажырагыс сөз айкаштарынан болот да, алар негизинен төмөнкүдөй составда учурайт:

а) Сан атооч, шилтеме ат атооч менен зат атоочтун айкашынан түзүлөт да, бирдиктүү түрдө туруп, татаад сөз айкашынын багындыруучу түгөйүн аныктайт. Багыныңкы компонент катары келген андай айкаштын экинчи түгөйү көбүнчө күн, ай, жума, жыл, маал, жаз, жай, күз, кыш, ирет, жолу, мертебе деген сыяктуу сөздөрдөн болот; Кээде бул сөздөрдүн айрымдарына =гы, =лык, =чылык мүчөлөрү уланып айтылат: эки айлык окуу, үч жумалык иш, үч күнчүлүк жол; эки жыл күтүү, бир жай иштөө, үч жолу келүү. Ошол жылы мен да келгем.

б) Багыныңкы компоненттин биринчи түгөйү сан атоочтон, экинчи түгөйү өлчөм маанисиндеги зат атоочтордон болот: бир кострюль сүт, эки чөйчөк буудай, бир чанач кымыз, беш кулак суу, үч кап буудай, төрт короо кой, бир карын май, эки жуп өтүк, үч түп алма.

в) Биринчи түгөйү шилтеме ат атоочтон, сан атоочтон, оң, сол, түндүк, түштүк, чыгыш, батыш, орто, алдыңкы, арткы ж.б. деген, сыяк-

туу сөздөрдөн, экинчи түгөйү жер, жак, тарап, катар, жаш деген өндүү сөздөрдөн болот: ушул жерлик киши, оң жактагы үй, орто жаштагы киши, жети жаштагы бала; сол тарапка бурулуу, алдыңкы катарга отуруу, он жашка толуу.

г) Биринчи түгөйү сапаттык сын, экинчи түгөйү катыштык сындан болот, же сын атооч менен зат атоочтун айкашынан уюшулат: кызыл жүздүү бала, ак кардуу тоо, уяң жүндүү кой, кылчык жүндүү кой, кызыл жоолукчан келин, кара тумакчан бала, жапалдаш бойлуу киши; тегерек сакал абышка, кетик тиш чал.

д) Биринчи компоненти сан атоочтон, экинчиси ар түрдүү маанидеги зат атоочтордон болот: Бөрү карыса да, бир койлук алы бар (макал). Үйдүн чок ортосуна он кишилик стол коюлду (Т.С.). Токмок менен Быстровканын ортосу бир ат чабым жер ("Ала-Тоо"). Арадан дагы бир саамдай убакыт өттү (Т.С.).; эки кишилик комната.

е) Биринчи түгөйү сан атоочтордон, экинчи түгөйү нумеративдик сөздөрдөн (саат, минута, секунд, метр, километр, грамм, килограмм, тонна, центнер, чакырым ж.б.)болот: жыйырма беш километр жол, беш гектар жер, жыйырма центнер дан, сексиз чакырым жол, он эки карыш казан ж.б.

ж) Багыныңкы компонент катары келген айрым синтаксистик ажырагыс сөз айкаштарынын экинчи түгөйү атоочтуктардан, бар, жок, деген сөздөрдөн, кээ бир сын атооч сөздөрдөн болот, биринчи түгөйү катары ар кандай сөздөр келе берет: Ат оонаган жерде түк калат. Айгыр болор кулундун жаак эти чоң болот. Билими жок киши миң балаага тутулат, билими бар киши ар балаадан кутулат (макалдар). Сабыр-жүзү жарык бала. Ал-көңүлү куунак киши.

2) Татаал сөз айкаштарынын биринчи компоненти татаал сын атоочтордон болот: мала кызыл үй, кызыл чийкил жигит, кара тору бала,

эстүү-баштуу кишилер, жылуу-жумшак сөз, бак-даректуу кыштак.

3) Кошмок жана кош сөздөрдөн болот: айыл-чарба кызматкерлери, өнөр-жай ишканалары, мал чарбасынын адистери, Ош пединститутунун кызматкерлери; темир жол салуу, таш баканы көрүү, кызыл үйдө иштөө; көлчүк-көлчүк суу, үгүт-насыят иштери, жолдош-жоросун узатуу, жууркан-төшөгүн камдоо.

4) Татаал тактоочтор, ат атоочтор, сан атоочтордон болот: ар качан эстөө, бир паста бүтүрүү, күнү-түнү иштөө; эч кимди көрбөө, кимдир бирөөнү ээрчитип келүү; жыйырма беш окуучу, он беш китеп, он экинчи үй, отуз бешти бөлүү.

5) Мезгилдик маанидеги эки тактоочтун айкашынан уюшулат: бүгүн таңга жуук жөнөө, кечээ кечкурун келүү, жана кечинде көрүү. Ал былтыр күзүндө армияга кеткен (К.Б.). Быйыл жазында малчылардын арасында болдук.

6) Татаал сөз айкаштарынын биринчи компоненти татаал атоочтуктардан, кыймыл атоочтордон, чакчылдардан болот: сүйлөп отурганын угуу, келе жатып жолугуу, көрөсала чуркоо, батыра-батыра чабуу, кабыл алууга даярдануу, дан тапшырууну планы. Согуп турган бир бороон да басандай берди (Т.С.). Душмандарга ойрон болор күн жетти (У.А.). Ал атчан кишилер булардын жанынан кыя салып өтүп кетишти (К.Б.).

7) Айрым учурларда татаал сөз айкаштарынын биринчи түгөйү ар түрдүү маанидеги сын атоочтордун өз ара айкашынан, же атоочтук менен сын атоочтун айкашынан уюшулат да, багындыруучу түгөйү билдирген заттын ар кандай белгисин көрсөтөт: Жанакы кичинекей сары баласы ошондо үчтө болсо керек эле (А.Т.). Күрүчтөй таза арпадан үч коюш жем илди (Т.С.). Анын кадыр-барктуу жакшы кыз экенин сездим (К.Ж.). Үйдүн ичин кепке тунжураган сүрдүү тынч-

ык бийледи (Ч.А.). Өрт өчүрчү машиналардын дуулдаган катуу добуштары кулакты тундурду (А.Т.). Заңгыраган кооз имараттар адамдын көз жоосун алат ("ЛЖ").

8) Таандык байланыш жолу менен уюшулган сөз айкаштарынын бир компоненти татаал сөздөрдөн болсо да, татаал сөз айкаштары уюшулат: Ата мекендик согуштун инвалиди, сүт товар фермасынын башчысы, коммунисттик эмгектин ударниги, беш жылдыктын үч жылы, областын өтмө Кызыл Туусу, гимнастерканын төш чөнтөгү.

9) Татаал сөз айкашынын биринчи компоненти таандык байланыш жолу менен уюшулган атоочтук сөз айкашынан болот: колхоздун бакчасында иштөө, айнек заводунда эмгектенүү, эл катарына кошулуу, жолдоштордун катарынан чыкпоо.

I0) Мындай структурадагы сөз айкаштарынын биринчи түгөйү жөнөкөй сөз, экинчиси татаал этиштерден болот: Данияр алдыбызда кетип бара жаткан (Ч.А.). Ал күнү биз адаттагыдай станциядан чыгып, айылга кайтып бара жаткан элек (Ч.А.). Эки сөздүн биринде Мамырбайды оозго алышат (С.К.).

II) Атооч сөз менен жандооч, же жардамчы атооч өз ара айкашып (талааны көздөй, үйдүн үстүнө), өзүнөн кийинки сөзгө багыныңкы компонент катары келип да, татаал сөз айкаштары уюшулат: үйдүн ичиндеги стол, тоонун бетиндеги мал, капчыгайдын ичиндеги айыл. Алар Ташкент аркылуу кетишти (К.Б.). Биз кедейлерге жардам берүү үчүн келдик (К.Б.). Алар кырманды көздөй кетишти. Зубков мастерскойдогу жумушчулардын үстүнө кирди (К.Бек.).

I2) Сөз айкашынын багындыруучу түгөйүнө айрым модаль сөздөр кошулуп айтылат да, татаал сөз айкаштары уюшулат: Биздин үй эбак жатса керек. Кыргакул аны түшүндү окшойт (Ч.А.). Балким душман мында жашынган чыгар (К.Б.).

I3) Татаал сөз айкаштарынын компоненттеринин бири фразеологиялык айкаштардан болот: кара жанды карч уруп иштөө, базарга сатуучу төөдөй мактоо, бити битине батпай сүйүнүү, жанын сабап иштөө; көзгө сайса көрүнгүс караңгы, колунан көөрү төгүлгөн уста, колу ачык жигит, оозу менен орок оргон киши; ага боору ооруу, аны беттен алуу, конокту төбөгө көтөрүү, душманга тишин кайроо.

I4) Кээ бир татаал сөз айкаштарынын бир компоненти тең байланыштагы сөздөрдүн тизмегинен болот: Биздин бригаданын мүчөлөрү өндүрүмдүү, үнөмдүү, сапаттуу иштешет ("СК"). Ал ошол замат чайнек менен пияланы алып келди (М.Аб.). Жайлоодо кызыл, жашыл гүлдөр өсөт.

Жөнөкөй сүйлөмдүн синтаксиси

Сүйлөм

Пикир алышуу - турмушта ар дайым болуп тура турган зарыл нерсе. Коомдун бардык мүчөлөрүн бири-бири менен байланыштыруучу, пикир алыштыруучу курал болуп эсептелген тил катнашуунун негизги формасы катары дайыма сүйлөмдү пайдаланат.

Сүйлөм тилдик закон боюнча грамматикалык жагынан уюшулган речтин бир бүтүн бирдиги жана адамдын оюн уюштуруучу, ал жөнүндө башкаларга кабар берүүчү негизги каражат. болуп эсептелет.[1]

Сүйлөм дайыма сөздөрдүн жана сөз айкаштарынын ошол тилдин грамматикалык эрежелери жана закондору боюнча бири-бири менен өз ара байланышып келиши аркылуу уюшулат. Сүйлөм ар кандай эле сөздөрдүн кокустан болгон жыйындысынан уюшула бербейт. Сүйлөм түзүүдө, адатта, айтылуучу ойдун мазмунуна, максатына ылайыкталып, мааниси боюнча бири-бири менен айкаша ала турган сөздөр тандалып алынат да, алар өз ара грамматикалык жактан байланышып келип, натыйжада бир бүтүн сүйлөм уюшулат.

Мисалы: Алардын колхозу жылдык планды ашыра орундатты.

Бул сүйлөмдө "орундатты" деген сөз "колхозу" деген сөз менен жак, сан боюнча ээрчишип байланышкан ("колхозу-орундатты");"алардын колхозу" деген сөз айкашынын компоненттери бири-биринин илик жана таандык формада турушун талап кылып, таандык байланыш жолу менен байланышкан; "орундатты" деген сөз "планды" дегенди табыш жөндөмдө башкарган ("планды орундатты");"жылдык" деген "планды" деген сөз менен ("жылдык планды"), "ашыра" деген "орундатты" деген сөз менен ("ашыра орундатты") ыкташып байланышкан да, бүткөн бир ойду билдирген бирдиктүү сөз тизмеги, сүйлөм, уюшулган.

Сүйлөмдүн тутумундагы сөздөр жогоруда көрсөтүлгөндөй, бири-бири менен грамматикалык жактан байланышуу менен бирге, мааниси боюнча да байланышып, өз ара төмөнкүдөй синтаксистик катышка келишет: предикативдик катыш - бул ээ менен баяндоочтун ортосунда түзүлөт да, баяндооч ээ тууралуу түрдүү баяндама берет (ээнин эмне кылганын, кандайлыгын, кимдигин, эмнелигин, абалын ж.б. билдирет);

---

1. В.В.Виноградов. Введение. Грамматика русского языка, т.II., Синтаксис, ч.I,М., 1954, 65-б.

аныктоочтук катыш - аныктоочу сөз аныкталгычтын сапатын, ар түрдүү белгисин билдирет;

об"ектилик катыш - кыймыл-аракет багытталган об"ектини көрсөтөт;

бышыктоочтук катышта айкындооч кыймыл-аракеттин ар кандай белгисин туюндурат. Мисалы: Султан бийик белди тез эле ашып кетти.

Бул сүйлөмдүн тутумундагы сөздөр маани жагынан болгон байланышына карай төмөнкүдөй синтаксистик катышта келишкен:

Султан ашып кетти - предикативдик катышта, бийик белди - аныктоочтук катышта, белди ашып кетти - об"ектилик катышта, тез эле ашып кетти - бышыктоочтук катышта.

Сүйлөм дайыма турмуштагы чындык жөнүндө, башкача айтканда, турмушта болгон окуялар, иштер, табияттын ар түрдүү көрүнүштөрү, кубулуштар ж.б. жөнүндө кабар берет. Ал эми турмушта болгон окуялар, боло турган иштер мүнөзү, мазмуну боюнча өтө эле ар түрдүү, көп кырдуу болору белгилүү. Ошол себептүү ал окуялар тууралу кабар берүүчү сүйлөмдөрдүн мааниси да ар түрдүү жана өтө бай келет.

Мисалы; болгон иш тууралу жайынча баяндайт: Биз колхоздун жайкы талаа жумуштарына жардам бердик.

Адамдын ар түрдүү ички сезимин билдирет:

Бул жорукка биздин этибиз ачынат! Жаныбыз күйүп, кайратыбыз курчуйт! (Т.С.)

Кандайдыр бир иш аракетти аткарууга түрткүлөйт, буйруйт, же сүйлөөчүнүн каалаган ою, ниетин билдирет:

- Убакытты өткөрбө. Кебиңди токтот, Чаргын (Т.С.)

Мен муну тиги эжеме тиктирип келейин (Т.С.)

Кандайдыр бир иш жөнүндө башкалардан кабар алуу үчүн суроо маанисинде айтылат:

- Мектептин эйланасын тазаладыңарбы?

- Ооба. ж.б.

Тигил же бул сүйлөмдүн уюшулуш процессинде анын структуралык схемасы да тандалып алынат жана ал схема тийиштүү лексикалык материалдар менен жабдылат.

Сүйлөм кандайдыр бир ойду башкаларга билдирүү зарылчылдыгы келип чыкканда уюшулат. Адатта, андай зарылчылык бирөөлөр менен тил аркылуу байланышуу, пикир алышуу керек болгондо пайда болот. Ал эми

сүйлөмдүн структуралык схемасын тандап алуу иши айтылуучу ойдун формасы менен жана анын айрым бөлүктөрүнө жиктелүү мүнөзү менен байланыштуу болот. Ушуга карай сүйлөмдөр түзүлүшү (структурасы) жагынан ар түрдүү конструкцияда жолугат: составына карай эки тутумдуу жана бир тутумдуу сүйлөмдөр бар.

Мисалы: а) Мурат унчуккан жок (К.Б.) Ата Мекендик согуш учурунда биздин аскерлер эр жүрөктүүлүктү көрсөтүштү ("СК").
б) Сени чоң Москөөгө жиберүү керек (Т.С.)
Караңгы түн. Жымжырт. Асман капталдап чагылган ылдый сойлоду (Ч.А.).
Түзүлүшүнө (структурасына) карай жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөр кеңири кездешет:
а) Суусамырга айдаган сулу кыр жаап калды (Н.Б.).
б) Мен өйдө тура алган жокмун, оозумдан үн да чыккан жок (Ч.А.).

Сүйлөмдө турмуштагы чындык жөнүндө гана кабар берилбестен, ага карата болгон сүйлөөчүнүн мамилеси да билдирилет.
Мисалы: Ырас, Жапардын жүрөгүндө оор кайгы бар (А.Т.) Балким, ал жер мол түшүм берип калгысы бардыр (К.Б.).
Мында биринчи сүйлөмдө Жапардын азыркы учурдагы абалы жөнүндө кабар берилүү менен бирге, сүйлөөчү ал ойду бекемдеп да көрсөтүп турат. Экинчи сүйлөмдө келечекте боло турган иш тууралуу баяндоо менен бирге, сүйлөөчү ал ойго болжолдоо маанисин да берген.

Сүйлөмдүн сүйлөмдүк сапатка, сүйлөмдүк касиетке, жеткирүүчү грамматикалык белгилери бар.
Алар - предикативдүүлүк жана кабар берүүчү интонация.

дыкка карата болгон катышын билдирет. Анткени кандай гана сүйлөм болбосун ал дайыма чындыкта болгон, болуп жаткан, боло турган иштер жөнүндө кабар берет, же болбосо кандайдыр бир иш-аракеттин

аткарылышы мүмкүн, же мүмкүн эместигин, зарыл же зарыл эместигин ж.б. баяндайт.

Предикативдүүдүктүн грамматикалык жалпы мааниси чак категориясы (чындыктагы бардык окуянын аткарылышы белгилүү бир мезгил менен байланыштуу болот), жак категориясы (айтылган ой-пикир адатта үч жактын бирине тиешелүү болуп айтылат) жана модалдуулук категориялары аркылуу туюндурулат. [1]

Эки составдуу сүйлөмдөрдө предикативдүүлүк ээ менен баяндоочтун катышы аркылуу да берилет.

Ар бир сүйлөмдө чындыкта болгон көрүнүш жөнүндө кабар берилүү менен бирге, ага карата сүйлөөчүнүн мамилеси да кошо көрсөтүлөт. Модалдуулук категориясы сүйлөөчүнүн айтылган ойдун мазмунуна карата болгон мамилесин билдирет.

Башкача айтканда, сүйлөөчү сүйлөмдө кабарланган нерсени иш жүзүнө (чындыкка) ашыруу мүмкүн экендигин, же зарыл экендигин, айтылган ойдун аткарыларына ишенгендикти, же болбосо күмөндүүлүктү, кандайдыр бир окуянын болгондугу, же болору анык, же болжолдуу экендигин ж.б. баяндайт. Сүйлөмдө модалдуулук категориясы модалдык сөздөр, модалдык бөлүкчөлөр, этиштин ыңгай категориясы жана интонациянын өзгөчө бир формалары (баяндоо, суроо, буйруу, илептүү ж.б.) аркылуу берилет. Мисалы: Бул кызмат, албетте, эң жооптуу кызмат (К.Б.) (мында сүйлөөчү айтылган ойго бекемдөө маанисин берди.) Быйыл планды ашыра орундатабыз го, (болжолдоо маанисин берди). Жайлоого бүгүн жөнөп кеткей элек (тилек маанисинде). Тез жетип, Калима менен акылдашмакмын (Т.С.) (ниеттик маанисинде). Эрт чыкты. Эрт чыкты! Эрт чыкты? Бул кийинки үч жөнөкөй сүйлөмдөгү модалдык маани; окуянын болгондугун жайынча баяндоо, ал баяндамага күчтүү эмоциялык жана суроо маанисин берүүчү интонациянын жардамы аркылуу жүзөгө ашкан.

Предикативдүүлүк жана модалдуулук категориясы синтаксистик чак категориясы менен да тыгыз байланыштуу. Анткени сүйлөм чындыктагы бир көрүнүш, окуя жөнүндө кабар бергенде, анын болгон, боло турган мезгилин да кошо чагылдырат. Сүйлөмдөгү чактык маани, негизинен,

---

I. В.В.Виноградов. Аталган эмгек, 80-бет.

этиштин чак мүчөлөрү аркылуу берилет: Азыр сизди чыгышка карай кетчү кирээ менен жөнөтөбүз (Т.С.). Канымбек айтылган жерден чуңкурду казып жатат. (К.Ж.). Өмүрүбүздүн көбү кедейчиликте өткөн (К.Б.).

Бул сүйлөмдөр айтылган ойдун чындыкка карата болгон катышын, башкача айтканда, анын жакын арада болору, үстүбүздөгү учурда болуп жаткандыгы жана илгери болуп өткөндүгү аныk экендигин баяндап турат.

Синтаксистик чак маанисн этиштин ынгай категориясынын формалары аркылуу да берилет. Мисалы, буйрук, каалоо, ниет, тилек ынгайларынын маанисинен окуянын келечекте аткарыла тургандыгы билинип турат; шарттуу ынгай контекстке карай иш-аракеттин келечекте, үстүбүздөгү учурда же мурун болгондугун билдирет. Мисалы: Бүгүн түштөн кийин жөнөгүн. Эртең библиотекага барайын. Ал быйыл комсомолго өтмөк. Асан бүгүн келгей эле. (Мында сүйлөмдө айтылган ойдун келечекте аткарыларын көрсөтүп турушат.)
Жамгыр жааса, жер көгөрөт, Мен үйгө келсем, ал уктап жатыптыр.
Сабакка даярданып жатса, тоскоолдук кылба.

(Мындагы шарттуу ынгайлар келер чактык, өткөн чактык, учур чактык мааниде.) Бир сөздөн же сөз айкашынан турган сүйлөмдөрдүн мазмунунун кандайдыр бир синтаксистик чакка тиешелүүлүгү контекстен, ситуациядан (жагдай) белгилүү болот.
Мисалы: Түн...Сыдырым жел...Мончоктой тизилип, көк деңизинде сүзүп жүргөн сансыз жылдыздар, бири-бирине ым кагышып, жымыңдашат (К.Б.)
Бул үч сүйлөмдү өз ара байланыштуу алганда "Түн", "Сыдырым жел"... деген сүйлөмдөрдүн мазмуну учур чакка туура келери билинип турат.

Предикативдүүлүк категориясы менен синтаксистик жак категориясы да тыгыз байланыштуу. Анткени жак категориясы да сүйлөөчүнүн же угуучу экинчи тараптын кыймыл-аракетке карата болгон катышын көрсөтөт. Сүйлөм тилдик катнашуунун негизги формасы катарында бир эле учурда сүйлөөчүнүн оюн билдирет, экинчи жагынан, угуучу кишиге ал айтылган ойду түшүндүрүүчү каражат да болуп эсептелет. Ошол себептүү сүйлөмдүн структурасы синтаксистик жак категориясын уюштуруучу ар түрдүү ыкмаларды да өз кучагына камтыйт. Кыргыз тилинде речтин сүйлөөчүгө, угуучуга жана сөз болуп жаткан үчүнчү бирөөгө карата болгон катышын көрсөтүүчү грамматикалык жак категориясы

негизинен жак уланцылар, ат атоочтор жана этиштин башка формалары аркылуу берилет. Сүйлөмдүн айрым түрлөрүндө жактык маани өзгөчө интонациянын (талап кылуу, буйрук кылуу, өтүнүү, жемелөө ж.б.) жардамы менен да берилиши мүмкүн. Мисалы: Мен да айыл чарба кызматкеримин (К.К.). Мүмкүн, иним, сен да кызматкер болорсуң (Т.С.). Жыгылган күрөшкө тойбойт (макал). Булар - элдин талабын, тилегин орундатуучу адамдар (С.К.). Отур алдагы ордуна, жибинди ийри (Ч.А.) - Ме, Алтынай, жуунгун да, бардыгын эстен чыгар (Ч.А.).

Акыркы эки сүйлөм билдирген ойдун экинчи жакка тиешелүү экендиги буйруу интонациясы аркылуу маалым болуп турат.

Бир сөздөн же *өкүү* сөз айкашынан туруп, бир гана түшүнүк же көрүнүш жөнүндө кабар берүүчү бир составдуу сүйлөмдөр да ошол эле модалдуулук жана чак (мезгилдик) категориялары аркылуу грамматикалык жагынан уюшулуп, өзүлөрү туюндурган түшүнүктүн чындыкка карата болгон катышын билдирет. Демек, сүйлөмдүн бул түрлөрү үчүн да предикативдүүлүк мүнөздүү, ошонун негизинде гана алар сүйлөмдүк касиетке жетише алышат. Мисалы: Кыш. Тизеден кар. Аска-зоо. Көзүм алачакмактап, өзүмө өзүм ээ боло албайм (Ч.А.).

- Ал тамың бүтө элек да?
- Этеке эмес. Бүтөрүнө аз калды (Ч.А.).

Алыбек экен. - Тынч!-деп барк этти (Ч.А.).

Бир составдуу сүйлөмдөрдүн ичинде бир сөздөн же сөз айкашынан турган ырастоону же танууну, макул болууну же макул эместикти, ар кандай ички сезимди билдирүүчү сүйлөмдөр да кездешет. Алар ооба, бар, жок, албетте, сөзсүз, рахмат, баракелде деген сыяктуу сөздөрдөн, жана башка сырдык сөздөрдөн түзүлөт.

Мисалы: - Телеграмма келди дейби?
- Ооба. (Ч.А.)
- Бүгүн жатаканага түнөйсүнбү?
- Ооба. (Ч.А.).
- Машинага түшүнүз, Асел.
- Жок. Жөнөй бериниз, айыл жакын калды (Ч.А.).
- Андай болсо, чын жүрөктөн куттуктайм!
- Рахмат! (Ч.А.).
- Жак, аялым, - дедим.
- Баракелде! - Же кубанарын, же не кыларын билбей, Жантайдын көздөрү бакырайды (Ч.А.)

Мындагы кара менен терилген бир сөздөн турган сүйлөмдөр да айтылган ойго ырастоо, тануу, маанилерин берип, ички сезимди, модалдык маанини билдирип турушат. Башкача айтканда, булар да айтылган ойдун чындыкка карата болгон катышын көрсөтүп (предикативдүүлүккө жетишип), сүйлөмдүк касиетке ээ болуп турушат.

Ушинтип, сүйлөмдөгү модалдык, чактык жана жактык маанилер биригип келип, предикативдүүлүк категориясын түзүшөт. Ал эми предикативдүүлүк - сүйлөмдүн эң негизги грамматикалык белгилеринин бири.

Сүйлөмгө мүнөздүү болгон негизги белгилердин дагы бири - кабар берүүчү интонация. Адатта, синтаксистик байланыштын ар кандай түрлөрү аркылуу сүйлөмгө бириккен сөздөр жана сөз айкаштары сүйлөмдүк касиетке толук жетишүү үчүн тиешелүү интонациялык каражаттар менен да жабдылышы зарыл. Интонация аркылуу сүйлөм ичинде сөздөрдүн коммуникативдик (байланыштыруучу) мааниси аныкталат, сүйлөм маани жагынан байланыштуу бөлүкчөлөргө жиктелет жана анын ички маанилик бирдиктүүлүгү ачырылат. Интонациянын жардамы менен бир нече сөздүн тизмеги гана эмес, айрым жеке сөздөр жана сөз айкаштары да сүйлөмдүк мааниге ээ боло алат. Мисалы: Коноктор чоң столду тегеректей отурушту (Т.С.). Фрунзе шаарына да чет өлкөлөрдөн коноктор келип турат ("СК").

Бул сүйлөмдөрдө предикативдик катыштагы ээ, баяндоочу бар жана алар кабар берүүчү интонация менен да жабдылып, бүткөн бир ойду билдирип турушат. Жымжырт. Түн жана мен. Өйдө туруп эптеп бир аракет кылгым да келген жок (Ч.А.). Эртең мененки саат сегиз. Колхоздун мектеби. Мектептин ичи кенен, жарык (К.Б.).

Мындагы кара менен терилген бир сөздөн жана сөз айкаштарынан турган сүйлөмдөрдө предикативдик катыштагы мүчөлөр (ээ, баяндооч), же предикативдик функциядагы сөз (баяндоочу) жок. Бирок буларда кабар берүүчү интонация бар; ошол интонациянын жардамы менен алар сүйлөмдүк мааниге ээ болушуп, кыскача бир факт, чындыктагы көрүнүш тууралуу кабар берип турушат. Ушинтип, кабар берүүчү интонация сүйлөмдү уюштуруучу маанилүү грамматикалык каражаттардын, сүйлөмгө мүнөздүү болгон туруктуу белгилердин бири болуп эсептелет. Мына ушул белгиси менен (кабар берүүчү интонациясы менен) сүйлөм сөз айкашынан түп тамырынан бери айырмаланып турат. Интонациянын мүнөзүнө карай сүйлөмдүн ар кандай маанилик түрлөрү да (жай, суроолуу, илептүү сүйлөмдөр) аныкталат: жайынча айтылса - жай сүйлөм, суроо-

луу интонация менен айтылса - суроолуу сүйлөм, күчтүү интонация менен айтылса - илептүү сүйлөм болот. Мисалы: Жапар газетаны колуна алды (К.Е.). Силер балдарды окутууга каршысыңарбы? (Ч.А.). Бах! Ачкыл болсо ушундай болсун! (К.Е.)

Өзгөчө өзүлүш жагынан жай сүйлөмдөн айырмаланбаган суроолуу, илептүү сүйлөмдөрдүн кайсы мааниде айтылып жаткандыгы жалаң гана интонациянын жардамы аркылуу белгилүү болот:

Жаан жаап атат. Жаан жаап атат? Жаан жаап атат!

Жыйынтыктап айтканда, бардык сүйлөмдөр үчүн мүнөздүү болгон негизги грамматикалык белгилер предикативдүүлүк (бул модалдуулук, чак, жак категориялары аркылуу берилет) жана кабар берүүчү интонация болуп эсептелет.

СҮЙЛӨМДҮН КЛАССИФИКАЦИЯСЫ

Кыргыз тилинде сүйлөмдүн ар кандай түрлөрү колдонулат. Алар айтылуу максатына жана түзүлүш өзгөчөлүктөрүнө (структурасына) карай бир нече топко бөлүнөт:

I. Сүйлөмдөр айтылыш максатына карай жай, суроолуу, буйрук сүйлөмдөр болуп, ар түрдүү ички сезимди билдиришине (эмоционалдык маанисине) карай илептүү сүйлөм болуп бөлүнөт.

2. Предикативдик бирдиктин саны боюнча (башкача айтканда, сүйлөмдүн бир же бир нече жөнөкөй сүйлөмдөн уюшулгандыгына карай) жөнөкөй сүйлөм жана татаал сүйлөм болуп эки топко бөлүнөт.

3. Жөнөкөй сүйлөмдөр сүйлөмдү уюштуруучу борбор болуп эсептелген баш мүчөлөрдүн (ээ, баяндоочунун) биреөнүн же экөөнүн тең бар экендигине карай эки составдуу жана бир составдуу сүйлөмдөргө бөлүнөт.

4. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү менен байланышкан айкындооч мүчөлөрүнүн бар экендигине же жок экендигине негизделип, жалаң жана жайылма сүйлөмгө ажыратылат.

5. Сүйлөм үчүн зарыл керектүү болгон мүчөлөрүнүн толук катышпы, же контекстке, ар түрдүү жагдайга карай айрым сөздөрдүн (сүйлөм мүчөсүнүн) айтылбай, кемип берилишине карай толук сүйлөм жана кемтик сүйлөм деп да бөлүнөт.

СҮЙЛӨМДҮН АЙТЫЛУУ МАКСАТЫНА КАРАЙ БӨЛҮНҮШҮ

Тилдик пикир алышуу процессинде сүйлөөчү өз алдына ар түрдүү максатты коюшу мүмкүн: же ал турмушта болгон кандайдыр бир окуя жөнүндө жайынча баяндайт, же угуучуга тиешелүү суроо берип, өзү билбеген, ачык эмес маселелер боюнча жооп алгысы келет, же болбосо өзүнүн буйрук - өтүнүчүн, ар түрдүү эмоциалдуу ички сезимин баяндайт. Ушундан улам бардык сүйлөмдөр айтылуу максатына карай жай сүйлөм, суроодуу сүйлөм, буйрук сүйлөм жана илептүү сүйлөм болуп төрт топко бөлүнөт.

Жай сүйлөм

Турмушта болгон ар түрдүү иштер, көрүнүштөр, окуялар, кубулуштар ж.б. жөнүндө кабарлоо иретинде айтылган сүйлөмдөр жай сүйлөм деп аталат.

Жай сүйлөмдөр үчүн өзгөчө баяндоо интонациясы мүнөздүү: сүйлөмдүн маанилүү бир нерсе тууралуу кабар берген мүчөсү көтөрүңкү үн (тон) менен айтылат да, сүйлөмдүн аяк чегинде үн акырындык менен басаңдайт. Жай сүйлөмдүн аягына дайыма чекит коюлат.

Жай сүйлөмдөр өзүнүн маанилик өзгөчөлүктөрүнө ылайык тилибизде өтө кеңири колдонулат.

Айтылуучу ойдун мазмунуна карай жай сүйлөмдүн структуралык түзүлүшү да ар түрдүү болот. Ал тилибизде эки составдуу жана бир составдуу, жалаң жана жайылма, жөнөкөй жана татаал сүйлөм түрүндө кеңири кездешет.

Мисалы: Басмачылар Ноокатты кездей бет алышты (Т.Кас.). Жумуштун

камын көрүш керек (Ч.А.). Июнь айы. Даректар да, талаа да жашыл (Ж.Мав.). – Болуптур. Чоңдор менен сүйлөшүп көрөйүн (Ч.А.). Жапар кубанды (К.Б.). Ал Жамиланын келишимдүү келбетинен көзүн албады (Ч.А). Тамак желди, дасторкон жыйналды, колдор жуулду (К.Б.). Уулумдун акыры бир күнү көп катары аскерге кетерин билип эле жүргөм, ошентсе да бул кабарды укканда муундарым бошой түштү (Ч.А.).

Жай сүйлөмдүн түюндурган мааниси да өтө бай жана ар түркүн. Мисалы; алар: I) Бир нерсенин кыймыл-аракетин, абалын баяндайт, бул учурда баяндоочу баяндагыч ынгайда (келер чак, учур чак, өткөн чакта) айтылат; же абалды билдирүүчү сөздөрдөн болот: Төмөнкү белесте беш-алты киши көр казып жатат (К.Ж.). Электр станциясына суу агызчу өстөн казабыз (Т.С.). Ал кадимки акын өңдүү төгүп чертти (Н.Б.). Ажар көзүнүн жашын мөндүрдөй төгүп отурат (К.Б.). Мемиреп табияттын бардык көрүнүшү тынчтыкта (К.Ж.).

2) Сүйлөмдө кабар берилген нерсенин сыпаттык, сандык белгисин көрсөтөт: Чүйдүн талаасы сапсары алтындай... (А.Т.). Аскерге жөнөп жаткандар толкундуу, кызуу (Т.С.). Аба ысык, күн ачык (К.Ж.). Биздин колхоздун саны он миң.

3) Каалоо, тилек, ниет, шарт жана болжолдоо, күмөндүүлүк, же аныктоо ж.б. маанилерин да берет: Эртең Токтогул ГЭСинин куруучуларына барайын. Колхозубуз быйыл да планын ашыра орундаткай эле. Мен эртең шайлоо участкасына бармакчымын. Жылдык планды ашыра орундатсаң, Москвага айыл чарба көргөзмөсүнө барасың. Ал бүгүн үйүндө болуу керек (А.Т.). Балким, үйдө орун да жоктур (Т.С.). Мырзакул аны түшүндү окшойт (Ч.А.). Эгер мындан куласа, сөзсүз өлөт (Н.Б.).

Кыргыз тилиндеги жай сүйлөмдөрдүн дагы бир мүнөздүү белгиси:алардын тутумундагы сөздөр тилибизде көндүм болуп калыпташып калган түз орун тартиби боюнча жайгашат.

Мисалы: Албетте, Дүйшөн өзү да менин бул абалымды жакшы билип жатты (Ч.А.).

Мында сүйлөм ичиндеги сөздөр түз орун тартибинде жайланышкан: ээси баяндоочтон мурда, айкындоочтору аныкталып турган сөздөрдөн мурун, толуктоочу аны башкарган этиштик баяндоочтон мурда орун алган. Бирок айрым учурларда стилдин талабына ылайык, ырларда болсо уйкаштыкты сактоо максатында жай сүйлөмдөгү сөздөр мурунтадан көндүм болуп калган түз багыттагы ордун өзгөртүп, башкараак тартипте орун алышы да мүмкүн. Бирок мындай жай сүйлөмгө мүнөздүү болгон анын баяндоо мазмуну жана бир калыптагы баяндоо интонациясы өзгөрүлүп кетпейт, тек гана орду алмашылган сөздөрдүн бири логикалык басым менен айтылат.

Мисалы: Эмки энем урат мени (К.Б.). Ушул Айдиштин сөзү өтүп кетти ырас эле алдынан тосуп чыкчы канкордун (Т.С.). Аңгыча эт көтөргөн элүү мерген шоп этип чыга калды аркы белден (А.Т.).

Суроолуу сүйлөм

Сүйлөөчүнү кызыктырган ар түрдүү нерселер жөнүндө угуучунун ой-пикирин билүү максатында айтылган суроо маанисиндеги сүйлөм суроолуу сүйлөм деп аталат.

Суроолуу сүйлөмдөр өзгөчө интонацияга ээ. Адатта сүйлөм тутумундагы башка сөздөргө караганда суроо маанисиндеги сөз көтөрүңкү үн (тон) менен айтылат: Каапырындын минтерин ким

билиптир ? ("Ала тоо"). Бектурган турмушта барбы, бар болсо ал кайда олтурат? (А.Т.) Сен аны билесиңби? (А.Т.) Ошондой эле сүйлөм ичиндеги логикалык басым түшкөн сөз да көтөрүнкү үн менен айтылат: Чогулушка малчылар да катыштыбы? Бул жерден булак чыгабы?

Суроолуу сүйлөмдөрдүн аягына дайыма суроо белгиси коюлат.

Суроолуу сүйлөмдөрдү уюштуруучу негизги лексико-грамматикалык каражаттарга төмөнкүлөр кирет:

I) Суроолуу сүйлөмдөр көбүнчө сурама ат атоочтордун жардамы менен уюшулат. Ким, эмне деген сурама ат атоочтор аркылуу уюшулган суроолуу сүйлөмдөр кандайдыр бир заттын, ар түрдүү абалдын аталышын тактоо максатында айтылат.

Мисалы: - А жогорку командирди ким шайлайт? (Ч.А.) - Анатайдын эмнеси кем экен? (Ч.А.) Алыстан бүлбүлдөп көрүнгөн эмне? А сен өзүң кимден үйрөндүң? (К.Б.) Салый, сенин колуң эмне болгон?

Кандайдыр бир нерсенин ар кандай белгиси жөнүндө сурамжыланган сүйлөмдөр көбүнчө кандай, кайсы, канча, канчанчы, неченчи деген ат атоочтордун катышуусу менен уюшулат:

Атаке, апамды кайсы жерге көмдүңөр? (М.Э.) Айыл чарба ишине канча киши жөнөтүлдү? Силердин квартираңар неченчи этажда?

Айтуучу үчүн белгисиз болгон ар түрдүү кырдаал (мезгил, орун максат, себеп, сыпат) тууралу сурап билүүчү сүйлөмдөр качан, кайда, кайдан, кантип, эмнеге, эмне үчүн, кандай деген сурама ат атоочтордун жардамы менен түзүлөт:

Анын атасы кайда иштейт? (Ч.А.) Ушунчалык ишти кантип бүтүрдүңөр? Башта эмне үчүн ойлободу?(Ч.А.) Султан кандай иштеп жүрөт? Ормуштар качан көчүп келишкен?

Суроолуу сүйлөмдүн баш жагына эмне ат атоочу кошулуп айтылса, сүйлөмдүн суроолуу маанисин күчөтүп, ага бир кекетүү маанисин да кошумчалап турат:

Эмне, башкалар жетөлүп жатканда, ал жетөлсө болбойт бекен? (Ч.А.) Эмне, Макишти бийлей албайт дейсиңерби? (Т.С.) Эмне, мени коркот дейсиңби? (Ч.А.)

2) Суроолуу сүйлөмдөрдү уюштурууда суроо уландысы – бы активдүү катышат: Пристанга жөнөп жатасыңарбы? (К.Б.) Силер балдарды окутуугa каршысыңарбы? (Ч.А.) – Таякем келдиби? (Т.С.)

3) Айрым учурда суроолуу сүйлөмдөн кийин сурама ыя бөлүкчөсү келип, анын суроолуу маанисин дагы да тактап, күчөтүп көрсөтөт:
Бул бөлүкчө көбүнчө сүйлөмдүн башында келип, анын ички маанисине карай кекээрлеп – суроо маанисин берет:
– Ар биринe үч жуптан даярдап берсем жетпейби ыя? (Ч.А.) – Бу эмне деген кеп ыя? (Т.С.) – Андайлар сенин шакиртиң болбойбу ыя? (А.Т.) – Ыя, сен кайсы элчи элең? – Ыя, кайсы Ыманбайсың? (Т.С.)

4) Сурама ээ бөлүкчөсүнүн катышуусу менен да суроолуу сүйлөм уюшулат: Кызык, ушундай да адам болот экен ээ? ("Ала тоо"). – Тайдын этинен да артык экен ээ? (Ч.А.) – Эркинбек, сен былтыр кош айдагансың ээ? (Ч.А.)

5) Көбүнчө күмөндүү го бөлүкчөсүнүн, өтүнүү, сурануу маанисиндеги – чы мүчөсүнүн жардамы менен да суроолуу сүйлөм уюшулат. Андай сүйлөмдөр суроо мааниси менен бирге болжолдоо, өтүнүү маанисин да кошо камтыйт. Мындай түзүлүштөгү сүйлөмдөрдүн суроолуу мааниге жетишүүсүндө суроо интонациясы өзгөчө мааниге ээ.

Мисалы: – Чамасы, небереси болосуң го? (Т.С.) – Ушул кубанычыңа караганда, Касейиниңден кат келген го сага? (Т.С.) Көзүңөр курчуңар жакшылап байкагылачы? (Т.С.)

6) Бейм (бы+де+й+м), беле (бы+эле), бекен (бы+экен) жардамчы сөздөрү да баяндоочтун составында айтылып, суроолуу сүйлөм уюштурат, ал дайыма суроо интонациясынын коштоосу менен айтылат:

Сиз байкабай каласыз бейм? (К.Б.) Күлкүгө көтөрүлө түштү бейм? (Т.С.) – Агай, сиз самолёттон секирдиңиз беле? (Ч.А.) Сен киного барат белең? Карааныңды бир көрөр күн болор бекен? – деп, желден сурайт (Т.С.) Ал Жалал-Абад курортуна барат бекен?

7) Айрым учурда "чыгар" модаль сөзү баяндоочтун тутумунда айтылып, суроолуу сүйлөм уюшулат, суроо интонациясы менен айтылат:

Атаң экөөңдүн мага көрсөткөн кордугуңар эсиңде чыгар? (К.Ж.) Ал жөнүндө массалык – саясий иштер жүргүзүлүп жаткан чыгар? (Н.Б.)

Бирок составында суроо маанисин берүүчү жогоркудай грамматикалык жана лексикалык каражаттары бар сүйлөмдөрдүн баары эле суроолуу сүйлөм боло бербейт. Ошондуктан андай структурадагы сүйлөмдөрдүн маанисине этияттык менен көңүл буруу керек. Эгерде андай сүйлөмдөр экинчи бирөөдөн жооп алуу максатында суроо маанисинде жана суроолуу интонация менен айтылбай, бир нерсе тууралуу жайынча гана баяндама берип турса, жай сүйлөм болуп калат.

Мисалы: Аны артынан кубаламак беле. Анда балдар ого бетер күлбөйбү (Ч.А.). Жем-чөп тартыш экени белгилүү го, бирок аттар мындай абалга жетет деп ким ойлоптур (Ч.А.).Карачы, бир айылдан эле канча киши фронтто апат болду (Ч.А.),Омор кечээ эле келген чыгар.

А кагылайындар, силер да жөнөгөн экенсиңер го (Т.С.). Зарылжан, бүгүн үйүңө барбай эле койчу (Т.С.).

Кээде ушундай эле түзүлүштөгү сүйлөмдөр суроо маанисинде айтылбай, эмоционалдуу ички сезимди билдирип, илептүү сүйлөм катары колдонулат: Ай, уялчак киши курусун, андан көрө ырдабай эле койбойбу! (Ч.А.) – Ой, кантип ушундай болсун! (К.Осм.). Мен сенден эч сырымды жашырбайм го! (Н.Б.)

8) Суроолуу сүйлөмдү уюштуруучу негизги каражаттардын бири суроо интонациясы болуп эсептелет. Мындай интонациянын жардамы менен кээде жай сүйлөмдү да суроолуу сүйлөмгө айландырууга болот. Мисалы: Пионерлер келатышат, деген жай сүйлөмдүн экинчи сөзүн көтөрүңкү үн (тон) менен, суроо интонациясы менен айтсак, ал суроолуу сүйлөмгө өтүп, пионерлердин келаткандыгын тактоо максатында сурайт: Пионерлер келатышат?

Составында суроо маанисин берүүчү тилдик каражаттары жок сүйлөмдөр суроо интонациясы аркылуу гана суроолуу сүйлөмдүк касиетке ээ тише алышат. Андай суроолуу сүйлөмдөр көбүнчө диалогдордо колдонулат, түзүлүшү жагынан кемтик сүйлөм болот. Мындай структурадагы суроолуу сүйлөмдөр көбүнчө өзүнөн мурунку сүйлөмдө айтылган ойдун айрым бир учурларын тактоо иретинде колдонулат.

Мисалы: Суусамырга кыштамак болушту,– деди Күлжан.

– Суусамырга? Койсоңуз, тамаша кылып, жатасыз го, – деп, Бүбүш ишенген жок (Н.Б.).

– Эгер ага түшүнбөсөң, мактанчааксың.

– Мактанчаак? Тапкан экенсиң (Н.Б.).

Татаал сүйлөмдөрдө суроо мааниси, ал сүйлөмдүн түзүлүш өзгөчөлүгүнө карай, бүткүл сүйлөмдү, же составындагы бир сүйлөмдү, же

болбосо составындагы ар бир жөнөкөй сүйлөмдү камтыйт. Бирок бардык учурда тең суроо белгиси татаал сүйлөмдүн аягына гана коюлат: Силердин окуучулар экскурсияга чыгышып, ботаника кабинети үчүн гербарийлер чогултуштубу? (Суроо мааниси бүткүл татаал сүйлөмдү камтыды.) Ойлосоң энелердики да туура, бирок башка арга кайсы? (Ч.А.) (Суроо мааниси аякты сүйлөмдү гана камтыды.) Атаң кайда, кайда иштейт ал? (Т.С.) (Суроо мааниси эки жөнөкөй сүйлөмдү тең камтып турат.)

Суроолуу сүйлөмдөрдө коюлуучу суроолордун мазмуну ар түрдүү болот.

I) Ачык маанилүү суроо. Мындай маанидеги сүйлөмдөр берилген суроого угуучунун сөзсүз жооп беришин, айтуучу тарабынан коюлган суроонун чындыгын ырастап, же төгүнгө чыгарып, ал жөнүндө өз пикирин билдирүүнү талап кылат. Берилген суроого дайыма жай сүйлөмдөн енен жооп берилет. Ачык суроолуу сүйлөмдөр тилибизде кеңири колдонулат. Мисалы: а) - И, адам, Чүйдүн колхоздору кандай экен? - Чүй сонун, апа (Т.С.).

б) - Тигил картаң эмнеге ыйлайт?

Бир аз мукактана калып Зарыл:

- Турумбектин энеси Камка ушул киши эмеспи,- деди акырын (Т.С.).

в) - Сабагыңды бышыктадыңбы? - деди апасы.

- Бышырдым (Т.С.).

Кээде берилген суроого "ооба", "жок" деген сөздөр аркылуу жооп берилип, суралган ой-пикирдин тууралыгы ырасталат, же жокко чыгарылат: а)-Кечээ фермага бардыңызбы?

-Ооба. (Ч.А.)

б) - Чет өлкөдөн келген жазуучуларды көрдүңбү?

- Жок.

Көэде суроолуу сүйлөмгө жай сүйлөм аркылуу ачык, толук жооп берилбей, суроого суроо түрүндө жооп берилип, каршы суроо коюлат:

– Анда эмне кубалап өтөсүң?

– А сен эмне озо чаап кетесиң? (Ч.А.).

– Кантип келди ал бечара?

– Качып-бозуп да келбейт бекен? (Т.С.)

Чаргын таптакыр ойдо жок суроону берди:

– Жеңе, саан уйга минип алгансызбы?

– Саан уйга минбегенде кантебиз?! – баягысынан бетер безенди Какылдак (Т.С.).

Минтип суроо түрүндө берилген жооп көэде өзүнүн алдындагы суроолуу сүйлөмдүн мазмунун тактоо максатында да колдонулат:

а) – Эмесе Турумбектикин билесиңби?

– Билем...Кайсы Турумбек?

– Камканын баласычы?

– Ооба...үйү тетиги жакта (Т.С.).

б) – Өзү барбы?

– Ким, Турумбекпи?

– Ооба, Турумбек.

– Жок, – деди бала эмнегедир жер карап. – Ал өлүп калган. (Т.С.

Айрым учурларда эки-үч суроолуу сүйлөм катар айтылып да калат. Анда кийинки сүйлөм мурунку сүйлөмдүн мазмунун конкреттештирип, тактап турат. Мисалы: – Кайсы Мырзагүл? Силердин классыңардагы кызбы? (Ч.А.)

– Эмне болду, эжеке? Колуңду сайып алдыңбы? (Т.С.)

– Миң эле сом акча бар беле? Бул эмнеге жарайт? (Т.С.)

– Кимдин баласы болом дедиң? Алиги Момун чалдын баласы болуп жүрбө? (Ч.А.)

Минтип катар айтылган бир нече суроолуу сүйлөм, жогоруда көрсөтүлгөндөй, бири-биринин маанисин тактабай, ар бири ар башка маселе тууралуу сураган сүйлөмдөр да болушу мүмкүн:

- Э, Макиш, Сергейди да узатып жатасыңарбы? Атаң барбы?
- Ооба, Акман аке, Серёжаны да узатып жатабыз, - деди (Т.С.).
- Бол, Зуура, жол азыгы кам беле? Көйнөк-кечеси жуулганбы? (Т.С.)
- О, Зуура, кайниң кана? Эмне кылып жатасың? - деп, үстү-үстүнө сурай келди (Т.С.).
- Шамбет, Элебестер кана? Силерден жөнөп жаткандар кимдер? (Т.С.)

2) Бардык эле суроолуу сүйлөмдөр тиешелүү жооптун берилишин талап кыла бербейт. Кээде алар ачык суроо маанисин эмес, бир нерсе тууралуу жайынча гана болжолдоп ой жүргүзүү, жайынча баяндоо маанисин берип калат. Мындай маанидеги суроолуу сүйлөмдөр көркөм адабий чыгармаларда эмоционалдуу речтин стилистикалык каражаты катары колдонулат. Мисалы: Бирок Мыскалдын барамын деп жазган соңку катына жооп болгон жок. Эмне үчүн жооп жазбады? Же катым Турумбекке жеткен жокпу? (Т.С.) - Кандай күн башка түштү? Жалгыз кызымдын көрөр күнү эмине? О-о, мүшкүл!-десе, эненин көкүрөгүнөн көк түтүн бур эткендей (Т.С.). Бул эмнеси? Же мени бирөө аскерге да жарабайт деп ушактадыбы? Же доктурдан жарабай калдымбы? деген ою канын кызытып, ызасын ашынтты (Т.С.). Эми ошол жигиттер кайда жүрөт болду экен? Ат ойнотуп чаап жүрүшөбү? Же окопто тоңуп жатышабы? (Ч.А.) Эч качан балык болуп кубула албасыңды билдиң бекен? Ысык-Көлгө сүзүп жете албасыңды билдиң бекен? (Ч.А.)

3) Риторикалык суроо (грекче: rhetor - оратор; мындай маанидеги сүйлөмдөр угуучунун көңүлүн өзүнө буруу, алардын жактыруусуна, колдоосуна жетишүү максатында көбүнчө ораторлук речте колдонулат). Мындай сүйлөмдөр суроо түрүндө айтылганы менен, аларда суроо

маанисине караганда бир нерсени ырастоо же жокко чыгаруу мааниси басымдуулук кылат. Ошол себептүү андай суроолуу сүйлөмдөр угуучудан атайылап жооп берүүнү талап кылбайт: Анын согуштагы эрдигин ким билбейт? ="Анын согуштагы эрдигин баары билет" деген мааниде. Жаңылыктар кимди кызыктырбайт? = "Жаңылыктар ар кимди кызыктырат" деген мааниде.

Мисалы: - Койчу, өлүмгө кетип жатты беле? (Т.С.) - Экөө тең эле кымызды сагынышты го? Аскерде аларга кымыз бермек беле? (Т.С.) Мен да адамча жашашым керек го? Ал укукту менден ким алып коюптур? (К.Жапаров) Коштун атын союуга кимдин колу барат? (Ч.А.) Айлам канч? Тагдыр менен ажалга каяша айталамбы? (Т.С.) Кардуу боорду капталдата ким ат чабат? Андай жер сыйрылтма болорун эмнеге ойлошоду? (Ч.А.)

Риторикалык суроолуу сүйлөмдөр да көбүнчө көркөм адабий чыгармаларда, оозеки речте стилистикалык каражат катары колдонулуп, речке эмоционалдуу түс берет.

Суроолуу сүйлөмдөр өзүнүн лексикалык составына ылайык кээде суроо мааниси менен бирге ар түрдүү эмоционалдык, модалдык мүнөздөгү кошумча маанилерди да(таң калуу, ишенбөөчүлүк, болжолдоо, кубануу ж.б.) билдирет: - Апий, маскара!... Кантип чыдады экен, чиркин?! (Т.С.)

- Карасаң,эй, Султанмурат го тиги? (Ч.А.)
- Капыр ай, баласаак белемсиң? (Т.С.)
- Балким, Каракөздү уккан чыгарсың? (К.Ж.)

Буйрук сүйлөм

Сүйлөмдүн бул түрү угуучуга кандайдыр бир ишти аткарууну буйруйт, өтүнөт.

Буйрук сүйлөм айтуучунун ар түрдүү ички эркин (буйруу, талап кылуу, өтүнүү, чакырык ж.б.) билдирет. Сүйлөмдө көбүнчө ээ катышпайт, көпчүлүк учурда каратма сөз кошулуп айтылып, аракет, буйрук кимге багытталгандыгын көрсөтүп турат. Буйрук сүйлөмдөр түзүлүшү жагынан кыска келип (көбүнчө бир-эки гана сөздөн болот), ойду так, жыйынтыктуу, көркөм туюндурат.

Буйрук сүйлөмдөр өзгөчө буйруу интонациясы менен айтылат: Эгерде сүйлөм буйрук берүү, чечкиндүү талап кылуу маанисинде колдонулса, бийик үн (тон) менен айтылат: Жогол, түбөлүккө карааның өчсүн! жогол! (Ч.А.)

Эгерде өтүнүү, кеңеш берүү маанисинде колдонулса, сүйлөм пасыраак үн (тон) менен айтылат: - Андан көрө саман апкелип, от жакчы (Ч.А.) Силер саат экиге келгиле.

Буйрук сүйлөмдөр негизинен төмөнкүдөй жолдор менен уюшулат:

I) а) Буйрук сүйлөмдүн баяндоочу адатта 2-жак, жекелик одоно түрүндөгү буйрук ыңгайдан болот. Мындай этиштер көбүнчө үңгү түрүндө, же =гын формасында колдонулат да, сүйлөмгө буйруу, талап кылуу маанисин берет:

Адамдын акысын жер кайтарат. Колхоздун жумушуна чык. Огородуңду таштаба. Балага сак бол. Жаңылыктарды үзбөй жаз (Т.С.). - Нургазы, таякең келген тура. Бар, эшик ач (Ч.А.).

б) Эгерде сүйлөмдүн баяндоочу буйрук ыңгайдын =гын формасында айтылса, анда буйруу жогоркудай кескин түрдө эмес, жумшагыраак формада айтылат: Ырым болсун, баланын киндигин сен кескин, кагылайын (Т.С.). Кек чөөгүнгө суу алып келгин (Т.С.). - Ой, Зуура, сен да камынгын (Т.С.).

в) Буйрук сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин =гыла формасындагы 2-жак, көптүк одоно түрүндөгү буйрук ыңгай аткарганда, буйруу маанисси жумшак формада берилет: Эл барыпатат, силер да ошерде болгула (Ч.А.). – Келгиле, Кыздар. Ниетиңер ак экен, чайга олтургула (Т.С.). Четинен кармап ала бергиле (Ч.А.). Силер эми өз сапарыңарды билгиле. Найза сунуп жоо качырышты билгиле (Т.С.).

Айрым убактарда мындай түзүлүштөгү сүйлөмдөрдө буйруу кескин түрдө да айтылат. Мындай учурда баяндооч сүйлөм башында келип, көтөрүнкү үн (тон) менен айтылат: – Токтоткула чуунарды! (Ч.А.)

– Чык эшикке, айбан. Күнүң бүттү сенин (Ч.А.).

2) Эгер буйрук сүйлөмдүн баяндоочу 2-жак, жекелик, же көптүк сылык түрүндөгү буйрук ыңгайдан болсо, буйруу сылык формада айтылат:

– Ме, энеке, эми карындын оозун өзүңүз бузуңуз (Т.С.). Алыстан келген конок экенсиз, кезегимди алыңыз (Т.С.). – О, Текем тура. Алып келиниз чаначыңызды (Т.С.). – Ооба, акелер, эми сагынышабыз. Тез көрүшөбүз десеңиздер, мыкты иштениздер. Күчкө күч кошуңуздар (Т.С.).

2) Буйрук сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин = сын формасындагы 3-жак, жекелик, көптүк түрдөгү буйрук ыңгай аткарат; үчүнчүжакка буйруу, каалоо маанисин берет: Тизмеден аты окулбаган жолдоштор колхоз-колхоздоруна кайта беришсин (Т.С.).

– Эч кимге оозунан чыкпасын (Ч.А.). Бирок бу киши буерден кетсин, экинчи жолобосун (Ч.А.). Эч кандай шылтоо болбосун (Ч.А.).

– Мейли, жандары аман болушсун (Т.С.).

Бул сүйлөм көбүнчө каалоо маанисин туюндуруп турат.

Кээде мындай структурадагы сүйлөмдөр, өзүнүн лексикалык составына ылайык, буйруу маанисинде эмес, жөн гана ырастоо, тактоо маанисинде колдонулуп калат:

Элди, жерди ким сагынбасын (Т.С.).("Элди, жерди ким сагынбайт,... ар ким сагынат" деген мааниде.)

- Ээй, техник мырзалар! Өйдөлөп баратасынар. Кийин өстөнүбүздөн суу чыкпай коюп жүрбөсүн (Т.С.).(болжолдоо, бүшүркөнүү маанисинде).

Айрым убакта мындай түзүлүштөгү буйрук сүйлөм үчүнчү жакка бир ишти аткарууну буйруу экинчи жак аркылуу (ортончу аркылуу) болорун билдирет: Асан бүгүн келбесин. (Мында Асанга келбегин деп экинчи бирөө айтуу керек.) Сергей биздин үйдөн даам татып чыксын (Т.С.).

3) Сүйлөмдүн бул түрүнүн баяндоочу -алы формасындагы I-жак, көптүк түрүндөгү каалоо ынгайдан да болот да, кандайдыр бир ишти биргелешип иштөөгө түрткүлөө, козгоо маанисин берет:

- Кана эмесе, балдар, сабагыбызды уланталы (Ч.А.).Жүргүлө биздикине, абышка-кемпирдин колунан чогуу даам жейлик (Т.С.). - О, жүрг! Балдарды токтото бербейлик, жөнөтөлүк (Т.С.).

4) Баяндоочу - алы, - гыла, - сын формасындагы буйрук ынгайдан болгон сүйлөмдөр чыкырык маанисинде да колдонулат: Советтер Союзунун эмгекчилери! ХХУП партиялык с"езд белгилеген пландарды турмушка ашыралы! Советтик эмгекчилер! Он экинчи беш жылдыкты ийгиликтүү орундатуу үчүн мелдешти кеңири жайылткыла! Билим, ынаным, аракет кайра куруу ишине кызмат кылсын!

5) Буйрук сүйлөмдүн баяндоочу аягына сурануу, өтүнүү маанисиндеги

=чы мүчөсү жалганган 2-жактагы шарттуу ыңгайдан болот (кээде - Чы мүчөсү уланбай да айтыла берет); семантикасы боюнча буйруу-өтүнүү маанисин билдирет: Ошону айтканча, сабагыңды жаттасаңчы (Ч.А.). - Ой, Метрей чоң сакал, бассаңчы тез (Т.С.). Кезекти сармерденге берип, тамашага өтсөңөрчү (Т.С.).

- Ой, Шаке, менин кымызымдан да ичсең (Т.С.).

- Чогулушка сен да келсең.

2 Буйрук сүйлөмдөргө баяндооч болуп келген буйрук жана каалоо ыңгайлардан кийин айрым убактарда өтүнүү, сурануу маанисиндеги =чы мүчөсү да жалганып айтылат. Мындай учурда сүйлөмдүн буйрук мааниси жумшарып, кошумча өтүнүү маанисин да берет.

Мисалы: Ата, башыңды көтөрчү (Ч.А.). Тынч отуруп, эл катары чайыңызды ичиңизчи (Ч.А.). Бүгүнкү кеңешмеге силер да катышкылачы. Быйыл фольклордук экспедицияга эрте чыгалычы. - Келиндер отун-сууга кол кабыш кылышсынчы (Т.С.)

Буйрук сүйлөмдөр өзүнүн мааниси боюнча айтуучунун ар кандай ички эркин: буйруу, талап кылуу, өтүнүүнү ж.б. билдиргендиктен, кээде максатка ылайык жогорку эмоционалдык сезим менен айтылганда, алар оңой эле илептүү сүйлөмгө өтүп кетишет:

- Бол, Зукеш! Жарым мүнөткө жетпей бардыгы даяр болсун! (Т.С.) Аскер иши так болот. Кечиктирбейлик! (Т.С.) - Былк этпегиле! Колуңарды көтөргүлө! (Т.С.) - Сен ушул биздин тоо үчүн, биздин көл, биздин жер үчүн күрөш! (Т.С.)

Илептүү сүйлөм

Сүйлөмдөр ар түрдүү ички сезимди билдиришине (эмоционалдык маани-

сине) карай илептүү сүйлөм деп дп бөлүнөт.

Адамдын ар түрдүү эмоционалдык ички сезимин билдирүүчү сүйлөм илептүү сүйлөм деп аталат.

Илептүү сүйлөмдөрдү уюштуруучу атайын грамматикалык-лексикалык каражаттар бар.

I) Алардын ичинен эң негизгиси ар түрдүү ички сезимди билдирүүчү илептүү интонация болуп эсептелет.

Илептүү сүйлөм, адатта, бийик үн (тон) менен айтылат, өзгөчө анын тутумундагы ички сезимди билдирип турган сөз айрыкча көтөрүңкү үн менен айтылат; сүйлөм аягында үндүн (тондун) басаңдашы, жай сүйлөмдөгүдөй, акырындык менен болбостон, чукул, тез басаңдайт. Илептүү сүйлөмдөр туюндурган эмоционалдык маанинин, ички сезимдин ар түрдүүлүгүнө карай андай сүйлөмдөр менен бирге айтылуучу илептүү интонациянын түрү, мазмуну да өтө бай, ар түрдүү болот (кубануу, коркуу, таңдануу, каардануу, кейүү, ызалануу, иренжүү ж.б. сыяктуу түрдүү ички сезимди билдирет).

Жазууда илептүү сүйлөмдөрдүн аягына дайыма илеп белгиси коюлат.

Мисалы: – Бали! Макишим мына ушундай Макиш! (Т.С.) – Ана турмуш, ана жашоо! (Ч.А.) – Финляндия согушунда да болдуң беле? Мына азамат! Жок дегенде алыстан болсо да бир көрбөй кетет деген эмне шумдук! (Ч.А.)

Эгерде күчтүү эмоция ,илептүү интонация менен айтылса, жай, суроолуу, буйрук сүйлөмдөр да илептүү сүйлөмгө өтүп кетиши мүмкүн.

Мисалы, жай сүйлөмдүн илептүү сүйлөмгө өтүшү:

Биз өкмөт менен партия алдында берген убадабызды аткарабыз! (Т.С.) Эрдик өлбейт! Эрдик качан да болсо бааланат! (Т.С.)

Буйрук сүйлөмдүн өтүшү: Сен менин жылдызымды түшүрбө! (Т.С.) Ала-Тоо өрүшүнө шек келтирбегин! (Т.С.)

Суроолуу сүйлөмдүн өтүшү: – Кагылайын Зарылдын айтканынан да балбан сөз барбы?! (Т.С.) – Кагылайын журт! Мен силерден ушундай суук кабар укмак белем?! (Т.С.)

2) Илептүү сүйлөмдөр эмоционалдуу-күчөтүү маанисинде колдонулуучу кандай, канчалык, ушунчалык, эмне деген ж.б. сыяктуу сөздөрдүн катышуусу менен да уюшулат:

Бүгүн дүйнө жүзү кандай аппак, кандай таза! (Т.С.) Баланын кылы кандай кызык! (А.Т.) Кандай укмуш ээ! Бийиктиги канчалык! (Ч.А.) Бетме-бет жолугушуу ушунчалык кыйын белем! Ушунчалык таш боор болобу?! – О-о, жасаган! Эмне деген кубаныч! Бул эмне деген шумдук! (Ч.А.)

3) Илептүү сүйлөмдөрдү уюштурууда сырдык сөздөр өтө активдүү катышат да, айтуучунун ар түрдүү ички сезимин билдирет:

Чиркин, жан деген кыйын да! (К.Б.) Баракелде! Булардын эрте келгенин карачы! (Т.С.) – Олда кокуй ай, жаман болду ээ! (Т.С.) Пай-пай! Шаар эмес бекен! (К.Б.) Ошону билбей калганым, ай! (Т.С.)

Кээде илептүү сүйлөмдү уюштурууга сырдык сөз да, эмоционалдуу маанидеги ат атооч да – экөө тең катышышы мүмкүн:

– Ой, шумдук оой, кандай чебер жандар! ("Ала тоо") Бах! Кандай эркиндик! (Т.С.)

4) Сүйлөм тутумуна эмоциялуу боёгу бар айрым сөздөрдүн, же ошондой маанидеги каратма сөздүн катышып айтылышы менен да илептүү сүйлөм уюшулат: Ала-Тоомдун булагы тунуксуң да, муздаксың! (Т.С.) Журтум, балдар үчүн кара баш курман! (Т.С.) Кайран бала, сонун жигит болду эле го! (Т.С.) Ушуга мен да ыраазымын, жаным!

(Т.С.)

– Энең сенин маңдайыңда турат, жылдызым! (Т.С.) Сага эки дүйнөдө ыраазымын, жаным! (Т.С.) – Э, согуш каары ушундай болот, жарык-тык! (Т.С.)

Илептүү сүйлөмдөрдүн туюндурган мааниси өтө эле бай: алар айтуучунун ар кандай ички сезимин, айтылып жаткан ойго карата сүйлөөчүнүн ар түрдүү эмоционалдык катышын билдирет (таң калуу, коркуу, ачуулануу, каардануу, боору оору, эркелетүү, сыймыктануу, жактыруу, мактоо, жек көрүү, кыжырлануу, өкүнүү, кайгыруу, кубануу, кейүү, ызалануу, суктануу, ирээнжүү ж.б.)

Мисалы: Жарайсың, Алыбек! Азаматсың, досум! (Ч.А.) – Бали, азаматтар, бали! – дейт Дмитрий (Т.С.) Пай-пай... Дүйнө ушундай курулган беле?! Биз партиянын бул чакырыгын кубаттайбыз! (Т.С.) – Ооозуңа май, атаке! (Т.С.) – Көзүн ачты, Асылбай ата, көзү ачылды! (Ч.А.).

Илептүү сүйлөмдөр эмоционалдуу сезим менен айтылган ар түрдүү каалоолорду билдирет: Жолуңар ачылсын! Душман таш катсын! (Т.С.) Зоболоңор көтөрүлсүн! Жолуңар узарсын! Бакыт-таалайыңар ачылсын! (Т.С.)

Илептүү сүйлөмдөр саламдашууда, коштошууда, тилек сөз (тос) сүйлөөдө, буйрук берүүдө колдонулат:

Экөөңө тең кызыл туулуу шандуу салам айтам! (Т.С.)

– Салоом алейкум!

– Алеки салам, келиңиз! (К.Ж.)

– Кош, уулдар! Кош, боорунда уул өстүргөн мээримдүү, салкын Улуу-Тоо! (Т.С.)

Эл-журт, тоо-таштын эсенчилиги үчүн! Ала-Тоону аман корушуң үчүн! (Т.С.)

– Токто,Кемел! Токто! Кайда барасың, токто! (Ч.А.) – Кач, иттин баласы! Кач дейм! сабап салам! Кач! (Ч.А.)

Ураан-чакырыктарда да кеңири колдонулат: Жашасын коммунизм – адамзаттын жаркыраган келечеги! Совет элине урмат жана даңк!

ЭКИ ТУТУМДУУ СҮЙЛӨМДӨР

Сүйлөмдү уюштуруучу грамматикалык борбор болуп эсептелген баш мүчөлөрдүн – ээ менен баяндоочтун, биринин же экөөнүн тең бар экендигине карай жөнөкөй сүйлөмдөр эки тутумдуу сүйлөм жана бир тутумдуу сүйлөм болуп бөлүнөрү белгилүү.

Составында эки баш мүчөсү тең (ЭЭ, баяндоочу) бар сүйлөм эки тутумдуу сүйлөм деп аталат. Эки тутумдуу сүйлөмдөр тилде кеңири колдонулат. Мисалы: Той бүттү. Журт тарады (К.Б.). Асия уктай албай жатты (Ч.А.). Түн ортосу ооп кетти (Ч.А.).

Көпчүлүк учурларда бул сыяктуу ээ менен баяндоочтун гана айкашынан түзүлгөн жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ар бир мүчөсүнө тиешелүү айкындооч мүчөлөрү да болот:

Амангелдинин чабандык иши Тоң районунда даңазаланып келатат ("СК"). Кыргызстандын жумушчу табы жылдык планды ашыра орундатуу үчүн бардык күчүн жумшоодо ("СК").

Сүйлөмдүн тутумунда, анын баш жана айкындооч мүчөлөрүнөн башка, грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган каратма сөз, кириндн сөз, сырдык сөздөр да кездешет. Алар сүйлөм ичиндеги башка сөздөр менен кандайдыр бир синтаксистик катышты түзө албайт. Бирок сүйлөмдүн составында, анын маанилүү бир бөлүгү катары катышып, айтылуучу ойдун кимге багытталгандыгын, же ага карата

болгон сүйлөөчүнүн мамилесин, ички сезимин билдирет:

Токон апа, элдин баарына жоопту өзүбүз беребиз (Ч.А.). Бирок анын ак пейлинен кылган аракети, балким, талаага кетпестир (Ч.А.).

– И адам, ал киши өз башын сактабайт бекен?! (Т.С.)

Эки тутумдуу сүйлөмдөрдүн баш мүчөлөрү сүйлөм ичинде дайым эле толук катыша бербейт. Кээде стилдик талапка жараша жана контекстке карай сүйлөмдүн ээси айтылбай да калат. Бирок мындай кырдаал ал сүйлөмдүн түзүлүшүнө (структурасына), мазмунуна таасир этпейт. Тактап айтканда, ал эки тутумдуу сүйлөм боюнча эле калат. Анткени андай структурадагы сүйлөмдүн ээси кайсы экендиги баяндоочунун аягындагы жак мүчөдөн, же андан мурун айтылган сүйлөмдөрдүн мазмунунан ачык билинип турат.

Мисалы: Ал шордууну кечээ жөнөттүм (Т.С.). Лагерге эртең саат ондо жөнөйсүңөр. Сөзмөр киши экен Торгой чал. Түнү менен билген акылын айтып чыкты (Ч.А).

Мында акыркы сүйлөмдүн ээси "Торгой чал" экендиги өзүнөн мурунку сүйлөм аркылуу белгилүү болуп турат.

ЖАЛАҢ ЖАНА ЖАЙЫЛМА СҮЙЛӨМ

Жөнөкөй сүйлөмдөр тутумунда айкындооч мүчөлөрдүн бар экендигине же жок экендигине карай жалаң сүйлөм жана жайылма сүйлөм болуп бөлүнөт.

Баш мүчөлөрдөн гана, башкача айтканда, ээ менен баяндоочтон гана түзүлгөн сүйлөмдөр жалаң сүйлөм деп аталат.

Мисалы: Кыш да түшүп келе жатат (К.Б.). Биз даярданып калдык (К.Б.). Эч ким жок (Ч.А.). Ажар чочуп кетти. Жүрөгү түйлай баштады (К.Б.).

Баш мүчөлөр менен айкындооч мүчөлөрдүн байланышынан түзүлгөн сүйлөмдөр жайылма сүйлөм деп аталат.

Мисалы: Амангелди былтыр ирилештирилген чабандык бригада түзгөн ("СК"). Көпчүлүк райондордо чарбалык ички эсеп түзүк өздөштүрүлгөн ("СК"). "Красная заря" колхозунун чабандары социалисттик милдеттин жыйынтыгын чыгарды ("СК"). Түндүн биринчи жарымы күндөгүдөй капкараңгы (Ч.А.)

СҮЙЛӨМ МҮЧӨЛӨРҮ

Адамдын ой-пикирин башкаларга билдирүүчү негизги каражат болуп эсептелген сүйлөм көбүнчө бир канча сөздүн жана сөз айкаштарынын тизмегинен уюшулат. Сүйлөм тутумундагы ал сөздөр, сөз айкаштары грамматикалык жагынан сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткарышат.

Сүйлөм мүчөлөрү - өз ара грамматикалык байланышта туруп, сүйлөмдүн структуралык бөлүктөрүнүн ортосундагы катышты билдирүүчү синтаксистик категория.

Мисалы: Алардын бригадасы быйыл жылдык планды мөөнөтүнөн мурда орундатты. Мында "орундатты" деген сөз "бригадасы" деген сөздү жак, сан боюнча ээрчип байланышып (бригадасы → орундатты), өз ара предикаттык катышта турат; "алардын бригадасы" бири-бири менен таандык байланыш жолу аркылуу тутумдашып, аныктоочтук катышты билдирди; "быйыл", "мөөнөтүнөн мурда" дегендер "орундатты" деген сөз менен ыкташып байланышып ("быйыл орундатты", "мөөнөтүнөн мурда орундатты"), бышыктоочтук (мезгилдик) катышты билдирди; "жылдык" деген сөз "планды" менен ыкташып байланышып, аныктоочтук катышты ("жылдык планды") билдирди; "орундатты" деген сөз "планды" деген сөздү табыш жөндөмөдө башкарып байланы-

шып, об"ектилик катышты билдирип турат ("планды орундатты").

Сүйлөм мүчөлөрү сүйлөм ичинде аткарган милдеттерине карай баш мүчөлөр (ээ, баяндооч) жана айкындооч мүчөлөр (аныктооч, толуктооч, бышыктооч) болуп эки топко бөлүнөт.

Сүйлөмдү уюштурууда сүйлөм мүчөлөрүнүн кызматы ар түрдүү. Ээ менен баяндооч предикативдик катышта келип, сүйлөмдүн негизин, сүйлөмдү уюштуруучу борборду түзөт; көбүнчө ээ менен баяндооч-тон туруп эле сүйлөм - сүйлөмдүк касиетке жетишип, бүткөн бир ойду түшүндүрө алат. Мисалы: Жаз келди. Асман ачык. Күн ысый баштады.

Ушул белгилерине карай ээ менен баяндооч сүйлөмдүн баш мүчө-лөрү деп аталат.

Айкындооч мүчөлөр болсо грамматикалык жана маани жактан ошол ээ, баяндооч менен байланышып келип, алардын ар кандай белгилерин толуктап, тактап көрсөтөт.

Мисалы: Кааман жоокерлер мекенин баатырларча коргошту.

БАШ МҮЧӨЛӨР

ЭЭ

Грамматикалык жактан сүйлөмдүн башка мүчөсүнө баш ийбеген, сүйлөмдө сөз болуп жаткан нерсени атап көрсөткөн сөз ээ деп аталат. Ээнин ар түрдүү белгиси баяндооч аркылуу берилет.

Ээнин милдетин дайыма атооч жөндөмөдөгү зат атооч, ат атооч-тор жана затташкан башка атооч сөздөр аткарат; ага ким? эмне?

кимдер? эмнелер? деген суроолорго берилет. Мисалы: Койчу элендеп тоодон түшүп келди (С.С.). Мында "койчу" деген сөз сүйлөмдө ким тууралуу сөз болгондугун атап көрсөттү, ал сүйлөмдүн башка мүчөлөрүнө көз каранды эмес, тескерисинче,ага "түшүп келди" деген баяндооч баш ийип, аны сөрчип,Шжак,жекелик түрдө айтылды; баяндооч сөнин кыймыл-аракеттик белгисин билдирип турат. Кыргыздын тоолору бийик. Мектептин окуучуларынын саны - бир миң эки жүз. Бул сүйлөмдө да "тоолору","саны" деген сөлөр сүйлөмдө сөз болуп жаткан нерсени атап көрсөттү, сүйлөмдүн башка мүчөлөрүнө баш ийбейт; сөнин сыпаттык, сандык белгилерин баяндоочтору көрсөтүп турат.

Сүйлөмдүн сөзи бир сөздөн же өз ара ажырагыс биримдикте турган бир нече сөздүн айкалышынан болушу мүмкүн. Мисалы: Мындай кыялдар Анархан менен Дарыяханда да жок эмес эле.(К.Ж.). Туулган жер эч качан эстен чыкпайт го (К.Ж.).

СӨЗДӨРДҮН СӨЙЛӨМДӨГҮ МИЛДЕТИ

Сөнин милдетин аткаруучу сөздөр.

Сөнин милдетин төмөнкү сөз түркүмдөрү аткарат:

I. Сөнин милдетин зат атоочтор кеңири аткарат. Алар сөнчилүү же жалпы аттан болот, же болбосо жекелик, көптүк түрдө, же таандык формада айтылат:

Ушундай ой менен Чаргын районго жөнөду (Т.С.). Отурган кыз да ага жал-жал карап койду (К.Ж.). Жылкычылар өтө этияттык менен келе жатышты (К.Б.). Апасы бирдемелерди даярдап жүргөн (Ч.А.).

2) Ат атоочтун көпчүлүк түрү аткарат:
Биз даярданып калдык (К.Б.). Сен эригип жаткандырсың, Нурбек? (Ч.А.) Аны силер кийинчерээк түшүнөсүңөр (Ч.А.). Баары эски ат сарайдын короосуна кириштн (Ч.А.). Баланын мөлтүр көз карашына ким чыдасын (Ч.А.). Тиги биздин чабдар ат го (Т.С.). Керимахунжун келгенин өзүм көрдүм (К.Ж.). Андан да эчтеке чыкпады (К.Б.).

3) Заттык маниге өткөн сын атоочтор аткарат:
Жашыл оңот, жаш чоңоёт (макал), Кызыл оңбос болсочу, кыз карыбас болсочу (Токтогул). Жаман өз камын ойлойт, жакшы эл камын ойлойт (макал). Кызылдар Көр Шерматты биротоло талкалады ("КМ"). Өнөрлүү өргө чабат (макал).

4) Айрым затташкан сан атоочтор жана абстрактуу маанидеги сан атоочтор: Алтымыш онго бөлүнөт. Үчүнчүсү - алтымыштан ашып калган аял (Т.С.). Кээ бир чейректе үчтөрү көбөйө түшөт (Ш.Б.). Экөө узакка чейин сүйлөштү (Т.С.). Душмандын он чактысы ойрон болду (Ж.Мавл.).

5) Затташкан атоочтуктар:
Берген баатыр эмес, алган баатыр (макал). Чачылганым жыйналды, үзүлгөнүм уланды (фольк). Бирок кимдин үйүнө токтору белгисиз (К.К.). Элдин берери мол (Т.С.). Көрбөс төөнү да көрбөйт (макал).

6) Кыймыл атоочтор аткарат:

Чарбалык механизмди өркүндөтүү - учурдун талабы ("СК"). Жергебизди жашылдандыруу - бүткүл элдик иш ("СК"). Пионерлердин келиши бизди кубандырды ("ЛЖ").

3) Татаал зат атоочтор, ат атоочтор, абстрактуу маанидеги же затташкан татаал сан атоочтор, заттык маанидеги татаал сын атоочтор аткарат:

Республикабыздын мал чарбасы, айыл чарбасы өсүүдө ("СК"). Кыздын көз карашы эмнегедир муңайым (Т.С.). Эмгек күнүбүз так жазылбай жүрөт (Т.С.).

Ысык-Көл - республикабыздын ажайып жерлеринин бири ("СК"). Чоң-Сары-Ой кыштагы жылдан-жылга көрктөндүрүлүүдө. Түш ообой шаардын чет жакасындагы бак-даректар көрүндү (Ч.А.). Ал ортодо ини-карындаштары да ойгонду (Ч.А.). Опур-топур басылды ("КМ").

Караңгыда бак арасынан кимдир бирөө сүйлөгөнсүдү (К.Ж.). Жыйынга улуу-кичүү, жаш-кары тегиз чогулду (Т.С.). Мың койлууга карышкыр тийсе, бир койдуу бычак ала чуркаптыр (макал). Кең пейилдүү кеми бейт, тар пейилдүү жарыбайт (макал). Жыйырма беш бешке бөлүнөт. Ырчыдан жүз элүүсү катышкан (К.М.). Кыйрады он чактысы, жатты сулк-сулк (М.А). Айдын он беши жарык, он беши караңгы (макал). Башкы муундарынан же башкы тыбыштарынан кыскартылган сөздөр да ээлик милдетти аткарат:

Райатком айыл чарба ишине жетекчиликти жакшыртты. МТС колхозго көп жардам берди.

8) Затташкан татаал атоочтуктар аткарат:

Мисалы: Келе жаткандар айылдын четинен оңго бурулушту (Т.С.). Кырда жайылып жүргөн - колхоздун малы. Болгон-турганы ушул (Ч.А.). Жакшы көргөнү Ажымурат эле (Ч.А.).

9) Татаал кыймыл атоочтор аткарат:

Чындыгында секретарга жооп бериш колхозчу жигит үчүн бир топ кыйынга турмак (Т.С.). Улак тартуу өбак башталган ("ЛЖ"). Түшүм жыйноо Ипатовдук ыкма менен жүргүзүлүүдө ("СК"). Конок күтүү түнү менен шандуу өттү (К.Каим.). Баш кесмек бар, тил кесмек жок (макал). Мекенге кызмат кылуу - ардактуу иш.

Синтаксистик жагынан өз ара ажырагыс биримдикте турган бир нече сөздүн айкашында сүйлөмдүн ээси болуп келет. Мындай синтаксистик ажырагыс сөз айкаштарынын компоненттери мааниси жана грамматикалык жактан өз ара тыгыз байланышкан болот да, бирдиктүү түрдө турганда гана толук мааниге ээ болуп, сүйлөмдүн бир мүчөсүнүн милдетин аткарат. Алардын компоненттерин сүйлөм ичинде бири - биринен ажыратып талдоого болбойт. Эгер ажыратсак, анын бирдиктүү мааниси бузулат, компоненттеринин мааниси да начарлай түшөт.

Мисалы: Чыгыш тарап түнөрүп келатат. Жаздын күнү жаш баладай (макал). Мындай түзүлүштөгү ээлер тутумдаш ээ деп аталат. Тутумдаш ээлердин төмөнкүдөй негизги түзүлүш жолдорун көрсөтүүгө болот:

1) Аягындагы илик жөндөмөнүн мүчөсү түшүрүлүп айтылган зат атооч менен III жактын таандык формасы уланган экинчи сөздүн айкашып айтылышынан уюшулган синтаксистик ажырагыс сөз айкаштары тутумдаш ээнин милдетин аткарышат.

Мисалы: Совет эли – дүйнөдөгү эң билимдүү, көп окуган калк ("СК"). Ат жаманы кор болот, куш жаманы бир чымчыкка зар болот (макал). Үй ээси бизден көзүн албайт (М.Э.). Ленин проспектиси – шаардын эң кооз көчөлөрүнүн бири ("СК"). Айыл чети көрүнбөйт (К.Ж.).

2) Илик жөндөмөдөгү сөздөн кийин III жактын таандык мүчөсү уланган жардамчы атоочтун (асты, үстү, алды, жаны, ортосу, бети, тушу ж.б.) айкашынан уюшулган синтаксистик ажырагыс сөз айкаштары аткарат:

Мисалы: Биз бараткан жолдун асты – типтик жар таш (К.М.). Серкебайдын үйүнүн жаны кечегидей эле азанүказан (К.О.). Көлдүн бети күн нуруна чагылышат (К.Б.). Жылганын ичи ызы-чуу, күрү-күү (К.Б.). Эл ичи – алтын бешик. Ырыс алды – ынтымак (макал).

3) Ыкташуу жолу менен уюшулган аныктоочтук катыштагы айрым синтаксистик ажырагыс сөз айкаштары да тутумдаш ээни түзөт. Алардын экинчи компоненти зат атоочтон, ага ыкташып байланышкан биринчи компоненти сын атооч, зат атооч, тактооч, сан атооч, бар, жок, деген сөздөрдөн болот.

Мисалы: Звенолор арасында өз ара социалисттик мелдеш уюштурулган ("СК"). Артындагы тактада географиялык карта илинүү (Ч.А.). Жергебизде алгач сегиз жылдык мектептер ачылган ("СК"). Жаштар арасында коммунисттик тарбия күчөтүлдү ("СК"). Сугат жерлер – биздин айыл чарбабыздын экономикасынын негизи ("СК"). Дың жер – эгиндин мекени ("СК"). Өгөй апа өз апандай болмок беле. Жалгыз таруу ботко болбойт. Беш кол тең эмес. Эки кырчаңгы бир токойдон табышат.

таксистик ажырагыс сөз айкаштары уюшулуп, тутумдаш ээнин милдетин аткарышат.

Мисалы: Үйдүн алды жагы - беде (К.Ж.). Суунун орто чени терең экен. Батыш тарап бүркөлүп келатат. Жаш убак эч нерседен тартынбас өткүр мезгил тура (А.Т.). Ошол кез дагы кайталанып келбейт го. Он километр алыс эмес. Беш тонна оордук кылат го. Биз келгенден бери үч саат өттү.

5) Тутумдаш ээ атооч жөндөмөдөгү, кээде иликтеги сөз менен өзүм, өзүң, өзү, экөөбүз, үчөөбүз ж.б. деген өздүк ат атоочтун жана жамдоо сандын айкашынан да түзүлөт: Зарыл экөө ынак гана сөз үстүндө (Т.С.). Абышка экөө устакана жакка кетишти (Т.С.). Кубаткул өзү эмгектен чарчабаган мээнеткеч (Ч.А.). Апаңа мен өзүм айтып түшүндүрүп коём (Ч.А.). Мен үчүн мунун өзү турмушумдагы чоң окуя болду (Ч.А.).

6) Аныкталгыч жана андан кийин келген жөлөкчү приложение — экөө дайыма ажырагыс бирдикте айтылып, тутумдаш ээнин функциясын аткарат: Бул акылды Чекиш чал айткан (Ч.А.). Тыналиев башкарма гана балдарды али мактоого ала элек (Ч.А.). Шашпа, Зарыл эжекем кеңешмеден келсин (Т.С.). Жер эне курсак тойгузат, ирдентет (К.Осм.). Чогулушта бригадир Жакып да сөз сүйлөду Учурунда Огомбай маркум да чертчү экен (К.Каим.).

7) - ган формасындагы атоочтуктун, ошондой эле "бир" деген сөздүн айрым зат атоочтор менен айкашуусу аркылуу уюшулган ажырагыс сөз айкаштары да тутумдаш ээ катары келет:

Чыккан кыз чийден тышкары. Үйрөнгөн жоо атышарга жакшы (макал). Ошентип бир адам кат менен келиптир (К.Ж.) Ошентип терин алып жүргөндө бир кырсык болду (Ч.А.). Алыстан бир караан көрүндү.

8). Кээде айрым сөздөрдүн атоочтуктун -ган формасы уланган "деген" жардамчы этиши менен айкашып айтылышы менен да тутумдаш эө уюшулат : Уят деген - бир ҳуруу журт (макал). Анын Жээнбай деген уулу бар (К.Б.). Жооп берип деген - тапшырманы аткарыш деген сөз (Ч.А.). Билем деген көп сөз, билбейм деген-бир сөз (макал).

9). Ар кандай маанидеги бөлүкчөлөр кошулуп айтылган сөз тизмектери аткарат :
Жашылчаны отоо ишине өнчөй балдар бекитилди. Слетко ылгый ударниктер катышты. Биз деле ушул айылдын кедейлери болобуз (Т.С.). Туш-тушун торогон кароолчулар гана калды (К.Бект.).

I0) Бир нече сөздөн турган татаал аттар жана адамдын фамилиясы, аты катар келип да тутумдаш ээнин милдетин аткарат: Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиуму жергиликтүү советтердин ишин жакшыртуу боюнча токтом кабыл алды ("СК"). Кыргызстан мамлекеттик университети 1982-жылы өзүнүн 50 жылдык юбилейин белгиледи. Ысык-Ата райондук партия комитети идеологиялык иштин сапатын жакшыртууда. Гапар Айтиев республикабызда сүрөт искусствосунун өнүгүшүнө зор салым кийирген ("СК").

11) Бир нече сөздүн синтаксистик ажырагыс айкашынан түзүлгөн сөз түрмөктөрү да тутумдаш ээ болуп келет. Мындай сөз түрмөктөрү эки түрдүү структурада (түзүлүштө) кездешет.

а) Сыртынан караганда кээ бирөөлөрүнүн тутумундагы бир сөзү - ээ, экинчиси баяндооч сыяктуу болуп көрүнөт. Бирок аларда сүйлөм үчүн мүнөздүү болгон баяндоо интонациясы жок, ээ, баяндооч сыяктуу болуп көрүнгөн сөздөрү предикативдик катышты (баш мүчөлөрдүн катышын) түзө албайт, ошол себептүү алар, сүйлөм сыяктанып, кандайдыр бир бүткөн ойду да туюндура албайт. Мындай сөз түрмөктөрүнүн тутумундагы сөздөр мааниси жана грамматикалык жактан өз ара тыгыз байланышып тургандыктан, бирдиктүү түрдө туруп бир суроого (ким? эмне?) жооп берип, тутумдаш ээнин милдетин аткарат. Бул өндүү сөз түрмөктөрүнүн аяккы компоненти атоочтуктардан, бар, жок деген сөздөрдөн, кээ бир сын атооч, тактоочтордон болот.

Мисалы: Калкы сыйлаган кадырлуу. Ичи ооруган күлкү сүйбөйт (макал). Билими бар ар балаадан кутулат, билими жок бир балаага тутулат (макал). Кайгысы жок кара сууга семирет. Пейли жакшы кем болбойт. Өтүгү жаман төргө өтпөйт. Базары жакын байыбайт

(макалдар). Айылы бүтүн аман жүрөт (макал).

б) Айрым сөз түрмөктөрүнүн тутумунда жогоркудай ээ сыяктанган мүчөсү болбойт, анын акыркы компоненти атоочтуктардан, кээде кыймыл атоочтордон болот да, алдындагы сөздөр менен грамматикалык жактан байланышып келип, бир бүтүн бирдикти түзөт; сүйлөм ичинде тутумдаш ээнин милдетин аткарат.

Мисалы: Көп жашаган билбейт, көптү көргөн билет. Кудайга ишенген дөө калат. Күндө келген күл ууртайт, айда келген май ууртайт. Канат менен учкан куйругу менен конот. Чакырганга барбаган ымдаганга зар болот (макалдар). Уул урунуу - урмат, кыз урунуу - кымбат. Эрден ашмак бар, элден ашмак жок (макалдар).

I9) Туруктуу фразеологиялык айкаштардын тутумундагы сөздөр өзүнүн баштапкы маанисинен алыстап, маани жагынан өз ара ширелишип келип, бирдиктүү бир жаңы маанини билдирет; алардын туюндурган мааниси жеке сөздүн маанисине жакыныраак келет. Ошол себептүү фразеологиялык айкаштардын тутумундагы сөздөрдүн ар бири өз алдынча синтаксистик милдет аткара албайт, алар бирдиктүү түрдө туруп, сүйлөмдүн бир гана мүчөсүнүн милдетин аткарат. Мындай туруктуу фразеологиялык айкаштар тутумдаш ээнин милдетин аткарат.

Мисалы: Кой оозунан чөп албагандар чогулушуптур ("Чалкан"). Бул кабарды узун кулактар эл арасына тез эле таратышты. Эркиндик заман келип, кан соргучтар жоюлду. Ата-энесин сыйлабаган таш боор кимге жакшылык кылмак эле. Арабызда али ач көздөр көп.

БАЯНДООЧ

Баяндооч грамматикалык жактан сүйлөмдүн ээсине баш ийип, ал

билдирген заттын ар кандай белгисин (кыймыл-аракетин, абалын, сыпатын, санын, ким, эмне экендигин ж.б.) туюндурат.

Мисалы: Эки жылдан бери биздин колхоз өз күчү менен жаңы мектеп куруп жаткан болучу (Ч.А.). Ата-энеси кайсы райондо кызматчы? (Ш.Б.) Биздин кишилер ар бир иште сабырдуу (Т.С.). Анын жашы жыйырма бештерде. Гүлайым андай жоруктардан алыс (Ш.Б.).

Баяндоочтор анын милдетин кайсы сөз түркүмдөрү аткарып тургандыгына карай этиштик баяндооч жана атоочтук баяндооч болуп бөлүнүшөт.

Этиш сөздөрдөн болгон баяндооч этиштик баяндооч, атооч сөздөрдөн болгон баяндооч атоочтук баяндооч деп аталат.

Мисалы: Билими бар миңди жыгат, билеги жоон бирди жыгат (макал). Кашкарга карап бет алгандар - жыйырма (К.Ж.). Кызыл үйдүн ичи кызыл-тазыл (К.Б.).

Баяндоочтор да бир сөздөн же татаал сөздөрдөн, синтаксистик жактан өз ара ажырагыс биримдикте турган бир нече сөздүн айкалышынан да болушу мүмкүн.

Мисалы: Кийинэс тартып калганда бул теректердин сырын түшүндүм (Ч.А.). Бир чагым бар болсо керек (К.Ж.).

БАЯНДООЧТУН МИЛДЕТИН АТКАРУУЧУ СӨЗДӨР.

Баяндоочтун милдетин төмөнкү сөз түркүмдөрү аткарат:

1). Ар түрдүү чактык маанидеги жөнөкөй этиштер аткарат.

Учур чактагы этиш: Зарыл экөө эки бөлмө үйдү таза күтүнүшөт (Т.С.). Элдин баары бир эсе жамбыны, бир эсе Керечти карайт(К.Ж). Эки асканын кайкаңынан күн алоолонуп жогору көтөрүлүүдө (Т.С.). Колхозчулар күн-түн эмгектенүүдө (Т.С.).

Келер чактагы: Жакында суу агызабыз, жээгине тал тигебиз. Дүпүлдөтүп электр барасын чуркатабыз (Т.С.). Ырас,журт эми далай оордуктарды тартар (Т.С.). Мүмкүн,алар башкача ойлошор ("ЛЖ"). Жамийла биздин үйдө жетимсиребес (К.Б.).

Өткөн чактагы: Айткулу төшөгүнөн шашып турду(К.Б.). Ажар үркүнгө чейин бир үйдүн эркеси болуп өстү (К.Б.). Өмүрүбүздүн көбү турмуштун тепкисинде өткөн (К.Б.). Батманын жалгыз көк өгүзү ашууда калган (К.Б.). Сөз менен башкалар айтып жеткиргендир (К.Мал.). Ал сонун ырларды жазчу (Ж.Ж.). Болжоп жүрүп отурдук эле, дивизиянын штабынан чыгыптырбыз (К.Мал).

2). Ынгай категориясындагы этиштер аткарат.

Буйрук ынгай: - Андай болсо атаңдын аттарын өзүң ал (Ч.А.). -Дубалдын түбүнө тургун(Ч.А.). Өзүңөр жеңиштүү кайткыла!(Т.С.). -Аты окулгандар төрт-төрттөн тизилгиле! (Т.С.). Ой, эл-журт, балдардын колун бошотсоңорчу! (Т.С.). Ар бир колхоздон бирден-экиден араба пристанга чейин барсын ! (Т.С.).

Каалоо ынгай : Мен эми эл-журт менен чындап коштошоюн (Т.С.). Өзүм туулган жерди, өзүм чыккан элди көрөйүн (Т.С.).

Биз, жаңы ——————————→

замандын кишилери, атакты башкача калтыралы! (Т.С.).

Ниет ынгай: Мен да айылга жөнөмөкчүмүн ("ЛЖ"). Жаз чыкса, туугандарга бармакчымын, аштык сурамакчымын (К.Ж.). Эртедир-кечтир ушундай балээге калтырмак (Кас.К.).

Шарттуу ынгай: Агай, айылдан атайы жөө келсем, окууга албай койду (Т.С.).

Шарттуу этиш жөнөкөй сүйлөмдүн баяндоочу болуп келгенде, тилек, каалоо маанисин берип калат:

Кишен салган бутума каракчылар жоголсо,
Жарды, жалчы, букара жакшылык күнгө оролсо (Токтогул).

3) Мамиле категориясындагы жөнөкөй этиштер аткарат.

Кош мамиле этиштер: Бул маселе жөнүндө Курманов экөөбүз сүйлөштүк (К.Б.). Жүздөй жигит жабыла аттанышты (К.Мал.).

Өздүк мамиле: Асан эрте туруп, муздак сууга жууунду. Салый, сумкасынан күзгүсүн алып, бети-башын каранды.

Түрк мамиле: Жылдык план ашыгы менен аткарылды ("СК"). Жолдошбеков "Кара-Суу" совхозуна директор болуп шайланды ("СК"). Тоонун чөбү да машина менен чабылды.

Аркылуу мамиле: Мария эң кичүү инисине көйнөк тиктирди (Т.С.). Чабан короодогу коюн санатты. Ал жумушчуларга сарайын курдурду.

4) Бир сөздөн турган кыймыл атоочтор аткарат: Тилегим-айылга баруу, эл менен сүйлөшүү ("К.М."). Анын бардык максаты - курбусу менен тезирээк көрүшүү (Н.Б.). Салыйдын азыркы тилеги - окуусун дагы улантыш.

5) Жөнөкөй сын атоочтор аткарат: Билимдүүгө дүйнө жарык, билимсизге дүйнө караңгы (макал). Бүгүн жүрүш кызуу (Т.С.). Аялдардын

коомдогу ролу зор ("Кырг.аял."). Булар али жаш (Ш.Бей.). Ушинтип, чиренип калмай адетиң жаман (Ш.Бей.).

6) Жөнөкөй зат атоочтор аткарат;
Кээде алар жатыш же чыгыш жөндөмдө турушу да мүмкүн:
Эл мугалими - советтик жаштардын ишенимдүү тарбиячысы ("СК"). Энемин да ошол саатта ойлогону - балдар (Ч.А.). Жанында келе жаткан - Нуркасым (К.Б.). Атанын көөнү балада, баланын көөнү талаада (макал). Бул кат Түлкүбектен (К.Ж.). Бул белектер менин жолдоштарымдан.

7) Жөнөкөй ат атоочтор аткарат: Берки биздин эки балага жол баштаган сенсиң (Ш.Б.). Биздин ал-жайыбыз ушул (Ш.Б.). Атаң Жумабунун айткан акылы - кандай? (К.Ж.) Буга күнөөлүү баарыбыз. Буларың ким? (Н.Б.).

8) Жөнөкөй сан атоочтор аткарат: Арамдын тамыры бир, адамдын тамыры миң. Эр ортону - элүү (макал). Ажар үчүнчүсү. (К.Б.). Айла алтоо, акыл жетөө (макал). Жети бир туугандардын улуусу отуздарда (жомоктон).

9) Жөнөкөй тактоочтор аткарат: Гүлайым андай жоруктардан алыс (Ш.Б.). Койлор, уйлар мырзалардан артта (К.Бек.). Жигитке жетимиш өнөр аз (макал) . Биздин жолугар күнүбүз бүгүн. Ага каралап, иним экөөбүз быяктабыз (К.Жусупов).

I0) Бар, жок деген сөздөр аткарат: Соода ишинде көп кемчиликтер бар ("СК"). Менде саат бар (А.Уб.). Колдо бар алтындын баркы жок. Жамийладан кабар жок (Ч.А.).

II) Атоочтуктар аткарат: Өлгөндүн жазасы - көмгөн. Жаш чыбыктын ийилгени - сынганы, жаш жигиттин уялганы - өлгөнү. Бербестин ашы бышпас (макалдар).

12). Чакчыл этиштер багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин аткарат: Нурбектин муундары калчылдап, денесинен тер кетти (Ч.А.). Алар келмейинче, биз тамакты ичпебиз (Т.С.). Мен келгенче, алар жөнөп кетишиптир. Күндүн нуру жерге жайыла, койлорду жайытка айдап чыктык.

13). Чакчыл мүчө уланган негизги этиштен кийин ар түрдүү жардамчы этиштин кошулуп айтылышы менен үшүлгөн татаал этиштер аткарат:

Эгин күйүп баратат (Ч.А.). - Энеке, араба келе жатат (К.Б.). Трактор оор бара жатат (Ч.А.). Асия уктай албай жатты(Ч.А.).

Негизги компоненти атооч сөздөрдөн болуп, ага айрым жардамчы этиштин кошулуп айтылышы менен үшүлгөн аналитикалык татаал этиштер аткарат:

Сенин кызың ушуну туура кылды (Ч.А.). Сиз эми колхозчуларга жетекчилик кылыңыз (К.Б.). Макул, мен да Жапарга телефон урайын. (К.Б.).

14). Татаал зат атоочтор аткарат:

Районубузда жогорку киреше берип жаткан тармактардын бири - мал чарбасы ("СЖ"). Жер соорусу - Ысык-Көл. Тиги жайлып жүргөндөр - козу-улактар.

15). Татаал сын атоочтор, сан атоочтор аткарат:

Мисалы: Айнаштын көйнөгү кызгылт сары. Анын өңү кара көк. Саврыбай быйыл кырк беште (К.К.). Колхоздун жылкысы беш жүзчө. Бул-түшүмдүн төрттөн үчү. Анын жашы он беш-он алты чамасында (К.Б.).

16). Жатыш, чыгыш жөндөмөдөгү татаал сөздөр аткарат:

а) Кожубектин айылы Чункур-Төрдө, Мырзабектики Көк-Булакта (К.Б.). Таятамдыкы Кең-Сууда (М.Э.).

б) Туш туурдуктардын ортолору шайы-бачайыдан (К.Осм.). Ашым Чүй районундагы Он бир - Жылгадан.

Синтаксистик жагынан өз ара ажырагыс биримдикте турган бир не-че сөздүн айкашы баяндоочтук милетти аткарат. Мындай түзүлүш-төгү баяндоочтор тутумдаш баяндоочтор деп аталат.

Мисалы: Келе жаткан - Зуура деген келин. (К.Б.). Мектеп үйдөн бир топ алыс жерде (К.Б.). Мелдеште жеңип чыккан чарба-Карл Маркс колхозу.

Бул сүйлөмдердөгү"Зуура деген келин", "алыс жерде", "Карл Маркс колхозу"деген сөз айкаштарынын тутумундагы сөздөрдүн ар бири өзүнчө туруп кандайдыр бир синтаксисттик милтетти аткара албайт, алар ажырагыс бирдикте туруп гана тутумдаш баяндоочтун милетин аткарышты.

Тутумдаш баяндоочтор,негизинен, төмөнкүдөй жолдор менен уюшулат:

1) Таандык байланыш же ыкташуу жолу менен уюшулган айрым синтаксистик ажырагыс сөз айкаштары да тутумдаш баяндоочтун милдетин аткарат:

Рудольф сабактан гана эмес, дене тарбиясынан да балдардын алды (К.Б.). Муну иштеген пионерлердин өзү. Алыстан көрүнгөн - Чаткалдын тоосу. Планын ашыра орундаткан чарба - "Бурана" колхозу ("СК"). Менин атам - темир жол жумушчусу (А.Т.).

2) Ар кандай нумеративдик сөздөргө (сом,тыйын,килограмм,грамм, тонна,чакырым,пуд ж.б.) сан атоочтордун айкашып айтылышы менен түзүлгөн синтаксистик ажырагыс сөз айкаштары тутумдаш баяндооч катары келет:

Эки колхоздун аралыгы кырк километр. Тиги балбандын салмагы жетимиш килограмм. Кыш. Муздак шамал согуп турат. Суук он беш градус (Т.Кыдыралиев.). Шелктун метри беш сом.

3) Бир нече сөздөрдөн турган татаал энчилүү аттар аткарат: Чолпонбай Түлөбердиев - Советтер Союзунун Баатыры ("ЛЖ"). Илимий мекемелердин эң башкысы - Кыргыз ССР илимдер академиясы.

4) Жатыш же чыгыш жөндөмөдөгү синтаксистик ажырагыс сөз айкаштары аткарат:

Мектеп үйдөн бир топ алыс жерде (К.Б.). Колхоздун конторасы жол боюнда. Салый "Бирлик" колхозунан. Китептин баасы алтымыш беш тыйындан. Түркүн чалдын кыйытып айткан сөзү да ушул себептен (Ш.Б.).

5) Аныкталгычтан кийин жөлөкчү приложение жаңаша айтылып да, тутумдаш баяндооч түзүлөт, кээде экөөнүн ортосуна "деген" жардамчы этиши кошулуп айтылат.

Мисалы: Алыстан созолонтуп ырдап келе жаткан - Жамийла жеңем (Ч.А.). Колхоздун арабаларын жүргүзүп турган киши - Акмат уста. Секретары - Жумабай деген карыя (К.Б.). Үчүнчүсү - Зуура деген келин (К.Б.).

6) Тутумдаш баяндоочтор толук маанилүү сөз менен ар түрдүү маанидеги бөлүкчөлөрдүн айкашып айтылышы менен да түзүлөт: Бөлүкчөлөр ал баяндоочко болжолдоо, күчөтүү, тактоо мааниларын берет: Оморго караганда Султан күчтүү бейм. Атага-

нат, көңүл көтөрүлсө, кыял да учат белем! (Т.С.) Баланын кебетеси өтө аянычтуу (А.Т.). Мага Мария албай күлгөн (Т.С.). Эми мында түк келбейт (Б.Ж.). Биз кыйынчылыктан такыр коркпойбуз. Ал айткан сөздү эч тоотпойт. Ал дагы адам го (К.Бек,). Анда бул сунушту токтомго киргизебиз да! Чөп чабыкты бүтүрдүңөрбү ыя?

7) Толук маанилүү сөздөр менен модаль сөздөрдүн айкашып айтылышы менен түзүлөт; Сүйлөмгө ар түрдүү модалдык маани (болжолдоо, милдеттүүлүк, окшоштуруу ж.б.) берет: Корчу ууру дагы болуу керек (К.Ж.). Ал Каныбектин дайын билүүгө тийиш (К.Ж.). Балакурман чарчагандан кийин токтоду көрүнөт (М.Э.). Душман бир жерге жашынып жаткан чыгар (К.Б.). Мырзакул аны түшүндү окшойт (Ч.А.). Түшүм ошондо эки эсе көбөйөт имиш (Ч.А.). Балам, сенин тартканың кадим Чоко сыяктуу (К.Ж.).

8) Айрым атооч жана этиш сөздөргө экен, эле, эмес деген жардамчы сөздөрдүн кошулуп айтылышы менен түзүлөт. Мындай составдагы тутумдаш баяндоочтор аныктоо, тактоо, күнөмдүүлүк, сурамжылоо, тануу, ниетти, кабардар экендикти жана башка кошумча маанилерди туюндурат: Гүлдүн көрктүүсү кызгалдак эмеспи, чиркин (Ч.А.). Атаң сени көрөр бекен? (Т.С.) Ал Жалал-Абадга жөнөйт бекен? Кедейлик уят эмес, байлык мурас эмес (макал). Ушул жакта бирөө алтын сатат экен (К.Ж.). Ал отузунчу жылдары Москвада окуган эле. Келе жаткандар окуучулар экен.

9) Тутумдаш баяндоочтун милдетин туруктуу фразеологиялык айкаштар да аткарат.

Мисалы: Анын кылган иштери чеке жылытады ("Чалкан"). Жокчулук кедейлердин кабыргасын кайыштырды (К.Ж.). Анархандын кансыз бети, салаалап аккан жашы Алымдын жүрөгүн оозуна тыгылтты (К.Ж.). Жолдоштордун сөзү төбөсүн көккө жеткирди (У.Абд.).

БАЯНДООЧТУН ЭЭНИ ЭЭРЧИШИ

Сүйлөм ичиндеги сөздөр бири-бири менен 4 түрдүү жол аркылуу байланышат: ыкташуу, башкаруу, таандык байланыш жана ээрчишүү.

Булардын ичинен ыкташуу, таандык байланыш, башкаруу жолдору сөз айкаштарынын компоненттерин өз ара байланыштырат. (кара:...) Ээрчишүү жолу менен ээ менен баяндооч байланышат.

Сүйлөмдүн баяндоочу грамматикалык жактан ээге баш ийип, аны жак жана сан боюнча ээрчип байланышат.

Жак боюнча ээрчишүү

I. Сүйлөмдүн ээси I, II жактагы жактама ат атоочтордон болсо, баяндоочуна да ошол жактын мүчөлөрү жалганып, ээни дайыма жак боюнча ээрчийт:

Биз ошол балдардын короосуна барабыз (А.Т.). Мен бул жөнүндө көп ойлондум (Ч.А.). Силер коммунизмде жашайсыңар ("СК"). Сиз өтө маалыматтуу кишисиз (Ч.А.). Мугалимдердин с"ездине сен да делегат болуп шайландың.

2. Ээнин милдетин аягына I,II жакка таандык мүчөлөр жалганган ~~өзү~~ ээ, баары деген ат атоочтор жана жамдама сан атоочтор аткарышса да, баяндоочтору дайыма ээни жак боюнча ээрчип, I же II жакта айтылат:

Баланын энесин өзүм табам (Т.С.). Баарыбыз окуучубуз. Төртөөнөр бүгүн жөнөйсүңөр. Жайлоодон өзүңөр келесиңер. Экөөбүз көпкө чейин бирге болдук (М.Э.).

3. Сүйлөмдүн ээси маани жагынан Ш жакта туруп, баяндоочу учур чакта же айкын келер чакта болсо, баяндооч ээни жак боюнча ээрчип, Ш жакта айтылат. Мындай баяндоочтордун аягына үчүнчү жактын -т мүчөсү жалганып келет:

Ал дайым ушул молотилканы чыгарган Харьковду мактайт (Т.С.). Жамгыр эртеден бери нөшөрлөп төгүп турат (А.Т.). Электр станциясына суу агызчу өстөн казылат (Т.С.). Мамлекетке жүн тапшыруу планы быйыл да ийгиликтүү аткарылат ("СК").

4. Өткөн чактагы этиштердин Ш жагынын жак мүчөсү жок. Ошол себептүү сүйлөмдүн ээси Ш жакта, баяндоочу өткөн чакта болсо, андай баяндооч жак мүчөсүз туруп эле ээни ээрчип, Ш жактын маанисинде айтылат:

Танабай кечке жуук келди (Ч.А.). Параход түндө келген (К.Б.). Жапар согуштан мурда райкомдо иштеген (К.Б.). Ал мурда сен сыяктуу мугалим да болуптур (К.Б.). Асан МТСте тракторист болуп иштөөчү (К.Б.).

Жак боюнча ээрчишмүдөгү өзгөчөлүктөр

I. Сүйлөмдүн баяндоочу ээ менен дайыма эле жак уландылары аркылуу ээрчише бербейт. Көбүнчө ал ээ менен, жак мүчөсү уланбай туруп эле, мааниси боюнча ээрчишип байланышат.

Мааниси боюнча ээрчишүү II жак үнгү буйрук ыңгайдан турган баяндоочтор менен Ш жак маанисиндеги атоочтук баяндоочторго мүнөздүү. Мисалы:

Сен жолдошторуңа тез бар (К.Ж.). Сен эми ал-кубатыңды балдарыңа

сакта (Ч.А.).-О, тентек, сен мени уят кылба! (Т.С.) СССР- космосту биринчи ачкан елке ("СК".).Чортектин зайыбы - Алтынай (К.Б.

Берилген мисалдардагы биринчи, экинчи жана учунчу суйлемдердун баяндоочунун милдетин бар, сакта, уят кылба деген буйрук ынгайдын II жагындагы этиштер аткарып турат. Алар суйлемдун II жактагы сен деген ээси менен жак уландысы аркылуу байланышкан жок; маанисн боюнча II жакка тиешелуу болуп айтылып, ээ менен маани жагынан ээрчишип байланышып турат.

Ошондой эле тертунчу, бешинчи суйлемдердун елке, Алтынай деген атоочтук баяндоочторуна да жак мүчө уланган жок. Алар III жактагы ээни ээрчип, ошол жактын маанисинде айтылып, ээ менен маанисн боюнча ээрчишип турат.

2. Ээнин милдетин аягына I,II жакка таандык мүчө уланган зат атоочтор аткарганда, алар сыртқы туру жагынан I,II жакка таандык формада турганы менен, ички маанисн боюнча III жакты билдирет. Ошондуктан баяндооч да аны ээрчип, учунчу жактын маанисинде айтылат.

Мисалы: Биздин колхозчуларыбыз кайраттуулук менен иштеп жатышат ("СК".). Биздин начальнигибиз Иркутскиге кеткен (К.Б.).Сенин уулун аман-эсен келди (К.Б.).

Бул суйлемдердун ээлери I,II жакка таандык формада турганы менен, баяндоочтору III жакта турат. Себеби мындагы колхозчуларыбыз, начальнигибиз, уулун деген сездер өзүнүн алдындагы биздин, сенин деген I,II жактагы сездерге таандык болуп айтылгандыктан гана, алардын аягына I жана II жакка таандык мүчелер жалганып турат, (биздин колхозчуларыбыз, биздин начальнигибиз, сенин уулун). Бирок ал сездер өзүнүн ички маанисн боюнча учунчу жак-

ты билдирет. Ошол себептүү баяндоочтору да аларды ээрчип, Ш жакта айтылып жатат.

3. Сүйлөмдүн ээси Ш жакта туруп, баяндоочтун милдетин I,П жакка таандык формадагы зат атоочтор аткарса, алар ээ менен жак боюнча ээрчишпей, мааниси боюнча ээрчип байланышат. Мисалы: Бул – менин китебим. Көрүнгөн кыштак – биздин айлыбыз. Шарше – силердин мугалимиңер.

Бул сүйлөмдөрдүн ээлери үчүнчү жакта, баяндоочтору I,П жакка таандык формада турушат. Мындагы китебим, айлыбыз, мугалимиңер деген сөздөр өзүнүн алдындагы менин, биздин, силердин деген I,П жактагы сөздөргө таандык болуп айтылгандыгы үчүн, анагына I жана II жакка таандык мүчөлөр жалганган (менин окуучум, биздин үйүбүз, силердин мугалимиңер). Бирок алар ички мааниси жагынан үчүнчү жакты билдиришет. Ошондуктан ал баяндоочтор сүйлөмдүн үчүнчү жактагы ээси менен мааниси боюнча байланышып турушат.

4. Баяндоочтун милдетин жактама ат атоочтор аткарышса, же тутумдаш баяндоочтун составында жактама ат атооч болсо, алар ээни жак боюнча ээрчибейт. Баяндоочу кайсы жактагы жактама ат атоочтон болсо, ага ошол жактын жак уландысы жалганат. Мисалы: Жок, жалгыз эле баласы менмин. (К.Б.). Бизге күйө турган киши жалгыз сенсиң (К.Б.). Сыйлык алган чабандар биз болобуз.

Бул сүйлөмдөрдүн ээлери үчүнчү жакта, баяндоочтору I,П жакта турат. Баяндоочтун милдетин кайсы жактагы жактама ат атооч аткарса, ага ошол жактын уландысы жалганган (менмин, сенсиң, биз болобуз).

Сан боюнча ээрчишүү

Сан боюнча ээрчишүүдө сүйлөмдүн ээси кайсы санда турса, баяндоочу да аны ээрчип, ошол санда айтылат. Тактап айтканда, ээ жекелик санда турса, баяндоочу да жекелик санда, ээ көптүк санда турса, баяндоочу да, негизинен, көптүк санда туруп ээрчийт.

Баш мүчөлөрдүн сан боюнча ээрчишүүсү төмөнкү жолдор менен жүзөгө ашат:

I. Баяндоочтун ээни сан боюнча ээрчиши да жак мүчөлөр аркылуу болот. Демек, I,II жактын жекелик, көптүк маанидеги жак мүчөлөрү, бир жагынан, ээ менен баяндоочтун ортосундагы жак байланышын билдирсе, экинчи жагынан, алардын сан жагынан болгон байланышын да билдирет.

Мисалы: I) Сен али жашсың (К.Б.).

2) Сиз бизге бекер эле ачууланып жатасыз.

3) Биз эл үчүн, колхоз үчүн пайдалуу жагын ойлоп жатабыз (Ш.Б.).

4) Силер жакшы иш баштадынар (К.Б.).

Мында биринчи, экинчи сүйлөмдүн сен, сиз деген ээлери II жак, жекелик санда тургандыктан, жашсың, ачууланып жатасыз деген баяндоочторуна да II жак, жекелик түрүнүн жак уландылары (-сың, -сыз) жалганып, ээни жекелик санда ээрчип турат.

Үчүнчү, төртүнчү сүйлөмдүн биз, силер деген ээлери I,II жак, көптүк санда тургандыктан, алардын ойлоп жатабыз, баштадынар деген баяндоочторуна да I,II жактын көптүк жак уландылары (-быз,

-сыңар) жалганып, ээни көптүк санда ээрчип турат.

2. Сүйлөмдүн ээси Ш жак, көптүк мааниде туруп, баяндоочу этиштен болсо, ал ээ менен сан жагынан көптүк -ыш мүчөсү аркылуу байланышат. Эгерде баяндоочу атооч сөздөрдөн болсо, -лар мүчөсү аркылуу байланышат.

Мисалы: Абышка-кемпирлер жапырт жумушка чыгышты (К.Б.).

Тиги жондо чөмөлө салып жүргөндөр / окуучулар.

I) Ээнин милдетин жекелик сандагы сөздөр аткарышса, баяндоочу аны ээрчип, дайыма жекелик санда айтылат:

Мына, мен азыр ошол Сухуми шаарындамын (К.Б.). Талаадагы жумуш аяктап келатат (К.Б.). Иващенко - украиналык жигит (К.Б.).

2) Ээнин милдетин көптүк маанидеги сөздөр аткарышса, баяндоочу аны сан боюнча ээрчип, негизинен, көптүк түрдө айтылат:

Биз сени өз балабыздай көрүп калдык (К.Б.). Пионерлер музоолорду жакшы багышты ("КП"). Алар тоо арасында өмүр сүрүшөт (К.Бект.). Эмки жекшембиде мугалимдер силерди саякатка алып барышат (Т.С.). Булар элдин талабын, тилегин орундатуучу адамдар (С.К.).

Сан боюнча ээрчишүүдөгү өзгөчөлүктөр

Сүйлөмдүн баяндоочу ээни дайыма эле сан боюнча ээрчий бербейт. Ээде ээ көптүк түрдө турса да, баяндоочу жекелик санда айтылып калат.

I) Баяндооч көптүк сандагы ээнин бир мезгилде чогуу жана бирдиктүү болгон кыймыл-аракетин билдирсе, ээ көптүк түрдө тур-

са да, баяндоочу жекелик санда айтылат.

Мисалы: Бул жолу өңкөй он сегиз-он тогуздагы балдар жөнөп жатты (Ч.А.). Фрунзеге келгенде бизди шаардын эмгекчилери тосуп чыкты (К.Б.). Булардын артынан калган мыктылары самсыды (К.О.).

Бул сүйлөмдөрдөгү жөнөп жатты деген баяндооч балдар деген көптүк сандагы ээнин, тосуп чыкты деген баяндооч эмгекчилери деген, самсыды деген баяндооч мыктылары деген көптүк сандагы ээлердин бир учурда чогуу болгон кыймыл-аракетин билдиргендиктен, жекелик санда айтылып жатат.

Эгерде көптүк түрдөгү ээ билдирген ар бир заттын өз алдынча бөлөк-бөлөк аракет кылып жаткандыгын көрсөтүү керек болсо, баяндоочу дайыма көптүк санда айтылат: Ал жерде колхозчулар бака-шака түшүп иштеп жатышат (К.Б.). Жүргүнчүлөр жай-жайына отурушту (К.Б.). Балдар туш-туштан чуркашты (Т.С.). Мен өзүм көрдүм, апа, алар тегирмендин жанынан машина, тракторлору менен өтүштү (Ч.А.).

Бул сүйлөмдөрдүн баяндоочтору көптүк түрдөгү ээ бириктирип турган ар бир заттын өз бетинче иштеген кыймыл-аракетин билдирип турушат.

2) Ээнин милдетин жансыз заттарды билдирген көптүк түрдөгү зат атооч аткарса, сүйлөмдүн баяндоочу ээни сан боюнча ээрчибей, көбүнчө жекелик санда айтылат. (К. ш.).

Мисалы: Күнү-түнү боз кетпей, гүл солуп, чөптөр куурады. Азыр завод, фабрикаларда көп ишти автоматтар бүткөрөт ("ЖЛ"). Мурда ээн жаткан талаада экскаваторлор, автомашиналар пайда болду ("СК").

Эгерде кыймыл-аракет көптүк түрдөгү ээ бириктирип турган жансыз заттардын ар бирине тиешелүү экендигин баса көрсөтүү керек болсо, баяндоочу ээни сан боюнча ээрчип, көптүк санда

айтылып калат:

Чүй районундагы мектептер окуу жылын ийгиликтүү аякташты. Ал колхоздор МТСтин директорунан Марияны быйыл дагы бизге жибергиле деп сурашты (К.Бект.). Шаардагы ишканалар жылдык планды мөөнөтүнөн мурда орундатышты ("СК").

3) Ээнин алдында сан атоочтон же сандык маанидеги башка сөздөрдөн аныктоочу болуп, ал өзүнөн кийинки ээге көптүк маани берип турса, баяндоочу аны сан жагынан ээрчибей, көбүнчө жекелик санда айтылат: Муну он тогуз саанчы тейлейт ("СК"). Ат ойноп туп, отуздай солдат чыга келди (К.Ж.). Бийик жондо көп кой жайылып жүрөт.

Эгерде кыймыл-аракет көптүк маанидеги ээ билдирген заттардын ар бирине тиешелүү экендигин баса көрсөтүү керек болсо, баяндоочу ээни сан боюнча ээрчип, көптүк түрдө айтылып калат: Отуздай солдат туткундарды айдап келишти (К.Ж.). Эки мырза тамактанышты... (К.Бект.).

4) Баяндоочтун милдетин туюк мамиле этиш аткарса, ээси көптүк түрдө турса да, баяндоочу дайыма жекелик санда айтылат. Мисалы: Комсомолецтер дың жерлерге жиберилди. Алар "чакырылбаган коноктор" деп аталды (К.О.).

5) Сүйлөмдүн ээси Ш жак, көптүк түрдө туруп, баяндоочу көптүк мүчө менен өзгөрбөй турган сөздөрдөн (сын, тактоочтордон, бар, жок жана жатыш жөндөмөдөгү сөздөрдөн) болсо, ээ көптүк санда турганы менен, баяндоочу дайыма жекелик санда айтылат. Мисалы: – Анын үстүнө мугалимдери да жаш, тажрыйбасыз (К.Б.). Алардын кабактары бүркөө (К.Ж.). Молдавияда гүлдөр, түштүктө

өсүүчү өсүмдүктөр эң көп ("ЖЛ"). Ал кезде айылда эркектер аз (Ч.А.). Булардын арасында тентектери да бар (К.О.). Колхозчулар жайы-кышы менен тоодо ("СК").

ЭЭ МЕНЕН БАЯНДООЧТУН ОРТОСУНА СЫЗЫКЧАНЫН КОЮЛУШУ

Ээ үчүнчү жакта туруп, баяндоочтун милдетин атооч жөндөмөдөгү зат атоочтор же заттык маанидеги башка атоочтор аткарса, аларга баяндоочтук белги болгон жак уландылар жалганбайт. Мындай учурда эң мурун сүйлөмдүн ээси, андан кийин атоочтук баяндоочу айтылат. Баяндоочтун ээден кийинки ошол соңчул орун тартиби анын баяндоочтук белгиси катары келет жана баш мүчөлөрдүн синтаксистик милдетине ыңгайлуу шарт түзүп турат. Мисалы: Ал – жылкычы. (К.Б.). Эмгек-акыл, эмгек – бакыт. ("КП").

Оозеки сөздө мындай түзүлүштөгү сүйлөмдөрдүн ээ, баяндоочунун ортосунда кыска тыным (пауза) болот. Жазууда ал тыным болгон жерге, ээ менен атоочтук баяндоочтун арасына, сызыкча коюлат.

Оозеки речтеги андай баш мүчөлөрдүн арасында айтылган тыным (пауза), жазуу речиндеги алардын ортосуна коюлуучу сызыкча ал өндүү сөз тизмектеринин сүйлөмдүк сапатка жетишишине көмөктөшүп турат.

Кыргыз тилинде ээ менен баяндоочтун ортосуна, негизинен, төмөнкү учурларда сызыкча коюлат:

I) Ээ менен баяндоочтун милдетин атооч жөндөмөдөгү зат атоочтор аткарса, ээнин ортосуна сызыкча коюлат. (Эгерде баяндоочко тиешелүү айкындооч мүчөлөрү болсо, сызыкча ошол айкындооч

мүчөлөрдөн мурда коюлат): Советтик Армия – тынчтыктын жана достуктун армиясы ("КП"). СССР – космосту биринчи болуп ачкан өлкө ("СК"). Эл мугалими – советтик жаштардын ишенимдүү тарбиячысы ("СК").

2) Ээнин милдетин шилтеме ат атоочтор аткарып, баяндоочу атооч жөндөмөдөгү зат атоочтордон болсо, сызыкча коюлат: Ал Шамбеттин – ээри (Т.С.). Бул – Мурат жетим (К.Б.). Ал – сугаттын устасы (Ч.А.).

3) Ээнин милдетин заттык маанидеги атоочтук аткарып, баяндоочу атооч жөндөмөдөгү зат атоочтон болсо, ээ менен баяндоочтун арасына сызыкча коюлат:

Алтын билим, өнөрдүн
Сүтүн берген – мугалим.
Аябастан эмгекке
Күчүн берген – мугалим (Ж.Б.).

Эки сөздүн биринде айтканы – Ажар (К.Б.). Чабан мал четинде жүрсө да, окуганы – китеп, газета-журналдар, укканы – радио ("СК").

4) Ээ менен баяндоочтун биринин милдетин атооч жөндөмөдөгү зат атооч, экинчисиникин кыймыл атооч аткарса, баш мүчөлөрдүн арасына сызыкча коюлат:

Мекенди коргоо – ыйык милдет ("СК"). Сапат үчүн күрөшүү – башкы милдет ("СК"). Ар бир советтик адамдын ыйык милдети – Ата мекенди коргоо ("СК"). Максатыбыз – элди маданияттуу тейлөө ("ЛЖ").

Эгерде атооч жөндөмөдөгү зат атоочтон же кыймыл атоочтон

болгон баяндоочтун алдына бул, ал, ошол деген сөздөр кошулуп айтылса, сызыкча бул сөздөрдүн алды жагына коюлат:

Бирдиктүүлүк - бул жашоо, бирдиктүүлүк - бул күч, бирдиктүүлүк - бул жеңиш ("СК"). Келген каттарды окуп бериш жана жооп жазыш - ал менин милдетим (Ч.А.). Бизге эркиндик, таалай берген- ошол Октябрь (К.Б.).

5) Ээ да, баяндооч да эсептик сан атоочтон болсо, же баяндоочтун милдетин абстрактуу маанидеги сан атооч аткарса, баш мүчөлөрдүн арасына сызыкча коюлат:
Беш жерде беш - жыйырма беш. Эки он - жыйырма. Он алтынын жартысы - сегиз.

6) Баяндоочтун милдетин заттык маанидеги сын атоочтор аткарса да, баш мүчөлөрдүн ортосуна сызыкча коюлат:
Салыйдын көйнөгү - кызыл. Осмондун пальтосу - карасы.

Эгерде зат атоочтон турган баяндоочко жардамчы сөз айкашып айтылса, же жак, суроо, кудук уланды жалганып келсе, баш мүчөлөрдүн арасына сызыкча коюлбайт. Себеби мындай учурда атоочтук баяндооч толук баяндоочтук белгиге ээ болуп, ээ менен тыгыз байланышып келет. Экинчи жагынан, ээ менен баяндоочтун ортосундагы тынымдын (пауза) чеги өзгөрүлүп, баш мүчөлөрдүн арасына сызыкча коюунун зарылчылыгы жок болуп калат.
Мисалы: Уркуя ушакка да жакын киши эле (К.Б.). Шарше студентпи? Жайылып жүргөн мал го? Мен коммунистмин ("СК").

АЙКЫНДООЧ МҮЧӨЛӨР

Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү (ээ, баяндооч) өз ара предикативдик катышта келип, сүйлөмдүн негизин, сүйлөмдү уюштуруучу борборду, түзөрү белгилүү. Ошондуктан көпчүлүк сүйлөмдөр ээ менен баяндоочтон туруп эле, сүйлөмдүк касиетке жетишип, бүткөн бир ойду түшүндүрө алат: Жапар кубанды (К.Б.). Сен кечикпе (А.Т.).

Сүйлөм бул өндүү жөнөкөй ойлорду гана эмес, чындыкта болгон окуянын ар түрдүү кырдаалын, көп кырдуу белгилерин кошо чагылдырган татаалдашкан ойду да кеңири туюндурат. Мындай учурда сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн алдына, айтылуучу ойдун максатына ылайык, ар түрдүү сөздөр кошулуп айтылат. Алар мааниси жана грамматикалык жактан ээ, баяндооч менен байланышып келип, алардын ар түрдүү белгисин баяндайт; баш мүчөлөр менен бирдикте туруп, грамматикалык жагынан уюшулган, бүткөн бир ойду туюндурган сүйлөмдү түзүшөт.

Мисалы: Оңтойсуздана калган Самтыр жылмая сурады (Т.С.).

Мында "оңтойсуздана калган" деген атоочтук "Самтыр" деген сүйлөмдүн ээси менен байланышта айтылып, анын ошол учурдагы абалын көрсөтсө, "жылмая" деген чакчыл да баяндооч менен байланышып, ал билдирген аракеттин кандай абалда аткарылгандыгын көрсөтүп турат. Натыйжада баш мүчөлөрдөн тышкары алардын маанисин айкындап турган башка да мүчөлөрү бар жайылма сүйлөм уюшулган.

Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн (ээ, баяндоочту) айкындап, алардын ар кандай белгилерин толуктап, тактап турган мүчөлөр айкындооч мүчөлөр деп аталат.

Мисалы: Күжүрмөн малчылар кайраттуулук менен эмгектеништи.

Бул сүйлөмдөгү "күжүрмөн" деген сөз "малчылар" деген ээнин сыпатын, "кайраттуулук менен" деген сөз "эмгектеништи" деген баяндоочтун сыпатын көрсөтүп, айкындап турат.

Айкындооч мүчөлөр сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн айкындоо менен бирге, алардын (айкындоочтордун) өзүлөрүнүн маанисин да аныктап, толуктап турган айкындооч мүчөлөрү боло берет.

Мисалы: Биздин колхоздун малчылары асыл тукум уйларды кыштан чыгашасыз асырашты.

Бул сүйлөмдө "биздин" деген аныктооч "колхоздун" деген аныктоочту, "асыл тукум" деген аныктооч "уйларды" деген толуктоочту, "кыштан" деген толуктооч "чыгашасыз" деген бышыктоочту айкындап турушат. Ушинтип сүйлөмдүн ээ, баяндоочунун айланасында бири-бири менен өз ара байланышып келген бир нече айкындооч мүчөлөрдүн болушу мүмкүн.

Айкындооч мүчолор кайсы сөз түркүмүндөгү сөздөр менен байланышып тургандыгына, грамматикалык формасына жана туюндурган маанисине карай аныктооч, толуктооч, бышыктооч болуп үч түргө бөлүнөт.

АНЫКТООЧ

Заттык маанидеги сөздөрдөн турган сүйлөм мүчөсүнө тиешелүү болуп, ал сөз билдирген заттын сапатын, белгисин, касиетин, санын же бир жакка таандык экендигин көрсөтүүчү айкындооч мүчө аныктооч деп аталат.

Аныктоочтор зат атооч, ат атооч жана затташып кеткен сын

атооч,сан атоочтон турган сүйлөмдүн ар кандай мүчөсүн (ээ, аныктооч,толуктооч,бышыктооч,баяндоочту) аныктап келе берет. Аныталып турган сөз менен дайыма ыкташуу жана таандык байланыш жолу менен байланышып, кандай? кайсы? канча? нече? канчанчы? нечинчи? кимдин? эмненин? деген сыяктуу суроолорго жооп берет.

АНЫКТООЧТУН МИЛДЕТИН АТКАРУУЧУ СӨЗДӨР.

Аныктоочтун милдетин төмөнкүдөй сөз түркүмдөрү аткарат:

I. Сапаттык сын атоочтор (аткарат:) аныкталып турган сөзү менен ыкташып байланышат да, өзүлөрүнүн лексикалык маанисине карай:

1) Аныкталып турган заттын өңү-түсүн, сапатын,кулк-мүнөзүн билдирет: ак булут, кызыл галстук, кызгылтым нур; жакшы адам, эски чапан, шайыр бала, жоош киши ж.б.

Ээгинде аппак сакалы бар (К.Б.). Мамасабир шайыр жигит эле (К.Ж.). Аял, эркектердин назик үнү кубулжуду (К.Ж.). Парктын коюу аллейи бар (К.Б.). Жаңы техника - шахтерлордун таалайы (С.Сас).

2) Заттын формасын, салмагын, көлөмдүк, тыгыздык сапатын билдирет: тоголок таш, сүйрү коон, чоң үй, тар комната, терең көл; оор жүк, жеңил таңылчак, коюу туман, жумшак жер ж.б. Бийик тоону жаныңан көр, башына чыкпа (Макал).

Үйдүн морунан суюк түтүн бургуп чыгып жатат (А.Т.). Сизде чоң байлык бар (К.Б.). Ээгинде кичине жарасы бар (К.Ж.).

3) Заттын даамын, температуралык сапатын, адамдын жаш өзгөчөлүгүн билдирет: ачуу алма, таттуу өрүк, кычкыл чие; ысык суу, муздак шамал, жылуу үй, салкын жел; кары киши, жаш бала. Кары жумушчунун ireңi суз (Т.С.). Жаш келин, токсон толгонуп чыдабай баратат (Т.С.). Бир ичим муздак суу көзүнөн учту (К.Б.). Бир кесе ачкыл айранды тынбай тартып жиберди (Ч.А.).

4) Сапаттык сындын салыштырма, күчөтмө даражалары аткарып, заттын сапатынын, ар кандай белгисинин орторoок, же болбосо эң жогорку, же төмөнкү даражада экендигин билдирет: чоңураак үй, катуураак жыгач, таттуураак алма; таптаза үй, кипкичине топчу, кыпкызыл галстук.

Анархан Камилжан деген байдын жаманыраак үйүндө турган. (К.Ж.). Кичинелерин бооруна алып эркелетип, чоңураак Марияга иш үйрөтөт (Т.С.). Алар жапжашыл шиберде көпкө отурушту ("Кырг.аял."). Бирок мен оолукмараак кишимин (А.Уб.).

2. Катыштык сындар аткарып, алар да ар түрдүү маанини туюндурат.

I). Аныкталып турган заттын кандайдыр бир белгиге ээ экендигин же ээ эместигин билгизет: малдуу колхоз, балалуу үй-бүлө; суусуз жер, тузсуз тамак, Советтик бийлик бактылуу турмушка кеңири жол ачты ("Кырг.аял."). Үйдүн ичин шаттуу күлкү көтөрдү (К.Бек.). Мен ишеничсиз киши болдум (К.Ж.). Аны ырайымсыз коркунуч курчап келаткансыды ("Кырг.аял").

2) Аныкталгычтын бир жерге (орунга, мейкиндикке) тиешелүүлүгүн, белгилүү бир мезгилге карата болгон катышын билдирет:

шаардык киши, айылдык бала, оштук пахтачылар; бүшүнкү киши, түнкү жел, кечээки адам, кышкы суук, эртеңки жумуш. Анын айылдык киши экендиги билинип турат ("Кырг.аял"). Анын мандайында шаардык казарма турат (М.Аб.). Ал табылбаса, өмүрлүк шоруң дечи (Н.Б.). Кербенчилер айчылык жолго чыкышты (К.Ж.).

3) -лык формасындагы катыштык сындар аныктоочтук милдетти аткарганда, аныкталгычтын бир уюмга, агымга, коомго, окуяга тиешелүүлүгүн да билдирет: комсомолдук бригада, марксисттик көз караш, советтик окумуштуулар ж.б.

Бүгүн пионердик дружинанын сбору болмок. ("Кырг.пион.").
Мындан революциялык ыр чыгарууга болот (К.Б.).
Мен сөзүмдөн кайта албайм, комсомолдук чогулушта убада бердим (Ч.А.). Мунун жакшы, кубанычтуу, большевиктик иш (К.Б.).

Аныкталгыч билдирген белгинин кимге мүнөздүүлүгүн көрсөтөт: аталык камкордук, энелик мээрим. Салый ал чүрпөдөн энелик мээримин аябады ("КМ").

Аныкталгыч билдирген заттан эмне даярдаларын билдирет: костюмдук материал, кейнектук жибек. Кийимдик кездеме, мал да берет (К.Б.). Магазинден палтолук материал сатып алдым.

Аныкталгычтын кандай кесипчиликке үйрөтүүгө багытталгандыгын билдирет.

А сен механизаторлук кружокко катышпай качып кетесиң (С.Ө.). Султан шофердук курста окуп жатат.

4) -дай формасындагы катыштык сындан турган аныктооч аныкталып турган заттын белгисин экинчи бир зат менен салыштырып, окшоштуруп көрсөтөт: тоодой толкун, үйдөй таш, темирдей тартип ж.б. Асман күзгүдөй тунук (К.Бект.). Ал күлгөндө күрүчтөй

тиштери жаркырай түштү (К.Ж.).Ал ышкырыгындан бармактай короолу да чочубайт (К.Ж.).

5) -лаш формасындагы сын атоочтук аныктооч аныкталгыч билдирген заттын пикири, ою бирдей, окшош экендигин, туугандык, орундук катышын билдирет: тилектеш туугандар, пикирлеш жолдошум; жатындаш иниси; айылдаш киши, жердеш бала, классташ бала, курсташ студент. Айылдаш жолдоштору учурашканы келиптир. Ал классташ балдары менен экскурсияга кетти.

6) Аныкталгычтын ар кандай ишке шыктуулугун, жөндөмдүүлүгүн жана башка өзгөчөлүктөрүн билдирет: суучул бала, ыйлаак бала, табышкер киши, илимпоз кыз, өнөрпоз бала, ишмер адам, жаркоокер бала, алгыр бүркүт, сүзөнөк үй, үркүнчөөк ат, ойчул акын, берерман бала, чайкор абышка. Ормуш - сөзмөр киши. Окуучуларга сууда сүзүүнү суучул балдар үйрөтүштү.

7) -чан формасындагы катыштык сын аныктоочтук милдетти аткарганда, аныкталгычтын сырткы көрүнүшүн, ага мүнөздүү болгон кандайдыр бир ички белгисин туюндурат: мылтыкчан киши, кылыччан кавалерист, найзачан баатыр, өтүкчөн киши, топучан бала, көйнөкчөн адам, атчан киши, суукчан киши, оорукчан бала. Бир оокумда белестен атчан кишилер көрүндү (Т.С.).Күүгүмдө үйгө бир мылтыкчан адам кирип келди ("ЖЛ").

8) Элес тууранды жана табыш тууранды сөздөрдөн жасалган сын атоочтор аныктооч болуп келсе, аныкталгычтын сырткы көрүнүшүнө байланыштуу ар түрдүү белгини жана табыш жагынан болгон белгисин билдирет: далдагай киши, алагай көз, коңкогой мурун, жылтылдак материал; чыйылдак Жаманкул, шылдырак оюнчук, калдырак кагаз.

I. Атооч көндөмөдөгү зат атоочтор аныктоочтук милдетти аткарат, аныкталгычы менен ыкташып байланышат. Негизинен төмөнкүдөй маанилерди берет:

1) Аныкталгычтын эмнеден, кандай заттан жасалгандыгын билдирет: алтын саат, күмүш кашык, темир меш, жибек көйнөк, суусар тебетей, түлкү ичик, кайыш кур.

Бурчта жалгыз жыгач кровать турат (К.Б.). Келиндин эки билегине тең жазылыгы эки эличелик күмүш билерик салынган (К.Осм.). Тойчубек трайке кемселин даки куру менен курчанды (Ч.А.).

2) Кесиптик белгисин, кылган ишин комбайнер Салый, колхозчу Зуура, студент Абыл, сүротчү Капар, жазуучу Бейше. Мергенчи кыздын жүрөгү алып уча баштады ("Кырг.аял".). Таразачы абышка колуна узун илмек темирди алды (К.Б.). Койчу жигит баккан малын айдап жөнөдү (К.Б.).

3) Затты жыныстык жагынан аныктайт: кыз бала, уул бала, аял киши, ургаачы кой, эркек киши. Кыз бала боорукер келет экен (К.Б.).

4) Аныкталуучу заттын наамын, даражасын, улутун көрсөтүп аныктайт: профессор Султанов, доцент Алиев, лейтенант Жапар. Шаардан чакырылгандардан эми академик Сулайманованы келет деп жатышкан экен (Ч.А.). Алардын арасында бир казак кыз, эки кыргыз кыз бар экен.

5) Аныкталгычты жолдоштук, туугандык белгиси боюнча аныктайт: карындашым Сулай, иним Керим, кызым Зуура.

Энеси Салый фермада иштейт. Атасы Петр – райондо зоотехник (С.Ө.).

2. Атооч жөндөмөдөгү сан атоочтор аткарат; аныкталуучу заттын сан жагынан болгон белгисин билдирет:
Арадан эки ай өттү (Ч.А.).Сени мен отуздагы жигитке береминби (Ш.Б.) Зарлык онунчу класста окуйт. Отуздай солдат туткундарды айдап келишти (К.Ж.).

3. Шилтеме, айрым жалпылама ат атоочтор жөндөмөдө туруп, жөнөкөй аныктоочтук милдетти аткарат: Копчулугу ошол кыштактагы айнек заводунда иштешер эле (К.Б.).Мен ушул жерден туткун болдум эле (А.Т.).Тиги келин эмнең? (К.Ж.) Колумдан бардык иш келет (К.Б.).Андай мугалимди ким жаман көрсүн? (К.Б.) Эң акыркы номерде бүткүл катышуучулар хор айтышты (Т.С.).

4. Сурама ат атоочтордун ичинен нече, канча, канчанчы, неченчи, кайсы,кандай, кайдагы, качанкы дегендер атооч жөндөмөдө туруп, жөнөкөй аныктоочтун милдетин аткарат: -Балам,айылда кандай жаңылыктар бар? (К.Б.) Пленумдун материалдары боюнча канча лекция окулду? Уулуң канчанчы класста окуйт? Сен кайдагы кишини ээрчитип келгенсиң? Качанкы окуяны сүйлөшүп олтурасыңар?

5. Этиштин озгече бир түрү болгон атоочтуктар, кыймыл атоочтор да атооч жөндөмөдө келип, жөнөкөй аныктоочтун милдетин аткарат, заттын кыймылдык белгисин билдирет.

Мисалы: Жайкалган эгин, буралган чеп жок (А.Т.).
Уккан кулакта жазык жок (макал). Биздин эмдиги жүрөр жолубуздун оңу да ушул тарап (Т.С.).Бизге келүүчү делегацияны жакшылап тосуп алышыбыз керек. Өлөр эчки койчунун таягына сөйкөнөт. Өтпөс өмүр, сынбас темир болбойт (макалдар).

6. Аз да болсо сан-өлчөм тактоочтор аткарып, затты сандык, өлчөмдүк белгиси боюнча аныктайт: Карачы, балдар көп жерди айдап коюшуптур (К.Б.). Эртең азыраак эт берип жиберейин (К.Ж.). Колхозубуз эгинден мол түшүм алды.

7). Аныктоочтун милетин татаал сан атоочтор да аткарат, кээде ага сөз/ жасоочу - гы мүчөсү уланып келет; аныкталгычты сандык белгиси боюнча аныктайт: Жеңем сизден жыйырма беш жаш кичүү ("Ала-Тоо"). Бул кишинин өзүн көргөнүбүзгө он беш эле күн болду (А.Т.). Ал жыйырма биринчи комнатада жашайт. Андан бери беш-алты күн өттү (К.Б.). Мен сени отуз бештеги жигитке берем-би? (Ш.Б.). Үстүбүздөгү жылы ар жүз тубар бээден токсон жети-ден кулун алды ("СК").

8) Татаал сын атоочтор аткарат: Анын көк ала сакалынан мөлтүрөгөн тамчылар куланып жатты (А.Т.). Шаардын ичи да,сырты да көк жашыл өсүмдүктөр (К.Б.). Айткулу кызыл-тазыл желек кар-мап, калың элге барып кошулду (К.Б.).

9) Үңгу түрдөгү татаал кеңдеги зат атоочтор аныкталгыч менен ыкташып байланышып, аныктоочтун милдетин аткарат: Кыргызстандын өнөр жай ишканалары жылдык планды ашыра орунда-тышты. Институт айыл чарба адистерин даярдайт. Үгүт-насыят иштери силерде начар экен, жолдош Хасанов (К.Б.)

10) Татаал формадагы аныктама,белгисиз,тангыч ат атоочтор аткарат: Ар бир мектепте өндүрүштүк окуу боюнча мастерская уюшулган ("СК"). Арадан бир канча убакыт өттү (К.Б.).
Ал заманда кай бир үйдүн казаны асылбай, түндүгү тартылбай калбадыбы (К.Ж.). Кандайдыр бир табыш угулду. Кээ бир койчулар төлдү аз алышты. Айланада эч бир жан жок (Ч.А.).

11) Татаал атоочтук этиштер аткарып, аныкталгычты кыймыл-дык белгиси боюнча аныктайт: Тиги Сооронбайдын коюн кайтарып жүргөн жалгыз уулумдан сени жакшы көрөм (К.Ж,). Анын жөнөп кет-ер убакыты да жетти. Отурган ордуна үргүлөп кетүүчү кишилер да табылды (Н.Б.). Ачыла элек сандыкта бычыла элек кундуз бар (макал).

12). Татаал формадагы кыймыл атоочтор аткарат: Ар жагында аны жакшылап багып, жүнүн кыркып ала берүү жумушу калат (А.Уб.). Колхоздо оруу-жыйноо иши кызуу башталып калган учур эле.

13). Кош айтылган тууранды жана элестүү сөздөр аткарып, аныкталгыч билдирген заттын табыштык белгисин, сырткы көрүнүш өзгөчөлүгүн көрсөтөт: бака-шака үн, күңкүл-мыңкыл сөздөр, тарс-тарс эткен дабыш, эрбең-сербең караан ж.б. Адатта мындай жерде уу-чуу, кобур-собур сөздөр көп болот эмеспи (К.Б.).



I. Илик жөндөмөдөгү зат атоочтор жөнөкөй аныктоочтук милдетти аткарып, өзүнүн жана аныкталгычтын маанисине карай түрдүү маанини билдирет.

1) Илик жөндөмөдөгү аныктооч аныкталып турган заттын кимге, эмнеге таандык экендигин көрсөтөт:
Колхоздун короо-жайы менен таанышты (К.Б.). Сенин Сабырбегин газеттен түшпөс болду го! (Ч.А.) Бригаданын алдыңкы трактористи өлтөл (Ч.А.).

2) Эгерде аныкталгыч туугандык маанидеги сөздөрдөн болсо, кандайдыр бир тууган-туушкандык, жолдоштук мамилени билдирет: Чоконун келини үнүн баспады (К.Ж.). Жанагы келген - абысынымдын уулу (К.Боб). Керимдин жолдошу кечээ келиптир.

3) Иликтеги сөз орундук маанини, андан кийинки аныкталгычы кесипчиликти билдирсе, аныкталып турган заттын кайсы жерде иштегенин билдирет: Быйыл айлыбыздын агроному кош айдоону эрте баштатты (К.Б.). Ферманын учетчиги малчыларга кетиптир. Тарбиячы мени мектептин директоруна ээрчитип кирди ("ЖЛ").

4) Илик жөндөмөдөгү сөз бүтүн нерсени, аныкталып турган зат ал бүтүндүн бир бөлүкчөсү экендигин билдирет: Ошол учурда автоматымдын боосун мойнумдан чыгарып алдым да, ыргып тура калдым (А.Т.). Ажырашар дос ээрдин кашын сурайт (Макал). Баланын жүрөгү шуу дей түштү (К.Б.). Асыл тукум койдун жүнү да асыл болот (А.Уб.).

5) Аныкталып турган заттын эмнеден жасалганын , тегин билдирет: Буудайдын унунан нан жасашты. Зыгырдын майын сатып келиптир.

6) Иликтеги сөз орундук же мезгилдик мааниде болсо, аныкталгычтын кайсы территорияга, кайсы мезгилге тиешелүү экендигин билдирет:

Бизди Фрунзенин эмгекчилери тосуп чыкты (К.Б.). Бөксөнүн бөрүсү, адырдын түлкүсү көрүнсө,... (Т.С.) Быйыл Оштун пахтачылары зор жетишкендиктерге ээ болушту. Майдын кечки салкын жели сокту. Кыштын суугу күчөп турган кез эле. Өзбекстандын эмгекчилери да зор ийгиликтерге жетишти.

7) Илик жөндөмөдөгү сөз аныкталгыч билдирип турган сапаттын, касиеттин, ар түрдүү белгинин кимге, эмнеге тиешелүүлүгүн көрсөтөт. Мындай учурда аныкталуучу сыпаттык маанидеги сөздөрдөн болот:

Кыздын сулуулугу, суунун тазалыгы, жоокердин баатырлыгы. Издин зордугун көргөндө Эшендин денеси дүрүлдөдү (Т.С.). Мейли, андан кишинин сулуулугу кемийт беле! (Ч.А.) Күндүн ысыгы ого бетер чекеден өттү (А.Т.). Дүйнөнүн тазалыгына, адамдын тазалыгына рахмат дедим (Ч.А.). Сулайман менен Чынгыс аттын жакшысын миништи (К.О.).

8) Аныкталгыч атоочтук, кыймыл атооч, же этиштен жасалган зат атоочтон болсо, иликтеги аныктооч ошол аныкталгыч билдирген аракеттин логикалык суб"ектиси катары келет: Жайдарынын тергени эки жүз килого чейин жетти (К.Ж.). Каныбектин жарактуу кирип келиши күтүлбөгөн көрүнүш болду (К.Ж.). Чоконун жүрүш-турушу мурункудай эле (К.Ж.).

9) Аныктооч өзүнөн кийинки аныкталмыч туюндурган кыймыл-аракетке логикалык объект катары да келет. Мындай учурда аныкталмычы кыймыл атоочтордон болот: Чогулушта пландын орундалышы (планды орундоо) талкууланды. Колхозчуларыбыз түшүмдүн жогорулашы (=түшүмдү жогорулатуу) үчүн талыкпай эмгектенип жатышат.

10) Аныкталгыч билдирген заттын кандай уюмга тиешелүүлүгүн туюндурат: Кружоктун мүчөсү, [illegible], профсоюздун мүчөсү. Айрым учурда илик жөндөмөнүн мүчөсү түшүп калып да айтыла берет. Эгерде аныкталып турган заттын кимге, эмнеге таандык экендигин так жана баса көрсөтүү керек болсо, иликтеги сөз мүчөлүү айтылат: мектептин багы, совхоздун малы, окуучунун китеби.

Эгерде аныкталып турган заттын илик жөндөмөдөгү затка тиешелүүлүгү конкреттүү эмес, жалпы планда көрсөтүлсө, мүчөсүз айтылат. Мисалы: Булбул үнү мурункудан алда канча жакындады(К.Ж.). Эр эмгегин жер жебейт. Аргымак мойнун ок кесет, азамат мойнун жок кесет (Макалдар).

2. Илик жөндөмөдөгү ат атоочтор аткарат:
Салам айтыш сиздин да милдет (А.Т.). Сен ошолордун биреесүң(К.Б.). Алардын репертуары бай ("СК"). Кимдин бригадасы биринчиликти алды?

3. Субстантивдешкен (затташкан) жөнөкөй сын атоочтор, атоочтуктар, субстантивдешкен же абстракттуу маанидеги жөнөкөй сан атоочтор жана кыймыл атоочтор илик жөндөмөдө туруп, аныктоочтук милдетти аткарышат: Жакшынын шарапаты, жамандын кесепети тиет. Ачуулуунун алдына турба, атасына карабай(Макалдар). Алтынчынын окуу китептерин сурады (Ш.Б.). Жыйырманын жатрысы - он. Жол арбыган сайын алтоонун көңүлү көтөрүлүүдө (Т.С.). Он эки кабат үйлөрүн көргөндүн көөнү тойгондой (Тоголок.Молдо). Өлгөндүн жазасы-көмгөн. Алгандын бергени бар (Макалдар). Шаарга баруунун кереги жок эле. Ал мындан кутулуунун амалын таппады (К.Ж.).

Аныктоочтун милдетин ушуну менен бирге:

а) Илик жөндөмөдөгү татаал сөздөр, бир нече сөздүн тизмегинен турган татаал аттар аткарат. Маани жагынан негизинен аныкталуучу заттын кимге, эмнеге, кайсы уюмга, мекемеге, өлкөгө тиешелүү, таандык экендигин, орундук катышын; аныкталгычтын эмнеден жасалгандыгын, тегин ж.б. билдирет.

Мисалы: жол башчынын сөзү, бала-чаканын кийими, Кыргыз ССРинин спортсмендери, коммунисттик партиянын мүчөсү, Ысык-Көлдүн алмасы, Карагай-Булактын суусу, күн караманын майы ж.б.

Советтер Союзунун гражданддары даңктуу Мекени менен сыймыктанат. Жалал-Абаддын пахтачылары жигердүүлүк менен эмгектенүүдө ("СК"). Кадимки кара буудайдын нанына желим кошулуп жасалган (К.Ж.). Өкмөтүбүз Ата мекендик согуштун инвалиддери үчүн зор кам көрүүдө ("СК"). Хайдаркан сымап комбинатынын ишканаларында эмгектин темпи күчөөдө ("СК"). Сүт товар фермасынын башчысы айылдык советке депутат болуп шайланды ("СК").

б) Илик жөндөмөдөгү татаал ат атоочтор аткарат:

Кимдир бирөөнүн карааны көрүндү. Бир нерсенин көлөкөсү түшүп турат. Кээ бирөөнүн бети кызыл ала, өндөрү купкуу (К.Ж.). Биз эч кимдин малын тартып алган жок элек (Т.С.).

в) жөлекчү (приложение) өзүнүн алдындагы аныкталгычы менен бирдикте туруп илик жөндөмөдө айтылганда да тутумдаш аныктоочтун милдетин аткарат:

Карбос атанын жашы бийил жетимиштин сегизинде (С.Ө.). Микола - Люба келинимдин уулу (Т.С.). Бул иштин ийгиликтүү бүтүшүндө Койчуман карыянын эмгеги зор (А.Уб.).

г) Илик жөндөмөдөгү субстантивдешкен татаал сын атоочтор, атоочтуктар жана татаал сан атоочтор менен кыймыл атоочтор аткарат.

Мисалы: Улуу-кичүүнүн сөзүн ук. Келе жаткандардын экөө мага тааныш. Он экинин жартысы - алты. Ат тээп өлгөн койдун өпкөсүн лабораторияга алып баруунун эмне зарылчылыгы бар? (А.Уб.)

Ар бир карапайым колхозчуга мамиле кылуунун жолун билип керек

Синтаксистик жагынан өз ара ажырагыс биримдикте турган бир нече сөздүн айкашы да аныктоочтук милтетти аткарат. Андай аныктоочтор тутумдаш аныктоочтор деп аталат.

Мисалы: Кайсы бирөөнүн иренинде катуу ызанын көлөкөсү бар (Т.С.). Чүй районундагы колхоздор жылдык планын орундатышты.

Мындагы синтаксистик аткарган милетине карай өз ара ажыралгыс биримдикте турган кайсы бирөөнүн, Чүй районундагы деген сөз айкаштары тутумдаш аныктоочтун милетин аткарып турушат.

Тутумдаш аныктоочтор негизинен төмөнкүдөй жолдор менен түзүлөт:

I). Тутумдаш аныктоочтордун милдетин илик жөндөмөдөгү сөздөн кийин аягына жатыш жөндөмөнүн мүчөсү жана -гы курандысы жалганган жардамчы атоочтордун (үстү, башы, төбөсү, алды, арты, түбү ж.б.) айкашып айтылышы менен уюшулган сөз айкаштары аткарат. Аныкталуучу затты орундук белгиси боюнча аныктайт: үйдүн алдындагы бак, шаардын четиндеги үй, дөңдүн үстүндөгү айыл ж.б.

Унтер - офицер баштаган бир тобу карагайдын жанындагы алачыкка келишти (К.Ж.). Каныбектер дарыянын четиндеги көчө

менен бурулушту (К.Ж.). Ал үйдүн ичиндеги буюмдарга көз жүгүрттү.

2) Мезгилдик маанидеги сөздөрдөн кийин алдындагы, башындагы, ортосундагы, ичиндеги деген өндүү жардамчы атоочтордун айкашып айтылышы менен түзүлгөн ажырагыс сөз айкаштары аткарат, аныкталгычты мезгилдик белгиси боюнча аныктайт: январдын ортосундагы суук, февраль ичиндеги окуя, кыш ортосундагы суук, ж.б. Кечээ түн ортосундагы кыйкырыкты уктуңбу? Таң алдындагы салкын жел көңүлдү сергитти. Жыл башындагы окуяны унуттуңбу?

3) Куранды =лык мүчөсү жалганган мезгилдик маанидеги күн, түн, ай, саат, жыл, минут, секунд сыяктуу зат атоочторго эсептик сандын айкашып айтылышы менен уюшулган мезгилдик маанидеги ажырагыс сөз айкаштары аткарат: бир секунддук иш, эки сааттык иш, беш жылдык план ж.б. Жети күндүк жашым бар (Фольклор). Сибирдеги сегиз жылдык өмүрү эсине түштү (К.Ж.). Алар бир айлык экспедицияга кетишкен. Бригадабызда бир жумалык иш калды. Мындай түзүлүштөгү ажырагыс сөз айкаштарынын айрымдары = лык мүчөсү уланбай туруп эле, тутумдаш аныктооч боло алат: үч саат убакыт керек, төрт минут убакыт берилди.

4) Аягына =гы, =кы мүчөсү жалганган татаал тактоочтор, жылды, числону билдирүүчү ажырагыс сөз айкаштары аткарып, аныкталгычты мезгилдик белгиси боюнча аныктайт:

1905-жылкы көтөрүлүш, 5-майдагы окуя, эртең мененки суук. 1917-жылкы революция падышаны тактан кулатты (К.Мал.). Мурдагы күнкү өрттүн айыптуусу табылды... (М.Абд.).

Бир катар тутумдаш аныктоочтор аныкталгычты өлчөмдүк белгиси боюнча аныктайт. Андай аныктоочтор:

5) Өлчөм, көлөм маанисиндеги сөздөргө сан атоочтун айкашып айтылышы менен уюшулат: бир стакан суу, бир чанач кымыз, эки метр кездеме, бир кашык май, бир байлам жоолук, эки гектар жер, беш короо кой, бир кап буудай, эки километр жер, бир кайнатым чай, бир ууртам суу, бир татым туз, эки үзүм нан, бир асым эт.

Кантейин колумдан келсе, энемдин бир тамчы жашын жерге тамызар бедем! (К.Ж.) Өткөн жылы колхоз 1300 гектар аянтка пахта өстүрмөк ("СК"). Алар 25 чакырым жолду жөө басып баруулары тийиш (М.Аб.). Бир чака сүткө бир чака суу кошобуз (М.Эл.). Салый бир короо козу багат. Яшанын алдына чоң кесим нан койду (К.Ж.).

6) Эсептик сан менен сом, тыйын деген сөздөрдүн айкашынан уюшулган ажырагыс сөз айкаштары да өлчөм маанисиндеги тутумдаш аныктоочтун милдетин аткарат:
Энесине он беш сом акча бердим (К.Ж.). Эки жүз сом каражат менен Лизага карай жөнөдүм (К.Ж.). Пейли бузулган соодагер элүү тыйын пайда үчүн жанын сабап иштейт эмеспи (К.Ж.).

7) Тутумдаш аныктоочтор салмактык маанидеги (тонна, центнер, килограмм, пуд ж.б.) сөздөргө эсептик сандын айкашып келиши менен түзүлөт; аныкталгычты салмактык белгисине карай аныктайт: Кыштан чыгыш үчүн дагы токсон тонна чөп керек ("СК"). Бир гектар жердин жүгөрүсүнөн жети жүз центнер силос алууга болот (А.Уб.). Бир коюнуз бир жылда төрт килодон жүн бере алар бекен? (А.Уб.) Бир кадак кумдан чыккан алтын – ушул (К.Ж.).

8) "Чакты", "ашык", "ашуун", "чамалуу", "жакын" деген сөздөрдүн түзүлгөн чамалама сандар да тутумдаш кошулуп айтылышы менен аныктоочтун милдетин аткарат:

Койлорду он чакты карышкыр туш-туштан тосмолоп алыптыр. Өткөн жылы гана үч миңден ашуун трактор сатып алынды ("СК"). Белден аша берерде жыйырмага жакын элик жолукту.

9) Тутумдаш аныктоочтор жашар, жаштагы деген сөздөргө эсептик сандын айкашып айтылышы менен түзүлөт, аныктал-гычты жаш өзгөчөлүгүнө карай аныктайт: Сегиз жаштагы кыз, беш жашар бала.

Тилектин он төрт жашар иниси чөкө таандардын келишин аңдып турат (С.Ө.).

10). Эң, өтө, абдан, чымкый деген жардамчы сөздөрдүн жар-



дамы менен уюшулган күчөтмө даражадагы сындар аткарат:
Анда абдан кызыктуу нерселер бар (Ч.А.). [illegible] Чымкый кызыл материалга лозунг жаздырды.

12) Күчөтүү маанисиндеги ажырагыс сөз айкаштары аткарат: кебезден жумшак эти, айдан да жарык нур, чоктон да кызыл бет, тоодон да чоң толкун ж.б.

13) -дай, -гы, -лык курандылары жалганып, сындык мааниге өткөн татаал сөздөр аткарат. Мисалы: Сары-Челектей жер жок; атан төөдөй киши, бет аарчыдай чүпүрөк, Кең-Суудагы иним, таш-көмүрлүк шахтер, жаңы-ноокаттык тамекичилер; "Сайлык" колхозундагы үйлөр, Шопоков көчөсүндөгү мектеп, "Коммунист" журналындагы макала.

13) Тутумдаш аныктооч катыштык сын атоочтун алдына ар түрдүү маанидеги жай сындын айкашып айтылышы менен да түзүлөт.

Мисалы: кара тондуу чал, күрөң палточон жигит, кызыл жоолукчан келин, узун бойлуу киши ж.б.
Кабинетке узун бойлуу жигит кирип келди.

Уяң жүндүү бир кой жыл сайын 204 сом киреше бергенде, кылчык жүндүү бир кой 2 сом киреше берет экен (А.Уб.).

14) Уңгу түрдөгү зат атоочко түрдүү маанидеги сын атоочтордун кошулуп айтылышы менен уюшулат: көгала сакал киши, ак сакал чал, кара мурут жигит, көк чыт көйнөк, кызыл тубар жоолук, ак жибек көйнөк, асыл тукум кой ж.б. Ал ак көңүл адам көрүнөт (К.Б.). Бири - кер мурут жигит, бири - жаңыдан багы ачыла баштаган койчу (Т.С.). Анын ак чач апасы менен карындашы эртеден кечке жанында (М.Аб.). Кайраттуу, эр жүрөк адам (К.Б.).

15) Эгерде аныктоочтук милдеттеги биринчи сөз аныкталып турган зат атооч менен түздөн-түз байланышпай, өзүнөн кийинки экинчи аныктоочтун ар түрдүү белгисин көрсөтүп, ошону менен бирдикте туруп кийинки анықталгычты айкындаса да, тутумдаш аныктооч уюшулат.

Мисалы: Үлбөрүңкү жеңил булуттар чыбыр-чыбырдагы жатагынан козголо баштады (Ч.А.). Анын кундуздай капкара чачы агарып кетиптир (М.Бай.). Жаздын алгачкы мээлүүн күндөрүнүн бири эле (А.Уб.)

Мында биринчи сүйлөмдөгү "үлбөрүңкү" деген аныктооч "булуттар" деген анықталгыч менен түздөн-түз байланышкан жок, өзүнөн кийинки "жеңил" деген экинчи аныктооч менен байланышып, аны менен бирдикте келип, анықталгычтын ар түрдүү белгисин көрсөтүп турушат. Кийинки мисалдарда да ушундай.

16) Составында атоочтук этиш бар синтаксистик ажырагыс сөз айкаштары аткарат:

Эрте тууган эки ую сүттү арбын берүүчү эле (А.Уб.), Жеңишбектин ыргактуу үнүн жумшак жорткон жел алга серпти (С.Ө.). Керим деген байдын дүкөнүн билесиң го? (К.Ж.) Темир деген баатыр он сегиз басмачынын колунан аман кутулуптур (Т.С.). Анын тойдум деген сөзүн эч ким уга элек (А.Уб.).

17) Тутумунда кыймыл атоочтор бар синтаксистик ажырагыс сөз айкаштары да аткарат: Ошого чейин биз уйларды оорсок сааш

эми алык билди (К.Ж.). Мектептин директору Сариев өндүрүш бригадаларынын ишин жакшы жолго койду. Ферма башчысы Курмандын Акбарга жакындап кетиши да ага көп жага бербейт (А.Уб.). Балдарынын кенжеси Султан быйыл армияга кеткен.

19) Ажырагыс сөз айкаштарына кирген татаал аттар аткарат, заттардын түрдүү наамына карай аныктайт:
Социалисттик Эмгектин Баатыры Акматов быйыл да зор ийгиликтерге жетишти. Чогулушта тарых илимдеринин кандидаты Султанкулов доклад жасады. Кыргыз ССРинин эл жазуучусу Т.Сыдыкбеков көп сандаган чыгармаларды жаратты.

20) Аягына -гы, -кы формасы жалганган мурун, кийин, илгери, чейин, бери, ары, жөнүндө, сыяктуу, өндүү деген жандоочтор("сыяктуу", "өндүү" жандоочунан кийин -гы мүчөсү уланбайт) өзүнүн алдындагы байланышкан сөзү менен бирдикте туруп, тутумдаш аныктооч болот; аныкталгычты мезгилдик, мейкиндик белгисине карай аныктайт: революциядан мурунку окуя, согуштан кийинки мезгил, түшкө чейинки иш, саат бешке чейинки жумуш, кечээтен берки сөз, Токмоктон берки жол, мындан аркы ишим; эмгек жөнүндөгү ыр, тынчтык жөнүндөгү декларация(кийинки экөө аныкталуучу заттын ички мазмунун ачып көрсөттү). Бул сыяктуу ойлордон Дарылхан да качык эмес эле (К.Ж.) (салыштыруу, окшоштуруу маанисинде аныктап турат)

(170-а) 23) Бир канча сөздүн синтаксистик жагынан өз ара ажырагыс болуп тутумдашып кетишинен түзүлгөн сөз түрмөктөрү да тутумдаш аныктооч болуп келет. Андай сөз түрмөктөрүнүн аяккы компоненти атоочтуктардан, айрым сын атооч, тактоочтордон болот. Бул өндүү сөз тизмегинин тутумундагы сөздөр бири-бири менен өтө тыгыз байланышып тургандыктан, бирдиктүү түрдө туруп, кандай? кайсы? деген бир суроого жооп берип, тутумдаш аныктоочтун милдетин аткарат. (Мындай сөз түрмөктөрүнүн түзүлүшү жөнүндө.... бетти караңыз.)

а) Үнү каргылдана калган Карбос ата белин түзөп какая калат (С.Өмүрб.). Ак жүзү аптапка тамылжып турган жигит чечкиндүү сүйлөдү (Т.С.). Кочкор болор козунун маңдай жагы дөң болот (макал). Үй-жайы жок мусапыр кимге керек эле? (Ч.А.) Ашы бар аяктан аттаба (макал). Адеби жок жигит жүгөнү жок атка окшойт (Макал). Иши кыйшык кишинин күнү кетер артына (Макал).

б) Үч күнү катары менен төгкөн кара нөшөр бүгүн таңга маал басылды (С.Ө.). Балдасын көтөргөн Сейде эшиктин жанына жакындап калган (Ч.А.). Энесинин сырын жакшы билген Абыл сөздү узартып отурган жок (С.Ө.).

в) Кээде бул өндүү сөз түрмөктөрү субстантивдешип заттык мааниге өтөт; мындай учурда алар илик жөндөмөдө айтылып, тутумдаш аныктоочтун милдетин аткарат:
Колу кыймылдабагандын соозу кыймылдабайт. Иши оңолордун ити чөп жейт. Иниси бардын ырысы бар. Акылы жоктун азабы көп (Макалдар).

24) Тутумдаш аныктоочтун милдетин туруктуу фразеологиялык айкаштар да аткарат: Алар ичинен тануу айланбаган кара ниеттер (М.Аб.). Биз билгенден аларда колунан көөр төгүлгөн уста дале жок (К.Осм.). Көчөдө көзгө сайса көрүнгүс караңгылык (К.Бек.) Битин сыгып, канын жалаган байлар зили түбү жарыбайт го...(К.Ж.) Чекем жылый турган жер көрүнбөйт (М.Э.).

Жандама мүчө

~~жөлөкчү~~

Жандама мүчө ~~жөлөкчү~~ аныктоочтун өзгөчө бир түрү. Ал дайыма аныкталгычтан кийин келип, анын заттык белгисин, кээде айрым сыпаттык белгисин аныктап турат, экинчи жагынан, ага жаңы кошумча ат (атоо) да берет.

Мисалы: Ормуш жылкычы баалуу сыйлык менен сыйланды. Бул - Тукубай баатыр окуган мектеп ("ЖЛ").

Мында биринчи сүйлөмдөгү "жылкычы" деген ~~жөлөкчү~~ (аныктооч) "Ормуш" деген аныкталгычтан кийин келип, кайсы? деген суроого жооп берип, анын заттык белгисин көрсөтүп турат. Экинчи сүйлөмдөгү "баатыр" деген жөлөкчү да кайсы? деген суроого жооп берип, алдындагы "Тукубай" деген аныкталгычтын сыпаттык белгисин аныктап турат. Ушуну менен бирге, бул ~~жөлөкчүлөр~~ өзүнүн алдындагы аныкталгычка кошумча ат (атоо) да берип турат: Ормуш жылкычы, Тукубай баатыр.

Аныкталгычтан кийин келип, анын заттык белгисин, кээде сыпаттык белгисин көрсөтүү менен, ага кошумча ат (атоо) да берип турган сүйлөм мүчесү ~~жөлөкчү~~ деп аталат.

~~Жөлөкчүлөр~~ Жандама мүчөлөр аныктоочтон айырмаланып,

1) ар дайым аныкталгычтан кийин келет. Аныкталгычтан кийин келип, аны менен жаңаша айтылгандыктан ~~(ага жөлөнө айтылгандыктан)~~, "жандама мүчө" ~~"жөлөкчү"~~ деген термин менен аталды;

2) анын милдетин дайыма зат атоочтор, кээде сыпаттык маанидеги сөздөр аткарат; 3) аныктоочтор өзүнөн кийинки аныкталгычтын ар түрдүү белгисин көрсөтөт да, аныкталгычы сүйлөмдө өзүнчө мүчелүк милдетти аткарат:

Пионерлер жашыл чөпкө оонашты.

Мында "жашыл" деген аныктооч өзүнөн кийинки аныкталгычтын өңүн көрсөтүп турат, "чөпкө" деген аныкталгычы болсо толуктооч-

тук милдетти аткарып турат.

Ал эми жалпылама мүчөлөр, бир жагынан, өзүнүн алдындагы аныкталгычтын заттын белгисин көрсөтүп, аныктап турса, экинчи жагынан, аны менен ажырагыс бирдикте туруп, сүйлөмдүн ар кандай тутумдаш мүчөсүнүн милдетин аткарат:

Мен Зуура жеңемди Фрунзеге жөнөтүп келдим.

Мында "жеңе" деген жалпылама мүчө алдындагы аныкталгычты тууганлык белгиси боюнча аныктап турат, экинчи жагынан, ошол аныкталгычы менен бирдикте келип, тутумдаш толуктоочтун милдетин аткарып турат (кимди Фрунзеге жөнөтүп келдиң? - Зуура жеңемди — тутумдаш толуктооч).

~~Жалпылама мүчөлөр~~ ~~Жөлөкчүлөр, түзүлүш өзгөчөлүктөрүнө карай эки түргө бөлүнөт: жалпама жөлөкчүлөр, түгөйлүү жөлөкчүлөр.~~

Жалпама мүчөлөр аныкталгычтан кийин жаңаша айтылып, анын заттык, кээде сыпаттык белгисин көрсөтүп аныктайт. Аныкталуучу сөзү көбүнчө адам аттарынан болот да, аны аныктай турган жөлөкчүл мүчө карыя, байбиче, жеңе, эже, аке, байке, ата, апа, эне, агай, келин, баатыр, тентек, сулуу, ак сакал, уста, жылкычы, бригадир, мугалим, өтүкчү ж.б. деген сыяктуу сөздөрдөн болот.

Мисалы: Асан башкарма акырдагы чөп жеп турган атынын жанына барды (К.Ж.). Камка картаң чынысын дасторконго койду (Т.С.). Бир аздан кийин Чаргын байкем, Акия жеңемдер келишет (Т.С.).

Бул сүйлөмдөрдөгү башкарма, картаң, байкем, жеңемдер деген сөздөр өзүлөрүнүн алдындагы Асан, Камка, Чаргын, Акия деген аныкталгычтарды жандай айтылып, алардын кызмат абалын, сыпаттык белгисин, тууганлык катышын билдирип турушат. ~~Булар — жандама жөлөкчүлөр.~~

Жандама мүчөлөр, жогоруда белгиленгендей, бир жагынан, өзүнүн алдындагы аныкталгычтын ар кандай белгисин көрсөтүп, аныкта

турса, экинчи жагынан, аны менен ажырагыс бирдикте туруп, сүйлөмдө тутумдаш мүчөнүн милдетин аткарат.

Мисалы: Чаргын чап жаак айга атырылган арыстандай ордунан ыргып турду (Т.С.). Отургандар Сайкал апанын өзүн чоң ынтаа менен угушту (К.М.).

Мында биринчи сүйлөмдөгү Чаргын чап жаак деген сөз айкашындагы чап жаак деген сөз - жандама мүчө. Ал, биринчиден, Чаргын деген аныкталгычтан кийин келип, анын сыпатын, сырткы белгисин көрсөтүп турат. Экинчи жагынан, ошол эле Чаргын деген аныктал гыч менен ажырагыс биримдикте туруп, тутумдаш ээлик милдетти аткарып турат.

Экинчи сүйлөмдөгү Сайкал апанын деген сөз айкашындагы апанын деген жандама мүчө, биринчиден, Сайкал деген аныкталгычты урматтоо, сыйлоо маанисинде аныктап турса, экинчиден, ошол аныкталгыч менен бирге келип, тутумдаш аныктоочтук милдетти аткарып турат.

Жандама мүчөлөр оозеки сөздө өзүнүн алдындагы аныкталгычтан кандайдыр бир тыным /пауза/ аркылуу бөлүнүп айтылбастан, аны менен тыгыз бирдикте айтылат. Ошол себептүү аныкталгыч менен жөлөкчүнүн ортосуна дефис коюлбай, алар бири-биринен айрым жазылат: Акийма эне балдарга дайым жалынып турат (С.Ө./. Шадман аке-ак пейил калыс адам (А.У.).

Жандама мүчө өзүнүн лексикалык маанисине ылайык алдындагы аныкталгычтын:

I) сынын, сыпатын, кандайдыр бир касиетин, ар кандай белгисин көрсөтөт: Чолпонбай баатыр ушул мектепте окуган ("СК"). Анткени менен Динара тентек китепти көп окуйт (Т.С.) Анда Дмитрий чоң сакал да бакжая түшкөн (Т.С.). Артыкча Акия кетирекей Шамбет-

ке алдыртан тийишти (Т.С.).

2) Аныкталгычтын кызматын, кесибин билдирет:

Оруу-жыюу мезгилинде Салый бригадирдин иши ого бетер кычап чыкты ("ЖЛ"). Кечтен бери Курман жылкычынын аялы Күмүш Муратты издеп таппады (К.Б.).Умөт устаны айылдагылар Умөкө дешчү (С.Ө.).

3) Аныкталгычтын туугандык белгисин билдирет, же аны урматтап, сыпайы атап көрсөтөт:

Чаргын байкем бүгүн тоого малчыларга кеткен (Т.С).Бурмаке энем бир чөйчөк буудай берсин дейт (М.Э.). Бул жөнүндө,сөзсүз, Сапар агайга акылдашабыз! (С.Ө.)

4) Аныкталгычты жаш өзгөчөлүгүнө карай сыпаттайт:

Жакында Токо карыя өзүнүн жүз он жашка чыкканын белгиледи ("СК") Бири - али турмуштун ачуусун сезе элек Гүлнар секелек (Т.С.). Каныш байбиче кечээ келип кеткен.

5) Кээ бир жандама ~~жолокчу~~ мучо аныкталгычтын социалдык абалын билдирет:

Адигине старчынды билесинерби? (К.Ж.) Оёз келгенде Кудайберген болуш аябагандай көп чыгым болду (К.К.).Айдарбек даткана... салам айта бар (К.Ж.).

Жандама ~~жолокчулор~~ мучолор (Акмат молдо, Муса болуш, Муратаалы тилмеч, Салый жене, Осмонаалы уста, Шаака аксакал, Зулай апа ж.б.) оозеки речибизде, элдик оозеки чыгармаларда илгертен бери эле активдүү колдонулуп келе жаткан көрүнүш болуп эсептелет.

Түгөйлүү жолокчу.

Мында аныкталуучу затка экинчи бир зат атооч кош айтылып, анын кошумча кесибин, ар кандай белгисин билдирет.

Жазууда аныкталгыч менен ~~жолокчунун~~ жандама мучонун ортосуна дефис /-/ коюлуп жазылат.

2 Абзацка көчүрүү линиясы текстиндеги мучонун оргу линиясы "Түгөйлүү жолокчу" рубрикасынын "түгөйлүү жолокчу" рубрикасынын мучо деп өзгөртүү. Анткени текстте "жолокчу" деп өзгөртүү.

Мисалы: Инженер-электрик, инженер-механик, телефон-автомат, механик -айдоочу, учкуч-истребитель, инженер-технолог, студент-математик, инженер-нефтяник, врач-терапевт ж.б.

Сөздөрдүн бул айкаштарынын экинчи түгөйү өзүнүн алдындагы аныкталгычтын кесибин, белгисин тактап, аныктап көрсөтүп турат.

Түгөйлүү ~~жолоочу~~ топтоочу сөз да, бир жагынан, алды жагындагы аныкталгычтын ар кандай белгисин көрсөтүп турса, экинчи жагынан, ал аныкталгыч менен ажырагыс бирдикте туруп, сүйлөмдүн тутумдаш мүчөсүнүн милдетин аткарат:

Бизде инженер-новаторлордун саны күн санап өсүүдө. 1961-жылы 12-апрелде биринчи космонавт Юрий Гагарин "Восток" корабль-спутниги менен космос мейкиндигине жол салды ("КП").

Микола-аскер бурчта жөлөнгөн Касейиндин комузунун бетин тырмалап, кылдарын кыңылдатып алакеттенет (Т.С.).

Бул сүйлөмдөрдөгү новаторлор, спутник, аскер деген ~~жолоочулор~~ топтоочу сөздөр, бир жагынан, алдындагы аныкталгычтын кошумча белгилерин көрсөтүп, аныктап турат. Экинчи жагынан, инженер-новаторлордун, "Восток" корабль-спутниги менен, Микола-аскер деген сөздөр бирдиктүү түрдө туруп, сүйлөм ичинде тутумдаш аныктоочтук, тутумдаш толуктоочтук жана тутумдаш ээлик милдетти аткарып турат.

~~Жолоочунун~~ топтоочу мүчөнүн бул түрү кыргыз тилинде орус тилинин таасири астында кийинки мезгилде гана пайда болуп жаткан жаңы көрүнүш болуп эсептелет.



ТОЛУКТООЧ.

Кыймыл-аракет түздөн-түз же кыйыр түрдө багытталган затты билдирген айкындооч мүчө толуктооч деп аталат.

Экинчи жагынан, сүйлөмдүн бул мүчөсү өзү менен байланышкан этиштин кыймыдык мазмунун толуктап турат.

Мисалы: Сиз ошол жерге кызыл үйдү көчүрүп барыңыз (К.Б.). Бул сүйлөмдөгү "кызыл үйдү" деген толуктооч "көчүрүү" кыймыл-аракети эмнеге жумшала тургандыгын толуктап көрсөтүп турат. Эгерде сүйлөм тизмегинен толуктооч түшүрүлүп айтылса, анда аны менен байланышкан этиштин мазмуну кемип, начарлай түшөт. Мисалы: Сиз ошол жерге... көчүрүп барыңыз. Мында "кызыл үйдү" деген толуктооч түшүрүлүп айтылгандыктан, эмнени көчүрүп баруу керек экендиги белгисиз болуп турат.



ТОЛУКТООЧТУН МИЛДЕТИН АТКАРУУЧУ СӨЗДӨР.

Толуктоочтун милдетин табыш, барыш, жатыш, чыгыш жөндөмөдөгү жөнөкөй жана татаал зат атоочтор, ат атоочтор, атоочтуктар, кыймыл атоочтор жана заттык маанидеги башка сөз түркүмдөрү аткарып, дайыма объектилик катышты билдирет.

Мисалы: Ал Кармышты тиктеп туруп сүйлөдү (С.Ө.). Китепти ушуга берип кой (А.Уб.). Сурганга бекер бер, суусагангa жеке бер (макал). Ал ар нерсени үйрөнүүгө тырышат. Абийирдүүгө ажалдуу кийик жолугат. Мен таш баканы көрдүм. Ормуш алтымыш бешке чыкты. Ушуну менен бирге толуктоочтун милдетин синтаксистик жагынан өз ара ажырагыс биримдикте турган сөз айкаштары да аткарат. Андай составдагы толуктоочтор тутумдаш толуктоочтор деп аталат.

Тутумдаш толуктоочтун милдетин табыш, барыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрүнүн биринде туруп, ар түрдүү жолдор менен уюшулган синтаксистик ажырагыс сөз айкаштары жана айрым жандоочтук айкаштар аткарат.

Мисалы: Ал орус тилин жакшы билет. Быйыл Ош областына туу тапшырылды. Мен да Гүлай тууралуу ойлондум. Отургандар өздөрүнүн иштери жөнүндө айтып отурушту (К.Б.).

Мында акыркы эки сүйлөмдө тутумдаш толуктоочтун милдетин "Гүлай тууралуу", "иштери жөнүндө" деген жандоочтук айкаштар аткарып турат. Анткени булар ички мааниси боюнча табыш жөндөмөсүнө жакыныраак келип, эмнени? деген суроого жооп берет. Тутумдаш толуктоочтун милдетин аягына иликтен башка жөндөмөлөрдүн мүчөсү уланган фразеологиялык айкаштар да аткарат:
Кетер эле, бирок мындай май-талканды таппайт (Р.Ш.). Түлкүбек, Зуннахун, Супахан сыяктуулардын таш боордугун эсине салды (К.Ж.). Бөдөнөүнүн сүтүнөн анча-мынча жутушту (М.Аб). Ыктыярдуу отряд кан ичкичтерге катуу сокку урду("КМ"). Булардан тышкары, бир канча сөздүн бирдиктүү тизмегинен ую-

шулган сөз түрмөктөру да тутумдаш толуктоочу болуп келет. (Андай сөз түрмөктөрүнүн түзүлүшү жөнүндө... бетти караңыз).

Мисалы: а) Мен өзүм билбегенди башкалардан суроодон намыстанбайм. Андрей, биз алып келгендерди буларга бер (К.Бек.). Билек жирей албаганды билим жирейт (Макал). Өтүгү жокко өзүм барам, тону жокко салам айт (Макал). Бактысы барга балалуу өрдөк жолугат (Макал).

б) Чөп өлүмтүгүн артып жатып алгандарга гана жетет (А.Уб.). Эрмек бери четте келаткандарга көзүн кыбындата чепилдеди (С.Ө.). Отун албаганга от жактырба (Макал).

Бул мисалдардагы кара менен терилген сөз түрмөктөру бирдиктүү түрдө туруп, эмнени? кимге? эмнеге? деген суроолорго жооп берип, тутумдаш толуктоочтун милдетин аткарып турушат.

Эскертүү: Тутумдаш аныктоочтун милдетин кандай татаал сөздөр, синтаксистик ажырагыс сөз айкаштары жана сөз түрмөктөру аткарса, негизинен, ошолордун баары табыш, барыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрүнүн биринде туруп, тутумдаш толуктоочтун да милдетин аткарат. Ошондуктан кандайдыр бир деңгээлде кайталоо болбосун үчүн бул жерде "тутумдаш толуктоочтун түзүлүш жолдору өзүнчө кеңири берилген жок. Толуктоочтун бул түрүнө тиешелүү мисалдар, зарылчылыгына карай, кийинки "Тике толуктооч", "Кыйыр толуктооч" деген белүмдөрдө жөнөкөй толуктоочторго тиешелүү мисалдар менен аралаш берилет.

Толуктоочтор маанисине, кыймыл-аракеттин ага кандай мүнөздө багытталгандыгына карай тике толуктооч жана кыйыр толуктооч болуп экиге белүнөт.

ТИКЕ ТОЛУКТООЧ

Тике толуктооч кыймыл-аракет түздөн-түз багытталган жана анын таасирине толук дуушар болгон затты көрсөтөт.

Тике толуктоочтун милдетин дайыма табыш жөндөмөдөгү сөздөр аткарат; сүйлөмдүн өтмө этиштен турган ар кандай мүчөсү менен байланышып айтылат; кимди? эмнени? деген суроолорго жооп берет.

Мисалы: Бүгүн студенттерди айыл чарба ишине жөнөттүк. Ал жазган катын көрсөттү (К.Ж.).

Тике толуктоочтун милдетин аткарып турган сөздүн аягындагы табыш жөндөмөнүн мүчөсү негизинен түшпөй айтылат. Бирок кээде табыштын мүчөсү түшүп калып айтылган учурлар да кездешет.

Эгерде тике толуктоочтун милдетин аткарган сөзгө өзгөчө көңүл бурулуп, логикалык басым менен айтылса, табыш жөндөмөнүн мүчөсү түшпөй айтылат.

Мисалы: Окуу башталганча мектепти ондоп бүтөбүз (К.Б.). Ээн жерге койлорду калтырбагыла ("СК").

Эгер көңүлдүн борбору тике толуктоочту башкарган этиш сөзгө бурулуп, ошол логикалык басым менен айтылса, табыштагы сөз мүчөсүз айтылат:

Кайда жиберсеңер мейли, бирок стансага эгин ташыбайм (Ч.А.). Бүгүн биздин огородго да картошка тигебиз (С.Ө.).

Сүйлөм ичинде бир өңчөй тике толуктоочтор болсо, стилдик максатта кээде эң аяккы толуктооч гана табыш жөндөмөдө келип, калгандары мүчөсүз айтылат:

Кийиз, шырдак, жууркандарды жайып койгон (К.Б.).

Тике толуктоочтун аягындагы табыштын мүчөсү дагы төмөнкү

учурларда түшпөй айтылат:

а) Тике толуктоочтун милдетин энчилүү аттар аткарса : Токтогул Алымканды көрүүгө шашты (Ж.Б.). Бир күнү мен Султангазыны издеп, ошо короого бардым (К.Б.).

б) Ат атоочтор аткарса:

Эми мени эптеп кийиндиргиле (К.Ж.). Аны Акия көтөрүп алган (Т.С.).

в) Таандык формадагы зат атоочтор аткарса: Тапкан олжобузду тең бөлүштүрдүк (М.Э.). Байдын малын аяба, суктун чайын аяба (Макал).

г) Тике толуктоочу менен аны башкарып турган этиштин аралыгына сүйлөмдүн башка мүчөлөрү келип, экөө бири-биринен обочо турса, алардын ортосундагы грамматикалык байланышты сактоо максатында табыш жөндөмөдөгү толуктооч көбүнчө мүчөлүү айтылат.

Тескерисинче, тике толуктооч түздөн-түз байланышкан этиш сөзүнүн алдына жайланышса, көбүнчө мүчөсүз айтылат.

Салыштыр: Асан тоюткорду тоодогу малга жеткирди (С.Ө.). Асан тоодогу малга тоюткор жеткирди. Жеңем нанды азыр алып келди (К.Ж.). Жеңем азыр нан алып келди.

д) Затташып кеткен сын, сан атоочтор, атоочтуктар аткарса: Жакшыны сөз өлтүрөт, жаманды таяк өлтүрөт. Карга көргөнүн чокуйт, молдо билгенин окуйт (Макал). Эптеп бешинчини бүтүрдү (Т.С.). Онду бүткөндөн кийин, колхоздо иштеп калдым.

ж) Тике толуктоочтун милдетин кыймыл атоочтор аткарса, мүчөлүү айтылат: Машиналар деле киши сыяктуу асыроону талап кылат (С.С.). "Салют" илимий станциясы учушун улантууда ("СК").

I. Тике толуктоочтун милдетин көбүнчө табыш жөндөмөдөгү зат атоочтор аткарат. Толуктоочтун милдетин аткарган зат атоочтун

жана аны башкарган этиштин лексикалык маанисине карай тике толуктооч негизинен төмөнкүдөй маанилерди билдирет:

1) Кыймыл-аракет түздөн-түз багытталган жана анын таасирине толук дуушар болгон об"ектини (затты) билдирет: Асал хандын дубалын салдым (К.Ж.). Окуучулар кечеттерду отургузду (Т.С.). Бир самоор чайды жалгыз өзү түгөттү (К.К.). Жел көйнөлгөн көк шиберди ыргайт (К.Бек.). Эртең мененки кургак шамал кишинин бети-башын каарып, кулак-мурунду жалап турду (М.Аб.). Сакадай үйдүн ичин тазалады (К.Ж.). Кийинки үч сүйлөмдөгүлөр тутумдаш толуктоочтор, алардын милдетин татаал сөздөр аткарып турат.

2) Тике толуктоочтун милдетин аткарган зат атооч орундук мааниде болсо, ал мейкиндик, орун-аралык маанидеги об"ектини көрсөтөт:

Ажар Какшаалды бет алды (К.Б.). Шамбет талааны кыдырды, кыштакты аралады (Т.С.). Быйыл колхоздун малы Суусамырды жайлады. Делегаттар Ысык-Көл областын кыдырып чыгышты (бул тутумдаш толуктооч).

3) Мезгилдик маанидеги об"ектини көрсөтөт. Мындай учурда толуктоочтун милдетин убакытты, мезгилди билдирүүчү сөздөр аткарат: Малчылар кышты жакшы камылга менен тосуп алышты. Бир айды Ош областында өткөрдүк. Республиканын эмгекчилери 1986-жылды зор ийгиликтер менен аякташтыы.

Акыркы эки сүйлөмдөгү "бир айды", "1983-жылды" дегендер тутумдаш толуктоочтор, анын милдетин синтаксистик ажырагыс сөз айкаштары аткарып турат.

4) Тике толукточ өлчөм-мейкиндик маанисиндеги об"ектини

билдирет: Мындай учурда мейкиндик өлчөмүн билдирүүчү сөзгө сан атооч айкашып айтылып, тутумдаш тике толуктооч уюшулат: Айыл чарбасына жарактуу жер аянты 24 миң гектарды түзөт ("СК") Жүргүнчүлөр алтымыш километрди басышты. Биз он чакырымды жүрдүк.

5) Сан-өлчөмдүк маанидеги об"ектини көрсөтөт. Бул учурда өлчөмдү, салмакты билдирүүчү сөзгө сан атооч айкашып айтылып, тутумдаш толуктооч түзүлөт:

Бул эксковатор бир тоннаны бир сузат экен. Иштеп жүрүп, мына бу тогуз сомду жыйнадым. Ушуну алыңыз, бир сомун кем бергеним үчүн кечирип коюңуз. – Жок, болбойт, он сомду толук бергин ("Апендинин жоруктары").

Мындай өлчөм маанисиндеги тике толуктоочтун милдетин сан-өлчөм тактоочтор да аткарат: Анча-мынчаны биз да түшүнөбүз (А.Уб.). Ал Ата мекендик согуш мезгилинде көптү көргөн.

2. Тике толуктоочтун милдетин ат атоочтун бардык түрлөрү аткарат:

– Эне, Мырзакул мени урду (Ч.А.). Апенди да өзүн мактай баштады. Жокчулук менен жакырчылык кимди күйпөйтпөдү (К.Ж.). Колхозчулардын эч кимисин калтырбай жумушка чыгаралы (К.Б.). Эки үйдүн ар бирин канча мертебе ийиттиңер? (А.Уб.).

3. Тике толуктоочтун милдетин затташкан сын, сан атоочтор аткарат:

Жакшыны жатым дебе, жаманды өзүм дебе (Макал). Ай далынды кубантып, асылды кийсең бир кызык (Токтогул). Онунчуну бүтүргөндөн кийин колхоздо саанчы болуп иштеген. Билими толук миңди жыгат, билеги жоон бирди жыгат (Макал). Ал үчөөнү тең жакшы

көрбөйт (А.Уб.). Анын бири наркынын үчтөн экисин төлөду, а беркиси үчтөн бирин төлөду (Апендинин жоруктары") (кийинки экөө – тутумдаш толуктооч.)

4. Атоочтуктар жана кыймыл атоочтор аткарат:

Бала, үч кыл тилге киргенден кийин, уялганын унутуп койду (К.К.). Мамажунус отургандарды кыдырта бир карап алды (К.Ж.). Карга көргөнүн чокуйт, молдо билгенин окуйт (Макал). Андан пайдалануунну билбейсиңер (К.Б.). Бул бороондун басылышын тиледи (Т.С.).

5. "Жөнүндө", "тууралуу" жандоочтору катышкан айкаштар табыш жөндөмөнүн маанисинде келип, тутумдаш тике толуктооч уюшулат:

Кой, андан көрө мен ошол жөнүндө ойлонойун (К.Б.). ("ошону" деген табыш жөндөмөнүн маанисинде). Адегенде эле аларга жумуш жөнүндө айтты (К.Б.) ("жумушту" деген мааниде). Газетага мен тууралуу жазбай эле койгула ("мени" деген мааниде) (А.Уб.)

КЫЙЫР ТОЛУКТООЧ

Кыйыр толуктооч кыймыл-аракет түздөн-түз багытталбай, кыйыр түрде багытталган затты көрсөтөт.

Эгерде кыймыл-аракет тике толуктооч билдирген затка түздөн-түз таралып, аны өз таасирине толук дуушар кылса (бакты кыйды), кыйыр толуктооч билдирген зат кыймыл-аракеттин таасирине толук эмес, жарым-жартылай дуушар болот (сүттөн ичти), же ага багытталган гана болот (жемди койго берди).

Кыйыр толуктоочтун милдетин көбүнчө барыш, жатыш, чыгыш жөндөмөсүндөгү сөздөр аткарат. Ушул эле жөндөмөдөгү зат атоочтор кээде орун бышыктоочтун милдетин да аткарып калат. Андай

формадагы сөздөр кыйыр толуктооч же орун бышыктооч экенин ажыратуу үчүн негизинен төмөнкү учурларды эске алуу зарыл: ошол жөндөмөдөгү сөздөрдүн туюндурган маанисине жана кандай суроого жооп беришине терең көңүл буруу керек: эгер алар предметтик маани берип, кимге? эмнеге? кимде? эмнеде? кимден? эмнеден? деген суроолордун бирине жооп берсе, кыйыр толуктооч болот. Мисалы: Уялбай нандан тоё же, суттөн ич! (К.Бек.) Отургандардын бирөө сызлаган кемпирге кайрат айтты (К.Бек.). Апендинин казыда иши бар болучу.

Эгер ушул эле жөндөмөлөгү зат атоочтор мейкиндик, орун-аралык маани берип, кайда? каякка? кайдан? деген суроолорго жооп берсе, орун бышыктоочтук милдетти аткарып калат.

Мисалы: Азыр ал колхозго иштейт (К.Б.). Шарше кечээ жайлоого кетти. -Жок... ушул короодон көргөнмүн (К.Ж.).

Бул жөндөмөдөгү зат атоочтордун кыйыр толуктооч же орун бышыктооч болушу аны менен байланышкан этиштин мааниси менен да байланыштуу болот: эгерде этиш багыттык, орундук маанидеги кыймылды билдирсе, аны менен байланышкан предметтик маанидеги зат атооч да кээде орундук маанинин бир аз үлүшүнө ээ болуп, кайда? кайдан? деген суроолорго жооп берип, орун бышыктоочтук милдетти аткарып калат. Салыштыр: Өсөр малда өлүм жок (эмнеде?-малда— кыйыр толуктооч). Султан эки айдан бери малда жүрөт (кайда жүрөт? -малда — орун бышыктооч). Атты чөпкө көй (эмнеге? - чөпкө —кыйыр толуктооч). Ал чөпкө кетти (кайда кетти? - чөпкө —орун бышыктооч). Бул суууда туз аз (эмнеде? - суууда —кыйыр толуктооч). Балык суууда жашайт (кайда жашайт? - суууда —орун бышыктооч).

Кыйыр толуктоочтун милдетин барыш жөндөмөдөгү сөздөр аткарат.

I. Барыш жөндөмөдөгү жөнөкөй, татаал зат атоочтор жана синтаксистик ажырагыс сөз айкаштары аткарат. Бул жөндөмөдөгү кыйыр толуктооч өзүнүн жана аны башкарган этиштин лексикалык маанисине

карай ар түрдүү маани билдирет.

I) Кыйыр толуктооч кыймыл-аракет багытталган, жеткен об"ектини (затты) көрсөтөт:

Жургунчулер машинага чуркашты (К.Б.). Эртеси биз абышкага келдик (К.Б.). Балдар Самтырдын баш-аягына кызыга карашат (түтүмдөш толуктооч) (Т.С.).

2) Кыймыл-аракет кимдин, эмненин пайдасына аткарылгандыгын, кимге арналгандыгын билдирет: Майданда жүргөн уулдарынарга гүл азык камдагыла (К.Б.). Ударник жылкычыларга сыйлык берилди (К.Б.). Ал Ташкенбай мырзага эки көгүчкөн кармап келди (К.Бек.) (түтүмдөш толуктооч).

3) Бирөөнүн кандай ишке, уюмга, кызматка тартылгандыгын, дайындалгандыгын билдирет: Керим директорлукка шайланды. Партияга согуш баштамалар жылы өткөн (К.Б.). Аларды ишке тартуу керек (К.Б.).

4) Кандайдыр бир нерсе куюлган, салынган, орун алган затты көрсөтөт: Идишти арабасына салып берди (А. УБ.). Буларды ким капка шыкады ("Апендинин жорук.). Сүттү балдардын кружкаларына куюп берди. (М. Жан.)5) Кыйыр толуктооч аныкталгыч билдирген белгинин пайда болушуна түрткү, себеп болгон об"ектини көрсөтөт: Апенди ысыкка ымшый баштады. Жонго чыккандардын беттери суукка тызылдады (Т.С.). Эмгектен арыктасаң , түшүмүнө семиресин (макал).

2. Кыйыр толуктоочтун милдетин барыш жөндөмөдөгү ат атоочтор аткарат: Өмүрбек менен Табылдыны сүретке түшүрүп, мага жибергин (А.Т.). Мен өзүнө жолуктум (Н.Б.). Биз эчтемеге түшүнө алганыбыз жок (А.Уб.). Сиз эч кимге айта көрбөнүз (К.Бек.).

3. Затташкан (же абстрактуу маанидеги) сан атоочтор аткарат; мааниси боюнча, сандык-об"ектилик катышты, сандык өлчөмдү билдирет: Тиги ээрчишип жүр-

гөн козулар эки жүзгө жетеби? (Ш.Б.) Анархан Ажардын кийимдерин үчөөнө бөлүп берди (К.Ж.).Ал он бешке толуп, он алтыга карады (К.К. Алтыга сатып, бешке алган – соодагердин адаты (Макал). Коюбуз отуз эки миңге жетти, – деди Курман (А.Уб.).

4. Затташкан сын атооч, атоочтуктар жана кыймыл атоочтор аткарышат: Жакшыга жалынсаң – жан калат, жаманга жалынсаң – бир кашык кан калат (макал). Абийирдүүгө ачалдуу кийик жолугат (Макал). Сураганга бекер бер, суусаганга жеке бер. Берерге бешимде кымыз, бербеске эртең менен саамал (Макалдар). Мындан ары билүүгө тырышыңыз (А.Уб.).Баштагы кедей жаштары эми билим алууга тырышты (Т.С.)

Кыйыр толуктоочтун милдетин чыгыш жөндөмөдөгү сөздөр аткарат.

I. Чыгыш жөндөмөдөгү жөнөкөй, татаал зат атоочтор жана ажырагыс сөз айкаштары аткарат. Бул жөндөмөдөгү кыйыр толуктооч да өзүнүн жана аны башкарып турган этиштин лексикалык маанисине карай ар түрдүү маанини билдирет.

1) Чыгыш жөндөмөдөгү кыйыр толуктооч кыймыл-аракет бүтүн нерсенин бир бөлүгүнө багытталгандыгын жө кыймыл-аракетке жарымжартылай дуушар болгон об"ектини көрсөтөт:

Кемпир баласынын бетинен өпкүлөдү (К.Бек.).Осман атасын колтуктунан желеду (А.Т.).Уялбай нандан тоё же, суттөн ич... (К.Ж.)
Балдарынын эски-уску кийимдеринен кийгизди (К.Б.).

2) Нерсенин тегин, эмнеден жасалгандыгын билдирет:

Ал текенин муйузунөн жасалган саадагын алып, даярдана баштады (А.Т.).Кездеме пахтадан токулат, кант кызылчадан чыгарылат. Бакыт эмгектен жаралат ("Ж").

3) Кыймыл-аракеттин эмне аркылуу, ким аркылуу болгондугун, эмнөнүн жардамы менен аткарылгандыгын билдирет:

Булардын баарын Яровой терезеден көрүп турду (Н.Б.).Кулу

эшиктен баш бакты (К.О.). Аны мына бул балдардан айтып жиберебиз (М.Аб.). Ал радиодон ырдады.

4) Кандайдыр бир нерсе, пикир, маалымат кимден, эмнеден алынганын көрсөтөт:

Асанбай колхоздун абалын Андрейден сурап алды (Н.Б.). Мен сиздин сырыңызды Каныбектен укмамын (К.Ж.). Кимдин койлору экенин койчусунан билип кайтты (К.Б.)

5) Кыймыл-аракет алыстаган, бөлүнгөн об"ектини, бир нерседен ажырагандыкты, кутулгандыкты билдирет:

Баламды азгырып жүрүп үйдөн бездирди (К.Ж.). Ал кетип бараткан окуучулардан бөлүнүп калды (Т.С.). Валя жаш чагынан ата-энесинен ажыраган (К.Ж.). Чынгыс Дүйшөнкулдун бутун кишенден бошотту (К.О.). Калыбек азыр оорудан айыккан (А.Уб.).

6) Бир зат сапат жагынан кайсы заттан артык же кем экендигин салыштырып көрсөтөт:

Уят өлүмдөн катуу (Макал). Көзүмө боорумдан да ысык көрүнөт (К.О.). Анын алп карааны Казанкулактан бийик да, далылуу да. (К.О.).

7) Чыгыш жөндөмөдөгү кыйыр толуктооч кээде орундук катышты да билдирип калат. Мындай учурда толуктоочтун милдетин аткарган сөздө предметтик маани менен бирге, аз да болсо, орундук маани да болот, аныкталгычы кыймыл этиштерден болот:

Улуу-кичүүнү сыйлайм десең, ашуусу бийик белден өт, агыны каду суудан өт (К.Ж.). Үч атчан жолоочу тез эле кырдан ашып кетишти.

8) Кандайдыр бир белгинин, кубулуштун чыгышына себепчи, түрткү болгон об"ектини көрсөтөт:

Мээ кайнаткан ысыктан жалбыктары куурады ("КМ"). Беттери

сууктан чымырайт (Т.С.). Чоң ата, чоң энеси жакында келтеден каза тапты (К.Ж.). Эмгектен арыктасаң, түшүмүнө семиресиң (Макал.)

2. Кыйыр толуктоочтун милдетин чыгыш жөндөмөдөгү ат атоочтор аткарып, об"ектилик катышты билдирет:

Сен кыйын болсоң ошондон ал (М.Аб.) Зайыбына менден салам айт (К.Б.). Мындай жакшылыкты Таабалды эч кимден көрө элек эле (К.Бек.). А сен өзүң кимден үйрөндүң? (К.Б.)

3. Затташкан сын, сан атоочтор же абстракттуу маанидеги сан атоочтор аткарат:

Кеңешти акылдуулардан сура. Жакшыдан жаман туулса – чыгаша, жамандан жакшы туулса – киреше (Макал). Аялдын жашы отуздан небак ашкан (К.Ж.). Үйларыбыз сегиз жүздөн ашып калды (А.Уб.). Жүзүнөн жүз жыйырмадан козу алдым, биринен төрт килодон жүн бердим ("СК".).

4. Затташкан атоочтуктар жана кыймыл атоочтор аткарат:

Сен эми каттагандан кабар бере жүр (К.Бек.). Өзүң билбесең, билгенден ук (Макал). Сүйүнгөндөн мандай айрылбайт, корккондон жүрөк жарылбайт (Макал). Самтыраган кебетеси менен учурашуудан уялды (К.Ж.). Жаш козуларды багуудан окуучулар тартынышпады.

Кыйыр толуктоочтун милдетин жатыш жөндөмөдөгү сөздөр аткарат.

I. Жатыш жөндөмөдөгү жөнөкөй, татаал зат атоочтор жана ажырагыс сөз айкаштары аткарат.

Мааниси жагынан негизинен кыймылдын, абалдын кимде, эмнеде экендигин билдирет: Жапарда да ушундан бирөө боло турган эле (К.Б.). Болор кулун желеде жулкунат, болор бала бешикте булкунат (макал). Жамийланын жүрүш-турушунда кандайдыр бир кайраттуулук бар (Ч.А.)

2. Жатыш жөндөмөдөгү ат атоочтор аткарат;

Ал кезде бизде араба аз болчу (К.Б.). Мүмкүн, ал сезим башта ар кимибизде билинбей жашыруун болгон чыгар (Ч.А.). Менде саат бар болчу (А.Уб.).

3. Кээде затташкан сын атоочтор, сан атоочтор аткарат:

Жаманда достук жок, жакшыда кастык жок (Макал). Экөөбүз онунчуда чогуу окуганбыз ("КМ"). Мергенчилердин биринчисинде беш атар, арткы экөөндө кош ооз бар экен.

4. Ватташкан атоочтуктар жана кыймыл атоочтор аткарат: Чочуганда эрдик жок, чоюлганда теңдик жок. Ал мал чарбасын өстүрүүдө көп эмгек синирди. Пахтаны сугарышта олуттуу кемчиликтер жиберилген ("СК".).

5. Жандоочтук айкаштар тутумдаш кыйыр толуктоочтун милдетин аткарат.

I) "Менен" жандоочу катышкан айкаш биргелешүү, куралдык мааниде келгенде, кыйыр толуктооч болот:
Мен өз курдуу тентуштарым менен колхозго иштеп кеттим (Ч.А.).
-Жүр,силер менен байдын алдында сүйлөшөм (М.Аб.).
Колундагы чырпыкты бычагы менен жоно берди (А.Уб.). Столдун үстүн колу менен сыйпалады (К.Бек.).

2) Жөнүндө, тууралуу жандоочтору катышкан айкаштар барыш жөндөмөнүн маанисинде колдонулганда, кыйыр толуктоочтук милдетти аткарат:
Колхоздун председатели аялдардын баарын жумушка чыгаруу жөнүндө ("чыгарууга" деген мааниде) кам көрөт ("Кырг.аял"). - Нрас, качкандыгы тууралуу ("качкандыгына" деген мааниде) айыптуу (К.Ж.).

3) үчүн, карата жандоочтору катышкан айкаштарда барыш жөндөмөнүн маанисинде колдонулганда, кыйыр толуктооч болот:
Бул ишибиз мамлекетибиз үчүн да, колхозубуз үчүн да (мамлекетибизге да, колхозубузга" да деген мааниде) пайдалуу болот (А.Уб.). - Сен мага карата ("мага" деген мааниде) айттың го, Вера (А.Т.).

4) Караганда жандоочу катышкан айкаш чыгыш жөндөмөнүн маанисинде же жалпы эле салыштыруу маанисинде келип, кыйыр толуктоочтун милдетин аткарат.

Ал Керимге караганда (Керимден) жакшы окуйт. Оморго караганда (Омордон)күчтүү. Бизге караганда шаар көрүп келдиң (Т.С.).

5). Боюнча жандоочу катышкан айкаш "бирөөнүн талабы боюнча","бир нерсеге негизделип аткаруу" маанисинде колдонулганда, кыйыр толуктооч болот:

Анархандын айтуу боюнча базарга жөнөптүр (К.Ж.). Алар закон боюнча жоопко тартылды. Унтер-офицердин буйругу боюнча туткундар ишке киришти (К.Ж.).

БЫШЫКТООЧ.

Бышыктооч негизинен сүйлөмдүн этиш сөздөн турган мүчөсү менен байланышып келип,ал билдирген кыймыл-аракеттин мүнөзүн,мезгилин,ордун,максатын,сан-өлчөмүн,себебин бышыктап,тактап көрсөтөт.

Мисалы: Чын эле эртең сүйлөшөбүз (М.Аб.). Апенди айласыз кайра келди. Бурулча ордунан биринчи турду (К.Ж.). Байтик балык сезгө акырая карады (А.Т.).

БЫШЫКТООЧТУН МИЛДЕТИН АТКАРУУЧУ СӨЗДӨР.

Бышыктоочтун милдетин: I. Жөнөкөй тактоочтор,чакчылдар,атоочтуктар, унгу түрүндө туруп,аныкталгычы менен ыкташып байланышкан айрым сын, сан, атоочтор жана мейкиндик жөндөмөлөрдүн (барыш,жатыш,чыгыш) биринде турган атооч сөздөр ж.б. аткарат: Лиза акырын чыгып кетти (К.Ж.). Султан шыпшып кирип келди. Салык чогулуш*та* тартынбастан сүйлөдү. Азыр анын өмүрү байчечекейдей гүлдөп турат ("Кырг аял"). Алтынай дегенди кулагы экинчи укпасын (Ш.Б.). Сиз анын баарын кайдан билдиниз?(К.Б.). Мен азыр мектепке барамын (К.Б.). - Арыкбай жана тоодон кайткан эле, азыр мында келет (К.Бект.).

2. Татаал тактоочтор, аз да болсо татаал сан атоочтор, ат атоочтор, сын атоочтор аткарат: Күндүн көзүн далдалаган ала булуттар өйдө-төмөн көчөт ("Ала-Тоо"). Автобус айылыбызга күнүгө он бештей каттайт. Эч качан жалган жеңбейт, чындык жеңет (А.О.). Ал менин көзүмө абдан жаман көрүндү ("ЛЖ"). Жапар, булбулду туурап, үч-төрт ышкырып жиберди (А.Т.). Ал быйыл он сегизге толду (К.Ж.).

3. Татаал чакчыл этиштер, татаал туураңды сөздөр аткарат: Энесине катуу кайгырган Сүйүн эксүп-эксүп ыйлап жиберди. Абышка ушулар туурасында үйүнүн артында жөлөнүп отуруп ойго чумуду (М.Абд.). Алмас мага жал-жал карады (Т.С.) Токойдон мылтык тарс-тарс атылды.

Бышыктоочтун милдетин кайсы сөз түркүмдөрү аткарары жөнүндө толук маалымат алуу үчүн бышыктоочтун түрлөрү жөнүндөгү кийинки бөлүмдөрдү караңыз.

4. Синтаксисттик жагынан өз ара ажырагыс биримдикте турган бир нече сөздүн айкашы да бышыктоочтук милдетти аткарат. Андай бышыктоочтор тутумдаш бышыктоочтор деп аталат.

Тутумдаш бышыктоочтор негизинен төмөнкүдөй жолдор менен түзүлөт:

Тутумдаш бышыктоочтун милдетин I), экинчисинин маанисин конкреттештирип турган жанаша айтылган тактоочтор аткарат: Мурат кереэли кечке тынбайт (К.Б.). Жолдошум бүгүн таңга жуук каза тапты (К.Б.).

2) Атооч жөндөмөдөгү сөздөрдөн кийин 3-жакка таандык формадагы экинчи бир сөздүн байланышып айтылышы менен уюшулган ажырагыс сөз айкаштары (изафеттик айкаштын II түрү), татаал сөздөр жана бир нече сөздүн тизмегинен турган татаал аттар мейкиндик жөндөмөлөрдүн биринде келгенде, тутумдаш бышыктооч болот:

Садык акемдин бул жолку каты да Саратов шаарынан келиптир (Ч.А.). Ал Ленин проспектисинде жашайт. Ал шахтерлор Кызыл-Кыядан келишти. Абыл көптөн бери айыл чарбасында иштейт. Анын уулу Кыргызстан мамлекеттик университетинде окуйт.

3) Тутумдаш бышыктоочтун милдетин сан атоочтун жолу, ирет, кайтара деген сөздөр менен байланышып айтылышы менен түзүлгөн синтаксистик ажырагыс сөз айкаштары аткарат:

Силердин үйгө ушуну менен үчүнчү жолу келишим. Өткөн иштерди мин кайтара ойлондук (К.Ж.).

4) Үнгу түрдегү нумеративдик сөздөргө (саат, минут, гектар, километр, килограмм, тонна ж.б.) жана күн, жыл, ай деген мезгилдик маанидеги сөздөрдөн мурун сан атоочтун айкашып айтылышы менен уюшулган сөз тизмеги аткарат: эки саат күтүү, беш мүнөт унчукпоо, үч килограмм алуу. Атай табыптын үйүндө бир жыл жатты (К.К.), Апам алдыга дагы бир кадам басты (К.Боб,). Айдаган жерибиз элүү гектарча болду.

5) Мейкиндик жөндөмөлөрдүн биринде турган синтаксистик ажырагыс сөз айкаштары тутумдаш бышыктооч болот. Андай сөз айкаштары негизинен төмөнкүдөй жолдор менен уюшулат:

а) Мейкиндик жөндөмөдөгү жак, тарап, жер деген сөздөрдөн мурун айрым шилтеме ат атоочтордун, сан атоочтун, же ары, бери, алды, арт, оң, сол, баштыш, чыгыш, түндүк, түштүк, тескери ж.б. деген сыяктуу сөздөрдүн айкашып айтылышы менен: Үйдүн оң жагына саймалуу көшөгө тартылган (К.Ж.). Мамбеткул президиум тарапка көз жүгүртту (К.К.). Бир аздан кийин чыгыш тараптан шоокум көтөрүлдү (К.Өгөбаев). Биз бул жерден кетишибиз керек, - деди бала (А.Т.).

б) Мейкиндик жөндөмөдөгү жаз, жай, күз, кыш, түш, шашке, бешим, көктөм, жума ж.б. деген мезгилдик маанидеги сөздөрдүн алдына эрте, кеч, чак, быйыл, былтыр, бүгүн, эртең, эмдиги, аркы, өткөн ж.б. деген сыяктуу сөздөрдүн айкашып айтылышы аркылуу: Алар кеч бешимде жолго чыгышты (М.Э.). Алар кыштоодон эрте жазда көчүп кетишти (К.Ж.). Пионерлер чак түштө көлгө түшүштү ("КП"). Калбыктын короосунан өткөн кышта чыгаша болгону жок (А.Уб.). Аркы жумада жыгачы түшөт, тою болот (Т.С.).

в) Мейкиндик жөндөмөлөрдүн биринде турган учур, убак, чак, кез, күн, түн, заман, мезгил, минута, саат ж.б. деген сөздөрдүн алдына шилтеме, өздүк ат атоочтордун, белгисиздик маанидеги "бир" сөзүнүн , жана айрым башка сөздөрдүн кошулуп айтылышы менен: Макулдашкан убакта келүү, келер маалында баруу, бышыкчылык мезгилинде келүү ж.б. Бир кездерде Ак-Сайга кошчулар эгин эккен экен (Ч.А.). Ошол саатта энеси эмне ойлоп бара жатканын бала билбеди. Айыл чарба техникасы өз убагында сапаттуу даярдалган ("СК"). Ал сотуш мезгилинде бригадир болуп да иштеди (Т.С.). Валя жаш чагынан ата-энесинен ажыраган (К.Бек.).

г) Мейкиндик жөндөмөлөрдүн биринде турган күн, саат, минута, сутка, жума, ай, жыл ж.б. деген сөздөрдөн мурун сан атоочтун байланышып келиши менен уюшулат: беш мүнөттө келүү, үч жумада

бүтүү ж.б. Госпиталда бирге жаттык, ал дагы бир-эки айда үйгө кайтып келар (Ч.А.). Биз үчүнчү сүткада Москвага жеттик. Элүү жылда эл жаңырат, отуз жылда жер жаңырат (Макал).

д) Мейкиндик жөндөмөдөгү эсептик сандан мурун "саат" деген сөз айкашып айтылып уюшулат. Айрым учурда мындай составдагы сөз айкаштарынын тутумуна кечки, түнкү, эртең мененки, күндүзгү ж.б. деген өндүү жана числону (күнду) билдирүүчү башка сездер кошулуп айтылып, мезгилдик маанини тактап көрсетет:
Мугалимдердин УІ с"ездн саат ондо башталды. Эртең мененки саат сегизде акыркы кабарлар берилет. Бүгүн саат экиде кино көребүз (М.Т.). Аэродромдо он сегизинде саат ондо болом,- деп жылмайды (А.Т.).

е) Айды, жылды билдирүүчү сөздөрдөн мурун иреттик сандын кошулуп айтылышы менен:
Быйыл пахтаны массалык түрдө терүү жыйырманчы сентябрдан башталды ("СК"). Ал 1926-жылы 8-июнда туулган.

ж) Барыш же чыгыш жөндөмөдөгү нумеративдик сөздөргө (процен килограмм, гектар, метр, пуд, километр, сом, тыйын ж.б.) жана кээ бир башка сездергө сан атоочтун айкашып айтылышы менен уюшулуп, сан-өлчөмдүк маанини туюндурат: эки каптан алуу, үч чыныдан ичүү. Пахта тапшыруунун планы 108 процентке орундалды ("СК"). Кээ бирөөлөрүнүн үстүндөгү жүктөрү 18-20 килограмга жетиптир (Т.С.). Алар өздөрү үрөндү эки пуддан топтошту (К.Б.). Курулушта күнүгө сегиз сааттан иштедик. Машина саатына сексен километрден жүрдү. Иш акыма алтымыш сомчо бересиңер.

8) -а, -й, -ганча формасындагы айрым чакчылдарга күн, тан, түш деген мезгил маанисиндеги сездердун айкашып айтылышы менен

тутумдаш бышыктоочтор уюшулат: Ушинтип, күн чыга кырмандан жол тарттык (Ч.А.). Нурбай таң сүрө жөнөйт да, кайра күүгүмдө араң келет (К.Б.). Түш оой калаага жеттик (Т.С.). Бирок таң атканча кирпик какпан жок (К.Ж.).

9) Тутумдаш бышыктоочтун милдетин жандоочтук айкаштар аткарат:

Сабактан кийин Бөдөнө-Уяга баралы эе, балдар (С.Ө.).
Биз капчыгай менен араба айдап бара жатканбыз (Ч.А.). Бул уулум силерге кошулмакчүн келди да (С.Ө.).

10) Жардамчы атоочтук айкаштар аткарат:

Жамийла жолдун ортосунда селейип катып калды (Ч.А.). Кызыл борчуктун алдына буудайды жаандын алдында сээп бүткөнбүз (С.Ө.). Пулемет тарткан арабанын үстүнө отурдум (К.Б.).

11) Фразеологиялык айкаштар аткарат:

Алар көз байланган кезде кепелеринин жанына чогулушат (К.Бек.). Кара жанды карч уруп иштесем да, акыма бергени эки кадак эт, эки нан (К.Ж.). Аны базарга сатуучу төөдөй эле макташты (А.Уб.).

12) Тутумдаш бышыктоочтун милдетин чакчыл түрмөктөр да аткарат.

Чакчыл түрмөктөрдүн уюшулушунда чакчыл этиш өзүнөн мурун башкарылган, ыкташкан бир нече сөздүн турушун талап кылат. Мисалы: Аларды айландыра курчап, элүүдөй чоң тамандар отурушат (К.Ж.). Мында "курчап" деген чакчылга "айландыра" деген чакчыл этиш ыкташып, "аларды" деген сөз башкарылып келди да, бири-бири менен байланышкан сездердүн тизмеги уюшулду. Бул тизмек бирдиктүү түрдө туруп, кантип? деген суроого жооп берет да, сүйлөмдүн бир мүчесүнүн - тутумдаш бышыктоочтун милдетин аткарат.

Бир канча сөздүн чакчыл менен байланышып айтылышы аркылуу түзүлгөн бирдиктүү тизмеги чакчыл түрмөк деп аталат. Чакчыл түрмөктөрдүн ички структурасы (түзүлүшү), составындагы сөздөрдүн өз ара байланышын жайгашыш тартиби кадимки эле сүйлөмдөрдүкүндөй болот. Бирок аларды татаал сүйлөмдүн тутумундагы багыныңкы сүйлөм деп кароого болбойт: алар өзүнчө сүйлөм боло албайт. Анткени, биринчиден, алардын өзүнө тиешелүү ээси жок, чакчыл бийдирген кыймыл-аракет сүйлөмдүн жалпы ээсине эле тиешелүү. Түрмөктүн аягындагы чакчыл баяндоочтун милдетти аткарбайт, өзү менен байланышкан сөздөрү менен бирдикте келип, бышыктоочтук милдетти аткарат. Экинчиден, чакчыл түрмөктөрдө предикативдик байланыштагы ээ, баяндоочу болбогон себептүү, багыныңкы сүйлөм сыяктанып, кандайдыр бир шарттуу түрдө (относительдүү) аяктаган ойду туюндура албайт. Чакчыл түрмөктөр тутумундагы сөздөрдүн өз ара байланышынан уюшулган синтаксистик бирдиктүү сөз тизмеги гана болуп эсептелет. Алар дайыма жөнөкөй сүйлөмдүн составында келип, анын ички структурасын (түзүлүшүн), маанисин татаалдаштырат; синтаксистик функциясы боюнча, дайыма сүйлөмдүн баяндоочу билдирген кыймыл-аракеттин ар түрдүү белгисин көрсөтүп, тутумдаш бышыктоочтун милдетти аткарат.

Чакчыл түрмөктөр оозеки речте өзүнчө айрым интонация менен айтылат, кыска тыным (пауза) аркылуу сүйлөмдүн башка мүчөлөрүнөн бөлүнүп турат, жазууда үтүр менен ажыратылат.

Чакчыл түрмөктөр көбүнчө сүйлөмдүн башында, кээде ортосунда, аягында келет.

Мисалы: Үйгө кирип келип, Сейде бешик терметип отурган

кайненесин кучактап жыгылды (Ч.А.).Ал, эртең менен үйдөн чыгып бараты, Зейнептин көзүнөн жаш көргөн (К.Өгөбаев).
-Жыйнадыңбы?-деди Балтабай,мурутунан жылмайып (К.Б.).

Чакчыл түрмөктөрдөн түзүлгөн тутумдаш бышыктоочтор маанисине карай сыпаттык, мезгиллик, себептик, максаттык маанилерди берет: Кабагын карыш түйүп, ал да заар тилин агытты (К.К.).Бул сөздү айтып болгончо. Чаргын өзү да узай берди (Т.С.).Султанды издеп, мен көчөгө чыктым.

Бышыктоочтор маанисине карай сыпат бышыктооч, орун бышыктооч, мезгил бышыктооч, себеп бышыктооч, максат бышыктооч, сан-өлчөм бышыктооч болуп бөлүнөт.

Сыпат бышыктооч

Сыпат бышыктооч сүйлөмдүн этиш сөздөн турган мүчөсү менен байланышып, кыймыл-аракеттин сыпатын, аткарылыш мүнөзүн билдирет; кандай? кантип? кандайча? деген суроолорго жооп берет.
Анын милдетин I) көбүнчө сыпат тактоочтор аткарат да, кыймыл-аракеттин сыпаттык белгисин, ар кандай мүнөзүн билдирет: жөө басуу, арам кутулуу, чын айтуу, боточо боздоо ж.б.
Жылкы да бат эле көнүп калды (Ч.А.).Койлор жай-баракат оттоп жүрүшөт (К.Ж.).Асан финалдык биринчиликте жекеме-жеке күрөштү ("СК").
Женишбектин атасы өткөн согушта баатырларча курман болду (С.Ө.).
2) Айрым сын атоочтор аткарып, кыймыл-аракеттин сын-сыпаттык белгисин, кандай мүнөздө болгондугун көрсөтөт:
Тоологу жолду ал жакшы билет ("СК"),Ал менин көзүмө абдан жаман көрүндү ("ЛЖ").Карабек үйүнө капалуу түштү (К.К.).Быйыл жаз айы жаанчыл болду. Окуучулар сочинениени катасыз жазышты ("ЛЖ").

3) Чакчыл этиштер аткарат, кыймыл-аракеттин аткарылыш мүнөзүн билдирет:

Эми бала ушул мектебин кадала карап жатты (Ч.А.).Айжан, колумдан талашып, чалапты шыпкай жутту (Т.С.). Ал ишке Танабай шымалана кириштн (Ч.А.).Чаргын аны антаңдатып жетелеп келди (Т.С.). Энесине катуу кайгырган Сүйүн өксүп-өксүп ыйлап жиберди.

4) -бас (=бастан) формасындагы атоочтуктар аткарат: Сестра мага үнлөбөстөн жал-жал карады (Т.Абдум.).Күн ысык. Керимсел жел билинер-билинбес журуп тургансыйт.

5) Ар түрдүү ыкма менен уюшулган синтаксистик ажырагыс сөз айкаштары аткарат:

Ал мурутунан жылмайып (Кулуп) койду (К.Б.).Амантур кагынып-силкинген бойдон чыгып кетти (А.Уб.).Жапарды ортого алып, үй мүйүз тартып отурушту (К.Б.).

6) Менен, сыяктуу, шекилдүү, боюнча, бойдон ж.б. жандоочтору катышып уюшулган айкаштар аткарат: Баары аны ырайымдуулук менен узатышты (К.К.).Эмгек кылсаңар, биз сыяктуу болосуңар (К.Б.).Акия кетирекей безилдеген боюнча күлап түштү (Т.С.).Тотой бозоргон бойдон олтурат.

7) Фразеологиялык айкаштар аткарат:

Алар далай ишти жең ичинен бүтүрдү. Ал жанын сабап Таабалдыга жармашты (К.Бек.).Токмоктун көчөлөрүн беш колундай билүүчү (К.Бек.)

Орун бышыктооч

Кыймыл-аракеттин болгон ордун, багытын көрсөтөт; кайда? каякка? кайдан? каерде? деген суроолорго жооп берет. Орун бышыктоочтун милдетин төмөнкү сөздөр аткарат:

I) Орун (тактоочтор) Булар өзүнүн жана аны менен байланышып турган этиштин лексикалык маанисине карай кыймыл-аракеттин орду, багытын билдирет: Эне менен бала алдыда баратышпы ("КМ"). Махабаттын күүсү алыстан кагылат (Т.С.). Алмас, мени менен сүйлөшпөй, нары басты (Т.С.). Шашып калган жылкычылар өйдө-төмөн чапкылашты

2) Орундук, мейкиндик маанидеги барыш, жатыш, чыгыш жөндөмөдөгү зат атоочтор аткарат; мааниси боюнча, кыймыл-аракет болгон, багытталган, башталып чыккан орунду билдирет:

Балдар бир аздан кийин туу жонго чыгып барышты (С.Ө.).

Атасы Бекбай жергиликтүү МТСке Жамбылдан жер май ташыйт (Ч.А.).

Сыртта бороон болуп турат (К.Бек.).

3) Мейкиндик жөндөмөлөрдүн биринде турган синтаксистик ажыраыс сөз айкаштары аткарат: Жер жүзүндө үзүлбөс өмүр көктөйт (С.Абдык.).

Алым, Анарханды алып, ушул Ош шаарына көчүп келген эле (К.Ж.).

Бул тарапта бугу жүргөнү ырас бекен? ("КМ"). Биз силердин сол жагында болобуз (А.Т.).

4) Менен, аркылуу, боюнча, карай, карап, карата, көздөй, чейин, дейре, баштап, тартып, ары, бери (жандоочтук функцияда келгенде) жандоочтору орундук, мейкиндик маанидеги зат атоочтор менен айкашып келгенде, кыймыл-аракеттин болгон, багытталган, башталган ордун билдирет:

Нечен миңдеген кой жылыга ушул жол менен өтө турган (Ч.А.). Биздин райондун эмгекчилери демонстрациядан Ленин проспектиси аркылуу өттү. Колду баштап Мендирман жоону карай жөнөдү (К.Ж.). Жылкыны дайым булакка чейин өзүм айдап барчу элем (А.Т.). Анан Ак кеме андан ары сүзүп жөнөйт (К.Б.). Ушул чектен тартып жарышкыла (Ш.Б.).

5) Аягына мейкиндик жөндөмөлөрдүн биринин мүчөсү уланган жардамчы

атоочтук (алды, арты, асты, үстү, ортосу, жаны, сырты, ичи ж.б.) айкаштар аткарат: Алдыла, чоң жолдун үстүнө жалгыз арабадан башка эчтеке көрүнбөдү (Ч.А.).Тоо арасына тумандуу кыш кирип келди (Ч.А.).Танабай суу боюнда чөп чаап жүргөн (Ч.А.).Кеч бешимде капчыгайдын ичинен чыктык (Ч.А.).

6) Багытты, мейкиндикти билдирүүчү айрым сурама ат атоочтор да ф орун бышыктоочтук милдетти аткарат:

– Кана, эми өзүң сүйлөчү! Кайда болдуң, кайда жүрдүң? (К.Б.)

Үйлөгүлөп каякка кетишкен? Бул коноктор кайдан келишиптир?

Орун бышыктоочтор этиш сөздөр менен гана эмес, кээде бар, жок деген сөздөрдөн, айрым тактоочтордон жана зат, сын атоочтордон турган баяндоочтор менен да байланышып келет.

Мисалы: Аркабызда лыжачылар бар (К.Б.).Короодо бир да киши жок (Т.С.).Мен совхозло жылкычымын (К.Б.).Атасы Петр –райондо зоотехник (К.Ж.).Ал кезде айылда эркектер аз (Ч.А.).

Мезгил бышыктооч

Кыймыл-аракеттин болгон, болуп жаткан, боло турган мезгилин көрсөтөт: качан? качанга чейин? качантан бери? деген суроолорго жооп берет. Анын миллетин:

I) Жөнөкөй жана татаал формадагы мезгил тактоочтор аткарат: Жакында эки райондун күлүктөрүнүн жарышы болот (К.К.).Бул иш азыр да кызуу улантылууда ("СК"). Бороон түн бою улуйт (К.О.). Саякатка кеткен пионерлер бүгүн-эртеңдерден келип калат ("КП").

Кээде бир мезгил тактооч менен экинчи мезгил тактооч айкашып келип, тутумдаш мезгил бышыктооч уюшулат: кыймыл-аракеттин болгон мезгилин тактап, конкреттештирип көрсөтөт:

Бүгүн кечинде чоң концерт болмок (К.К.). Суусамырдан кечээ кечкурун келдик ("СК"). Ал былтыр күзүндө армияга кеткен (К.Б.). Быйл жазында эгин айдоодо райондун ошол зонасында мен өзүм болдум (К.Б.).

2) Жаз, жай, күз, кыш, шашке, бешим, көктөм деген сыяктуу мезгилдик маанидеги зат атоочтор жатыш жөндөмөдө келип, мезгил бышыктоочтук милдетти аткарат: Жазда жер оодарар соколорду ондоп жатышкан (Ч.А.). Бешимде Кызыл-Кыянын ары бетине аштык (М.Э.). Чоң ата, чоң энеси күздө келте оорудан каза тапкан (К.Б.).

Кээде бул сөздөрдүн алдына кеч, эрте, өткөн, келген, эмдиги, аркы деген сыяктуу сөздөр айкашып айтылып, алардын мезгилдик маанисин конкреттештирип көрсөтөт, тутумдаш бышыктооч уюшулат: Серкебай өткөн күздө атасынын ашын берди (К.О.). Саадайдыкына экинчи жолу кеч бешимде кайрылды (К.О.). Алар кыштоодон эрте жазда көчүп кетишти (К.Ж.). Аркы жумада малчыларга лекция окушка барабыз.

3) Ар түрдүү формадагы чакчылдар аткарат:

Чатактын түйүнү бара чечилер (Т.С.). Иштин ал-жайына келип түшүндүм. Бул иште бүтмейүнчө кетпейм. Андан кеткени кабар жок. Аттангыча жей тур! (Ж.Ж.)

4) Аягына жатыш, кээде чыгыш жөндөмөнүн мүчөсү жалганган жөнөкөй жана татаал формадагы атоочтуктар аткарат:

Адамдын асылы өлгөндө билинет (Макал). Атам менен Алексей кирген-ден сүйлөшүп отурушту (С.Ө.). Келериңде дүнүйө, толукшуп чыккан айдайсың. Кетериңде дүнүйө, суу жетпеген сайдайсың (Токтогул). Куду жүдөп баратканда айылдагылардан акыл сурады (С.О.). Данияр бара жатканда аттарды тындырбай айдап жүрүп отурду (Ч.А.).

5) Мезгилдик маанидеги айрым сөздөргө таандык жана жатыш, чыгыш

жөндөмөлөрдүн мүчөсү жалганып келип, мезгил бышыктооч болот: Антпей бардыгына жашыңдан үйрөн (С.Ө.). Сүрөт тартууга кичинемдин эле колум эптүү эле (С.Ө.). Жашында жигит шок болот, карыганда токтолот (Макал).

6) Мезгил бышыктоочтун (тутумдаш) милдетин түрдүү жолдор менен уюшулган ("Тутумдаш бышыктооч" деген темачаны караңыз) синтаксистик ажырагыс сөз айкаштары аткарат:

Алар ошол учурда тике карашкандай болушту (Ч.А.). Бир кезде эшик алдына араба токтоду (К.Б.). Бир күнү күүгүм талаш соңун кийинген бир келин келип калды (К.Ж.). Ошондо биз планды он сегиз күндө аткарган болобуз (К.Б.). Ага дем алуу убактысында кирели (С.Ө.). Жаш чагымда бир баскан, жай айтышып сырдашкан (О.Б.). Мындай оңуя колхоздошуу мезгилинде да болгон (С.Ө.). Түш оой калаага жеттик (Т.С.). Жайлоого таң ата жеттик (Ч.А.).

7) Жатыш жөндөмөдөгү атоочтук, бар, жок, кез, убак деген сөздөргө бир нече сөздүн айкашып айтылышы менен уюшулган сөз тизмектери тутумдаш бышыктооч болуп келет (мындай сөз түрмөктөрүнүн түзүлүшү жөнүндө....бетти караңыз): Мерчемдүү жерге жеткенде Дөөлөт тизгинин жыйды (К.О.). Үйгө кирерде баары мени тегеректеп калышты (К.О.). Атың барда жер тааны, атаң барда эл тааны. Өрдөк жокто чулдук бий (Макалдар). Мария энеси тирүү кезде мектепке барып жүрүүчү (Т.С.)

8) Фразеологиялык айкаштар аткарат:

Көз ачып жумганча көңүлүнө алда канча ойлор келип кетти (К.Ж.). Кырманга каш карайганда жеттим (Ч.А.). Бешиктен белиң чыга электе энеңди жуттуң (К.О.). Иштин эмне болуп кеткени Дүйшөнкулдарга кирпик ирмегенче түшүнүктүү болду (К.О.).

9) Жатыш жөндөмөдөгү затташкан эсептик сандар аткарат: Ал он

алтысында ата-энеден жетим калат (К.Ж.). Отузунда ордо бузсаң, кыркында кырдан аша албайсың (Макал). Он экиде чыгып, сегизде араң келди ("Жаштык сапар").

10) Мезгил бышыктоочтун (тутумдаш мезгил бышыктоочтун) милдетин жандоочтук айкаштар аткарат.

Негизинен кийин, соң, чейин//лейре, сайын, менен, баштап, тартып деген жандоочтор, ошондой эле жандоочтук мааниде келген мурун//мурда, илгери, ары, бери дегендер өзүнүн аллынлагы байланышкан сөзү менен бирдикте туруп, мезгил бышыктоочтук милдетти аткарат. Мааниси боюнча, кыймыл-аракеттин белгилүү бир учурдан мурун же кийин болгондугун, анын башталган чегин, качанга чейин созулгандыгын, качантан бери болуп жатканлыгын туюндурат.

Мисалы: Толкун эне көптөн кийин колу-бутун акырын кыймылдатты (К.Бек.). Жапар менен Жамийла согуштан мурун эле тааныш болучу (К.Б.). Ошондон бери анын ишинен кымындай да кынтык табышкан жок ("КМ"). Бир азган соң Осмон көрүнүү (К.О.). Мен мындай ары түк ыйлабайм (К.Ж.). Кандай болбосун Ысмайылды жайга чейин багып чыгыш керек (Ч.А.). Токтогул далайга лейре козголбой турду (А.Т.). Бизлин баланын жалкоолугу күн сайын күчөп баратат ("КМ"). Шамбет келери менен өстөнгө барды (Т.С.). Ошо күндөн тартып эле ага-инилей бири-бирибизди жакындан тунуштук (Т.С.). Жаздан баштап талаачылык жумуштарына чон жоопкерчилик менен киришти ("СК").

11) Жардамчы атоочтук айкаштар аткарат:

Жаз башында кош айдоо башталды ("СК"). Бүгүн мектепке башкарма келгенин Султанмурат апасына жатар алдында гана айтты (Ч.А.). Мен үйгө сенин астында эле келгем (К.Ж.). Падышанын тушунда кедейге салган оорун (Тог.Мол.).

Мезгил бышыктоочтор да дайыма эле этиш менен байланышпастан, зат, сын, ат атооч менен да байланышып келе берет:

Биздейлер бири-бирине дайым жолдош! (К.Ж.). Койчу азыр мал менен жайытта (К.О.). Анын ак чач апасы менен карындашы күндүз эртеден жанында (М.Аб.). Устаканадагы уста, анын шакиртинин көрүнүшү күндө ушундай (К.Бек.).

кечке

Себеп бышыктооч

Себеп бышыктооч кыймыл-аракеттин болуш себебин билдирет. Анын милдетин:

I) Маанисн боюнча ар түрдүү психикалык абалды билдирүүчү (кубан, сүйүн, корк, чарча ж.б.) = ган формасындагы атоочтук чыгыш жөндөмдө туруп аткарат:

Мен сүйүнгөнүмдөн сыртка атып чыктым (Т.С.). Жийдегүл кубанганынан эмне деп жооп берерин билбей калды (Ч.А.). Ысмайылды көзүнө элестетип, коркконунан ордунан тура калды (Ч.А.). Мен шашканымдан сүрөтүмдү беките албай калдым (Ч.А.).

Мындай атоочтук=дыктан формасынча да келет:

Шашкандыктан башындагы калпагы тетеири кийилген (К.О.). Чарчагандыктан буттары шилтөөгө келбейт (К.О.). Корккондуктан ар кимисинин жан тери чыкты (К.О.).

2) Ачкалык, кедейлик, жокчулук, тартипсиздик, жалкоолук деген сыяктуу абстракттуу маанидеги зат атоочторго чыгыш жөндөмөнүн мүчөсү уланып келип, себеп бышыктоочтун милдетин аткарат: - Ачкалыктан жөөлүп жатасың! (К.Ж.) Мен кедейлигимден аны сизге бере албай келдим (М.Аб.). Ал тартипсиздигинен ушул ишке кабылды.

3) Себеп тактоочтор аткарат:

Арыкбай атынын башын амалсыздан бурду (К.Б.). Апенди айласыздан кайра келди. Динара эриксизден күлүп да жиберди (Т.С.).

4) =ып,=бай формасындагы чакчылдар аткарат:
Бала кубанып күлүмсүрөдү (С.С.). Музоолорду эркине койсо, эме берип ичи көбөт (А.Уб.). Самарбек ачуусуна чыдабай кыжырланды (Т.К.).

5) "Үчүн" жандоочу аягына таандык мүчө жалганган =ган,=гандык /=ган+лык/ формасындагы атоочтук менен байланышып келип, себеп бышыктоочтук милдетти аткарат:
Жээни аны ач көздүгү үчүн өлгүдөй жек көрөт ("КМ"). Умсунай апа өмүрдү так ошондой байкоостугу үчүн үйгө келбес кылат (Ж.Мавл.). Койду эрте айдап келгендиги үчүн Эмилбекти Калыйча каргап-шилей берди (К.О.).

Максат бышыктооч

Максат бышыктооч кыймыл-аракеттин кандай максат менен аткарылып жаткандыгын биллирет. Анын милдетин төмөнкү сөздөр аткарат:

I/ Кыймыл атоочтон кийин үчүн жандоочунун байланышып келиши менен уюшулган айкаштар аткарат:
Биз кедейлерге жардам берүү үчүн келдик (К.Б.). Ал казандагы жаңы бышырылган сүттү айран уютуу үчүн сапырып жатыптыр (К.О.). Зоотехник Акиш бул жерге саанчылар менен аңгеме өткөрүш үчүн келип отурган эле (А.Уб.).

2/ Барыш жөнөмөлөгү айрым кыймыл атоочтор аткарат:
Бригадир кеткенден кийин, экинчи арызды жазууга отурду (К.К.). Азыр ошолордун ишин көрүүгө баратам (К.Ж.). Менин оюмча ушул иштерди акылдашууга кетсе керек (К.Ж.). Жол боюндагы дөңсөөгө кайнене-келин болуп акыл чечмекке отурдук (Ч.А.).

3/ Каалоо, буйрук ыңгайдан кийин жана келер чактагы этиштен кийин "деп" жардамчы этишинин байланышып айтылышы менен уюшулган айкаштар аткарат: Султанмурат магазинге китеп алам деп келиптир (Ч.А.). Жаныярга жардамдашайын деп умтулдум (Ч.А./.

Сизди район жакта бир жумушка барып келсин деп чакырттым эле (А.Уб.) Сени менен сүйлөшөлү деп келдик. Ал Москвага окуйм деп кетти.

=мак, =макчы формасындагы ниет ыңгайдан кийин "болуп" жардамчы этишинин бирге айтылышы менен уюшулган сөз айкашы аткарат: Керим совхозго иштемекчи болуп кетти. Ажар Москвага окумакчы болуп кетти.

4/ Максат тактоочтор аткарат:

Бүбүш мында калган кыз-жигиттерди атайы атабады (Т.С.). Алыстан келүүчүлөргө атайын кырк үй көтөрүлдү (К.Ө.).

5/ =ганы формасындагы чакчылдар аткарат: Абдырасул бетин жууганы арыктын жээгине олтурду /С.С./. Алар кечки тамакты ичишкени олтурушту /С.С./. Шалбек ажы бир топ кишилери менен даткага учурашканы келет экен (А.Т.).

Сан-өлчөм бышыктооч

Кыймыл-аракеттин же абалдын сандык, салмактык, нарктык, деңгээл-даражалык өлчөмүн билдирет; кээде мезгилдик, мейкиндик өлчөмүн да көрсөтөт. Алардын милдетин:

I/ Сан атооч аткарат:

Кулу эл ичине үч келип, үч кетти (К.О.). Нысапсызга кашык салса, беш ууртайт (макал). Туткундар экиден-үчтөн катар басып келатышты (К.Ж.).

2/ Сан атоочтон же бир нече, бир канча деген ат атоочтордон кийин процент, эсе, жолу, ирет, мертебе, жолу, үзүм, ууч ж.б. сыяктуу сөздөрдүн кошулуп айтылышы менен уюшулган синтаксистик ажырагыс сөз айкаштары аткарат: Быйыл республикабыздын өнөр жайлары пландуу 104 процент орундатты. Түшүм ошондо эки эсе көбөйөт имиш! (Ч.А.) - Ооба, музоолорду үч жолу агытып, үч жолу кайта бай-

ладым (А.Уб.). Бир мертебе ийнеси оймоктон тайып кетти, бир-эки ирет учугу чатышты (Т.С.). Жыл сайын бир нече жолу обкомго чакырат (А.Уб.). Нан аларга бир үзүмдөн арап жетти.

3/ Сан-өлчөм тактоочтор аткарат:

Аз күлүп, көп сүйлөйт (К.Ж.). Алардын мамилеси мурункудан алда канча өзгөрүлдү (К.Ж.). Алым тыйындан анча-мынча берди (К.Ж.).

4/ Составында -ганча формасындагы чакчыл же -ынча формасындагы башка сөз катышкан синтаксистик ажырагыс сөз айкаштары, фразеологиялык айкаштар аткарып, кыймыл-аракеттин кандай деңгелде, даражада болгон өлчөмүн билдирет:

Курдаштары мунун кылыгына көздөрүнөн жаш акканча күлүштү /К.О./. Мен күчүмдүн бардыгынча кыйкырдым /Ч.А./. Колдон келишинче тырышып жатам /К.Бек./. Бир убакта комсомолец мандайы жарылганча кубанып кетти /Т.С./. Таабалдынын суроосуна боору катканча күлдү /К.Бек./.

5/ Салмакты, нарктыбилдирүүчү сөздөргө сан атоочтун айкашып айтылышы менен түзүлгөн ажырагыс сөз айкаштары аткарат:

Алар өздөрү үрөндү эки пуддан топтошту (К.Б.). Үйлардын ар бири жемди күнүнө 15 килодон жейт (А.Уб.). Бул костюм 840 сом турат.

Кээ бир синтаксистик ажырагыс сөз айкаштары кыймыл-аракеттин мейкиндик /орундук/ жагынан болгон өлчөмүн билдирет:

Үстүндөгү бала көтөрмө бою алыс түштү (К.Б.). Күн уясынан аркан бою көтөрүлүп калды (К.Б.). Ал үч кадам алдыга басты. Биз тынбай беш километр жүрдүк.

6/ Сан-өлчөм тактоочтор аткарат; кыймыл-аракеттин мезгилдик өлчөмүн билдирет:

Сиз бир аз отуруп турунуз (М.Аб.). Ийисин деп музоонун оозун карап бир кыйла турду (А.Уб.). Алсыз тамыры анда-санда сокконболот (К.Ж.).

Обочолонгон түшүндүрмө мүчө

Обочолонгон түшүндүрмө мүчө да сүйлөм мүчөлөрүнүн өзгөчө бир түрү. Анткени ал дайыма сүйлөмдүн баш же айкындооч мүчөлөрүнөн кийин келип, анын маанисин толуктап, тактап түшүндүрөт. Сүйлөм мүчөсүнүн бул түрү оозеки речте өзгөчө интонация менен айтылат: анын башталышында жана аяктальшында кыска тыныш болот да, өзү алдындагы аныкталгычка караганда басыңкы үн менен айтылат. Аныкталгычтан кийин келип, андан жана өзүнөн кийинки сөздөн пауза аркылуу бөлүнүп, чектелип тургандыктан, андай мүчөлөр "обочолонгон мүчө" деген термин менен аталат. Түшүндүрмө мүчөнү минтип обочолонтуп бөлүп айтуу аны сүйлөмдүн башка мүчөлөрүнөн "өзгөчө белгилеп" көрсөтүүгө, ага угуучунун назарын бурууга жардам берет.

Сүйлөмдүн баш же айкындооч мүчөлөрүнөн кийин келип, өзгөчө интонация менен айтылып, алардын маанисин толуктап, тактап турса, обочолонгон түшүндүрмө мүчө деп аталат.

Мисалы: Биз, кызыл флотчулар, Мурманск шаарындабыз (К.Б.). Султан, заводдун инженери, жаңы новаторлук сунуш кийирди.

Бул сүйлөмдөрдөгү кызыл флотчулар, заводдун инженери деген обочолонгон түшүндүрмө мүчөлөр биз, Султан деген ээлерден кийин келип, алардын ким экендигин тактап, аныктап турат.

Обочолонгон түшүндүрмө мүчө сүйлөмдүн бардык мүчөлөрүнүн маанисин тактап, аныктап айтыла берет. Дайыма өзүнүн алдындагы аныкталгыч менен бирдей грамматикалык формада болот.

Мисалы: Биз, пионерлер, жаңы жобо жана закондорду жакшылап үйрөнүүгө тийишпиз ("Ж.Л.").

Мында пионерлер деген обочолонгон түшүндүрмө мүчө биз деген ээнин ким экендигин тактап турат; ээ да, анын түшүндүрмө мүчөсү да атооч жөндөмөдө.

Талыкпаган эмгек бизди көздөгөн улуу максатыбызга, коммунизмге, жеткирет ("СК").

Бул сүйлөмдө коммунизмге деген түшүндүрмө мүчө максатыбызга деген толуктоочтун маанисин тактап, экөө тең барыш жөндөмөдө айтылды.

Он экинчи беш жылдыктын тапшырмаларын орундатууга силердин, комсомолецтердин, салымы өтө зор ("СК").

Мында комсомолецтердин деген түшүндүрмө мүчө силердин деген аныктоочтун маанисине тактык киргизди; аныктооч да, анын түшүндүрмө мүчесү да илик жөндөмөсүндө.

Мына, Зууракан Москвада, Кремлде (К.Б.).

Бул сүйлөмдөгү Кремлде деген түшүндүрмө мүчө Москвада деген баяндоочтун маанисин тактап түшүндүрүп турат; экөө тең жатыш жөндөмөдө.

Балдарды коргоо боюнча милдеттер бизде, Советтер Союзунда гана, иш жүзүнө ашууда ("СК").

Мында Советтер Союзунда деген түшүндүрмө мүчө бизде деген орун бышыктоочтун маанисин тактап, аныктап турат,

Обочолонгон түшүндүрмө мүчөлүү сүйлөмдөр сырткы түзүлүшү жагынан бир өнчөй мүчөлүү сүйлөмдөргө окшошконсуп көрүнөт. Бирок экөөнүн ортосунда орчундуу айырмачылыктар бар: а) бир өнчөй мүчөлөрдүн ар бири ар башка түшүнүктү билдирсе, обочолонгон түшүндүрмө мүчөлүү сүйлөмдөрдө негизги мүчө менен андан кийинки түшүндүрмө мүчө бир эле түшүнүктү билдирет жана кийинкиси (түшүндүрмө мүчө) өзүнүн алдындагы негизги мүчөнүн маанисин ачып, толуктап, тактап түшүндүрөт;

б) бир өңчөй мүчөлөр санак интонация менен айтылат, аларды айтканда үн бир калыпта чыгат. Обочолонгон түшүндүрмө мүчөлүү сүйлөмдөрдө болсо аныкталуучу сөз көтөрүңкү үн менен, андан кийинки түшүндүрмө мүчө ага караганда бир аз басыңкы үн менен айтылат жана анын башталышы менен аякталышында кыска тыным болуп, ажыратуу интонациясы менен айтылат. Ошондуктан буларды сырткы окшоштуктарына карап, бири-бири менен чаташтырууга болбойт.

Обочолонгон түшүндүрмө мүчөлөр, жогоруда көрсөтүлгөндөй, сүйлөмдүн баш же айкындооч мүчөлөрүнөн кийин келип, алардын маанисин толуктап, тактап турат жана алар сүйлөм ичинде кандай милдет аткарса, түшүндүрмө мүчөлөр да ошондой эле синтаксистик милдетти аткарат. Ушуга карай сүйлөм ичинде обочолонгон түшүндүрмө ээ, түшүндүрмө аныктооч, түшүндүрмө толуктооч, түшүндүрмө бышыктооч, түшүндүрмө баяндоочтордун болушу мүмкүн.

Обочолонгон түшүндүрмө ээ. Бул өзүнүн алдында турган ээнин (аныкталгычтын) маанисин ачып, толуктап, тактап көрсөтөт.

Обочолонгон түшүндүрмө ээ негизинен төмөнкүдөй жолдор менен түзүлөт:

I) Көбүнчө атооч жөндөмөдөгү зат атоочтор же сөз айкаштары түшүндүрмө ээ катары келет. Алар дайыма сүйлөмдүн негизги ээси менен жанаша айтылат да, өзүнүн лексикалык маанисине ылайык, аныкталгычтын (ээнин) кимдигин, эмнелигин, кесибин тактап көрсөтөт:

Биз, шахтерлор, өзүбүздүн шаарыбызды шексиз сүйөбүз ("ЖЛ").

Силер, жумушчулар, дайыма алдыңкы катарда болушуңар керек.

2) ЭЭни (аныкталгычты) кызмат-абалы, туугандык, жолдоштук белгиси боюнча аныктайт:

Ормуш, мектептин директору, эл агартуу системасын кайра куруу боюнча доклад жасады. Носов, горнизондун начальниги, командировкага кеткен эле. (К.Б.) Керим, менин агам, мектепти бүткөндөн

кийин, колхоздо чабан болуп иштеп калган. Тобокел, сенин жолдошуң, кечээ айылга кетиптир.

3) Негизги ээнин кандайдыр бир мекемеге, уюмга болгон катышын билдирет:

Осмон, университеттин мугалими, аспирантураны сырттан окуп бүттү. Керим, "Кара-Суу" совхозунун жумушчусу, быйыл орден менен сыйланды.

4) Ээнин ар түрдүү белгисин, сын-сыпатын, жаш өзгөчөлүгүн билдирет:

Биз сарайга келсек, Зарлык, орто бойлуу толук киши, комбайнды ремонттоп бүтүп калыптыр. Таштан, узун бойлуу кара тору жигит, комсомол комитетинин секретары болуп иштейт.

Айгүл, 18 жаштагы кыз, гимнастика боюнча республиканын чемпиону болду.

5) Айрым учурда обочолонгон түшүндүрмө ээнин милдетин энчилүү аттар аткарат да, өзүнүн алдындагы жалпы маанидеги аныкталгычтын (ээнин) кимдигин, эмнелигин тактап, конкреттүү көрсетөт:

Кичинекей койчу, Каныбек, койду короого чала-була имере салып, атасына учурашуу үчүн үйгө карай жүгүрдү (К.Ж.). Ал, Ашым Султанов, азыр БАМдын курулушунда иштеп жүрөт. Кечээки жыйналышта комбинаттын директору, Жумаш Ашыров, доклад жасады. 1924-жылы 7-ноябрде кыргыз элинин тунгуч газетасы, "Эркин тоо" газетасы, жарыкка чыкты.

6) Эгерде негизги ээ кеңири, жалпы маанидеги сөздөрдөн болсо, анын маанисин кээде бир өңчөй сөздөрдөн турган түшүндүрмө ээ чечмелеп түшүндүрүшү мүмкүн:

Эненин тизесинен түшө элек али былдыр периштелер — Жеңишбек менен Микола-Аскер, муну сезишпеди (Т.С.). Институттун агитаторлору — Ормуш, Качкын, Султаш, КПССтин ХХУП с"ездинин чечим-

дерин эл арасына кеңири пропагандалашты.

Обочолонгон түшүндүрмө аныктооч катышкан сүйлөмдөрдө негизги аныктоочу дайыма илик жөндөмөдө айтылат да, андан кийин келген обочолонгон аныктоочу да илик жөндөмөдө туруп, алдындагы негизги аныктоочтун маанисин тактап, толуктап түшүндүрөт: Кечээ жыйналышта Алымдын, мектеп директорунун, отчеттук докладын уктук. Быйыл Токтогулдун, кыргыздын демократ акынынын, туулган күнүнө 125 жыл толот. Азыркы учурда Фрунзе шаарынын, Кыргызстандын борборунун, экологиялык тазалыгын сактоо боюнча зор камкордук көрүлүп жатат.

Обочолонгон түшүндүрмө толуктооч. Сүйлөмдүн негизги толуктоочунан кийин келип, ал кандай синтаксистик милдетти аткарса, ошондой эле милдетти аткарып, анын маанисин толуктап, тактап түшүндүрөт. Негизги толуктооч кандай грамматикалык формада айтылса, обочолонгон түшүндүрмө толуктооч да ошондой формада айтылат, экөөнө бирдей суроо берилет. Мунун милдетин да жөнөкөй атооч сөздөр же сөз айкаштары аткарат.

Бизге, малчыларга, газета-журналдарды өз убагында жеткирип туруу керек. Бизде, советтик адамдарда, бир гана тилек бар. Алдагы ого бетер мыкты, бай, маданияттуу жашоо ("СК"). Биздин кызматкерди, Жээналыны, жергиликтүү советтерге депутат кылып шайлаш ты.

Обочолонгон түшүндүрмө бышыктооч. Бул да сүйлөмдүн негизги бышыктооч мүчесүнөн кийин келип, анын маанисин тактап көрсөтөт. Негизги бышыктооч кандай формада айтылса, обочолонгон түшүндүрмө бышыктооч да ошондой формада айтылат жана экөө тең бирдей суроого жооп берет. Мунун милдетин да мейкиндик жөндөмөдөгү зат атооч тор же ар түрдүү түзүлүштөгү сөз айкаштары аткарат. Мында негизги бышыктооч жалпы маанидеги сөздөрдөн болот да, түшүндүрмө

бышыктооч анын маанисин тактап, конкреттештирип түшүндүрөт. Көбүнчө түшүндүрмө орун бышыктоочтор обочолонуп айтылат: Кызылчадан мындай түшүм мурда бизде, Кыргызстанда, эч бир болгон эмес (К.Б.). Алыстан, кырман жактан, түшкү тамак мезгили болгонун билгизип, конгуроо кагылды (К.Б.). Кайсы бирөөлөрү тышта, жүктөрүнүн жанында, машина күтүп турушат (К.Б.)

Түшүндүрмө мезгил бышыктоочтор обочолонуп айтылат:

Баягыда, өткөн жылы майда, Ысмайыл ушундай беле? (Ч.А.)

Азыр, мында келерде, Амантур партиялык уюмдун чогулушунда болду. (А.Уб.). Алиев Бектурсун илгери, 1930-жылдары, айыл-чарбасын коллективдештирүү ишине активдүү катышкан эле.

Бышыктоочтун башка түрлөрүнүн обочолонуп айтылышы тилибизде өтө сейрек учурайт.

Обочолонгон түшүндүрмө баяндооч да сүйлөмдүн грамматикалык предикатынан (баяндоочунан) кийин келип, анын маанисин толуктап, тактап түшүндүрөт; баяндооч менен бирдей формада айтылып, бирдей суроого жооп берет. Баяндоочтун бул түрү тилибизде өтө сейрек учурайт.

Жыргалдуу турмуш, тең укуктуулук бизде, Советтер Союзунда. Тигил шаңдуу ырдап келе жаткандар—пионерлер, биздин класстын окуучулары.

Обочолонгон түшүндүрмө мүчө да азыркы кыргыз тилиндеги жаңы көрүнүштөрдөн болуп эсептелет. Орус тилиндеги ар түрдүү жанрдагы адабияттарды, өзгөчө көркөм адабий жана публицистикалык чыгармаларды кыргыз тилине кеңири которуунун натыйжасында кийинки учурларда көбүнчө жазуу речибизде активдүү колдонула баштагандыгын байкоого болот. Обочолонгон түшүндүрмө мүчөлөрдүн стилдик мааниси да чоң: ал айтылуучу ойду так, эмоционалдуу, образдуу түшүндүрүүгө жардам берет. Ошол себептүү алар азыр советтик кыргыз жазуучуларынын чыгармаларында, публицистикалык жанрда барган сайын кеңири колдонулууда.

Обочолонгон түшүндүрмө мүчөлөрдүн жазылышы

Оозеки сөздө обочолонгон түшүндүрмө мүчөлөрдүн башталышында жана аяктальшында кыска тыным болуп, өзү бир аз басыңкы үн менен айтылат. Жазууда алар эки жагынан тыныш белгилери менен ажыратылып жазылат.

I)Обочолонгон түшүндүрмө мүчө бир сөздөн, же сөз айкашынан болсо, эки жагынан үтүр менен ажыратылат:

Биз, шахтерлор, өзүбүздүн шаарыбызды шексиз сүйөбүз ("ЖЛ"). Көк-Арт өрөөнүндөгү Октябрь айлында, элдик баатыр Тукубай Тайгараев туулуп өскөн кыштакта, бийик пьедесталда пилоткачан жоокердин бюсту турат ("ЖЛ").

2) Обочолонгон түшүндүрмө мүчө сүйлөмдүн баяндоочун аныктап турса, түшүндүрмө баяндоочтон мурун үтүр коюлат:

Сурьманын көп чыга турган жерди бизде, Кыргызстанда, Алыстан көрүнгөн эки этаж үй-мектеп, "Жаңы-Алыш" мектеби.

3) Обочолонгон түшүндүрмө мүчө, же аныкталып турган мүчө бир өңчөй мүчөлөрдөн болсо,түшүндүрмө мүчөнүн алдына сызыкча, кийин үтүр коюлат, Эгерде мындай учурда да түшүндүрмө мүчөнүн эки жагына үтүр койсок, анда сөздөрдүн аралыгы жалаң үтүр менен чектелип, натыйжада айкындалуучу мүчө менен түшүндүрмө мүчөнү бири-биринен ажыратуу иши татаалданар эле.Бул жерде обочолонгон түшүндүрмө мүчөнүн алдына коюлган сызыкчанын милдети айкындалып турган мүчөнү бир өңчөй түшүндүрмө мүчөлөрдөн, же тескерисинче, бир өңчөй айкындалгычтарды бир сөздөн же сөз айкалыштарынан турган түшүндүрмө мүчөдөн ажыратып туруу болуп эсептелет:

Украинанын жеринде пайдалуу кендердин — көмүрдүн, газдын, темирдин, марганецтин, эң баалуу запастары жатат ("СК"). Советтик окумуштууларга, инженерлерге, техниктерге — космос кораблин түзгөндөргө, урмат жана даңк! ("СК").

4) Эгерде обочолонгон түшүндүрмө мүчөдөн кийин ага улай бир өңчөй мүчөлөр катар айтылса, түшүндүрмө мүчөнү өзүнөн кийинки бир өңчөй мүчөлөр менен чаташтырбоо үчүн жана аны бир өңчөй мүчөлөрдөн даана ажыратып туруу үчүн,обочолонгон түшүндүрмө мүчөдөн кийин сызыкча, мурун үтүр коюлат:

Биз, дыйкандар—дан, сүт, эт камдасак, жумушчулар биз үчүн кездеме, соко, темир тырмоо, араба, шайман, ар түрдүү толгон нерселерди камдайт (Т.С.). Биздин өлибиздин майрамына, Космонавтика күнүнө — советтик окумуштуулар, конструкторлор, инженерлер, техниктер жана жумушчулар "Ай-I4" автоматтык станциясын учурууну арнашты ("СК").

5) Чакырык маанисинде айтылган сүйлөмдөрдө баяндоочу көбүнчө сүйлөм башында, ээси сүйлөм аягында келет. Эгерде сүйлөм аягында келген андай ээни обочолонгон түшүндүрмө мүчө аныктап келсе, экөөнүн ортосуна сызыкча коюлат: эгерде үтүр койсок, бир өңчөй мүчөлөр менен чаташтыруу мүмкүн.

Мисалы: Жашасын коммунизм — адамзаттын жаркыраган келечеги! Жашасын советтик профсоюздар— коммунизмдин мектеби!

6) Кээде бир сөздөн же сөздөрдүн тизмегинен турган обочолонгон түшүндүрмө мүчөнү (көбүнчө бир өңчөй түшүндүрмө мүчөнү/өзгөчө белгилеп, даана көрсөтүү максатында анын алдына сызыкча, кийин үтүр, же болбосо эки жагына тең сызыкча коюуга болот:

а) Октябрь социалисттик революциясынын улуу жеңиши — СССРдеги элдердин бир туугандык достугу, түбөлүк жашап жана гүлдөй берсин ("СК"). Сьезддин катышуучулары -делегаттар, сьездде активдүүлүктү көрсөтүштү ("СК").

б) Советтер өлкөсү— бүткүл дүйнөнүн эмгекчилеринин үмүтү жана тиреги- туруктуулукту көрсөттү жана жеңди ("СК"). Көп өнөр жай райондорунда — Борбордук өнөр жай областында, Уралда, Донбасс-

та — эмгек өндүрүмдүүлүгү ылдам темп менен жогорулады ("СК").

СҮЙЛӨМДҮН БИР ӨНЧӨЙ МҮЧӨЛӨРҮ

Сүйлөмдүн баш жана айкындооч мүчөлөрү айрым учурларда бир сөздөн эмес, грамматикалык жактан бири-бирине багынбай, өз ара тең укукта, тең байланышта турган бир нече сөздүн саналып айтылган тизмегинен да турушу мүмкүн. Сүйлөмдүн андай мүчөлөрү көбүнчө бирдей сөз түркүмүнөн болот, бирдей түзүлүштө туруп, санак интонация менен айтылат; бирдей суроого жооп берип, бирдей синтаксистик милдет аткарышат; алардын баары сүйлөмдүн бир мүчөсү менен байланышат. Ушул белгилерине карай алар " бир өнчөй мүчөлөр" деген термин менен аталат.

Мисалы: Үйгө Батыш, Зарыл, тилмеч Бурмалар кириштн (Т.С.). Бул сүйлөмдөгү Батыш, Зарыл, тилмеч Бурмалар деген бир өнчөй ээлердин милдетин зат атоочтор аткарып турат, үчөө тең атооч жөндөмөдө, өз ара санак интонация аркылуу байланышкан; "кимдер?" деген бир суроого жооп беришип, ээлик милдетти аткарып турушат; үчөө тең сүйлөмдүн бир мүчөсү менен, "кириштн" деген баяндооч менен байланышып, аны жак, сан боюнча ээрчитип турат.

Жолдун алды-үстү буралган шибер, кулпурган ак, сары, көк, кызыл гүлдөргө аңкыйт (Т.С.).

Мында бир өнчөй аныктоочтордун милдетин сапаттык сын атоочтор аткарган, алар "гүлдөргө" деген кыйыр толуктооч менен байланышып, ал туюндурган заттарды (гүлдөрдү) бири-биринен айырмалап турган өнүк байланыштуу белгилерин көрсөтүп турат.

Мен эмгекчи элдин эркиндигин, тендигин талаштым ("ЛЖ"). Бул сүйлөмдөгү "эркиндигин", "тендигин" деген бир өнчөй толуктоочтордун милдетин табыш жөндөмөдөгү зат атоочтор аткарып турат,

экөө тең "талаштым" деген сүйлөмдүн баяндоочу менен байланышкан. ж.б. Айрым учурларда бир өңчөй мүчөнүн милдетин бирдей сөз туркумдөру гана эмес, ар түрдүү сөз туркумдөру да аткарып калат:

Буга председатель да, өзү да макул эмес (К.Б.).

Өз ара тең укуктагы, тең байланыштагы бир нече сөз бирдей суроого жооп берип, бирдей синтаксисттик милдетти аткарып, сүйлөмдүн бир мүчөсү менен байланышып турса, бир өңчөй мүчөлөр деп аталат.

Сүйлөмдөгү бир өңчөй мүчөлөр бири-бири менен, биринчиден, санак интонация жана байланыштыргыч тыным (пауза) аркылуу байланышат, б.а. бул экөө бирге, кабаттала колдонулат; экинчиден, байламталардын жардамы менен байланышат.

Мисалы: Совет бийлигинин жылдарында Кыргызстанда завод-фабрикалар, мектептер, окуу жайлары, гидроэлектростанциялар, каналдар курулду ("КП"). Эпкиндүү топко орус да, кыргыз да, казак да, өзбек да кирген ("ЖЛ").

Кээде ар бир бир өңчөй мүчөгө айкындооч мүчө айкашып айтылып, алар жайылма формада да колдонулат: В.И. Ленин көрсөткөн жол биздин түгөнгүс бакты-таалайга, жемиштүү эмгектерге, салтанаттуу жеңиштерге алып бара жатат ("КП"). Үстүндөгү боз шинели, башындагы пилоткасы, асынган кылычы, байланган тапанчасы Жамийлага алда немедей жакын, жакшы көрүнду (К.Б.).

Айрым учурларда сүйлөм ичиндеги бир өңчөй мүчөлөрдү жылма жана ыкчамдатып айтуу максатында алардын аягындагы грамматикалык форма түшүрүлүп айтылат, эң аяккысында гана сакталат: Малчылар өлкөбүзгө эт, сүт, май жана жүндү көп бериш үчүн түн уйкусун көрушпөдү ("СК"). Шаардагы жашылдандыруучу чарба үюму жыл сайын үч миңден ашуун ар түрдүү өсүмдүктөрдү өстүрүп, парк, сквер, бульвар,

көчөлөргө көчөттөрүн таратып берип турат (К.Б.).

Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү өз ара бир өңчөй ээ, бир өңчөй баяндооч, бир өңчөй толуктооч, бир өңчөй бышыктооч (бул ич ара дагы майда түрлөргө: бир өңчөй сыпат бышыктооч, бир өңчөй мезгил бышыктооч ж.б.) болуп бөлүнөт.

Бир өңчөй ээлер

Бир өңчөй ээлер тең байланышта келип, бирдей суроого (кимдер? эмнелер?) жооп берип, ээлик милдетти аткарат, сүйлөмдүн алар үчүн жалпы болгон баяндоочу менен байланышып айтылат.

Бир өңчөй ээлер өз ара I) байланыштыруучу пауза(тыным), санак интонация аркылуу байланышат. Жөнөкөй ээнин милдетин кайсы сөз түркүмдөрү аткарса, бир өңчөй ээнин милдетин да ошол эле сөздөр аткарат:

Айрым колхоздор, бригадалар, звенолор мындан да жогорулатылган милдеттенмелерди алышты ("СК"). Пахтаны сугарган, жегенелеген, отогон-колхозчулар ("СК"). Коркуу, алдастоо болбой койгон жок (С.С.).

Ар бир өңчөй ээлер жайылыңкы түрдө болот, анда алар менен айкындооч сөздөр айкашып айтылат: Айнектен тааныш имараттар, кашкайган жол, кыйма-чийме чимирилген дөңгөлөктөр, агылган эл көзүмө баштагыдан ысык көрүнду (Ш.Б.). Үйдөн чыга албай калган жети-сегиз кыз-келин, беш-алты улан колго түштү (К.Ж.).

Бир өңчөй ээлерге көптүк =лар уланып келгенде, аларды ыкчамдатып айтуу максатында, алдыңкылары көбүнчө мүчөсүз айтылып, акыркысына гана көптүк =лар мүчөсү жалганат: Көкүрөгүндө жаркыраган орден, медалдары ага кандайдыр бир жаңы күч бергендей болот (К.Б.). Колхоздун кой, уй, эчкилери көлөкөлүү бетте жайылып жүрөт.

Кээде минтип бир өңчөй ээлердин эң акыркысына жалганган -лар мүчөсү алдыңкы саналып айтылган ээлерди жалпылап, аларга көптүк маани берип турат: Анын жанында Батыш, Гүлнар, Мария, Айганыш, Люба, Акиялар бар (Т.С.). Алар менен бирге алдыңкы скамейкада Мазин, Самойлов жана Гусевдер олтурушат (М.Горький).

2) Бир өңчөй ээлерди бири-бири менен байламталар байланыштырат: байланыштыргыч байламталардан да(дагы), менен, жана; ажыраткыч байламталардан же (же болбосо).

а) Да (дагы) байламтасы бир өңчөй ээлерди байланыштырганда, бир нече ирет кайталанып келет жана өзүнүн алдында турган сөзгө тактоо, күчөтүү маанисин да берет.

Мисалы: Айтикенин эркн да, өмүру да, бактысы да баланын колунда сыяктуу эле (А.Т.). Сага акыл да, күч да, өнөр да, шык да берилген (Т.С.).

б)Менен, жана байламталары байланыштырат. "Менен" байламтасы бир өңчөй мүчөлөргө биргелешүү маанисин берет; „жана" байламтасы менен байланышкан бир өңчөй мүчөлөр бири-биринен кыска бөлүнүп, ар бири өзгөчө белгиленип айтылат.

Мисалы: Үйгө Момун менен Калыбек кирди. Бул ишти директор менен партия уюму козгоду (Н.Б.). Бул мектепте балдарды окутуу жана тарбиялоо педагогикалык талап боюнча жүргүзүлүп жатат (Муг. газ.") Бул байламталар жуп-жубу менен айтылган бир өңчөй мүчөлөрдө да байланыштырат. Ошондой эле, бир эле сүйлөм ичиндеги бир өңчөй мүчөлөрдү бири-бири менен ар башка байламталар байланыштырып келиши да мумкун: Аталгандардын ичинде Жутабай менен Зуура да, Чукөбай менен Айсулуу да, Жапар менен Жамила да бар эле (К.Б.). Совет бийлигинин жылдарында Украинада миңдеген заводдор жана фабрикалар шаарлар жана селолор, колхоздор жана совхоздор түзүлдү ("СК".).

Бермет менен Куласыл жана Асыл бармак болушту ("КМ".).

в) Же" байламтасы бир өңчөй мүчөлөр түюндурган түшүнүктөрдүн бири болбосо биринин болорун ажыратып көрсөтөт: Мына үч айдын жузу болду. Жалгыз уулу Касейинден же кат, же кабар жок (Т.С.). Артекке же Султан, же Зуура жиберилет.

Бир өңчөй баяндоочтор

Булар өз ара тең байланышта келет да, бирдей сурооого жооп берип, баяндоочтук милдетти аткарат, баары суйлөмдүн бир ээси менен байланышып айтылат.

Бир өңчөй баяндоочтор да бири-бири менен I) байланыштыруучу тыным, санак интонация аркылуу байланышат. Жөнөкөй баяндоочтун милдетин кайсы сөз түркумдөру аткарса, бир өңчөй баяндоочтун милдетин да ошол эле сөздөр аткарат:

Совет өкмөту жетим балдарды интернатка алып, эч чыгымсыз окутат, кийиндирет, ичирет (К.Б.). Алардын жүздөру жарык, кубаныччуу (К.Б.). Жүздөру — эт, май, сүт, жана азык ("СК".). Жээк ызың-кызың, уу-чуу (Т.С.). Бөлмөнүн ичи да жыпжылуу, таптаза (Н.Б.).

Кээде бир өңчөй баяндоочторго тиешелуу айкындооч муче айкашып келип, жыйынтыкы формада айтылат: Үстүнө кийгени — жаңы шым, жаңы гимнастерка (Т.С.). Ооба, алар асыл сезимдүү, түнүк ойлуу("СК". Алар абийирге карайбы, уятты билишеби? (Т.С.).

Айрым татаал этиштерден турган баяндоочтордун негизги бөлүмү бир өңчөй түрдө айтылат да, жардамчы этиши алар үчүн жалпы бирөө болот.

Мисалы: Жаштар силерден үйрөнгөндөй, силерди туурагандай болсун (А.Т.). Көңүлү көтөрүлүп, энелик даражага эми жеткендей, омок тапкандай болду (Н.Б.). Буткөн бою ысып, таң атканча тердеп, кыҥ-

кыстап, онтолоп, жөөлүп чыгат (К.Б.).

Бир өңчөй баяндоочтор белгилуу бир жакта турса, аларды ылдамдатып айтуу максатында, кээде жак уландысы алдынкыларына уланбай, эң аяккысына гана жалганат: Сен куйту, митаам, ушакчы, эки жуздуусуң (Кас.К.).

Айрым учурларда бир өңчөй баяндоочтордун милдетин ар турдуу сөз туркумдөру да аткарып калат: Бирок - бул жалаң гана каалоо, жалаң гана сүйүү жана ишнич ("КП".).

2) Бир өңчөй баяндоочторду байланыштыргыч байламталардан да, менен, жана, ары, ажыраткыч байламта же, каршылагыч байламта бирок байланыштырат.

Да байламтасы байланыштырганда өзүнөн мурунку сөзгө тактоо, күчөтүү маанисин да берип турат.

Бирок жоокерлер көңүлдүү да, кайраттуу да, ак ниеттуу да (Т.С) Тапшырма аткарылмайынча, эч кимиңердин сөзүңөрдү укпаймын да, кабылдабайм (Ч.А.). Аалы акын да, прозаик да, драматург да ("КМ".).

Жана байламтасы: Москва советтик ар бир адам үчүн кымбат жана жакын ("СК".). Биз коммунистерче эмгектенебиз жана жашайбыз ("ЛЖ".) Ошондуктан Жолойдун ишенгени - сыр баракан жана өзүнүн мүчөсүнө бүткөн баатырдык (К.Ж.).

Менен байламтасы бир өңчөй атоочтук баяндоочторду байланыштырат:

Бул ишке айыптуу - Айыке менен Берен (К.Ж.).

Же байламтасы бир өңчөй мүчөлөр санап көрсөткөн нерселердин ичинен бирөөнүн болорун билдирет: Күчтүү шамал отту же өчүрөт, же күчөтөт (Ч.А.). Сейитбек кээде бирөөлөрдү туурайт, же ырдайт, же кулкулуу бирдемелерди экилентип айтат (А.Т.).

Аз да болсо бирок, ары байламталары да байланыштырат. "Бирок" - бир өңчөй мүчөгө экинчисин маани жагынан карама-каршы коет. "Ары" байламтасы бир өңчөй мүчөлөрдү өз ара байланыштыруу менен

бирге, өзүнөн кийинки сөзгө күчөтүү маанисин да берет.

Мисалы: Шаарыбыз кичине, бирок таза, бактуу, көрктуу. Ал кичине, бирок күчтүү, чымыр . Ал билимдүү , ары өткүр, ары уюштургуч.

Бир өңчөй аныктоочтор

Өз ара тең байланышта туруп, бирдей суроого жооп берип, аныктоочтук милдетти аткарат. Бир өңчөй аныктоочтордун ар бири аныкталып турган зат атооч менен туздан-туз байланышат да, мааниси боюнча, бир эле заттын ар турдуу белгисин, же бир топко кирген бирдей заттарды бири-биринен айырмалоочу белгилерин санап көрсөтөт.

Мисалы: Ал — бир мунездуу, өжөр, эр көкүрөк, кайраттуу адам (Т.С.).

Мында курсив менен терилген бир өңчөй аныктоочтордун ар бири "адам" деген аныкталгыч менен туздан- туз байланышып турат жана алар ошол "адам" деген бир эле заттын ар турдуу сапаттык белгисин билдирип турушат.

Азыр жайлоодо көк, сары, кызыл, ак гүлдөр жайнап турган учур экен.

Бул сүйлөмдөгү бир өңчөй аныктоочтор бир топко кирген бирдей заттарды (көп гүлду) бири-биринен айырмалап турган ар турдуу белгилерди санап көрсөтүп турат.

Жөнөкөй аныктоочтордун милдетин кайсы сөз түркумдөру аткарса, бир өңчөй аныктоочтордун милдетин да ошолор аткарат.

Бир өңчөй аныктоочтор да өз ара I) санак интонация жана байланыштыруучу тыным аркылуу байланышат: Сабитахун Ажардын сулуу, сүйкумдуу, ак жуумал өңүн көрдү (К.Б.). Арабыздан күн сайын жүздөгөн, миңдеген кишилерди бөлүп айдап кетишчу (Ж.Мавл.). Иванды билген, тааныган кыргыздар ага бирдемесин бергенче шашпу (К.Б.).

Менин сенден башка барар, таянар жерим калбай калды ("КМ".).

Илик жөндөмөдөгү сөздөр да бир өңчөй аныктооч болуп келет: Бул көз караш ак ниеттиктин, сүйүүнүн, күчтүн, ишничтин учкундарына толгон (Н.Б.). Анын ысмы да ар качан баатырдыктын, каармандыктын жана эрдиктин өрнөгү болуп калмакчы ("СК".). Бул булгаарыдан өтүктүн, маасынын кончу жасалат (С.С.).

Кээде, мындай түзулуштөгү бир өңчөй аныктоочторду ыкчамдатып айтуу максатында, илик жөндөмөнүн мүчөсү акыркы аныктоочко гана уланып айтылат: Ал жерде топтолгон ата, эне, ак сакал, көк сакалдардын ортолорунда бир топ жаштар да отурушат (Т.С.). Ошентип, Жапар, Жамийланын бош убактылары өтө аз эле (К.Б.).

2) Бир өңчөй аныктоочторду бири-бири менен жана, менен, да, ары, же, бирок байламталары да байланыштырат:

а) Жетим менен жесирдин, бечара менен момундун намысы үчүн күрөшүү сендей жигиттердин гана колунан келет(К.Ж.). Өкмөт мнен партиянын чечимдерин турмушка ашыруу үчүн кызуу эмгектенишүүдө ("СК".).

б) Жумушчулардын жана инженер-техник кызматкерлердин маданий турмушу жакшыртылды ("СК".). Биринчи жана экинчи класстар экскурсияда.

в) Жаштардын да, комсомолдук уюмдардын да кандайча иштеп жатканын билип турушуңуз зарыл (Ш.Б.).

г) Ал билимдүү, ары өткүр, ары уюштургуч жигит эле.

д) Магазинге барып, же кызыл, же көк материалдан 10 метр алып кел.

е) Өткөн сегиз жыл Неля Николаевнанын турмушундагы түйшүктүү, татаал, бирок кубанычтуу жылдар болду ("СК".).

Сапаттык сын атоочтордон уюшулган бир өңчөй аныктоочторду сыртқы түрү жагынан ага окшош келген бир өңчөй эмес аныктоочтор (түтмдаш аныктоочтор) менен чаташтырбоо керек.

Жогоруда белгиленгендей, бир өңчөй аныктоочтордун ар бири аныкталып турган сөз менен түздөн-түз байланышып, анын ар түрдүү

белгилерин көрсөтөт: Ар бир үйдүн балкондоруна кызыл, жашыл, көк, сары желекчелер илинген ("ЛЖ".).

Бул сүйлөмдөгү ар бир аныктооч "желекчелер" деген аныкталгыч менен маани жагынан түздөн-түз байланышып, аныктап турат.

Эгерде бир нече сөздөн турган аныктоочтун акыркысы өзүнөн кийинки аныкталгыч менен тикеден-тике байланышып, аны менен бирдикте сөз айкашын уюштурса, ал эми биринчи аныктоочу ошол жаңыдан уюшулган сөз айкашын бутундей аныктап турса, же бир нече сөздөн турган аныктоочтун биринчиси аныкталгыч менен тикеден тике байланышпай, өзүнөн кийинки сөздүн (аныктоочтун) белгисин көрсөтүп келип, анан ошол сөз менен бирдикте туруп аныкталгыч менен байланышса, бир өңчөй эмес аныктооч (түтмдаш аныктооч) уюшулат, анын түтумундагы сөздөрдүн арасына утур коюлбайт.

Мисалы: Сексен сегизге чыккан узун бойлуу ак саргыл карыя калдаң кулактын сөзүнө түшүнгөн жок (А.Т.). Ал узун такалуу кара туфлийди кийип койгондо, дегеле таанылбай калыптыр (Н.Б.). Биринчи сүйлөмдөгү "узун бойлуу ак саргыл" деген аныктооч эки татаал сындан турат (узун бойлуу, ак саргыл), бирок бир өңчөй аныктоочтор сыяктанып, алардын ар бири өзүлөрүнөн кийинки "карыя" деген аныкталгыч менен тикеден-тике байланышкан жок жана санак интонация менен да айтылган жок. Мында "ак саргыл" деген сын атооч "карыя" деген зат атооч (аныкталгыч) менен байланышып, сүйлөм ичинде атоочтук сөз айкашы ("ак саргыл карыя") уюшулду; ал эми "узун бойлуу" деген биринчи аныктоочу кийинки "ак саргыл карыя" деген сөз айкашын бутундей аныктап келип, натыйжада бир өңчөй эмес аныктооч(же түтумдаш аныктооч) уюшулган. Экинчи сүйлөмдө да иштин жайы ушундай.

Салый жашыл жибек көйнөгүн кийип келиптир. Мында "жашыл"

деген аныктооч "кейнегун" деген аныкталгычтын белгисин туздөң-туз көрсөткөн жок. Ал өзүнөн кийинки "жибек" деген аныктооч менен байланышып, аны менен бирдикте туруп гана аныкталгычтын белгисин көрсөтүп турат.

Бир өңчөй толуктоочтор

Булар да өз ара тең байланышта туруп, сүйлөмдүн бир мүчөсү менен бирдей грамматикалык формада байланышат, бирдей суроого жооп берип, бир өңчөй толуктоочтук милдетти аткарат:

Мисалы: Спектакль комсомолецтердин ак ниеттуулугун, тазалыгын, терең сезимин, ойлоосун кеңири берген ("СК".).

Бул сүйлөмдөгү бир өңчөй толуктоочтор өз ара тең укукта, тең байланышта; алардын ар бири "берген" деген баяндооч менен туздөн-туз байланышып, баары тең эмнени? деген бир суроого жооп берип, бир өңчөй толуктоочтук милдетти аткарып турат.

Бир өңчөй толуктоочторго да башка айкындоочтор таандык болуп айтылып, жайылма түрдө да кездешет: Даңктуу партиябызды, советтик Родинаны, эмгекчи элибизди сүйгөндүгүм мени шыктандырды ("СК".). Зууракан Москвага баргандыгын, Кремлге киргенин, Калининдин колунан Ленин орденин алганын элестетти (К.Б.). Айрым учурларда сүйлөм ичиндеги бир өңчөй толуктоочторду ыкчамдатып айтуу максатында аларга жалганган жөндөмө мүчө түшүрүлүп да айтылат, же эң аяккысында гана сакталат. Бирок алардын кайсы жөндөмөдө экендиги эң кийинки толуктоочтун аягындагы мүчөдөн же сүйлөмдүн жалпы маанисинен белгилүү болуп турат: Алма, өрүк, алчасын көрсөк, көзүбүз кызарчу (Т.С.). Ырас, майданга жылуу кийим, акча, заем, эт, сүт, дан, май берип жатабыз (Т.С.). Бул акыркы сүйлөмдөгү бир өңчөй сөздөрдүн табыш жөндөмөдө экендиги сүлөмдүн маанисинен белгилүү болуп ту-

рат. Бир өңчөй толуктоочтор да бири-бири мненен I) санак интонация жана байланыштыргыч тыным аркылуу байланышат. Жөнөкөй толуктоочтун милдетин кайсы сөз туркуму аткарса, бир өңчөй толуктоочтун милдетин да ошолор аткарат. Мисалы: Ал кызмат өтөгөн полк Донбассты, Херсонду, Одессаны, Варшаваны бошотууга катышты ("СК".).Мен көргөнүмдү, укканымды айтам (К.К). Арыгына-торугуна, чыгымына, жогуна жоопту мен беремин (Т.С.).

2) Байламталар байланыштырат (көбүнчө да, менен, жана, кээде же ж.б. байламталары):

а) - Кишилерге да, унаага да, сокого да, шайманга да сен жооп бересиң (Ч.А.). Мен ишканаңда, андагы эмгекти да өзумдуку деп эсептеймин (С.С.). Өзүңө да, колхозго да кас кутуп алган жокпу? (Ч.А.).

б) Ошол түнү алар Ажар менен Каныбекти качырышты (К.Ж.). Экөөтең Айчүрөк менен Акунканга ийилип салам беришти (Ж.Т.). Мергенчинин бул кейпи Ажар менен Каныбек үчүн табышмак эле (К.Ж.).

в) Зыядахан бир топ кыз-келин жана улгайган кемпирлерди ээрчитип келет (К.Ж.). Алардын демилгеси мактоого жана колдоого татыктуу болду ("СК".). Мурда Россияда зыгырдын буласынан жана кендирден токулган кийимдерди кийишчү ("СК".).

г) Ал азыр же малга, же жанга зыянын тийгизген жери жок (Т.С.). Ажарга өлүүдөн, же болбосо бир жакка тентип кетүүдөн башка эч бир айла калбай калды (К.Б.).

Бир өңчөй бышыктоочтор

Булар өз ара тең байланышта келип, сүйлөмдүн бир мүчөсү менен байланышат; баары бирдей маанини (орундук, мезгилдик, же сыпаттык ж.б.) туюндуруп, бирдей сурооно жооп берип, бир өңчөй бышыктоочтук милдет аткарат. Мисалы: Музейлерге, театрларга

бардык, метрону көрдүк ("ЛЖ".).Эгин жакшы, тегиз сугарылыптыр. Мында биринчи сүлөмдөгү "музейлерге, театрларга" дегендер өз ара тең байланышта, экөө тең сүйлөмдүн "бардык" деген ← баяндоочу менен бирдей грамматикалык формада түздөн-түз байланышкан; экөө тең"кайда?"деген бир сурооого жооп берип, бир өңчөй орун бышыктоочтук милдетти аткарып турат. Экинчи сүйлөмдөгү "жакшы", "тегиз" деген сөздөр "кандай?" деген бир сурооого жооп берип, бир өңчөй сыпат бышыктоочтук милдетти аткарып турат. Жөнөкөй бышыктоочтун милдетин кайсы сөз түркумдөру аткарса, бир өңчөй бышыктоочтордун милдетин да ошол эле сөз түркумдөру аткарат.

Айрым учурларда бир өңчөй бышыктоочторго да тиешелуу айкындоочтор таандык болуп айтылып, жайылма формада колдонулат:
Экспедиция менен биз Анархайдын түпкуруңө, Балхаштын жээгине кеттик (Ч.А.). Ошонусу менен ал азыр баштагыдан сулуураак, баштагыдан жакыныраак көрүнду (Ч.А.).
Бир өңчөй бышыктоочтор бири-бири менен I) санак интонация, байланыштыргыч тыным аркылуу байланышат:

Метрейдин Кара-Колдо, Түптө бирден үйлөрү болчу (М.Э.). Шарше дөгурсунуп, менменсинип кербезденет(Т.С.). Коллектив актуалдуу коомдук теманы өз күчү, өз мүмкүндүгү менен сахнада чечип көрсетүүгө аракет кылган ("СК".).

2) Байламталардын жардамы менен байланышат:

а) Компас менен токойдун ичинде да, деңиздин үстүндө да адашууга болбойт ("КП".). Азыр мал колхоздо да, совхоздо да көп. Үй ээси күн да, түн да сыртта (Т.Ст).

б) Сапарбайдын сөзү чечкиндүү, ары маңыздуу болду. Жайкы кани-

кулду окуучулар ары көңүлдүү, ары максаттуу өткөрүштү ("ЛЖ.").

в) Бугун же эртең. Саадаттар айылга кол салат деген имиш бар (Т.С.). Уч кой артына же алдына кете албай, жардын боорундагы тектирчеде араң эле турушкан экен (К.Ж.).

г) Термечиков кыска, бирок маңыздуу сүйлөду.

Бир өңчөй бышыктоочтор да ар түрдүү мааниде колдонулат:

Бир өңчөй орун бышыктоочтор:Областтын бардык колхоздорунда, совхоздорунда, талаа стандарында пленумдун чечимдери окулуп жатат ("СК.").Жакында, алыста, кайда, кайсы жерде жүрсөк да, Родинаны эстейбиз (К.Б.).

Бир өңчөй мезгил бышыктоочтор:Айрым жаштар күндүз да, кечкисин да иштешет ("ЛЖ."). Бул китептериң окуганда да, иштегенде да керек болот (С.С.).

Бир өңчөй сыпат бышыктоочтор:Ошол замат буттарын тыбырчылатып, бакырып ыйлачу (Т.С.). Мына эми жөтөлүп, тердеп, онтоп, кесары тартып төшөктө жатат (К.Б.).

Бир өңчөй максат бышыктооч: Далай ак ниет адамдар биз үчүн, биздин таалайыбыз үчүн курман болушту (К.Б.).

Бир өңчөй себеп, сан-өлчөм бышыктоочтор тилибизде сейрек учурайт: Керим жокчулуктан, ачкачылыктан байларга малай да болду.

БИР ӨҢЧӨЙ МҮЧӨЛӨРДӨ КОЮЛУУЧУ ТЫНЫШ БЕЛГИЛЕРИ

Байламтасыз бир өңчөй мүчөлөрдөгү тыныш белгилери

I) Сүлөмдөгү байламтасыз бир өңчөй мүчөлөр өз ара санак интонация аркылуу байланышат. Жазууда бир өңчөй мүчөлөрдүн чегин ажыратуу үчүн араларына көпчүлүк учурда үтүр коюлат. Оозеки речте ар бир бир өңчөй мүчөнүн чеги кыска тыным менен белгиленип, санак интонация аркылуу айтылат:

Ала-Тоолук алтоо он кундун ичинде атактуу театрларда, музейлерде болушту (Т.С.). - Ооба, бутактары сыйда, туз чыгат (С.С.).

2) Суйлөм ичиндеги бир өңчөй мучөлөрдүн баарынын же көпчулугунун өзүнө тиешелуу бир нече айкындооч мучөлөру болуп, өтө жайылыңкы формада келсе жана ал жайылыңкы бир өңчөй мучөлөрдүн өз ичинде коюлган утур белгиси болсо, мындай учурда бир жайылыңкы мучөнүн чегин экинчисинен ажыратып туруу үчүн араларына утурлуу чекит коюлат: Кулук таптап чапкан саяпкерлерди; кыраан таптап салган мунушкерлерди; тайган агытып, аскадан аркар аткан мергендерди; алтын, кумушту дукөнүндө иштеген зергерлерди; деле толгон өнөрлүү, шыктуу, кунттуу кишилерди Чыныбек өзүнө коңшу кондурат (Т.С.).

Байламталуу бир өңчөй мучөлөрдөгү тыныш белгилери.

Бир өңчөй мучөлөрдү байланыштыргыч байламталардан да, менен, жана, ары; ажыраткыч байламталардан же (же болбосо), каршылагыч байламталардан бирок байланыштырат.

I) Да байламтасы бир өңчөй мучөлөрдү байланыштырып, көбүнчө бир нече ирет кайталанып келет. Бул дайыма өзүнөн мурунку сөзгө таандык болуп айтылып, оозеки речте ар бир "да" байламтасынан кийин кыска тыным болгондуктан, жазууда ар бир байламтадан кийин утур коюлат; акыркы "да"дан кийин коюлбайт, себеби ал өзүнөн кийин бир өңчөй мучөлөрдүн түгөнгөндүгүн билдирет:

Күн да, түн да мен жылкылардын жанында болдум (К.Б.).

Тоюм да, берерим да, соерум да камында (Т.С.).

Эгерде эң аяккы "да" байламтасынан кийин да бир өңчөй мүчө келип, ал байламта ошол аяккы бир өңчөй мучөнү да байланыштырып турса, анда аяккы "да"дан кийин да утур коюлат:

Клубда да, кампада да, сарайда да, ар бир үйдө өчпөс

шамдар жанат (Т.С.).

Да байламтасы этиш сөздөн турган эки баяндоочту байланыштырып, кайталанбай бир гана жолу айтылса да, ал байламтадан кийин утур коюлат: Биздин ушул мамилебиз жаңырбайт да, эскирбейт (А.Т.). Тамакты саат ондордо ичтик да, жаттык.

2) Менен, жана байламталары бир өңчөй мүчөлөрдү байланыштырат да, маани жагынан тиги же бул сөзгө тиешелуу болуп айтылбайт. Ошондуктан ал байламталардан мурун да, кийин да утур коюлбайт. Оозеки сөздө бул байламталар менен байланышкан бир өңчөй мүчөлөрдүн арасында ачык тыным болбойт: Түлкубек менен Зуннахунду Атабек конокко чакырган (К.Ж.). Анан Салмоорбек менен Сатайга карап, чуркагыла деди (Т.С.). Жакшы чыккан пахта коюу жана бийик ("СК".). Баарынын жүзү жарык жана кубанычтуу (К.Б.). Эмгекте жана окууда бири-биринерге жардамдашып, ынтымактуу жашоого үйрөнгүлө ("Муг. газ.").

Сүйлөм ичинде бир нече ирет кайталанган "да" байламтасынан кийин "жана" байламтасы келсе, "да" мааниси жагынан өзүнөн мурунку сөзгө, "жана" өзүнөн кийинки сөзгө тиешелуу болуп айтылат, экөөнүн ортосунда кыска тыным да болот. Ошол себептүү алардын арасына утур коюуга туура келет:

Жаздын ажарын ачкан май айы сулуу да, көркөм да, шаттуу да, жана мээрим ("КП".). Алма да, жүзүм да, жана жаңгак да биздин тоолордо (К.Б.).

3) Ары байламтасы бир өңчөй мүчөлөрдү байланыштырып, маани жагынан өзүнөн кийинки сөзгө тиешелуу болуп айтылат. Ошол себептүү утур белгиси, бул байламта сүйлөм ичинде бир жолу келсе да, же бир нече ирет кайталанып келсе да, дайыма "ары" байламтасынан

мурун коюлат: Ал билимдуу, ары өткүр, ары уюштургуч жигит эле. Бул бала менин айылдашым, ары классташым, ары жолдошум.

2 "Ары" байламтасы бир нече ирет кайталанып, бирок биринчи "ары" эки бир өңчөй мүчөнү байланыштырбай, өзүнөн кийинки сөзгө күчөтүү маанисин гана берип турса, анын алдына утур коюлбайт, кийинкилеринде жалпы эреже боюнча коюла берет: Алымбайдын колундагы жогортон берилген күбөлүк кагаз ары өтүмдуу, ары "закондуу" болуп калды (М.АБ).

4) Же (же болбосо, болбосо) байламтасы маани жагынан дайыма өзүнөн кийинки бир өңчөй мүчөгө тиешелуу болуп айтылат.

Бул байламта эки бир өңчөй мүчөнү байланыштырып, суйлөм ичинде бир жолу гана айтылса, утур коюлбайт: Мен жакында Ошко же Жалал-Абадга командировкага бармакчымын. Күчтүү шамал отту өчүрөт же күчөтөт(Ч.А.).

"Же"бир өңчөй мүчелөрдү байланыштырып, бир нече жолу кайталанса, ар бир "же"ден мурда утур коюлат:

Быйыл биздин совхоздон Асан, же Салый, же Мукай айыл чарба көргөзмөсүнө барат. Бир айда, же эки айда, же күзүндө келет (Т.С.).

Эгерде "же"бир нече ирет кайталанып, бирок биринчи "же"эки бир өңчөй мүчөнү байланыштырбай, өзүнөн кийинки сөзгө болжолдоо, ажыратуу маанисин берүү максатында келсе, ал биринчи байламтадан мурун утур коюлбайт; кийинки "же"байламталарында тыныш белгиси жалпы эреже боюнча коюла берет:

-Баятан же сиз, же агроном, же зоотехник келип калса, акылдашалы деп куттук (Ч.А.). Экскурсияга биздин класстан же Шарше, же Алман барат.

5) Бирок байламтасы да айрым учурларда бир өңчөй мүчөлөрдү байланыштырат, дайыма өзүнөн кийинки сөзгө тиешелүү болуп айтылат, ошондуктан утур байламтадан мурун коюлат. Оозеки речте бул байламтанын алдында пауза болот:

Ал кичине, бирок күчтүү, чымыр. Шаарыбыз кичине, бирок көрктүү, бактуу жана таза.

Бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдөгү жалпылагыч сөз

Кээде сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрүнөн мурун же кийин жалпылагыч сөз да кошулуп айтылат. Жалпылагыч сөз мазмуну жагынан өзүнөн кийинки же мурунку бир өңчөй мүчөлөрдүн маанисин өз ичине камтыган жалпы түшүнүктү билдирет.

Көбүнчө баары, бүткүл, булар деген ат атоочтор, экиден жогорку жамдама сан атоочтор, кээде жалпылама маанидеги башка сөздөр жана сөз айкаштары да жалпылагыч сөз катары келишет.

Мисалы: Мен, Эргеш, Арзымат-үчөөбүз жолго чыктык (К.Ж.). Илгери умут деп, көптөн бери жыйнаган жууркан-төшөк, идиш-аяк — баарын арабага салды (К.Б.).

Бул сүйлөмдөрдөгү үчөөбүз, баарын деген жалпылагыч сөздөр өзүлөрүнүн алдындагы бир өңчөй мүчөлөрдүн маанисин бир сөзгө бириктирип, жалпылап турат.

Бир өңчөй мүчөлөрдү бириктирип, алардын маанисин жалпылап турган сөз жалпылагыч сөз деп аталат.

Сүйлөмдөгү бир өңчөй мүчөлөр кандай милдет аткарса, аларды жалпылап турган сөз да ошондой эле милдетти аткарат. Тескерисинче, жалпылагыч сөз кандай милдет аткарса, бир өңчөй мүчөлөр да ошондой милдет аткарат.

Мисалы: Совет өкмөтү түштүктөгү кыргызды, тажикти, тундук-

төгу якутту, тунгусту — баарын бирдей көрөт (К.Б.). Чабандардын биздин
республикалык слётуна колхоздон баруучулар үчөө : Зарыл, Осмон, Өмүр.

Мында биринчи сүйлөмдөгү бир өңчөй мүчөлөр толуктоочтун милдетин аткарып тургандыктан, алардан кийин келген баарын деген жалпылагыч сөз да толуктоочтук милдетти аткарып турат.

Экинчи сүйлөмдөгү үчөө деген жалпылагыч сөз — сүйлөмдүн баяндоочу, андан кийинки саналып айтылган сөздөр да — бир өңчөй баяндоочтор.

Жөндөмөдө турган бир өңчөй мүчөлөрдөн кийин жалпылагыч сөз келгенде, аларды ылдамтып айтуу максатында, кээде бир өңчөй мүчөлөрдүн аягындагы жөндөмө мүчө түшүрүлүп айтылып, ал жалпылагыч сөздө гана сакталып калат; жалпылагыч сөздүн аягындагы жөндөмө мүчөгө карай алдындагы бир өңчөй мүчөлөрдүн кайсы жөндөмөдө экендиги белгилүү болуп турат:

Каракол, Жаргент, Кулжа, Нарынкол - баарынын аралыгында түйүшкен жери-Каркыра (М.Э.). Эрмек, Медер, Женишбек-үчөөнүн тең колунан келет (К.Ж.).

Жалпылагыч сөз жамдоо сан атоочтордон болуп, андан мурда келген бир өңчөй мүчөлөр үч же андан көп сөздөн турса, кээде алардын бирөө айтылбай да калат, бирок анын кайсы сөз экендиги жалпылагыч сөздүн аягындагы жак уландыдан белгилүү болуп турат. Макиш, Акия бүчүк - үчөөбүз эртеңки жумуштан деги кеч калбайбыз (Т.С.).

Жалпылагыч сөздөрдө коюлуучу тыныш белгилери

Жалпылагыч сөздөр бир өңчөй ← мүчөлөрдөн мурун да, кийин да келип айтыла берет. Ошого карай ар турдуу тыныш белгилери коюлат.

I) Жалпылагыч сөз бир өңчөй мүчөлөрдөн кийин келсе, ал бир өң-

чөй мучөлөрдөн кыска тыным аркылуу белүнүп айтылат. Жазууда бир өңчөй мучөлөр менен жалпылагыч сөздүн чегин ажыратуу үчүн жалпылагыч сөздөн мурун сызыкча коюлат:

Транспорт үчүн эң мыкты тепловоздор, электровоздор, машиналар, самолеттор - баары чыгарылып жатат ("СК".). Шамбет, Сергей, Акман — үчөө совхозго келишкен (Т.С.).

2) Жалпылагыч сөз бир өңчөй мучөлөрдөн мурун келсе, оозеки речте жалпылагыч сөздөн кийин эскертүү маанисиндеги тыным (пауза) болот да, андан кийин бир өңчөй мучөлөр саналып айтылат. Жазууда жалпылагыч сөздөн кийин кош чекит коюлат. Кош чекиттин милдети андан кийин жалпылагыч сөздүн маанисин чечмелеп көрсөтө турган бир өңчөй мучөлөр саналып айтыларын эскертүү болуп эсептелет.

Вагондо келаткандар үчөө: орус, дунган, кыргыз ("СК".). Үйдөгүлөрдүн баары: эки абышка, инилерим жана апам менин эмне иш менен алек болуп жатканыма көңүл бурушкан жок ("Ала тоо"). Комбинаттын белсөмдүү эритүүчүлөрү: Жолдошев, Шерматов, Мырзабаев, Гапаров жолдоштор он айлык тапшырмаларын I20-I30 процентке орундатышкан ("СК".).

ЧАКЧЫЛ ТҮРМӨКТӨР ЖАНА АТООЧТУК ТҮРМӨКТӨР

Көпчүлүк учурда тилибизде заттардын,көрүнүштүн, кубулуштун, жана кыймыл-аракеттин ар түрдүү татаал белгилерин жөнөкөй бир сөз менен толук чагылдырып берүү мүмкүн болбой калат. Мына ушундай учурларда андай белгилерди бир канча сөздүн айкашы аркылуу берүүгө туура келет. Ушундай кырдаалга байланыштуу, башка түрк тилдериндегидей эле, кыргыз тилиндеги сүйлөмдөрдүн составында да бир нече сөздүн тизмегинен уюшулуп, сүйлөмдүн тутумдаш бир мүчөсүнүн милдетин аткаруучу составдуу сөз айкаштары да кеңири учурайт. Андай сөз айкаштары (сөз тизмеги) дайыма чакчыл жана атоочтук этиштердин негизинде уюшулат.

Тактап айтканда, чакчыл же атоочтук алды жагында өзү менен башкаруу, ыкташуу жолу аркылуу байланышып айтылган бир нече сөздүн турушун талап кылат; экинчи жагынан, ал чакчыл же атоочтук менен түздөн-түз байланышып турган сөздөрдүн өзү менен байланышып келген башка сөздөрдүн да болушу мүмкүн. Натыйжада ошол чакчыл же атоочтуктун алкагында бири-бири менен тыгыз байланышкан бир канча сөздүн бирдиктүү бир түрмөгү (тизмеги) уюшулат:

Мисалы: Кез-кез арабаларга карап коюп, Темир да өз жолу менен келе жаткан эле (Т.С.). Энесинин сырын жакшы билген Абыл сөздү узартып отурган жок (С.Ө.).

Мында биринчи сүйлөмдөгү "Кез-кез арабаларга карап коюп" деген сөз тизмегинин уюшулушуна негиз болгон сөз - "карап коюп" деген чакчыл. Бул чакчылга"арабаларга" деген сөз башкарылып, "кез-кез" деген сөз ыкташып байланышып келип, бирдиктүү сөз тизмеги уюшулду. Экинчи сүйлөмдөгү "энесинин сырын жакшы билген" деген сөз тизмегинин түзүлүшүнө негиз болгон сөз - "билген" деген атоочтук, ага "жакшы" деген сөз ыкташып, "сырын" деген сөз баш-

карылып жана бул сөзгө "энесинин" деген сөз таандык жолу аркылуу байланышып келип, сөз тизмеги түзүлгөн.

Бул сүйлөмдөргө синтаксистик талдоо жүргүзгөндө жогорку сөз тизмектери тутумундагы сөздөрү менен бирдиктүү түрдө туруп, кантип? кайсы? деген сыяктуу бир суроого жооп берип, тутумдаш бышыктоочтун жана тутумдаш аныктоочтун милдетин аткарышат:

- Темир кантип келе жаткан?
- "Кез-кез арабаларга карап коюп" (тутумдаш сыпат бышыктооч).
- Кайсы Абыл?
- "Энесинин сырын жакшы билген" (тутумдаш аныктооч).

Бул өндүү сөз тизмектеринин уюшулушуна негиз болгон сөз чакчыл этиш жана атоочтук болгондуктан, алар чакчыл түрмөктөр жана атоочтук түрмөктөр деген термин менен аталат.



ЧАКЧЫЛ ТҮРМӨКТӨР

Чакчыл түрмөктөр, жогоруда белгиленгендей, бир нече сөздүн синтаксистик байланышынан уюшулат. Андай сөз тизмектеринин түзүлүшүндө негизги ролду дайыма чакчыл этиш аткарат, анткени ал айрым учурларда айтылуучу ойдун мазмунуна ылайык өзү менен башкаруу, ыкташуу жолдору менен байланышып келген бир нече сөздүн бирге айтылышын талап кылат, экинчи жагынан, ал сөздөрдүн өзү менен байланышып айтылган башка сөздөрдүн да болушу мүмкүн, ушунун натыйжасында түзүлүшү жагынан бирдиктүү келген сөз түрмөгү уюшулат.

Мисалы: Ичигин желбегей жамынып, Султан эшикке чыкты. Акматтын шашып келе жатканын көрө коюп, Зуура эмнегедир сестее түштү.

Мында биринчи сүйлөмдө "жамынып" деген чакчылга "желбегей" деген сөз ыкташып, "ичигин" деген сөз башкарылып байланышып келип, бирдиктүү сөз тизмеги, чакчыл түрмөк, уюшулган.

Экинчи сүйлөмдө болсо "көрө коюп" деген чакчыл "келе жатканын" деген сөздү башкарып байланышып, ал эми "Акматтын" деген сөз "келе жатканын" деген сөз менен таандык байланыш аркылуу, "шашып" деген сөз ошол эле "келе жатканын" деген сөз менен ыкташуу жолу аркылуу байланышып келип, чакчыл түрмөк уюшулган.

Чакчыл түрмөктөр дайыма тутумундагы сөздөрү менен бирдикте туруп, сүйлөмдүн этиштик баяндоочу менен же этиш сөздөн турган башка мүчөлөрү менен байланышта айтылат да, алар билдирген кыймыл-аракеттин мүнөзүн, абалын, кандайча аткарылгандыгын билдирет; бир суроого жооп берип, тутумдаш бышыктоочтун милдетин аткарат: Коштоо атын жетелеп, Курман илгери жөнөдү (А.У.).

Бул сүйлөмдөгү "Коштоо атын жетелеп" деген чакчыл түрмөк маани жагынан сүйлөмдүн "жөнөдү" деген этиштик баяндоочу менен байланыштуу айтылып, ал кыймыл-аракеттин кандай абалда аткарылгандыгын билдирип турат; бирдиктүү түрдө туруп кантип? деген суроого жооп

берип, тутумдаш сыпат бышыктоочтук милдетти аткарып турат.

Шейшебин тээп таштап, борбоюп уктап жаткан балага Амантур суктана карады (А.У.).

Бул сүйлөмдө болсо курсив менен терилген чакчыл түрмөк "уктап жаткан" деген атоочтук этиштен турган аныктооч менен байланышта айтылып, ал билдирген абалдын белгисин, мүнөзүн аныктап көрсөтүп турат — тутумдаш сыпат бышыктооч.

Бир канча сөздүн чакчыл менен байланышып айтылышы аркылуу түзүлгөн бирдиктүү тизмеги чакчыл түрмөк деп аталат.

Чакчыл түрмөктөрдүн ички структурасы, составындагы сөздөрдүн өз ара байланышуу жолдору, алардын сөз тизмегинин ичинде орун алыш тартиби кадимки эле сүйлөмдөрдүкүндөй болгону менен, аларды татаал сүйлөмдүн тутумундагы багыныңкы сүйлөм деп кароого болбойт. Анткени, биринчиден, мындай чакчыл түрмөктөрдүн өзүнө тиешелүү субъектиси (грамматикалык ээси) болбойт, ал түрмөктүн уюшулушуна негиз болуп турган чакчыл этиш баяндоочтук милдетти аткарбайт, езү менен байланышкан сөздөрү менен бирдикте туруп, тутумдаш бышыктоочтун милдетин аткарат; экинчиден, аларда предикативдик катыштагы ээ, баяндоочу болбогондон кийин, кандайдыр бир шарттуу түрдө (относителдик түрдө) аяктаган ойду билдире албайт, үчүнчүдөн, алар сүйлөм үчүн мүнөздүү болгон баяндоочу интонацияга ээ эмес. Ушул белгилерине карай чакчыл түрмөктөр багыныңкы сүйлөм боло албайт, бир нече сөздүн багыныңкы байланышынан уюшулган комплективдүү сөз айкашы (бирдиктүү сөз тизмеги) гана болуп эсептелет; алар сүйлөм ичинде бирдиктүү түрдө туруп, бир сурооого жооп берип, дайыма тутумдаш бышыктоочтун милдетин аткарат.

Чакчыл түрмөктөр жөнөкөй сүйлөмдөрдүн да, татаал сүйлөмдөрдүн да составында келип айтыла берет, экөөндө тең тутумдаш бышыктоочтун милдетин аткарат:

Рулду бекем кармап, машинада шофер отурат. Устанын кебине маашыр болуп, Салмоорбек да күлдү, береги топчу мурун Сатай да күлдү(Т.С.).

Кыргыз тилинде чакчыл түрмөктөр көбүнчө сүйлөмдүн башында, кээде аягында, ортосунда келет. Оозеки речте сүйлөмдүн башка белүгүнөн кыска тыным аркылуу бөлүнүп айтылат; сүйлөмдүн башында жана аягында келген учурларда алардын чакчыл түрмөк экендиги ачык, даана билинип турат.

Чакчыл түрмөктөр сүйлөмдүн башында келсе, өзүнөн кийин, аягында келсе, өзүнөн мурда үтүр коюлат:

Болотбектин келе жатканын көрүп, трактористтердин бригадири Чумаков бери басты (К.Ж.).

-Жоокер болгум келет! - деди Жапар, көз жашын кылгыртып(К.Б.).

Чакчыл түрмөк сүйлөм ортосуна келген убактарда, анын баштапкы жана кийинки бөлүктөрү кыска тыным (пауза) менен ачык бөлүнүп чектелип турбайт, ошол себептүү алардын чакчыл түрмөк экендиги сүйлөмдүн башына же аягына келген түрмөктөр сыяктуу даана билинип турбайт. Чакчыл түрмөктөр сүйлөм ортосуна келгенде, эки жагынан үтүр менен ажыратылып жазылат:

Андан кийин ал, анда-санда гана аялына карап коюп, унчукпай отура берди (С.Б.). Жапар, штыгын алга карай сундуруп, жоокерлердин эң алдында кетип бара жатат (К.Б.).

Кыргыз тилинде чакчыл түрмөктөрдүн уюшулушуна көбүнчө -ып формасындагы, аз да болсо -а,-й-ганча//-гыча,-ганы,- майынча формасындагы чакчылдар катышат.

Чакчыл түрмөктөр мааниси жагынан көбүнчө сүйлөмдүн этиштик баяндоочу менен, кээде этиш сөздөн турган башка мүчөсү менен байланыштуу айтылып, аны ар түрдүү жагынан түшүндүрүп турат: сүйлөм ичинде берген маанисине карай сыпат чакчыл түрмөк, мезгил чакчыл түрмөк, себеп чакчыл түрмөк, максат чакчыл түрмөк, салыштырма чак-

чыл түрмөк, карама-каршы чакчыл түрмөк болуп 6 түргө бөлүнөт.

СЫПАТ ЧАКЧЫЛ ТҮРМӨК

Мында чакчыл түрмөктү уюштурган сөз тизмеги бирдиктүү түрдө туруп, сүйлөмдүн этиштик баяндоочу билдирген кыймыл-аракеттин белгисин, мүнөзүн, кандайча аткарылгандыгын көрсөтөт; кантип? деген суроого жооп берип, сүйлөм ичинде тутумдаш сыпат бышыктоочтун милдетин аткарат.

I) Сыпат чакчыл түрмөктү көбүнчө -ып формасындагы чакчылдар уюштурат:

Кабагын карыш түйүп, ал да заар тилин агытты (К.К.).

2) Сыпат чакчыл түрмөк -ган+сы+ып формасында уюшулат:

Эки көзүнөн ажалдын отун жандыргансып, кара буура жакын келип калды (К.Ж.).

3) ... деген +си-ип түрүндө да кездешет:

Мырзабек, мунун байкагычын көрчү дегенсип, кызды таңдана тиктеди (Т.Аб.).

4) Кээде -а формасындагы чакчылдар уюштурат:

-Эчтеке эмес, -деди Батый да, Сурмакандын жанын күйгүзө (Т.С.).

5) Айрым учурларда -бай (ба+й) формасындагы чакчылдар уюштурат:

Баягыдай сумсайбай, кишилер үй-үйлөрүнө көңүлдүү тарашты (Т.С.).

Кээде сүйлөмдүн этиштик баяндоочу менен бир эмес, бир нече чакчыл түрмөк байланышып келиши мүмкүн:

Анархандын тизесине башын коюп, мандайынан канын агызып, Каныбек жатат (К.Ж.). Айна, башын жаздыктан көтөрүп, демин ичине алып, тынып калды (Т.С.).

СЕБЕП ЧАКЧЫЛ ТҮРМӨК

Чакчыл түрмөктүн бул түрү баяндооч билдирген кыймыл-аракеттин аткарылыш же аткарылбай калыш себебин билдирет; эмне үчүн? эмне себептүү? эмнеликтен? деген суроолорго жооп берип, түтумдаш себеп бышыктоочтун милдетин аткарат.

1) Себеп чакчыл түрмөктү да көбүнчө -ып формасындагы чакчылдар уюштурат:

Анын кызыксынбагандыгын байкап, Акбар өзү ачылып эчтеме айткан жок (А.У.). Анын ирединин бузулушунан чочуп, ордуман учуп турдум. (К.К.).

2) Чакчыл формадагы "деп" жардамчы этишинин катышуусу менен уюшулат:

Сени келбей калабы деп, биз абдан тынчсыздандык эле.

3) Терс маанидеги -бай формасындагы чакчылдар түзет:

Туу жондун сууктугуна чыдап тура албай, ал кайта бастырып жылкы четине келди (А.У.).

МЕЗГИЛ ЧАКЧЫЛ ТҮРМӨК.

Мындай маанидеги чакчыл түрмөктөр бирдиктүү түрдө туруп, баяндооч билдирген кыймыл-аракеттин аткарылыш мезгилин көрсөтөт; сүйлөм ичинде качан? качантан бери? качанга чейин? деген суроолорго жооп берип, түтумдаш мезгил бышыктоочтук милдетти аткарат. Мезгил чакчыл түрмөктөр да негизинен:

1) -ып формасындагы чакчылдардын негизинде уюшулат. Мындай учурда чакчыл түрмөк туюндурган кыймыл сүйлөмдүн баяндоочу билдирген кыймыл-аракеттен алдын, мурунураак болгондугун билдирет:

Ошентип кыштакты кызуу кыймылга келтирип коюп, Амантур менен Акбар жайытта жаткан малдарга барышты (А.У.).

Эгерде чакчыл учур чактык мааниде болсо, анда чакчыл түрмөк билдирген кыймыл-аракет менен сүйлөмдүн баяндоочу билдирген кый-

мыл-аракет бир мезгилде болгондугун көрсөтөт:

Курулуштан келе жатып, Жапар кызыл үйгө кирди (К.Б.).

2) Кээде -а формасындагы чакчылдар уюштурат. Мында чакчыл түрмөктөгү кыймыл-аракет аяктары менен эле, сүйлөмдүн баяндоочу билдирген кыймыл-аракет удаалаш башталгандыгын билдирет:

Үйгө жете, мен Султанга кат жаза баштадым.

3) -ганча//-гыча формасындагы чакчылдар уюштурат. Мындай чакчыл түрмөктөр:

а) Эгерде сүйлөмдүн баяндоочу созулуңку эмес, кыска мөөнөттүү кыймыл-аракетти билдирсе, чакчыл түрмөктөгү кыймыл аякталганча, сүйлөмдүн баяндоочу билдирген кыймыл-аракет аткарылып калгандыгын көрсөтөт:

Бул сөздөрүн айтып болгончо, Чаргын өзү да узай берди (Т.С.).
Ата-энелерине жеткенче, алар тойпондошуп күрөшүп да жиберишет (А.Т.).

б) Эгерде сүйлөмдүн баяндоочу созулуңку кыймыл-аракетти билдирсе, анда баяндооч билдирген кыймыл-аракет чакчыл түрмөк билдирген иш-аракет башталууга чейин созуларын туюндурат:

Капчыгайдын түзөңчөсүнө жеткиче, Акбардын эки көзү чакчайды (А.У.).

4) Мезгил чакчыл түрмөктү -гани формасындагы чакчылдар уюштурат. Мындай түзүлүштөгү түрмөктөр сүйлөмдүн баяндоочу билдирген кыймыл-аракеттин кайсы убактан бери болуп жатканын же болгонун билдирет:

Армиядан келгени, ал "Кенеш" совхозунда агроном болуп иштейт.

5) -майынча мүчөсү уланган чакчылдар уюштурат. Мындай учурда чакчыл түрмөктөгү кыймыл-аракет аткарылмайынча, баяндооч билдирген кыймыл-аракет да аткарылбай тургандыгын көрсөтөт, сүйлөмдүн баяндоочу дайыма терс формада, келер чакта айтылат:

Менин сөзүмдү угуп болмоюнча, силер эч жакка жылбайсыңар. ("Чайка"). Бул жумушту бүтүрмөйүнчө, мен ал тапшырманды аткара албайм.

Мындай формадагы чакчыл түрмөктөрдө мезгилдик маани менен бир аз шарттуулук мааниси да бар экендиги сезилип турат.

6) Айрым учурларда мезгил чакчыл түрмөктү терс (-бай) формадагы чакчыл да уюштурат. Булар да,-майынча формасындагы түрмөк сыяктанып, чакчыл түрмөктөгү кыймыл аткарылмайынча, баяндооч билдирген кыймыл да аткарылбай тургандыгын баяндайт, бир аз шарттык маани да бар экендиги байкалып турат:

Бул ишти бүтүрбөй, мен үйгө кете албайм. Эмгек тартибин чыңдабай, биз анын өндүрүмдүүлүгүн жогорулата албайбыз.

МАКСАТ ЧАКЧЫЛ ТҮРМӨК

Максат чакчыл түрмөктү түзгөн сөз тизмеги бирдиктүү түрдө туруп, сүйлөмдүн баяндоочу туюндурган кыймыл-аракеттин максатын билдирет; эмнеге? эмне үчүн? деген сыяктуу суроолорго жооп берип тутумдаш максат бышыктоочтук милдетти аткарат.

I) Максат чакчыл түрмөктөр -мак,-макчы мүчөсү уланган этиштерден кийин "болуп" деген чакчылдын кошулуп айтылышы менен түзүлөт: Шаарга жөнөмөкчү болуп, Айдар күндөгүсүнөн эрте турду.

2) Каалоо ыңгайдын I жагынын -айын, -алы мүчөлөрү уланган этиштен кийин -ып формасындагы "де" (деп) жардамчы этишинин кошулуп айтылышы менен да түзүлөт:

Зайыбым менен акылдашайын деп, Керимахун короосуна кирип кетти (К.Ж.). Малчылардын ал-абалын билели деп, башкарма менен зоотехник тан заардан жайлоого жөнөштү.

3) Келер чактагы этиштен кийин "деп" айкашып айтылып да, максат чакчыл түрмөктүн уюшулушуна негиз болот:

Баланы өзүнө көндүрөм деп, Нуржан аны далай ирет койнуна да алып жатты (Т.С.).

4) Аягына I жактын мүчөсү уланган "са" формасындагы шарттуу ынгайдан кийин "деп" айкашып айтылып да, максат чакчыл түрмөк түзүлөт: Планды ашыра орундатсак деп, биз колхозчулардын арасында социалисттик мелдешти кеңири жайылттык.

6) Максат чакчыл түрмөктү кээде -ып формасындагы чакчылдар да уюштуруп калат:

Султанды издеп, мен көчөгө чыккан элем.

Жогоруда көрсөтүлгөн максат чакчыл түрмөктөрдө бир аз себептик маани да бар экендиги байкалып турат, бирок,канткен менен да, максаттык маани басымдуураак кылат.

КАЙЧЫЛАШ ЧАКЧЫЛ ТҮРМӨК

Кайчылаш чакчыл түрмөк маани жагынан сүйлөмдүн баяндоочу билдирген кыймыл-аракетке карама-каршы келет жана баяндооч туюндурган иш-аракет чакчыл түрмөктөгү аракетке кайчы, карама-каршы аяктайт.

Кайчылаш мааницдеги түрмөктөр тилибизде өтө аз кездешет; негизинен төмөнкүдөй жолдор менен уюшулат:

I) -ып+-ып формасындагы татаал чакчылдар уюштурат:

Билеттеги суроолорго түшүнүп туруп, мен жакшы жооп бере албадым.

2) -а+-ып формасындагы татаал чакчылдар түзөт: Уулунун бүгүн келбесин биле туруп, энеси түн ортосуна чейин күтүп олтура берди.

3) -ып мүчөсү уланган жөнөкөй чакчылдар да уюштура берет, кээде андан кийин "да" бөлүкчөсү кошулуп айтылат:

Отту ушунчалык көп жагып да, Зуура үйүн ысыта албады.

САЛЫШТЫРМА ЧАКЧЫЛ ТҮРМӨК

Мында чакчыл түрмөк туюндурган иш-аракет сүйлөмдүн баяндоочу билдирген кыймыл-аракет менен салыштырылып берилип, алардын бири-биринен айырмасы, артыкчылыгы көрсөтүлөт. Чакчыл түрмөктүн бул түрү да тилибизде өтө сейрек учурайт.

Салыштырма чакчыл түрмөктү негизинен -ганча,-гыча формасындагы чакчылдар уюштурат:

Сенин жамандыгынды көргүчө, мен жердин жети катарына кирип кетейин (А.Т.).

Салыштырма чакчыл түрмөк катышкан жөнөкөй сүйлөмдөрдү салыштырма багыныңкылуу татаал сүйлөмдөрдөн ажырата билүү керек.

-ганча,-гыча формасындагы сөз тизмеги чакчыл түрмөк болсо, анын өзүнө тиешелүү ээси болбойт, ал түрмөк туюндурган кыймыл-аракет ошол эле сүйлөмдүн баяндоочунун грамматикалык субъектисине тиешелүү болуп, маани жагынан, чакчыл түрмөктөгү иш-аракет менен баяндооч билдирген кыймыл-аракет өз ара салыштырылып көрсөтүлөт.

Мисалы: Көчө таптап бекер жүргүчө, силер тиги талаадагы орокчуларга жардам бергиле.

Бул сүйлөмдүн ээси "силер", баяндоочу—"жардам бергиле", ал эми "көчө таптап бекер жүргүчө" деген чакчыл түрмөктүн өзүнө таандык ээси жок, ал түрмөк билдирген кыймыл-аракет дале сүйлөмдүн "силер" деген ээсине тиешелүү болуп турат. Бул чакчыл түрмөктүн тутумундагы сөздөр бирдиктүү түрдө туруп, сүйлөм ичинде салыштыруу маанисиндеги тутумдаш сыпат бышыктоочтун милдетин аткарат.

Эгерде ушул эле -ганча,-гыча формасындагы конструкция салыштырма багыныңкы сүйлөм болсо, анда анын өзүнө тиешелүү грамматикалык ээси жана баяндоочу болот, ошондуктан шарттуу түрдө аяктаган ойду билдире алат жана баяндагыч интонация менен айтылат:

Эрдин шагы сынгыча, эликтин шыйрагы сынсын (макал).

Бул татаал сүйлөмдүн биринчи компонентинин ээси-"шагы", баяндоочу -"сынгыча", экинчисинде "шыйрагы"-ээси, "сынсын"-баяндоочу.

Кээ бир татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы салыштырма багыныңкы сүйлөмү баяндоочу -ганча формасындагы бир тутумдуу (жалпылама жактуу) сүйлөмдөрдөн да болот. Мындай түзүлүштөгү багыныңкы сүйлөмдөрда мааниси жана сырткы түрү жагынан -ганча формасындагы салыштырма чакчыл түрмөктөргө окшош келет, бирок аларды бири-биринен ажырата билүү керек.

Мисалы: Душманга кекти кетиргенче, денеден башты кетирген артык (макал).

Бул сүйлөмдөгү "Душманга кекти кетиргенче" деген конструкция мааниси, сырткы түрү жагынан салыштырма чакчыл түрмөккө окшош болсо да, аны чакчыл түрмөк деп карооого болбойт, анткени ал билдирген кыймыл-аракет, чакчыл түрмөктөгүдөй, сүйлөмдүн "денеден башты кетирген" деген тутумдаш ээсине тиешелүү болуп айтылган жок. Мында "Душманга кекти кетиргенче" деген сөз тизмеги туюндурган аракет конкреттүү бирөөгө тиешелүү болуп айтылбастан, кандайдыр бир жалпыланган жакка тиешелүү болуп айтылып жатат; мунун өзүнө таандык конкреттүү ээси жок жана анын болушун талап да кылбайт. Демек, бул жалпылама жактуу бир тутумдуу сүйлөмдөн турган салыштырма багыныңкы сүйлөм, ал эми бүткүл конструкция салыштырма багыныңкылуу татаал сүйлөм болуп эсептелет.

Кээде мындай формадагы салыштырма багыныңкылуу татаал сүйлөмдөрдүн эки компоненти тең бир тутумдуу сүйлөмдөрдөн болушу мүмкүн: Миң кишинин атын билгиче, бир кишинин сырын бил. Талаага түнөгөнчө, молого түнө (макалдар).

Булар биринчи жана экинчи компоненти тең бир тутумдуу (жалпылама жактуу) жөнөкөй сүйлөмдөрдөн турган салыштырма багыныңкылуу татаал сүйлөмдөр болуп эсептелет.

Демек, -ганча формасындагы салыштырма чакчыл түрмөктөрдү (чакчыл этиштин болгон салыштырма багынынкы) баяндоочу ошол эле формадагы сүйлөмдөр менен чаташтырбас үчүн, андай структурадагы конструкциялардын ички маанисине гана эмес, грамматикалык түзүлүшүнө да кылдатты менен көңүл буруу керек.

Кыргыз тилинде чакчыл түрмөктөр негизинен сүйлөмдүн башында, кээде ортосунда келет (буга чейин келтирилген мисалдарды карагыз), бирок көбүнчө ырларда (уйкаштыкты сактоо максатында), оозеки сөздүн үлгүсүндө түзүлгөн сүйлөмдөрдө жана төл жана бөтөн сөз катышкан сүйлөмдөрдө чакчыл түрмөктөр сүйлөм аягында да колдонула берет:

Кармады мени Керимбай,
Каршылык менен каралап (Токтогул)

Чабендеси да куп келишкен экен, алгыр куштай болуп (Ч.А.).

-Сен адам эмессиң, -деди Байтерек, камчысын (Айтууганга) кесеп(А.Т.)

АТООЧТУК ТҮРМӨКТӨР

Көпчүлүк учурда заттын, көрүнүштүн ар түрдүү белгиси бир эле сөз менен сыпатталып бериле тургандай жөнөкөй формада болбостон, өтө кеңири, татаалданган мүнөздө болот. Мындай учурда заттын андай ич ара чырмалышып байланышкан татаал белгисин бир сөз менен билдирүү мүмкүн болбой калат, аны бир канча сөздүн тизмеги аркылуу сыпаттап берүүгө туура келет.

Салыштыр: Ак жуумал жигит чечкиндүү сүйлөдү.

Ак жүзү аптапка тамылжып турган жигит чечкиндүү сүйлөдү (Т.С).

Мында биринчи сүйлөмдө жигиттин өңүнүн түсү бир сөз менен гана берилип турат. Ал эми экинчи сүйлөмдө жигиттин ак жүздүү экендиги жөнүндө гана сөз болуп жаткан жок. Анын ак жүзү күндүн илебинен ысып, тамылжып турганын көрсөтүп турат. Ошондуктан жигиттин өңүнүн бул татаалдашкан белгисин бир гана сөз менен толук ачып берүүгө болбойт (салыштыр: Ак жүздүү жигит чечкиндүү сүйлөдү), ошон үчүн ал белгиси бир нече сөздүн тизмеги аркылуу берилген.

Мындай сөз тизмектери адатта эки же андан көп сөздүн синтаксистик байланышынан түзүлөт. Ал сыяктуу тизмектер көпчүлүк учурда атоочтук этиштердин негизинде уюшулат. Мындай учурда айтылуучу ойдун мазмунуна жараша атоочтук менен бир нече сөз грамматикалык жактан жана маанеси боюнча тыгыз байланышта айтылып, натыйжада сөздөрдүн синтаксистик жактан ажырагыс бир бүтүн түрмөгү уюшулат.

Мисалы: Чарбанын абалын жакшы билген Шарше иште тез эле колго алды.

Бул сүйлөмдөгү "Чарбанын абалын жакшы билген" деген сөз тизмегинин түзүлүшүнө негиз болгон сөз - "билген" деген атоочтук, ага "жакшы" деген сөз ыкташып, "абалын" деген сөз башкарылып байланышып жана ал "абалын" деген сөзгө "чарбанын" деген сөз таандык байланыш жолу

аркылуу айкашып айтылып, бирдиктүү сөз тизмеги түзүлгөн. Бул сүйлөмгө синтаксистик талдоо жүргүзсөк, анда анын составындагы "Чарбанын абалын жакшы билген" деген сөз тизмеги тутумундагы сөздөрү менен бирдиктүү түрдө туруп, кайсы?деген суроого жооп берип, тутумдаш аныктоочтун милдетин аткарат:

- Кайсы Шарше?
- "Чарбанын абалын жакшы билген" (тутумдаш аныктооч).

Бул сыяктуу сөз тизмектеринин уюшулушуна негиз болгон сөз атоочтук этиш болгондуктан, алар атоочтук түрмөк деген термин менен аталат.

Бир нече сөздүн атоочтук менен грамматикалык жана маанилик жактан бекем тутумдашып байланышы аркылуу түзүлгөн бирдиктүү тизмеги атоочтук түрмөктөр деп аталат.

Атоочтук түрмөктөр тутумундагы сөздөрү менен тыгыз бирдикте туруп, дайыма өзүнөн кийинки аныкталгычы менен ыкташып байланышып, ага кошумча мүнөздөмө берип турат жана ошол аныкталып турган сөзү менен бирдикте бир ритмико-интонациялык бирдикти (синтагматикалык бирдикти) түзөт.

Мисалы: Кулагына чейин кызара түшкөн Сапарбай үнүн бир аз көтөрүңкү чыгарды (Т.С.).

Бул сүйлөмдөгү "Кулагына чейин кызара түшкөн" деген атоочтук түрмөк тутумундагы сөздөрү менен бирдикте туруп, өзүнөн кийинки "Сапарбай" деген заттын (аныкталгычтын) ошол учурдагы абалын аныктап турат жана ошол аныкталгычы менен бирге синтагматикалык бирдикти (ритмико-интонациялык бирдикти) түзөт (кулагына чейин кызара түшкөн Сапарбай).

Атоочтук түрмөктөр негизинен эки түрдүү түзүлүштө кездешет:

а) Сыртынан караганда айрым атоочтук түрмөктөрдүн составындагы бир сөзү грамматикалык ээ сыяктанып, экинчиси баяндооч сыяктуу болуп көрүнөт.

Мисалы: Баштагы сулуулугу өчпөгөн Найман эне алыс сапар жолго даяр (Ч.А.)

Бул сүйлөмдүн тутумундагы "Баштагы сулуулугу өчпөгөн" деген атоочтук түрмөктү сыртынан алып караганда, анын составындагы "сулуулугу" деген сөз ээ сыяктанып, "өчпөгөн" дегени баяндооч сыяктанып көрүнөт. Бирок ошондой болсо да, бул тизмек сүйлөмдүк сапатка жетише албайт. Себеби: а) сүйлөм үчүн мүнөздүү болгон баяндоо интонациясына ээ эмес; б) ээ, баяндооч сыяктуу болуп көрүнгөн тигил эки сөз предикативдик катышты түзө албайт; в) ошол себептүү бул сөз тизмеги кандайдыр бир бүткөн ойду түшүндүрө албайт. Ал өзү тутумунда турган жөнөкөй сүйлөмдүн составдык бир бөлүгү гана болуп эсептелет. Бул түрмөк тутумундагы сөздөрү менен тыгыз бирдикте туруп "кайсы? деген суроого жооп берип, "Найман эненин" сапаттык белгисин билдирип, тутумдаш аныктоочтун милдетин аткарып турат.

б) Кээ бир атоочтук түрмөктөрдүн составында жогоркудай грамматикалык ээ сыяктанып көрүнгөн мүчөсү болбойт. Анын акыркы компоненти атоочтуктардан болот да, ал өзүнүн алдындагы грамматикалык жактан жана мааниси боюнча өзү менен тыгыз байланышып турган сөздөрү менен бирдикте туруп, бир суроого жооп берип, сүйлөмдүн тутумдаш мүчөсүнүн милдетин аткарат: "Баятан көпчүлүктөн кеп-сөз күткөн Сапарбай экинчи ирет отургандарга кайрылды" (Т.С). Бул жөнөкөй сүйлөмдүн тутумундагы "Баятан көпчүлүктөн кеп-сөз күткөн" деген атоочтук түрмөктө грамматикалык ээ сыяктанып көрүнгөн мүчөсү жок. Мында "күткөн" деген атоочтук менен алдындагы сөздөр башкарылып, ыкташып байланышып келип, синтаксистик жактан бирдиктүү сөз түрмөгү уюшулган. Бул түрмөк ошол тутумундагы сөздөрү менен биримдикте туруп өзүнөн кийинки "Сапарбай" деген аныктагычы менен ыкташып байланышып, кайсы? деген суроого жооп берип, тутумдаш аныктоочтун милдетин аткарып турат.

Атоочтуктар сөз түрмөктөрүн уюштуруу менен гана чектелип калбастан бағыныңкы сүйлөмдөргө баяндооч да болуп келе берет. Мындай конструкциялар бағыныңкы сүйлөмдүк касиетке жетишүү үчүн: I) анын атоочтуктан

турган баяндоочу предикативдик каражаттар менен жабдылуу керек (мисалы: жатыштын = да мүчөсү же айрым жандоочтор ж.б. кошулуп айтылуу керек); 2) өзүнө тиешелүү грамматикалык ээси болот (кээде ээси багынынкы сүйлөм менен баш сүйлөмгө орток болушу мүмкүн); 3) баяндоочу интонация менен айтылып, өзүнөн кийинки баш сүйлөмдөн кыска тыным аркылуу жиктелип турат; 4) относительдик (шарттуу түрдө) жактан аяктаган ойду билдирип туруу керек;

Мисалы: Мен айылда жүргөндө, Дүйшөн колхоздун мурабы болучу (Ч.А). Күн улам кечтеген сайын, ал кашаң атын катуулап айдай баштады (К.Б).

Кыргыз тилиндеги атоочтук түрмөктөр:

а) = ган формасындагы атоочтуктардын негизинде уюшулат:

Ал жаңыл -куйругу төгүлгөн чоң күрөң атты минип келди (К.Б). Ошолордун баарын тарткан поезд нөшөргө жуунуп кете берди (Ч.А).

б) = ар (-бас) формасындагы атоочтуктардын негизинде уюшулат:

Бүркүт уялар аска бийик болот. Алар бири-биринен эчтеке жашырбас курбулар эле.

в) =оочу, = уучу формасындагы атоочтуктардын негизинде уюшулат:

Ат жалын тартып аттануучу мезгил жетти. Жыйынга баруучу адамдар бүт келишти.

г) =а(-й)+элек формасындагы атоочтуктардын негизинде уюшулат:

Жини таркай элек Каранар айрылып калган үйүрүнө кайра барууга жулкунду (Ч.А). Чөбү чабыла элек тайпак бетке койду жайып жибердик.

Атоочтук түрмөктөр синтаксистик функциясына карай сүйлөм ичинде тутумдаш толуктоостук тутумдаш ээлик, тутумдаш баяндоочтук, тутумдаш аныктоочтук жана тутумдаш бышыктоочтук милдетти аткарат.

Атоочтук түрмөктөр тутумдаш ээнин милдетин аткарат. Мындай учурда ал тутумундагы өз ара тыгыз байланышып турган сөздөрү менен бирдикте ←туруп, ким?, эмне? деген сыяктуу суроолорго жооп берип, тутумдаш ээ болот.

Тутумдаш ээнин милдетин аткаруучу түрмөктөр структуралык жагынан түрдүүчө түзүлүштө учурайт.

I) Кээ бир атоочтук түрмөктөрдүн ээ (субъект) сыяктанып көрүнгөн бирinчи компоненти атооч жөндөмөдөгү сөздөрдөн болот да, баяндооч (предикат) сыяктанып көрүнгөн экинчи компоненти аягына кандайдыр бир грамматикалык форма жалганбаган атоочтуктардан болот. Мындай учурда көбүнчө сүйлөмдө ээлик милдетти аткарып турган атооч сөз сүйлөм тизмегинен түшүрүлүп айтылып, ал ээни аныктап турган атоочтук түрмөк заттык мааниге өтүп, ошол ээнин ордуна колдонулуп калат. Мисалы: Алы жетпеген (киши) акыретчил (макал). Ичи ооруган (киши) күлкү сүйбөйт (макал). Бул сүйлөмдөрдүн "киши"деген грамматикалык ээси түшүрүлүп айтылып, анын заттык мааниси аны аныктап турган "алы жетпеген", "ичи ооруган" деген атоочтук түрмөктөргө өтүп, ошол түрмөктөрдүн өзү тутумдаш ээнин милдетин аткарып калган.

2) Айрым атоочтук түрмөктөрдүн логикалык субъектиси илик жөндөмөдөгү сөздөн болот да, баяндооч сыяктанып көрүнгөн атоочтук таандык формада айтылат:

Азамат-эрдин азганы - көчкөндө жөө басканы (макал). Керечтин жалгыз үй жүргөнү - анын өз туугандарына таарынгандыгы. Эки уруунун чатагын басканым жакпайбы сага (Т.С).

Кээде мындай структурадагы атоочтук түрмөктөрдүн тутумундагы логикалык субъектинин аягындагы иликтин мүчөсү же ал иликтеги сөздүн өзү бүт бойдон түшүрүлүп айтыла берет. Бирок бул кырдаал атоочтуктун аягындагы таандык мүчө аркылуу белгилүү болуп турат:

Кыз-келиндер бекбекей ырдап жатканы Найман эненин жүрөгүн элжиретти (Ч.А). Көзү кайнап турганы мени чочуткан. Бул сүйлөмдөрдөгү атоочтук түрмөктөрдүн составындагы "кыз-келиндер", "көзү" деген сөздөрдүн аягындагы илик жөндөмөнүн мүчөсү ("кыз-келиндердин", "көзүнүн") түшүрүлүп айтылган. Дайыма эле кечигип жүргөнүң эч кимге жага бербестир. Эки оттун ортосунда кыйналаары бешенесине жазылып калган болсо эмне кылат (Ч.А).

Мындагы тутумдаш ээлердин составындагы илик жөндөмөдөгү "сенин", "анын" деген компоненттери түшүрүлүп айтылгандыгы белгилүү болуп турат.

3) Айрым атоочтук түрмөктөрдүн тутумунда логикалык субъект сыяктанып көрүнгөн компоненти болбойт. Мындай учурда атоочтук менен маанисине карай жана грамматикалык жактан айрым сөздөр ыкташуу, башкарылуу же таандык байланыш жолу аркылуу өз ара айкашып айтылат да, бирдиктүү түрдө туруп, тутумдаш ээнин милдетин аткарат. Мындай түрмөктүн уюшулушуна негиз болгон атоочтуктун аягына таандык мүчө же көптүк -лар мүчөсү уланып, же болбосо кандайдыр бир грамматикалык формасыз эле айтылат:

Алдыда аны эмне күтүп турганы азыр белгисиз (Ч.А.). Айдың-Көлдү көрүп жүргөндөр ылакап кылышат. Адамдын атын чыгаруучу - кызыл тил. Жорго минген жолдошунан айрылат, көп жашаган курдашынан айрылат (макал).

Атоочтук түрмөктөр тутумдаш баяндоочтун милдетин аткарат. Бирок баяндоочтук кызматта сейрек учурайт. Тутумдаш баяндоочтук милдетти аткарган атоочтук түрмөктөр көбүнчө эки түрдүү түзүлүштө колдонулат:

I) Айрым атоочтук түрмөктөрдүн логикалык субъект сыяктуу көрүнгөн биринчи компоненти дайыма илик жөндөмөдө, аны менен байланышкан атоочтук таандык формада айтылып, өз ара изафеттик айкаштык III түрүн уюштурат. Мисалы: Бул тынчтыкты бузган - Сансыздын гана ырайымсыз жөтөлгөнү (К.Ж.). Биздин чоң бактыбыз - сенин тирүү калганың. Бурак белдин кайгыга батканы - бозойдун кабарсыз жатканы (К.Ж.).

2) Баяндоочтук функциядагы кээ бир атоочтук түрмөктөрдүн тутумунда логикалык субъект сыяктанган илик жөндөмөдөгү сөзү болбойт. Мында да сөз түрмөгүн уюштуруучу негизги борбор атоочтук болот да, аны менен айрым сөздөр ыкташуу, башкаруу жолу аркылуу байланышып айтылып, бирдиктүү атоочтук сөз түрмөгү уюшулат; сүйлөмдүн тутумдаш баяндоочунун милдетин аткарат:

Жамандын бир белгиси - бергенин доолаганы. Алар - айыл чарба көргөзмөсүнө барып келгендер.

Атоочтук түрмөктөр тутумдаш аныктоочтун милдетин аткарат. Атоочтук түрмөктөр сүйлөм ичинде көбүнчө тутумдаш аныктоочтун милдетин аткарышат

Мындай учурда анын составындагы сөздөр бирдиктүү түрдө туруп, кайсы?, кандай? деген аныктоочтук бир суроого жооп берет.

Атоочтук түрмөктөр бир нече сөздүн синтаксистик байланышынан уюшулуп, структуралык түзүлүшү татаал болгондуктан, өзү аныктап жаткан заттын ар кандай белгисин ар тараптан толук, кеңири мүнөздөп көрсөтөт. Атоочтук түрмөктөр, адатта, заттын ар түрдүү белгисин башка бирөөнүн кыймыл-аракети аркылуу же ошол эле аныкталып турган заттын экинчи бир кошумча кыймыл-аракети аркылуу мүнөздөйт. Мисалы: Окуучулар тапшырган темир-тесектер жүз тоннага жакындап калды. Ордунан ыргып турган Калпакбай уулу столду бир муштады (Т.С).

Бул сүйлөмдөрдөгү курсив менен терилген түтумдаш аныктоочтордун биринчиси аныкталгычты (темир-тесектер) башка бирөөнүн (окуучулар) кыймыл-аракети аркылуу аныктаса, экинчиси ошол эле аныкталып турган заттын (Калпакбай уулу) өзүнө тиешелүү болгон экинчи бир кошумча кыймыл-аракети аркылуу аныктап турат.

Атоочтук түрмөктөр көбүнчө өзү аныктап турган аныкталгычы менен ыкташып байланышып, аны менен түздөн-түз, жанаша жайгашат: Чөбү жыйылган жерди комсомолецтер дароо сугарышты ("СК").

Атоочтук түрмөктөр, сын атоочтордон айырмаланып, заттын убактылуу, туруктуу эмес, кыймылдуу (динамичный) белгисин билдирет. Сын атоочтор болсо дайыма заттын туруктуу белгисин көрсөтөт. Атоочтук түрмөктөр, адатта, тиги же бул затка тиешелүү болгон белгилерди ар тараптан кеңири сүрөттөп көрсөтсө да, кээде ал затка мүнөздүү болгон айрым бир туруктуу белгилерди толук камтый албай калат. Мындай учурда атоочтук түрмөк менен аныкталуучу заттын аралыгына тиешелүү бир сын атооч кошулуп айтылып ал аныкталгычтын дагы бир туруктуу белгисин кошумчалап көрсөтүп турат. Мындай убактарда атоочтук түрмөк аныкталгычынын жанына түздөн-түз жанаша жайгашпастан, андан бир аз обочо, качыңкы (дистантно) орун алат.

Мисалы: Күн нурына умтулган назик гүлдөр жер бетин бербей жайкалат (К.Ж). Кыбыр эткен жан көрүнбөгөн ээн талаада жалгыз жүрүп келатты (Ч.А.).

Бул сүйлөмдөрдө "гүлдөр", "талаада" деген сөздөрдү аныктап турган атоочтук түрмөктөрдөн кийин "назик", "ээн" деген сын атоочтор кошо айтылып, ошол аныкталгычтардын дагы бир туруктуу белгисин көрсөтүп турат. Экинчи жагынан, ал атоочтук түрмөктөр өзүнөн кийинки сын атооч менен бирге келип, аныкталгычты толук жана конкреттүү мүнөздөп турат.

Атоочтук түрмөктөрдөн турган тутумдаш аныктоочтор да сүйлөмдүн ар түрдүү мүчөсүн аныктап келе берет:

1) Сүйлөмдүн ээсин аныктайт: Күрөө тамыры көбө түшкөн Калпакбай уулу үнүнүн барынча чыгарды (Т.С.). Атка бергис кунан бар, кызга бергис жубан бар (макал).

2) Толуктоочту аныктайт: Ар бир жоокер Ата Мекенге берер антын ойлошту. Алар бут кийим сатуучу дүкөндөн өтүп, оңго бурулушту.

3) Бышыктоочту аныктайт: Эркингүл Мариялар жүргөн ашканага кирип барды. Жусуп Тверь шаарын коргогон фронтто болуптур.

4) Атоочтук баяндоочту аныктап келет: Алар - өткөн өмүрлөрү табылбай калган карыялар. Улууга урмат, кичүүгө ызаат көрсөтүү - кыргыз элинин кылымдан келаткан салты.

5) Аныктоочту аныктап келиши мүмкүн: Машинага түшүп көрбөгөн энемдин башы айланып, жүрөгү айныды.

Ар түрдүү ынгай категориясындагы (баяндагыч ынгайдагы, каалоо ынгайдагы ж.б.) этиш менен = ган формасындагы "деген" жардамчы этиши бирге айтылып, атоочтук түрмөктү уюштурууга негиз болот. Андай формадагы атоочтук түрмөктөр да аныкталгыч менен ыкташып байланышып, тутумдаш аныктоочтун милдетин аткарат:

Бай болгондорду айдатат деген каңшаар бар (Т.С.). Силерге карасанатайлык кылалы деген эч бир ойбуз жок.

Кээде атоочтук түрмөктү уюштурууга негиз болгон атоочтук этиш илик жөндөмөдө айтылып да, тутумдаш аныктоочтук милдетти аткарат; Мындай түзүлүштөгү түрмөктөр эмненин?, кимдин? деген суроолорго жооп берет: Жумушун бүтпөй калганынын себеби эмнеде экен? Өткөн ишке өкүнгөндүн пайдасы жок.

Айрым учурларда сүйлөмдүн тутумундагы илик жөндөмөдө турган аныктоочу (көбүнчө кишинин, адамдын деген зат атоочтор) түшүрүлүп айтылат да, натыйжада аны аныктап турган атоочтук түрмөк затташкан мааниге өтүп (субстантивизацияланып), түшүрүлүп айтылган сөздүн грамматикалык формасын (иликтин формасын) кабыл алат да, кимдин? деген суроого жооп берип, тутумдаш аныктоочтук милдетти аткарат.

Салыштыр: Өзүн сыйлай албаган кишинин өзгөгө да баркы болбойт. — Өзүн сыйлай албагандын өзгөгө да баркы болбойт.

Иши илгери жүрөрдүн ити чөп жейт, кедери кетердин келини ууру кылат (макал). Колу кыймылдабагандын оозу кыймылдабайт.

Атоочтук түрмөктөр тутумдаш толуктоочтун милдетин аткарат. Тутумдаш толуктоочтун милдетин аткаруучу атоочтук түрмөктөрдүн түзүлүшү (структурасы) тутумдаш ээлик же тутумдаш аныктоочтук милдетти аткаруучу түрмөктөрдүн структурасындай эле. Бир гана айырмасы: тутумдаш толуктоочтун милдетинде келүүчү түрмөктөрдү уюштурууга негиз болгон атоочтук дайыма кыйыр жөндөмөдө: табыш, барыш, чыгыш жөндөмөлөрүнүн биринде айтылат; Кээде андай атоочтуктан кийин айрым жандоочтор кошулуп айтылат.

Тутумдаш толуктоочтун милдетин: I) Аягына табыш жөндөмөнүн мүчөсү уланган атоочтук түрмөктөр аткарат: Пил көтөрбөгөндү тил көтөрөт (макал). Жениш күнүнүн келерин чыдамсыздык менен күтүп жүрдүк. Акмая алыс сапар жол жүрөрүн эми түйду (Ч.А.).

2) Барыш жөндөмөдөгү атоочтук түрмөктөр аткарат: Асан келбегенге ал бир топко чейин капа болуп жүрдү. Жамийланын араба айдап кетерине мен эч күмөн санаган жокмун (Ч.А.). Ошентсе да кыздары күтүп

жүргөнүнө Эдигей кубанып кетти (Ч.А.).

3) Чыгыш жөндөмөдөгү атоочтук түрмөктөр аткарат:
Алкы бузулгандардан алыс бол (макал). Атанды көргөндөн акыл сура (макал). Колу жумулгандан үмүт кылба (макал).

4) Сөз түрмөктөрүнүн уюшулушуна негиз болгон атоочтук этиш атооч жөндөмөдө келип, андан кийин менен, тууралуу, туурасында, жөнүндө деген жандоочтор менен айкашып айтылган атоочтук түрмөктөр да тутумдаш толуктоочтун милдетин аткарат: Куру бекер чамынган менен иш бүтпөйт. Анын иштебей жүргөнү жөнүндө билесиңби?

5) Барыш жөндөмөдөгү атоочтуктан кийин жараша, караганда деген жандоочтордун айкашып айтылышы менен уюшулган атоочтук түрмөктөр аткарат:

Силердин келгенинерге жараша күн ачык болсо экен. Саратан жайда жакада калганга караганда тоо таянып кеткен дурус.

6) Чыгыш жөндөмөдөгү атоочтуктан кийин көрө деген жандоочтун бирге айтылыш менен уюшулган атоочтук түрмөктөр аткарат:
Сени жумшагандан көрө өзүм барсамчы. Эртеңге чейин күткөндөн көрө бүгүн эле жөнөй берейин.

Атоочтук менен айкашып айтылган жогорку жандоочтор функциясы жана семантикасы жагынан көбүнчө кандайдыр бир кыйыр жөндөмөнүн мааниси жана функциясы менен окшош келет. Ошондуктан толуктоочтук милдеттеги жогоркудай жандооч катышын уюшулган түрмөктөрдү тиги же бул кыйыр жөндөмө менен алмаштырып айтууга болот жана ошого карап андай жандооч катышып уюшулган атоочтук түрмөктөр толуктоочтук функцияда экендигин ачык байкоого болот.

Салыштыр: Куру бекер чамынган менен иш бүтпөйт. = Куру бекер чамынгандан иш бүтпөйт. Сенин келериң жөнүндө кабар кылгам. = Сенин келериңди кабар кылгам.

Бул сүйлөмдөрдөгү "менен", "жөнүндө" жандоочтору айкашып айтылган атоочтуктар ("чамынган менен", "келериң жөнүндө") мааниси боюнча чыгыш, табыш жөндөмөлөрүнө жакын болгондуктан, ошол жөндөмөлөр менен алмаштырылып айтылды ("чамынгандан", "келеринди"). Демек, бул сүйлөмдөрдөгү белгиленген атоочтук түрмөктөр чыгыш, табыш жөндөмөлөрүнүн маанисинде тургандыктан, алар тутумдаш толуктоочтун милдетин аткарышат.

Атоочтук түрмөктөр тутумдаш бышыктоочтун милдетин аткарат. Мындай учурда атоочтук түрмөк тутумундагы сөздөрү менен бирдикте туруп, сүйлөмдүн баяндоочу билдирген кыймыл-аракеттин ар кандай белгисин көрсөтөт.

Тутумдаш бышыктоочтун милдетин аткаруучу атоочтук түрмөктөрдүн жалпы түзүлүшү (структурасы) тутумдаш ээлик, тутумдаш аныктоочтук ж.б. милдетти аткаруучу түрмөктөрүндөй эле. Ал эми туюндурган грамматикалык мааниси ар түрдүү. Тутумдаш бышыктоочтук функциядагы атоочтук түрмөк өзү аныктап турган этиш менен байланышта айтылып, сыпаттык, мезгилдик, сан-өлчөмдүк, себептик ж.б. катышты билдирет. Башкача айтканда, тутумдаш бышыктоочтун милдетин аткаруучу атоочтук түрмөктөр семантикасына карай: I) Тутумдаш сыпат бышыктоочтук мааниде келип, кыймыл-аракеттин сыпатын, ар кандай мүнөзүн, белгисин билдирет. Мындай учурда түрмөктү уюштурууга негиз болгон атоочтук этиш атооч жөндөмөдө келип, ага сыяктуу, сымал, бойдон, калыбында, абалында деген жандоочтор, жардамчы сөздөр кошулуп айтылат: Булуттар бороондон удургуган сыяктуу аркы-терки көчөт. Ормуш тунжурап жер тиктеген калыбында сөзүн улантты.

Кээде тутумдаш сыпат бышыктоочтор атоочтук түрмөккө -дай формасынын уланып айтылышы менен да уюшулат: Күнтуу кары кайра өзүлөрүнөн кенеш сурагандай тигилерге карады. Ал алдында турган басмачыга тиреүүдөй жутуп жиберүүчүдөй карады.

2) Кээде тутумдаш сан-өлчөм бышыктооч маанисинде колдонулуп, кыймыл-аракеттин мейкиндик жана мезгил өлчөмүн билдирет. Мындай маанидеги атоочтук түрмөктөр барыш жөндөмөдөгү атоочтукка өлчөм, чектөө маанисиндеги чейин, дейре деген жандоочтордун айкашын айтылышы аркылуу уюшулат: Бир топ жерге барганга дейре артынан чуркады. Кош айдап бүткөнгө чейин айылда болдук.

Айрым учурларда атоочтук түрмөктү уюштурган -ар формасындагы атоочтукка өлчөм маанисиндеги -ча(ынча) мүчөсү уланып айтылып, сан өлчөм маанисин туюндурат: Алыңардын жетеринче көтөргүлө.

3) Атоочтук түрмөктөр бышыктоочтун башка түрлөрүнө караганда мезгил бышыктоочтук функцияда кеңири колдонулат. Тутумдаш мезгил бышыктоочтун милдетин аткаруучу атоочтук түрмөктөр негизинен төмөнкүдөй жолдор менен уюшулат: а) Атоочтук түрмөктөр жатыш жөндөмөнүн формасында айтылганда тутумдаш мезгил бышыктоочтун милдетин аткарып, негизги кыймыл-аракеттин болгон мезгилин, аткарылган учурун билдирет: Иштен чарчап келгенде дароо эс алуу керек. Сен экөөбүз тең алар иштеп жатканда карап турууубуз керек (К.Бект.). Козуларды көгөндөп бүтөрдө жамгыр куюп жиберди.

б) Атооч жөндөмө түрүндөгү түрмөктөн кийин мезгилдик маанидеги убакта, учурда, мезгилде, чакта, кезде деген катыш сөздөрдүн (соотносительные слова) бирге айтылышы менен уюшулат. Мааниси боюнча, атоочтук түрмөк билдирген кыймыл-аракет менен сүйлөмдүн баяндоочу билдирген кыймыл-аракеттин бир учурда болгондугун билдирет: Элди чакырган убакта сен да кел. Чыракты жаккан мезгилде шып чыгып кетти.

— Атооч жөндөмө формасындагы түрмөктөн соң бойдон, боюнча жандоочторунун айкашып айтылышы менен уюшулуп, кыймыл-аракеттин бир топ мезгилге созулгандыгын билдирет: Кечээ келген бойдон кете элекбиз. Малчылар жайлоого чыккан боюнча жакага түшө элек.

— Атооч жөндөмө формасындагы түрмөктөн кийин менен жандоочунун, мезгилдик маанидеги замат деген сөздүн айкашып айтылышы аркылуу уюшулуп, удаалаш болгон кыймыл-аракетти туюндурат:

Иштин жыйынтыгын угар замат жолго түшөбүз. Жаздын келери менен соко чыгат. Чоң таштан өтөр замат аттын оозун кое бердик. Атооч жөндөмө формасындагы түрмөктөн кийин сайын жандоочунун бирге айтылышы менен уюшулуп, дайыма кайталанган кыймыл-аракетти билдирет: Ага жолукkан сайын илгерки бир болгон окуя эске түшөт. Бектур карыяны көргөн сайын өз атамды көргөндөй болом.

в) Барыш жөндөмө формасындагы атоочтук түрмөктөн кийин чейин, дейре жандоочтору жана мезгилдик маанидеги жакын деген сөз айкашып айтылып уюшулат да, кыймыл-аракеттин качанга чейин созуларын (чегин) же болор мезгилин билдирет: Ишин бүтүргөнгө чейин күтүп туралы. Алар келгенге чейин кетип калабыз. Алар иш бүтөргө жакын келип калышты.

г) Чыгыш жөндөмөдөгү атоочтук түрмөктөн кийин мурун, кийин, соң, бери, тартып ж.б. деген жандоочтордун айкашып айтылышы менен уюшулат. Мааниси боюнча, кыймыл-аракеттин башталган учурун билдирет: Ал армиядан келгенден бери колхоздо иштейт. Кара-Сазга келгенден кийин жылкылар оңолуп калышты. Ал чогулуш башталардан мурда кеткен.

д) Илик жөндөмөдөгү атоочтук түрмөктөн соң алдында, астында деген жардамчы атоочтордун бирге айтылышы менен уюшулуп, негизги аракеттин атоочтук түрмөк билдирген кыймыл-аракеттин башталар алдында болгондугун туюндурат: Ачуусу келердин алдында өңү кумсарып кетет. Ал мал келердин астында кырманга кеткен. Алыс жолго чыгардын астында толгон иштерди тактап койдук.

4) Атоочтук түрмөктөр кээде түтумдаш себеп бышыктоочтун милдетин да аткарат. Мындай учурда сөз түрмөгүн уюштурууга негиз болгон атоочтук атооч жөндөмөдө туруп, ага себептүү, үчүн деген көмөкчү сөздөр айкашып айтылат, же атоочтук барыш жөндөмөдө келип, ага "байланыштуу" деген сөз айкашып айтылат, же болбосо атоочтук чыгыш жөндөмөдө туруп, ага кийин деген жандооч айкашып турат, же атоочтук этиш (атооч) же чыгыш жөндөмөдө келип, аны менен соң деген жандооч бирге айтылат. Мааниси боюнча негиз-

ги кыймыл-аракеттин аткарылыш себебин билдирет:

Күн кечтеп кеткен себептүү иш бүтпөй калды. Алар милдеттенмени ашыра орундатканы үчүн сыйлык алышты. Борбордон комиссиянын келерине байланыштуу кете албадык. Улуу киши сурагандан кийин бердим. Ак сакал адам өтүнгөн соң бардым. Ак сакал адам өтүнгөнлөн соң бардым.



ЭКИ ТУТУМДУУ ЖӨНӨКӨЙ СҮЙЛӨМДӨРДӨГҮ СӨЗДӨРДҮН ОРУН ТАРТИБИ

Адамдын ой-пикири жөнүндө кабар берүүчү негизги каражат болуп эсептелген сүйлөм ар кандай эле сөздөрдүн катар турган жыйындысынан түзүлө калбастан, ар бир улуттук тилдин грамматикалык закондорунун негизинде уюшулуп, аякталган ойду билдирүүчү, өз ара предикативдик катышы бар сөздөрдүн тобунан түзүлөт. Сүйлөмдөгү ой анын тутумундагы сөздөрдүн туура орун алышынын грамматикалык байланышынын жана интонациянын ички бирдигинин негизинде берилет. Ошентип, сөздөрдүн орун тартиби сүйлөмдүн негизги белгилеринин, сүйлөмдүн жашоо шарттарынын бири болуп саналат.

Сүйлөм мүчөлөрүнүн бири-бирине карата белгилүү бир ирет менен жайгашышы алардын орун тартиби деп аталат.

Сөздөрдүн орун тартиби дайыма белгилүү бир нормага баш иет жана тиги же бу грамматикалык, маанилик, стилистикалык функцияны аткарат.

Сөздөрдүн орун тартиби бүтүндөй синтаксистик түзүлүштүн системасында гана аныкталат. Тактап айтканда, сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун алуу багытын аныктаганда сүйлөмдүн түзүлүшү, туру жана составы, сүйлөмдөгү сөздөрдүн грамматикалык жактан байланышуу жолдору жана формалары, сөз түркүмдөрүнүн сүйлөм мүчөлөрүнө болгон катышы, синтаксистик басым жана контекст сыяктуу көп маселелер эске алынууга тийиш.

Кыргыз тилинде сүйлөм мүчөлөрүнүн жайланышы белгилүү даражада туруктуу мүнөзгө ээ. Сөздөрдүн орун тартиби сүйлөм мүчөлөрүнүн өз ара катышын, синтаксистик милдетин аныктоо үчүн жана белгилүү даражада сүйлөмдүн түзүлүшүн тактоо үчүн да кызмат кылат. Бирок кыргыз тилинде сөздөрдүн орун алуу системасы бүт бойдон

туруктуу деген түшүнүк келип чыкпоого тийиш. Башка тилдердеги сыяктуу эле, кыргыз тилинде да сөздөрдүн орун алышынын эки түрдүү мүмкүнчүлүгү бар:

а)туз орун тартип, б) терс ← орун тартип.

Тилде калыпташкан закондуулуктун негизинде сүйлөм мүчелөрүнүн бири-бирине карата алган көндүм болгон ордун туз орун тартип дейбиз:

Жамийла унчукпайт (Ч.А.). Садык жаңы эле келинчек алганга кетти (Ч.А.). Абышка мага ыраазы болгондой ормоё карады (С.М.).

Сүйлөмдүн тигил же бул мүчөсүнө логикалык басым түшүрүлүп, стилдик белгилүү бир максатка ылайыктуу өзүнүн демейки туз ордун өзгөртүп жайланышкан болсо, аны терс орун тартип (инверсия) дейбиз.

— Порумуң курсун сенин! (Т.А.) Сиз абдан катуу кармап койдуңуз го мени, Борбаш аке... (Т.А.) -Чык эшикке, чык! (К.Б.) Туз тартип боюнча бул сүйлөмдөр төмөнкүдөй болууга тийиш эле:

Сенин форумуң курусун! Сиз мени абдан катуу кармап койдуңуз го, Борбаш аке... -Эшикке чык!

Туз орун тартиптен чегинүү көркөм адабиятта көбүнчө стилдик максатта колдонулат.

Сөздөр белгилүү бир факторлордун негизинде туз же терс орун тартиби боюнча жайгашат. Мындай факторлрого сөздөрдүн өз ара грамматикалык байланышы, катышы, сүйлөмдүн түзүлүшү (структурасы), сүйлөм мүчөлөрүнүн сөз түркүмдөрүнө болгон катышы (кайсы сөз түркүмүнөн экендиги), багындыруучу жана

багыныңкы абалдагы сөздөрдүн багыттык карым-катышы, логикалык басым, контекст, чыгарманын жанры (көбүнчө поэзия) ж.б. кирет.

Сөздөрдүн орун тартиби жөнүндөгү маселени дифференциялап кароо керек: эки тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдө, бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдө жана татаал сүйлөмдө. Ошондой эле поэзия менен прозадагы сөздөрдүн орун тартиби да бири-биринен айырмаланат. Прозада сөздөрдүн туз тартип боюнча жайланышы басымдуулук кылса, поэзияда инверсия басымдуулук кылат. Анткени поэзияда сөздөрдүн жайгашышында грамматикалык принциптер эмес, ырдагы уйкаштык, б.а. рифма, ритм сыяктуу поэтикалык формалар өзгөчө маанiге ээ болот. Сүйлөмдөгү сөздөрдүн белгилүү бир тартип боюнча жайгашышын шарттап туруучу жогоруда көрсөтүлгөн факторлор бири-бирине катышы жок чачыранды көрунуштөр эмес. Тескерисинче, алар өз ара тыгыз байланыштагы, бири-бирин толуктап тура турган факторлор болуп эсептелет. Алардын ичинен өзгөчө сөздөрдүн грамматикалык байланышы, сүйлөмдүн түзулушу, сүйлөм мүчөлөрүнүн сөз туркумдөруне болгон катышы сыяктуу факторлор сөздөрдүн орун алышы боюнча грамматикалык абалын, маанисин аныктайт. Бул факторлрго ылайык, сөздөр сүйлөмдөгү грамматикалык ролунун (багыныңкы жана багындыруучу ролунун) жана грамматикалык формаларынын негизинде жайгашышат. Ошондуктан сөздөрдүн мындайча жайгашышын грамматикалык принцип деп атоо ылайыктуу.

Грамматикалык принциптин негизинде сүйлөмдөгү сөздөр көбүнчө түз тартип боюнча жайланышат жана ушул эле принциптин системасында кыргыз тилиндеги сүйлөм мүчөлөрүнүн орун тартибинин семантикалык-грамматикалык милдети аныкталат.

Кыргыз тилинде сүйлөм мүчөлөрү грамматикалык табиятына ыла-

йык туз орун тартип боюнча жуп-жубу менен төмөнкудөй багытта жайланышыт:

а) адегенде (биринчи орунда) сүйлөм ээси+андан кийин (экинчи орунда) баяндооч;

б) биринчи орунда аныктооч+экинчи орунда аныкталгыч;

в) толуктооч+аны башкаруучу сөз (негизинен, этиштик баяндооч);

г) бышыктооч + багындыруучу сөз.

СҮЙЛӨМ ЭЭСИ МЕНЕН БАЯНДООЧТУН ОРДУ

Сүйлөм мүчөлөрүнүн туз багыт боюнча жайланышы айрым факторлордун таасири менен өзгөрүшү же өзгөрбөшү мүмкүн. Мисалы, ээ менен баяндоочтун ордунун туруктуу болушу же өзгөрүшү сүйлөмдүн составына, баяндоочтун грамматикалык табиятына, б.а. анын кайсы сөз түркүмүнөн экендигине жана баяндоочтун түзүлүшүнө (структурасына) байланыштуу болот. Ушул негизде ээ менен баяндоочтун орду төмөнкүдөй тартипте каралууга тийиш:

I) баяндоочу атооч сөздөрдөн болгон жай сүйлөмдөрдө баш мүчөлөрдүн орун алышы;

2) баяндоочу предикативдик модалдык сөз жана тактоочтордон, бар, жок деген сөздөрдөн болгон жай сүйлөмдөрдө баш мүчөлөрдүн орун алышы;

3) этиштик баяндоочтуу жай сүйлөмдөгү орду;

4) суроолуу жана илептүү сүйлөмдөрдөгү ээ менен баяндоочтун орду.

Кыргыз тилиндеги бир катар сүйлөмдөрдө атооч сөздөрдүн бардыгы баяндоочтун милдетин аткарат. Мындай учурда атоочтук баяндоочтор үнгү турунде ,же жөндөмө, жак мүчөлөрүн кабыл алган формада, же кызматчы сөздөр, көмөкчү этиштер менен тизмектеш-

кен турундө кездешет.

Уңгу турундөгү атооч сөздөр баяндоочтун милдетин аткарганда, баш мүчелөрдүн (ээ, баяндооч) грамматикалык формалары окшош болуп калат. Мындай учурда алардын милдети орун тартибине ылайык аныкталат, б.а. биринчи орунда тургаңы (мурда жайланышканы) ээнин, экинчи орунда тургаңы баяндоочтун милдетин аткарат:

Байдын тубу — уурулук (макал). Колхоз - социалисттик чарба. Айлана ушунчалык көркөм.

Бул сүйлөмдөгү сөздөрдүн орду өзгөрсө, алардын синтаксистик милдеттери, айрым учурларда ички катыштары да (предикативдик катыш атрибутивдик катышка айланышы мүмкүн) өзгөрүп кетет. Атрибутивдик катышка өтүү кебүнчө баяндоочу сын атоочтон болгон сүйлөмдөрдө кездешет.

Салыштырыңыз: Колхоз - социалисттсик чарба.—Социалисттик чарба— колхоз. Айлана көркөм.—Көркөм айлана. Мында "көркөм айлана" деген сүйлөм эмес, эркин сөз айкашы; анын биринчи тугөйү - аныктооч, экинчи си—аныкталгыч.

Кыргыз тилиндеги мындай структурадагы сүйлөмдөрдө (баяндоочу атооч сөздөрдөн болсо) ээ менен баяндооч, биринчиден, дайыма туз орун тартип боюнча жайланышат, башкача айтканда, грамматиканынын закону боюнча алардын ордун алмаштырууга болбойт. Экинчиден, уңгу турундегу атоочтук баяндоочтуу сүйлөмдөрдө ээ менен баяндооч кебүнчө жанаша жайланышат.

Жөнөкөй сүйлөмдүн башка турлөрүндө, тактап айтканда, этиштик баяндоочтуу сүйлөмдөрдө, атоочтук баяндоочтун синтетикалык жол менен берилген учурларында, же баяндоочу предикаттык тактооч жана модалдык болгон сүйлөмдөрдө,

ошондой эле тутумдаш баяндоочтуу суйлөмдөрдө да стилдин талабына ылайык баш мүчөлөрдүн орун алуу багыты өзгөрө берет. Тактап айтканда, биринчи орунда баяндооч, экинчи орунда ээ айтылышы мүмкүн. Бул маселе, биринчиден, этиш сөздөрдүн синтаксистик негизги милдетине байланыштуу. Этиштер суйлөм тутумунда дайыма баяндоочтун милдетин аткарат. Ошол себептуу мындай баяндооч орундун өзгөрүшүнүн бардык учурларында суйлөм ээси менен болгон предикаттык ички катышын, баяндоочтук милдетин өзгөртпейт. Экинчиден, атоочтук баяндоочко жалганган жак, жөндөмө мүчөлөр, атооч сөздөр менен тизмектеле айтылган кызматчы сөздөр да баяндоочтун предикаттык багытын бекемдөөчү каражаттар болуп саналат. Ошондуктан стилдик максатта мындай баяндоочтор суйлөм ээси менен же өзүнүн зонасындагы айкындооч мүчөлөр менен орун алмаша берет. Орун алмашуунун бардык учурларында баяндоочтун синтаксистик милдети өзгөрбөйт:

1) Биз азыр асыл доордо жашап жатабыз ("Муг. газ.") — Азыр асыл доордо жашап жатабыз биз.

2) -Ооба, биздин табышмактын жандырмагы ушунда (К.Ж.). — — Ооба, ушунда биздин табышмактын жандырмагы.

3) Биз комсомолдун эпкиндуу жеңил аскерлеримиз (Т.С.) — Комсомолдун эпкиндуу жеңил аскерлеримиз биз.

4) Саякбай кыргыз элинин Гомери эле ("КМ.") — Кыргыз элинин Гомери эле Саякбай.

АНЫКТООЧ МЕНЕН АНЫКТАЛГЫЧТЫН ОРДУ

Кыргыз тилинде аныктооч суйлөмдүн кайсы мүчесуне (ээ, толуктооч, бышыктооч ж.б.)тиешелуу болуп айтылбасын, аныкталгыч сөз менен ритмикалык бир фазага кирет жана интонациялык жак-

тан алар бир бутундукту (комплексти) түзөт. Ошол себептуу аныктооч аныкталгычтан мурда жанаша жайгашат.

Аныктоочтун аныкталгычка карата орун алышына таасир эткен негизги фактор алардын грамматикалык байланышынын туру жана аныктоочтун милдетин аткаруучу сөз түркүмдөру болуп саналат. Ушуга байланыштуу алардын орду төмөнкудей тартипте каралууга тийиш:

а) аныкталгыч менен ыкташа байланышкан аныктоочтун орду;

б) таандык байланыштагы аныктооч+аныкталгычтын (изафеттик конструкциянын III тиби) орду.

Сын атооч же башка сөз түркүмдөрүнөн болуп, аныкталгыч менен ыкташа байланышкан аныктооч дайыма аныкталгычтын дал алдынан жанаша орун алат: советтик жазуучу, жаңырган кыштак, жакшы окуучу, эки окуучу, жибек кур ж.б.

Ыкташа байланышкан аныктооч менен аныкталгычтын инверсиясы проза жанрына анча мүнөздүү эмес.

Сын атоочтон болгон бир өңчөй эмес аныктооч бир эле аныкталгычка тиешелүү болуп айтылганда, алар аныкталгычка карата өз ара төмөнкудей тартипте орун алат: эгерде бир өңчөй эмес аныктоочтор аныкталгычтын бирдей даражадагы табыйгы белгисин билдирсе, анда алардын бири-бирине карата алган орду эркин келет (бир өңчөй эмес аныктоочтордун өз ара ордун эркин алмаштыруугa болот): аппак быжыгыр көрпө тумак–быжыгыр аппак көрпө тумак.

Сын атоочтон болгон бир өңчөй эмес аныктоочтор аныкталгычтын бирдей болбогон сапатын жана белгисин туюндурушу да мүмкүн. Андай учурда аныкталгычтын табыйгы, эң негизги туруктуу са-

патын билдиргени анын дал алдынан жаңаша орун алат. Ал эми табыйгы жактан экинчи даражадагы белгисин (туруктуу эмес белгисин) билдирген аныктооч аныкталгычтан мурун обочороок жайланышат, тактап айтканда, туруктуу, биринчи даражадагы белгини көрсөткөн сөздөн мурун айтылат. Бир өңчөй эмес мындай аныктоочтордун бири-бирине карата алган ордун өзгөртүүгө болбойт: семиз күрөң үй; бооз күрөң үй ж.б. Бул мисалдардагы "семиз", "бооз" деген аныктоочтор аныкталгычтын экинчи даражадагы туруктуу эмес белгисин билдирип турат.

Аныкталгыч менен ыкташа байланышкан бир өңчөй эмес аныктоочтор ар башка сөз түркумдөрүнөн болушу мумкун. Мындай учурда алар аныкталгычка карата туз орун тартип боюнча төмөнкүдөй багытта жайланышат:

а) атоочтуктан болгон аныктооч+атоочтук аныктооч+аныкталгыч: узатасынан кеткен чоң там, эмгекти сүйгөн чыйрак бала, салынган жапыз үй;

б) сын атоочтук аныктооч+сын атоочтук функциядагы зат атоочтук аныктооч+аныкталгыч: калың темир күрөк, кооз алтын билерик, чоң берүү ичик;

в) шилтеме ат атоочтук аныктооч+сан атоочтук аныктооч+сын атоочтук аныктооч+аныкталгыч: тиги эки жаңы күрөк, ошол төрт музоолуу үй;

г) шилтеме атоочтук аныктооч+атоочтук аныктооч+сын атоочтук аныктооч+аныкталгыч: тиги көрүнгөн чоң кыштак, бул турган жаш бала ж.б.

Таандык байланыштагы аныктооч менен аныкталгычтын орду кыймылдуу, өзгөрмөлүү келет, б.а. кыргыз тилинде алардын орун алмашышына жана ортосуна сүйлөмдүн башка мүчөлөрүн (толуктооч,

бышыктооч, ыкташкан аныктооч, ~~ал эмне~~ поэзияда этиштик баяндооч да) кошуп айтууга жол берилет. Анткени бул айкаштын эки түгөйү тең синтетикалык каражаттар менен — илик жөндөмөсүнүн жана таандык категориясынын мүчөлөрү менен жабдылган. Ошол себептүү орундун өзгөрүшүнүн бардык учурунда аныктооч менен аныкталгычтын атрибутивдик (аныктоочтун) катышы өзгөрбөйт:

1) Мен теңиң белем сенин (С.Ж.) — Мен сенин теңиң белем (бул туз орун тартиби).

2) Кемел дың жердин жөнөкөй, бирок нукура сонун дүйнөсүнө терөңдеп кирген сайын, анын сулуулукка, татынакай өмүргө, поэзияга умтулуучу күчөй баштайт("Ала-Тоо").

3) Байлап койгон ак шумкар

Жакыптын келди эсине ("Манас").

Түшүндүрмө мүчөнүн азыркы кыргыз тилинде үч түрү бар: Манас баатыр; инженер-новатор; Биздин колхоздо тамыры тоют болуучу өсүмдүктөр-кызылча, картошка, сабиз көп айдалды.
Бул мисалдардын биринчисиндеги асты сызылган түшүндүрмө мүчө кыргыз тилинде илгертен бери эле колдонулуп келе жатат. Ал дайыма аныкталгычтан кийин жайланышат.

Түшүндүрмө мүчөнүн калган эки түрү - кыргыз тилинин синтаксисиндеги неологизм, ал орус тилинин тийгизген жагымдуу таасирини бири болуп саналат.

Түшүндүрмө мүчөнүн бул эки түрү да дайыма аныкталгычтан кийин жайланышат: телефон-автомат; инженер-технолог. Бул жер-киндик кесип, кир жууган, жыргалда, кубанычта жашаган таалайлуу украина элинин, совет элинин, жери (К.Б.).

ТОЛУКТООЧ ЖАНА АНЫ БАШКАРУУЧУ СӨЗДҮН ОРДУ

Толуктооч туз орун тартип боюнча башкаруучу сөздөн, негизинен, этиштик баяндоочтон мурда орун алат.

Толуктооч менен баяндоочтун грамматикалык байланышы ыкташтуу, башкаруу жолу менен берилет.

Ыкташкан тике толуктооч эреже катары дайыма өтмө этиштен болгон баяндоочтун дал алдынан жанаша орун алат жана эч качан ордун өзгөртпөйт:

Кун сайын талыкпай китеп окуйт. Биз театрдан оюн кердук. Башкаруу жолу менен байланышкан тике жана кыйыр толуктоочтор да туз орун тартип боюнча башкаруучу сөздөн мурда орун алат. Бирок алардын об"ектилик багытын биротоло бекемдөөчү атайын каражаттары (барыш, табыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрүнүн мүчөлөрү жана жандоочтор) болгондуктан, стилдин талабына ылайык, орундары эркин өзгөрөт:

Малды баккан киши багат - Баккан киши малды багат - Баккан киши багат малды.

Бир эле этиштик баяндоочко башкарылган бир өңчөй эмес тике жана кыйыр толуктооч же бир нече кыйыр толуктооч болушу мумкун. Анда алар баяндоочко карата өз ара төмөнкүдөй багытта орун алат:

а) кыйыр толуктооч + тике толуктооч + башкаруучу өтмө этиш: Ал китептен ырды көчүрдү.

б) жатыш жөндөмөдөгү кыйыр толуктооч + барыш жөндөмөдөгү кыйыр толуктооч + башкаруучу этиштик баяндооч: Ал оюнда шахтерлордун ишине ыраазы болду.

в) жатыш жөндөмөсүндөгү кыйыр толуктооч + чыгыш жөндөмө-

дөгү кыйыр толуктооч + башкаруучу этиштик баяндооч:

Түште кымыздан ичишти.

г) чыгыш жөндөмөдөгү кыйыр толуктооч + барыш жөндөмөдөгү кыйыр толуктооч + башкаруучу этиштик баяндооч:

Алар сездөн ишке етүштү.

Башкаруу жолу менен байланышкан бир өңчөй эмес толуктооч-тордун бул схемада көрсөтүлгөн өз ара жайгашыш тартиби кыргыз тилинде көбүрөөк кендум болуп калган туру болуп эсептелет. Бирок, канткен менен да, мындай толуктоочтордун өз ара жайгашуу тартиби же баяндоочко карата алган орду өтө кыймылдуу келип, ар түрдүү багытта орундарын эркин өзгөртө берет. Албетте, бул сыяк-туу көрүнүш стилдин талабына, максатына ылайыкталуу болот.

БЫШЫКТООЧ ЖАНА АНЫ БАГЫНДЫРУУЧУ СӨЗДҮН ОРДУ

Бышыктооч да туз орун тартп боюнча багындыруучу сөздөн, негизинен, баяндоочтон мурда орун алат.

Бышыктоочтун суйлөмдегү алган ордуна таасир этүүчү факторлор болуп грамматикалык байланыш жолдору, анын мунөзү (бекем ыкташуу, бошоң ыкташуу, бекем башкарылуу, бошоң башкарылуу), суйлөмдүн эң зарыл болбогон элементи болушу (бул маселе толуктооч менен салыштырмалуу карапалууга тийиш), бышыктоочтун тигил же бул түрүнүн милдетин аткаруучу сөздөр, сөз тизмектери жана алардын лексикалык = семантикалык маанилери эсептелет.

Бышыктооч, негизинен, баяндоочтун зонасына (тобуна) кире турган айкындооч мүчелердүн бири экендиги белгилүү. Ошол себептүү анын суйлөмдегү орду баяндоочко карата аныкталат.

Мезгил бышыктооч баяндоочко карата төмөнкү эки багытта жайланышат:

а) баяндоочтун дал алдынан жаңаша орун алат;

б) сүйлөмдүн башталышында же баяндоочтун тобундагы башка багыныктуу айкындоочтордон мурда орун алат.

Баяндооч менен грамматикалык жактан бекем байланышкан мезгил бышыктооч анын алдынан жаңаша орун алат жана мындай мезгил бышыктоочко логикалык басым түшүрүлүү менен, ал атайын такталып айтылат: Жайдакталган аттарды отко кеч коюшту (К.К.).

Баяндооч менен грамматикалык жактан бошоң байланышкан мезгил бышыктооч көбүнчө ээнин тобунан мурда же баяндоочтун тобундагы башка айкындоон мүчелерден мурда орун алат. Мындай учурда мезгил бышыктооч баяндоочко гана тиешелүү айтылбастан, маани жактан бүтүндөй сүйлөмдүн мазмунуна таандык болуп айтылат: Күндөрдүн биринде баягы бала дагы келип калат (К.Ж.). Илгери-илгери бир кемпир-чал болуптур (жомок).

Кыргыз тилинде орун бышыктооч да, мезгил бышыктооч сыяктуу, баяндоочко карата эки багытта жайланышат: баяндоочко жаңаша, же сүйлөм ээсинин, же баяндоочтун тобундагы багыныктуу башка айкындоочтордон мурда орун алат:

Садык акемдин бул жолку каты да Саратов шаарынан келиптир (Ч.А.).

Ысык-Көлдө жүгөрү өстүрүүгө жакшы шарт түзүлгөн ("СК").

Кыргыз тилинде тигил же бул мейкиндик жөндөмөлөрдөгү орун бышыктоочтор башкаруучу сөзгө (негизинен, баяндоочко) карата бирдей багытта жайланышпайт.

Мисалы, жатыш жөндөмөсүндөгү зат атоочтук орун бышыктооч көбүнчө сүйлөмдүн башталышында кездешсе, барыш жана чыгыш жөндөмөсүндөгү орун бышыктоочтор көпчүлүк учурда баяндоочко

болгон грамматикалык байланышынын мунөзүнө жараша сүйлөм ээсинин тобунан кийин жайланышат: Австралияда жумушсуздар жүз миңдеп саналат ("СК."). Жапар кызыл үйдөн райондук газетанын соңку чыккан жаңы номерин алды (К.Б.). Токтогул эч күнөөсүз эле түрмөгө камалган жана Сибирге айдалган.

Орун бышыктоочтун бул орун тартиби стилдин талабына ылайык өзгөрө берет.

Бир эле этиштик баяндоочко башкарылган бир өңчөй эмес орун бышыктоочтор болушу мүмкүн. Алар көпчүлүк учурда төмөнкүдөй тартипте жайгашышат:

а) жатыш жөндөмөдөгү орун бышыктооч + барыш жөндөмөдөгү орун бышыктооч;

б) жатыш жөндөмөдөгү орун бышыктооч + чыгыш жөндөмөдөгү орун бышыктооч + башкаруучу этиштик баяндооч;

в) чыгыш жөндөмөдөгү орун бышыктооч + барыш жөндөмөдөгү орун бышыктооч + башкаруучу этиштик баяндооч ж.б.

Сын-сыпат бышыктооч, негизинен, баяндоочтун тобуна тиешелүү айкындооч мүчө болуп саналат. Туз орун тартип боюнча ал баяндоочтун дал алдына жайгашат. Сын-сыпат бышыктоочтун мындай орун алышынын өзгөрүшү анын баяндооч менен болгон грамматикалык байланышына жана анын милдетин аткаруучу сөз түркүмдөрүнө жараша болот.

Сын атоочтук сын-сыпат бышыктооч баяндоочтун дал алдынан орун алат жана анын бул орду туруктуу: Шамбет ишине кызуу кириштн (Т.С.).

Сыпат тактооч жана чакчылдан болгон сын-сыпат бышыктооч да туз орун тартип боюнча баяндоочтун алдында жаңаша жайланышат.

Бирок мындай сын-сыпат бышыктоочтун орду туруктуу эмес, өзгөрүлмөлүү келет: Жеме укkан бала үйдөн акырын гана чыгып кетти.— Жеме укkан бала акырын гана үйдөн чыгып кетти.

Кыргыз тилинде сан-өлчөм бышыктооч да баяндоочко карата, негизинен, сын-сыпат бышыктооч сыяктуу эле багытта жайланышат: Бир далай жол жургөндөн кийин жол уч айрылат (К.Ж.). Китептер текчеге он-ондон тизилип коюлган. Университеттин студенттеринин арасынан отличниктер жуздөп саналат.

Себеп бышыктооч, негизинен, этиштик баяндоочко тиешелуу болуп айтылат. Ал туз орун тартип боюнча дайыма баяндоочтон мурда жайланышат жана анын орду стилдин талабына жараша өзгөруп турат: Душмандар ушугөндуктөн бир ууч болуп чогулуп олтурушту (К.Сим.).— Ушугөндуктөн душмандар бир ууч болуп чогулуп олтурушту.

Максат бышыктооч да - баяндоочтун тобуна тиешелуу айкындооч муче. Анын орун алышы сан-өлчөм, сын-сыпат бышыктоочтун баяндоочко карата орун алышына абдан окшош, бирок ордунун өзгөрүү же өзгөрбөө мунөзу боюнча себеп бышыктоочко окшош келет: Окуучулар менен учурашайын деп,Зуура класска кирди ("Муг. газ"). - Зуура, окуучулар менен учурашайын деп, класска кирди.— Зуура класска кирди, окуучулар менен учурашайын деп,

ГРАММАТИКАЛЫК ЖАКТАН СҮЙЛӨМ МҮЧӨЛӨРҮ МЕНЕН БАЙЛАНЫШПАГАН СӨЗДӨР

Сүйлөм тутумундагы сөздөр синтаксистик байланыштын тигил же бул түрү (ээрчишүү, башкаруу, ыкташуу, таандык байланыш) аркылуу өз ара бири-бири менен байланышып келип, сүйлөм уюшулары белгилүү . Анын составындагы сөздөр синтаксистик жагынан дайыма сүйлөмдүн баш жана айкындооч мүчөлөрүнүн милдетин аткарышат.Ушуну менен бирге, сүйлөм ичинде айрым бир сөздөр, сөз айкаштары да болот. Алар башка сөздөр сыяктанып, грамматикалык жактан сүйлөм мүчөлөрү менен байланышпайт (б.а. алар менен ээрчишүү, башкаруу, ыкташуу, таандык байланыш аркылуу байланыша албайт), сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткара албайт. Бул өндүү сөздөр, адатта, бүткүл сүйлөмгө таандык болуп айтылат да, маанисн боюнча, айрымдары айтылган ой кимге, эмнеге багытталгандыгын көрсөтөт, кээ бири айтылып жаткан ойго карата болгон сүйлөөчүнүн ар кандай мамилесин (айтылган ойду бекемдөө, ырастоо же күмөндүүлүк, болжолдоо, ыраазы болуу ж.б. маанилерди) билдирсе, айрымдары айтуучунун ага карата болгон ар түрдүү ички сезимин туюндурат. Бул топко кируучу сөздөр ушул өндүү маанилик өзгөчөлүктөрүнө карай каратма сөздөр,кириндн сөздөр, сырдык сөздөр болуп бөлүнөт.

КАРАТМА СӨЗДӨР

Айтылган ой багытталган адамды же нерсени атап көрсөтүүчү сөз же сөз айкашы каратма сөз деп аталат.

Каратма сөздөр грамматикалык жактан сүйлөм мүчөлөрү менен байланышпайт, кандайдыр бир суроого жооп берип, сүйлөм мүчөсү-

нун милдетин да аткара албайт. Каратма сөздүн милдети угуучунун көңүлүн айтылып жаткан ойго буруу, анын кимге, эмнеге багытталгандыгын билдирүү жана угуучуну пикир алышууга тартуу болуп эсептелет. Каратма сөздүн милдетин бир сөз же бир нече сөздөн турган сөз айкаштары да аткара берет.

Мисалы: Султан, бул кыштак орношкон жер мурун шыбак өскөн таштак талаа болучу. Мекеним Ала-Тоо, экинчи кайрылып жузунду көрөр бекенмин ("КМ.").

– Керим,"Сынган кылыч" романын окудуң беле?

– Окугам.

Республикабыздын эмгекчилери, эмгек өндурумдуулугун жогорулаткыла!

Каратма сөздөр көбүнче көркөм адабий чыгармаларда, диалог иретинде айтылган сөздө, чакырыктарда көбүрөөк колдонулат. Каратма сөздөр синтаксистик жактан айрым сүйлөм мүчөлөрү менен байланышпаганы менен бүтүл сүйлөмгө таандык болуп айтылып, мааниси боюнча, сүйлөмдүн жалпы ички семантикасы менен тыгыз байланыштуу болот, анын структуралык жана маани жактан толук, так уюшулушуна көмөктөш болуп турат. Эгерде аны сүйлөмдүн тутумунан чыгарып таштасак, анын жалпы мааниси солгундай түшөт.

Мисалы: – Рахмат сага, Толгонай, ушундай катаал күндөрдө эл-журтка баш болуп жүрөсүң (Ч.А). – Оо, кулпунган жашыл көлүм, мен сени унутмак турсун, сагындым! ("КМ.")

Бул сүйлөмдөрдүн составындагы каратма сөздөрдү алып таштасак, айтылып жаткан ойдун кимге, эмнеге багытталгандыгы белгисиз болуп калат,

Кыргыз тилинде каратма сөздүн милдетин атооч көндөмөдөгү

төмөнкүдөй сөздөр аткарат:

I) Адамдын энчилүү аттары жана жалпы аттар: Саадат,коногуңду ойгот (Т.С.). Андай болсо, Зууракан, белиңди бекем буу (К.Б.). - Сүйлө, Керимбек.Бул да болсо сенин бактың экен (К.Б.). - Жок, жолдоштор,биз иштин көзүн таппай жатабыз (Ч.А.).—Мен сөзгө чечен эмесмин, туугандар!(Т.С.).

Малдын башын урдум, дүйнөну сууга салдым, журт.(Т.С.).

2) Туугандык, жолдоштук, ар кандай жакындык мамилелерди билдируучу зат атоочтор: Ата, орустуку бизге нан береби? (б.Ө.) - Балам, ал интернат дегениң эмне? (К.Б.). Кут, энеке, куз барамын (Т.С.). - Ии, кандай экенсиң, жеңе, уялдыңбы? (Ч.А.). - Кечир, досум, мен мында (К.Б.). Жарайсың,жан жолдошум, ыраазымын (Ч.А.).

3) Адамдын жаш өзгөчөлүгүнө карата айтылуучу сөздөр: - Аксакал, кулугуңуз кандай? (Т.С.). Билем, байбиче, жайында барган экенсиң (С.Ө.). Мейли, чал, карышкыр сени жесин (жомок). Жигит, жаш экенсиң, сенин деле үй-бүлөң бардыр (К.М.).

4) Кесипчиликти, адистикти, кызмат абалды билдируучу сөздөр:

Бул үйрөтүлбөгөн азоо көрүнөт, туурабы, председатель? (М. Ормонбеков). Сенин ишиң жеңил, бухгалтер (М. Ормонбеков). Ак иштеген аялдарыбыздын эмгегин так жазбай жүрөсүңөр, бригаттар (Т.С.). - Макул, жолдош секретарь, ошолор барып келишсин ("Ала-Тоо"). - Ой, почточу, бизге качан кат алып келесиң?

5) Бирөөну жакшы көрүүдө, жалынууда, эркелетүүдө колдонулуучу кагылайын, сөкөт, садага, алтыным, кумушум, кубатым, жаным, күнүм, айым, кулунум, жылдызым, жалгызым деген сыяктуу сөздөр да каратма сөз катары келип, сүйлөмгө экспрессивдик маани берет:

Кагылайын, сен да көзубузге жылуу учурап жатасың (К.Б.).
- Жакшы тандагыла, секеттер!- дейт Зарыл пионерлерге (Т.С.).
- Алтыным, курсагың ачкандыр (К.Б.). - Энең сенин мандайында турат, жылдызым! (Т.С.). Ал өзү чын, айланайындар!(А.Т.).
- Кечирип кой, чырагым (К.Бек.).

6).Каратма сөздүн милдетин кээде субстантивдешкен сын атоочтор, атоочтуктар да аткарып келат: Урматтуум,сизди канча болсо да кутөбуз (К.Ж.). Ай, жаман, башыңды көтер, мынча неге салбырайсың? ("КМ".). Эстүүлөр, акыл тегеретип көргүле, заман бузулуп турган чак (Т.Кас.). Шаардан келгендер, силер тигил боз үйгө киргиле.

7) Жан-жаныбарлардын аттары, жансыз заттарды билдирүүчү сөздөр да каратма сөз катары келе берет:
Кой, Гулсары, жаман көзуң менен караба! (Ч.А.). Кана, Балтек, менин ботинкамды алып келчи (М.Ормонбеков.). Жаан, тегө бер берекенди, тегө бер! (Ч.А.). Энем сенсиң, Ала-Тоо, эмчегин соруп эмизген (Ж.Б.). Жадырап эркин жашаган элимди макта, комузум (А.Ү.).

8) Жандама түшүндүрмө муче өзүнүн алдындагы аныкталгычы менен бирдикте туруп, каратма сөздүк милдетти аткарат. Мындай учурда аныкталгычы адам аттарынан болот да, аны аныктай турган түшүндүрмө муче карыя, байбиче, жеңе, эже, аке, ата, апа, эне, агай, баатыр, уста ж.б. деген сыяктуу сөздөрдөн болот:

Кечирип коюңуз, Калбубу эже, менин олдоксон мамилемди("КМ".) Эми жок нерсеге кыйнаба, Кемелбек баатыр,(М.Ормонбеков). Өкметке даттансам, Болотбек балам, кайра сенде менин акымак көп (Т.С.)

9) Кээде бир нече каратма сөз катар келип да айтылат: Касым,

Майсалбек, Жайнак, силерди биби! Тушкуле! (Ч.А.) Пионерлер жана мектеп окуучулары! Советтик Родинаны жан дилиңер менен сүйгуле! ("КМ".) Эми, куда, кудагый, эп келсе кызымды чакыртсаңар ("СК".).

10) Айрым учурларда бир нече каратма сөз бир эле нерсени (адамды же башка затты) турдуучу атап көрсөтөт. Мындай учурда каратма ~~сөз эмоционалдык маанисе өзгөлөт~~ → Көрсө менин сүйгөнүм туулган жеримде тура! Көрсө ал сен экенсиң, Жамилам, кызыл гулум! (Ч.А.) - Садагаларым, алтындарым! Эми ырысыңар болуп, мен аман тургай элем (К.Б.).

- Оо, Керим, айланайын кубатым, эмне болду сага?! ("ЛЖ".)

11) Кээде каратма сөз сырдык сөз менен бирге айтылып калат. Мындай учурда ал (каратма сөз) же буткул сүйлөм кандайдыр бир эмоциянын (сүйүнүү, өкүнүү, чочуу, кайгыруу; кубануу, жактырбоо, бирөөнүн көңүлүн буруу үчүн чакыруу мааниси ж.б.) коштоосу менен айтылат:

- Ботом, Акия, берегинин көйнөгү башкача да... (Т.С.) О, кайран Турумбек тентушум! Кайран тентушум болсо, өзүм менен майданга чыкпайт беле (Т.С.). - О, саякатчы эргулдар, келип калдыңарбы? (Т.С.) - Ой, Элебес, сен шашпа! (Т.С.), -Ой, балам, токтой турчу (Т.С.).

Каратма сездер түзүлүшү жагынан жайылма түрдө да көп жолугат. Мындай учурда каратма сөздү ар түрдүү белгилери боюнча аныктап турган айкындооч мүчөлөрү болот. Аны көбүнчө сын атоочтор, атооч же илик жөндөмөдөгү зат атооч, ат атоочтор, атоочтуктар, туруктуу сөз айкаштары аныктап келет; ушуну менен бирге каратма сөздү түздөн-түз аныктап турган сөздүн өзүнүн да аныктооч мүчөлөрү болушу мумкун.

сездер көбүнчө жалпыуу, эркелетүү маанисиндеги сездерден болот да сүйлөмгө эмоционалдык түс берип турат.

Мисалы: Жолдош Кыдыров,сизди автобазага иштөөгө алып кала-лы деп жатабыз ("Ала-Тоо"). Кымбаттуу меймандар, кечинде оюн коюучу жерлер даяр ("Ала-Тоо"). Дүйнө жүзүнүн элдери,атом куралдарын кыскартуу үчүн күрөшкүлө! Айланамды карасам, жан боордош дыйкан талаам, сен дагы караан да жок, ун да жок том-соруп жаткан экенсиң (Ч.А.). - Келгиле, бышкан алчадай болгон садагалар.Кимди издеп жүрөсүңөр? (Т.С.).

КАРАТМА СӨЗДӨРДӨ ТЫНЫШ БЕЛГИЛЕРИНИН КОЮЛУШУ

Каратма сөздүн сүйлөмдө алган орду туруктуу эмес: ал сүйлөмдүн башынан, ортосунан жана аягынан орун ала берет. Каратма сөз бирөөгө атайын кайрылуу иретинде айтылганда жана ураандарда көбүнчө сүйлөмдүн башынан орун алат. Сүйлөм башын-да келген каратма сөз, адатта, чакырык интонациясы менен жабдылып, көтөрүңкү үн менен айтылат да, сүйлөмдүн өзүнөн кийинки белгүнөн пауза (тыным) аркылуу ачык бөлүнүп турат.

1) Жазууда каратма сөз сүйлөм башында келгенде, андан кийин көбүнчө үтүр коюлат: - Элебес, баягы ишиң буттубу? (М.Э.). Бурулча, эми сен коногунду жакшылап күтүп ал (К.Б.)ш Советтер Союзунун эмгекчилери, КПССтин XXVII с"ездинин тарыхый чечим-дерин иш жүзүнө ашырууга бардык күчтү жумшайлы! Колхозчу дый-кандар, дан эгиндеринин түшүмүн жогорулаткыла!

2) Сүйлөм башында келген каратма сөз күчтүү сезим менен ай-тылса, андан кийин илеп белгиси коюлат:

Майсалбек! Алда айланып, согулуп кетейин балам, ай! (Ч.А.)

- Иничектерим! Биз үчүн, элиңер, жериңер үчүн душмандан өч ала

көргүлө! (К.Б.) Жолдош солдаттар жана матростор, сержанттар жана старшиналар! Сиздерди Советтик Армиянын куну менен куттуктаймын!

Сырдык сөз айкашып айтылган каратма сездер жана катар келген бир нече каратма сөз да көпчулук учурда суйлөмдун башында айтылат:

Апи-ий, кызым, ал качкан бойдон жолдон бир жакка чыгып кетпейби бул? (Т.С.)

- Ой, Зарылжан! Эмне эле ойлонуп калгансың, ыя? (Т.С.)

Ваня, Мария Исаевна, биз силерди жүдөттүк көрүнөт, кечирип койгула! (К.Бек.)

3. Каратма сөз суйлөмдун ортосуна келсе, суйлөм башында айталгандагыга караганда, басыраак үн менен айтылып, өзүнөн кийин кыскача тыныш болот, мурун болбойт. Жазууда эки жагынан утур менен ажыратылат: Баса, балам, сага кат бар (К.Б.). Кана, Султанмурат, класстагы балдардын ирдуусу эле сен оңшойсуң... (Ч.А.) Рахмат, туугандар, тамашалап болгонуңарга! (Ч.А.)

4) Каратма сөз суйлөмдун аягына келсе, өзүнөн мурун утур коюлат. Мындай учурда оозеки речте каратма сөз пауза менен ачык белүнбейт: Жардамыңызга ырахмат, аке (А.Т.). Ишенем, Жолдош Акматов (Н.Б.). Бул айткандарың туура, Толгонай (Ч.А.). Жакшы айттың, уулум (К.Б.).

КИРИНДИ СӨЗ ЖАНА КИРИНДИ СӨЗ АЙКАШТАРЫ

Грамматикалык жагынан суйлөм мүчөлөрү менен байланышпай,

айтылып жаткан ойго карата сүйлөөчүнүн ар кандай мамилесин билдирүүчү сөздөр жана сөз айкаштары киринди сөз деп аталат. Андай мамиле турдуучө болушу мүмкүн: ишенимдүүлүк, бекемдөө, болжолдоо, күмөн саноо, шектенүү, ыраазы болуу, өкүнүү, бирөөнүн пикирине таянуу ж.б.

Киринди сөздөр сүйлөмдүн тиги же бул мүчөсү менен байланышпаган кийин, ал өзү да кандайдыр бир сурооого жооп берип, сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткара албайт. Бирок ал мааниси боюнча бүткүл сүйлөмгө же айрым сүйлөм мүчөсүнө тиешелүү болуп айтылып, ага модалдык ар түрдүү кошумча маанилерди (болжолдоо, тактоо, күмөндүүлүк, ыраазы болуу ж.б.) берет. Оозеки речтө киринди сөздү айтканда үн акырындап чыгып, өзү ылдамдатылган темп менен жана басымсыз айтылат; сүйлөмдөгү башка сөздөрдөн кыска тыным (пауза) аркылуу жиктелип турат.

Мисалы: Балким, окуучулар бүгүн келишер. Мамлекетке пахта тапшыруунун планы, мүмкүн, бүгүн бүтүп калар.
Мында"балким" деген киринди сөз бүткүл сүйлөмгө тиешелүү болуп, анда айтылган ойго болжолдоо маанисин берип турат. Экинчи сүйлөмдөгү киринди сөз ("мүмкүн") сүйлөмдүн "бүгүн бүтүп калар" деген бөлүкчөсүнө гана тиешелүү болуп айтылып, пландын бүгүн бүтөрүн болжолдуу баяндап турат.

Киринди сөздөр сүйлөмдүн түтүмүнө кошумча иретинде киргизилип, грамматикалык жагынан сүйлөм мүчөлөрү менен байланышпай, интонация аркылуу алардан обочолонуп бөлүнүп турса да, мааниси жагынан сүйлөмдүн жалпы мазмуну менен тыгыз байланышып, ага ар түрдүү кошумча модалдык маани берип турат. Эгерде сүйлөмдүн составындагы киринди сөздү алып койсок, анда сүйлөм

маани жагынан белгилуу бир өзгөрүүлөрге дуушар болот.

Салыштырыңыз: Зарыл болгондон кийин сөзсүз баруу керек (К.Ж.). — Зарыл болгондон кийин баруу керек.

Мында биринчи сүйлөмдө кыймыл-аракетти сөзсүз аткаруу керек экендигин бекемдеп көрсөтүп турат. Экинчи сүйлөмдө болсо андай бекемдөө мааниси жок.

Болжолу, бул адамдар башка жактан келген (Л.Ж.).— Бул адамдар башка жактан келген.

Биринчи сүйлөмдөгү киринди сөз айтылып жаткан ойго болжолдоо маанисин берип турат. Экинчисинде андай маани жок.

Демек, киринди сездөр да, белгилуу бир учурларда, сүйлөмдүн башка мүчөлөру сыяктуу эле анын (сүйлөмдүн) зарыл керектуу компоненттеринен боло алат.

Кыргыз тилинде киринди сездөргө жана киринди сөз айкаштарына, негизинен, төмөнкүлөр кирет: албетте, арийне, ырас, сөзсүз, шексиз, балким, чамасы, болжолу, сыягы, кыязы, чагымда, мумкүн, чындыгында, чынында, калыбы деген модаль сездөр дайыма киринди сездүк милдетти аткарат; булардан тышкары: айтмакчы, баса, мисалы, айтор, кантейин, унутпасам, жаңылбасам, менимче, тескерисинче, биринчиден, экинчиден, үчүнчүдөн..., демек, чынын айтканда, ырасын айтканда, жыйынтыктап айтканда, корутундулап айтканда, жалпысынан айтканда, кыскача айтканда, бир сөз менен айтканда, бизче айтканда, башкача айтканда, мындайча айтканда, жогоруда айтылгандай, жогоруда көрсөтүлгөндөй, ал (Асан...) айткандай, жалпысынан алганда, анын айтканына караганда, өзүнөрго маалым, өзүнөрго белгилуу, бир жагынан, экинчи жагынан, бактыга жараша, анын айтуусу боюн-

ча, анын ою боюнча, тилекке каршы, амал канча ж.б.

КИРИНДИ СӨЗДӨРДҮН ТҮЗҮЛҮШҮ

Кириндн сөздөр түзүлүшү жагынан бир кылка эмес, ар турдуу. Айрымдары атооч сөздөрдүн базасында (атоочтук кириндн сөздөр), экинчи бирөөлөру этиш сөздөрдүн негизинде (этиштик кириндн сөздөр), үчүнчү бир тобу эки-үч сездун ез ара айкашынан түзүлгөн. Кириндн сөз айкаштары да негизги компонентинин кайсы сөз түркүмүнөн экендигине карай атоочтук кириндн сөз айкаштары жана этиштик кириндн сөз айкаштары болуп белүнөт: езүнөрге белгилүү, тилекке каршы; жыйынтыктап айтканда, болжол менен алганда.

Жогоруда көрсөтүлгөн кириндн сөздөрдүн ичиндеги атоочтук кириндн сөздөрдүн айрымдары:

I) Үнгү турунде туруп, кириндн сөздүк функцияда келишет: албетте, арийне, ырас, балким, мүмкүн, баса, айтор.

Калгандары төмөнкүдөй грамматикалык түзүлүштө жолугат:

2) Зат атоочко үчүнчү жакка таандык = ы мүчесү жалганган: чамасы, болжолу, сыягы, калыбы, кыязы, мисалы;

3) аягына I,III жакка таандык мүчө уланаган чак, чын, чындык, негиз деген зат атоочторго жатыш жана чыгыш жөндөмөнүн мүчесү уланаган: чагымда, чынында, чындыгында, негизинен;

4) I, II жактын таандык формасындагы мен, тескерм деген атоочторго =ча мүчесү жалганган: менимче, тескерисинче;

5) айрым иреттик сан атоочторго чыгыш жөндөмөнүн мүчесү улан-

ган: биринчиден, экинчиден, үчүнчүдөн ж.б.

Этиштик кириндиси сөздөр да түзүлүшү жагынан ар түрдүү:

I) Терс формадагы айрым этиштерге шарттуу ыңгайдын =са мүчөсү жана Iжактын =м мүчөсү уланган: унутпасам, жаңылбасам;

2) айт, де деген үңгү этиштерге ниет ыңгайдын =мак, =макчы мүчөсү жалганган: айтмакчы, демек;

3) кант (кандай+эт), айт деген этиштерге каалоо ыңгайдын Iжак жекелик жана көптүк түрүнүн =айын, =алык формалары уланган: кантейин, айталык;

4) кээде кириндиси сөздүк функцияда келүүчү ушинтип: ушундай +эт +ип ← деген бөлүктөрдөн турат.

Кириндиси сөз айкаштары, негизинен, төмөнкүдөй жолдор менен уюшулат:

I)жатыш жөндөмөдөгү "айтканда"деген атоочтукка: III жакка таандык формадагы зат атоочтун табыш жөндөмөдө туруп айкашуусу аркылуу: чынын айтканда, ырасын айтканда, туурасын айтканда;

б) III жакка таандык формадагы сөздүн чыгыш жөндөмөдө туруп айкашы аркылуу: жалпысынан айтканда;

в) "бир сөз менен", "эки сөз менен" деген тизмектин айкашуусу аркылуу: бир сөз менен айтканда;

г) =ча формасындагы тактоочтордун айкашуусу менен: кыскача айтканда, бизче айтканда, башкача айтканда, мындайча айтканда;

д) =ып формасындагы чакчылдардын айкашын айтылышы менен: жыйынтыктап айтканда, корутундулап айтканда, тактап айтканда;

2) салыштыруу маанисиндеги =дай мүчөсү жалганган =ган формасындагы атоочтукка жатыш жөндөмөдөгү "жогору" деген атоочтуктун жана атооч жөндөмөдөгү айрым зат атоочтун же жактама ат атоочтун

айкашып айтылышы менен: жогоруда айтылгандай; жогоруда көрсөтүлгөндөй, ал айткандай, Зарыл айткандай;

3) жатыш жөндөмөдөгү -ган формасындагы "алганда" деген атоочтукка чыгыш жөндөмөдөгү "жалпысынан" деген сөздүн жана "менен" жандоочуна башка бир сөздүн байланышып айтылышы менен уюшулган жандоочтук тизмектин айкашып келүүсү менен: жалпысынан алганда, болжол менен алганда, орто эсеп менен алганда;

4) жатыш жөндөмөнүн мүчөсү уланган -ган формасындагы "караганда" деген атоочтукка барыш жөндөмөдөгү атоочтуктун (мунун өзүнүн илик жөндөмөдөгү аныктоочу болушу мүмкүн) айкашып айтылышы аркылуу: анын айтканына караганда, кечиккенине караганда, шашканына караганда;

5) маалым, белгилүү, жараша, каршы деген атооч сөздөргө барыш жөндөмөдөгү атоочтордун айкашып келиши менен: өзүнөргө маалым, өзүнөргө белгилүү, бактыга жараша, тилекке каршы ж.б.;

6) "амал" деген зат атоочтун "канча" деген ат атооч менен айкашуусу аркылуу: амал канча;

7) чыгыш жөндөмөдөгү "жагынан" деген сөз менен "бир","экинчи" деген сан атоочтордун айкашып айтылышы менен: бир жагынан, экинчи жагынан;

8) илик жөндөмөдөгү атооч менен аягына таандык мүчө уланган айтуу, байкоо, ой, пикир, көз караш деген сөздөр байланышып келип, "боюнча" жандоочу менен айкашып айтылып да, кириндиси сөз айкашы уюшулат: анын айтуусу боюнча, Салыйдын ою боюнча, сенин көз карашың боюнча, менин байкоом боюнча.

2 Синтаксистик бул категорияга кируучу сөздөрдүн кириндиси сөздүк функцияда колдонулушу да бир кылка эмес, ар түрдүү. Кээ бирее-

лөру сүйлөм ичинде дайыма кириндә сөз катары гана келет: албетте, арийне, балким, баса, айтор, менимче, ж.б.; ал эми көпчулук кириндә сөздөр өзүлөрүнүн түпкү толук маанисинен биротоло алыстап кеткен эмес, ошондуктан алар кээде негизги маанисинде колдонулса, кээде кириндә сөздүк мааниде колдонулуп калат. Негизги лексикалык маанисинде колдонулганда, алар грамматикалык жактан сүйлөмдүн башка мүчөлөру менен тыгыз байланышып келип, сүйлөмдүн тиги же бул мүчесүнүн милдетин аткарат. Ал эми кириндә сөздүк мааниде колдонулганда, сүйлөм мүчөлөру менен байланышпайт; алар сүйлөмдүн структурасына кошумча иретинде киргизилип, анын жалпы маанисине ар түрдүү кошумча маани (модалдык маани) берет (сйду, бекемдөө, болжолдоо, кубаттоо, жактырбоо ж.б сүйлөмдүн башка мүчөлөрүнөн кыска тыным аркылуу бөлүнүп турат. Салыштыр: Тез келе турган сыягы жок ("Ала-Тоо"). Мында "сыягы" өзүнүн "кебетеси", "кейпи" деген толук маанисинде колдонулуп, ээлик милдетти аткарып турат. Сыягы, баягы арызды текшерет го (С.Ө.). Бу жерде "сыягы" кириндә сөздүк мааниде колдонулуп, сүйлөмгө "болжолдоо" маанисин берип турат. Канчадан бери ушул иштин артынан жүргөнүмө өзүңөргө маалым ("Чалкан"). Мында "өзүңөргө" толуктоочтук, "маалым" баяндоочтук милдетти аткарып турат-өзүлөрүнүн толук маанисинде колдонулган. Өзүңөргө маалым, ал демобилизацияланып айылга келген ("КМ"). Бул жерде "өзүңөргө маалым" кириндә сөздүк мааниде колдонулду. Иш тескерисинче бүттү (бышыктоочтук милдетти аткарып турат). - Биз, тескерисинче, мурункудан да жигердүү эмгектенишибиз керек (кириндә сөздүк функцияда).

Демек, мындай учурларда чаташпас үчүн, бул сыяктуу сөз-

дердун сүйлөм ичиндеги грамматикалык жана семантикалык белгилерине өзгөчө көңүл буруу зарыл.

Кириндиси сөздөрдүн туюндурган мааниси

Сүйлөм тутумунда кириндиси сөз жана кириндиси сөз айкашпары модалдык ар турдуу маанилерди билдирет.

I) Айтылуучу ойго бекемдөө, ырастоо маанисин берүүчү кириндиси сөздөр: албетте, арийне, ырас, сөзсүз, шексиз, чындыгында, чынында, чынын айтканда, ырасын айтканда, туурасын айтканда.

Биздин ишибиз чындыкта, адбетте, бизденмп чыгабыз (К.Б.). Быйыл, чынын айтканда, колхозго жакшы жардам бердик ("ЛЖ."). 2) Айтылып жаткан ойго жыйынтыктоо, жалпылоо, тактоо маанисин берүүчүлөр: кыскасы, кыскасын (кыскача) айтканда, демек, жалпысынан айтканда, бир сөз менен айтканда, жыйынтыктап айтканда, корутундулап айтканда,жалпысынан алганда, айтор, жогоруда айтылгандай,жогоруда көрсөтүлгөндөй, башкача айтканда,тактап айтканда, мындайча айтканда.

Кыскасы, эки күндөн кийин жолго чыга турган болдук (К.Ж.). Айганыштын турмушу эң жаман, мындайча айтканда, итке эле берсин дээрлик(К.Б.). Демек, максат орундалды (Т.С.). Бир сөз менен айтканда, ал өндүрүштүн чыныгы командири ("СК."). Айтор, аппак курулуштуу татынакай кыштак жемиш багына чөгөт (Т.С.).

3) Айтылуучу ойго күмөндүүлүк, болжолдоо маанисин берет: балким, мумкун, чамасы,болжолу, сыягы, кыязы, калыбы, чагымда, болжол менен алганда.

Бөдөнөнүн баары бактылуу го, кыязы (Ч.А.). Балким, анын жоргого мингиси деле келбегендир (Ч.А.). Чагымда, алар бүгүн келе коюшпайт. Колхоздун, болжол менен алганда, беш жүзчө үй бар.

4) Сөз болуп жаткан ойдун ким тарабынан айтылгандыгын, кимге тиешелуулугун, кайдан чыккандыгын билдирет: менин оюмча, менимче, анын оюнча (пикиринче), менин байкоомчо, ал(Салый) айткандай, анын айтканына караганда, анын айтуусу боюнча, анын ою боюнча, анын көз карашы боюнча.

Менимче, ал киши экеебуз жалпы тил табарбыз(Ч.А.). Самансурдун айтуусуна караганда, институтта эстуу-жөндуу балдар окушат окшойт (Ч.А.). Чаргын байкем айткандай, бул тегерек тентек дүйнө ушундай тура (Т.С.).

5) Айтылып жаткан ойдун белүкчөлөрүнүн ортосундагы ички байланышты, анын берилүү тартибин көрсөтөт: биринчиден, экинчиден ж.б., бир жагынан, экинчи жагынан, тескерисинче, мисалы.

Биринчиден, жайыт кеңийт, экинчиден, ары-бери айдалып мал убара болбойт (Н.Б.). Муну менен биз кандайдыр бир ийгиликке жетише албайбыз, тескерисинче, көп нерсени уттурабыз("СК".).

6) Сүйлөөчүнүн айтылган ойго карата болгон ар түрдүү эмоционалдык ички сезимин (кубануу, капалануу, өкүнүү ж.б.) билдирет: бактыга жараша, таалайга жараша, тилекке каршы, кантейин, амал канча.

Тилекке каршы, бир катар жерлерде олуттуу кемчилдиктерге жол берилүүдө("СК".). Бактыга жараша, автобус да убагында келип калды. Амал канча, бардык кыйынчылыкка көнүүгө туура келет.

7) Айтылуучу ойго угуучунун көңүлүн бүрүү, же болгон, боло турган ишти кайрадан эске түшүрүү максатында колдонулат: айтмакчы, баса, унутпасам, жаңылбасам, өзүңөргө белгилүү, өзүңөргө маалым, жаңылбасам.

Айтмакчы,Танабай, бир куну кечеде келатып, сенин тамына көзум тушту (Ч.А.). Сиз менен, унутпасам, былтыр жайлоодон жолуксак керек эле. Баса, жумуштагы студенттер качан келет экен? Өзүнөрге белгилуу, былтыр колхозубуз планын толук аткара албай калган

Киринди сездун суйлөм ичинде алган орду эркин: ал суйлөмдун башында, ортосунда, аягында келе берет. Бирок, ошентсе да, суйлемдун башында орун алган учурлары көбүрөөк кездешет.

Киринди сездер синтаксистик байланыштын тиги же бул туру (башкаруу, ыкташуу, таандык байланыш) аркылуу суйлөмдун башка мучөлөру менен байланышпайт. Ал буткул суйлемге же анын айрым белукчесуне тиешелуу болуп айтылып, ага ар турдуу модалдык маани берет. Оозеки речте өзгечө интонация менен айтылып, суйлемдун башка мучөлөрунөн кыска тыным менен белунуп турат. Ошол себептуу жазууда:

I) Киринди сез суйлемдун башынан орун алса, өзунөн кийин утур коюлат:

Баса, Акам айттырбай билет! (Т.С.) Демек, Мырзакулдун кадик санаган жери бар (Ч.А.). Анын айтышына караганда, азыр мени менен Суусамырга барат окшойт (Н.Б.).

2) Киринди сез суйлемдун ортосуна келсе, эки жагына утур коюлат: Араздашкан аталардын укум-тукуму да, балким,аразда-шып өтөр (Ч.А.). Балдар, Жуманын айтуусу боюнча, чоң асканын түбүндөгү үңкүрге келишти (К.Ж.). Бул, албетте, чоң иш (Т.С.).

3) Суйлемдун аягында келсе, киринди сездөн мурун утур коюлат: Башкарманын жургөну да, турганы да калктын көз алдында болот эмеспи, мындайча айтканда... (Ч.А.) Билинбей жургөн

башка ууру ит бар болсо керек, кыязы (К.Осм.). Ал туура айтып жаткандыр, балким (Т.С.).

Сөзсүз, шексиз, кээде, албетте, балким, мумкун деген киринди сездер туздөн-туз баяндоочтун алдына жайгашышып, ошого тиешелуу болуп айтылса, андан пауза аркылуу белунуп айтылбайт; мындай учурда аны утур менен ажыратып жазуунун зарылчылыгы болбой калат. Мисалы: -Шексиз барам. Андай жерге барбаганда анан... - деди директор (Н.Б.). Албетте ыйлашат!(К.Ж.) Балким табылар (К.Ж.). Мумкун келишер.

КИРИНДИ СҮЙЛӨМ ЖАНА КЫСТЫРЫНДЫ СҮЙЛӨМ, СӨЗ, СӨЗ АЙКАШЫ

Киринди сүйлөм да, киринди сөз жана киринди сөз айкаштары сыяктанып, негизги сүйлөмдүн тутумуна кошумча иретинде киргизилет, бирок аны менен синтаксистик жагынан байланышпайт. Ал мааниси боюнча бүткүл сүйлөмгө же анын айрым белугуне тиешелуу болуп, анда айтылган ой-ге карата болгон сүйлөөчүнүн ар кандай мамилесин билдирет. Киринди сүйлөм да киринди сөз сыяктуу, өзгөчө интонацияга ээ: ал сүйлөмдүн башка белуктеруне караганда пасыраак үн (тон) менен айтылып, андан кыска тыным аркылуу белунуп турат. Киринди сездер сүйлөм ичинде кандай мааниде колдонулса, киринди сүйлөм да, негизинен, ошондой эле маанилерди туюндурат. Тактап айтканда, негизги сүйлөмдө айтылган ойдун аныктыгын, же кумөндуулугун, анын ким тарабынан айтылгандыгын, алардын ортосундагы байланышты, кыймыл-аракеттин аткарылыш мунезун билдирет,же айтылып жаткан ойго ар турдуу эмоционалдык кошумча маани берет. Бирок киринди сүйлөм киринди сөз менен ки-

ринди сөз айкашынан айрым белгилери боюнча айырмаланыпда турат: I) структурасы боюнча кадимки эле эки составдуу же бир составдуу суйлөмдөрдөн болот; 2) маанисн жагынан конкреттуу келип, буткөн бир ойду туюндуруп турат; 3) синтаксистик жагынан, айрым белукчөлөрге (суйлөм мучелеруне) жеңил эле ажыратууга болот; ал эми киринди сөз айкаштарынын көпчулугу белгилуу бир өлчөмдө туруктуу формага өте баштаган (чынын айтканда, кыскача айтканда, башкача айтканда, анын ою боюнча, бир сөз менен айтканда ж.б.)

Жазууда киринди суйлөмдөр да суйлөмдун башынан орун алса, алардан кийин, ортосунан орун алса, алардын эки жагына, суйлөмдун аягына жайгашса, алардан мурун утур коюлат. Мисалы:

Султан, бул тууралуу кечээ Омордон уктум, былтыр колхозго парторг болуп шайланыптыр. Мындагы "бул тууралуу кечээ Омордон уктум" деген киринди суйлөм - эки тутумдуу суйлөм, маанисн боюнча, ойдун ким тарабынан айтылгандыгын билдирип турат.

Бул кемчилдиктердин болушуна, моюнга алуу керек, өзүң да кунөөлуусуң.

Бул суйлөмдун тутумундагы "моюнга алуу керек" деген - бир тутумдуу киринди суйлөм; ал негизги суйлөмдун мазмунуна экспрессивдик тус берип турат.

Быйыл айыл чарбасы, өзүн да жакшы билесин, жаратылыштын көп кырсыгына учурады. Бригадада уюштуруу ишинде, ал жөнүндө нечен жолу айтылган, көп кемчиликтер бар.

Мындагы киринди суйлөмдөр аркылуу негизги суйлөмдө айтылган ой дагы да бекемделип жатат.

План деген, билгиниз келсе, мына биз, тируу кишилер (Ч.А.).

Эмнесин айтасың, Октябрь революциясына чейин кедей-кембагалдар далай кордукту башынан өткерушту го!(К.М.).

Буд жерде негизги суйлөмдун мазмунуна кошумча эмоционалдык маани берип турушат.

Бул кепти, эгер унутуп калбасам, сенин өзүңдөн укканмын. Мындагы киринди суйлөм негизги суйлөмдө айтылган ойду кайрадан эске түшуруп, анын мурун айтылгандыгын тактоо маанисин берип турат.

Тилибизде киринди суйлөмдөр анчалык көп кездешпейт, анын ордуна киринди сөз же киринди сөз айкаштары көбүрөөк колдонулары байкалат.

Өзбөки жана жазма речте негизги суйлөмдун тутумунда сыртқы туру боюнча киринди суйлөмгө окшогон синтаксистик дагы бир конструкция - кыстырынды суйлөм,колдонулат. Алар да киринди суйлөм сыяктанып, синтаксистик жагынан негизги суйлөм менен байланышпайт, суйлөмдун башка бөлүктөрүнөн өзгөчө интонация аркылуу белунуп айтылат. Ушуну менен бирге, бул эки конструкция бири-биринен мааниси боюнча кескин айырмаланат: эгерде киринди суйлөм негизги суйлөмдө айтылган ойго карата болгон суйлөөчүнүн ар турдуу мамилесин билдирсе, кыстырынды суйлөм андай маанини бербейт, ал негизги суйлөмгө ар кандай кошумча маани берет, анын мазмунуна ар турдуу толуктоолор, тактоолор киийрет.

Мисалы: - Кой ээ, уста (Турдукан жакынды "уста" деп тергей турган), балаң бирдеменин шек-шебирин билип калып айтып жатат (Ш.Б.). Койлор боорго жабыла берди (койлор уркөнде бийикти көздей качышат) (Кырчын").

Мында биринчи сүйлөмдөгү "Турдукан жакыпты "уста" деп тергей турган" деген кыстырынды сүйлөм негизги сүйлөмдө сөз болуп жаткан "уста" ким экендигин, аны ким ошентип тергегендигин толуктап көрсөтүп турат. Экинчи сүйлөмдөгү кыстырынды сүйлөм коймлор эмне себептен боорду карай жабыла бергендигин тактап түшундуруп турат. Ушундай эле милдетти кээде сүйлөм тизмегине кийирилген айрым сөздөр, сөз айкаштары да аткарып калат:

Иштин оордугунан эмес, турмуш шарты (турак-жай) жөнүндө камкордуктун жогунан бошонуп кеткендер көп ("СК".). Болбосо мыктап туруп ал учөө менден бирди көрүшөт (албетте, тамаша сөз) (Т.С.).

Негизги сүйлөмгө же анын айрым бөлүгүнө кошумча түшүнүк берип, анын маанисин толуктап, тактап турган сүйлөм кыстырынды сүйлөм деп аталат.

Кыстырынды сүйлөмгө да өзгөчө интонация мүнөздүү: басынкы үн менен айтылат, кыска тыным аркылуу негизги сүйлөмдүн башка бөлүктөрүнөн жиктелип бөлүнүп турат. Алар дайыма негизги сүйлөмдүн ортосунан жана аягынан орун алат. Жазууда дайыма кашаачага алынып жазылат. Кыстырынды сүйлөмдөр да түзулүшү жагынан эки тутумдуу, бир тутумдуу же татаал сүйлөмдөрдөн болушу мүмкүн. Ушуну менен бирге, кыстырынды сүйлөмдөр аткарган функцияны кээде айрым сөздөр, сөз айкаштары да аткарып калат.

Кыстырынды сүйлөмдөрдүн билдирген маанисы артүрдүү: негизги сүйлөмдүн же андагы айрым сөздөрдүн мазмунуна байланыштуу келип чыккан ар түрдүү кошумча маалыматтарды билдирүү, негизги сүйлөмдөгү жалпы маанидеги мезгилдик, орундук маанини тактоо, конкреттештирүү, сүйлөмдө айтылган ойдун чыгыш себебин көрсөтүү, колдонулган айрым сөздөрдүн, терминдердин маанисине түшү-

нук берүү, негизги сүйлөмдө сөз болуп жаткан кишиге, буюмга, жалпы шартка мүнөздөмө берүү ж.б. Мисалы: 1) →

(Негизги сүйлөмдө айтылган ойдун, айрым сөз айкашынын мазмунун толуктоочу кошумча кабарды берет: Көзүнүн чаары чыгып, эки ууртунан көбүк чачырады (ал чындап ачууланганда, эки ууртунан көбүк буркулдачу), башындагы жоолугун алып ыргытты (Ж.Садыбакасов). Мукаш башкарма мыскылдуу жылмайып, көзү коюлуп (жутуп алгандда дайым ошол абалда болучу), Бердиштин асты-үстүнөн карап, барк этти (С.Ө.). Отставкадагы полковник В.А. Калачев (азыр Москвада турат, аскердик темада жазылган бир нече китептин автору), отставкадагы майор О.Лайлиев ж.б. ветерандар жөнүндөгү баян мына ушундай ("КМ".).

2) Жалпы маанидеги түшүнүктү тактап, конкреттештирип көрсөтөт:

- О, Баатыр (алар Баатыр дешип Арыстанаалына айтышат), эмне кылсаңыз да биз сиздин колуңуздабыз (Т.С.). Ошонун түбүндө, кемегенин жанында кечки тамакты (жарманы айтып жатам) ичкени отурабыз (М.Э.). Тоонун чокусун көздөй тик өйдө кеткен жалгыз аяк жол менен баскан кызды (өзү геолог, Кристалл деп аташса керек эле) көрө койду ("КМ".).

3) Негизги сүйлөмдө айтылган ойдун, кыймыл-аракеттин болгон мезгилин билдирет:

Бозоруп жазуусу өчкөн ошол квитанцияны Калмурат жалаң ушул кемпиринин бейжайлыгынан (он жылга жакын болду) таштап, көө албай журөт ("Учкун"). →

(Иши ушунчалык көптү бечаранын, айтор, мунөткө тынчып отурганын (мына бир жылдан бери үйүнө кирип-чыгып журөм) көрө элекмин. Кийинки төрт айдын ичинде эле (1961-жылдын ноябрь

Үлгү сүйлөмдөр?

айынан 1962-жылдын февралына чейин) өлкебүздө өнөр жай продукциясы, бүткүл биринчи беш жылдыктагыга караганда, эки эсе көп чыгарылды ("СК").

4) Кыймыл-аракеттин болгон ордун тактап көрсөтөт:

Быйыл жазда Караганда (Жаңы-Жол району) болдум ("СК."). Жакында айылга (Ноокат районунун "Ленинизм" колхозу, Шаң-Көл айылы) бардым ("СК".).

5) Сүйлөмдө сөз болуп жаткан кишинин жаш өзгөчөлүгүн билдирет:

- Кел!- деп эки колун жогору көтөрүп, Уулкан байбиче (алтымыш ашкан кемпир өзү) ордунан тура калды (К.Ж.). Ал Ата Мекендик согуштан келгенден бери (согуштан 1944-жылдын июнь айында келген) мектепте мугалим болуп иштеген.

Жогоруда белгиленгендей, кыстырынды сүйлөм аткарган функцияны кээде айрым сөздөр, сөз айкаштары да аткарат:

Бул эритмени бууландыргандан кийин жез купоросунун (көк таштын) көгүлтүр кристаллдары калат ("Химия"). Ошондо менин ала барган кол жазмамды көрүп ("Кең-Суу" романымды), абдан кубана мамиле кылды (Т.С.). Бакма жаныбарлардан биз азык-түлүктөрдү (эт, сүт, жумуртка) алабыз ("Зоология").

Жогоруда белгиленгендей, кыстырынды сүйлөмдөр дайыма кашаачага алынап жазылат. Бирок айрым авторлор аны үтүр менен ажыратып да жазып жүрүшөт:

Кичи апам, ~~аны-айылдагылар иштерман деп коюшат~~, ээ бир дүйнөдө табылбаган карапайым сонун киши да! (Ч.А.) А жанагы иттин баласы, Кудаяр канды айтып жатат, алдаса макул деп коюптур (Т. Кас.).

Биздин оюбузча, кыстырынды сүйлөмдү үтүр менен ажыратууга

караганда, жалпы эреже боюнча, кашаанын ичине алып жазуу ылайыкт туу, анткени кыстырылган суйлөмдун чети суйлөмдун башка белуктерунен ачык, даана ажырап турат; ошону менен бирге тыныш белгилерин коюудагы чаржайыттуулуктун саны азаят.

Кээ бир авторлор кыстырынды суйлөм негизги суйлөмдун аягынан орун алганда, ← негизги суйлөмден кийин чекит белгисин коюшат да, суйлөм аягында келген кыстырынды суйлөмду андан белуп,кашаанын ичине алып, езунче жазышат:

Кара Койчуну жибербесе болбойт.(Кара Койчу Сулаймандын жардамчысы эле.)

Минтип жазуу туура келбейт. Себеби кыстырынды суйлөм негизги суйлөмдун тутумуна киргизилип, ага ар турдуу кошумча маани берип турат. Мындай болгондон кийин, ал экеену, жогоруда керсетулгендей, бири-биринен чекит аркылуу белуп, ажыратып, жазууга болбойт.

←Тескерисинче, ал экөө бирдиктуу бир татаал конструкцияны тузуп тургандактан, негизги суйлөм аяктары менен эле, ага удаалаш кыстырынды суйлөмду кашаанын ичине алып, ага улай жазуу керек; чекит белгиси буткул ошол татаал конструкциянын аягына коюлат:

Кара Койчуну жибербесе болбойт (Кара Койчу Сулаймандын жардамчысы эле).

СЫРДЫК СӨЗДӨР

Сөз туркумунун бул өзгөчө туру адамдын ички сезимин жана айбанатка болгон эрктик мамилени билдирери белгилуу.

Мисалы: Бах, жайлоонун толукшуп турган кези экен го! (К.Ж.) – Өш, талаада калгар, өш! (Т.С.)

Сырдык сөздөр көбүнчө өзүнчө жеке айтылганда, же кийинки суйлем менен тыгыз байланышпай, андан белунуп өз алдынча колдонулганда, суйлемдук маанiге да ээ болуп калат. Мындай учурда алар айтылган пикирге карата болгон суйлөөчүнүн ар турдуу ички сезимин билдирген өзүнчө бир ойду туюндурат (бул жөнүндө "Сөз-суйлем" деген темачаны карагыз).

Мисалы: – О, жеңе, иш илгери! Тегирмен чуркап жаткан тура. Баракелде!.. (Т.С.) – Апий, бетим тугенсун! Ушу байкуш Чаргында кандай атка кондурбадым мен бейбак (Т.С.).

Бирок сырдык сөздөр көпчулук учурда суйлемдун тизмегинде келип, аны менен тыгыз байланышта айтылат. Мындай учурда алар өз бетинче турган бирдиктуу ойду туюндуре албайт, тескерисинче, маани жагынан бүткүл суйлемге таандык болуп турат. Мындай кырдаалда сырдык сөздөр суйлем ичиндеги башка сөздөр менен байланышпайт, суйлем мүчөлөрүнүн милдетин да аткара албайт; тек гана бүткүл суйлемге ар турдуу эмоционалдык маани берип турат. Сырдык сөздөр ушундай жагдайда, ушундай функцияда колдонулганда, "грамматикалык жагынан суйлем мүчөлөрү менен байланышпаган сөздөрдүн" тобуна кошулат. Сөздөрдүн бул тобу өзгөчө оозеки речте, көркөм адабий чыгармаларда кеңири колдонулат.

Сырдык сөздөрдүн туюндурган маанилери өтө бай. Алар суйлемдүн тутумунда келип, айтылып жаткан ойго карата болгон суйлөөчүнүн ар турдуу ички сезимин билдирет.

I) Адамдын суйунуу, куоануу сезимин билдирет:

Охо, көп нерсени билип калыпсыз ("КМ".). Ай-ий, эрте келгенибиз жакшы болбодубу!

2) Таң калуу сезимин билдирет:

Ой тобо, шумдук экен го бул! - деп, езу таң калууда (Т.С.).

Адам, биздин елке кең тура (Т.С.).

3) Кубаттоо, мактоо сезимин:

Ой бали, баарынан да кийинкиси жен (Т.С.). Баракелде, Шамбетим

Көп ишти бүтүрүп салдыңар (Т.С.).

4) Суктануу, ыраазы болуу сезимин:

Бах... жер эмес бекен! Пай-пай, эмгек суйгөн кишилер алп экен го! (Т.С.)

5) Кайгыруу, өкүнүү, кейүү сезимин:

Каап, ушу сары бучук келиндин азабы... (Т.С.). Аттиң ай, менин чолоктугумду карачы!(К.Б.)

6) Чочуу, коркуу сезимин:

Ушундай аркырайт экен ээ, ботом (Т.С.).

- О кокуй, бул эмне кылганыңар! (К.Б.)

7) Жактырбоо, нааразылык сезимин билдирет:

Кочу, ушундай да иш кыласыңбы?!

Сырдык сездердун билдирген маанисн жөнүндө толук маалымат алуу учун "Кыргыз адабий тилинин грамматикасындагы" (Ф., I980-ж.) "Сырдык сездер" деген теманы караңыз.

Сырдык сездер синтаксистик жагынан суйлөмдүн башка мучелеру менен байланышпагандыктан, алардан утур белгиси менен ажыратылып жазылат.

I) Эгерде сырдык сез суйлөмдүн башында келсе, езунен кийин утур коюлат:

Апей ботом, салтың кана?(Т.С.)

2) Суйлемдун ортосунда келсе, сырдык сездун эки жагына тең утур коюлат:

Биздин Султан, ой бо-оой, кадимки эле чоң жигит болуп калган турбайбы!

3) Суйлемдун аягында келсе,утур белгиси сырдык сезден мурун коюлат:

Ат эмей эле дулдул го, чиркин! (Ч.А.)

4) Сырдык сездер суйлем башында келип, кучтуу сезим менен айтылса, андан кийин илеп белгиси коюлат:

– Бали! Маниш мына ушундай Макиш! Оо, дуйне ай! Ал кунку окуялар кайы кыргыздын баласынын оюнан кете коёр экен? (К.Б.)

5) Эгерде суйлемичинде сырдык сез, каратма сез, киринди сез да катышып айтылса, ар биринде тиешелуу тыныш белгилери сакталат:

Эх, Керим, албетте, иштин баары биз ойлогондой бутсе, жакшы болбойт беле!

ЖАКСЫЗ СҮЙЛӨМ

Айрым бир тутумдуу сүйлөмдөрдө сөз айкашынан же айрым жеке сөзден турган баяндоочу жана ага багынычтуу болуп айтылган айкындооч мүчөлөру болот да, бирок ал баяндооч менен байланышып турган грамматикалык ээси болбойт жана анын болушу талап кылынбайт, себеби анын зарылчылыгы жок.

Мисалы: Курска шыктуу кыздардан жибериш керек (Т.С.). Баланы эчтемеге теңөөгө болбойт (А.Т.).

Мында биринчи сүйлөмдүн баяндоочу - "жибериш керек", экинчисиники - "теңөөгө болбойт"; эки баяндоочтун тең өзүнө багынычтуу болуп айтылган айкындооч мүчөлөру бар. Ал айкындоочтор өзүлөру байланышкан баяндоочу менен бирдикте баяндоочтук топту түзүшөт. Бирок бул эки сүйлөмдө тең баяндоочту башкарып, аларды жак жана сан боюнча ээрчитип туруучу грамматикалык ээси жок жана анын болушу талап да кылынбайт.

Мындай структурадагы сүйлөмдөрдө ээ жок болгону менен, алардын грамматикалык негизин баяндоочу, көбүнчө баяндоочтук топ түзөт да, чындыкта болгон кандайдыр бир иш, окуя тууралуу кабар берет. Ушуну менен бирге, кээ бир жаксыз сүйлөмдөрдө грамматикалык ээ болбогон менен, анын баяндоочу билдирген кыймыл-аракетти аткаруучу, аракет кылуучу логикалык суб"ектиси болушу мүмкүн. Кыргыз тилинде мындай логикалык суб"ектинин милдетин барыш же илик жөндөмөдөгү айкындооч мүчөлөр аткарат. Бирок мындай структурадагы сүйлөмдөрдө да баары бир, баш мүчөлөрдүн бири - грамматикалык ээ, жок болгондуктан, ал жаксыз сүйлөм бойдон кала берет.

Мисалы: Бизге бир аз токтой турууга туура келди (Н.Б.). Балким, шартка жараша, биздин барбай калышыбыз да мүмкүн (Н.Б.)

Бул суйлөмдөрдүн жалпы маанисинен аракет кылуучу жак, логикалык суб"ект "бизге" деген толуктооч, "биздин" деген аныктооч экендиги билинип турат. Бирок бул суйлөмдөрдө баяндоочу, баяндооч тук топ гана бар, грамматикалык ээси жок, ошол себептуу жаксыз суйлөмдөр болуп эсептелет.

Жогоруда айтылгандарды жыйынтыктап келип, бир составдуу суйлөмдүн бул турунө төмөнкүдөй аныктама берууге болот:

Грамматикалык ээси жок жана анын болушу да талап кылынбаган суйлөмдөр жаксыз суйлөм деп аталат.

Жаксыз суйлөмдөрдө ээнин болбоосу жана болушу да мумкун эмес экендиги негизинен анын баяндоочунун табияты менен байланыштуу.

Тактап айтканда, жаксыз суйлөмдөрдүн баяндоочу аны ээ мен байланыштыруучу негизги каражат болуп эсептелгөн жак, сан мучөлөру менен өзгөрө албайт, демек, суйлөмдүн ээси менен жак, сан боюнча ээрчип байланыша албайт; ошол себептуу ал өзүнө тиешелуу грамматикалык ээнин болушун талап кылбайт, суйлөмдө ээнин катышышынын зарылчылыгы да болбойт.

Мисалы: Мына, киши деп ушуну айтыш керек (А.Т.). Ал куну мага бир тааныш уйгө конууга туура келди (М.Э.).

Бул суйлөмдөрдүн баяндоочторуна аларды ээ менен байланыштыруучу жак, сан мучөлөру жалганбайт, ошондуктан алардын өзүнө тиешелуу грамматикалык ээси да болбойт.

Ырас, кээ бир жаксыз суйлөмдөрдүн тутумдаш баяндоочунун аягына Ш жактын -т мучесу уланып айтылат. Бирок ал мындай учурда учунчу жактык маанисинен ажыраган болот да, ошол себептуу андай формадагы баяндоочтун алдында Ш жактагы атооч жөндөмөдөгү ээси болбойт.

Мисалы: Бул акча менен бир бут эгин алууга болот (А.Т.).

Бул сүйлөмдүн "алууга болот" деген баяндоочу сыртқы туру боюнча Ш жакта тургансыйт (-т), бирок бул жерде -т мүчөсү Ш жактык маанини туюндурбайт, ошондон улам сүйлөмдө айтылган ой да Ш жака тиешелүү эмес; колдо болгон акчага бир бут эгин алууга мүмкүн экендиги жөнүндө жалпы гана түшүнүк берилип жатат. Ошол себептүү "алууга болот" деген баяндооч үчүнчү жак маанисиндеги "ал" деген сөз (ээ) менен жак боюнча байланыша албайт: Ал бул акча менен бир бут эгин алууга болот" деп айтууга болбойт.

Ал эми жаксыз сүйлөмдөрдүн баяндоочунун жак жана сан мүчөлөрү уланбай колдонулушу андай сүйлөмдөрдүн жалпы мазмуну менен байланыштуу болот. Анткени жаксыз сүйлөмдөр мааниси боюнча дайыма грамматикалык ээ менен байланышы болбогон кыймыл-аракет, абал жөнүндө кабар берет. Жаксыз сүйлөм үчүн да эң башкы нерсе кыймыл-аракетти аткаруучу жакты эмес, тескерисинче, ошол аракеттин абалдын, ар түрдүү белгинин өзүн баса көрсөтүү болуп эсептелет.

Кыйынтыктап айтканда, жаксыз сүйлөмдөрдө, биринчиден, баш мүчөлөрдүн бири болгон грамматикалык ээси болбойт жана анын болушунун зарылчылыгы да жок; экинчи жагынан, андай сүйлөмдөрдүн баяндоочу ээ менен байланыштыруучу жак жана сан мүчөлөрү менен өзгөрө албайт. Ошол себептүү өзүнүн алдында грамматикалык ээнин болушун талап кылбайт.

Жаксыз сүйлөмдөрдө, жогоруда белгиленгендей, грамматикалык ээси болбойт, сүйлөм негизинен баяндоочтук топтон турат. Анын баяндоочу көбүнчө төмөнкүдөй жолдор менен түзүлөт:

I) -оо, -уу, -ыш формасындагы кыймыл атоочтон кийин керек деген модаль сөздүн айкашып айтылышы менен уюшулат. Мындай баяндоочтуу жаксыз сүйлөмдөр мааниси жагынан кандайдыр бир кыймыл-аракеттин аткарылышы зарыл, милдеттүү экендигин билдирет:

Жолоочу кишини тойгузуп туруп сүйлөшүү керек (А.Т.).
Быйыл ал жерге жаңы мектептин имаратын куруу керек ("СК."). Бирок ишти дагы да тездетиш керек (Ч.А.). Эми тезинен аракет кылыш керек (Ч.А.).

Жаксыз сүйлөмдөр кээде жалаң сүйлөм турунде да кездешет; мындай учурда ал жалгыз баяндоочтон гана уюшулат:

Жугөру саргайып, айрым жерлери куурап да баратыптыр. Сугарыш керек! ("СК".)

2) Барыш жөндөмөнүн мүчесү уланган =оо, -уу, -ыш формасындагы кыймыл атоочко болот, болор эле, болбойт, боло турган эмес, мүмкүн болду, жарабайт; мүмкүн, мүмкүн эмес, мүмкүн болбойт деген сыяктуу сөздөрдүн кошулуп айтылышы менен уюшулат. Маанисн боюнча, кыймыл аракетти аткаруу мүмкүн экендигин же аткарууга болбостугун туюндурат:

а) Мындай иште адамга жардам берүүгө болот (М.Абд.). Үч-төбөгө сууну түндүк жактан чыгарууга болот (Ч.А.). Мындай тилекти жаңылык деп айтууга болор эле ("СК."). Эми Каныбектен кабар алышка болот (К.Ж.).

б) Турмушту саясаттан бөлүп кароого болбойт ("СК."). Маданияттуу эс алуу жөнүндө да унутууга болбойт ("КМ".). Алардын эмне кылып жатканын билүүгө боло турган эмес. Убаданы бузууга жарабайт (К.Ж.).

в) Башка айланы табууга мүмкүн (К.Ж.). Кээ бир учурда андай болбой калууга да мүмкүн (К.Б). Ошол күнү эле кетүүгө мүмкүн болду ("КМ".). Жок, мындай абалга чыдоого мүмкүн эмес (К.Ж.) Андан башкача болууга мүмкүн эмес (Ч.А.).

Мындай түзүлүштөгү жаксыз сүйлөмдөр кээде жалгыз баяндоочтон уюшулуп, жалаң сүйлөм турунде да кездешет: Жүрүүгө мүмкүн эмес (А.Т.).

Айрым учурларда жаксыз сүйлөмдүн мындай составдагы баяндоочунун кыймыл атоочтон турган биринчи компоненти, барыш жөндөмөнүн мүчесу уланбай да, айтыла берет: Токойдогу кайсы бир жолдорду миналаштыруу мумкун (К.Б.). Муну өз убагында аткаруу мумкун. Анын башында кандай жук бар экенин өлчөш мумкун эмес (А.Т.).

Мындай структурадагы жаксыз сүйлөмдөр суроо маанисинде жана күчтүү сезим менен айтыла берет:

Почтага кантип барууга болот? Ушул жол менен тегирменге барууга болобу? Буга кантип ишенүүгө болот!

Кээде мындай тутумдаш баяндоочтордун аягына эле, экен, да жардамчы сөздөру кошулуп айтылып, сүйлөмгө ар түрдүү модалдык маанини берет (сүйлөмдүн мазмунуна өткөн чактык маанини берет (эле), кыймыл-аракетти иш жүзүнө ашыруу мумкүн экендигин сүйлөөчү өзү тактагандыгын же башка бирөөлөр аркылуу билгендигин көрсөтөт (экен), же айтылгын ойго тактоо, бекемдөө (да) маанисин берет). Мисалы: Эч нерсе жөнүндө сүйлөөгө болбойт эле (К.Ж.). Бул жол менен аркы өйүзгө өтүп кетүүгө болот экен. Көп турууга болбойт эле да (М.Аб.).

3) Жаксыз сүйлөмдүн баяндоочу барыш жөндөмөдөгү -оо, -уу, -ыш формасындагы кыймыл атоочтон кийин туура келет, туура келди деген сөздүн айкашып айтылышы менен да уюшулуп, кыймыл-аракетти аткарууга мажбур болгондуктү билдирет: Ал жөнүндө ана-мынча пикир айтууга туура келет ("СК".). Азырынча стипендиясыз окушка туура келет (Ш.Б.). Ошентип, кайра артка бурулууга туура келди (М.Аб.).

4) -ып формасындагы чакчылдан кийин Ш жак айкын келер чакта турган терс формадагы болбойт деген этиштин кошулуп ай-

тылышы менен түзүлөт. Маанисн боюнча, кыймыл-аракетти аткаруу мүмкүн эмес экендигин билдирет: Баарын катка жазып болбойт(Ш.Б). Мында эмне жазылганын түшүнүп болбойт.

5) Түтүмдаш баяндоочу -майын, -майынча формасындагы чакчылдан кийин Ш жак айкын келер чактагы, терс формадагы болбойт этишинин айкашып айтылышы менен уюшулуп, кыймыл-аракеттин аткарылышы зарыл экендигин көрсөтөт:

Аны барып көрмөйүн болбойт (Ч.А.). Анын кабарын тезирээк алмайын болбойт (Т.С.). Иштин аткарылышын убагында текшерип турмайынча болбойт. Жаратың начар. Бүтүңдү кесмейинче болбойт,- деди доктор (К.Б.).

6) Түтүмдаш баяндоочтун биринчи компоненти -ган формасындагы атоочтуктан (кээде ага жатыш жөндөмөнүн мүчөсү уланып айтылат) болот да, андан кийин Ш жак айкын келер чактагы "болбойт" этиши кошулуп айтылат. Маанисн боюнча, кандайдыр бир ишти аткаруунун керек эместигин, орунсуз экендигин билдирет:

Мындай өлүмгө ыйлаган болбойт(К.Б.). Бекер эле башты жоого сая берген болбойт (Ч.А.). Куттуу үйгө куру кол барганда болбойт (К.Ж.). Учурашпай кеткенде болбойт.

6) Терс формадагы этишке шарттуу ыңгайдын -са мүчөсү уланып, андан кийин "болбойт", кээде "болобу", "боло турган эмес" деген сөздөр кошулуп айтылып да, жаксыз суйлөмдүн баяндоочу уюшулат; маанисн жагынан, кыймыл-аракетти сөзсүз, милдеттүү түрдө аткарууу керек экендигин туюндурат:

Ар бир иште туруктуулукту көрсөтпөсө болбойт (К.Б.). Мектептин ремонтун ушул баштан колго албаса болбойт (К.Б.). Аны акырын байкабаса болбойт (Т.С.). Кайрат кылбаса болобу(Ч.А.). Кечке чейин барбаса боло турган эмес (К.Ж.).

7) Оң маанидеги шарттуу ыңгайдан кийин Ш жак айкын келер чактагы "болот" деген этиштин айкашып айтылышы менен да тузулөт да, кыймыл-аракетти аткаруу мумкун экендигин баяндайт:

Муну минип улакка тушсө да болот (Ч.А.). -Эмне кылыш керек, көпүрөнү кантип оңдосо болот? (Ч.А.) Бул ишти эки күндө бутурсө болот.

Бирок ушундай тузулуштөгү тутумдаш баяндоочтуу сүйлөмдөр жаксыз сүйлөм экендигин так көрсөтүү үчун алардын туюндурган маанисине, ички структурасына өтө кылдаттык менен көңүл буруу зарыл. Эгерде баяндооч билдирген кыймыл-аракеттин кандайдыр бир грамматикалык ээ менен байланышы болбосо, тек гана белгилуу бир кыймыл-аракетти иш жузүнө аткаруу мумкун экендиги өзгөчө белгиленип айтылса, жаксыз сүйлөм болот:

Оморду быйыл айыл чарба көргөзмөсүнө жиберсе болот. Мында Оморду көргөзмөгө жиберуу мумкун экендиги, ага негиз бар экендиги жөнүндө жалпы кабар берилип жатат; аны ким жиберери жөнүндө, грамматикалык суб"ект (ээ) жөнүндө, сөз жок - жаксыз сүйлөм.

Эгерде баяндооч билдирген кыймыл-аракет конкреттуу бир жакка, грамматикалык ээге таандык болуп айтылса, б.а. сүйлөмдө кыймыл-аракетти аткаруучу жак атайын белгиленип көрсөтүлсө, же анын бар экендиги сүйлөм кырдаалынан ачык белгилуу болуп турса, эки тутумдуу сүйлөм болуп калат.

Мисалы: Колхоз Оморду быйыл айыл чарба көргөзмөсүнө жиберсе болот. Мында грамматикалык ээ - "колхоз", баяндоочу - "жиберсе болот" - эки тутумдуу сүйлөм.

8) Жаксыз сүйлөмдүн тутумдаш баяндоочунун биринчи компоненти "эмне" деген сурама ат атоочтон болот да, ага "пайда", "ке-

реги бар", "эрдик", "арман", "жазык" деген сыяктуу ар түрдүү маанидеги сөздөр кошулуп айтылат; сүйлөмдө азыраак суроо маанисн болот:

Ачууланган менен эмне пайда? (К.Б.) Орунсуз каяша айтуунун эмне кереги бар? Менде эмне эрдик? (К.Б.). Ошентсе да Зуура бечарада эмне жазык (Т.С.). Менде эмненин уйкусу? (К.Б.)

- Атаганат, ушул жылкыларды баккан кишиде эмне арман болсун (К.Б.). Курулай сууга бышкан ботконун эмне даамы болсун (К.Б.).

9) Баяндоочунун биринчи компоненти кыймыл атоочтон же айрым зат атоочтордон болот да, ага "кайда" деген сурама ат атооч кошулуп айтылат; кээде "кереги" деген сөзгө "эмне" ат атоочунун айкашып айтылышы менен уюшулат:

а) Анда Мырзагулга жолукмак кайда (Ч.А.). Муратка каяша айтуу кайда? Кылмыштуу кишидей башын жерге салып, тынч боло турган (К.Б.). Сатып алууга Козубекке пул кайда? (К.Б.) Тамшанган менен Муратка нан кайда? (К.Б.)

б) Итке темирдин кереги эмне (макал). Көп капаланууунун кереги эмне?

IO) Жаксыз сүйлөмдөрдүн баяндоочунун милдетин аз да болсо айрым сын атоочтор, тактоочтор аткарат; маанисн боюнча, жаратылыштагы кубулушту, айланадагы көрүнүштү, адамдын ички абалын баяндайт:

а) Бул жерде жайкысын ысык, кышында суук. Тышта караңгы жана чыкылдап суук. Июнь айында жайлоодо кандай жакшы. Албетте, биринчи кезекте сизге оор (А.Т.). Айткан менен пайдасыз (К.Осм.)

б) Журууге эң кыйын (К.Б.). Азыр малды төргө чыгарышка эрте (Т.С.). Жайы-кышы дебей бул жерде дайыма тынч.

Сын атоочтук, тактоочтук баяндоочтор тутумдаш түрдө да

кездешет. Мындай учурда биринчи компоненти көбүнчө "эмнеси" деген сурама ат атоочтон, экинчиси жакшы, жаман, артык, кем ж.б. деген сыяктуу сын атооч, тактоочтордон болот:

Тракторист болуунун эмнеси жаман? Бул жердин эмнеси жакшы? Силердин фермаңын биздикинен эмнеси артык?

Ошондой эле "жалгыз" деген тактоочко Ш жактагы "өзү" ат атоочунун айкашып айтылышы менен да жаксыз сүйлөмдүн тутумдаш баяндоочу уюшулат:

Түнкусун бир үйдө жалгыз өзү (Т.С.).

Кээде жаксыз сүйлөмдүн тутумдаш баяндоочу айрым сын атоочтон же тактоочтон турган биринчи компонентке Ш жак келер чактагы же өткөн чактагы "болот", "болду" деген этиштин айкашып айтылышы менен уюшулат. Мындай түзулуштөгү сүйлөмдүн тутумунда грамматикалык ээси болбойт, баяндоочко кучөтүү маанисин берип турган айрым сөздөр (белүкчөлөр) гана болот:

Деги эле ырас болот (К.Б.). Абдан жакшы болду (К.Б.). Деги эле жакшы болот (К.Б.).

Тутумдаш баяндоочтун биринчи компоненти тактоочтордон (жакын, аз ж.б.) болуп, ага Ш жак өткөн чактагы "калды" этиши кошулуп айтылат. Мында да грамматикалык ээси болбойт, барыш жөндөмөдөгү кыйыр толуктоочу болот:

- Майрамга жакын калды. Камдангыла! (Т.С.) Окуу башталарга аз калды. Кош чыгарга жакын калды.

II) Жаксыз сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин атооч жөндөмөдөгү зат атоочтор да аткарат. Мааниси боюнча, сөз болуп жаткан нерсенин сыртқы көрүнүшүн, ар кандай белгисин көрсөтөт. Мындай түзулуштөгү сүйлөмдөрдүн баяндоочу да белгилүү бир жакка (грамматикалык ээге) тиешелүү болуп айтылбайт, ошол себептүү сүйлөмдүн өзү да кандайдыр бир конкреттүү жакка тиеше-

луу болбой, жалпыланган мааниде айтылат:

Колдорунда айры, курек (Т.С.). Алдыларында кымыз (Т.С.). Баарынын колу-буттарында зоолу (К.Ж.). Алтынайдан жалгыз Курман (К.Б.).

I3) "Ырахмат" деген сөз да жаксыз сүйлөмгө баяндооч болуп келет. Бул сөз өзүнүн мааниси боюнча жак жана сан мүчөлөру менен өзгөрө албайт, ошондуктан ал өзүнөн мурун грамматикалык ээнин болушун талап кыла албайт. Бул баяндоочтун алды жагында барыш жөндөмөдөгү кыйыр толуктоочу жана башка айкындооч мүчөлөру болот, аткарылган ишке ыраазылыгын билдируу маанисин берет:

Силерди тарбиялаган мугалимдериңерге ырахмат (К.Ж.). Чалдын акылына ырахмат (Ч.А.). Жардамыңызга ырахмат, аке (А.Т.).

I4) Атооч жөндөмөдөгү заттык баяндоочтор тутумдаш формада да колдонулат. Мындай учурда, биринчиден, тутумдаш баяндоочтун акыркы компоненти зат атоочтордон болот да, ага ар турдуу маанидеги аныктоочтор айкашып айтылат:

Алгалыктарга мүнөздүү кадимки оюн ("ЛЖ"). Күндө ушул жумуш (Ч.А.). Бугун биздө майрам күн (Т.С.).

Экинчиден, атооч сөздөрдөн турган биринчи компонентке Ш жак өткөн чактагы "болду", же болбосо "болсо", "болсочу" деген сөздөр кошулуп айтылып, тутумдаш баяндооч уюшулат:

- Ай, абышка, сага убал болду го (К.Б.). Быйыл силерге өтө кыйын болду. Күндө ушундай болсочу (К.Б.). Дайыма ошондой болсо кана.

Бул ээсиз сүйлөмдөрдүн тутумдаш баяндоочтору да кандайдыр бир грамматикалык ээ менен байланышкан жок, бул сүйлөмдөр үчүн

андай ээнин зарылчылыгы да жок. Мында чындыкка болгон окуя, кыймыл-аракет жөнүндө, эч бир жакка тиешеси жок эле,жалпы түшүнүк берип турат.

I3) Жаксыз сүйлөмдүн тутумдаш баяндоочу атоочтуктан кийин, кээде айрым башка сөздөрдөн кийин кез, чак, учур, убак, мезгил, күн деген сыяктуу мезгилдик маанидеги сөздөрдүн кошулуп айтылышы менен да уюшулат:

Кыштын күчөп турган учуру (К.Ж). Азыр Сары-Челектин болуп турган кези ("СК".). Жайдын толуп турган мезгили. Бүгүн ууга чыгар күн. Ал кезде Ажардын ондогу кези (К.Б.). - Эмесе, балдар, азыр согуш учуру (Ч.А.).

I4) Тутумдаш баяндоочунун негизги компоненти толук маанилуу сөздөн болот да, ага экен, эмес, эле, беле деген жардамчы сөздөр айкашып айтылат:

Биздин жакын кишибиз жазган кат экен (Т.С.). Ал кезде мектепте каникул эле. Партизандыкка уруксат эмес (Т.С.). Курманга жан кейибей турган жигит беле? (К.Б.).

I5) Жаксыз сүйлөмдүн баяндоочу же анын тутумдаш баяндоочунун акыркы компоненти П жак жекелик түрүндөгү кара, карачы, көр, көрчү деген этиш сөздөрдөн болот. Бирок баяндооч билдирген кыймыл-аракеттин П жак менен эч кандай катышы жок, ошол себептүү сүйлөм да конкреттүү бир жак менен байланышпаган жалпыланган түшүнүктү туюндурат. Мындай түзулуштөгү сүйлөмдөр кекетүү, жекирүү, өкүнүү маанисин берет:

Дагы асылыбыз деп мактанышканын көр (Т.С.). Элге мени кулку кылганын көр! (К.Б.). Мени кордогонун кара! (К.Б.). Эми анын берип жаткан убадасын кара (К.Б.). Кең дүйнөнүн бизге

минтип тар болуп турганын карачы! (К.Б.)

I6) Жаксыз сүйлөмдүн баяндоочу адамдын ички сезимин, психикалык абалын билдируучу, ошондой эле айлана чөйрөнүн көрүнүшүн баяндоочу сөздөрдөн да болот, эгерде тутумдаш баяндооч болсо, анын составына ушундай маанидеги сөздөр катышат. Мындай тузулуштөгү сүйлөмдөр составы боюнча жайылма же жалаң турдө кездеше берет:

Ай, бактысыздык, кедейчилик (К.Б.). - Ой, кандай кызык окуя! (А.Уб.) - Бул эмне деген шумдук! Эмне деген жымжырттык! (К.Б.) Фашисттик баскынчыларга өлүм! Баатырларга түбөлүк даңк!

I7) Мындай маанидеги жаксыз сүйлөмдөрдүн баяндоочу ар турдуу атооч сөздөрдөн кийин айрым бөлүкчөлөрдүн же сырдык сөздүн кошулуп айтылышы менен да уюшулат: Жылкы деген жылкы да! (Ч.А.) Аттиң, ошондогу күз, ай! (Ч.А.) Бактылуу карыя деген ушул да! (Ч.А.) Балдардын билбестиги, ай! (Т.С.)

I8) Жаксыз сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин кээде туюк мамиледеги айрым этиштер аткарат, бирок алар сан жагынан көп эмес: айтуу, жазуу, кабар берүү маанисиндеги гана кээ бир этиштер. Мындай тузулуштөгү жаксыз сүйлөмдөрдүн тутумунда адатта "тууралу", "жөнүндө" деген жандоочтордун катышуусу менен уюшулган кыйыр толуктоочтор да болот:

Ал жомокто кыргыз элинин илгерки турмушу жөнүндө айтылат. Бул макалада жаш акындардын чыгармачылыгы тууралу жазылган.

I9) Туруктуу фразеологиялык айкаштар да жаксыз сүйлөмдөрдүн баяндоочу катары келет:

Үйдөгүлөрдүн кайра боору ооруду (Ч.А.). Мындан бир айдан кийин Чортектин көзү жумулду (К.Б.). Менин жүрөгүм шуу дей түштү (К.Б.). Тамыңдын чалдыбары чыгып калыптыр (Ч.А.).

20) Тилибизде дайыма белгилуу бир составда, белгилуу бир тартипте айтылып журуп, калыптанышып калган туруктуу сөз айкаштары жолугат:

Ким билсин, баары бир, айланса болот, ошондой эле болсун, сөз эмес бекен ж.б. Ушул өңдуу туруктуу сөз айкаштары да жакшы сүйлөмдөрдүн баяндоочу болуп келет:

Анын качан келерин ким билсин (Ч.А.). Ал үчүн азыр баары бир (К.Б.). Деги элге айланса болот (К.Б.) - Карачы! Өкмөттөн айланса болот (А.Т.). - Айланайын, ылайым ошондой эле болсун... (К.Б.) Сөз эмес бекен! (К.Б.) - Мейли, кайда болсо бир өлүм (М.Э.). - Кат келбей калганына да төрт айдын жүзү болду (Т.С.)

ТАТААЛ СҮЙЛӨМДҮН СИНТАКСИСИ

Адамдын башка бирөөгө билдире турган ою структурасы жагынан жөнөкөй түрдө же татаал түрдө болушу мүмкүн. Ушуга байланыштуу андай ой-пикирди тилдик материалдын негизинде туюндуруучу сүйлөмдөр да түзүлүшү жагынан жөнөкөй же татаал формада уюшулат. Башкача айтканда, жөнөкөй түзүлүштөгү ой бир гана предикативдик бирдиктен (единицадан) турган жөнөкөй сүйлөм аркылуу берилсе, татаал ой эки же андан ашык жөнөкөй сүйлөмдүн өз ара байланышынан түзүлгөн татаал сүйлөм аркылуу берилет.

Мисалы: I) Жапар газетаны колуна алды. Анда район боюнча мамлекетке эгин тапшыруунун сводкасында биринчи болуп "Өрнөк" колхозу жазылган болучу (К.Б.). 2) Ушул маселе жетиштүү чечилмейинче, эт комбинаттары толук баалуу эт азыгын чыгара албайт экен. (А.Уб.).

Мында акыркы сүйлөмдө "эт комбинаты сапаттуу продукцияны чыгарууга жетишүү үчүн, алды менен ага байланыштуу башка бир маселелердин чечилиши зарыл" экендиги жөнүндөгү эки (татаал) ой эки жөнөкөй сүйлөмдүн бири-бири менен айкашып айтылышы аркылуу берилген.

Ушинтип жөнөкөй сүйлөмдөр бир нече сөздүн же сөз айкаштарынын өз ара байланышынан түзүлсө, татаал сүйлөмдөр эки же андан көп жөнөкөй сүйлөмдүн айкашынан уюшулуп, бирдиктүү бир татаал ойду билдирет. Башкача айтканда, жөнөкөй сүйлөмдүн курулуш материалы сөз жана сөз айкаштары болсо, татаал сүйлөмдөрдүн курулуш материалы жөнөкөй сүйлөмдөр болуп эсептелет.

Татаал сүйлөмдүн тутумунда келген жөнөкөй сүйлөмдөр өз алдынча турган жөнөкөй сүйлөмгө айрым белгилери боюнча окшош келсе кээ бир белгилери боюнча алардан айырмаланып да турат.

Экөөнүн ортосундагы окшоштук негизинен алардын грамматикалык структурасы (түзүлүшү) менен байланыштуу: татаал сүйлөмгө компонент болуп келген жөнөкөй сүйлөмдө да, өз алдынча турган жөнөкөй сүйлөмдө да (эгерде алар эки тутумдуу сүйлөм болсо) өзүнүн тиешелүү баш мүчөлөрү - ээ менен баяндоочу, болот; эгерде бир тутумдуу сүйлөмдөрдөн болсо, алардын уюшулушуна негиз болгон баяндоочу болот; мындан тышкары экөөнүн тең составында баш мүчөлөрү менен байланышта айтылган ар түрдүү айкындооч мүчөлөр да катышышы мүмкүн.

Салыштыр: Биздин райондун мектептери колхоздун өндүрүш иштерине чоң жардам берип жатат.

Мен согуш жөнүндө экинчи Даниядан эшитеке сураган жокмун, балдар дагы ага тийишип тең аталашканын коюшту (Ч.А.).

Ушуну менен бирге бул жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ортосунда кээ бир айырмачылыктар да бар. Өз алдынча турган жөнөкөй сүйлөмдөр "аякталган интонация" менен айтылып (сүйлөм аягында үн акырындык менен бир кыйла төмөндөп айтылат), толук бүткөн ойду билдирет. Татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр болсо (акыркы сүйлөмүнөн башкалары) "аякталбаган интонация" менен айтылат (Сүйлөм аягында үн бир аз төмөндөп айтылат), ошол себептүү алар толук аяктаган ойду билдире албайт, демек, өз алдынча турган (самостоятельное) сүйлөм боло албайт; тескерисинче, ал бүтүндүн бир бөлүкчөсү гана экендиги, өзүнөн кийин маани жагынан аны менен байланышкан дагы бир сүйлөмдүн бар экендиги сезилип турат. Качан гана ал ошол өзүнөн кийинки башка сүйлөм менен (же сүйлөмдөр менен) тыгыз байланышып, аны менен бирдикте айтылганда гана толук аяктаган бир бүтүн татаал ойду туюндура алат.

Татаал сүйлөмдөрдө "аякталган интонация" бүткүл сүйлөмгө тиешелүү болот, ошол себептүү ал (интонация) дайыма татаал сүйлөмдүн акыр-

кы компонентинин эң аяккы сөзүнө түшүрүлүп айтылат.Бирок татаал сүйлөмдөр туш келген эле жөнөкөй сүйлөмдөрдөн уюшула бербейт. Алар маани жагынан бири-бири менен байланыштуу келген, өз ара шартташып турган бир нече жөнөкөй сүйлөмдүн грамматикалык жактан байланышып айтылышы аркылуу түзүлөт:

Мисалы: Курман үйдө чай ичип отурганда, эшиктен аттын дүбүртү чыгып калды (К.Б.). Караңгылык тарады, жер бети абдан жарык болду.

Булар, биринчиден, маани жагынан өз ара байланыштуу эки жөнөкөй сүйлөмдүн айкалышынан уюшулган: алдыңкы татаал сүйлөмдүн биринчи компоненти экинчи компонентинде айтылган ойдун мезгилин билдирип турат; кийинки татаал сүйлөмдө болсо тутумундагы биринчи жөнөкөй сүйлөм себепти, экинчиси андан чыккан натыйжаны билдирип, өз ара шартташып турат. Экинчиден, жогорку татаал сүйлөмдөрдүн составындагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн биринчисин жалпы контексттен бөлүп алсак, анда ал "аякталбаган интонация" менен айтылат да, натыйжада кандайдыр бир толук аяктаган ойду туюндура албай калат, өзүнөн кийин маани жагынан аны менен байланышкан дагы бир сүйлөмдүн бар экендиги байкалып турат ("Курман үйдө чай ичип отурганда.. "Караңгылык тарады...") Качан гана бул татаал сүйлөмдөрдүн тутумун дагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү өз ара байланыштуу алганда гана, толук аяктаган бирдиктүү татаал ойду билдирет; ал эми сүйлөм үчүн мүнөздүү болгон "аякталган интонация" бүткүл татаал сүйлөмгө тиешелүү болуп, анын акыркы сүйлөмүнүн аяккы сөзүнө түшүрүлүп айтылат.

Мисалы: Сапырылган эгиндин чаңы асманга учуп, топону созулуп куйрук болуп, кызылы Илибай карыянын бет алдына себилип түшүп жатат (К.Б.).

Бул татаал сүйлөмдүн составындагы ар бир жөнөкөй сүйлөм (эң акыркысынан башкалары) "аякталбаган интонация" менен айтылат да, ал эми бүткүл татаал сүйлөм бирдиктүү түрдө туруп, "аяк-

талган интонация" менен, айтылат, б.а. үн сүйлөм аягында акырындык менен бир кыйла төмөндөп айтылат.

Маани жагынан өз ара байланыштуу келген эки же андан ашык жөнөкөй сүйлөмдүн айкалышынан уюшулуп, түзүлүшү, мааниси жана интонациялык жактан бир бүтүн бирдикти түзүп турган сүйлөмдөр татаал сүйлөм деп аталат.

Айтыла турган ойдун структурасына ылайык татаал сүйлөмдөр эки же андан көп жөнөкөй сүйлөмдүн өз ара байланышынан уюшулат. Адатта, анын тутумундагы ар бир жөнөкөй сүйлөмдүн өзүнө тиешелүү грамматикалык ээси жана баяндоочу болот:

I) Макар алга карай жүгүрдү, анын артынан агылып башка жоокерлер да чуркашты (К.Б.).

2) Бир кездерде ошол дөбөнүн үстүндө мектеп болгон имиш, биз анын ордун да көрбөй калдык, бирок кош терактүү дөбөнүн аталышы эл оозунда мурунку бойдон келе жатат (Ч.А.).

3) Мен түгөнбөйм, мен тарыбаймын, мен кенчмин, мен баарыңарга тегиз жетем (Ч.А.).

Бул татаал сүйлөмдөрдүн биринчиси эки, кийинкичи үч, акыркысы төрт жөнөкөй сүйлөмдөн уюшулган жана ар биринин өзүнө тааңдык баш мүчөлөрү бар.

Бирок бардык учурда эле татаал сүйлөмдөрдүн ар бир компонентинде грамматикалык ээ катыша бербейт.

I) Кээде, өзгөчө баяндоочтун милдетин жак мүчө уланган этиш аткарып турган учурда, стилдин талабына ылайык, татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ээси айтылбай да калат. Мындай учурда ээнин кайсы сөз экендиги баяндоочунун аягындагы жак уландыдан ачык билинип турат: Күнү-түнү туутта жүрдүм, аны жакшы билесиң (Н.Б.). Алтынайды жер каратпайм, Курманды

болсо бала кылып багып алам (К.Б.).

2) Эгерде татаал сүйлөмдүн составындагы жөнөкөй сүйлөмдөр билдирген иш-аракет, ой-пикир бир гана субьектиге тиешелүү болсо, анда анын тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн баяндоочтору да бир гана ээге баш иет. Мындай учурда татаал сүйлөмдө жалгыз гана ээ болот:

Чабалекей балдарына жем берип болуп, эс алууга уясында жаткан (К.Б.). Ал азыр ас тартып калды, үчүнчү класста окуйт, айрыкча апасынын көзүнчө токтоо жүрөт (Ч.А.).

3) Айрым учурда татаал сүйлөмдүн ээси айтылбай калган компонентинин грамматикалык субьектиси кайсы сөз экендиги өзүнөн мурунку сүйлөмдүн маанисинен белгилүү болуп турат:

Жарым аралдын чаңы бат эле асманга чыгып, дүмүрөйүп капкара боло түштү (К.Б.). Биз ушул тентек сууну жөнгө салсак, жыргал үчүн кызмат кылат (Т.С.).

Бул татаал сүйлөмдөрдүн экинчи компонентинин грамматикалык ээси жок, бирок биринчи татаал сүйлөмдө "жарым арал", экинчисинде "суу" деген сөздүн ээлик функцияда келе тургандыгы өзүнөн мурунку сүйлөмдүн мазмунунан белгилүү болуп турат.

Татаал сүйлөмдүн компоненттеринин түзүлүшү (структурасы) жөнүндө. Татаал сүйлөмдөр жөнөкөй сүйлөмдүн бардык түрлөрүнөн уюшула берет.

I)Татаал сүйлөмдөрдүн компоненттери жалаң жана жайылма сүйлөмдөрдөн болот: Тамак келди, дасторкон жыйналды, колдор жуулду (К.Б.

Тойчубекке кошулуп Бурулча да келди, бирок ал эмне жумуштап келгенин айткан жок (К.Б.).

2) Кээ бир татаал сүйлөмдөрдүн компоненттеринин бири же экөө

тең татаал сүйлөмдөрдөн болушу мүмкүн: Ат дүбүртү жол үстүн дүңгүрөтүп, тозоң көтөрүлдү; жол үстүнө боз түштү (Т.С.). Ак падыша тагынан кулап, улуктары, чиновниктери жоюлду; генералдары погондорун тытып, армиясы чилдей тарады (Т.С.).

Мында алдыңкы татаал сүйлөмдүн биринчи компоненти татаал сүйлөмдөн, экинчи компоненти жөнөкөй сүйлөмдөн турат. Кийинки сүйлөмдө болсо эки компоненти тең татаал сүйлөмдөн уюшулган.

Эгерде татаал сүйлөмдүн компоненттеринин өзү бул сыяктанып татаал сүйлөмдөрдөн болсо, анын тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн арасына эреже боюнча үтүр коюлат да, ал татаал сүйлөмгө компонент болуп келген татаал сүйлөмдөрдүн чеги (же татаал сүйлөм менен жөнөкөй сүйлөмдүн чеги) үтүрлүү чекит менен ажыратылат; Эгерде бул жерге да үтүр белгисин койсок, анда ал татаал конструкциянын тутумундагы сүйлөмдөрдүн баары бири-биринен жалаң үтүр менен бөлүнүп, анын ичиндеги жөнөкөй сүйлөмдөр менен татаал сүйлөмдөрдүн чегин ажыратуу ишине бир топ кыйынчылык туудурмак.

3/ Кээ бир татаал сүйлөмдөрдүн компоненттеринин бири же экөө тең жалаң гана баяндоочтон (кээде баяндоочко тиешелүү айкындоочу болушу мүмкүн) болуп, өтө кыска структурада жолугат. Алардын айтылбай калган ээси баяндоочтун аягындагы жак мүчөдөн же сүйлөмдүн жалпы маанисинен белгилүү болуп турат: Бербейм, кеткин! (Ч.А.) Келсем - жоксуң. Көрсөтүңүз, ошол замат эле аны үйүңүзгө келтирем (К.Б.). Эп көрсөң, ошого үйлөн (К.Б.).

Мында "Келсем - жоксуң"деген татаал сүйлөмдүн тутумундагы экинчи сүйлөм биринчи сүйлөмгө кескин түрдө карама-каршы мааниде айтылгандыктан, арасына сызыкча коюлган.

4) Айрым татаал сүйлөмдөрдүн бир компоненти же экөө тең бир тутумдуу сүйлөмдөрдөн болушу мүмкүн:

а) Биринчи компоненти жаксыз сүйлөм, экинчиси эки тутумдуу сүйлөмдөн болот: Тегирменге калаа бериш керек, андан көрө өзүм жаргылчакка тартып алам (Ч.А.).

б) Биринчи компоненти жалпылама жактуу сүйлөмдөн болот:

Калпты чындай айтса, чын чычая качат (макал).

в) Биринчи компоненти туюк жактуу сүйлөм, экинчиси жаксыз сүйлөмдөн болот:

Кечээги тигилген көчөттөрдү сындырып кетишиптир, эми анын ордуна жаңы көчөттөрдү отургузууга туура келет.

г) Эки компоненти тең жаксыз сүйлөмдөрдөн болот:

Азыр айтууга болбойт, ыңгайлуу учурду күтүү керек.

д) Эки компоненти тең жалпылама жактуу сүйлөмдөрдөн болот:

Ачыкканга казан астырба, үшүгөнгө от жактырба. Эрди күчүнөн тааныйт, узду ишинен тааныйт (макалдар).

5) Татаал сүйлөмдөрдүн бир же эки компоненти тең атама сүйлөмдөрдөн болушу мүмкүн:

Күн алда качан уясына отуруп, айлана теребелди коюу карангылык чулгаган кез.

Текчеде көп китептер, столдо жазылып бүтө элек барак-барак кагаздар. Шкафта Нурбекке тааныш эмес түрдүү приборлор. Дубалда мыкты алпинисттик кара көз айнек илинип турат)(Ч.А.)

6) Бир же эки компоненти тең кыскартылган баяндоочтуу сүйлөмдөрдөн болушу ыктымал: Асты таш, үстү таш, ортосунда - бышкан аш. Эт-этке, сорпо-бетке. Күч - билекте, кайрат - жүрөктө (макалда

ТАТААЛ СҮЙЛӨМДҮН УЮШУЛУУ ЖОЛДОРУ

Мааниси жагынан өз ара байланыштуу келген жөнөкөй сүйлөмдөр ар түрдүү грамматикалык каражаттар аркылуу бири-бири менен тутумдашып айтылып, бирдиктүү маанидеги татаал сүйлөмдөр уюшулат. Ал грамматикалык каражаттар кайсылар экендиги жана алардын татаал сүйлөмдөрдү түзүүдөгү кызматы кийинчерээк багыныңсыз жана багынычтуу татаал сүйлөмдөрдүн түзүлүшү жөнүндө сөз болгондо кеңири каралат. Азыр бул маселе боюнча окуучуларга жалпы түшүнүк бере кетүү максатында гана ал грамматикалык каражаттарга кыскача мүнөздөмө бере кетмекчибиз.

Татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү бири-бири менен байланыштыруучу негизги грамматикалык каражаттарга төмөнкүлөр кирет:

I) Интонация. Татаал сүйлөмдө эки түрдүү интонация бар: аякталган интонация жана аякталбаган интонация.

Аякталган интонация татаал сүйлөмдүн эң аягына түшүрүлүп айтылып, анын толук аяктаганын билдирет, экинчи жагынан, тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү бир бүтүнгө бириктирип турат.

Аякталбаган интонация болсо татаал сүйлөмдүн тутумундагы ар бир жөнөкөй сүйлөмдүн (эң аяккысынан башкасынын) эң аяккы сөзүнө түшөт да, өзүнүн тыянаксыз айтылышы жана андан кийинки кыскача тыным ал сүйлөмдүн толук аякталбагандыгын, айтылып жаткан ой андан кийин да улантыларын билдирип турат. Ушуну менен бирге мындай саноо иретинде айтылган интонация татаал сүйлөмдүн компоненттерин бири-бири менен байланыштыруу кызматын да аткарат. Мисалы: Аттар чаалыкты, жолоочулар талыкшыды (К.Ж.). Күн ысып турат, койэчкилер таш-таштын көлөкөсүндө жуушап жатат (К.Ж.).

Бул татаал сүйлөмдөрдүн компоненттери бири-бири менен санак интонация (же байланыштыруучу тыным (пауза) аркылуу байланышып турат. Санак интонация менен көбүнчө тутумундагы сүйлөмдөрдүн баяндоочу тыянактуу формада (үч жактын биринде) айтылган тең байланыштагы татаал сүйлөмдөр уюшулат.

2) Татаал сүйлөмдөрдүн компоненттерин ар түрдүү мааниидеги байламталар байланыштырат:

Жаркыраган ай ааламга нурун төктү жана электр шамы да балбылдап жанды (К.Ж.). Төрттө келейин, бирок сиз убакытты так сактаңыз (Ш.Б.). Азыр ашуу бек, же алар машина аркылуу тиги жол менен барабы? (Н.Б.) Каныбек абдан такып сурады, себеби анын көзүнө Эркин сүйгүнчүктүү учурады (К.Ж.).

3)Татаал сүйлөмдүн составындагы багыныңкы сүйлөм өзүнөн кийинки баш сүйлөм менен дайыма баяндоочтук формасы аркылуу байланышат. Тактап айтканда, багыныңкы сүйлөмдүн этиштик баяндоочуна чакчыл -ып, -а(-й),-бай, -ганча (-гыча),-ганы (-галы) --майынча (-майын) мүчөлөрүнүн уланып айтылышы аркылуу:

Кандайдыр укмуштуу ой кылт этип, Нурбек селдее калды (Ч.А.) Күндүн нуру жайыла, комбайнчылар эгин чабууга киришишти. Биз Тогуз-Булакка келгени, бир айдан ашуун убакыт өттү (М.Э.).

4) Багыныңкы сүйлөмдүн атоочтук этиштен турган баяндоочуна жатыш жөндөмөнүн -да мүчөсүнүн уланышы менен: Таятам жомок айтып отурганда, мен ушунун баарын ойлоп отурам (Ч.А.).

5) Атоочтук этиштин кийин, соң, сайын, менен, үчүн, чейин, дейре, бери, тартып деген өндүү жандоочтор менен айкашып келип, баяндоочтук милдетти аткарышы аркылуу: Карымшак аттанары менен, Бозгунчу дагы сөзгө аралашты (Т.С.).Бала там-туң басканга дейре, келин үйдө болду (Н.Б.). Кой сарайлар жылуу болгон үчүн, козулар

чыгашага учураган жок ("СК").

6) Атоочтуктун жатыш жөндөмөдөгү убакта, мезгилде, кезде, учурда, чакта, ченде деген сыяктуу мезгилдик маанидеги сөздөр менен айкашып келип, баяндоочтук милдетти аткарышы менен:

Гүлсары алдына ат салбай чыгып турган чагында, ата-эне жер жарып турат (Ч.А.). Биз жарым аралга жакындай берген учурда, душман бизди замбирек менен ата баштады (К.Б.).

7) Негизги сөзгө эле, экен, эмес деген жардамчы сөздөрдүн айкашып айтылып, баяндоочтук функцияда келиши менен: Ай нуру өзөн ичине чачырай элек, эрте жаздын коңур нуру бир аз нымдуу(Т.С. Жемге тойгон арабанын аттары дыңылдап карылуу экен, бат эле алда кайда узап кеттик (С.Ө.). Жамила жалгыз эмес, ал Айша деген кыз менен бирге келген (К.Б.).

8) -ган формасындагы атоочтукка -дактан мүчөсү жалганып, баяндоочтук милдетти аткарышы аркылуу: Малчылар Чүйгө көчүп кеткендиктен, жайлоонун чөбү кайрадан кулпура баштады.

9) Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин шарттуу ыңгайдын аткарышы аркылуу баш сүйлөм менен байланышат: Акча чөнтөгүмдө болсо, губернаторлорду да бийлетүүгө чамам жетет (К.Бек.). Командири шер болсо, жоокерлери эр болот (К.Ж.).

10) Бир катар багынычсыз татаал сүйлөмдөрдүн ичиндеги жөнөкөй сүйлөмдөрдү өз ара тыгыз байланыштырууда, алардын ортосунда белгилүү бир маанилик катыштын түзүлүшүндө ал сүйлөмдөрдүн орун тартиби да орчундуу ролду ойнойт. Өзгөчө татаал сүйлөмдүн компоненттери биринен кийин экинчиси болгон кыймыл-аракетти, себептен чыккан натыйжаны билдирсе, же экинчиси биринчи сүйлөмдүн мазмунун чечмелеп, тактап турса, же болбосо эки компонентине тең орток болгон жалпы бир мүчөсү болсо ж.б., алардын орун алуу тартиби туруктуу

болот. Эгерде андай сүйлөмдөрдүн ордун алмаштырсак, ортолорундагы синтаксистик байланыш, маанилик катыш бузулат.

Мисалы: Чай ичилип бүттү, дасторконго башка тамактар коюлду (Н.Б.). Бирок башка буюмдар да жоголуп баратат, ошого ич ачышат (Ч.А.). Азыр сенден өтүнүчүм бар: төрүмдөгү меймандар жөнүндө кымындай шек чыгара көрбө (К.Осмо.).Бир кезде иттин үнү да токтолду, карааны да жоголду (А.Т.)

Мында акыркы мисалдагы "иттин" деген аныктооч биринчи сүйлөмдөгү "үнү", экинчи сүйлөмдөгү "карааны"деген аныкталып турган сөздөр үчүн орток, жалпы мүчө.

Эгерде жогорку татаал сүйлөмдөрдүн составындагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ордун алмаштырсак, анда алардын ортосундагы структуралык жана маанилик байланыш бузулат, же начарлайт, же болбосо башкача маани берип калат.

Мисалы: "Ошого ич ачышат, бирок башка буюмдар да жоголуп жатат. Карааны да жоголду, бир кезде иттин үнү да токтолду" деп орун тартибин алмаштырсак, алардын алгачкы мааниси бузулат.

Бирок айрым багынычсыз татаал сүйлөмдөрдө өзгөчө тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдө, компоненттеринин орун алуу тартиби эркинирээк болот, ошол себептүү аларды орун алмаштырып айта берүүгө мүмкүн; андан алардын ортосундагы синтаксистик катыш бузулбайт, айрым стилистикалык өзгөрүүлөр гана болушу ыктымал.

Мисалы: Аба ысык, күн ачык (К.Ж.).—Күн ачык - аба ысык. Менде ык бар, сизде күч бар ("КМ").—Сизде күч бар, менде ык бар. Атама кат жаз, жеңеме салам айт (А.Т.).— Жеңеме салам айт, атама кат жаз. Билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат (макал).—Билими күчтүү миңди жыгат, билеги күчтүү бирди жыгат.

БАГЫНЫҢСЫЗ ТАТААЛ СҮЙЛӨМ ЖАНА БАГЫНЫЧТУУ ТАТААЛ СҮЙЛӨМ ЖӨНҮНДӨ

Татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн өз ара байланышуу жолдору, алардын ортосундагы маанилик катыш жана баяндоочторунун түзүлүш формасы ар түрдүү.

Мисалы: Жапардын ичи бук болду, жүрөгү сокту, деми кысталды (К.Б.). Ал кишинин билгенин биз билбейбиз, ал - доордун булбулу (А.Т.).

Көкүрөктө чердүү кайгылары көп болгондуктан, Анархан менен Дарыяхан да мунduулларга мукамдуу үндөрүн кошушту (К.Ж.). Тишиң адамдыкындай болгону менен, акылың айбанча жок экен (А.Т.).

Мында I,2-татаал сүйлөмдүн составындагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн баяндоочтору тыянактуу формада уюшулган, ошондуктан алардын ар бири белгилүү бир даражада толук аяктаган ойду билдире алат, семантикасы жагынан ал сүйлөмдөр бири-бири менен байланыштуу, бири-бири менен шартташып турат, бирок бири экинчисине багыныңкы мааниде эмес, ар бири белгилүү бир өлчөмдө өз бетинчелигин сактап турат; өз ара интонация аркылуу байланышкан.

Ал эми 3,4 -татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы биринчи сүйлөмдүн баяндоочу тыянаксыз формада уюшулган, ошондуктан аны өзүнчө бөлүп алсак, кандайдыр бир толук аяктаган ойду билдире албайт; мааниси боюнча өзүнөн кийинки сүйлөмгө багынып, биринде ал сүйлөмдө айтылган ойдун себебин көрсөтсө, экинчисинде ага карама-каршы маани берип турат. Тутумундагы биринчи сүйлөм өзүнөн кийинки сүйлөм менен баяндоочтук формасы аркылуу, б.а. -ган формасындагы баяндооч ко -дыктан мүчесүнүн жана "менен" жандоочунун айкашып айтылышы аркылуу байланышкан.

Татаал сүйлөмдөр тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн өз ара байланышуу өзгөчөлүктөрүнө жана ал сүйлөмдөрдүн ортосундагы маани-

лик катыштын мүнөзүнө карай багынычсыз татаал сүйлөм жана багынычтуу татаал сүйлөм деп эки чоң топко бөлүнөт.

Татаал сүйлөмдүн бул эки түрүнүн ортосунда айрым окшоштуктар бар:

I) Багынычсыз татаал сүйлөм да, багынычтуу татаал сүйлөм да маани жагынан өз ара байланыштуу келген эки же андан артык жөнөкөй сүйлөмдөрдүн айкашынан уюшулат.

2) Экөөнүн тең түтумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр маанисн жана интонациялык жактан белгилүү бир бирдикти түзүп, бир бүтүн ойду туюндурат: Караңгылык тарады, жер бети абдан жарык болду (Т.С.). Сен башкарма болгону, бригад болуп иштеп келатам (Т.С.).

Мында биринчиси — багынычсыз, экинчиси багынычтуу татаал сүйлөм. Экөөнүн тең тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр маани жагынан өз ара байланыштуу, өз ара шартташып турат. Ушуну менен бирге, бул татаал сүйлөмдөрдүн составындагы биринчи сүйлөмү аякталбаган интонация менен айтылып, ал баяндалып жаткан ой өзүнөн кийин дагы улантыларын билдирип турат; экинчи жагынан, бул татаал сүйлөмдөрдүн ар бири жалпы жонунан аяктаган интонация менен айтылып, ойдун толук бүткөндүгүн көрсөтүп турат. Ушинтип, бул татаал сүйлөмдөрдү уюштурган жөнөкөй сүйлөмдөр маанисн жана интонациялык жактан бир бүтүндүктү түзүп, бирдиктүү бир татаал ойду түшүндүрүп турат. Эгерде булардын тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү айрым-айрым бөлүп алсак: анда алардын татаал сүйлөмдүн тутумунда туруп туюндурган бирдиктүү маанисн бузулат, ал маанини бере албай калат.

3) Багынычсыз татаал сүйлөмдүн да, багынычтуу татаал сүйлөмдүн да компоненттеринин ортосунда белгилүү бир маанилик (синтаксистик) катыш болот жана алардын туюндурган маанисн көпчүлүк учурда экөөндө тең бири-бирине окшош келет: экөө тең мезгилдик,

салыштыруу, себеп-натыйжалаш ж.б. маанилерди туюндура берет. Мисалы: Таң сүрдү, Бектемир устаканага жөнөдү. Эркеайым үйүнө кетери менен, чоң койчу Эсенди ээрчитип келди (К.Ж.).

Мында эки татаал сүйлөм тең мезгилдик маанини билдирип турат. Ушуну менен бирге багынычсыз татаал сүйлөм менен багынычтуу татаал сүйлөмдөрдүн ортосунда орчундуу айырмачылыктар да бар.

I) Экөөнүн ортосундагы негизги айырмачылык тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн (эң акыркы сүйлөмдөн башкаларынын) баяндоочторунун уюшулуу формасы менен байланыштуу.

Багынычсыз татаал сүйлөмдүн составындагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн баяндоочтору дайыма тыянактуу формада (үч жактын биринде) айтылат.

Багынычтуу татаал сүйлөмдөгү жөнөкөй сүйлөмдөрдүн баяндоочу болсо көбүнчө тыянаксыз формада айтылат. Мисалы:

а) Сен эртең аларды конторго жыйнагын, мен алар менен кеңешме өткөрөйүн (К.Б.),

б) Алгачкы он гектар жер айдалып, үрөнү себилди (Н.Б.).

2) Татаал сүйлөмдүн бул эки түрү тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү бири-бири менен байланыштыруучу грамматикалык каражаттары боюнча да айырмаланышат.

Багынычсыз татаал сүйлөмдөрдүн компоненттери: а) санак интонациянын жардамы менен байланышат, б) багындырбас байламталар (бириктирүүчү, каршылагыч, ажыраткыч) аркылуу түтүмдашат.

Мисалы: а) Эртеси күн бүркөлдү, туман түштү, борошолоп кар жаады (К.Б.) (Санак интонация). Үйдө чечен - жоодо жок (макал) (каршы коюу интонациясы). Анын мойнуна тагылган кызматы бар: ал айылаткомунун катчысы (Т.С.)(түшүндүрүү интонациясы).

б) Полу сырдалган жана дубалдары акталган (К.Б.). Түн ортосу небак ооп кеткен, бирок уйку келбейт (Ч.А.). Мен быйыл отпуска

убагында жайлоого чыгам, же курортко барып эс алам.

Багыныңтуу татаал сүйлөмдөрдүн компоненттери : а) тутумундагы биринчи сүйлөмдүн (же сүйлөмдөрдүн) баяндоочтун формасы аркылуу байланышат.Башкача айтканда,алардын этиштик баяндоочуна чакчыл мүчөлөрдүн,айрым жөндөмө мүчөлөрдүн (ган +дык+тан,ган+да), шарттуу ыңгайдын-са мүчөсүнүн,жандоочтордун,ошондой эле кээ бир башка кызматчы сөздөрдүн айкашып айтылышы менен байланышат.

Мисалы:Почточу чал антип-минтип жооп кайтарганча,тигилер жетип келишти (Ч.А.).Ошол жылы күздө малдуулар кыштоого көчүп өткөндөн кийин, биздин айылга аскер шинель кийген бир чоочун жигит келди (Ч.А.). Данияр бутун сүйрөп траптан түшкөндө,күтүп турган эл тең жарыла бериштн (Ч.А.). Айдын жарыгы тоо-тоонун чокуларына чачырай баштаган учурда , короодогу койлор эмнегедир дыр үркту (Н.Б.).

б) Багындыргыч байламталар аркылуу байланышат: Мал кыш бою колго карап калды, себеби быйыл суук катуу болду ("СК".). Анархан экөөбүзгө ишенбей келе жатышы да мүмкүн, ошондуктан маселени өзү менен кеңешели (К.Ж.).

в) Кээде эскертүү маанисиндеги интонация аркылуу байланышат. Мындай учурда татаал сүйлөмдүн биринчи компонентинин баяндоочу адатта тыянактуу формада айтылат, бирок экинчи компоненти маани жагынан өзүнүн алдындагы биринчи сүйлөмгө баш ийип, анда айтылган ойдун себебин көрсөтүп тургандыктан ,сүйлөм багыныңтуу татаал сүйлөм болот .

Мисалы: Биздин коркок билишибиз жок: планды өз мөөнөтүндө аткарып койгонбуз.

3) Багынычсыз татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр маани жагынан белгилүү бир өлчөмдө өз бетинчелигин сактайт жана синтаксистик жагынан өз ара тең укуктуу келет:

Анын үнү каргылданып чыкты, көзү жашка толо түштү (А.Т.). Сенсиз менин күнүм жок, сен киши болор бекенсиң? (А.Т.).

Багыныңтуу татаал сүйлөмдөрдө болсо тутумундагы биринчи сүйлөм экинчисине семантикасы жагынан да, синтаксистик жагынан да баш ийип, анын маанисин ачып, ар түрдүү белгисин (сыпатын, мезгилин, шартын ж.б.) билдирип турат. Ушул өзгөчөлүктөрүнө карай,

багыныңтуу татаал сүйлөмдөрдүн составындагы биринчи жөнөкөй сүйлөм (сүйлөмдөр) өз бетинчелигин, тең укуктуулугун толук сактай албайт: Жакшылап үрөн себилсе, бул жерге ак буудай жер көтөргүс болор (Т.С.). Каныш үйдөн чыккыча, камка кобурап тигиндей узай берди (Т.С.).



БАГЫНЫЧСЫЗ ТАТААЛ СҮЙЛӨМ

Тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн бири экинчисине мааниси жана грамматикалык жактан багынбай, өз ара тең укукта байланышып, синтаксистик түзүлүшү, мааниси жана интонациялык жактан бир бүтүн бирдикти түзүп турган сүйлөмдөр багынычсыз татаал сүйлөм деп аталат.

Багынычсыз татаал сүйлөмдүн составындагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн баяндоочтору дайыма тыянактуу формада (үч жактын биринде) айтылат, ошол себептүү алар синтаксистик жагынан белгилүү бир өлчөмдө өз бетинчелигин сактап, грамматикалык жактан өз ара тең укуктуу келет. Ушундан улам багынычсыз татаал сүйлөмдүн компоненттери баш жана багыныңкы сүйлөм болуп бөлүнбөйт.

Мисалы: Ай аркан бою көтөрүлдү, жылкылар көк жашыл бетке жайылып чыкты. Ай нуру өзөн ичине чачырай элек, эрте жаздагы аба бир аз нымдуу (Т.С.). Мен Атабектин баласымын, сен Айтике сарык эмессиңби? (А.Т.).

Бирок багынычсыз татаал сүйлөмдүн компоненттери "өз бетинчелигин сактайт", "өз ара тең укуктуу келет" деген пикирге шарттуу түрдө кароо керек. Андай сүйлөмдөрдүн компоненттерин бир-бири менен байланыштырбай, ар бирин өзүнчө бөлүп алып караганда гана алар "белгилүү бир өлчөмдө өз бетинчелигин сактайт" деп айтууга болот. Бирок ошондой болсо да булардагы "өз бетинчелик", "тең укуктуулук" кадимки өз алдынча колдонулган жөнөкөй сүйлөмдөрдөн айыр-

малуу, Анткени багынычсыз татаал сүйлөмдөр, адатта , маани жагынан бири-бири менен байланыштуу, өз ара шартташып турган жөнөкөй сүйлөмдөрдүн айкашынан уюшулат да, түзүлүшү, семантикасы жана интонациялык жактан бир бүтүндүктү түзөт. Демек, алардын составындагы жөнөкөй сүйлөмдөр мазмуну жагынан дайыма өз ара байланышта болот. Ушундан улам, жогоруда белгиленгендей, татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы биринчи сүйлөм (же сүйлөмдөр) дайыма "аяктабаган интонация"менен айтылып, өзүнөн кийин дагы бир сүйлөмдүн айтылары сезилип турат. Ал эми сүйлөм үчүн мүнөздүү болгон, ойдун толук бүткөндүгүн билдирүүчү "аяктаган интонация" ар дайым татаал сүйлөмдүн аягына түшөт.

Өз алдынча колдонулган жөнөкөй сүйлөмдөрдө болсо, алардын ар бири өзүнчө "аяктаган интонация"менен айтылып, толук аяктаган ойду билдирет жана өз бетинчелигин да толук сактайт.

Салыштыр: а) Ал бир боо куурай көтөрүп кирип келди, үй ичине шаттык, кубаныч кирди (К.Б.). Сарайга мен да жеттим, мага удаалаш Саткын да жетти (Н.Б.).

Бул татаал сүйлөмдөрдүн ичиндеги жөнөкөй сүйлөмдөрдүн баяндоочтору тыянактуу формада уюшулган, ошондуктан аларды бири-биринен оңой эле ажыратып айтууга болот. Бирок анда алар татаал сүйлөмдүн тутумунда туруп туюндурган бирдиктүү бир бүтүн ойду бере албай калат. Экинчи жагынан, булардын составындагы жөнөкөй сүйлөмдөр маани жагынан өз ара байланыштуу: биринчи татаал сүйлөмдө биринчи компоненти себепти, экинчиси андан келип чыккан натыйжаны көрсөтүп турат; кийинки татаал сүйлөмдүн компоненттери болсо биринен кийин экинчиси удаалаш болгон кыймыл-аракетти билдирип турат. Эгерде булардын тутумундагы "мага удаалаш Саткын да жетти" "үй ичине шаттык, кубаныч кирди" деген жөнөкөй сүйлөмдөрдү бөлүп алсак, анда "Саткындын каякка же эмнеге жеткендиги", "үй ичиндеги

кубанычтын эмне себептен пайда болгондугу" түшүнүксүз болуп калар эле. Ушинтип, багынычсыз татаал сүйлөмдөрдүн компоненттери, багынычтуу татаал сүйлөмдөрдүнү сыяктанып, мааниси жана грамматикалык жактан бири экинчисине багынып турбаса да, көпчүлүк учурда алар баары бир (тең мааниле татаал сүйлөмдөрдөн башкалары) мааниси боюнча өз ара байланыштуу келип, бири-бири менен шарт ташып турат, бири айтылбай калса, экинчи компоненти толук түшүнүк бере албай калат. Багынычсыз татаал сүйлөмдүн компоненттерин өз ара тыгыз байланышта алганда гана бирдиктүү бир бүтүн ойду туюндура алат.

б) Мен эмне айтарымды билбей калдым. Көздөрүм тунара түштү. Ордума келип отурдум. Ойлорум алыска-алыска чабыттады (Р.Бөлөкбаева).

Бул кыскача текст өнчөй жөнөкөй сүйлөмдөрдөн түзүлгөн. Алардын ар бири "аяктаган интонация" менен айтылып, толук бүткөн ойду билдирип турат, ар бири - өз бетинчелигин сактаган жөнөкөй сүйлөмдөр.

Кээ бир багынычсыз татаал сүйлөмдөрдүн биринчи компонентиндеги айрым сүйлөм мүчөсү экинчи компонентиндеги белгилүү бир сөз менен да байланышта айтылып, эки сүйлөмгө тең орток мүчө катары колдонулат.

Мисалы; Атты камчым менен айдаба, жем менен айда (макал). Мен-менсиген улуу тоо төрт ирет өзгөрдү, төрт ирет муздан күбөктагынды (Т.С.).

Мында биринчи сүйлөмдөгү "атты" деген толуктооч-экинчи жөнөкөй сүйлөмгө да орток толуктооч. Экинчи татаал сүйлөмдүн биринчи компонентиндеги "улуу тоо" деген грамматикалык ээ экинчи компоненти үчүн орток ээ.

Бир катар багынычсыз татаал сүйлөмдөрдө биринчи сүйлөмдөгү айрым сөздүн (сөз айкашынын) ордуна экинчи сүйлөмдө белгилүү бир ат атооч колдонулуп айтылат, натыйжада ал эки сүйлөмдүн ортосундагы өз ара байланыш дагы да бекемделет.

Мисалы: Ага өлгөндөн кийин баатыр деген атак берилген, аны өзүң да билерсиң (А.Т.).

Мен Москвага биринчи жолу келдим, мындай жайды түшүмдө да көргөн эмесмин (А.Т.).

Мында биринчи сүйлөмдөгү "баатыр деген атак берилген" деген сөз тизмегинин ордуна экинчи сүйлөмдө "аны" деген ат атооч колдонулган. Экинчи татаал сүйлөмдүн биринчи компонентиндеги "Москвага" деген сөздүн ордуна "мындай жайды" деген сөз айкашы колдонулган.

Бул сыяктуу түзүлүштөгү багынычсыз татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр бири-бири менен маани жагынан гана тыгыз байланышта болбостон, структурасы (түзүлүшү) боюнча да өз ара карым-катышта болот. Ошол себептүү жогорку татаал сүйлөмдөрдүн компоненттерин күч менен бири-биринен бөлүп алып карасак, анда алардын "жем менен айда", "төрт ирет муздан күбөк тагынды","аны өзүң да билерсиң","мындай жайды түшүмдө да көргөн эмесмин" деген экинчи компоненттери кандайдыр бир ырааттуу, толук түшүнүктү бере албай калар эле.

Демек, багынычсыз татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр маани жагынан белгилүү, бир өлчөмдө "өз бетинчелигин сактайт", грамматикалык жактан өз ара тең укуктуу" деген нерсе андай сүйлөмдөргө мүнөздүү болгон жалпы гана белгилер болуп эсептелет. Бирок жогоруда көрсөтүлгөндөй, бул белгилер кээ бир багынычсыз татаал сүйлөмдөр үчүн анчалык мүнөздүү болбой калышы да

мүмкүн. Себеби бир катар багынычсыз татаал сүйлөмдөрдүн компоненттери, багынычтуу татаал сүйлөмдөрдүкү сыяктанып, бири экинчисине семантикасы жана грамматикалык жактан багынып турбаса да, маани жактан алар өз ара тыгыз байланышта болуп, бири-бири менен шартташып турушат.

Кыргыз тилиндеги багынычсыз татаал сүйлөмдөр компоненттеринин өз ара байланышуу жолдоруна карай эки топко бөлүнөт: байламтасыз багынычсыз татаал сүйлөм, байламталуу багынычсыз татаал сүйлөм.

БАЙЛАМТАСЫЗ БАГЫНЫЧСЫЗ ТАТААЛ СҮЙЛӨМ

Мындай татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр бири-бири менен тиркеше айтылып, ар түрдүү интонациянын жардамы аркылуу байланышат: Терезеде шоола жок, аны жамгыр каккылайт, үйдүн ичи жымжырт (Ч.А.). Жаман жигит жак сактайт, жакшы жигит эл сактайт (макал). Бул багынычсыз татаал сүйлөмдөрдүн ичиндеги жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара кандайдыр бир байламтанын же байламта сөздүн жардамы менен байланышкан жок; алар бири-бирине тиркеше айтылып, санак интонация аркылуу тутумдашып турат.

Кыргыз тилиндеги байламтасыз багынычсыз татаал сүйлөмдөр туюндурган семантикалык катыш ар түрдүү. Мындай сүйлөмдөрдүн түрдүүчө маанини билдириши көбүнчө алардын составдык бөлүктөрүнүн ортосундагы карым-катыштын мүнөзү менен, компоненттеринин структуралык-семантикалык өзгөчөлүктөрү, лексикалык составы жана баяндоочторунун грамматикалык формасы менен тыгыз байланыштуу болот.

Байламтасыз багынычсыз татаал сүйлөмдөрдү компоненттеринин ортосундагы маанилик катыштын өзгөчөлүктөрүнө карай төмөнкүдөй топторго бөлүүгө болот:

мезгилдеш багынычсыз татаал сүйлөм, себептеш, каршылаш, салыштырма, түшүндүрмөлүү, шартташ, орун, бөлсомол багыныч-сыз татаал сүйлөмдөр.

Мезгилдеш багынычсыз татаал сүйлөм

Мезгилдеш багынычсыз татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр бир мезгилде болгон, же биринен кийин экинчиси удаалаш болгон (ырааттуу түрдө болгон), же болбосо ар башка мезгилде болгон кыймыл-аракетти, окуяны, көрүнүштөрдү билдирет.

Маани жагынан болгон ушул өндүү өзгөчөлүктөрүнө карай сүйлөмдүн бул түрү бир мезгилдеш, ырааттуу мезгилдеш жана ар мезгилдеш сүйлөмдөр болуп, үч түргө бөлүнөт.

I. Бир мезгилдеш багынычсыз татаал сүйлөмдөрдүн компоненттери бир мезгилде, бир учурда болгон аракет, окуя, көрүнүштөр жөнүндө баяндайт.

I) Мындай маанидеги татаал сүйлөмдөрдүн компоненттеринин баяндоочтору көбүнчө бирдей чактык мааниде, бирдей жакта айтылат.

а) Составындагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн баяндоочторунун милдетин көбүнчө өткөн чактагы этиштер (айкын өткөн чак, жалпы өткөн чак, капыскы жана адат өткөн чак) аткарат:

Анын денеси салмактанды, башы каңгырап ооруй баштады(К.Б.). Көңүлү караңгылады, акылы, алы кетти (К.Б.).

Үстүнкү көчөдөгү үйлөрдүн терезелериндеги жарык алда качан өчкөн, иттердин күнкүлдөп үргөнү да алда качан басылган (Ч.А.). Айдоодагы кеңиптир, койлоруна төл кошулуптур (Т.С.).

б) Компоненттеринин баяндоочторунун милдетин учур чактагы

этиштер аткарат:

Танабай мейманда отурат, Гүлсары топ аттардын арасында кантарылып байлоодо турат (Ч.А.). Улуу тоонун бөрүсүндөй кез-кез бороон улуйт, борошо сапырылат (Т.С.). Ага болбой закымдап күндөр өтүп жатыры, күткөн кез жакындап келе жатыры (Ч.А.).

в) Баяндоочторунун милдетин аз да болсо келер чактагы этиштер да аткарат:

Эртең биз чөп чабыкка чыгабыз, силер чөмөлө саласынар. Босогонду кең аттап таалай келет, жоокер тонун кийинген балан кирет. (Т.С.).

Бул татаал сүйлөмдөр да бир учурда, бирге болгон кыймыл-аракетти көрсөтүп турат.

2) Кээде бир мезгилдеш багынычсыз татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн биринин баяндоочу учур чак формасында, экинчисиники өткөн чак формасында айтылат. Бирок баары бир үстүбүздөгү учурда, бир мезгилде болгон кыймыл-аракет, көрүнүш жөнүндө кабар берет:

Мисалы: Акиянын чекеси тердеп алган, жүрөгү дик-дик согот (Т.С.).Экөөнөрдүн атанар согушта курман болду, үчөөнөрдүн атанар согушуп жүрөт (Ч.А.). Жел токтобоптур, күртку үстүндө кар тозоңу удургуйт (Ч.А.). Эки жагынан сүрөгөн эки жигит жылоолоп тартып барат, калгандары туш-тушунан коргоп алган (Ч.А.).

3) Айрым учурларда мындай татаал сүйлөмдөрдүн биринчи компонентинин этиштик баяндоочунан кийин экен, элек жардамчы этиштери айкашып келет да, кийинки компонентинин баяндоочу өткөн чакта же учур чакта айтылат: Жетинчи класстын кыздарын ээрчите келген экен, арасында Мырзагүл жүрөт (Ч.А.). Өтүп бараткан элек, бизди жал-жал карады (Т.С.). Жердин тону кете элек, жаздын жаны кире элек, күңгөй беттеги жылымдаган топурак менен сарытып

эриген коңулдагы кардын жыты келет (Ч.А.).

4) Бир мезгилдеш багынычсыз татаал сүйлөмдөрдүн компонент-теринин биринин баяндоочунун милдетин этиш, экинчи компонентинин баяндоочунун милдетин ар түрдүү атооч сөздөр аткарат.

а) Мындай учурда бир компонентинин баяндоочу сын атоочтон экинчисиники баяндагыч ынгайдагы этиштен болот да, сүйлөм азыркы учурда болуп жаткан аракет, көрүнүш тууралуу кабар берет:

Ашкананын ичи көңүлдүү, чоң-чоң терезелеринен күн нуру себилет (Т.С.). Асман көрүнбөйт, жааган кардан теребел боз чаар (Ч.А.). Ай нуру өзөн ичине чачырай элек, эрте жаздагы аба бир аз нымдуу (Т.С.).

б) Баяндоочтору этиштен жана тактоочтон болот:

Абышка дале жылаңбаш, үстүндөгү ак бешманты ого бетер күнгө чагылышат (Т.С.). Аттар да табына келди, кош-сокосу кошумча тиштери менен даяр (Ч.А.).

в) Кээде баяндоочтору этиштен жана зат атооч, жамдоо сан же шилтеме ат атоочтон болот:

Бир сыйрасы согуштан кайтпады, башкасы өз ажалынан кетти, көзү тирүүлөрү болсо төрүнөн көрү жуук болуп үй-үйүндө (Ч.А.). Биздин чыгым бирөө, эки киши жеңил жарадар болду (А.Т.). Өзүңүз баарын көрүп-билип турасыз, анан айтканыңыз бул (Ч.А.).

г) Бир мезгилдеш багынычсыз татаал сүйлөмдөрдүн ар бир компонентинин баяндоочунун милдетин сын атоочтор аткарат:

Гүлсарынын башында чоочун жүгөн катылуу, үстүндө чоочун ээр токулуу (Ч.А.). Асман ачык, аба укмуштуудай таптаза (Т.С.). Элпек Гүлнардын көз карашы жароокер, үнү сүйкүмдүү (Т.С.).

д) Ар бир компонентинин баяндоочунун милдетин зат атоочтор кээде ат атоочтор, тактоочтор аткарат; сүйлөм ошол учурдагы

көрүнүш, абал жөнүндө кабар берет:

Апам—дүкөнчү, атам— орто мектепте мугалим (Б.Байбеков). Акмандын тебетейи колунда, үстүндө кийгени кыргызча тик жака тигилген ак бешмант (Т.С.). Бул колхоздун чатагы да мен, тартагы да мен, баарысы мен (Т.С.). Жигит тек турмушка ыраазы, үй-бүлөсүнө ыраазы (Т.С.).

Ушуну менен бирге, мындай маанидеги татаал сүйлөмдөрдүн компоненттеринин ар биринин баяндоочу ар түрдүү сөз түркүмдөрүнөн да болушу мүмкүн: Жакасы кирдебирээк калган. Өңү азыңкы, кебетеси үрпөйүңкү, колуна нармаганы - беш илик айры (Т.С.).

Мында 1,2-сүйлөмдүн баяндоочунуны милдетин - сын атооч, 3-сүйлөмдүкүн зат атооч аткарып турат.

Айлана түн, айлана ээн, ал жалгыз (Ч.А.). Булардын баяндоочторунун милдетин сын атооч жана тактооч аткарып турат.

е) Айрым учурларда бир мезгилдеш багынычсыз татаал сүйлөмдөрдүн бир компонентинин баяндоочу этиштен же атооч сөздөн болот да, экинчи компонентинин баяндоочунун милдетин "бар" деген сөз аткарат: -Ыбрайым ферме келатат, жанында дагы бир бала бар (Ч.А.). Куйругу сополураак, жалы тайкыраак, мунун да мандай уюлунда элүү тыйындык күмүштөй кашкасы бар (Т.С.).

ж) Компоненттеринин биринин баяндоочунун милдетин "жок" деген сөз аткарат, же анын этиштик баяндоочуна "жок" сөзү айкашып айтылат; кийинки компоненттеринин баяндоочу этиштен же атооч сөздөрдөн болот:

Дубалдарындагы терезе деген оюктарында айнек жок, короо ичинде шамал ойнойт (Ч.А.). Ал отурчу капшыт аңгырап ээн, каткырып күлгөн күлкүсү, бак-бак сүйлөгөн тамашасы жок (Т.С.).

Бектурган экинчи сүйлөгөн жок, суу мончоктой жашы кубанган жүзүнөн куюла берди (А.Т.).

з) Кээде мезгилдеш багынычсыз татаал сүйлөмдөрдүн бардык компоненти же компоненттеринин бири атама сүйлөмдөрдөн болушу да мүмкүн. Мындай учурда да алар сөз жүрүп жаткан убактагы кандайдыр бир көрүнүштү билдирет:

Кыш. Ак кар, көк муз, көзгө сайса көрүнгүс караңгы түн (К.Б.). Үстүндө жакасы ачык ак көйнөк, колоң чачы ийнине төгүлүп турат (Ч.А.).

2. Ырааттуу мезгилдеш багынычсыз татаал сүйлөмдөр биринен кийин экинчиси удаалаш болгон иш-аракетти, окуяны, көрүнүштү билдирет.

Мындай маанидеги татаал сүйлөмдөрдүн баяндоочторунун милдети


а) көбүнчө өткөн чактагы этиштер, аз да болсо келер чектагы этиштер аткарат:

Дагы эшик ачылды, үйгө Зарыл менен Касейин кирди (Т.С.). Заман жаңырды, мийзам өзгөрдү (Т.С.). Мени жакадан алды, мен да жакалап жооп бердим (М.Э.). Согуш да бүтөр, жоокерлер да кайтар, анан биздин той да болор (К.Б.). Эми күн жылыйт, адам акка, мал көккө жетет (Ч.А.).

б) Багынычсыз татаал сүйлөмдүн экинчи компонентинин составында дагы удаа, удаалаш, анан, кийин, анын артынан, андан кийин ж.б. деген сыяктуу тактоочтордун жана сөз айкаштарынын жардамы менен да сүйлөм биринин артынан экинчиси удаалаш болгон кыймыл-аракетти, окуяны билдирет: Макар алга карай жүгүрдү, анын артынан агылып башка жоокерлер да чуркашты (К.Б.). Сарайга мен да жеттим мага удаалаш Саткын да жетти (Н.Б.). Чай ичилип бүттү, андан

3. Ар мезгилдеш багынычсыз татаал сүйлөмдөр кыймыл-аракеттин же окуянын ар башка мезгилде болгондугун билдирет. Мындай маанидеги татаал сүйлөмдөрдүн баяндоочторунун милдетин да ар түрдүү чактагы этиштер аткарат. Ушуну менен бирге сүйлөм составында көбүнчө кийин, бир топтон кийин, бир далайдан кийин жана ар түрдүү мезгилдик маанидеги башка сөздөр (жайында— кышында, октябрде-ноябрде, эртең-бүрсүгүндөн деген сыяктуу ж.б.) кошулуп айтылат.

Мисалы: Суу түшө электе бул орунда Мырзагүл отурчу, кийин



I) Көбүнчө биринчи компоненти— себепти, экинчи компоненти андан чыккан натыйжаны туюндурат. Мындай учурда алардын баяндоочторунун милдетин:

а) негизинен өткөн чактагы этиштер аткарат; айрым учурда экинчи компонентинин баяндоочу ар түрдүү ыңгай категориясындагы этиштерден да болуп калат: Ал бир боо куурай көтөрүп кирип келди, үй ичине шаттык, кубаныч кирди (К.Б.). Бирок экөөнүн тең чолосу болбоду, ээн отурып, эркин сүйлөшө алышпады (Ч.А.). Сүрөөнгө кубат алган жорго чыйрала түштү, марага октолуп демдүү чыгып

барды (Ч.А.). Убакыт аз калды, мен жооп берейин (А.Т.).

б) Баяндоочторунун милдетин келер чактагы же учур чактагы этиштер аткарат; кээде экинчи компонентинин баяндоочу башка сөздөрдөн боло берет: Жүндүн баары планга төгүлөт, колхоздо бир грамм да жүн калбайт (Ч.А.). Ээсинин кыймылын Гүлсары да сезе коёт, арылдап жоргосун күүлөп жиберет (Ч.А.). Жер күйүп баратат, мага суунун баары керек (Ч.А.). Эртең мектеп окуучулары да жардамга келет, жашылчаларды отоо сөзсүз бүтөт.

в) Кээде биринчи компонентинин этиштик же атоочтук баяндоочуна "экен" жардамчы этиши айкашып келет, экинчи компонентинин баяндоочу болсо өткөн чак же учур чакта айтылат:

Анан калса маралыңдын сүрү да катуу болот экен, муундарым калтырай баштады. Танабай чарчап калган экен, энтиккенин баса албай көпкө отурду (Ч.А.). Жемге тойгон арабанын аттары дыңылдап карылуу экен, бат эле алда кайда узап кеттик (С.Өмурб.). Бала аябай чаалыккан экен, бакылдаган үндү сезбей катуу уктап жатат.

г) Биринчи компонентинин баяндоочу атооч сөздөрдөн, экинчисиники учур чак, келер чактагы этиштерден болот:

Биз четте жүргөн кишибиз, көп нерсени билбейбиз (Ч.А.). Сугатчылар Каратайга нааразы, аны жек көрүшөт (Ч.А.). Башкарма деген баарыбыздын башчыбыз, аны сыйлашыбыз керек (Ч.А.). Кышкысын жер тоң, арык казылбайт (Ч.А.).



БОЖОМОЛ БАГЫНЫЧСЫЗ ТАТААЛ СҮЙЛӨМ

Мындай маанидеги татаал сүйлөмдөрдүн акыркы компоненти туюнтурган ой-пикирдин туулушуна түрткү болуп турган биринчи компоненттиндеги иш-аракеттин болгон-болбогондугу болжолдуу, күмөндүү түрдө көрсөтүлөт.

Мындай татаал сүйлөмдөрдүн биринчи компоненттеринин баяндоочу суроолуу "-бы" формасындагы сөздөрдөн болот, бирок ал сөз суроо маанисинде эмес, болжолдоо маанисинде колдонулат. Эгерде компоненттери бир нече жөнөкөй сүйлөмдөн болсо, алар кээде бири-бири менен "же" байламтасы аркылуу байланышып айтылат. Мындай учурда сүйлөмдөгү божомолдоо мааниси дагы да айкыныраак сезилип турат:
Элдин бетин көптөн бери көрбөгөндүктөнбү, же мендеги айрым кубанычтардын күчтүүлүгүнөнбү, улам ойлонуп, кайра уктоо менен таңды аран аттырдым (К.Ж.). Мени аядыбы, же башка бир ой ойлодубу, кыз унчукпастан кабинага түштү (Ч.А.).

Мындай түзүлүштөгү багынычсыз татаал сүйлөмдүн тутумуна көпчүлүк учурда "айтор" деген модаль сөз кошулуп айтылып, сүйлөмдөгү болжолдоо маанисин дагы да күчөтүп көрсөтөт:

Негедир ошол калың ойдун ичинде Эдигейге туюк сезим айттыбы, айтор Зарипа эмдигиче эрге тийгендир деп ойлоду (Ч.А.). Бирөө үйрөттүбү, же өз оюна келдиби, айтор бала мени ата дей турган болду (Ч.А.).

КАРШЫЛАШ БАГЫНЫЧСЫЗ ТАТААЛ СҮЙЛӨМ

Мындай татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр семантикалык жактан бири-бирине кайчы, карама-каршы мааниде айтылат.

Мисалы: Акылдуу элге тартат, акмак тууганга тартат (макал). Мейли күгөндөр күлө берсин, мен барам (Ч.А.).

Мында биринчи татаал сүйлөмдө адамдагы эки түрдүү сапат бири-бирине карама-каршы түрдө салыштырылып жатат. Экинчи татаал сүйлөмдө болсо биринчи бөлүктө айтылган ойго экинчи бөлүгүндөгү ой карама-каршы коюлуп турат.

Карама-каршы, кайчы маанидеги багынычсыз татаал сүйлөмдөр өзгөчө макал-лакаптарда көп кездешет. Анткени макал, лакаптарда көпчүлүк учурда турмуштагы оң жана терс көрүнүштөр өз ара карама-каршы планда салыштырылып көрсөтүлүп, жакшы жактарынан үлгү алууга, терс көрүнүштөрдөн качууга үгүттөйт. Ал эми мындай маанини берүүдө каршылаш багынычсыз татаал сүйлөмдөр өтө ийкемдүү колдонулары белгилүү.

Каршылаш багынычсыз татаал сүйлөмдөр негизинен төмөнкүдөй жолдор менен уюшулат:

I. Багынычсыз татаал сүйлөмдүн компоненттеринин составына карама-каршы маанидеги антоним сөздөрдүн катышып айтылышы аркылуу уюшулат. Көбүнчө ар бир компонентинде экиден кем эмес антоним же кайчылаш маанидеги сөздөр болот да, алардын ичинен биринчи антонимдер аркылуу эки түрдүү нерсе, көрүнүш, сапат, кубулуш бири-бирине карама-каршы коюлуп айтылат да, андан кийинки экинчи антоним же кайчылаш маанидеги сөздөр аркылуу алардын ортосундагы айырмачылык көрсөтүлөт; натыйжада каршылаш

маанидеги татаал сүйлөм уюшулат.

Мисалы: Дос күйдүрүп айтат, душман сүйдүрүп айтат (макал). Жакшы таап сүйлөйт, жаман каап сүйлөйт (макал).

Бул сүйлөмдөрдөгү "дос—душман", "жакшы-жаман" деген антонимдер аркылуу эки түрдүү сапаттык белги бири-бирине карама-каршы коюлуп турат; ал эми алардан кийинки "күйдүрүп—сүйдүрүп" деген антонимдер жана "таап-каап" деген кайчылаш маанидеги сөздөр биринчи антонимдер билдирген түшүнүктөрдүн (киши) өз ара айырмачылыктарын көрсөтүп турат.

Лексикалык жол менен, башкача айтканда, антонимдердин катышуу су менен уюшулган татаал сүйлөмдөрдүн компоненттеринин баяндооч-тору көбүнчө бирдей эле сөздөн же бирдей формадагы сөздөрдөн болот

Мааниси боюнча, баяндоочторунун семантикасына жана сүйлөмдүн лексикалык составына карай:

I) Биринчи компоненттеги субьектинин иш- аракетине экинчи компоненттеги субьектинин иш-аракети кайчы (карама-каршы) келерин билдирет: Билген суу ичет, билбеген уу ичет. Акылдуу элге тартат, акмак тууганга тартат (макалдар).

2) Биринчи компоненттеги субьектинин сапаттык ж.б. белгисине экинчи компоненттеги субьектинин сапаттык белгиси карама-каршы коюлат: Көз коркок, кол баатыр. Ачуу —душман, акыл— дос. Балалуу үй— гүлүстөн, баласыз үй —көрүстөн (макалдар).

Кыскасы, каршылаш багынычсыз татаал сүйлөмдөрдө дайыма биринчи бөлүгүндө айтылган ой-пикирге экинчи бөлүгүндө айтылган ой - пикир кайчы, карама-каршы мааниде айтылат:

Жаманда достук жок, жакшыда кастык жок. Жашында берсин мээнетти, карыганда берсин дөөлөттү (макалдар).

2.Каршылаш багынычсыз татаал сүйлөмдөр өз компоненттеринин биринин баяндоочунун оң формада, экинчисиникинин терс формада айтылышы аркылуу уюшулат. Эгерде баяндоочу этиш сөздөрдөн болсо, терс маани = ба мүчөсүнүн уланышы менен берилет; атооч сөздөрдөн болсо, ага тангыч "эмес" сөзүнүн айкашып айтылышы аркылуу берилет. Мындай структурадагы татаал сүйлөмдөрдө:

а) биринчи компонентинин баяндоочу оң формада, экинчи компонентиники терс формада айтылат; семантикасы боюнча андай татаал сүйлөмдөрдүн биринчи бөлүгү бир нерсени ырастоо, экинчи бөлүгү тануу, жокко чыгаруу маанисин берет: Киши жаманы кирип - чыкканча билинет, өз жаманы өлгөнчө билинбейт (макал). Көзү сокурга жолук, көкүрөгү сокурга жолукпа (макал). Атасы аскерге кетерде он чакты жандыгы бар эле, эми бири да калбаптыр (Ч.А.).

б) Баяндоочу биринчи компонентте терс формада, экинчи компонентинде оң формада айтылат да, сүйлөм тануу = ырастоо маанисинде колдонулат: Көп жашаган билбейт, көптү көргөн билет. Оор иштен коркпо, оор сөздөн корк (макалдар). Анын баары жылкы баласынын эсинде калбады, адам баласынын эсинде калды (Ч.А.)

в) Биринчи компонентинин баяндоочу ар түрдүү чактагы этиштерде болуп, оң мааниде айтылат да, экинчи компонентинин баяндоочу =а формасындагы чакчылга "элек" жардамчы этишинин айкашып келиши менен уюшулуп, терс мааниде айтылат. Семантикасы боюнча, биринчи сүйлөмдөгү айтылган ойго экинчи сүйлөмдөгү корутунду пикир карама-каршы келет:

Жаз айы аяктап баратат, мал али көккө тоюна элек.Күн чоң шашке болуп калды, Султан дагы эле тура элек. Жакында жаңы окуу жылы башталат, мектептин ремонту болсо алиге бүтө элек.

3.Татаал сүйлөмдүн компоненттеринин баяндоочтору атооч сөз-

дөрдөн болсо, биринчи компонентинин баяндоочунан кийин тангыч "эмес" сөзү айкашып айтылат да, сүйлөм тануу = ырастоо маанисин билдирет: Сулуу-сулуу эмес, сүйгөн сулуу. Берген баатыр эмес, алган баатыр (макалдар). Бул энеге айтылуучу түш эмес, бул-кыздын жүрөгүндө сакталуучу сыр (Т.С.).

4.Биринчи компонентинин баяндоочу оң мааниде айтылып,экинчи компонентинин баяндоочунун милдетин тангыч "жок" сөзү аткарат; сүйлөм жалпы жонунан ырастоо =тануу маанисин берет:

Баш кесмек бар, тил кесмек жок (макал). Чыгым көп, кириш жок (Ч.А.). Курбулары келатат, өзү жок (Ч.А.). Танабай оозуна келген бирдемелерди күбүрөй берди, Гүлсары бирин да укkан жок (Ч.А.).

5. Айрым учурларда бул сыяктуу татаал сүйлөмдөр билдирген карама-каршы, кайчы маани алардын тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн маанилик катышы аркылуу берилет. Башкача айтканда, ал жөнөкөй сүйлөмдөр өзүлөрүнүн ички маани боюнча эле бири-бирине карама-каршы, кайчы мааниде турат.

Мисалы: Ит үрө берет, кербен жүрө берет. Айдаганы козулуу ко ышкырыгы таш жарат (макалдар). Түн ортосу ооп кетти, коноктор болсо дале сүйлөшүп олтурушат.

Бул сүйлөмдөрдүн составында карама-каршы маанини билдирүүчү антоним сөздөр же терс маанидеги формалар жок; андай маани өз компоненттеринин семантикалык жактан бири-бирине карама-каршы, кайчы мааниде турушу аркылуу берилип жатат.

Кээ бир каршылаш багынычсыз татаал сүйлөмдөрдүн ар бир компоненти же компоненттеринин бири татаал сүйлөмдөрдөн болушу мүмкүн: Байдын нээти кара, колу ак; кедейдин колу кара, нээти ак (макал). Жалгыз өлсө, чуу чыкпайт; жар ураса, суу чыкпайт (макал). Алтын да - таш, таш да - таш; алтындай болбойт башка таш (макал).

Мында биринчи каршылаш багынымсыз татаал сүйлөмдүн биринчи, компоненти да, экинчи компоненти да бир мезгилдеш багынычсыз татаа сүйлөмдөн, экинчи багынычсыз татаал сүйлөмдүн эки компоненти тең шарттуу багыныштуу татаал сүйлөмдөн; ал эми үчүнчү татаал сүйлөмдүн биринчи компоненти бир мезгилдеш багынычсыз татаал сүйлөмдөн, экинчи компоненти жөнөкөй сүйлөмдөн түзүлгөн.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, багынычсыз татаал сүйлөмдөрдүн компоненттеринин өзү да татаал сүйлөмдөн түзүлсө, анын тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн арасына үтүр (,) коюлат да, багынычсыз татаал сүйлөмдүн компоненттери катары келген татаал сүйлөмдөрдүн арасына үтүрлүү чекит (;) коюлат. Жогорку мисалдарды караңыз!

САЛЫШТЫРМА БАГЫНЫЧСЫЗ ТАТААЛ СҮЙЛӨМ

Мындай татаал сүйлөмдөрдө компоненттери билдирген кыймыл-аракет, окуя, кубулуш, ар түрдүү белгилер өз ара салыштырылып, окшоштурулуп, теңештирилип көрсөтүлөт.

Мындай мааниде багынычсыз татаал сүйлөмдөр өзгөчө макал, лакаптарда көп кездешет. Дыйкандын түбү кенч, соодагердин түбү - борч. Аттын сыры ээсине маалым, кыздын сыры төркүнүнө маалым (мака

Макал, лакаптарда учуроочу салыштырма багынычсыз татаал сүйлөмдөрдө айрым сөздөр көпчүлүк учурда эки компонентте тең кайталанып айтылат жана бирдей грамматикалык формада, бирдей синтаксистик функцияда келет. Бул өңдүү кайталоолор жана сөздөрдүн бирдей грамматикалык формада айтылышы ал сүйлөмдөргө эскпрессивдик маани берип турат.

Салыштырма багынычсыз татаал сүйлөмдөрдүн ар бир компонентини баяндоочу:

I) оң жана терс формадагы учур-келер чак этиштерден болот:

Эрди намыс өлтүрөт, коёнду камыш өлтүрөт. Тоо арасын суу бузат, эл арасын чуу бузат. Билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат. Эл сагынбас эр болбойт, жер сагынбас ат болбойт (макалдар).

2)Компоненттеринин баяндоочторунун милдетин арсар келер чактагы этиштер аткарат: Айрылган эл азар, кошулган эл озор. Соолбос өмүр болбос, сынбас темир болбос (макал).

3)Баяндоочторунун милдетин сын атооч аткарат: Булуттан чыккан күн ачуу, жамандан чыккан сөз ачуу. Кандын каары жаман, жыландын заары жаман. Ары жок күлкүчү, санаасы жок уйкучу (макалдар).

4) Аз да болсо тактоочтор аткарат: Баштуу тойдун ыры көп, башсыз тойдун чыры көп. Достун жаны бирге, туугандын малы бирге (макалдар).

5) Бар, жок деген сөздөр аткарат: Өөпкө бергис такыр бар, байга бергис жакыр бар. Туягы бүтүн тулпар жок, канаты бүтүн шумкар жок (макал).

6) Баяндоочторунун милдетин -дай формасындагы сын атоочтор аткарып да, салыштырма багынычсыз татаал сүйлөмдөр уюшулат:

Келериңде дүнүйө толукшуп чыккан айдайсың,
Кетериңде дүнүйө суу жетпеген сайдайсың (Токтогул).

Табышың күмүш үнүндөй,
Таасириң жаздын күнүндөй.
Таалайга жалгыз бүткөнсүң
Талаанын кызыл гүлүндөй (А.Т.).

7) Кээде компоненттеринин составына салыштыруу маанисиндеги ар түрдүү сөздөрдүн (андан көрө, артык, сонун, бийик ж.б.) катыштырылып айтылышы менен да салыштырма багынычсыз татаал сүйлөмдөр уюшулат:

-Ошо чатыры чамыран болсун, а көрө курмушу үйдө турганым артык (Ч.А.). Силердин тамыңар жепирейип жапыз көрүнөт экен, биздики силердикинен алда канча бийик.

Айрым учурларда салыштырма багынычсыз татаал сүйлөмдөрдүн ар бир компонентинин өзү да татаал сүйлөмдөрдөн болушу мүмкүн. Мындай учурда компонент катары келген татаал сүйлөмдөрдүн составындагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн арасына үтүр коюлат, ал эми багынычсыз татаал сүйлөмгө компонент болуп келген татаал сүйлөмдөрдүн аралыгына үтүрлүү чекит коюлат: Шагылы болбой, зоо болбойт; шайыры болбой, эл болбойт (макал). Көзүң ооруса, колуңду тый; ичиң ооруса, тамагыңды тый (макал).

ТҮШҮНДҮРМӨЛҮҮ БАГЫНЫЧСЫЗ ТАТААЛ СҮЙЛӨМ.

Багынычсыз татаал сүйлөмдүн бул түрүндө анын биринчи компоненти белгилүү бир иш-аракет, окуя жөнүндө жалпыланган түшүнүктү билдирет да, экинчи компоненти анын маанисин тактап, толуктап түшүндүрүп турат.

Мындай мааницеги татаал сүйлөмдөрдүн биринчи компоненти созулуңку тыным менен (эскертүү интонациясы менен) айтылат да, жазууда ал жерге кош чекит коюлат; ал эскертүү интонациясы менен кош чекит өзүнөн кийин биринчи сүйлөмдүн маанисин толуктап, чечмелеп турган экинчи бир сүйлөмдүн айтыларын алдын ала эскертип билдирип турат. Мисалы: Анын төлөгөйи тегиз: маңдайында баласы, өмүрлүккө баш кошкон жан жолдошу отурат(Ч.А.).

I)Түшүндүрмөлүү багынычсыз татаал сүйлөмдөрдө көбүнчө биринчи компоненти жалпыланган мааниде болот да, экинчи компоненти анын маанисин тактап, толуктап турат:

Айымжанга да анча эмес: колунда кыз да болсо Зарылы, келини Бурма бар (Т.С.).

Иш кычап турган экен: келим-кетим үзүлбөйт (Ч.А.).Танабайдын анте турган да кишиси жок: болгон тууган-туушканы башка айылда турат (Ч.А.).

Бул багынычсыз татаал сүйлөмдөрдүн экинчи бөлүгү биринчи бөлүгүндө айтылган ойду толуктап, тактап, анын маанисин чечмелеп түшүндүрүп турат.

. 2) Айрым учурларда мындай татаал сүйлөмдөрдүн экинчи компоненти биринчи компонентинин айрым мүчөлөрүнүн (мис.,баяндоочтун, баяндоочтук топтун ж.б.) маанисин толуктап, тактап түшүндүрөт:

Мырзагүл жалгыз эмес: үч кыз менен келатыптыр (Ч.А.). Баарыбыз ошондойбуз: жакшыны унутабыз, жаманды эстейбиз (Ч.А.).А чынында алиги адамдар Танабайга бөлөк-бөтөн эмес: экөө-ага-ининин балдары (Ч.А.).

Бул татаал сүйлөмдөрдүн экинчи компоненттери биринчи компоненттериндеги "жалгыз эмес", "ошондойбуз", "бөлөк-бөтөн эмес" деген баяндоочтордун маанисин толуктап, тактап турат.

Бале болсо алдыда эки күлүк жеткирбей барат: бири буурул көк, бири жээрде (Ч.А.).

Мында татаал сүйлөмдүн экинчи бөлүгү биринчи бөлүгүндөгү "эки-күлүк" деген ээнин маанисин тактап турат.

3) Айрым түшүндүрмөлүү багынычсыз татаал сүйлөмдөрдүн экинчи бөлүгү, жогоруда көрсөтүлгөндей, биринчи бөлүгүнүн маанисин толуктап, тактап көрсөтпөстөн, ага кошумча түшүнүк берет.

Мисалы: Соңку каты келгенине бир жарым ай болуп калды, андан бери кабар жок (Ч.А.). Анатайдын үйү көченүн учунда эле, алар жалгыз аяк жол менен ээрчишип баратты (Ч.А.).Нургазы таякеси тоодо чабан, коңшу совхоздун малын багат (Ч.А.).

Бул багынычсыз татаал сүйлөмдөрдүн экинчи компоненти биринчи компонентинин маанисин тактап турган жок, тек гана ага кошумча

түшүнүк, ал жөнүндө кошумча маалымат берип турат.

4) Түшүндүрмөлүү багынычсыз татаал сүйлөмдүн өзгөчө бир түрү бар. Ал кээде "чечме сүйлөм" деп да аталып жүрөт. Мындай татаал сүйлөмдөрдүн биринчи бөлүгү жалпыланган түшүнүктү билдирет да, кийинкилери анын маанисин ачып, конкреттештирип, чечмелеп турат.

Бул өндүү багынычсыз татаал сүйлөмдөрдүн биринчи компонентинин маанисин көбүнчө бир нече жөнөкөй сүйлөм чечмелеп түшүндүрөт:

Үйдүн ички жасалгасы кирсе чыккысыз: төргө килем жайылган, эки капшытка туш кийиздер тартылган, ортодогу эки катар столго газета, журналдар жайылган (Т.С.). Жолоочуларга андан ары жолду узартууга мүмкүнчүлүк болбоду: узак жол жүрүштү, ат-көлүктөрү чаалыкты, уйкулары келди, карындары да ачты.

Бир нече атама сүйлөм чечмелеп турат: Ал күздүн күнкүдөн бетер жеңил кийинген: бутунда базар өтүк, үстүндө жука жүн жалатылып ичтелген баркыт бешмант (Т.С.).

Бир өңчөй мүчөлүү жөнөкөй сүйлөм чечмелейт:
Республикабызда маданий - агартуу мекемелери өстү: жүздөгөн клубдар, окуу үйлөрү, китепканалар, илимий мекемелер бар ("СК"). Менин айтайын дегеним бул: эмне кылсаң да бүгүн бул газета,журналдарды тоодогу малчыларга жеткир.

Кээде биринчи компонентинин маанисин татаал сүйлөм чечмелеп тактайт: Маасылкан Муратты тамакка да жарытпайт: ак көңүлү кармаган күнү бир сындырым нан берет, болбосо кезертип эчтеме бербей тим коет (К.Б.).

ШАРТТАШ БАГЫНЫЧСЫЗ ТАТААЛ СҮЙЛӨМ

Мындай маанидеги багынычсыз татаал сүйлөмдөрдүн биринчи компоненти белгилүү бир шартты, экинчи компоненти ал шарттан келип чыга турган натыйжаны туюндурат.

Мындай татаал сүйлөмдөрдүн биринчи бөлүгүнүн баяндоочунун милдетин, адатта, буйрук ынгайдагы этиштер, экинчи бөлүгүнүн баяндоочунун милдетин келер чактагы этиштер аткарат.

Багынычсыз татаал сүйлөмдүн бул түрүндө шартты билдирип турган биринчи бөлүгү көтөрүңкү үн менен айтылат, ал шарттан чыккан натыйжаны билдирген экинчи бөлүгү ага караганда басыңкы үн менен айтылат; эки сүйлөмдүн ортосунда кыска тыным (пауза) болот. Жазууда компоненттеринин арасына сызыкча коюлат.

Мисалы: Алган милдеттенмеңди ашыра орундат — "Ардак тактага" жазыласың. Жогорку окуу жайын ийгиликтүү бүт — жакшы адис болуп чыгасың. Бул жерде эске алып коё турган нерсе: эгерде мындай түзүлүштөгү багынычсыз татаал сүйлөмдүн биринчи компоненти шарттык мааниде колдонулуп турган болсо, ага шарттуу ынгайдын -са мүчөсүн улап айтууга болот.

Мисалы: Улуунун сөзүн ук (уксаң) — жамандык көрбөйсүң.

Шартташ багынычсыз татаал сүйлөмдөр тилибизде өтө сейрек учурайт.

ОРУН БАГЫНЫЧСЫЗ ТАТААЛ СҮЙЛӨМ

Бул маанидеги багынычсыз татаал сүйлөмдөр да тилибизде сейре учурайт. Алардын тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр кыймыл-аракеттин болгон ордун же кандайдыр бир нерсенин жайгашкан жерин билдирет. Алардын тутумунда мейкиндик маанисиндеги сөздөр же сөз айкаштар катышып айтылат:

Өзүмдүн жолдоштorум Элебес, Шамбеттер кайда барат, мен да ошол жакка барам (Т.С.).

Биздин айыл тээтиги тоонун арасында, сен ошол жерде төрөлгөнсүң (А.Т.). Күч билекте, кайрат жүрөктө (макал).

Бул жерде сүйлөмдүн составындагы "кайда"—"ошол жакка","тээтиги тоонун арасында"—"ошол жерде" деген мейкиндик маанидеги сөз жана сөз айкаштары, ошондой эле жатыш жөндөмөдөгү "билекте" "жүрөктө" деген сөздөр ал сүйлөмдөргө орундук маани берип турат.

Байламтасыз багынычсыз татаал сүйлөмдөрдө коюлуучу тыныш белгилер

Байламтасыз багынычсыз татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ортосундагы маанилик катыш жана алардын структу-

расы түрдүүчө болот. Ошого жараша анын составындагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн арасына үтүр, кээде үтүрлүү чекит, айрым учурларда кош чекит же сызыкча коюлат.

I) Үтүрдүн коюлушу. Байламтасыз багынычсыз татаал сүйлөмдүн көпчүлүгүнүн (мезгилдеш, себептеш, каршылаш, салыштырма, мезгил, орун, кезектеш багынычсыз татаал сүйлөмдөрдүн) тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн арасына негизинен үтүр белгиси коюлат:

Жакында бак-даректар бүчүрлөйт, анан майрам болот ("ЖЛ".) (ар мезгилдеш багынычсыз татаал сүйлөм). Эгин күйүп баратат, эртеңден калбай сугаруу керек (Себептеш). Баш кесмек бар, тил кесмек жок (Каршылаш). Эл менен эр көгөрөт, суу менен жер көгөрөт (Салыштырма) ж.б.

Ушуну менен бирге айрым багынычсыз татаал сүйлөмдөрдүн компоненттеринин арасына жогоруда белгиленгендей, үтүрлүү чекит, кош чекит, сызыкча да коюлуп калат.

2) Үтүрлүү чекиттин коюлушу. а) Эгерде багынычсыз татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн бири же баары тең составы жагынан жайылыңкы келип, алардын өз ичинде коюлган үтүр белгилери болсо, ал үтүр аркылуу бөлүнгөн синтаксистик бирдиктер менен татаал сүйлөмдүн компоненти болуп келген жөнөкөй сүйлөмдөрдү бири-бири менен чаташтырбоо үчүн, ал ар бир жөнөкөй сүйлөмдүн чеги үтүрлүү чекит менен ажыратылат.

Мисалы: Чүкөбай Зууранын кайратына, акыл-эсине ишенди; орундуу ишин көрүп, олуттуу сөзүн угуп, ошондой болууга тырышты; мурунку шашкалак = күйкөлөгү калды (К.Б.).

б) Байламтасыз багынычсыз татаал сүйлөмдүн ар бир компоненти же компоненттеринин бири татаал сүйлөмдөрдөн болсо, анын тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн арасына, эреже боюнча, үтүр коюлат да,

татаал сүйлөмгө компонент болуп келген ар бир татаал сүйлөмдүн (же татаал сүйлөм менен жөнөкөй сүйлөмдүн) чеги үтүрлүү чекит менен ажыратылат:

Ак падыша тагынан кулап, чиновниктери жоюлду; Генералдары погондорун тытып, армиясы чилдей тарады (Т.С.). Ат дүбүртү жол үстүн дүңгүрөтүп, тозоң көтөрүлдү; жол үстүнө боз түштү (Т.С.).

3) Кош чекиттин коюлушу. а) Түшүндүрмөлүү багынычсыз татаал сүйлөмдөрдө жалпыланган маанини берип турган биринчи компонентинен кийин дайыма кош чекит коюлат да, андан кийин анын маанисин тактап, толуктап, чечмелеп турган экинчи компоненти айтылат:

Жигит өларман көрүнөт: башкалардай жалакайлык да кылган жок, качкан да жок (К.Б.). Мен дүйнөдөн үч нерсени жаман көрөм: биринчиси - калп айтуу, экинчиси-кытмырлык, үчүнчүсү -ичи тарлык (Н.Б.).

б) Себептеш багынычсыз татаал сүйлөмдөрдө эгерде биринчи бөлүгү себепти, экинчи бөлүгү андан чыккан натыйжаны билдирсе, анда биринчиси кадыресе жай интонация менен (кабарлоо интонациясы менен) айтылат да, андан кийин кыскараак тыным болот. Жазууда мындай "себеп— натыйжа" маанисиндеги багынычсыз татаал сүйлөмдүн компоненттеринин арасына үтүр коюлат: Жер күйүп баратат, мага суунун баары керек (Ч.А.).

Себеп багынычсыз сүйлөмдүн эмне үчүн коюлганын эмес өзүнүн

3) Сызыкчанын коюлушу. а) Шартташ багынычсыз татаал сүйлөмдөрдө шартты билдирип турган биринчи сүйлөмү көтөрүңкү үн менен, ал шарттан келип чыккан натыйжаны билдирген экинчи сүйлөмү ага караганда басыңкы үн менен айтылат; эки сүйлөмдүн ортосунда ачык тыным болот. Ушул себептүү жазууда компоненттеринин арасына сызыкча коюлат:

Менин сөзүмдү ук — баары жайында болот.

б) Каршылаш багынычсыз татаал сүйлөмдөрдүн компоненттеринин бири экинчисине жайынча гана кайчылаш (карама-каршы) мааниде айтылса, араларына дайыма үтүр коюлат:

Көп көлдөтөт, аз чөлдөтөт. Ат арытмак арзан, журт арытмак, кымбат (макал).

Эгерде каршылаш багынычсыз татаал сүйлөмдүн экинчи компоненти биринчи компонентинде айтылган ойго кескин түрдө карама-каршы келген жыйынтыкты, иш-аракетти билдирсе, араларына сызыкча коюлат. Оозеки речте мындай татаал сүйлөмдөрдүн биринчи бөлүгүнөн кийин ачык тыным болот:

Турумбектин күйкөсүн каргага салып, таппай калдык. Ташка барабыз, бадалды карайбыз — күйкө жок (Т.С.). Буту жок - жүрөт, тили жок — сүйлөйт (табышмак).

в) Байламтасыз багынычсыз татаал сүйлөмдүн экинчи компоненти биринчи компонентинде айтылган ойдун жыйынтыгын, натыйжасын билдирсе, компоненттеринин арасына сызыкча коюлат:

Алар акыры өлдүм дегендер - жан аяшпайт (Т.С.). Арыдым - алым кетти, чарчадым - жаным кейиди. Чакырды - келдим (Т.С.).

г) Мындай татаал сүйлөмдүн экинчи бөлүгү биринчи бөлүгүндө айтылган ойду жалпылап, ага кошумча толуктоо, кошумча түшүндүрмө берип турса да, араларына сызыкча коюлат:

Жыгачка, темирге - экөөнө тең колу жөндөмдүү — усталыгы бар (С.Ө.)Ушул жылы жаштар катарына мүчө болуп өткөнү жүрөт—жашы он алтыда (Т.С.).

БАЙЛАМТАЛУУ БАГЫНЫЧСЫЗ ТАТААЛ СҮЙЛӨМ

Кыргыз тилиндеги байламталар синтаксистик функциясына карай багындырбас байламталар жана багындыргыч байламталар болуп эки топко бөлүнөт.

Байламталуу багынычсыз татаал сүйлөмдүн компоненттери өз ара багындырбас байламталар (бириктирүүчү, каршылагыч, ажыраткыч байламталар) аркылуу байланышып, мазмуну жана структурасы жагынан бир бүтүндүктү түзөт.

Багындырбас байламталар мындай татаал сүйлөмдөрдүн компоненттерин бири-бири менен структуралык жактан бекем байланыштыруу менен бирге, алардын ортосундагы ар түрдүү маанилик катышты да ачык белгилеп турат.

Мисалы: Жоргосуна жакын баргысы келди, бирок батына албады (Ч.А.). Бүгүн тоодогу малчыларга чыгабыз, же ойдогу сокочуларга барабыз.

Мында бирок , же байламталары, биринчиден, татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү бири-бири менен байланыштырып турса, экинчи жагынан, бирок байламтасы ал жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ортосундагы карама-каршы маанини дагы да бекемдеп, күчөтүп турат; же байламтасы болсо татаал сүйлөмдүн компоненттери билдирген иш-аракеттердин ичинен бирөөнүн болорун ажыратып, чектеп көрсөтүп турат.

Байламталуу багынычсыз татаал сүйлөмдөр да, өз компоненттеринин арасындагы маанилик катыштын мүнөзүнө карай, негизинен мезгилдеш, карама-каршы, ажыраткыч жана башка ушул сыяктуу ар

түрдүү маанини туюндурат. Ал эми байламталар болсо татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ортосундагы жогоркудай маанилик катыштарды (мезгилдеш, карама-каршы ж.б.) дагы да дааналап көрсөтүп турат.

Мындай татаал сүйлөмдөрдүн ар түрдүү маанини билдириши, негизинен, анын тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ортосундагы маанилик катыштын мүнөзү менен, алардын составында айрым лексикалык элементтердин колдонулушу менен, баяндоочторунун чактык мааниси менен жана ал сүйлөмдөрдү тутумдаштырып турган байламталардын синтаксистик мааниси менен тыгыз байланыштуу болот.

Байламталуу багынычсыз татаал сүйлөмдөрдүн составындагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү багындырбас байламталардын төмөнкүдөй түрлөрү: бириктирүүчү байламталар - да, дагы, жана, ары; каршылагыч байламталар – бирок, а, ал эми, анткени менен, антсе да, ошондо да, ошентсе да, ошондой болсо да, ажыраткыч байламталар – же, же болбосо, болбосо байланыштырат.

Багындырбас байламталар аркылуу тутумдашкан татаал сүйлөмдүн компоненттери мааниси жагынан бири экинчисине көз каранды болуп, багынып турбайт; алар өз ара бирдей даражада, тең укуктуулукта колдонулат. Ошол себептүү багындырбас байламталар да татаал сүйлөмдүн бөлүктөрүнүн бири экинчисине багыныңкы мүнөздө экендигин билдирбейт, алар тек гана жөнөкөй сүйлөмдөрдү өз ара тутумдаштырып, алардын ортосундагы ар түрдүү маанилик катышты: бириктирүүчү, карама-каршы, ажыратуу ж.б. маанилерди дааналап чагылдырып турат.

БИРИКТИРҮҮЧҮ БАЙЛАМТАЛУУ БАГЫНЫЧСЫЗ СҮЙЛӨМ

Бириктирүүчү байламталар(жана, да (дагы), ары) маани жагынан өз ара байланыштуу келген жөнөкөй сүйлөмдөрдү бир татаал сүйлөмгө бириктирүүдө орчундуу роль ойнойт. Булардын жардамы менен

түзүлгөн татаал сүйлөмдөр көбүнчө мезгилдеш маанини туюндуруп, бир мезгилде же биринен кийин экинчиси удаалаш болгон кыймыл-аракет жөнүндө баяндайт.

„Жана" байламтасы аркылуу уюшулган татаал сүйлөмдөр тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн маанилик катышына карай:

I) Бир мезгилде болгон иш-аракетти, окуяны, абалды көрүнүштү билдирет. Мындай маанидеги татаал сүйлөмдөрдүн компоненттеринин баяндоочтору бирдей чактык формада атылат.

Мисалы: Жаркыраган ай ааламга нурун төктү жана электр шамы да балбылдап жанды (К.Ж.). Анын денеси салмактанды жана башы каңгырап ооруй баштады (К.Бект.).

2) Биринин артынан экинчиси удаалаш болгон кыймыл-аракетти, абалды билдирет:

Ал мени тааныды жана ууртунан жылмайып койду (К.Б.). Бир кышка жетерлик отун да келтирилди жана эки күндөн соң көмүр да түшүрүлдү (Т.С.).

Мында экинчи сүйлөмдө бир иш аякталып бүткөндөн кийин экинчи кыймыл-аракеттин аткарылгандыгын "эки күндөн соң" деген сөз айкашы ачык билдирип турат.

"Жана" байламтасы аркылуу уюшулган багынычсыз татаал сүйлөмдөр тилибизде аз учурайт.

„Да" (дагы) байламтасы тутумдаштырган багынычсыз татаал сүйлөмдөрдө да көбүнчө:

I) биринчи компоненти мурун болгон кыймыл-аракетти, окуяны, кубулушту билдирет да, экинчи компоненти андан кийин, бирок аны менен удаалаш болгон иш-аракетти билдирет:

Кулак кескендей үй ичи жымжырт боло түштү да, "Майдан маршын" Касейин черте баштады (Т.С.).

Анан темир-терсегин жыйнап ордунан турду да,алиги ыргытып жиберген кишенди кайра барып таап келди (Ч.А.).

2) Айрым учурда татаал сүйлөмдүн эки компоненти тең бир мезгилде, бир учурда болгон кыймыл-аракетти, окуяны туюндурат:

Пионерлердин бир даары көлгө түшүүгө кетишти да, бир даары тоодон гүл терүүгө жөнөштү (М.Жанг.). Бүгүн окуучулардын бир тобу тоодо чөмөлө салышты да, экинчи тобу ойдо жашылча отошту.

„Ары" байламтасы да татаал сүйлөмдөрдү уюштурууга сейрек катышат. Мунун катышуусу менен түзүлгөн татаал сүйлөмдөрдүн компоненттери да негизинен бир мезгилде болгон иш-аракетти, көрүнүштү баяндайт; ошону менен бирге "ары" байламтасы ал татаал сүйлөмдүн экинчи бөлүгүнө бир аз күчөтүү маанисин да берип турат:

Керим сабакты жакшы билет, ары көпчүлүк ишине да активдүү катышат. Күн суук, ары жол узак (К.Ж.).Кечке маал эки колум карыша баштады, ары башым да зыңылдайт (Н.Б.).

КАРШЫЛАГЫЧ БАЙЛАМТАЛУУ БАГЫНЫЧСЫЗ СҮЙЛӨМ

Каршылагыч байламталардын катышуусу менен уюшулган татаал сүйлөмдөрдүн экинчи бөлүгү биринчи бөлүгүндө берилген ойго кайчы, карама-каршы мааниде айтылат.

Каршылагыч байламталарга төмөнкүлөр кирет: бирок, а, ал эми, анткени менен, антсе да, ошондо да, ошентсе да, ошондой болсо да.

I. "Бирок" байламтасы аркылуу уюшулган багынычсыз татаал сүйлөмдөрдүн биринчи сүйлөмүндөгү ойго экинчи сүйлөмүндөгү ой, кубулуш,окуя кайчылаш мааниде айтылат.

Мындай татаал сүйлөмдөрдөгү кайчылаш же карама-каршы маани:

а) негизинен анын тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ички маанисине байланыштуу келип чыгат. Башкача айтканда, ал жөнөкөй

сүйлөмдөр өзүлөрүнүн маниси боюнча эле бири-бирине кайчылаш мааниде болот.

Мисалы: Мен да ага окшоп жесир калмак элем, бирок өзүң аман-эсен келдиң (Ч.А.). Мурдатан ойлоп жүргөндөрүн жазмак, бирок кагазга үңүлөр замат сөздөрүнүн байланышы үзүлүп-үзүлүп кетет (Ч.А. Мектебиңер суук экен, бирок самандан башка берер менде отун жок. (Ч.А.).

Бул татаал сүйлөмдөрдү уюштурган "бирок" байламтасын сүйлөм составынан бир азга алып коё туруп кәрасак дале, баары бир ал татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы биринчи сүйлөмдөгү ойго экинчи сүйлөмдөгү ой кайчы мааниде колдонулгандыгы сезилип турат; ал эми "бирок" байламтасы ал кайчылаш, карама-каршы маанини дагы да күчөтүп, дааналап көрсөтүп турат.

б) "Бирок" байламтасы аркылуу тутумдашкан жөнөкөй сүйлөмдөрдүн составына өз ара кайчы маанидеги сөздөр катышып айтылып да, карама-каршы маанидеги татаал сүйлөм уюшулат: Сен жашсың, бирок жүрөгүң эрдикиндей (А.Т.). Ефремов катаал киши, бирок адилдиги да бар (Ч.А.), Анчалык кымбат деле эмес, бирок көркөмү менен артык алар (Ч.А.).

в) Бул байламта менен уюшулган багынычсыз татаал сүйлөмдүн компоненттеринин биринин баяндоочу терс формада айтылганда, алардагы карама-каршы маани өзгөчө даана билинип турат: Эмне болсо да он чактысын автомат менен жайлап жибергим келет, бирок командир уруксат бербейт (А.Т.). Балам үчүн менин көз жашым оор деп түшүнөт, бирок аны баладан жашыруурга күчү келбейт (А.Т.). Козубек да кетмекчи болду, бирок аны Сабиткан кетирбеди (К.Б.).

2. "Антсе да", "анткени менен" деген байламталардын жардамы менен түзүлгөн татаал сүйлөмдөрдө да анын биринчи компонентинде

айтылган ой-пикирге экинчи компонентиндеги иш-аракет, факты карама-каршы мааниде айтылат:

Таятам кыйла жашка келди, антсе да ал карылыкка жеңдире элек (М.Абд.). Түн ортосу ооп кетти, анткени менен отурган жаштар уйкуга алдыра турган эмес (К.Ж.).

3. "Ошентсе да", "ошондой болсо да", "ошондо да" байламталары менен тутумдашкан татаал сүйлөмдөрдүн экинчи компоненти да биринчи сүйлөмү билдирген ойго кайчылаш келген ой-пикирди туюндурат: Жолоочулар талыкшыды, аттар чаалыкты, ошондой болсо да көздөп келе жаткан айылга чукулдашты (К.Ж.). Эне кургурга балдарынын баары бирдей ысык эмеспи, ошентсе да ортончум Майсалбегим менен көбүрөөк сыймыктанар элем (Ч.А.). Ал бир жума суу сугарды, ошондо да кабагым-кашым дебеди.

4. "Болбосо" байламтасы аркылуу уюшулган багынычсыз татаал сүйлөмдөрдө эгерде биринчи компоненти билдирген иш-аракет аткарылбаса же аткарылбай калса, анда угуучунун же сүйлөөчүнүн оюна ниетине карама-каршы келген кандайдыр бир тескери жыйынтык чыгарын билидерт. Мындай татаал сүйлөмдөрдүн биринчи бөлүгүнүн баяндоочу буйрук ыңгайда же үч чактын биринде айтылат да, экинчи бөлүгүнүн баяндоочу келер чак маанисинде болот:

–Батыраак кыймылда, болбосо карагайдын ичине жалгыз таштап кетем (М.Э.). Ал эртең менен таң заардан жөнөп кетти, болбосо поездге үлгүрмөк эмес. Эгинди бүгүндөи калбай сугарабыз, болбосо күйүп кетет.

4. "а", "ал эми" байламталары аркылуу уюшулган багынычсыз татаал сүйлөмдөрдө да:

а) экинчи компоненти биринчи компонентинде айтылган ойго карама-каршы келген ой-пикирди туюндурат. Мындай учурда татаал

сүйлөмдүн биринчи бөлүгүндөгү ой-пикирге, окуяга, көрүнүшкө маани жагынан экинчи бөлүгүндөгү ой-пикир, иш-аракет карама-каршы коюлат. Башкача айтканда, бул учурда карама-каршы маани андай татаал сүйлөмдөрдүн составындагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ички маанисинен эле белгилүү болуп турат.

Мисалы: Декабрь айы, ал эми жерге алиге кыламык кар жата элек. (Т.Абд.). Түндүн далайы болуп калды, а биздин үйдө али да болсо от алоолонуп жанып турат (М.Жан.).

б) Бул байламталар аркылуу тутумдашкан татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы биринчи жөнөкөй сүйлөм билдирген ой-пикир менен экинчиси билдирген ой-пикир өз ара кайчы мааниде салыштырылып көрсөтүлөт. Адатта, эки субъектинин кыймыл-аракети, белгиси, бүт кубулуш менен экинчи кубулуш, бир зат менен экинчи зат же бир окуя менен экинчи окуя ж.б. бирине бири кайчы түрдө салыштырылат.

Мисалы: Сен бир айылдын активисиң, а мен жөн гана колхозчумун (Т.С.). Жездем менен Зарыл теңтуш, а эжем Макиш он чакты жаш кичүү (Ш.Бейш.). Түлкүбек дөңдө отургандарга карай шашып басып

беришет, же жашылча бригадасында иштешет.

Бул татаал сүйлөмдөрдүн компоненттери билдирген эки түрдүү кыймыл-аракеттин экөө тең орундалбастан, алардын бири гана орундала тургандыгы же, же болбосо байламталары аркылуу көрсөтүлүп турат.

Кээде же байламтасы татаал сүйлөмдүн ар бир компонентинде кайталанып айтылат:

Быйыл отпуска убагында же Арсланбапты барып көрөбүз, же Ысык-Көлдө эле эс алабыз.

Айрым учурларда ажыраткыч байламталуу багынычсыз татаал сүйлөмдөрдө, эгерде ой-пикир кескин түрдө айтылбаса, негизги маанисинен башка божомолдоо мааниси да болот.

б) Кээде ажыраткыч байламта менен тутумдашкан татаал сүйлөмдүн составындагы жөнөкөй сүйлөмдөр айлана-тегеректеги көзгө учурабаган жок нерселерди, көрүнүштү жөн гана санап көрсөтөт жана бир аз капалануу, нааразы болуу оттеногу да болот. Мындай учурда ал жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ар биринин баяндоочу терс формадагыэтиштерден же терс мааниде "жок" деген сөздөн болот.

Мисалы: Айланада же жайылган мал көрүнбөйт, же айыл жок, же болбосо кыштактын көркү болгон бак-дарак жок (Н.Б.).

Брезент чатырында же көлдөлөң салар орду жок, же супура жаяр жайы жок (Ч.А.).

Кээ бир жазуучулардын чыгармаларында "же" байламтасынын, аз да болсо, "не" варианты да колдонулат:

Эшик жабык, сырт караңгы. Не терезеден шоола түшпөйт, не жетинчи лампа жарык күйбөйт (Т.С.).

в) Айрым убактарда "же" байламтасы баяндоочу суроо формасындагы сөздөн болгон жөнөкөй сүйлөмдөрдү да байланыштырат. Бирок андай сүйлөмдөр кээде конкреттүү суроо маанисинде эмес, күдүк-

төнүү маанисинде колдонулат. Мындай учурда ажыраткыч байламталуу багынычсыз сүйлөмдөр болжолдоо маанисин берип калат:

Бу ким? Же ошол байкуштун өзүбү, же "Күйдүм чокту" билген дагы бир армандуу бечарабы? (К.Каим.) Аны өмүрбек атайын калтырдыбы, же Гүлай билдирбей алып калдыбы, анысы бизге белгисиз. (А.Т.).



БАЙЛАМТАЛУУ БАГЫНЫЧСЫЗ ТАТААЛ СҮЙЛӨМДӨРДӨ КОЮЛУУЧУ ТЫНЫШ БЕЛГИЛЕРИ

Багынычсыз татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү түтумдаштыруучу байламталардын ичинен:

I. "Жана" байламтасы өзү байланыштырып турган жөнөкөй сүйлөмдөрдүн мурункусуна да, кийинкисине да таандык болуп айтылбайт,

жөн гана ал эки жөнөкөй сүйлөмдү өз ара бириктирип туруу милдетин аткарат. Ошондуктан бул байламтадан мурун да, кийин да үтүр белгиси коюлбайт:

Анын денеси салмактанды жана башы каңгырап ооруй баштады (К.Б.).

2. "Да" байламтасы дайыма өзүнөн мурунку жөнөкөй сүйлөмгө тиешелүү болуп айтылат, ошол себептүү үтүр бул байламтадан кийин коюлат: Күн уясына кирди да, айланада караңгылык өкүм сүрө баштады (Н.Б.).

3. Калган багындырбас байламталардын баары: ары, бирок, а, ал эми, анткени менен, антсе да, ошондой болсо да; ошентсе да, ошондо да, болбосо, анткени менен, антсе да, же, же болбосо дегендер өзүнөн кийинки жөнөкөй сүйлөмгө тиешелүү болуп айтылат, ошондуктан үтүр дайыма алардан мурун (алды жагына) коюлат:

Ысык-Көлдүн күнгөй тарабы бак-даректуу, ары кыштактары көлгө жакын ("СК".). Биз эми үчөөбүз, бирок сен кыргыздан чыккан тунгуч сүрөтчүсүң (А.Т.). Иващенко старший сержант, Жапар сержант деген наамды алды, ошондо да кезек-кезек чалгынга барып жүрүшөт (К.Б.) Коктуларда жайылып жаткан мал жок, же малчылардын үйлөрү жок (Ш.Бей.). Бул - бригадир, а мен карапайым жылкычымын (Т.С.).

53-54

БАГЫНЫЧТУУ ТАТААЛ СҮЙЛӨМ

Ушул эмгектин "Жөнөкөй сүйлөмдүн синтаксиси" деген бөлүмдө кыргыз тилиндеги сүйлөмдөрдүн тутумунда бир нече сөздүн бирдиктүү тизмегинен уюшулуп, сүйлөмдүн тутумдаш мүчөсүнүн милдетин аткаруучу түйдөктүү сөз айкаштары да кеңири учурары жөнүндө, андай сөз тизмектери дайыма чакчыл жана атоочтук этиштердин (кыймыл атоочтордун да) негизинде уюшулгандыктан, чакчыл түрмөктөр жана атоочтук түрмөктөр (кыймыл атоочтук түрмөктөр) деген терминдер менен аталары жөнүндө кеңири маалымат берилген эле ("Чакчыл" түрмөктөр жана атоочтук түрмөктөр" деген теманы караңыз).

Түркөлогиялык адабияттарда сүйлөм тутумдагы ошондой чакчыл жана атоочтук түрмөктөрдүн багыныңкы сүйлөмгө карата болгон катышы жөнүндө, негизинен, үч түрдүү пикир айтылып келе жаткандыгы белгилүү.

I) Кээ бир окумуштуулар өзүнө тиешелүү ээси жок жана өзүнө тиешелүү ээси бар чакчыл конструкциялардын баарын чакчыл түрмөктөр же сүйлөмдүн жайылма мүчөлөрү деп эсептешет (Н.П.Дыренкова. Грамматика ойротского языка,М.,1940,282-б., Баскаков Н.А. Ойротско-русск.словарь, М.,1947,298-б.,Шералиев М.Ш. "Сложноподчиненные предложения в азербайджанском языке", "Вопросы языкознания", 1956,№ I, ж.б.).

Бул көз караштагы окумуштуулар сүйлөмдүн баяндоочу (багыныңкы сүйлөмдүкү да) дайыма жак этиштерден болуп, сүйлөмдүн ээси менен жак, сан боюнча ээрчишип туруу керек, ошондо гана ээ менен баяндооч предикативдик катышта келип, өзүнчө сүйлөмдү уюштура алат деп эсептешет. Ал эми чакчыл жана атоочтук түрмөктөрдү уюштурган чакчыл этиш менен атоочтукка жак мүчөсү уланбайт, ошол себептүү алар ээ менен жак, сан боюнча ээрчишип айтылбайт, ушуга

55-56

байланыштуу андай сөз түрмөктөрүндө ээ менен баяндоочтун ортосундагыдай толук предикаттык байланыш болбойт, ошондуктан алар багыныңкы сүйлөм боло алышпайт дешет.

2) Айрым илимпоздор, мисалы, В.А.Гордлевский, тескерисинче, чакчыл жана атоочтук түрмөктөрдү "Кыскартылган багыныңкы сүйлөм" деп атайт (Грамматика турецкого языка, М.,1928, 140-151-б.)

3) Окумуштуулардын экинчи бир тобу чакчыл жана атоочтук конструкцияларга эки жактуу карашат: а) эгерде андай сөз түрмөктөрүнүн өзүнө тиешелүү ээси болсо, аларды багыныңкы сүйлөм боло алат деп эсептешет; б) ал эми өзүнө тиешелүү ээси болбосо, багыныңкы сүйлөм эмес, чакчыл түрмөк, атоочтук түрмөк же жөнөкөй сүйлөмдүн жайылма мүчөсү деп карашат (Н.К.Дмитриев. Грамматика башкирского языка, 1948, 259-б., Сауранбаев Н.Т. Семантика и функции деепричастий в казахском языке, М.,1944,61-б., Сартбаев К.К.Основные вопросы синтаксиса сложного предложения в современном киргизском языке, автореф.докт.дисс. М.,1953,10-б.ж.б.).

Биздин оюбузча, чакчыл жана атоочтук конструкциялар жөнүндөгү кийинки үчүнчү көз караш колдонууга ылайыктуу. Чындыгында да, башка түрк тилдериндегидей эле, кыргыз тилинде да этиштик сүйлөмдөрдүн баяндоочу көбүнчө жак этиштерден болот. Мындай учурда баяндооч сүйлөмдүн ээсин жак, сан боюнча ээрчип, экөөнүн ортосунда толук предикативдик байланыш түзүлөт (Мен тоодогу малчыларга бармак болдум, силер талаадагы ишти бүтүрөсүңөр).

Маселенин ушул жагын эске алып, азербайжан окумуштуулары (Ширалиев М.Ш., Абдуллаев А.З.) азербайжан тилинде багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу дайыма жак этиштерден гана (аягына жак мүчөсү уланган этиштер) болот, ал эми чакчыл жана атоочтук түрмөктөрдө

жак этиштен турган баяндоочу жок, ошондуктан алар багыныңкы сүйлөм болo алышпайт дешет. Бирок чакчыл жана атоочтук конструкциялар багыныңкы сүйлөм катары келеби, же сөз түрмөктөрү гана болуп эсептелеби деген маселени чечүүдө ар бир тилдин жекече өзгөчөлүгүн эске алуу керек.

Мисалы, азербайжан тили үчүн баяндоочтун сөзсүз жак этиштерден болушу жана анын ээ менен жак, сан боюнча ээрчишип турушу багыныңкы сүйлөмдөрдү аныктоодогу эң негизги бирден-бир белги болсо, кыргыз тилинде жак этиштер баяндоочтун милдетин аткаруучу көп сандаган тилдик каражаттардын бири гана болуп эсептелет. Башкача айтканда, кыргыз тилинде жана айрым башка түрк тилдеринде (казак,өзбек ж.б.) багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин жак этиштерден башка жак мүчөсү уланбаган чакчылдар, атоочтуктар да аткара берет, бирок мындай учурда ал баяндоочтордун өзүнө тиешелүү грамматикалык ээси да болуу керек.

Мисалы: Жакшы ысталган кара чанач бошоп, кара кумарадагы мелтилдеген кымыз дагы келди (Т.С.). Биз тар көчөнү айлана бергенде ысык нандын жыты Айтикенин мурдун кытыгылады (А.Т.).

Мында биринчи татаал сүйлөмдүн тутумундагы багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин "бошоп" деген чакчыл, экинчи сүйлөмдө "айлана бергенде" деген жатыш жөндөмөдөгү атоочтук аткарып турат, экөөндө тең уланган жак мүчө жок; бул баяндоочтордун ар биринин өзүнө тиешелүү грамматикалык ээси бар ("Кара чанач", "биз"). Бул жерде аталган баяндоочтор сүйлөмдүн ээси менен жак, сан боюнча ээрчишпегени менен, алар синтаксистик жол аркылуу (ээнин биринчи орунда,баяндоочтун экинчи ордунда келиши менен) өз ара байланышып, сүйлөмдүн негизин (уюткусун) түзүп турушат.

Кыскасы, кыргыз тилинде жогоркудай түзүлүштөгү чакчыл жана атоочтук конструкциялар багыныңкы сүйлөм болo алат, себеби алар багыныңкы сүйлөмгө мүнөздүү болгон негизги белгилерге ээ: I)өзүнө

тиешелүү грамматикалык ээси жана чакчылдан же атоочтуктан турган баяндоочу болот, ал экөө бири-бири менен синтаксистик жол аркылуу байланышып келип, предикативдик катышты түзөт;

2) баяндоо интонациясына ээ, 3) шарттуу түрдө аяктаган ойду (относительная законченность мысли) билдире алат.

Ал эми өзүнө тиешелүү грамматикалык ээси жок чакчыл жана атоочтук түрмөктөр багыныңкы сүйлөм боло алышпайт. Анткени аларда сүйлөм үчүн мүнөздүү болгон негизги белгилер жетишпейт: I) предикативдик байланыштагы грамматикалык ээси жана баяндоочу жок, 2) баяндоо интонациясына ээ эмес, 3) шарттуу түрдө аяктаган ойду билдире алышпайт.

Мындай түзүлүштөгү чакчыл жана атоочтук түрмөктөр структурасы жагынан татаал сөз айкаштары болуп эсептелет; дайыма жөнөкөй сүйлөмдүн составында келип, тутумдаш мүчөнүн милдетин аткарышат.

Мисалы: Келе жаткан Жапарды көрүп, келиндер орундарынан турукалышты (К.Б.).Башта мынчалык жооптуу милдет алып көрбөгөн жигит иштин көзүн тапканча жүдөй түштү (Т.С.).

Мында биринчи сүйлөмдөгү "келе жаткан Жапарды көрүп" деген чакчыл түрмөктүн, "Башта мынчалык жооптуу милдет алып көрбөгөн" деген атоочтук түрмөктүн предикативдик байланыштагы баш мүчөлөрү жок, баяндоо интонациясы мүнөздүү эмес, кандайдыр бир шарттуу түрдө аяктаган ойду туюндура алышпайт, ошол себептүү багыныкы сүйлөм боло алышпайт. Алар чакчыл жана атоочтук этиштин негизинде уюшулган татаал сөз айкаштары болуп эсептелет; биринчиси составындагы сөздөрү менен бирдиктүү түрдө туруп эмне үчүн? деген суроого жооп берип, тутумдаш себеп бышыктоочтун милдетин аткарат

экинчиси, кайсы? деген суроого жооп берип, тутумдаш аныктоочтун милдетин аткарат.

Жогоруда белгиленгендей, кээ бир атоочтук түрмөктөрдө составындагы биринчи сөзү логикалык субъект, эң аяккы атоочтук логикалык предикат сыяктуу болуп көрүнөт. Бирок сырткы түрү жагынан ошондой көрүнгөнү менен, баары бир алардын ортосунда предикативдик байланыш жок, баяндоо интонациясына ээ эмес, шарттуу аяктаган ойду билдире албайт, ошондуктан багыныңкы сүйлөм боло алышпайт. Алар да тутумундагы сөздөрү менен бирдиктүү түрдө келип, өзүнөн кийинки аныкталгыч менен синтаксистик жагынан байланышып айтылат да, бир суроого жооп берип, тутумдаш мүчөнүн милдетин аткарат:

Уйкусу ачылып кеткен Аскар төшөгүнөн ыргып турду (Т.С.).

Мындагы кара менен берилген атоочтук түрмөктөгү "Уйкусу" деген сөз сырткы түрү жагынан логикалык субъект сыяктуу, "ачылып кеткен" деген атоочтук логикалык предикат сыяктанып көрүнөт, бирок ал экөөнүн ортосунда предикативдик байланыш жок, ошондой эле сүйлөмгө мүнөздүү болгон башка белгилер да жок, ошол себептүү ал багыныңкы сүйлөм боло албайт. Бул атоочтук түрмөк өзүнөн кийинки "Аскар" деген аныкталгыч менен ыкташып байланышып, кайсы? деген суроого жооп берип, тутумдаш аныктоочтук милдетти аткарып турат.

Буга чейин кыргыз тилиндеги татаал сүйлөмдөр составындагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн өз ара байланышуу өзгөчөлүктөрүнө жана алардын оортосундагы маанилик катыштын мүнөзүнө карап багынычсыз татаал сүйлөм жана багынычтуу татаал сүйлөм деп эки топко бөлүнөрү айтылган эле. Булардын ичинен багынычсыз татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн баяндоочу, жогоруда белгиленгендей, дайыма тыянактуу форма да (үч жактын биринде) айтылат, ошондуктан алардын ар бири белгилүү бир даражада толук аяктаган ойду

билдирип турат. Грамматикалык жагынан бири-бирине анча көз каранды болбой, өз ара тең укукта байланышат. Ал эми багынычтуу татаал сүйлөмдүн тутумундагы биринчи жөнөкөй сүйлөмдүн (же сүйлөмдөрдүн) баяндоочу көбүнчө тыянаксыз формада айтылат, ошондуктан ал өзүнчө туруп толук аяктаган ойду билдире албайт, дайыма өзүнөн кийинки сүйлөмгө семантикасы жана грамматикалык түзүлүшү жагынан баш ийип, анда айтылган ойдун маанисин аныктап,толуктап турат.

Салыштыр: Дөңгөлөктөр чимирилет, арабанын ящиги ары-бери термелет (Т.С.). Жол тайгак болгондуктан, Бектемир капчыгай өрдөй жай гана бастырып келе жатты (Ч.А.).

Мында биринчи татаал сүйлөмдүн составындагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн баяндоочтору тыянактуу формада уюшулган, ошондуктан алардын ар бири толук аяктаган ойду билдире алат жана алардын ар бирин шарттуу түрдө өз алдынча колдонууга болот.

Ал эми кийинки татаал сүйлөмдүн тутумундагы биринчи жөнөкөй сүйлөмдүн баяндоочу (болгондуктан) тыянаксыз формада айтылган, ошондуктан ал өзүнчө туруп, кандайдыр бир толук аяктаган ойду туюндура албайт. Ал өзүнөн кийинки сүйлөм менен бирге колдонулганда гана, экөө биригип келип толук аяктаган бир татаал ойду туюндурат. Экинчи жагынан, ал "Жол тайгак болгондуктан" деген сүйлөм өзүнөн кийинки сүйлөмдө айтылган ойдун себебин көрсөтүп, ага маанисси жагынан да багынып турат.

Тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн бири экинчиси менен маанисси жана грамматикалык жактан багыныңкы абалда байланышып келип, синтаксистик түзүлүшү, маанисси жана интонациялык жактан бир бүтүн бирдикти түзүп турган сүйлөмдөр багынычтуу татаал сүйлөм деп аталат.

Багынычтуу татаал сүйлөм дайыма баш сүйлөмдөн жана багыныңкы сүйлөмдөн түзүлөт. Грамматикалык жана маанисси жактан баш сүйлөмгө

баш ийип,анда айтылган ойду түрдүү жагынан айкындап турган сүйлөм багыныңкы сүйлөм деп аталат. Татаал сүйлөмдүн тутумунда туруп, мааниси жана грамматикалык жактан башка сүйлөмгө көз каранды болбой,тескерисинче, багыныңкы сүйлөмдү мааниси жана синтаксистик жагынан өзүнө баш ийдирип турган сүйлөм баш сүйлөм деп аталат.

Мисалы: Коңгуроонун үнү угулганда, орокчулар кырманды көздөй жөнөштү (К.Б.).

Бул татаал сүйлөмдүн составындагы биринчи сүйлөмдүн баяндоочу (угулганда) тыянаксыз формада айтылып, ал сүйлөм өзүнөн кийинки сүйлөмгө грамматикалык жагынан баш ийип турат жана качан? деген суроого жооп берип, кийинки сүйлөмдө айтылган ойдун мезгилин билдирип, ага маани жагынан да багынып турат, бул—багыныңкы сүйлөм. Ал эми "орокчулар кырманды көздөй жөнөштү" деген экинчи сүйлөм мааниси жана грамматикалык жактан алдындагы сүйлөмгө көз каранды эмес, тескерисинче, аны синтаксистик жагынан жана мааниси боюнча өзүнө баш ийдирип турат, бул — баш сүйлөм.

Багыныңкы сүйлөмдөргө да төмөнкүдөй белгилер мүнөздүү:

I) Багыныңкы сүйлөмдүн, ошондой эле баш сүйлөмдүн көбүнчө өзүнө тиешелүү грамматикалык ээси жана баяндоочу болот, ал баш мүчөлөр өз ара предикативдик байланышта келип, өздөрүнүн тегерегине башка сөздөрдү топтоп, сүйлөмдүн негизин түзүшөт. Бирок кыргыз тилинде багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин жак этиштер гана эмес, көпчүлүк учурда чакчылдар, атоочтуктар ж.б. аткарып, же баяндоочу атоочтуктан кийин жандоочтун кошулуп айтылышы менен уюшулуп, көбүнчө тыянаксыз формада айтылат. Ошондуктан мындай учурда багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу ээ менен жак, сан боюнча ээрчишип байланышпастан, синтаксистик жол менен— алар-

дын орун тартиби аркылуу, б.а. ээнин мурун, баяндоочтун андан кийин келиши аркылуу байланышат.

Мисалы: Мурун да ушундай кабар келип, биз сүйүнүп жүргөнбүз (Ч.А.). Ага Батый жоошуганы менен, Сурмакан сумсая карады (Т.С.).

Эгерде багыныңкы сүйлөм жана баш сүйлөм бидцирген ой-пикир, иш-аракет бир гана субьектиге тиешелүү болсо, андай багынычтуу татаал сүйлөмдөрдө бир гана грамматикалык ээ катышат: Берметтей тизилген сансыз жылдыздар жымыңдашып, жер жүзүнө көрүңдү (К.Б.).

Стилдик максатка ылайык кээде багыныңкы сүйлөмдүн, ошондой эле баш сүйлөмдүн да, ээси айтылбай калат, бирок анын кайсы сөз экендиги баяндоочунун аягындагы жак мүчө аркылуу, же өзүнөн мурунку сүйлөмдөрдөн белгилүү болуп турат:

Кырмандагы саманга жатайын деп келсем, Данияр дагы ушул жерде экен (Ч.А.). Иштин көзүн анчалык тааныбаса да, анын келечекте жакшы кызматчы болоруна толук ишенем (Т.С.).

Айрым учурларда бир тутумдуу сүйлөмдөр багыныңкы сүйлөм катары келет. Мындай учурда, албетте, багыныңкы сүйлөмдүн өзүнө тиешелүү ээси болбойт: Саал шүүшүн каны менен бышырса, кийинтин боору таттуу болот (К.Ж.). Байдан чай ичкенче, жоктон суу ич (макал).

Бул кийинки сүйлөмдө багыныңкы сүйлөм да,баш сүйлөмү да жалпылама жактуу сүйлөмдөн уюшулган, ошол себептүү ал экөөндө тең өзүнө таандык грамматикалык ээси жок.

2) Багыныңкы сүйлөмдөр да "кабар берүүчү интонацияга" ээ. Бирок өз бетинче турган жөнөкөй сүйлөмдөрдө "кабар берүүчү интонация" толук аякталган мүнөзгө ээ болсо, багыныңкы сүйлөмдөгү „кабар берүүчү интонация" дайыма „аякталбаган", мааниде айтылып, өзүнөн кийин экинчи бир сүйлөмдүн (баш сүйлөмдүн) улантылып

айтыларын билдирип турат. Адатта, багыныңкы сүйлөмдүн аяк чегинде үн көтөрүңкү айтылып, экинчисинин аяк жагында басандап чыгат: Алар келишмейинче, биз тамакты ичпейбиз (Т.С.).

3) Багыныңкы сүйлөм татаал сүйлөмдүн тутумунда туруп, шарттуу түрдө аяктаган ойду туюндура алат. Бул жерде эсте тута турган бир нерсе: өз алдынча колдонулган жөнөкөй сүйлөм толук аяктаган ойду билдирсе, багыныңкы сүйлөм, баяндоочу тыянаксыз формада айтылган себептүү, өзүнчө туруп толук бүткөн ойду билдире албайт; ал татаал сүйлөмдүн составында, өзүнөн кийинки баш сүйлөм менен тутумдашып айтылган учурда гана кишинин оюн белгилүү бир өлчөмдө (шарттуу түрдө) тыянактуу билдире алат.

Ушуну менен бирге, кыргыз тилиндеги кээ бир татаал сүйлөмдөрдү структуралык жана маанилик өзгөчөлүктөрүнө карай багынычтуу татаал сүйлөмгө жатат, же багынычсыз татаал сүйлөм болуп эсептелет деп кесе айтууга мүмкүн эмес.

Мындай сүйлөмдөргө адатта биринчи компонентинин баяндоочу -ып формасындагы чакчылдан же -са формасында шарттуу ыңгайдан болгон айрым татаал сүйлөмдөр кирет.

Мисалы: Даректар бүрүн чачып, гүлдөр жайнай баштады (Н.Б.). Бири камыр жууруса, экинчиси казандагы сорпону сапырат (Ч.А.). Бул татаал сүйлөмдөрдүн составындагы биринчи жөнөкөй сүйлөмдүн баяндоочу тыянаксыз формада айтылган (чачып, жууруса), ошол себептүү бул сүйлөмдөр өз алдынча туруп ойду тыянактуу билдире алышпайт. Алар өзүлөрүнөн кийинки жөнөкөй сүйлөм менен байланышта айтылганда гана, шарттуу түрдө аяктаган ойду туюндура алышат. Мындай түзүлүштөгү жөнөкөй сүйлөмдөрдүн баяндоочу тыянаксыз формада айтылып, грамматикалык жагынан кийинки сүйлөмгө көз каранды болуп тургандыктан, аларды багыныңкы сүйлөм деп караса болор эле. Бирок семантикасы жагынан алганда, ал жөнөкөй сүйлөмдөр өзүнөн

кийинки сүйлөмдүн кандайдыр бир белгисин (сыпат, мезгил, шартын ж.б.) көрсөткөн жок, б.а. багыныңкы сүйлөмдөр сыяктанып, маани жагынан кийинки сүйлөмгө баш ийип турган жок. Тескерисинче, багынычсыз татаал сүйлөмгө окшоп, бири-бирине багынбаган, бир мезгилде болгон кыймыл аракетти, кубулушту санап көрсөтүп турат. Ушул белгисине карап, мындай маанидеги татаал сүйлөмдөрдү багынычтуу татаал сүйлөм деп кароого болбойт.

Салыштырыңыз: Даректар бүрүн чачып, гүлдөр жайнай баштады// Даректар бүрүн чачты, гүлдөр жайнай баштады. Бири камыр жууруса, экинчиси казандагы сорпону сапырат //Бири камыр жууруйт, экинчиси казандагы сорпону сапырат.

Бирок мындай түзүлүштөгү татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр мааниси боюнча бири экинчисине багынбай, бир мезгилде же удаалаш болгон кыймыл-аракетти көрсөтүп тургандыгына карап андай сүйлөмдөрдү багынычсыз татаал сүйлөм деп эсептөөгө да болбойт. Анткени анын тутумундагы биринчи жөнөкөй сүйлөмдүн баяндоочу тыянаксыз формада айтылып, грамматикалык жагынан өзүнөн кийинки сүйлөмгө баш ийип турат. Ал эми багынычсыз татаал сүйлөм болуу үчүн биринчи компонентинин баяндоочу дайыма тыянактуу формада айтылып, белгилүү бир даражада толук аяктаган ойду билдирип, грамматикалык жагынан кийинки сүйлөмгө көз каранды болбой, аны менен тең укукта байланышып туруу керек: Терезеде шоола жок, аны жамгыр каккылайыт, үйдүн ичи жымжырт (Ч.А.).

Ушинтип, биринчи компонентинин баяндоочу -ып, -са формасындагы этиштерден болгон татаал сүйлөмдөрдү жогоркудай белгилерине карап, кээ бир окумуштуулар багыныңкы татаал сүйлөм деп карашса, экинчи бирөөлөр багынычсыз татаал сүйлөм деп карайт. Биздин оюбузча, мындай структурадагы татаал сүйлөмдөрдүн жогоруда көрсөтүлгөндөй бири-бирине карама-каршы келген белгилерин эске алсак, алары багыныңкы

татаал сүйлөм деп да,же багынычсыз татаал сүйлөм деп так кесе айтууга болбойт.

Анткени алар түзүлүшү жагынан багыныңкы татаал сүйлөмгө окшош болушса, маанисн боюнча багынычсыз татаал сүйлөмгө окшош — экөөнүн тең белгилери бар. Ошондуктан мындай структурадагы жана мындай маанидеги синтаксистик конструкцияларды багыныңкы татаал сүйлөмдүн да, багынычсыз татаал сүйлөмдүн да белгилери бар татаал сүйлөмдөр деп кароо ылайыктуу.

Мындай түзүлүштөгү татаал сүйлөмдөр, жогоруда белгиленгендей, негизинен а) бир мезгилде болгон кыймыл-аракетти, кубулушту санап көрсөтөт:

Шамал желдеп, күн күркүрөп, чагылган чартылдады (К.Ж.). Арпа бышып, буудай сары ала тартты. Кызыл ала шай кийген келиндердин кээси суз, салкын жүрсө, кээси кол жоолугун суу кылып ысык жашын сүртүнөт (Т.С.). Бири келип жатса, экинчиси кетип жатты (К.Ж.).

б) Биринчи компонентинин баяндоочу шарттуу ынгайдан болгон бул өндүү татаал сүйлөмдөрдүн составында кээде "бирде" деген сөз кайталанып айтылат. Мындай учурда татаал сүйлөм кыймыл-аракеттин, кандайдыр бир көрүнүштүн өз ара кезектешип болуп тургандыгын, биринен кийин экинчисинин алмашылып тургандыгын билдирет:

Ушунетип түндөн турган Чаргын бирде устаканадан көрүнсө, бирде чоң короодо жүрөт (Т.С.). Рудольф бирде күлүңдөп желбиреген кызыл туугa караса, бирде кабак түйүп, алды жактагы парламент аянтчасына көз чаптырат (К.Б.).

БАГЫНЫЧТУУ ТАТААЛ СҮЙЛӨМДҮН УКШУЛУУ ЖОЛДОРУ

Багыныҷтуу татаал сүйлөмдүн тутумундагы багыныңкы сүйлөм менен баш сүйлөм өз ара төмөнкүдөй грамматикалык каражаттар аркылуу байланышат:

I. Көбүнчө багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочтук формасы аркылуу байланышат.

Мындай учурда багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочуна:

I) Чакчыл =ып, =а(=й), =бай, =ганча (=гыча), =ганы (=галы), =майынча (=майын) мүчөлөрү уланып айтылат: Козуларды көгөндөп болгончо, койлор да келип калды (М.Э.).

Нурбектин муундары калчылдап, денесинен тер кетти (Ч.А.).

2) Багыныңкынын атоочтук этиштен турган баяндоочуна жатыш жөндөмөнүн =да мүчөсү уланат:

Таятам жомок айтып отурганда, мен ушунун баарын ойлоп отурам (Ч.А.).

3) =ган формасындагы атоочтуктан турган баяндоочуна =дыктан мүчөсү уланып айтылат: Малчылар Чүйгө көчүп кетишкендиктен, жайлоонун чөбү кайра кулпура баштады.

4) Шарттуу ынгайдын =са мүчөсү жалганат: Дан эгиндерин убагында сугарып турса, түшүмү да мол болот.

5) Багыныңкы сүйлөмдүн атоочтук этиштен турган баяндоочунан кийин менен, үчүн, чейин, кийин, соң, сайын, бери, тартып деген сыяктуу жандоочтор айкашып айтылат: Карымшак аттанары менен, Бозгунчу дагы сөзгө аралашты (Т.С.). Бала от алып кеткенден кийин Сейде шалдырап отуруп калды (Ч.А.).

6) Атоочтук этиштен турган баяндоочунан кийин жатыш жөндөмөдөгү мезгилдик маанидеги убакта, мезгилде, кезде, учурда, ченде, чакта деген өндүү сөздөр кошулуп айтылат:

Мен айылда жүргөн кезде, Дүйшөн колхоздун мурабы болчу (Ч.А.

2. Багындыргыч байламталар тутумдаштырат (анткени, себеби, ошол себептүү, андыктан, ошондуктан, ошол үчүн, анын үчүн, ошонун натыйжасында, демек): Жүргүнчүлөр көрүнгөн кыштакка жетүүгө ашыгышты, анткени жамгыр нөшөрлөп төгө баштады (К.Ж.).

3. Байламта сөздөр байланыштырат. Мындай байламта сөздүк функцияда, негизинен, заттык, сандык, орун, мезгил, сыпат маанисиндеги сурама, шилтеме ат атоочтор (булардын айрымдары тактоочтук мааниге өтүп кеткен) колдонулат. Алар дайыма жубу менен айтылып, биринчи түгөйү багыныңкы сүйлөмдө, экинчиси баш сүйлөмдөн орун алат:

Ким — ал, кандай — ошондой, канча — ошончо, канчалык — ошончолук, кайда — ошондо, ошол жерде; каякка, кайда — ошол жакка, ошол жерге; качан — ошондо (ошол убакта, ошол учурда, ошол мезгилде); кимдики — ошонуку, эмнени — ошону, кайсы — ошол, кайсынысы — ошонусу, эмнени — ошону, каер — ошер ж.б.

Мисалы: Биздикине качан келгиң келсе, ошондо келе бер.

Бул сыяктуу байламта сөздөр кадимки байламталардан төмөнкүдөй белгилери боюнча айырмаланат:

I) байламталар кызматчы сөздөрдүн бир түрү болсо, байламта сөздөр — толук маанилүү эле сөздөр, ага негизинен айрым сурама шилтеме ат атоочтор кирет. Бирок алар байламта сөздүк функцияда колдонулганда, конкреттүү суроо же шилтөө маанисинен алыстап, абстракцияланган өлчөм, орун, мезгил, сыпат маанисин же субстантивдешкен түшүнүктү билдирип калат (айрымдары тактоочтук мааниге өтүп кеткен). Мисалы: Асан качан турса, мен да ошондо турууга аракет кылам.

Мындагы качан, ошондо деген байламта сөздөрдө суроо, шилтөө маанилери жок, экөө тең мезгилдик маанини туюндуруп турат.

2) Байламта сөздөр өз алдынча толук маанини билдиргендиктен, байламталык функцияда колдонулуу менен бирге, сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин да аткара берет; байламталар болсо сүйлөмгө мүчө боло албайт.

Мисалы: Чөп чабыкка канча киши керек болсо, ошончону жибере-биз. Мында "канча" деген байламта сөз аныктоочтук милдетти, "ошончону" —толуктоочтук милдетти аткарып турат.

Арабакеч жай айдап баратат, болбосо шайы ооган неме ага таптакыр жетпей калмак (К.Бек.).

Мындагы "болбосо" деген байламта эки сүйлөмдү байланыштырып турат, бирок сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткара албайт.

3) Байламта сөздөр багыныктуу татаал сүйлөмдү уюштурууга жалгыз өзү катышпайт. Алар дайыма айрым бир башка грамматикалык каражаттар менен (көбүнчө багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочуна жалганган шарттуу =са формасы менен) бирдикте туруп, татаал сүйлөмдү түзүүгө кызмат кылат. Башкача айтканда, мындай структурадагы багыныктуу татаал сүйлөмдөрдүн компоненттери бири-бири менен негизинен багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочуна уланган =са формасы аркылуу тутумдашат; ал эми багыныңкы сүйлөм менен баш сүйлөмдүн составындагы түгөйлөш байламта сөздөр алардын ортосундагы синтаксистик катышты аныктап, ал эки сүйлөмдү маанилик жактан өз ара бекем байланыштырып турат. Ошондуктан байламта сөздөр мындай түзүлүштөгү татаал сүйлөмдөрдүн зарыл керектүү структуралык —семантикалык компоненти болуп эсептелет. Ошол себептүү андай байламта сөздөрдү сүйлөм тизмегинен түшүрүп айтсак, ал сүйлөм структуралык жагынан бузулат, мааниси начарлайт.

Мисалы: Ал масса үчүн кандай жатык, жөнөкөй тил менен жазган болсо, алар менен ошондой эле тилде сүйлөшкөн ("СК").

Бул татаал сүйлөмдүн компоненттерин бири-бири менен байланыш-

тырып турган негизги грамматикалык каражат-шарттуу ыңгайдын =са формасы. Ал эми багыныңкы сүйлөм менен баш сүйлөмдүн тутумундагы "кандай" — "ошондой эле" деген байламта сөздөр, биринчиден, ал эки сүйлөмдүн ортосундагы синтаксистик катышты аныктап, аларга салыштыруу маанисин берип турат, экинчиден, ал экөөнүн ортосундагы жалпы семантикалык байланышты чыңдап, бекемдеп турат. Эгерде ал байламта сөздөрдү сүйлөмдүн тизмегинен түшүрүп айтсак, анда ал сүйлөмдүн структурасы да, мааниси да бузулат.

4) Багыныңкы сүйлөмдүн составында турган биринчи байламта сөз айтылып жаткан ойдун аягы кийинки баш сүйлөмдө улантыларын билдирет; ал эми байламта сөздүн экинчи түгөйү катышкан баш сүйлөм айтылып жаткан ойду жыйынтыктап түшүндүрөт.

Мисалы: Колхозду мурунку райис кандай башкарса, сен да дал ошондой башкар ("СК").

Байламта сөздөр көбүнчө мезгил, өлчөм, салыштырма, орун багыныңкы сүйлөмдөрдү уюштурууга катышат.

Багынычтуу татаал сүйлөмдүн компоненттерин өз ара байланыштыруучу бул грамматикалык каражаттар жөнүндө багыныңкы сүйлөмдүн ар бир түрүнө мүнөздөмө берген учурда кеңири кабар берилмекчи.

5. Багыныштуу татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр кээде эскертүү интонациясынын жардамы менен да байланышат. Мындай учурда татаал сүйлөмдүн биринчи компонентинин баяндоочу тыянактуу формада айтылып, шарттуу түрдө төмөнкү аяктаган ойду билдирип турат. Бирок андай татаал сүйлөмдүн экинчи компоненти биринчи сүйлөмдүн составындагы айтылган ойдун себебин көрсөтүп, маани жагынан ага баш ийип тургандыктан, сүйлөм багыныштуу татаал сүйлөм болот. Мисалы: Дагы алга карай жылууга эч мүмкүнчүлүк болбоду: ай караңгы, айлана түнт токой.

Бул татаал сүйлөмдүн тутумундагы экинчи сүйлөм биринчи сүйлөмдө айтылган ойдун себебин көрсөтүп турат —багынынкы сүйлөм, биринчиси натыйжаны билдирип турат —баш сүйлөм.



БАГЫНЫҢКЫ СҮЙЛӨМДӨРДҮН КЛАССИФИКАЦИЯСЫ

Багыныңкы сүйлөмдөр маанеси боюнча көбүнчө баш сүйлөмдө айтылган ойду бүт бойдон аныктап, толуктап турат, кээде баш сүйлөмдүн бир мүчөсүн айкындайт.

Кыргыз тилиндеги багыныңкы сүйлөмдөр да традициялык окуу боюнча, биринчиден, маанисине жана баш сүйлемгө карата болгон синтаксистик функциясына карай, экинчиден, грамматикалык түзүлүшүнө карай классификацияланат (түрлөргө бөлүштүрүлөт).

I) Багыныңкы сүйлөмдөрдүн баш сүйлемгө карата болгон синтаксистик функциясы сүйлөмдүн айрым мүчөлөрүнүн функциясына жакын, окшош келет.

Салыштыр: Колхозчулар толук жыйналгандан кийин, чогулуш башталды. — Ал былтыр күзүндө армияга кеткен.

Мында биринчи сүйлөмдөгү багыныңкы сүйлөм качан? деген суроого жооп берип, кийинки баш сүйлөмдөгү ойдун башталыш мезгилин билдирип турат. Экинчи сүйлөмдөгү "былтыр күзүндө" деген бышыктооч качан? деген суроого жооп берип, кыймыл-аракеттин мезгилин көрсөтүп турат.

Жазында күн жаанчыл болгондуктан, эгиндин түшүмү мол болду. —Данияр уялганынан кызарып кетти (Ч.А.).

Мында "Жазында күн жаанчыл болгондуктан" деген сүйлөм эмнеликтен? деген суроого жооп берип, баш сүйлөмдөгү абалдын себебин билдирип турат— себеп багыныңкы сүйлөм. Экинчи сүйлөмдөгү "уялганынан" деген бышыктооч эмне себептен? эмнеликтен? деген суроого жооп берип,субъектинин кызарып кетишинин себебин көрсөтүп турат— себеп бышыктооч.

Жаандын суусу кирип келбесин үчүн, чатырды айланта кичинекей арык каздык (К.Ж.).—Үгүтчүлөр шайлоочулар менен аңгеме өткөрүш үчүн келишиптир.

Бул жерде "Жаандын суусу кирип келбесин үчүн" деген сүйлөм эмне үчүн? деген суроого жооп берип, баш сүйлөм билдирген иш-аракеттин аткарылыш максатын көрсөтүп турат— максат багыныңкы сүйлөм. Кийинки сүйлөмдөгү "аңгеме өткөрүш үчүн" деген сүйлөм мүчөсү эмне үчүн? деген суроого жооп берип, баяндооч билдирген кыймыл-аракеттин максатын көрсөтүп турат — максат бышыктооч, ж.б. Ушул себептүү сүйлөм мүчөлөрү синтаксистик функциясына карай мезгил бышыктооч, себеп бышыктооч, сыпат бышыктооч, максат бышыктооч ж.б. деп бөлүнгөн сыяктуу, багыныңкы сүйлөмдөр да синтаксистик функциясына карай мезгил багыныңкы сүйлөм, себеп багыныңкы сүйлөм, максат багыныңкы сүйлөм ж.б. деген сыяктуу түрлөргө бөлүнөт.

Бирок багыныңкы сүйлөмдөрдү синтаксистик функциясына карата классификациялоо анын бардык түрлөрүн толук камтый албайт. Анткени шарттуу багыныңкы сүйлөм, карама-каршы багыныңкы сүйлөм, салыштырма багыныңкы сүйлөм дегендер синтаксистик функциясы жагынан сүйлөм мүчөлөрүнө окшош эмес, б.а. мындай маанидеги сүйлөм мүчөлөрү жок. Ушундан улам багыныңкы сүйлөмдүн жогорку түрлөрү „синтаксистик функциясына карата классификациялоо" принцибинен тышкары калат. Ошондуктан багыныңкы сүйлөмдүн бул үч түрү баш сүйлөмгө карата болгон маанилик катышы (мааниси) боюнча классификацияланат.

2)Багыныңкы сүйлөмдөрдү классификациялоодо алардын синтаксистик функциясы жана мааниси менен бирге, грамматикалык түзүлүшүнө да көңүл буруу зарыл. Мында төмөнкү учурлар эске алынат:

I. Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун кандай формада айтылышы; 2) багынычтуу татаал сүйлөмдү түтумдаштырып турган байламталардын, байламта сөздөрдүн мааниси.

Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочуна жалганып келген грамматикалык

формалар да ал сүйлөмдүн негизги түрлөрүн аныктоого жардам берет. Мисалы, багыныңкы сүйлөмдүн этиштик баяндоочу -ганы формасында турса, мезгил багыныңкы сүйлөмдү, -ганча формасында айтылса, мезгил жана салыштырма багыныңкыны, -са формасында айтылса, шарттуу багыныңкыны, -ганда формасында турса, мезгил багыныңкы сүйлөмдү уюштурат ж.б. Жээн келгенче, жети бөрү келсин (макал). Эмгек тартибин сактасак, эмгектин өндүрүмдүүлүгү да жогорулайт.

Багынычтуу татаал сүйлөмдүн компоненттерин анткени, себеби деген сыяктуу байламталар байланыштырса, себеп багыныңкы сүйлөм уюшулат: Каныбек абдан такып сурады, анткени анын кезүнө өркин сүйгүнчүктүү учурады (К.Ж.).

3) Ушуну менен бирге, багыныңкы сүйлөмдөрдү классификациялоодо татаал сүйлөмдө колдонулган сөздөрдүн лексикалык маанисине да көңүл буруу керек. Анткени, мисал үчүн, багыныңкы сүйлөмдүн составында канча, канчалык деген сөздөр, баш сүйлөмдө ошончо, ошончолук деген сөздөр колдонулса, элчөм багыныңкы сүйлөм уюшулат. Эгерде багыныңкы сүйлөмдө кандай деген сөз, баш сүйлөмдө ошондой деген сөз колдонулса, салыштырма багыныңкы сүйлөм курулат. Ошондөй эле багыныңкы сүйлөмдүн тутумунда кайда, баш сүйлөмдө ошол жерде деген сөздөр болсо, орун багыныңкы сүйлөм уюшулат: Өкмөт менен партия кайда жиберсе, ошол жерде иштөөгө милдеттүүбүз. Сен кандай иштесең, мен да ошондой эмгектенем.

Кыргыз тилиндеги багыныңкы сүйлөмдөр синтаксистик функциясына жана маанисине карай, грамматикалык түзүлүшүнө жана татаал сүйлөмдө колдонулган айрым сөздөрдүн лексикалык маанисине карай төмөнкүдөй түрлөргө бөлүнөт:

Ээлик багыныңкы сүйлөм, баяндоочтук багыныңкы сүйлөм, аныктоочу багыныңкы сүйлөм, толуктоочу багыныңкы сүйлөм; бышыктооч багыныңкы сүйлөмдөр: сыпат багыныңкы сүйлөм, мезгил багыныңкы

сүйлөм, орун багыныңкы сүйлөм, себеп багыныңкы сүйлөм, максат багыныңкы сүйлөм, өлчөм багыныңкы сүйлөм; ошондой эле салыштырма багыныңкы сүйлөм, шарттуу багыныңкы сүйлөм, карама-каршы багыныңкы сүйлөм.



ЭЭЛИК БАГЫНЫҢКЫ СҮЙЛӨМ

Багыныңкы сүйлөмдүн көпчүлүк түрлөрүнүн баш сүйлөмгө карата болгон синтаксистик функциясы айрым сүйлөм мүчөлөрүнүн синтаксистик функциясына окшош келет. Ошол себептүү сүйлөм ичиндеги жеке сөздөр жана сөз айкаштары синтаксистик функциясына карай мезгил бышыктооч, сыпат, себеп, максат ж.б. бышыктооч болуп бөлүнсө, багыныңкы сүйлөмдөр да баш сүйлөмгө карата аткарган функциясына карай мезгил багыныңкы сүйлөм, сыпат багыныңкы сүйлөм, максат, себеп, өлчөм, орун ж.б. багыныңкы сүйлөм болуп бөлүнөрү белгилүү. Бирок багыныңкы сүйлөмдүн бардык түрлөрү эле синтаксистик функциясы жагынан сүйлөм мүчөлөрүнө окшош боло бербейт.

Мисалы, кыргыз тилинде маниси жагынан салыштырма,шарттуу, карама-каршы багыныңкы сүйлөмгө окшош келген сүйлөм мүчөлөрү кездешпейт. Демек, багыныңкы сүйлөмдүн бардык түрлөрү эмес, айрым дары гана синтаксистик функциясы жагынан сүйлөмдүн кээ бир мүчөлөрүнө окшош болушу мүмкүн.

Ушул кырдаалга байланыштуу, бир катар тилдерде: орус, өзбек, азербайжан, башкыр, хакас ж.б. тилдерде функциясы боюнча сүйлөмдүн ээ, баяндооч, аныктооч, толуктооч мүчөлөрүнө жакыныраак келген ээлик багыныңкы сүйлөм, баяндоочтук багыныңкы сүйлөм, аныктоочу багыныңкы сүйлөм, толуктоочу багыныңкы сүйлөм дегендер да багыныңкы сүйлөмдүн өзгөчө бир түрлөрү катары каралып келатат.

Тилдик фактыларга караганда, багыныңкы сүйлөмдүн бул түрлөрү кыргыз тилинде да жолугат. Булардын ичинен толуктоочу багыныңкы сүйлөм менен ээлик багыныңкы сүйлөм жөнүндөгү биринчи маалымат проф.К.К.Сартбаевдин "Кыргыз тилиндеги кошмо сүйлөмдүн синтаксиси (Фрунзе,1957) деген китебинде берилген.

Ээлик багыныңкы сүйлөм, баяндоочтук багыныңкы сүйлөм, аныктоочу багыныңкы жана толуктоочу багыныңкы сүйлөмдөр багыныңкы сүйлөмдүн башка түрлөрүнөн айрым бир өзгөчөлүктөрү боюнча айырмаланып турат.

Багыныңкы сүйлөмдүн жогорку 4 түрүнөн башкалары көбүнчө бүткүл баш сүйлөм билдирген ойдун, кээде анын баяндоочу билдирген кыймыл-аракеттин аткарылыш мезгилин, ордун, себебин, максатын, шартын сыпатын (амалын) мүнөздөп көрсөтөрү белгилүү.

Ал эми багынычтуу татаал сүйлөмдүн жогорку төрт түрүнүн багыныңкы сүйлөмүнүн тутумунда дайыма ар түрдүү жөндөмөдөгү ким, кимде-ким деген ат атоочтор, баш сүйлөмүнүн тутумунда ал, ошол, ушул деген ат атоочтор катышып айтылат, багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу көбүнчө шарттуу ыңгайдан болот; багыныңкы сүйлөмү болсо дайыма баш сүйлөмдүн жогоркудай ал, ошол, ушул деген абстракттуу маанидеги ат атоочтон турган ээсинин, же толуктоочтун, же аныктоочтун, же болбосо баяндоочунун мазмунун тактап, толуктап турат.

Мисалы: Ууруну ким тутса, ал бир табак алтын алат (жомоктон). Сиз кимди сунуш кылсаңыз, ошону кызматка алайын. Мында "Ууруну ким тутса" деген багыныңкы сүйлөм ким? деген суроого жооп берип (-Ким бир табак алтын алат? —Ууруну ким тутса), баш сүйлөмдүн "ал" деген абстракттуу маанидеги ээсинин мазмунун ачып, тактап турат— ээлик багыныңкы сүйлөм. Кийинки "Сиз кимди сунуш кылсаңыз" деген багыныңкы сүйлөм кимди? деген суроого жооп берип (-Кимди кызматка алат? —Сиз кимди сунуш кылсаңыз), баш сүйлөмдүн "ошону" деген толуктоочунун маанисин конкреттештирип турат— толуктоочу багыныңкы сүйлөм.

Мындай структурадагы татаал сүйлөмдүн багыныңкы сүйлөмүнүн баяндоочу шарттуу ыңгайдан болгондуктан, анда бир аз шарттык маани

да бардай сезилет. Бирок андай багыныңкы сүйлөмдөгү шарттык маани анын негизги мааниси эмес, кошумча гана мааниси болуп эсептелет; анын негизги мааниси баш сүйлөмдүн составындагы ат атоочтон турган сүйлөм мүчөсүнүн мазмунун аныктап көрсөтүү болуп эсептелет. Мындан тышкары, багыныңкы татаал сүйлөмдүн жогорку төрт түрүнүн компонентеринин составында ким, кимде - ким, эмне — ал, ошол, ушул деген ат атоочтор катышып айтылат, ал эми нукура шарттуу багыныңкылуу татаал сүйлөмдөрдө мындай ат атоочтор колдонулбайт.

Бир катар багынычтуу татаал сүйлөмдөрдө багыныңкы сүйлөмдүн ээси айрым сурама ат атоочтордон, баш сүйлөмдүн ээси үчүнчү жактагы ат атоочтон же кээ бир шилтеме ат атоочтордон болот. Мындай учурда баш сүйлөмдүн белгилүү бир ат атоочтон турган грамматикалык ээси болсо да ал мааниси боюнча конкреттүү кимди, эмнени билдирип тургандыгы белгисиз болот. Баш сүйлөмдүн минтип ат атоочтон турган абстракттуу мааницеги ээсинин мазмунун, анын ким экендигин өзүнөн мурунку багыныңкы сүйлөм ачып түшүндүрүп, анын маанисин тактап, толуктап, конкреттештирип турат. Мындай багыныңкы сүйлөмдөр жалпы жонунан ким? деген суроого жооп берип, баш сүйлөмгө карата ээлик функцияны аткарат. Мисалы: Ким хандын буйругун эки кылса, ал даргага асылат (жомоктон).

Бул татаал сүйлөмдөгү баш сүйлөм — "ал даргага асылат", Мунун ээси - ал, бирок бул ат атооч абстракттуу гана түшүнүктү билдирип, конкреттүү ким жөнүндө сөз болуп жаткандыгы белгисиз. Ал эми бул баш сүйлөмдү өзүнүн алдындагы багыныңкы сүйлөм менен байланыштуу алсак, ал багыныңкы сүйлөм "ал" деген ким экендигин тактап, анын ички мазмунун ачып, "хандын буйругун эки кылган киши" жөнүндө сөз болуп жаткандыгын туюндуруп турат. Бул багыныңкы сүйлөм ким? деген суроого жооп берип, баш сүйлөмдүн "ал" деген грамматикалык ээсинин

маанисин тактап, баш сүйлөмгө карата ээлик функцияны аткарат:

—Ким даргага асылат? —Ким хандын буйругун эки кылса.

Башкача айтканда, жогорку "Ким хандын буйругун эки кылса, ал даргага асылат" деген татаал сүйлөм "Хандын буйругун эки кылган киши даргага асылат" деген маанини туюндурат, мунун тутумдаш ээси— "Хандын буйругун эки кылган киши". Кээде баш сүйлөмдүн ат атоочтон турган ээси, стилдик максатка ылайык, айтылбай да калат. Мындай учурда айтылбай калган ээси кайсы сөз экендиги сүйлөмдүн жалпы мазмунунан (контексттен) белгилүү болуп турат, экинчи жагынан, аны мазмунун, ким экендигин багыныңкы сүйлөм толуктап, тактап, маанисн боюнча ошол айтылбай калган ээнин ролун аткарып турат.

Мисалы: Ким рахаттанып эс алам десе, Арысланбапка барсын.

Мында "Арысланбапка барсын" деген баш сүйлөмдүн ээси айтылбай калган, бирок анын "ал" деген ат атооч экендиги конктексттен белгилүү болуп турат. Экинчи жагынан "ал" деген ким экендигин "Ким рахаттанып эс алам десе" деген багыныңкы сүйлөм тактап көрсөтүп турат.

Баш сүйлөмдүн ат атоочтон турган ээсинин мазмунун толуктап, тактап турган же анын айтылбай калган ээсинин милдетин аткарып турган багыныңкы сүйлөм ээлик багыныңкы сүйлөм (ээге тиешелүү багыныңкы сүйлөм) деп аталат.

Ээлик багыныңкылуу татаал сүйлөмдөрдө:

I) Багыныңкы сүйлөмдүн ээсинин милдетин көбүнчө "ким" деген ат атооч аткарат, баяндоочу =са формасындагы шарттуу ынгайдан болот баш сүйлөмдүн ээсинин милдетин "ал" деген ат атооч аткарат. Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочуна уланган =са мүчөсү баш сүйлөм менен багыныңкы сүйлөмдү өз ара байланыштырып да турат. Экинчи жагынан, алардын тутумундагы ким— ал деген ат атоочтор да багыныңкы сүйлөм

менен баш сүйлөмдүн ортосундагы маанилик байланышты дагы да бекемдеп, чыңдап турат. Ээ багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу шарттуу ыңгайдан болгондуктан, ал сүйлөмдө бир аз шарттык маани да бардай сезилет, бирок негизинен ал мааниси боюнча өзүнөн кийинки баш сүйлөмдүн "ал" деген ат атоочтон турган ээсинин мазмунун толуктап, тактап, баш сүйлөмгө карата ээлик милдетти аткарат. Мындай структурадагы ээ багыныңкылуу татаал сүйлөмдөрдө багыныңкы сүйлөмү дайыма баш сүйлөмдөн мурун келет.

Мисалы: Мен бир табышмак айтам. Ким табышмакты туура тапса, ал өлүмдөн кутулат (жомоктон). Ким планды ашыра орундатса, ал колхозчулардын слётуна жиберилет. Ким төлдү аман сактаса, ал кошумча эмгек акы да алат ("СК").

2)Багыныңкы сүйлөмдүн ээсинин милдетин "ким" деген ат атооч, баш сүйлөмдүкүн ошол, ошолор, кээде өзү деген ат атоочтор аткарат: Ким анын оозун майласа, дефицит товарларды алды менен ошол алат ("Чалкан"). Буларды ким алып келген болсо, ошолор кайра жеткирсин. Ким биреөгө ор казса, ага өзү түшүп калышы мүмкүн.

3) Багыныңкы сүйлөмдүн ээси кимде-ким деген ат атооч, баш сүйлөмдүкү ал, алар деген ат атоочтордон болот:

Кимде-ким коомдук мүлккө кол салса, ал тиешелүү жазасын алат. ("Чалкан"). Кимде-ким адабий кружокко катышууну кааласа, ал келип тизмеге жазылсын ("ЛЖ"). Кимде-ким бизге кошулгусу келбесе, алар өз билгенин иштей беришсин.

4) Кээде багыныңкы сүйлөмдө ээнин милдетин эмне,эмнелер деген ат атооч, баш сүйлөмдө ошол, ошолор, баары (ошонун баары, анын баары) деген ат атоочтор аткарат:

Силердин мектепке эмнелер керек болсо, биздин мектепке да ошолор керек ("ЛЖ"). Ойго эмне түшсө, кагазга да ошол түшөт.

Ата Мекендик согуш учурунда жеңиш үчүн эмнелер иштелсе, ошонун баары биз үчүн кымбат ("КМ").

Кээде багыныңкы сүйлөмдөгү эмне ат атоочу экинчи бир зат атооч менен айкашып айтылып, ээлик милдетти аткарат:

Айылда эмне жаңылыктар болсо, баары мага белгилүү.

5) Айрым учурларда баш сүйлөмдөгү ал, ошол деген ат атоочтор өзүнөн кийин келген киши, адам, нерсе деген сыяктуу зат атооч тор менен айкашып айтылат. Мындай учурда ээ багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдүн ошондой сөз айкашынан турган ээсинин мазмунун толуктап, тактайт:

Ким анын тамагын майласа, путевканы ошол киши алат экен. ("Чалкан").

Кимде-ким билим деңгелин өркүндөтүп олтурбаса, андай адам турмуштан артта калат.

Кээде баш сүйлөмдүн ат атоочтон турган ээси стилдик талапка ылайык айтылбай да калат. Мындай учурда анын кайсы сөз экендиги сүйлөмдүн жалпы мазмунунан белгилүү болуп турат. Экинчи жагынан, баш сүйлөмдөгү ал айтылбай калган ээнин мазмунун ээ багыныңкы сүйлөм толуктап, тактап турат:

Кимде-ким экскурсияга катышам десе, күн мурунтан тизмеге жазылсын.

Кимдер бул сунушка макул болушса, колдорун көтөрүшсүн.

Бул татаал сүйлөмдөрдүн баш сүйлөмүнүн ээси айтылбай калган, бирок анын кайсы сөз экендиги (ал, алар) контекстен белгилүү болуп турат, экинчи жагынан, ал айтылбай калган ээнин милдетин мааниси боюнча ээ багыныңкы сүйлөм да аткарып турат.

Кээде ээлик багыныңкы сүйлөмдүн тутумундагы "ким" деген ат атооч белгилүү бир жөндөмөдө келет да, баш сүйлөмдүн ээси атооч

жөндөмдөгү "ал" деген ат атоочтон болот. Мындай учурда багынынкы сүйлөмдүн составындагы "ким" деген ат атоочко жөндөмө мүчөнүн уланып келиши менен ал сүйлөм ээ багынынкы сүйлөм болуудан калбайт. Тескерисинче, ал баары бир, маниси боюнча баш сүйлөмдүн абстракттуу маанидеги "ал" деген ат атоочтон турган ээсинин мазмунун толуктап, тактап, жалпы жонунан "ким?" деген суроого жооп берип, баш сүйлөмгө карата ээлик милдетти аткара берет.

Мисалы: Кимдин эрки күчтүү болсо, ал ар кандай кыйынчылыктарды жеңип чыгат. Бул иш кимге тапшырылса, ал аны аткарууга милдеттүү. Дирекция айыл чарба ишине кимди жиберсе, ал, сөзсүз, барууга тийиш.



БАЯНДООЧТУК БАГЫНЫҢКЫ СҮЙЛӨМ

Орус, өзбек, азербайжан, башкыр, хакас ж.б. тилдеринин грамматикаларында баяндоочтук багыныңкы сүйлөм да багыныңкы сүйлөмдөрдүн өзүнчө бир түрү катары каралат.

Өзбек тилинде баяндооч багыныңкылуу татаал сүйлөмдүн тутумундагы баш сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин шу, шудир, шунда, шундай сыяктуу ат атоочтор аткарат да, кийинки багыныңкы сүйлөм менен "ки" байламтасы аркылуу байланышат (азербайжан тилинде да "ки" байламтасы тутумдаштырат); багыныңкы сүйлөмү баш сүйлөмдүн жогорку ат атоочтон турган баяндоочунун маанисин тактап, толуктап түшүндүрөт.

Мисалы: Энди маслахат шуки, кизингни етаклаб, тезрок уйингга жүна[I] = Эми кеңешим ушул: кызыңды жетелеп, тезирээк үйүңө жөнө.

Мында баш сүйлөмдүн баяндоочу—шуки (шу+ки), анын маанисин кийинки багыныңкы сүйлөм ачып, конкреттештирип турат, ошол себептүү ал баяндооч багыныңкы сүйлөм деп аталат.

Кыргыз тилинде мындай татаал сүйлөмдөрдүн компоненттерин тутумдаштыруучу "ки" байламтасы жок. Бирок мааниси жагынан жогоркудай баяндооч багыныңкылуу татаал сүйлөмгө окшогон сүйлөмдөр кыргыз тилинде да бар экендигин байкоого болот.

Кыргыз тилиндеги баяндоочтук багыныңкылуу татаал сүйлөмдөрдө баш сүйлөмүнүн баяндоочу ушул, бул, мындай, ушундай ж.б. деген сыяктуу шилтеме ат атоочтордон болот да, өзүнөн кийинки баяндооч багыныңкы сүйлөм менен интонация аркылуу байланышат. Мындай түзүлүштөгү татаал сүйлөмдү оозеки айтканда, баш сүйлөмдөн кийин кыска пауза (тыным) болот да, ал тыным өзүнөн кийин баш сүйлөмдүн ат атоочтон турган баяндоочунун маанисин ачып түшүндүрө турган

I. Г. А б д у р а х м а н о в. Кушма гап синтаксиси асослари, - Ташкент, 1958, 136-б.

экинчи бир сүйлөмдүн (багыныңкы сүйлөмдүн) улантылып айтыларын эскертип турат. Жазууда ал кыска тыным болгон жерге кош чекит коюлат. Мындай жол менен уюшулган татаал сүйлөмдөрдө баяндоочтук багыныңкы сүйлөм дайыма баш сүйлөмдөн кийин келет.

Мисалы: Биздин тилегибиз ушул: бактылуу-таалайлуу үй бүлөдөн болгула.

Мында "Биздин тилегибиз ушул" деген баш сүйлөмдү өзүнчө бөлүп алсак, анын "ушул" деген баяндоочу кандайдыр бир конкреттүү түшүнүктү билдире албастыгы ачык эле көрүнүп турат. Анын конкреттүү мазмунун, ал ат атооч кандай түшүнүктү ичине камтып тургандыгын кийинки "бактылуу-таалайлуу үй-бүлөдөн болгула" деген багыныңкы сүйлөм тактап, толуктап туюндуруп турат. Баш сүйлөмдүн шилтеме ат атоочтон турган баяндоочунун мазмунун тактап, толуктап турган багыныңкы сүйлөм баяндоочтук багыныңкы сүйлөм (баяндоочко тиешелүү багыныңкы сүйлөм) деп аталат.

Баш сүйлөмдүн баяндоочуна кандай суроо берилсе, баяндоочтук багыныңкы сүйлөмгө ошол эле суроо берилет.

Кыргыз тилинде баяндооч багыныңкылуу татаал сүйлөмдөрдө баш сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин көбүнчө:

I) ушул деген шилтеме ат атооч аткарат да, анын абстракттуу маанисин кийинки баяндооч багыныңкы сүйлөм тактап, толуктап турат: Дагы айтарым ушул: мал жайытын мен билейин (Т.С.). Менин кеңешим ушул: мектепти бүтүргөндөн кийин айыл чарба техникумуна кир.

Мындагы баяндоочтук багыныңкы сүйлөмдөргө баш сүйлөмдүн баяндоочуна берилүүчү төмөнкүдөй эле суроолор берилет:

—Айтарың эмне? —мал жайытын мен билейин.

— Кеңешиң эмне? —Мектепти бүтүргөндөн кийин айыл чарба техникумуна бар.

Баяндоочтук багыныңкы сүйлөмдүн ушундай жол менен уюшулушу башкыр тилине да мүнөздүү. Салыштыр: Минең сүзем шул: Мин коммунанан сыга алмайым.[I] — Менин сөзүм ушул: Мен коммунадан чыга албаймын.

2) Баш сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин "бул" деген шилтеме ат атооч аткарат:

Айта турган сөз бул: силер таң заардан чөп чабыкка чыккыла. Пландын аткарылбай калыш себеби бул: жайында кургакчылык болуп, көп жерде эгин күйүп кетти.

3) Баш сүйлөмдүн баяндоочу сапаттык белгини көрсөтүү маанисиндеги "ушундай", "мындай" деген ат атоочтордон болот:

Азыр шарт ушундай: бизге ар бир саат, ар бир минута кымбат. Менин берер кеңешим мындай: убакытты кетирбей, кош айдоону тезирээк баштоо керек.

Мындагы баяндоочтук багыныңкы сүйлөмдөр да баш сүйлөмдүн баяндоочуна берилүүчү төмөнкү суроолорго жооп берет:

—Азыр шарт кандай? —Бизге ар бир саат, ар бир минута кымбат.

—Берер кеңешиң кандай? - Убакытты кетирбей, кош айдоону тезирээк баштоо керек.

4) Баш сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин кээде жатыш жөндөмөдөгү "ушунда", "мында" деген ат атоочтор аткарат:

Эң коркунучтуусу ушунда: май, июнь айларында бир тамчы жамгыр түшпөдү. Баарынан кызыгы мында .: Мен аны таптакыр тааныбай калыптырмын.

Кээде баш сүйлөмгө баяндооч болуп келүүчү жогорку шилтеме ат атоочтор"болду"деген этиш менен айкашып келиши мүмкүн:

I. Грамматика современного башкирского литературного языка, М.,1981, 456-б.

Колхозчулардын кайраттуу эмгегинин үзүрү бул болду: областыбыз мамлекетке пахта тапшыруунун планын 110 процентке орундатты.



Аныктоочу багыныңкы сүйлөм

Айрым түрк тилдеринде, мисалы, өзбек, азербайжан ж.б. тилдеринде, аныктооч багыныңкылуу татаал сүйлөмдөр, биринчиден,"ки", байламтасы аркылуу уюшулат: Бир хил капиталист давлатлар борки, уларнинг хамма ишида АКШнинг агрессив планлари асос килиб олинган[I] — Айрым капиталисттик мамлекеттер бар (ки), алардын бардык ишинде АКШнын агрессивдүү пландары негиз болуп алынган.

Экинчи бир түрүндө аныктооч багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу шарттуу ыңгайдан болот, мындан тышкары багыныңкы сүйлөмдүн составына ким, кимнинг, кимки, кимда-ким деген ат атоочтор, баш сүйлөмдүн составына унинг деген ат атооч кошулуп айтылып уюшулат: Кимнинг сузи тугри булса, унинг халк олдида эътибори юкори булади[2] — Кимдин сөзү туура болсо, анын калк алдында бедели да жогору болот. Аныктоочу багыныңкылуу татаал сүйлөмдөр бул тилдерде (өзбек, азербайжан) активдүү колдонулат.

Кыргыз тилинде болсо багыныңкы сүйлөмдүн бул түрүн уюштуруучу "ки" байламтасы жок. Ал эми экинчи жол менен (шарттуу ыңгай жана айрым ат атоочтордун катышуусу менен) уюшулган аныктооч багыныңкылуу татаал сүйлөмдөр кыргыз тилинде да аз да болсо учурайт.

Мисалы: Ким адабий китептерди көп окуса, анын жалпы кругозору да жогору болот.

Мында "анын жалпы кругозору да жогору болот" деген баш сүйлөмдөгү "анын" деген аныктоочто конкреттүү ким жөнүндө сөз болуп жаткандыгы белгисиз, анын ким экендигин "Ким адабий китептерди көп окуса" деген багыныңкы сүйлөм аныктап, тактап көрсөтүп турат:

—Кимдин жалпы кругозору жогору болот?

I,2) Г. Абдурахманов. Кушма гап синтаксиси асослари,II7,II2-бе

– Ким адабий китептерди көп окусса.

Демек, бул жерде багыныңкы сүйлөм кимдин? деген суроого жооп берип, баш сүйлөмдөгү "анын" деген аныктоочтун мазмунун ачып, баш сүйлөмгө карата аныктоочтук функцияны аткарып турат.

Баш сүйлөмдүн ат атоочтон турган аныктоочунун мазмунун ачып, анын ар кандай белгисин көрсөтүп, аныктап турган багыныңкы сүйлөм аныктоочу багыныңкы сүйлөм деп аталат.

Кыргыз тилинде аныктоочу багыныңкы сүйлөм негизинен төмөнкүдөй жол менен уюшулат:

Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин шарттуу ыңгай аткарат. Мындан тышкары, багыныңкы сүйлөмдүн тутумуна ким, кимде – ким, кимдин деген ат атоочтор, баш сүйлөмдүн тутумуна анын, ошонун деген ат атоочтор катышат. Багыныңкы сүйлөмү баш сүйлөмдүн составындагы ошол ат атоочтон турган аныктоочтун мазмунун ачып, аныктап, тактап турат. Адатта, багыныңкы сүйлөмдөгү ат атооч ээлик же аныктоочтук милдетти аткарса, баш сүйлөмдөгү ат атооч аныктоочтук милдетти аткарат.

Албетте, аныктоочу багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу шарттуу ыңгайдан болгондуктан, ал сүйлөмдө бир аз шарттык маани да бар экендиги сезилип турат. Бирок шарттык маани анын негизги мааниси эмес, кошумча гана мааниси. Ал багыныңкы сүйлөмдүн негизги мааниси баш сүйлөмдөгү ат атоочтон турган аныктоочтун абстракттуу маанисин тактоо, аныктоо болуп эсептелет. Аныктоочу багыныңкы сүйлөм жалпы жонунан кимдин? эмненин? деген суроолорго жооп берет.

Кыргыз тилиндеги аныктоочу багыныңкылуу татаал сүйлөмдөрдө:

I)Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу шарттуу ыңгайдан болот, мындан тышкары анын составына ким, кимде-ким деген ат атооч, баш сүйлөмдүн составына илик жөндөмөдөгү анын, ошонун деген ат атооч кошулуп айтылат:

Ким өз ишине тыкан болсо, эл алдында анын жүзү да жарык болот ("КП"). Кимде-ким тартип бузса, анын ата-энесин мектепке чакыртууга туура келет. Кимде-ким бул ишке жан дили менен катышса, анын аты-жөнү тарыхтын барактарында алтын тамгалар менен бечеттелип, партия менен өкмөттөн алкыш угат (Т.С.).

2) Аныктоочу багыныңкы сүйлөмдүн тутумуна илик жөндөмөдөгү кимдин деген ат атооч, баш сүйлөмдүн тутумуна иликтеги ошонун, анын деген ат атооч катышып айтылат:

Кимдин жерин жердесең, ошонун ырын ырда (макал). Кимдин иши жакшы болсо, анын жүзү да жарык болот.

Аныктоочу багыныңкылуу татаал сүйлөмдөр кыргыз тилинде анчалык кеңири учурабайт.



Толуктоочу багыныңкы сүйлөм

Толуктоочу багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдөгү жалпы (абстракттуу) маанидеги толуктоочтун мазмунун ачып, тактап турат.

Толуктооч багыныңкылуу татаал сүйлөмдөрдүн багыныңкы сүйлөмүнүн тутумунда дайыма иликтен башка жөндөмөлөрдүн биринин мүчөсү уланган ким, эмне деген сыяктуу ат атоочтор, баш сүйлөмдүн составында ошол эле жөндөмөлөрдүн биринде турган ал, ошол деген ат атоочтор катышып айтылат. Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу шарттуу ыңгайдан болот, анын =са мүчөсү багыныңкы сүйлөм менен баш сүйлөмдү байланыштырып турат, экинчи жагынан, сүйлөмгө бир аз шарттуулук маанисин да кошумчалап турат. Баш сүйлөмдүн тутумундагы ал, ошол деген ат атоочтордон турган толуктооч, өзүнүн абстракттуу (жалпы) маанисине ылайык, ким жөнүндө, эмне жөнүндө сөз болуп жаткандыгын так, конкреттүү билдире албайт. Ындай абстракттуу маанидеги толуктоочтун мазмунун багыныңкы сүйлөм гана ачып, тактап, толуктап түшүндүрүп турат. Мындай толуктоочу багыныңкы сүйлөмдөргө да жөнөкөй сүйлөмдүн толуктооч мүчөсүнө берилүүчү суроолор берилет.

Мисалы: Сиз кимди сунуш кылсаңыз, ошону өзүмө жардамчы кылып алайын. Мында "ошону өзүмө жардамчы кылып алайын" деген баш сүйлөмдөгү "ошону" деген толуктооч конкреттүү кимди билдирип тургандыгы белгисиз. Эми төмөнкүдөй суроо берип көрөлү:

— Өзүңө кимди жардамчы кылып аласың?

— Сиз кимди сунуш кылсаңыз.

Мында "Сиз кимди сунуш кылсаңыз" деген багыныңкы сүйлөм "кимди?" деген табыш жөндөмөнүн суроосуна жооп берип, баш сүйлөмдүн "ошону" деген абстракттуу маанидеги толуктоочунун мазмунун тактап, толуктап турат. Башкача айтканда, бул багыныңкы сүйлөм баш сүйлөм

үчүн толуктооч мүчө сыяктуу милдет аткарып турат. Ошондуктан мындай структурадагы, мындай маанидеги багыныңкы сүйлөмдөрдү синтаксистик функциясына карай толуктоочу багыныңкы сүйлөм деп кароого туура келет.

Толуктооч багыныңкылуу татаал сүйлөмдөрдө:

I) Багыныңкы сүйлөмдүн тутумунда иликтен башка жөндөмөлөрдүн биринде турган ким, кимдер деген ат атоочтор, баш сүйлөмдүн тутумунда табыш, барыш, чыгыш жөндөмөлөрүндөгү ал, ошол деген ат атоочтор катышып айтылат. Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин шарттуу ыңгай аткарат:

Коомдук ишке ким активдүү катышса, ошону партияга өтүүгө сунуш кылабыз. Өзүңүз кимди жактырсаңыз, ошону жардамчы кылып алыңыз. Ал кимге жолукса, ошого арыз-муңун айта берет.

2) Толуктоочу багыныңкы сүйлөмдүн составында "кимде-ким" деген ат атооч, баш сүйлөмдүн составында табыш, барыш жөндөмөдөгү "ал" деген ат атооч катышат:

Кимде-ким ак пейли менен эмгектенсе, аны эл дайыма барыктайт.

Кимде-ким кара дөөнү өлтүрүп келсе, падыша ага жалгыз кызын бермек болду (жомоктон).

3) Толуктоочу багыныңкы сүйлөмдүн тутумунда атооч жөндөмөдөгү же кыйыр жөндөмөлөрдүн биринде турган "эмне" деген ат атооч, баш сүйлөмдүн ичинде барыш, табыш жөндөмөсүндө турган "ошо" деген ат атооч катышып айтылат:

Ал оозуна эмне келсе, ошону оттой берет.

Уядан эмнени көрсө, ошону алат (макал).

Эмнени кор кармасаң, ошого зар болосуң (макал).

Кээде толуктоочу багыныңкы сүйлөмдө "эмне" деген ат атооч, баш сүйлөмдүн ичинде табыш жөндөмөдөгү "баарын" деген жалпылама ат атооч катышат:

Көңүлүңдө эмне болсо, баарын айт.

4) Айрым учурларда багыныңкы сүйлөмдө жөндөмөдөгү "кайсы" ат атоочу, баш сүйлөмдө жөндөмө мүчө уланган "ошо" ат атоочу колдонулат:

Сен кайсынысынан алсаң, мен да ошондон алам.

5) Айрым учурларда баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдүн тутумунда айтылуучу ошол, эмне, кайсы, кандай деген ат атоочтор экинчи бир тиешелүү зат атоочтор менен айкашып айтылып калат:

Ким далилдүү, ишенимтүү сүйлөсө, ал ошол тарапка оой берет. Дирекция тарабынан эмне тапшырма берилсе, аны так орундатат. Борбордук комитет кайсыл ишти тапшырса, ошол ишти аткарууга даярмын. Быйыл кандай милдеттенме алсак,ошону сөзсүз аткарышыбыз керек.

МЕЗГИЛ БАГЫНЫҢКЫ СҮЙЛӨМ

Мезгил багыныңкы сүйлөм багынычтуу татаал сүйлөмдүн тутумунда туруп, баш сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин, кубулуштун болгон, болуп жаткан же боло турган мезгилин билдирет.

Адатта, багыныңкы сүйлөмдөрдүн грамматикалык маанисин аныктоодо ага карата суроо берилет. Суроо берүүдө баш сүйлөм таяныч катары алынат да, берилген суроого багыныңкы сүйлөм жооп болуп түшөт. Мезгил багыныңкы сүйлөм дайыма качан? качанга чейин? качантан бери? деген сыяктуу суроолорго жооп берет.

Мисалы: Бороон басаңдагандан кийин, кой-эчкилерге чөп чачылды.

—Кой-эчкилерге качан чөп чачылды?

—Бороон басаңдагандан кийин.

Мында качан? деген суроо баш сүйлөмгө таянып берилди да, ал суроого багыныңкы сүйлөм жооп болуп түшүү; качан? деген суроого жооп берип, баш сүйлөмдөгү иш-аракеттин аткарылган мезгилин билдирип турат— мезгил багыныңкы сүйлөм.

Мезгил багыныңкы сүйлөм баш сүйлөм менен дайыма өзүнүн баяндоочтук формасы аркылуу байланышат. Бул үчүн багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочуна ар түрдүү грамматикалык каражаттар кошулуп айтылат. Ал каражаттар, биринчиден, багыныңкы сүйлөм менен баш сүйлөмдү өз ара байланыштыруу үчүн кызмат кылат, экинчиден, багыныңкы сүйлөмгө мезгилдик маани да берип турат. Бирок дайым эле багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочуна кошулуп айтылган грамматикалык формага карап, ал сүйлөмдүн маанисин аныктоого мүмкүнчүлүк боло бербейт. Себеби айрым грамматикалык формалар көп маанилүү. Мисалы, =ганча формасындагы чакчыл кээде мезгил багыныңкы сүйлөмдү уюштурса, кээде салыштырма багыныңкы уюштурат; =са формасындагы

этиш көбүнчө шарттуу багыныңкыны, кээде мезгил багыныңкы сүйлөмдү уюштурат ж.б. Ошондуктан багыныңкы сүйлөмдүн түрлөрүн аныктоодо алардын жалаң гана баяндоочтук формасына көңүл бурбастан, ал татаал сүйлөмдүн жалпы структурасына, лексикалык составына жана компоненттеринин ортосундагы грамматикалык,семантикалык катыштын мүнөзүнө да көңүл буруу зарыл.

Мезгил багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу негизинен төмөнкүдөй жолдор менен уюшулат:

I) Көбүнчө багыныңкы сүйлөмдүн =ган формасындагы атоочтук этиштен турган баяндоочуна жатыш жөндөмөнүн =да мүчөсү жалганып айтылат. Багыныңкы жана баш сүйлөмдүн баяндоочтору өткөн чакта же учур чак маанисинде айтылат.Семантикасы боюнча, багыныңкы сүйлөм менен баш сүйлөмдөгү кыймыл-аракет бир мезгилде болгондугун же биринен кийин экинчиси удаалаш болгондугун билдирет: Сабыр тамагын ичип жатканда,телефон шыңгырады (А.Т.). Коңгуроо шаңгырап жатканда, сүрөтчү-профессор залга кирип келген эле (А.Т.). Алыстан зымырап келе жаткан биздин самолет көрүнгөндө, немецтин жорулары беттешпестен кайра жөнөштү (А.Т.). Танабай жылкыны кайра жайытына кайрып келгенде, айылдан эки атчы да келип жетти.(Ч.

Айрым учурларда баяндоочко уланган =ган формасынан кийин тиешелүү таандык уланды жалганып,андан соң жатыштын =да мүчөсү уланып айтылат:

Аркы бетке жеткенимде, мени чакырган Курмандын үнү угулду (К.Б.). Биз жуп шаардан чыга бергенибизде, ызгаардуу бороон бет алдыбыздан ура баштады (К.Ж.).

2)Кээде багыныңкы сүйлөмдүн атоочтуктун =ар формасында турган баяндоочуна жатыштын=да мүчөсү уланып айтылат. Маанисиси жагынан баш сүйлөмдөгү кыймыл-аракет багыныңкы сүйлөмдөгү кый-

мыл-аракеттен бир аз мурунураак болгондугун билдирет:

Токтомуш мерген аскада турган кийикти атарда, оң тараптан ачуу кыйкырык чыгып калды. Кыз-келиндер айылга жете берерде, мандай жактагы боз секиден жалгыз аттуу караан көрүндү (К.Б.).

3) Мезгил багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун негизги компоненти =а(-й)формасындагы чакчыл этиштен болот да, ага жатыш жөндөмөнүн мүчөсү уланган "элек" жардамчы сөзү кошулуп айтылат. Мааниси боюнча, баш сүйлөмдөгү кыймыл аракет багыныңкы сүйлөмдөгү кыймыл-аракет аткарылууга чейин болгондугун билдирет:

Субайлар аштоого келе электе, козулуу койлор жабалактап жетип келишти. Шарипа ойлогон оюнун аягына чыга электе, мордун түтүнү бурулдап чыга баштады (С.С.).

4)Мезгил багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин =ганы формасындагы чакчылдар аткарат да, баш сүйлөм билдирген иш-аракеттин качантан бери болуп жаткандыгын туюндурат:

Бул келиним келгени, кийимим кир да, жыртык да боло элек (Т.С.). Бул жерге совхоз уюшулганы, эч нерседен кем-карч боло элекпиз (Н.Б.).

5) Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу =ганча (-гыча) формасындагы чакчылдардан болот. Мындай түзүлүштөгү багыныңкы сүйлөм эки түрдүү маанини туюндурат: а) эгерде баш сүйлөмдүн баяндоочу созулуңку эмес, кыска, чукулураак аяктаган кыймыл-аракетти билгизсе, анда багыныңкы сүйлөмдөгү кыймыл-аракет аяктап бүткүчө, баш сүйлөмдөгү кыймыл-аракет иштелип бүткөндүгүн (бүтөрүн) билдирет:

Жапар атасы менен сүйлөшүп бүткөнчө, Жамийла столго дасторкон жайды (К.Б.). Эне, ушул жүгөрү дүмбүл болгуча, кичине бала аман-эсен кайтып келсин (Ч.А.).

б) Эгерде баш сүйлөмдүн баяндоочу созулуңку кыймыл-аракетти билгизсе, анда баш сүйлөмдөгү кыймыл багыныңкы сүйлөмдөгү кыймыл-аракет аяктаганга чейин болуп тургандыгын билдирет, б.а. баш сүйлөмдөгү иш-аракеттин качанга чейин созулгандыгын көрсөтөт:

Кыздар узап кеткенче, карып кемпир боз тамдын эшигинин түбүндө селейип карап турду (Т.С.). Батый короого кирип кеткенче, Касейин козголбой күттү (Т.С.).

6) Багыныңкы сүйлөмдүн этиштик баяндоочуна =гычакты (-гы+чакты) формасы жалганып да, мезгил багыныңкы уюштурат. М---

?

---багыныңкы сүйлөмдөрдө, аз да болсо, кошумча шарт мааниси да бардай сезилет, бирок негизинен мезгилди билдирет, мезгилдик, мааниси басымдуулук кылат.

Мисалы: Малдын арты ашуунун аркы бетине энкеймейинче, мен бул жерде силер менен бирге болушум керек (А.У.). Болотбек тороломоюн, анын жанынан карыш да чыкпаймын (А.Т.). Жеңе жүрмөйүнчө, чөптүн башы кыймылдабайт (макал).

8) Мезгил багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочун аз да болсо, =ып формасындагы чакчылдар уюштурат. =ып мүчөлүү чакчылдар көп маанилүү: алар сыпат, карама-каршы багыныңкы сүйлөмдөргө да баяндооч болуп келе беришет. Ошондуктан булар бири-биринен, негизинен,

ички мааниси боюнча айырмаланышат. Мындай түзүлүштөгү мезгил багыныңкы сүйлөмдөр качан? деген суроого жооп берип, багыныңкы сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттен кийин баш сүйлөмдөгү иштин болгондугун билдирет: Жапар түш оой талаа иштерин жайгаштырып коюп, тоодогу малчыларга жөнөдү. Ошол күнү Танабай жылкыны таңкы салкын менен жайытка айдап салып, шашкелик чайга кайтып келген (Ч.А.).

Эгерде багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу учур чактык мааниде болсо, анда мезгил багыныңкы сүйлөм менен баш сүйлөм бир мезгилде болгон иш-аракетти билдирет:

Султанмурат терезеден сыртты карап отуруп, мындай суукта ат байкуш деле үшүйт го деп ойлоду (Ч.А.)

9) Мезгил багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин кээде =а(-й) формасындагы чакчылдар аткарат. Мында баш сүйлөмдөгү окуя багыныңкы сүйлөмдөгү кыймыл-аракет аткарылары менен ага удаа жана тез башталгандыгын көрсөтөт: Күндүн нуру жерге жайыла, күрүлдөгөн моторлор селонун ичине бир укмуштуу окуя келтиргендей болду (К.Ж.). Касымдын үнү чыга сала, энеси Токтобүбү крыльцодон жумаланып түшкөндөй болду (А.Токтом.)

10) Мезгил багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочун айрым учурларда терс формадагы =бай (-ба-й) чакчыл этиш уюштурат. Мындай учурда баш сүйлөмдүн баяндоочу көбүнчө өткөн чакта турат; ал эми багыныңкы сүйлөмдүн тутумунда көпчүлүк учурда мезгилдик маанидеги сөз катышып айтылат. Мисалы: Беш мүнөттөй убакыт өтпөй, тышка экөөнүн табышы келди (Т.С.). Арадан жарты саат убакыт өтпөй, Жаргын райкомдун катчысы Аскардын кабинетине кирди (Т.С.).

Эгерде баш сүйлөмдүн баяндоочу терс маанидеги келер чакта турса, анда =бай формасындагы чакчыл аркылуу уюшулган багыныңкы сүйлөм накта мезгилдик маани бербестен, шарттык түшүнүктү да ичине камтып, мезгил-шарт маанисин билдирет.

Мисалы: Алар келбей, көчө албайбыз (К.Б.).

Жамгыр жаабай, жер көгөрбөйт.

Мындагы багыныңкы сүйлөмдөр, биринчиден, баш сүйлөм билдирген окуянын качанга чейин болорун, кайсы убакка чейин созуларын билдирсе, экинчи жагынан, баш сүйлөмдөгү ойдун аткарылышы үчүн багыныңкы сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин орундалышы шарт катары көрсөтүлүп турат. Бирок канткен менен да, мындай түзүлүштөгү багыныңкы сүйлөмдө мезгилдик маани да бар.

II) Кээде багыныңкы сүйлөмдүн этиштик баяндоочуна шарттуу ынгайдын =са мүчөсү уланып айтылып да, мезгил багыныңкы сүйлөм уюшулат. =Са мүчөсү да көп маанилүү: бул формадагы этиштердин жардамы менен шарттуу багыныңкы, карама-каршы багыныңкы ж.б. сүйлөмдөр да уюшулат. Ошондуктан алардын ички семантикасына кылдаттык менен көңүл буруп, аларды маани жагынан бири-биринен ажырата билүү керек. Эгерде мындай түзүлүштөгү багыныңкы сүйлөм качан? деген суроого жооп берип, баш сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин болгон мезгилин билдирсе, мезгил багыныңкы сүйлөм болот. Мындай түзүлүштөгү мезгил багынычтуу татаал сүйлөмдөрдө: а) багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу да, баш сүйлөмдүн баяндоочу да учур чак маанисинде айтылат: Фабрикадан чыгып бара жатышса, кар борошолоп жаап турган экен (С.Сас.).

б) Экөөнүн тең баяндоочу өткөн чактык мааниде болот: Мен сырттан келсем, сен армияга жөнөп кетипсиң (К.Б.).

в) Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу, өткөн чактык, баш сүйлөмдүкү учур чактык мааниде айтылат:

Эл жатарда Алымдар айылга барышса, Анархан короого кирип бараткан экен (К.Ж.).

г) Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу учур чакта, баш сүйлөмдүн баяндоочу өткөн чакта айтылат: Уркуя Мадымар уулу Тешебайга барасса, астынан Камбарниса деген тамеки боюнча бригадир жолукту (Н.Б.

Эгерде багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу жана баш сүйлөмдүн баяндоочу да келер чакта айтылса, анда шарттуу багыныңкы сүйлөм уюшулат: Пахтаны жакшы баксаңыз, ал сиздин акыңызды жөбейт (Т.Ү м.)

I2) Мезгил багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу чыгыш жөндөмөдөгү атоочтуктан кийин кийин, соң, бери, тартып деген жандоочтордун кошулуп айтылышы аркылуу уюшулат.

Мындай түзүлүштөгү багыныңкы сүйлөмдөр баяндоочунун негизги компонентине айкашып айтылган жогорку жандоочтордун семантикасына карай ар түрдүү маанини туюндурат.

а) Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун негизги компоненти чыгыш жөндөмөдөгү -ган формасындагы атоочтуктан болуп, ага кийин, соң деген жандоочтор айкашып айтылса, баш сүйлөмдөгү кыймыл-аракет мезгил жагынан багыныңкы сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттен кийин болгондугун билдирет:

Эрегишкен күлүктөр артта калгандан кийин, Гүлсары жеңилдене түштү (Ч.А.). Поезддер өтүп кеткенден кийин, станцияда ээн тынчтык өкүм сүрөт (Ч.А.).

Кула тай кайрылып үйүрүнө киргенден соң, экинчи аны козгошподу (Ч.А.). Жанагы катындын минткен үнү чыккандан соң, мага да кезек келдиң го дедим (С.Өм.).

Бирок тилибизде "соң" жандоочунун алдындагы атоочтукка жалгануучу чыгыш жөндөмөнүн мүчөсү көпчүлүк учурда түшүрүлүп айтылат:

Арадан бир күн өткөнсоң, жылкы тоого бет алды (Ч.А.). Сөз Чор туурапу болуп кеткен соң, Танабай унчуга албады (Ч.А.).

б) Багыныңкы сүйлөмдүн чыгыш жөндөмөдөгү атоочтуктан турган баяндоочунан кийин бери, тартып деген жандоочтор айкашып айтылса, баш сүйлөмдөгү кыймыл-аракет багыныңкы сүйлөмдө көрсөтүлгөн мезгилден бери тарта болуп жаткандыгын туюндурат:

"Жет-кайт" бригадасы ушул жерди иштете баштагандан бери, Болотбек менен Өмүрбекте тыным болбоды (К.Ж.). Эгин бышкандан бери, ал кырман башында (Ч.А.).

Заводго Абдил директор болуп келгенден тартып, эмгек өндүрүмдүүлүгүн көтөрүүгө байланыштуу бир кыйла орчундуу жумуштар аткарылды (С.С).

I3) Мезгил багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу барыш жөндөмөдөгү атоочтуктан же кыймыл атоочтон кийин чейин, дейре деген жандоочтордун айкашып айтылышы менен уюшулат. Мааниси жагынан, багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдөгү иштин кайсы убакка чейин болгондугун, болорун билдирет: Жолборс карышкырды жайлап келгенге чейин, куу түлкү төөнүн этин катып коёт (жомоктон).

I4) Бул маанидеги багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу =ар (-ар+ы) формасындагы атоочтуктан кийин "менен" жандоочунун тутумдашып айтылышы менен уюшулуп, багыныңкы сүйлөмдөгү кыймыл-аракет аткарылары менен, баш сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин аткарылгандыгын билдирет; баш сүйлөмдүн баяндоочу өткөн чакта же келер чакта айтылат.

Мисалы: Ал кетери менен, Уркуя Бактыбаевди сөзгө алды (Н.Б.). Эшик ачылары менен, куралдуу үч полициянын формасы көрүнө калды. (А.Т.). Жаз чыгары менен, айылдын тегерегиндеги аңыздарга да чоң кош чыгат (Ч.А.).

I5) Бул багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу =ган формасындагы атоочтуктан кийин "сайын" жандоочунун кошулуп айтылышы менен да уюшулуп, мезгилдик катышты билдирет. Накта мезгилдик мааниде колдонулганда, багыныңкы сүйлөмдүн тутумунда көбүнчө мезгилдик маанидеги сөздөр катышат. Ушуну менен бирге, багыныңкы сүйлөмдөгү белгилүү бир кыймыл-аракеттин улам кайталанышы менен баш сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин кандай абалда аткарылгандыгын да туюндурат.

а) Ар дайым майрам болгон сайын, Айганыштын эсине Шамбети түшчү (Т.С.). Жыл өткөн сайын, жаңы совхоздун чарбасы өстү.

б) Таскагы улам катуулаган сайын, чоң-торунун жал-куйругу жайыла түшөт (Т.С.). Торго тепкен тобу түшүп турган сайын, анын атак-даңкы да көтөрүлө берет (Ч.А.).

16) Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун =ган формасындагы атоочтуктан турган негизги компонентинен кийин жатыш жөндөмөдөгү мезгилдик маанидеги кезде, убакта, учурда, мезгилде, маалда, чакта, чейде деген сөздөрдүн айкашып айтылышы менен мезгил багыныңкы сүйлөм уюшулат; мааниси боюнча, баш сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин кандай (кайсы) убакта болгондугун билдирет:

Кыштактан жоон топ киши узай берген кезде, кыбыла тараптан коюу чаң чыкты (К.Ж.). Күз айлары толуп турган убакта, Кара-Алма токоюнун көркү өзүнчө бир шумдуктуу болот (Н.Б.). Мылтык атылып жаткан учурда, сиз уктап калсаңыз керек (Т.С.). Сүрөт сабагы жүрүп жаткан мезгилде, биздин класстын эшиги дайым ачылып кала турган (А.Т.). Күндүн аптабы кокту ичине уюган маалда, бала бийик шыраалжындын түбүнө кирип кетет (Ч.А.). Журт өлүккө үймөлөктөшүп турган чакта, солдаттардын топту байлап аткан мылтыктарынын үнү чыкты (К.Б.). Күн улуу шашке болуп калган чейде, тору качырын минип, Каныбекти издеп кеткен Самсахун да келди (К.Ж.).

17) Мезгил багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу =ар формасындагы атоочтуктан кийин мезгилдик маанидеги "замат" деген сөздүн тутумдашып айтылышы менен да түзүлөт; мааниси жагынан, багыныңкы сүйлөмдөгү кыймыл-аракет аяктары менен эле, баш сүйлөмдөгү иш-аракеттин аткарылгандыгын билдирет:

Биз фашисттерди жексендер замат, колхоздун электр станциясын курууга киришебиз (Т.С.). Оокат желип бүтөр замат, чай берилди.

I8) Багыныңкы сүйлөм менен баш сүйлөмгө убакыт маанисиндеги качан–ошондо, кандай — ошондой деген байламта сөздөрдүн кошулуп айтылышы менен да мезгил багыныңкы сүйлөм уюшулат. Мындай учурда багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу шарттуу ыңгайдын -са формасында айтылып, аны (багыныңкы сүйлөмдү) баш сүйлөм менен структуралык жагынан байланыштырат. Ал эми багыныңкы сүйлөм менен баш сүйлөмдүн составында турган жогорку байламта сөздөр ал эки сүйлөмдүн ортосундагы маанилик байланышты бекемдейт.

Мисалы: I) Эс алууга качан кел десең, ошондо келем.

"Качан" деген байламта сөзгө "ошондо" деген сөздөн башка "ошол убакта", "ошол учурда", "ошол мезгилде" деген айкаштар да түгөйлөш болуп айтыла берет: Сен жайлоого качан келсең, мен да ошол учурда барайын.

"Кандай"—"ошондой" байламта сөздөрү да мезгилдик мааниде колдонулганда, мезгил багыныңкы сүйлөмдү уюштурууга катышат: Бул жумушту кандай бүтүрсөк, ошондой жолго чыгабыз. Кандай кыш келсе, ошондой суук түшүшү мүмкүн.

Ал эми бул байламта сөздөр сыпаттык мааниде колдонулса, сыпат же салыштырма багыныңкы сүйлөмдү уюштурат:

Уста кандай болсо, устаттык ошондой (макал).

Сен кандай айтсаң, ал ошондой иштейт.

Кээде мезгил багыныңкы сүйлөмдүн өзү татаал сүйлөмдөн болушу мүмкүн. Мындай учурда анын биринчи компонентинин баяндоочу -ып формасындагы чакчылдан болот да, анын катышуусу менен уюшулган татаал сүйлөм бир окуядан кийин экинчи окуянын удаалаш болгондугун билдирет; ал эми ошондой татаал сүйлөмдөн түзүлгөн мезгил багыныңкы сүйлөм "качан?" качанга чейин? качантан бери? деген суроолорго жооп берип, өзүнөн кийинки баш сүйлөмдүн мезгилин туюндурат.

Мисалы: Баяндама аяктап, Самтыр отургандан кийин, журт бир саамга жымжырт олтурушту (Т.С.). Жонуна ээр токулуп, белине басмайыл тартылганы, ал /Түлсары) ар кимдин астында түгөнбөгөн түрлүү жолдор менен тапырата жүрүп келди (Ч.А.). Чай ичилип, тасторкон жыйылгычакты, байбичелер тымыган казандай тым-тырс олтуруп калышты (Т.С.).



ШАРТТУУ БАГЫНЫҢКЫ СҮЙЛӨМ

Бир катар багыныктуу татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы багыныңкы сүйлөмү, өзүнүн ички маанисине карай, баш сүйлөмдөгү окуянын, иш-аракеттин орундалышына же орундалбай калышына түртку болгон шартты билдирет. Башкача айтканда, баш сүйлөмдөгү ой-пикир багыныңкы сүйлөмдөгү шартка карата орундалат же орундалбай калат.

Мисалы: Жыйырма күн эле жакшылап баксаңар, ушул көтөрүм аттардын ар бири оюн салып чыга келет (Ч.А.). Жамгыр жаабаса, жер көгөрбөйт.

Мында курсив менен терилген багыныңкы сүйлөмдөр баш сүйлөмдө айтылган ойдун, кубулуштун аткарылышына же аткарылбай калышына себепчи болуп турган шартты билдирип турат.

Баш сүйлөмдө айтылган ойдун, окуянын, кыймыл-аракеттин, кубулуштун орундалуу (же орундалбай калуу) шартын билдирип турган багыныңкы сүйлөм шарттуу багыныңкы сүйлөм деп аталат.

Шарттуу багыныңкылуу татаал сүйлөмдөрдүн синтаксистик компоненттеринин ортосундагы маанилик катыш түрдүүчө болот.

Кээ бирөөлөрү багыныңкы сүйлөм билдирген шарт орундалса, баш сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин аткарылышы реалдуу (чындыкта болуп турган) нерсе экендигин билдирет: Эптеп буту басса, жөжөдөй кылып ээрчитип алам (А.Т.).

Башка бир татаал сүйлөмдөрдө да баш сүйлөм менен багыныңкы сүйлөм маани жагынан өз ара шарттык катышта болот. Бирок багыныңкы сүйлөмдөгү шарт аткарылбаган себептүү баш сүйлөмдөгү кыймыл-аракет да иш жүзүнө ашпаган болот.

Мисалы: Эгер мен алыстан сенин карааныңды көргөн болсом, сөзсүз, сага кайрылып келмекмин.

Бул багыныктуу татаал сүйлөмдүн компоненттери маани жагынан өз ара шарттык катышта: биринчиси шартты билдирсе, экинчиси андан келип чыга турган натыйжаны билдирип турат. Бирок анткени менен, мында багыныңкы сүйлөмдө көрсөтүлгөн ал шарт турмушка (чындыкка) ашкан эмес (б.а. "анын караанын алыстан көргөн эмес"), ошол себептүү баш сүйлөмдөгү кыймыл-аракет да аткарылбай калган (б.а.,"ага кайрылып келген эмес").

Кыргыз тилиндеги шарттуу багыныңкы сүйлөмдөр маани жагынан болгон ушул сыяктуу өзгөчөлүктөрүнө карай эки түргө бөлүнөт: реалдуу түрү жана реалдуу эмес (ирреалдуу) түрү.

I.Багыныңкы сүйлөмдөгү шарт жүзөгө ашса, баш сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин аткарылышы реалдуу экендигин (чындыкка ашарын) билдирип турса, шарттуу багыныңкы сүйлөмдүн реалдуу түрүнө жатат.

Мисалы: Колхоздун иши жакшы болсо, анда нан да, эт да, сүт пахта, кызылча-бардыгы көп болот (А.Уб.).

Мында колхоздун иши бардык жагынан жакшы болсо, анда эт, сүт, кызылча, эгин ж.б. —бардыгы да көп болору чындык иш экендигин көрсөтүп турат.

I) Кыргыз тилинде шарттуу (реалдуу) багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин көбүнчө =са формасындагы шарттуу ыңгай аткарат жана бул грамматикалык форма багыныңкы сүйлөм менен баш сүйлөмдү өз ара тутумдаштырып да турат.

Шарттуу багыныктуу татаал сүйлөмдөрдө көбүнчө келечекте боло турган иштин, каалаган ойдун аткарылыш шарты көрсөтүлөт. Ошондуктан багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу, ошондой эле баш сүйлөмдүн баяндоочу да, адатта, келер чакта айтылат:

Партия тапшырса, ар милдетти аткарам мен да (Т.С.). Заман оңолсо, жараланган жүрөк жазылар (А.Т.). Айыга турган дарынын

атын айтсаңыз, өзүбүз табабыз (А.Т.).

Эгерде татаал сүйлөм үстүбүздөгү учурда болуп жаткан кыймыл-аракет, көрүнүш, кубулуш жөнүндө кабар берсе, анда багыныңкы сүйлөмдүн да, баш сүйлөмдүн да баяндоочу учур чак маанисинде айтылат:

Аспаптар күнгө чагылышса, көз уялтат (Ч.А.). Шамбет кубанычта демин терең алса, колундагы кесе толо кымыз мелт-калт этет (Т.С.). Шырп эткен табыш чыкса, бардыгы "дүр" этип терезелерге карай учушат (Т.С.).

Эгерде сүйлөөчү өткөндө болгон иш, окуя жөнүндө кабар берсе, анда багыныңкы сүйлөм мурун болуп өткөн кыймыл-аракеттин шартын билдирип калат. Мындай учурда баш жана багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу тең өткөн чак маанисинде айтылат. Адатта, баш сүйлөмдүн өткөн чакта турган баяндоочу багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочуна да өткөн чактык маани берип турат.

Мисалы: Атайы үйүнө келсек, шаарга кетип калыпсың. Алар планды ашыра орундатса, бригадири да чоң кубанычка бөлөнгөн экен да. Кимдир бирөө келе калса, аш-тамагын жайнатып дасторконго коёр эле (Н.Б.).

Шарттуу багыныңкылуу татаал сүйлөмдөр макал-лакаптарда да көп жолугат. Мындай учурда да алар шартты жана андан келип чыгуучу натыйжаны билдирет, бирок андагы ой конкреттүү бирөөгө эмес, жалпыланган бир жакка тиешелүү болуп айтылат:

Уста менен дос болсоң, нар кескенин аларсың; жаман менен дос болсоң, бир балээге каларсың. Жолдошу шайыр болсо, жолоочунун кумары канат. Мээнетиң катуу болсо, тапканың таттуу болот (макалдар).

Шарттуу багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин терс формадагы шарттуу ыңгайда аткарат: Ал уктабаса, эне да уктабайт (Т.С.). Эмгек өндүрүмдүүлүгү жогорулабаса, план да аткарылбайт. Күндө бир

убак ысык ууртабасам, бүткөн боюм курушуп туруп алат (М.Э.). Шарттуу багыныңкынын баяндоочу атооч сөздөн кийин =са формасындагы "бол" ("болсо") деген этиштин тутумдашып айтылышы менен да уюшулат: Касейиним аман болсо, кереги үчүн жанымды курман кыламын (Т.С.). Ошондой тажрыйба керек болсо, өзүм эле иштеп беремин (А.Уб.).

Кээде шарттуу багыныңкынын баяндоочунан кийин "гана","эле" деген бөлүкчөлөр кошулуп айтылып, ага күчөтүү, тактоо маанисин кошумчалап турат:

Бороондуу күндөрдү моюнга алсак гана, жемиштүү иштей алабыз (А.Уб.). Эки-үч кадам аттаса эле, анын короосуна киргени турат (К.Б.).

Шарттуу багыныңкылуу татаал сүйлөмдөрдө баш сүйлөмүнүн баяндоочунун милдетин жак этиштер гана эмес, этиштин буйрук, каалоо ыңгайлары жана атооч сөздөр да аткара берет: Кокус мен согушка кетип калсам, ордумду сен бас (Т.С.). Күндүк өмүрүң болсо, түштүгүнө жорго мин (макал).

←—Кимде-ким зымырык кушту тапса, мен ага кандыгымды берейин (жомоктон). Атасын аман-эсен көрсө, Султанмурат ошол бактысына ыраазы (Ч.А.). Колхоз, өкмөт бай болсо, биз байбыз! Мамлекет күчтүү болсо, биз күчтүүбүз!(М.Тойб.)

Айрым учурларда шарттуу багыныңкы сүйлөмдүн баш жагына "эгер// эгерде" деген шарттуу байламта сөз кошулуп айтылып, андагы шарттуулук маанисин дагы да күчөтүп көрсөтөт:

Эгер алар бүгүн келе алышпаса, эртең өзүм барам (Н.Б.). Эгерде күн жаака, тоо башына кардап салат (Т.С.).

Кээде мындай татаал сүйлөмдөрдүн баш сүйлөмүнүн баш жагына "анда" деген сөз кошулуп айтылат. Мындай учурда ал сөз багыныңкы

сүйлөм менен баш сүйлөмдүн бири-бирине карама-каршы коюлушун күчөтүү үчүн, ошондой эле багыныңкы сүйлөмдөгү шарттан келип чыгуучу натыйжаны баса көрсөтүү үчүн колдонулат: Эгерде дагы бир жолу ушул сыяктуу кемчилдигиң сезилсе, анда экөөбүз катуулап сүйлөшүп калабыз (Н.Б.). Айткандары жалган болсо, анда ал зөөкүр бул жолу тирүү калбайт (Т.С.).

2) Айрым учурларда шарттуу багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин =бай (ба-й) формасындагы чакчылдар аткарат. Мындай учурда багыныңкы сүйлөмдүн да, баш сүйлөмдүн да баяндоочу терс формада жана келер чакта айтылат:

Ынтымак болбой, иш онолбойт. Жан кыйналбай, жумуш бүтпөйт. (макалдар). Күн жылыбай, жер көгөрбөйт.

Мында баш сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин, кубулуштун иш жүзүнө ашырылышы үчүн, алды менен багыныңкы сүйлөмдөгү иш-аракеттин орундалышы шарт катары көрсөтүлүп турат.

3) Кээде шарттуу багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу =ган формасындагы атоочтуктан кийин жатыш жөндөмөнүн =да мүчөсүнүн уланып айтылышы менен да түзүлөт; баш сүйлөмүнүн баяндоочу дайыма келер чак маанисинде айтылат. Минтип, баяндоочу=ганда формасында турган багыныңкы сүйлөмдөр көбүнчө мезгилдик маанини билдирери белгилүү ("мезгил багыныңкы сүйлөм" деген бөлүмдү кара), ал эми алар шарттык мааниде колдонулганда, баяндоочунун аягындагы =ганда мүчөсүн шарттуу ыңгайдын=са мүчөсү менен алмаштырып айтууга болот.

Мисалы: Таз мырзаны чекеге бир черткенде (чертсе), анын чекесине тырмагы батып кетмек (жомоктон). Султан кечээ келгенде (келсе), тоодогу малчыларга түнү менен чыгып кетмекпиз.

Бул татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы багыныңкы сүйлөмдөр маанисиси боюнча өзүнөн кийинки баш сүйлөмдө айтылган ойдун аткарылыш

шартын көрсөтүп турат. Аларда шарттык маани болгондуктан, баяндоочунун аягындагы =ганда мүчөсүнүн ордуна шарттуу ыңгайдын =са формасын улап айтууга мүмкүн болуп турат.

Ал эми баяндоочу =ганда формасындагы атоочтуктан болгон багыныңкы сүйлөм накта мезгилдик мааниде болсо, анда баяндоочуна жалганып турган =ганда мүчөсүн =са мүчөсү менен алмаштырып айтууга болбойт.

Мисалы: Басмачылар аскага жете бергенде, беш бомбу биринен сала бири жарылды (А.Т.). Бул сүйлөмдү "Басмачылар аскага жете берсе, беш бомбу биринен сала бири жарылды" деп айтууга болбойт, себеби мындагы багыныңкы сүйлөмдө шарт маниси жок, мезгилдик мааниде.

4) Айрым учурларда татаал сүйлөмдүн составындагы багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин аткарган негизги сөзгө экен//бекен жардамчы этиши кошулуп айтылып да, шарттуу багыныңкы сүйлөм түзүлөт.

Багыныңкы сүйлөмдүн башына көбүнчө "эгер" байламта сөзү кошулуп айтылат: Эгерде кимде-ким колхоз курулушуна зыян келтирет экен, ал тиешелүү жазасын алат (Т.С.). Эгер менин айыбым бар бекен, байлап алып сабагыла (Н.Б.).

Мындагы багыныңкы сүйлөмдөрдө шарттык маани болгондуктан, алардын баяндоочун шарттуу ыңгай менен алмаштырып айтууга болот. Мисалы: Эгерде кимде-ким колхоз курулушуна зыян келтирет экен (зыян келтирсе), ал тиешелүү жазасын алат.

2. Багыныңкы сүйлөм менен баш сүйлөмү маани жагынан өз ара шарттык катышта болуп, бирок багыныңкы сүйлөмдөгү шарт аткарылбаган себептүү баш сүйлөмдөгү кыймыл-аракет да иш жүзүнө ашпай

калгандыгын билдирсе, шарттуу багыныңкынын реалдуу эмес (ирреалдуу) түрүнө жатат.

а) Реалдуу эмес (шарттуу) багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу көбүнчө =ган формасындагы этиштен кийин, кээде атооч сөздөн кийин =са мүчөсү уланган "бол" жардамчы этишинин түтумдашып айтылышы аркылуу уюшулат; Баш сүйлөмдүн этиштик баяндоочунан кийин "эле" жардамчы этиши айкашып айтылат, же "эле" жардамчы этиши кошулбай эле, =мак формасындагы ниет ыңгай баяндоочтук милдетти аткарат. Багыныңкы сүйлөмдүн да, баш сүйлөмдүн да баяндоочу маани жагынан өткөн мезгил менен байланыштуу болот.

Мисалы: Эмгекте жогорку көрсөткүчтөргө жетишкен болсоң, сен да айыл чарба көргөзмөсүнө жиберилет элең. Эгер ал алдыңкы катардагы саанчы болсо, малчылардын слётуна жиберилмек эле. Эгерде колхозубуз планды ашыра орундаткан болсо, Ардак тактага жазылмак.

Бул татаал сүйлөмдөрдүн синтаксистик компоненттери өзара шарттык катышта турат, бирок багыныңкы сүйлөмдөгү шарт аткарылбаган себептүү баш сүйлөмдөгү иш-аракет да аткарылбай калгандыгын билдирип турат, демек булар реалдуу эмес шарттуу багыныңкы сүйлөмдөр.

б) Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин =ган формасындагы атоочтук жатыш жөндөмөдө туруп (=ганда) аткарганда да, негизинен, шарттуу багыныңкы сүйлөмдүн реалдуу эмес түрү уюшулат. Мындай учурда баш сүйлөмдүн баяндоочу учур-келер чактагы этиштен кийин "эле" жардамчы этишинин кошулуп айтылышы менен уюшулат, же ал баяндоочтун милдетин =мак формасындагы ниет ыңгай аткарат. Мындай структурадагы багыныңкы сүйлөм шарттык маанини билдирсе, анда анын баяндоочунун аягындагы =ганда мүчөсүнүн ордуна =са мүчө-

сүн улап айтууга болот, ошондой эле багыныңкы сүйлөмдүн башына шарттуу "эгер" байламтасын кошуп айтууга болот.

Мисалы: Комбайндар жетиштүү болгондо (болсо), оруу-жыюу ишин тез эле бүтүрүп коёт элек ("СК"). Эгер ал бүгүн келгенде (келсе), мен кечки поезд менен жүрүп кетмекмин.

Эгерде баяндоочу =ганда формасындагы этиштен болгон багыныңкы сүйлөм мезгилдик маанини билдирсе, анда ал мүчөнү шарттуу =са мүчөсү менен алмаштырып айтууга, же багыныңкы сүйлөмдүн башына "эгер" байламтасын кошуп айтууга болбойт.

Мисалы: Эки сүрөтчү келгенде, Жапар алка-шалка тердеп кетти (А.Т.)

Демек, баяндоочунун милдөтүн =ганда формасындагы атоочтук этиш аткарып турган багыныңкы сүйлөмдөр мезгил багыныңкы сүйлөм экендигин же реалдуу эмес шарттуу багыныңкы сүйлөм экендигин ажырата билүү үчүн, алардын ички маанисине өтө кылдаттык менен көңүл буруу зарыл.

в) Кээде баяндоочу =са формасындагы шарттуу ыңгайдан болгон багыныңкы сүйлөмдөр да реалдуу эмес шарттуу багыныңкы сүйлөмдүн маанисинде колдонулуп калат. Мындай учурда баш сүйлөмдүн баяндоочу учур-келер чак формасындагы этиштен кийин "эле" жардамчы этишинин тутумдашып айтылышы менен уюшулат, же анын ролун =мак формасындагы ниет ыңгай аткарат. Мындай структурадагы татаал сүйлөмдүн жалпы маанисинен багыныңкы сүйлөмдөгү шарттын учурунда орундалбай калгандыгы, ошонун натыйжасында баш сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин да жүзөгө ашпагандыгы белгилүү болуп турат.

Мисалы: Сен жардамдашсаң, бул ишти кечээ эле бүтүп коёт элем. Эгер Надежда Сергеевна аз эле назарын бөлсө, албууттанган келиндердин ички сырын тереңирээк байкайт эле. (Т.С.). Эгерде жаткан жеринде көрсөм, шап шыйрактан алмакмын (Ж.Таш.).

баш сүйлөмдүн ыңгай формадагы багыныңкы сүйлөмдүн маанисинде айтылат.

Ал эми баяндоочу ушул эле -са формасындагы шарттуу ынгайдан болгон сүйлөм шарттуу багыныңкынын реалдуу түрү катары колдонулганда, буга чейин белгиленгендей, багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу да, баш сүйлөмдүн баяндоочу да көбүнчө келер чакта айтылат да, багыныңкы сүйлөмдөгү шарт аткарылса, баш сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин орундалышы реалдуу нерсе экендигин билдирет.

Мисалы: Бутайды жакшы асырасаң, кезинде жарпынды жазат(Ч.А.).

Ушинтип, шарттуу багыныңкынын реалдуу эмес түрүн уюштуруучу атайын грамматикалык формалар жок, реалдуу түрү кандай жол менен уюшулса, реалдуу эмес түрү да негизинен ошол эле жолдор менен (грамматикалык формалар менен) уюшулат. Ошондуктан тигил же бул багыныңкы сүйлөмдүн шарттуу багыныңкынын реалдуу түрүнө же реалдуу эмес түрүнө жатардыгы негизинен ошол эле татаал сүйлөмдүн жалпы маанисинен белгилүү болот. Тактап айтканда, багыныңкы сүйлөмдөгү шарт аткарылбай калган себептүү баш сүйлөмдөгү иш-аракеттин орундалбай калгандыгын билдирсе, реалдуу эмес түрүнө кирет.

Шарттуу багыныңкы сүйлөмдөр бир өңчөй түрдө да колдонулат. Мындай учурда багыныңкы сүйлөмдөр баш сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин орундалышы үчүн бир эмес, бир нече шарттын аткарылышы зарыл экендигин билдирет. Көпчүлүк учурда бир өңчөй шарттуу багыныңкы сүйлөмдөрдүн ар бири баш сүйлөм менен түздөн-түз байланышат:

Бул өзөнгө эгин убагы менен айдалса, аба ырайы жакшы болсо, түшүм да мол болот. (К.Ж.) Мына дагы бир беш жылдык ийгиликтүү өтсө, эл эмгектин көзүн тапса, заман дагы кулпурат (Т.С.).

Бирок бир өңчөй шарттуу сүйлөмдөрдүн ар бири дайым эле баш сүйлөм менен түздөн-түз байланыша бербейт, кээде алардын айрымдары баш сүйлөм менен кыйыр түрдө байланышат. Мындай учурда бир өңчөй сүйлөмдөрдүн биринчиси баш сүйлөм менен тикеден-тике байланышып,

анын аткарылыш шартын көрсөтпөстөн, өзүнөн кийинки шарттуу сүйлөм менен байланышып, ошонун аткарылуу шартын көрсөтүп, ошол сүйлөм аркылуу, ошону менен бирдикте туруп гана баш сүйлөм менен байланышат.

Мисалы: Жапакем келип калса, бул кыз менен таанышса, сүйлөшсө, балким, ага да жагып калар (К.Б.).

Бул татаал сүйлөмдөгү "Жапакем келип калса" деген шарттуу багыныңкы сүйлөм "балким ага да жагып калар" деген баш сүйлөм менен маани жагынан түздөн-түз байланышта эмес. Эгерде "Жапакем келип калса, балким, ага да жагып калар" деп айтсак, бул эки сүйлөмдүн ортосунда маани жактан кандайдыр бир тыгыз байланыштын жок экендиги сезилип турат. Бул жерде баш сүйлөм менен тикеденгтике байланышкан сүйлөм -"бул кыз менен таанышса, сүйлөшсө". Ошол үчүн "Бул кыз менен таанышса, сүйлөшсө, балким, ага да жагып калар" десек, булар маани жактан өз ара байланыштуу болгон себептүү биринчиси шартты, экинчиси андан чыга турган натыйжаны билдирип турат. Ал эми "Жапакем келип калса" деген биринчи шарттуу багыныңкы сүйлөм өзүнөн кийинки экинчи багыныңкы сүйлөм менен байланышып, анын шартын көрсөтүп келип ("Жапакем келип калса, бул кыз менен таанышса, сүйлөшсө"), ошол сүйлөм аркылуу, аны менен бирдикте туруп гана кийинки баш сүйлөм менен байланышып турат.

Ошондой эле "Бизге башкарма кылып дайындап жиберсе, өзү мейман киши болсо, анан айылыбыз менен дурустап бир ат таап бере албасак, эл укса эмне дейт?" деген татаал сүйлөмдө да баш сүйлөм менен түздөн-түз байланышып турган шарттуу багыныңкы сүйлөм — "анан айылыбыз менен дурустап бир ат таап бере албасак ("Айылыбыз менен дурустап бир ат таап бере албасак, эл укса эмне дейт"). Ал эми биринчи, экинчи шарттуу сүйлөмдөрү өзүнөн кийинки "анан

айылыбыз менен дурустап бир ат таап бере албасак" деген үчүнчү шарттуу багыныңкы менен байланышта айтылып ,ошол аркылуу кийинки баш сүйлөм менен байланышып турат.

Айрым учурларда баяндоочу =са формасындагы шарттуу ыңгайдан болгон бир өңчөй багыныңкы сүйлөмдөр шарттык маанини билдирбестен, жөн гана айлана-чөйрөдөгү табигый көрүнүштү санап көрсөтөт. Ошондуктан шарттуу ыңгай аркылуу уюшулган сүйлөмдөрдүн баарын эле шарттуу багыныңкы сүйлөм деп айта салбай, алардын ички семантикасына терең көңүл буруп, кандай маанини туюндуруп турганын ажырата билүү зарыл.

Мисалы: Күн минтип жаркырап турса, талаа минтип гүлдөп турса, апачык асман минтип күлүп турса, Касым эми эч качан келбейт ээ!?(Ч.А.)

Кээ бир шарттуу багыныңкылуу татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр түзүлүшү (структурасы) жагынан өтө кыска келет. Тактап айтканда, багыныңкы сүйлөмү баяндоочтун тобунан турса, же жалаң сүйлөм болсо, баш сүйлөмү бир гана баяндоочтон турат; же баш сүйлөмү да, багыныңкы сүйлөмү да жалаң гана баяндоочтон түзүлөт, же болбосо экөө тең баяндоочтун тобунан уюшулат. Оозеки речте мындай структурадагы татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы шарттуу багыныңкы сүйлөм менен баш сүйлөмү бири-биринен ачык тыным аркылуу бөлүнүп айтылат. Жазууда экөөнүн арасына сызыкча коюлуп жазылат.

Мисалы: Отту көзөсө – өчөт, коңшуну козгосо - көчөт. Баш көбөйсө –ырыс, кас көбөйсө - уруш (макалдар). Изденсең –табасың ("ЛЖ".)

Адатта, шарттуу багыныңкы сүйлөмдөр, багыныңкы сүйлөмдүн башка түрлөрү сыяктуу эле, дайыма баш сүйлөмдөн мурун айтылат.

Бирок айрым учурларда, баш сүйлөмдө айтылган ойду өзгөчө

белгилеп көрсөтүү керек болгондо, баш сүйлөм биринчи орунда айтылып, шарттуу баяныңкы сүйлөм андан кийин келет: Мен ыраазымын, эгер мунун чын болсо (Н.Б.). Акыры кайра кайрылып келермин, тууган жеримден туз-даам буюрса (Т.С.).

Кээде багыныңкы сүйлөмдөгү ойго өзгөчө көңүл буруу максатында ал баш сүйлөмдүн ортосуна кыстырылып айтылат. Мындай учурда шарттуу багыныңкынын эки жагына үтүр коюлат: Кулаалы куш, мүлүшкери жарашса, тоодак алат (Т.С.). Кыз, жайчылык убак болсо, Камкага күлөр беле (Т.С.).

Биринчи компонентинин баяндоочу =са формасындагы шарттуу ыңгайдан болгон кээ бир татаал сүйлөмдөр, биринчиден, сырткы түрү жагынан багынычтуу татаал сүйлөмгө окшош келет, себеби анын тутумундагы биринчи жөнөкөй сүйлөмдүн баяндоочу тыянаксыз (=са формасында) формада айтылып, грамматикалык жагынан өзүнөн кийинки сүйлөмгө баш ийип турат; экинчи жагынан, мындай сүйлөмдөр семантикасы боюнча багынычсыз татаал сүйлөмгө окшошот, анткени анын биринчи компоненти кийинки сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин аткарылыш шартын көрсөтпөйт, демек маани жагынан ага багынбайт. Мындай сүйлөмдөр, багынычсыз татаал сүйлөмдөр сыяктанып, бир мезгилде же удаалаш болгон кыймыл-аракетти туюндурат:

Үч звено кесек тоют даярдаса, бир звено сенаж даярдоодо иштеди ("СК"). Мен келатсам, сен келатыпсың. Кездешип калганыбыз жалганбы?(Ч.А.) Бирөө эски-уску темирлерди кол арабага салып жатса, бирөө дырылдатып сүйрөп бара жатат (С.С.). Көк чокунун башын бирде булут чалса, бирде туман каптайт (К.Ж.)

Ушинтип, мындай түзүлүштөгү жана мындай мааницеги татаал сүйлөмдөрдү багынычтуу татаал сүйлөм деп да кароого болбойт. Себеби анын биринчи компонентиинин баяндоочу тыянаксыз формада айтылып,

өзүнөн кийинки сүйлөмгө грамматикалык жагынан баш ийип турганы менен, семантикасы боюнча кийинки сүйлөмдөгү иш-аракеттин аткарылыш шартын билдирбейт, б.а. ага мааниси боюнча көз каранды эмес. Ошондой эле, мындай структурадагы татаал сүйлөмдөрдү багынычсыз татаал сүйлөм деп да эсептөөгө болбойт. Анткени анын тутумундагы биринчи жөнөкөй сүйлөм кийинки сүйлөмдөгү ойдун аткарылыш шартын көрсөтпөй , демек маани жагынан ага багынбай, бир мезгилде, тең даражада аткарылган кыймыл-аракетти билдиргени менен, баяндоочу тыянаксыз формада (=са формасында) айтылгандыктан, сүйлөм белгилүү бир өлчөмдө өз бетинчелигин сактай албай, грамматикалык жагынан кийинки сүйлөм менен багыныңкы абалда байланышып турат. Демек, мындай структурадагы татаал сүйлөмдөрдө түзүлүшү жагынан багынычтуу татаал сүйлөмдөрдүн белгилери болсо, мааниси жагынан багынычсыз татаал сүйлөмдөрдүн белгилери бар. Ошондуктан мындай түзүлүштөгү татаал сүйлөмдөрдү багынычтуу татаал сүйлөм менен багынычсыз татаал сүйлөмдүн аралыгында турган татаал сүйлөм деп кароого туура келет.

Шарттуу ыңгайдын =са формасы уланган этиш татаал сүйлөмдүн тизмегинде шарттуу багыныңкы сүйлөмдү гана уюштурбастан, ар бири өз алдынча айтылган жөнөкөй сүйлөмдөрдүн баяндоочунун милдетин да аткарат. Бирок андай сүйлөмдөр шарттык маанини эмес, тилекти, каалаган ойду билдирет.

Мисалы: Жоо жеңилсе, согуш бүтсө, аман кайтсак. Төрдүн шиберине оонасак, булактын суусуна жүз чайысак. Оодарышсак! Чабышсак! Сонунду таркатсак. Анан биздин колкоздун өзүнүн электр станциясын курсак. Аттиң, дүйнө кандай сонун болор эле ээ, Сергей! (Т.С.)

Шарттуу багыныңкылуу татаал сүйлөмдөрдөгү тыныш белгилери.

I) Багыныңкы сүйлөмдүн башка түрлөрү сыяктуу эле, мында да шарттуу багыныңкы менен баш сүйлөмдүн арасына үтүр коюлуп жазылат: Тоют көп болсо, эт да, сүт да көп болот ("СК").

2) Шарттуу багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдүн ортосуна келсе, анын эки жагына үтүр коюлат: Мен, эгерде чалгынчы жигиттер алып чыгышпаса, ошол үй менен кошо өрттөнмөк экенмин (Т.С.).

3) Татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр түзүлүшү жагынан өтө кыска келип, биринчи сүйлөмү шартты, экинчиси андан чыга турган жыйынтыкты, натыйжаны билгизсе жана оозеки сөздө ал жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ортосунда ачык тыным (пауза) болсо, арасына сызыкча коюлат: Жакшыга айтсаң – билет, жаманга айтсаң - күлөт (макал). Эриксең - күнөстө, зериксең - көлөкөлө (Ч.А.).

4) Татаал сүйлөм составы жагынан өтө кыска келип, тутумундагы -са формасындагы сүйлөмдөн кийинки экинчи сүйлөм күтүлбөгөн кескин жыйынтыкты билдирсе жана ал эки сүйлөмдүн ортосунда ачык тыным болсо, арасына сызыкча коюлат:

Оң тарабымдан шабырттаган табыш чыкты. Карай салсам - түлкү! Ойгонуп кетсе - түшү. Бирок түшкө ишенбеген Батиш этибер алганы жок (Т.С.).

Айрым учурларда шарттуу багыныңкы сүйлөм жөнөкөй сүйлөмдөн, баш сүйлөмү татаал сүйлөмдөн болушу мүмкүн. Мындай учурда татаал баш сүйлөмдүн компоненттери өз ара чакчыл -ып формасы аркылуу тутумдашып, удаалаш болгон кыймыл-аракетти билдирет:

Бирок ал томсоро калса, карасур иреңине ойдун каймагы пайда боло калып, кичирээк ачылган көздөрү өткүр тиктейт (Т.С.).

Кимде-ким бул милдеттерге жан дили менен катышса, анын фамилиясы тарыхтын баракчарында алтын тамгалар менен бечеттелип,

партия менен өкмөттөн алкыш угат (Т.С.).

Кээде, тескерисинче, шарттуу багыныңкы сүйлөм татаал сүйлөмдөн, баш сүйлөмү жөнөкөй сүйлөмдөн болушу мүмкүн. Мындай учурда да татаал шарттуу сүйлөмдүн компоненттери чакчыл -ып формасы аркылуу байланышып, удаалаш болгон кыймыл-аракетти билдирип турат:

Чыкыроон басаңдап, күндүн көзү көрүнө калса, мал-жан чубактай турган болду (Ч.А.). Каргашалуу Ак-Мойнокко эртерээк жетип, кайра эртерээк кайтсам, Зарипа менен жай отуруп сүйлөшөйүн (Ч.А).

СЕБЕП БАГЫНЫҢКЫ СҮЙЛӨМ

Себеп багыныңкы сүйлөмдөр багынычтуу татаал сүйлөмдүн тутумунда туруп, баш сүйлөмдөгү натыйжанын туулушу үчүн болгон себепти билдирет. Туюндурган маанисине ылайык эмне үчүн? эмне себептүү? эмнеликтен? деген суроолорго жооп берет.

Мисал: Ай сүттөй жарык тийип тургандыктан, шыдыр этип баскан жан-жаныбарлар даана көрүнөт (К.Б.).

Мындагы "Ай сүттөй жарык тийип тургандыктан" деген багыныңкы сүйлөм маанисине карай эмне себептен? деген суроого жооп берип, баш сүйлөмдөгү натыйжанын себебин билдирип турат.

Себеп багыныңкы сүйлөмдөр баш сүйлөм менен үч түрдүү жол аркылуу байланышат: I. Ар түрдүү грамматикалык формалар, айрым жандоочтор, жардамчы сөздөр аркылуу; 2. багындыргыч байламталар аркылуу; 3) эскертүү интонациясы аркылуу.

I. I) Себеп багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин -дыктан (-лык+дан) формасындагы атоочтук этиш аткарып, баш сүйлөм менен байланышат. Бул түзүлүштөгү багыныңкы сүйлөмдөрдө себептик маани даана билинип турат.

Түнкү абанын ырайы жакшы болгондуктан,жолоочулар үчүн да жол жүрүү көңүлдүү болду (К.Ж.). Кашар жакшы салынгандыктан,туут учурунда төлдөн чыгаша болгон жок ("СК"). Колхоздун конторунда киши жок болгондуктан,Саргалдай ага кайрылган жок (М.Жанг.).

2) Себеп багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин =ып формасындагы чакчылдар да аткарат. Бул формадагы чакчыл этиштер себеп багыныңкы сүйлөмдүн гана эмес, кээде мезгил, сыпат,карамакаршы багыныңкы сүйлөмдөрдүн да баяндоочунун милдетин аткарып келери белгилүү. Мындай учурда алар сырткы түрү жагынан бири-бирине окшош келет, бирок туюндурган мааниси боюнча бири-биринен айырмаланып турат.

Салыштыр: Бир жолу Танабай Чорого жолугуп калып, алиги жагдайды айтып берди (Ч.А.) —мезгил багыныңкы сүйлөм.

Калийпа кабинага чекесин таяп алып, буркурап ыйлап жиберди. (Ч.А.) —сыпат багыныңкы сүйлөм. Чекиш улам бирин кубалап, эч кимисине жетпеди (Ч.А.)—карама-каршы багыныңкы сүйлөм.

Бир жолу темир жолду күртку көөмп калып, Казангап экөө эки сутке тынбай иштеди (Ч.А.)— себеп багыныңкы сүйлөм.

Демек, мындай түзүлүштөгү багыныңкы сүйлөмдөр кайсы мааниде колдонулуп тургандыгын так ажырата билүү үчүн, алардын ички маанисине өтө кылдаттык менен көңүл буруу керек.

Баяндоочу =ып формасындагы чакчылдан болгон себеп багыныңкы сүйлөмдөр мааниси жагынан дайыма эмне себептүү? эмнеликтен? деген суроого жооп берип, баш сүйлөмдөгү натыйжанын чыгыш себебин билдирет: Абакир дабышымды угуп, дароо трактурун токтотту (Ч.А.). Талаадагы кар эрип, жер карарып баратат (Ч.А.). Ушул үйдүн куту колдоп, бийик даражага жеттиң (Т.С.).

3) Себеп багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин, аз да болсо, =бай формасында чакчылдар да аткарып калат. Бул форма (-бай да көп маанилүү: анын жардамы менен мезгил, шарт, сыпат, карама-каршы багыныңкы сүйлөмдөр да уюшула берет.

Салыштыр: Ошондон кийин арадан бир жума өтпөй, Султандыкы Суусамырга көчүп кетти.— мезгил багыныңкы сүйлөм. Жан кыйналбай, жумуш бүтпөйт (макал) — шарттуу багыныңкы сүйлөм.

Шырп эткен дабыш чыкпай, айлана мемиреп турат.— сыпат багыныңкы сүйлөм.

Сен ага ыраазы болбой, кайра нааразы болгонуң кандай?— карама-каршы багыныңкы сүйлөм.

Ал эми ушундай эле баяндоочу =бай формасындагы чакчылдан

болгон багыныңкы сүйлөм себептик маанини туюндурса, анда ал эмне себептен? эмнеликтен? деген суроого жооп берип, мааниси боюнча баш сүйлөмдөгү натыйжанын себебин билдирип турат; баш сүйлөмдүн баяндоочу көбүнчө өткөн чакта айтылат:

Быйыл жамгыр өз убагында жаабай, эгин күйүп кетти. Эч бириңен не кат, не кабар келбей, Каныш да, Айымкан да кайгыдан мегдөштү (Т.С.). Ак көңүл койчу байбиченин шагын сындырбай, Кийизбай байдын суркашка айгырынын күчүн минди (Т.С.).

4) Багыныңкы сүйлөмдүн этиштин ар түрдүү чагынан турган баяндоочунан кийин "деп" жардамчы этишинин кошулуп айтылышы аркылуу да, себеп багыныңкы сүйлөм уюшулат. Мындай структурадагы себеп багыныңкы сүйлөм сырткы түрү жагынан ошол эле "деп"жардамчы этиши аркылуу уюшулган максат багыныңкы сүйлөм менен окшошураак келет, бирок ички мааниси боюнча андан айырмаланып, баш сүйлөмдөгү натыйжанын чыгыш себебин билдирип турат:

Дагы бир жумуш бүттү деп, Эдигей жеңилденип калды (Ч.А.) Учетко турушка убакыт болор деп, жолдогу военкоматка да кайрылбадым (Ч.А.).

Кээде багыныңкы сүйлөмдүн айкын өткөн чактагы баяндоочунан кийин "экен" жардамчы этиши, андан соң "деп" кошулуп айтылат:

Коноторум эмне болуп жатты экен деп, көңүлүм тынчыбады (Ч.А.).

5) Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу -ган,-гандыгы (ган+лык+ы) формасындагы атоочтуктан туруп, ага "үчүн" деген жандоочтун кошулуп айтылышы аркылуу себеп багыныңкы сүйлөм уюшулат:

Көл бети мелтиреп тынч жаткан үчүн, шырп этken чабактын дабышы алда кайдан угулуп турду (К.Ж.). Салый эпкиндүү эмгектенгендиги үчүн, райондук Ардак тактага жазылды.

6) Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу =ган формасындагы атоочтуктан болуп, ага "себептүү" деген көмөкчү сөздүн кошулуп айтылышы аркылуу себеп багыныңкы түзүлөт: Колхозубуз тоюткорду мол камдаган себептүү, мал кыштан семиз чыкты.

Түндөтөн бери кар бурганактап жаап, күн суук болуп турган себептүү, биз жолго жылуу кийинип чыктык.

7) Айрым учурларда себеп багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу =ган формасындагы атоочтуктан туруп, андан кийин "соң" жандоочунун кошулуп айтылышы менен да түзүлөт. Мындай себеп багыныңкы сүйлөм сырткы түрү жагынан "соң" жандоочунун катышуусу менен уюшулган мезгил багыныңкы сүйлөмдөргө окшош келет. Бирок алардын себеп же мезгил багыныңкы экендиги ички маанисинен белгилүү болуп турат.

Салыштыр: Күркүреөнүн жээгиндеги чоң сазда митинг болуп өткөн соң, маарѐке башталды (Ч.А.) — мезгил багыныңкы сүйлөм.

Көпчүлүк Оморду жактап кеткен соң, калгандары унчугa албай калышты. —себеп багыныңкы сүйлөм.

Мындай структурадагы багыныңкы сүйлөмдөр себеп багыныңкы сүйлөм маанисинде колдонулганда, семантикасына карай эмнеликтен? эмне себептен? деген суроолорго жооп берип,баш сүйлөмдөгү натыйжанын туулуш себебин билдирип турат; экинчи жагынан, бул сыяктуу багыныңкы сүйлөмдөрдө себептик маани болгондуктан, анын =ган +соң формасындагы баяндоочун себеп багыныңкы сүйлөмдү уюштуруучу активдүү мүчөлөрдүн бири болуп эсептелген =дыктан формасы менен алмаштырып айта берүүгө болот.

Мисалы: Колхоздо жумушка жарарлык эркек тер аз калган соң// аз калгандыктан, жашылчаларды отоого жалаң окуучулар чыгышты.

Ал өз оюн ушунчалык далилдүү айткан соң// айтқандыктан, отургандар ага каршы боло койгон жок.

8) Кээде себеп багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу чыгыш жөндөмөдөгү -ган формасындагы атоочтуктан болуп, ага "кийин" жандоочунун түтумдашып айтылышы менен да уюшулат. Мындай структурадагы себеп багыныңкы сүйлөм да сырткы түзүлүшү жагынан мезгил багыныңкы сүйлөмгө окшош келет. Ошондуктан аларды ички маанисине карай гана мезгил же себеп багынычтуу татаал сүйлөм экендигин ажыратууга болот.

Салыштыр: Таабалдынын абалын билишкенден кийин, ал экөө үн жок, сөз жок мостоюшту (К.Б.)—мезгил багыныңкы сүйлөм.

Матай моюн толгоп койгондон кийин, Айдар койлорду өзү айдап чыгып кетти.—Себеп багыныңкы сүйлөм; бул эмне үчүн? деген суроого жооп берип, кийинки баш сүйлөмдөгү натыйжанын болуш себебин билдирип турат.

Ал өзү каалабай тургандан кийин, биз да өз оюбузду таңуулай албадык. Өз башында да кемчилдик болгондон кийин, мынчалык катуу кетпешиң керек эле.

Бул татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы багыныңкы сүйлөмдөр да эмне үчүн? эмне себептен? деген суроолорго жооп берип, баш сүйлөмдөгү натыйжанын себебин билдирип турат— себеп багыныңкы сүйлөмдөр.

9) Азыркы учурда оозеки речтин таасири астында көркөм адабий чыгармаларда да колдонула баштаган айрым бир конструкциялар учурайт. Алардын составындагы биринчи компоненти көпчүлүк учурда себептик маанини, экинчиси андан чыккан натыйжаны билдирет. Мындай структурадагы себеп багынычтуу татаал сүйлөмдөр негизинен төмөнкүчө уюшулат: багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу айкын өткөн чак-

тагы этиштен туруп, андан кийин "дейсиң" деген жардамчы этиш тутумдашып айтылат; мындан тышкары багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун составында күчөтүү маанисиндеги "бир" деген сөз (же кээде багыныңкы сүйлөмдүн тутумуна күчөтүү маанисиндеги"ушунчалык" деген сөз), баш сүйлөмдүн башталышында күчөтүү маанисиндеги "тим эле" деген сөз кошулуп айтылат (кээде кошулбайт); ал эми баяндооч менен тутумдашып айтылган "дейсиң" жардамчы сөзү дайыма күчтүү басым менен айтылат. Ушул сыяктуу өзгөчө бир грамматикалык, лексикалык жана интонациялык каражаттардын натыйжасында, мындай структурадагы багыныштуу татаал сүйлөмдөрдө себеп-натыйжа маанисине менен бирге, ар бир компонентинде белгилүү бир өлчөмдө күчөтүү маанисиң да кабаттала жүрөт.

Мисалы: Арык чырай, шыңга бойлуу жигит чуркашты бир салды дейсиң, тим эле ага жан жетпей калды (М.Жан.).

Мындагы "Арык чырай, шыңга бойлуу жигит чуркашты бир салды дейсиң" деген багыныңкы сүйлөм эмне үчүн? деген суроого жооп берип (-эмне үчүн ага жан жетпей калды?), кийинки баш сүйлөмдөгү натыйжанын чыгыш себебин ("ага жетпей калыштын себебин") билдирип турат жана багыныңкы сүйлөмдө да, баш сүйлөмдө да күчөтүү маанисиси бар.

Ошондой эле: Аял шаңкылдап бир күлдү дейсиң, тим эле үйдүн ичи жаңырып кетти (Н.Б.).

Ал ушунчалык шамдагай кыймылдады дейсиң, тыякта тараза жанындагылар, бул жерде айры кармаган үймөкчүлөр тең келбей калышты (Т.С.).

Малчыларга үч-төрт чакырым жер калган кезде жамгыр нөшөрлөп бир төктү дейсиң, корголорго жер таппай калдык (М.Жан.).

Кээде себеп багыныңкылуу татаал сүйлөмдөрдө багыныңкы сүйлөмү жөнөкөй сүйлөмдөн, баш сүйлөмү татаал сүйлөмдөн болушу мүмкүн. Мындай учурда татаал баш сүйлөмдүн компоненттери өз ара чакчыл -ып мүчөсү аркылуу тутумдашып келип, удаалаш же бир мезгилде болгон кыймыл-аракетти билдирет:

Анын ачуусу аябай келгендиктен, көзү чакырандап, көңүлү каранғылап барып токтоду (Ж.Таш.).

Же, тескерисинче, себеп багыныңкы сүйлөмү татаал сүйлөмдөн, баш сүйлөмү жөнөкөй сүйлөмдөн болот:

Бутактары чачырап, калың жалбыректан күн өтпөй, түптөрү көлөкөленүүдө (Т.С.).

2. Багынычтуу татаал сүйлөмдөрдө багыныңкы сүйлөмү баш сүйлөм менен көбүнчө баяндоочтук формасы аркылуу (ар түрдүү грамматикалык формалар жана жандоочтор аркылуу) байланышып, дайыма тыянаксыз формада айтылат. Ошондуктан андай багыныңкы сүйлөмдөр өзүнчө туруп, толук аяктаган ойду билдире албайт, дайыма кийинки баш сүйлөмгө грамматикалык түзүлүшү жана мааниси жагынан баш ийип, анда айтылган ойду ар түрдүү жагынан айкындап турат.

Ал эми "Себеп багыныңкы сүйлөм", багыныңкы сүйлөмдүн башка түрлөрүнөн айырмаланып, баш сүйлөм менен грамматикалык формалардын жана айрым жандоочтордун жардамы менен гана эмес, багындыргыч байламталар аркылуу да байланышат. Мындай учурда себеп багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу тыянактуу формада айтылып, белгилүү бир өлчөмдө толук аяктаган ойду билдирип турат. Бирок мааниси боюнча дайыма баш сүйлөмдөгү натыйжанын туулуш себебин билдирет. Экинчи жагынан, мындай татаал сүйлөмдөрдүн компоненттерин өз ара тутумдаштырып турган багындыргыч байламталар да дайыма алардын орто-

сундагы себептик катышты билдирип турат. Кыскасы, багындыргыч байламталар аркылуу уюшулган себеп багыныштуу татаал сүйлөмдөрдө багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмгө маанисиби боюнча баш ийип, андагы натыйжанын чыгыш себебин туюндуруп турат.

Себеп багыныштуу татаал сүйлөмдөрдү бир нече багындыргыч байламталар уюштурат.

I)Ошондуктан, ошон үчүн, ошол себептүү, ошонун натыйжасында, натыйжада, андыктан, аның үчүн, демек деген байламталар байланыштырганда, себеп багыныңкы сүйлөм биринчи орунда, баш сүйлөмү андан кийин, экинчи орунда келет, байламта баш сүйлөмдүн баш жагынан орун алат: Тынымдын келерине ишенди, ошондуктан башка эч ким менен бийлебеди (Н.Б.). Таятам булардай куу эмес, ошон үчүн ага баары күлө берет (Ч.А.). Сатар адептүү, кичи пейил жигит, ошол себептүү аны бирге иштегендердин баары урматташат, сыйлашат. Бул жер айдоого туура келбейт, андыктан башка бир ыңгайлуу жерге кетишибиз керек (Ч.А.). Быйыл жүз жаанчыл болду, демек эгинден мол түшүм алабыз.

Бул татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы биринчи компоненти эмне үчүн? эмне себептүү? деген суроолорго жооп берип, себептик маанини билдирип турат, экинчи компоненти ал себептен келип чыккан натыйжаны көрсөтүп турат.

2) Анткени, себеби, неге десең, эмне үчүн десең деген байламталар байланыштырса, баш сүйлөмү биринчи орунда, себеп багыныңкы сүйлөм экинчи орунда келет, байламта багыныңкы сүйлөмдүн баш жагында айтылат:

Бардык кесиптен мугалимдик жооптуу, анткени мугалим эртеңки замандын кишилерин тарбиялайт (Т.С.). Тургунбектин ыйлагысы келди, себеби ал өмүрүндө апасынан кадам ажырай элек эле (М.Жангазиев).

Менде да чоң кубаныч болду, неге десең менден бир топ күн мурун кеткен итим кездешти (К.Эсенк.).

Бул татаал сүйлөмдөрдүн составындагы экинчи компоненти себепти көрсөтүп турат — себеп багынынкы сүйлөм, биринчи компоненти ал себептен чыккан натыйжаны көрсөтүп турат — баш сүйлөм.

Көрсөтүлгөн багындыргыч байламталар татаал сүйлөмдүн түтумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү байланыштырып келип, дайыма экинчи сүйлөмгө тиешелүү болуп айтылгандыктан, үтүр белгиси ар дайым бул байламталардын алды жагына коюлат: Бүгүн алар көрүнгөн жок, ошол себептүү ар ким өз жайларында момурап тынч олтурушат (А.Т.).

3. Айрым учурларда себеп багыныңкы татаал сүйлөмдөр эскертүү интонациясынын жардамы менен да уюштурулат. Мындай учурда андай структурадагы татаал сүйлөмдүн составындагы жөнөкөй сүйлөмдүн баяндоочу тыянактуу формада айтылып, толук аяктаган ойду туюндуруп турат. Бирок анын тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн бири мааниси жагынан экинчи сүйлөмгө баш ийип, андагы айтылган ойдун себебин билдирип турат. Ошондуктан бул сыяктуу татаал сүйлөмдөрдүн компоненттеринин арасына анткени, себеби ж.б. деген өндүү багындыргыч байламталарды эркин кошуп айта берүүгө болот. Эскертүү интонациясы аркылуу уюшулган себеп багыныңкылуу татаал сүйлөмдөрдө натыйжа билдирип турган баш сүйлөмдүү биринчи орунда, себеп багыныңкы сүйлөмү экинчи орунда келет. Оозеки речте биринчи орунда турган баш сүйлөмү эскертүү интонациясы менен айтылып, өзүнөн кийин узагыраак тыным болот; жазууда андай интонациядан кийин кош чекит (:) коюлат:

Азыр өзүмдү кууракам жалгыз арчадай сезем: курбуларымдын көпчүлүгү бул дүйнөдөн кайткан (К.Ж.). Жүргүнчүлөр жол жүрүүнү токтотууга аргасыз болушту: бороон-чапкын улам күчөй берди (К.Ж.).

САЛЫШТЫРМА БАГЫНЫҢКЫ СҮЙЛӨМ.

Салыштырма багынычтуу татаал сүйлөмдөрдө бир окуя менен экинчи бир окуя, бир ой менен экинчи бир ой - пикир өз ара салыштырылып айтылып, алардын ортосундагы окшоштук белгилери же айырмачылыгы жөнүндө кабар берилет. Адатта, салыштырылуучу иш-аракет, окуя, кубулуш же зат багыныңкы сүйлөмдө берилет да, анан баш сүйлөмдөгү ойго анын канчалык туура келерлиги же туура келбестиги салыштырылып көрсөтүлөт.

Мисалы: Мени, менин ага-инилеримди кандай тарбияласаңыз, бул баланы да ошондой тарбиялап өстүрүңүз.

Бул татаал сүйлөмдө багыныңкы сүйлөм билдирген кыймыл-аракет кандай сапатта аткарылган болсо, баш сүйлөмдөгү кыймыл-аракет да ошондой даражада аткарылуу керек экендиги салыштыруу иретинде көрсөтүлүп турат.

Салыштырма багынычтуу татаал сүйлөмдөрдө баш сүйлөмдө айтылган ой, кыймыл-аракет же зат багыныңкы сүйлөмдөгү ой-пикир, зат же кыймыл-аракет менен салыштырылып айтылып, баш сүйлөмдүн маанисин толуктап, аныктап турат.

Кыскасы, мындай маанидеги татаал сүйлөмдөрдө багыныңкы жана баш сүйлөмдөгү ой-пикир өз ара салыштырылып айтылып, алардын ортосундагы окшоштук,жакындык же айырмалап турган белгилери көрсөтүлөт.

Салыштырма багыныңкы сүйлөмдөр баш сүйлөм менен, негизинен, төмөнкүдөй жолдор менен байланышат:

I) Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу -са формасындагы шарттуу ынгайдан болуп, андан тышкары багыныңкы сүйлөмдүн тутумунда кандай кантип, баш сүйлөмдүн тутумунда ошондой, ошентип деген байламта

сөздөр катышып айтылат. Ушул тилдик каражаттар бирдиктүү түрдө туруп, салыштырма багыныңкы сүйлөмдү баш сүйлөм менен структуралык жактан жана ички маанисн боюнча байланыштырат. Мындай түзүлүштөгү салыштырма багыныч туу./ татаал сүйлөмдөрдө компоненттерини баяндоочтору көбүнчө бирдей сөздөн болот. Бул жол менен уюшулган салыштырма багыныңкы сүйлөмдөр тилибизде бир топ кеңири колдонулат.

Мисалы: Силос уйларга кандай өлчөмдө берилсе, консерваланган тоют да ошондой өлчөмдө берилет ("СК"). Бул сууктун күнү чоңдор кандай кыйналса, жаш балдар да ошондой кыйналып жатат (К.Б.). Дың жерлер Казакстанда кантип өздөштүрүлүп жатса, бизде да ошондой өздөштүрүлүп жатат ("СК").

Бирок салыштырма багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин аткарган сөз дайыма эле ушинтип баш сүйлөмдө да кайталанып айтыла бербейт, кээде баш сүйлөмдүн баяндоочу башка сөздөрдөн боло берет. Заманың кандай болсо, бөркүңдү ошондой кий (макал). Сиз кандай айтсаңыз, мен ошондой болом (Ч.А.).

Кээде баш сүйлөмдүн составындагы "ошондой" деген байламта сөздүн алдына "так", "как", "дал" деген бөлүкчөлөр кошулуп айтылып, ага күчөтүү маанисин берет: Какырап жаткан жерге суу кандай керек болсо, караңгы элге окуп кат тануу дал ошондой керек ("КМ"). Сенин жериң кандай кымбат болсо, силер бошотуп жаткан чексиз кең Россия так ошондой кымбат (А.Т.).

2) Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу =ганча//=гыча формасындагы чакчылдардан болуп, баш сүйлөм менен байланышуу аркылуу салыштырма багынычтуу татаал сүйлөм уюшулат. Бул жол менен түзүлгөн салыштырма багыныңкы сүйлөмдөр тилде көп колдонулат. Мындай структурадагы татаал сүйлөмдөрдө бир кыймыл-аракет менен экинчи

кыймыл-аракеттин же бир зат менен экинчи бир заттын жакшы-жаман белгилери, артык-кеми, оң-тетири жактары салыштырылат:

Сага кор болгончо, түбөлүк сууда калганы артык (А.Т.). Айыл башы болгончо, суу башы бол (макал).

Мындай түзүлүштөгү салыштырма багыныктуу татаал сүйлөмдөр макал-лакаптарда көп кездешет жана алардын компоненттери көпчүлүк учурда бир тутумдуу сүйлөмдөрдөн болот:

Душмандан кекти кетиргенче, денеден башты кетирген артык. Өлө жегенче, бөлө же. Жакшы атыңдан айрылганча, жаман көзүңдөн айрыл (макалдар).

Баяндоочу -ганча формасындагы чакчыл этиштен болгон багыныкы сүйлөмдөрдүн айрымдары салыштыруу маанисин эмес, мезгилдик маанини да билдирип калат ("Мезгил багыныкы сүйлөм" деген бөлүмдү караңыз). Демек, мындай структурадагы татаал сүйлөмдөр салыштыруу маанисин жөнү мезгилдик маанини туюндуруп тургандыгын ажырата билүү үчүн негизинен алардын ички маанисине көңүл буруу керек. Эгерде багыныкы сүйлөм менен баш сүйлөмдөгү ой-пикирдин, кыймыл-аракеттин бири-биринен артыкчылыгы же кемчилдиги, оң-тетири жактары салыштырылып көрсөтүлсө, салыштырма багыныкы сүйлөм болот да, багыныкы сүйлөмү баш сүйлөмдөгү иш аракеттин, окуянын болгон мезгилин көрсөтүп турса, мезгил багыныкы сүйлөм болот.

Салыштыр: Жакшынын көөнүн калтырганча, жамандан муш же (макал). Тектирдеги эгинди оруп бүтүргөнчө, ойдун эгини да жетиле турган (Т.С.).

3) Багыныкы сүйлөмдүн баяндоочу -са формасындагы шарттуу ыңгайдан болуп, баш сүйлөм менен байланышуу аркылуу салыштырма багыныч татаал сүйлөм уюшулат. Багыныкы сүйлөмдүн баяндоочу

болуп келген сөз көпчүлүк учурда баш сүйлөмдө да баяндооч болуп кайталанып отурат. Бул жол менен уюшулган салыштырма багыныңкы сүйлөмдөр да тилибизде көп колдонулат. Мындай структурадагы татаал сүйлөмдөрдө да бир кыймыл-аракет менен экинчи кыймыл-аракет, бир кубулуш менен экинчи кубулуш же бир зат менен экинчи бир зат салыштырылып, теңештирилип көрсөтүлөт.

Мисалы: - О, торгой Током! Сен элиңди сагынсаң, биз кебиңди сагындык (М.Тойб.).

Октябрь айынын өндүрүштүк тапшырмасы 104 процентке орундатылса, ноябрь айынын тапшырмасы 105 процентке орундатылды ("СК"). Өзүңдү эр ойлосоң, өзгөнү шер ойло (макал).

Мындай салыштырма багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун негизги компоненти атооч сөздөн болсо, ага көбүнчө -са мүчөсү уланган "бол" ("болсо") жардамчы этиши кошулуп айтылат: Элебес сенин замандаш теңиң болсо, бизге ини болучу (Т.С.). Силердин кыштагынар көрктүү болсо, биздики силердикинен да көрктүү.

Шарттуу ыңгайдын -са мүчөсү уланган этиш салыштырма багыныңкы сүйлөмдү гана эмес, көбүнчө шарттуу багыныңкы сүйлөмдү, кээде мезгил багыныңкы сүйлөмдү да уюштурары белгилүү: Баккан ээси жарашса, күйпул күчүк сак болот (макал) — шарттуу багыныңкы сүйлөм. Мен кой саадырып турсам, таянем жаныма келди (М.Э.) — мезгил багыныңкы сүйлөм.

Демек, мындай түзүлүштөгү татаал сүйлөмдөр да салыштыруу маанисинде же мезгил, шарт маанисинде колдонулуп тургандыгын так ажыратуу үчүн алардын ички маанисине кылдаттык менен көңүл буруу зарыл.

4) Айрым учурларда салыштырма багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу -ган формасындагы атоочтуктан кийин -дай мүчөсүнүн уланып айты-

лышы аркылуу да уюшулат. Мындай түзүлүштөгү багыныктуу татаал сүйлөмдөр мааниси жагынан бир ой менен экинчи бир ойду, бир кыймыл-аракет менен экинчи кыймыл-аракетти же бир кубулуш менен экинчи бир кубулушту салыштырып көрсөтөт.

Мисалы: Анатомия адамдын дене түзүлүшү жөнүндө билим бергендей, зоология жаныбарлар жөнүндө билим берет. Бир убакта арт жагыбыздан көчкү жүрүп кеткендей, жер солкулдаткан катуу дабыш чыкты.

Кээде баяндоочу -гандай формасындагы атоочтуктан болгон бул сыяктуу багыныңкы сүйлөмдөр салыштыруу маанисин эмес, сыпаттык маанини да туюндуруп калат ("Сыпат багыныңкы сүйлөм" деген бөлүмдү караңыз).

Мисалы: Зарлык бир шумдуктун болгонун эми гана сезгендей, эл ортосунда энгиреп туруп калды.

Бул татаал сүйлөмдүн тутумундагы багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу -гандай (сезгендей) формасында турганы менен, салыштыруу маанисин берген жок. Тескерисинче, мындагы "Зарлык бир шумдуктун болгонун эми гана сезгендей" деген багыныңкы сүйлөм кантип? деген суроого жооп берип, баш сүйлөмдө айтылган ойдун кандай абалда болгондугун (сыпатын) билдирип турат:

—"Зарлык эл ортосунда кантип туруп калды?" —"Бир шумдуктун болгонун эми гана сезгендей энгиреп (туруп калды)"- сыпат багыныңкы сүйлөм.

Демек, баяндоочу -гандай формасындагы атоочтуктан болгон багыныңкы сүйлөмдөр салыштырма мааниде же сыпаттык мааниде экендигин ажыратуу үчүн, алардын ички маанисине терең көңүл буруу керек.

5) Кээде салыштырма багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу -ган формасындагы атоочтуктан кийин "сыяктуу", "шекилдүү" деген жандооч-

тордун тутумдашып айтылышы менен түзүлөт. Мааниси боюнча, бир кыймыл-аракет менен экинчи кыймыл-аракет же бир кубулуш менен экинчи бир кубулуш өз ара окшоштугуна карай салыштырылып көрсөтүлөт:

Кээде ал ээсин жоготуп койгон сыяктуу, жолдун ортосунда деңгиреп туруп калар эле.

Ар түркүн гүлдөр жылдык өмүрүндө бир гана жолу гүлдөгөн шекилдүү, адам да өмүрүндө ошондой гүлдөйт.

б) Айрым убакта багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу чыгыш жөндөмөнүн мүчесү уланган =ган формасындагы атоочтуктан (-гандан) туруп, буга "көрө" деген жандооч кошулуп айтылуу аркылуу баш сүйлөм менен тутумдашып, салыштырма багынычтуу татаал сүйлөм уюшулат. Мындай түзүлүштөгү татаал сүйлөмдөр багыныңкы сүйлөмдөгү кыймыл-аракет, кубулушка караганда баш сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин, кубулуштун түзүк, жакшы экендигин билдирет:

Бекер отургандан көрө, айранга нан сындырып жеген артык (макал). Куттуктоо катты Ормуш окугандан көрө, Керим окусун.

Кээде салыштырма багыныңкы сүйлөмдөр да баш сүйлөмдүн ортосуна келип айтыла берет. Анда салыштырма багыныңкы сүйлөмдүн эки жагына үтүр коюлат:

Алар кеткенден кийин, бир үйлүү журт көчүп кеткендей, үй ичибиз коңулдай түштү.

Айлана-тегерек, караңгы түн түшкөндөй, тунжурап турат.

Салыштырма багыныңкы сүйлөмдөр да бир өңчөй түрдө колдонулат:

Энең бешикке терметкендей, атаң атка өңөрүп бастыргандай, акылман абаң насаатын чубуртуп, ак сакалын жайкагандай, сен эмне мынча бакаттанасың (Ш.Б.).

Минтип, баяндоочу =ган формасындагы атоочтуктан кийин "дай"

мүчөсүнүн же "сыяктуу" жандоочунун түтумдашып айтылышы аркылуу уюшулган салыштырма багыныңкы сүйлөмдөрдү ушундай эле формадагы салыштырма түрмөктөр менен чаташтырбоо керек.

Эгерде баяндоочу жогоркудай формада уюшулган конструкция салыштырма багыныңкы сүйлөм болсо, анда анын өзүнө тиешелүү грамматикалык ээси болот да, маниси боюнча, багыныңкы сүйлөмдөгү кыймыл-аракет, окуя менен баш сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин, окуянын окшоштугу, артыкчылык же кемчилдиги салыштырылып көрсөтүлөт.

Мисалы: Алда кандай бир укмуш болуп жаткандай, айыл арасы ызы-чуу (К.Ж.).

Ал эми акыркы компоненти =дай мүчөсү уланып, же "сыяктуу" жандоочу айкашып айтылган сөздөрдөн болгон салыштырма түрмөктөр да бир нече сөздүн тизмегинен уюшулат. Бирок салыштырма багыныңкы сүйлөмдөрдөн айырмаланып, алардын өзүнө тиешелүү грамматикалык ээси болбойт, дайыма жөнөкөй сүйлөмдүн тутумунда, анын бир бөлүкчөсү катары кийирилип айтылат.
Маниси боюнча, жөнөкөй сүйлөмдүн бир мүчөсү менен байланышта айтылып, аны экинчи бир сөз же түшүнүк менен салыштырып көрсөтөт. Мындай салыштырма түрмөктөр кээде байланышкан сөзүнөн обочолонуп айтылса, кээде аны менен тыгыз байланышып, дал жанынан орун алат. Алар обочолонуп айтылганда, үтүр менен ажыратылып жазылат.

Мисалы: Октябрь революциясынын жеңишинин натыйжасында гана кыргыз аялдары, башка боордош элдердин аялдары сыяктуу, тең укуктуулукка жетишти ("СК"). Үнү өчүп калган кинодой, кемпирдин эриндери эле кыбырайт (Ч.А.).

Мындагы "башка боордош элдердин аялдары сыяктуу", "Үнү өчүп калган кинодой" деген салыштырма түрмөктөрдүн өзүнө тиешелүү ээси жок, жөнөкөй сүйлөмдүн гана бир бөлүкчөсү; маниси боюнча,

биринчиси "кыргыз аялдары" деген сүйлөм ээси менен байланышып, экинчиси "кыбырайт" деген баяндооч менен байланышып, аларды экинчи бир түшүнүк менен салыштырып көрсөтүп турат. Бул салыштырма түрмөктөр маани жагынан байланышкан сөзүнөн обочолонуп, биринчиси сүйлөм ортосунда келгендиктен, эки жагына үтүр, экинчиси сүйлөм башында келгендиктен, өзүнөн кийин үтүр коюлган.

Анын бүт денеси муздак баканы басып алгандай жыйрыла түштү.

Бул жөнөкөй сүйлөмдүн тутумундагы "муздак баканы басып алгандай" деген салыштырма түрмөк обочолонуп айтылбай, "жыйрыла түштү" деген баяндооч менен түздөн-түз байланышып, анын алды жагына жайланышкан.

Айрым учурларда салыштырма багыныңкы сүйлөм жөнөкөй сүйлөмдөн, баш сүйлөм татаал сүйлөмдөн болот, мындай учурда ал татаал баш сүйлөмдүн компоненттери өз ара чакчыл=ып формасы аркылуу тутумдашып, удаалаш болгон кыймыл-аракетти билдирет:

Биринчи муундун коммунисттери айыл чарбасын амач-буурусундан темир сокого өткөрүү үчүн күрөшкөн болушса, үчүнчү муундун коммунисттери айыл чарбасынын бардык түйшүгүнө илим-техниканын ийгиликтерин пайдалана билүүгө жетишип, эми өндүрүш процесстерин автоматташтырууну эңсеп калышты (А.Уб.).

СЫПАТ БАГЫНЫҢКЫ СҮЙЛӨМ

Сыпат багыныңкы сүйлөмдөр багынычсыз татаал сүйлөмдүн тутумунда туруп, баш сүйлөм билдирген кыймыл-аракеттин, окуянын кантип же кандайча мүнөздө аткарылышын билдирет.

Сыпат багыныңкы сүйлөм маниси жагынан бүткүл баш сүйлөмдүн же анын айрым бир мүчөсүнүн ар кандай белгисин сыпаттап көрсөтөт да кантип? кандайча?деген сыяктуу суроолорго жооп берет.

Мисалы: Көңүлү караңгылай түшүп, маңдайынан муздак тер чыпылдап чыкты (Ж.Ташт.). Артынан көгүлтүр түтүнү бурк этип, машина жөнөй берди (Т.С.).

Мында биринчи татаал сүйлөмдөгү "Көңүлү караңгылай түшүп" деген багыныңкы сүйлөм кантип? деген сурооого жооп берип, өзүнөн кийинки жалпы эле баш сүйлөм билдирген абалдын кандай мүнөздө болгондугун билдирип турат.

Экинчи татаал сүйлөмдүн тутумундагы багыныңкы сүйлөм да кантип? деген сурооого жооп берип, маниси жагынан баш сүйлөмдүн "жөнөй берди" деген баяндоочу менен байланышта айтылып,машинанын кандайча жөнөп кеткендигин сыпаттап көрсөтүп турат.

Сыпат багыныңкы сүйлөмдөр негизинен төмөнкүдөй жолдор менен уюшулат:

I) Көпчүлүк учурда багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин =ып формасындагы чакчылдар аткарып, баш сүйлөм менен тутумдашуу аркылуу сыпат багынычтуу татаал сүйлөм уюшулат.

Минтип, баяндоочу =ып формасындагы чакчылдан турган сүйлөм сыпат багыныңкы сүйлөм катары колдонулганда, өзүнүн ички маанисине ылайык, баш сүйлөмдөгү иш-аракеттин кандайча аткарылгандыгын, аткарылуу мүнөзүн сыпаттап билдирип, кантип? кандайча? деген сыяктуу суроолорго жооп берет.

Мисалы: Колдору калт-калт этип, сексен-токсон чамасындагы карыя төрдөн орун алды (Н.Б.). Казан борт борт кайнап, эт бышып жаткан (М.Э.). Экөө кыбырап отуруп, жарлуу сайдагы көпүрөгө жетти (Ч.А.).

Көөде багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун негизги компонентинен кийин -ып формасындагы "бол" жардамчы этиши айкашып айтылып да, сыпат багыныңкы сүйлөм түзүлөт: Эрмат укмаксан болуп, жанындагы бирөө менен шыбырашып калды (Н.Б.). Керим топтошуп турган пионерлерди көрмөксөн болуп, колхоздун клубун карай бурулуп кетти.

Бирок баяндоочу -ып формасындагы чакчыл этиштен болгон сүйлөмдөрдүн баары эле сыпат багыныңкы сүйлөм боло бербейт. Алардын айрымдары өзүлөрүнүн лексикалык составына жана ички семантикасына ылайык көөдө:

а) мезгил багыныңкы сүйлөм болушу мүмкүн:

Султандын шаардан келгенин алды менен билип алып, түш ченде анын үйүн көздөй бет алдык. Мергенчилер ашкеге дейре караган - черди аралап жүрүп отурушуп, анан карагайлуу бийик тоого туш келишти.

б) Себеп багыныңкы сүйлөм болот:

Дене бою ысып, кара тер эми төгүлдү (Ч.А.).

Кыштын ызгаардуу шамалы согуп, жолоочулардын бети-колу ого бетер тызылдап чыкты.

в) Айрым учурларда баяндоочу -ып формасындагы чакчылдан болгон бул сыяктуу сүйлөмдөр өзүнөн кийинки сүйлөмдөгү иш-аракеттин аткарылыш мүнөзүн билдирбестен, маани жагынан аны менен бирдей даражада байланышып, бир мезгилде же биринен кийин экинчиси удаалаш болгон окуяны, кубулушту билдирип калат.

Мисалы: Четин гүлдөп, тал бүрдеду (Т.С.).
Жамгыр басылып, таң сүрдү (К.Ж.).

Булар багынычтуу татаал сүйлөмдүн да, багынычсыз татаал сүйлөмдүн да белгилери бар татаал сүйлөмдөр болуп эсептелет.

Демек, баяндоочунун милдетин =ып формасындагы чакчыл аткарып, баш сүйлөм менен тутумдашкан сыпат багыныңкы сүйлөмдөрдү ушул эле формада уюшулган жогоркудай мезгил, себеп ж.б. багыныңкы сүйлөмдөр менен чаташтырбоо үчүн, алардын ички семантикасына өтө кылдаттык менен көңүл буруп, кандай маанини билдирип тургандыгын так ажырата билүү зарыл.

2)Багыныңкы сүйлөмдүн этиштик баяндоочуна =гансып (-ган+сы+ып) мүчесү жалганып да, сыпат багыныңкы сүйлөм түзүлөт: Бирдемеси унут калгансып, бала улам-улам артын кылчак-кылчак кароодо (М.Жан.). Бул эмненин үнү дегенсип, мен ага кулагымды тосуп тыңшадым (К.Эсенкож.)

3) Кээде сыпат багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин =бай (-ба+й) формасындагы чакчыл этиш аткарат. Мындай учурда багыныңкы сүйлөм кантип? деген суроого жооп берип, баш сүйлөмдөгү иштин аткарылыш мүнөзүн сыпаттап көрсөтөт: Шырп эткен добуш чыкпай, көл кайрадан тынып калыптыр (А.Стам). Аягы жерге тийбей, кимдир бирөө чымын-куюн болуп келатат (Н.Б.).

Ушуну менен бирге, баяндоочу =бай формасындагы чакчылдан болгон бул өндүү багыныңкы сүйлөмдөр дайыма эле баш сүйлөмдөгү иш-аракеттин аткарылыш мүнөзүн көрсөтүп, сыпаттык мааниде колдонула бербейт. Кээде мындай структурадагы багыныңкы сүйлөмдөр өзүлөрүнүн лексикалык составына жана баш сүйлөмдүн баяндоочунун чактык маанисине карай мезгил жана шарт маанисин да туюндуруп калат.

Мисалы: Арадан жарты саатча убакыт өтпөй, кызыл отрядчылар жетип келишти (К.Ж.) Ынтымак болбой, ырыскы болбойт (макал).

Мында биринчи татаал сүйлөмдүн тутумундагы багыныңкы сүйлөм качан? деген суроого жооп берип, баш сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин болгон мезгилин билдирип турат. Бу жерде мезгилдик маани ошол сүйлөмдүн составындагы мезгил маанисиндеги сөздөрдүн (жарты саатча убакыт) жардамы менен уюшулган.

Экинчиси - шарттуу багынычтуу татаал сүйлөм: ырыскы болуш үчүн ынтымактын болушу шарт экендигин көрсөтүп турат; мындай учурда баш сүйлөмүнүн баяндоочу даймма келер чакта айтылат.

Демек, багыныңкы сүйлөмүнүн баяндоочу -бай формасындагы чакчылдан болгон сүйлөмдөр сыпат багыныңкы, же мезгил багыныңкы, же болбосо шарттуу багыныңкы сүйлөм экендигин ажырата билүү үчүн, алардын ички маанисине, лексикалык составына, баш сүйлөмдүн баяндоочунун чактык формасына терең көңүл буруу керек.

4) Аз да болсо багыныңкы сүйлөмдүн -ган формасындагы атоочтуктан болгон баяндоочуна -дай (-гандай)мүчөсү уланып айтылуу аркылуу баш сүйлөм менен тутумдашып, сыпат багынычтуу татаал сүйлөм уюшулат. Бирок мындай түзүлүштөгү сыпат багыныңкы сүйлөмдөр тилибизде сейрек учурайт: Ушул кубаныч Ормуштун күчүнө күч кошкондой, ал чалгысын кериле-кериле шилтеди. Согуштун элеси көз алдына толук келгендей, Сергей кайраттанып сөзүн улады (Т.С.).

5) Сыпат багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу кээде атоочтуктун терс формасы -бас уланган сөзгө чыгыш жөндөмөнүн -тан мүчөсүнүн (-бастан) жалганып айтылышы менен да уюшулат. Сыпат багыныңкынын бул түзүлүшү да тилибизде аз кездешет: Каратай дагы эле баягы чаң баскан плащын чечпестен, бурчтагы столдун жанында турат (Ч.А.).

Тилибизде бир өңчөй сыпат багыныңкы сүйлөмдөр да көп колдонулат. Алар баш сүйлөмдөгү иштин, көрүнүштүн бир нече белгисин катары менен санап сыпаттап көрсөтөт: Миң кубултуп булбул сайрап, тотулар түркүн жомок айтып, Каныбекти куттукташкандай болду (К.Ж). Көөдөнүн күч жарып, көзүнөн от жанып, Гүлсары белдеп ылдый жылдыз болуп алып учту (Ч.А.)

КАРАМА-КАРШЫ БАГЫНЫҢКЫ СҮЙЛӨМ

Кээ бир багыныктуу татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы биринчи сүйлөм билдирген иш-аракеттен келип чыгуучу натыйжа маанисинен жагынан ага карама-каршы келет.

Мисалы: Кап жамынган кемпир чаңырып айдаса да, койлор ийрилип жылбай турат (Ч.А.).

Бул татаал сүйлөмдө кемпир койлорду айдаса да, алар ордунан козголбой, баспай тургандыгы жөнүндө сөз болуп жатат. Демек, мында биринчи сүйлөмдөгү кыймыл-аракетке экинчи сүйлөмдөгү андан келип чыккан натыйжа маанисинен жагынан карама-каршы келип турат.

Татаал сүйлөмдүн тутумундагы багыныңкы сүйлөм семантикасы боюнча баш сүйлөмдүн мазмунуна каршы мааниде айтылса, карама-каршы багыныңкы сүйлөм деп аталат.

Карама-каршы багыныңкы сүйлөмдөр негизинен төмөнкүдөй жолдор менен уюшулат:

I) Көбүнчө багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочуна шарттуу ынгайдын =са мүчөсү уланып, андан кийин да бөлүкчөсү кошулуп айтылып, баш сүйлөм менен байланышат. Мындай түзүлүштөгү татаал сүйлөмдөрдүн составына көпчүлүк учурда антоним сөздөр кошулуп айтылып, же баяндоочтору оң жана терс формада келип, андагы карама-каршы маанини дагы да күчөтүп, бекемдеп турат.

Мисалы: Ал азыр алыста, армия катарында жүрсө да, элеси жанымда (Т.С.) Гүланда экөөбүздүн тилегибиз бир болсо да, тагдырыбыз ача чечилди (А.Т.). Жакшынын өзү өлсө да, сөзү өлбөйт (макал

Бул татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы багыныңкы сүйлөмдөрдүн баяндоочтору =са+да формасында уюшулган; экинчи жагынан, алардын компоненттеринин составына "алыста-жанымда","бир-ача" деген антонимдер катышкан; акыркы сүйлөмдүн баяндоочтору оң жана терс фор-

мада ("өлсө да – өлбөйт") айтылган. Ушул тилдик каражаттардын жардамы менен аталган карама-каршы багыныктуу татаал сүйлөмдөр түзүлгөн. Карама-каршы багыныктуу татаал сүйлөмдөр да орток ээлүү болушу мүмкүн; кээде компоненттеринин грамматикалык ээси айтылбай да калат, бирок анын кайсы сөз экендиги баяндоочунун аягындагы жак мүчө аркылуу, же сүйлөмдүн жалпы маанисинен ачык белгилүү болуп турат:

Бирок өзү өтө чочуп, өтө ашыгып жүрсө да, эрине кенедей сыр алдырган жок (Т.С.). Ичимден ушуну билип эле турсам да, жанагы укмуштуу ойго алданып, кыялдын агымын токтото элбадым (Ч.А.).

2) Айрым учурларда карама-каршы багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин =са формасындагы шарттуу ыңгай аткарып калат (андан кийин "да" бөлүкчөсү кошулуп айтылбайт). Бул жол менен уюшулган карама-каршы багыныктуу татаал сүйлөмдөр сырткы түрү, түзүлүшү жагынан шарттуу багыныктуу татаал сүйлөмдөргө окшош келет. Бирок алардын компоненттеринин ички маанилик катышына тереңирээк көңүл бөлсө, анын биринчи компоненти карама-каршы багыныңкы сүйлөм экендиги ачык эле көрүнүп турат. Анткени мында баш сүйлөмдөгү натыйжа багыныңкы сүйлөмдөгү шарттан келип чыкпастан, тескерисинче, маниси жагынана ага карама-каршы келет. Ошондуктан мындай түзүлүштөгү багыныңкы сүйлөмдүн =са формасындагы баяндоочун кээде =са+да формасы менен алмаштырып айтууга болот.

Мисалы: Кырк жылы кыргын болсо, бейажал чымын өлбөйт (макал).

Мында "Кырк жылы кыргын болсо" деген сүйлөм сырткы түрү жагынан шарттуу багыныңкы сүйлөмгө окшош (баяндоочу—"бол+со"). Бирок бул татаал сүйлөмдүн ички маанисине көңүл бурсак, баш сүйлөмү билдирген натыйжа багыныңкы сүйлөмдөгү шарттан келип чыккан жок, тескерисинче, баш сүйлөмдөгү ой багыныңкы сүйлөмдөгү ой-пикирге карама-каршы келип турат. Ошондуктан бул сүйлөмдү "Кырк жылы

кыргын болсо да, бейажал чымын өлбөйт" деп,биринчи компонентинин баяндоочунун аягындагы -са мүчөсүн карама-каршы багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочун уюштуруучу негизги форма болуп эсептелген -са+да мүчөсү менен алмаштырып айтууга болот.

а) Мындай түзүлүштөгү карама-каршы багынычтуу татаал сүйлөмдөрдүн компоненттеринин биринин баяндоочу адатта оң формада, экинчисиники терс формада айтылат да, карама-каршы маани негизинен ошол оң жана терс формадагы этиштик баяндоочтору аркылуу берилет:

Этек табылса, тезек табылбайт; тезек табылса, этек табылбайт (макал). Сен билбесең, биз билебиз бул жигитти (Н.Б.). Бири барабыз десе, башкасы барбоого тырышат (Н.Б.).

б) Айрым убактарда мындай маанидеги татаал сүйлөмдөрдүн компоненттеринин составына антоним сөздөр жана өз ара кайчы маанидеги сөздөр катышып айтылып, жалпы сүйлөмгө карама-каршы маани берет:

Дос күйдүрүп айтса, душман сүйдүрүп айтат. Акылдуу элге тартса, акмак тууганга тартат. Өзүңдү эр ойлосоң, өзгөнү шер ойло (макалдар). Бул сүйлөмдөрдө "дос-душман", "акылдуу -акмак", "өзүңдү-өзгөнү" деген антонимдер аркылуу эки түрдүү нерсе бири-бирине карама-каршы коюлуп турса, "күйдүрүп-сүйдүрүп","элге - тууганга", "эр-шер" деген кайчы маанидеги сөздөр алардын ортосундагы айырмачылыкты көрсөтүп, натыйжада жалпы сүйлөмгө карама-каршы маани берип турушат.

в)Көпчүлүк карама-каршы багынычтуу татаал сүйлөмдөр компоненттеринин маани жактан бири-бирине карама-каршы, кайчы мааниде айтылышы аркылуу уюшулат.

Мисалы: Боор ооруса, боорбо тебет (макал). Бирок көзү китепте болсо, ою талаада (Ч.А.). Биз кетсек, эл-журт бар (Т.С.).

Мында багыныңкы сүйлөмдөгү ойго кийинки баш сүйлөмдөгү ой-пикир кайчылаш мааниде айтылып, карама-каршы багынычтуу татаал сүйлөм уюшулган.

3) Кээде багыныңкы сүйлөмдүн этиштик баяндоочунан кийин -са мүчөсү уланган "де" жардамчы этиши кошулуп айтылып да, карама-каршы багыныңкы сүйлөм уюшулат. Мааниси боюнча, багыныңкы сүйлөмдөгү ойго баш сүйлөмдө айтылган ой кайчылаш келет: Ачуусу менен койлорду сабап кирейин десе, баары бооз (Ч.А.). Сени биз эбак эле майданга жетип калды го десек, айлында жүрүпсүң (Т.С.).

4) Айрым учурларда карама-каршы багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин -са мүчөсү жалганган терс мааниdеги "болбосо" этиши аткарат, же бул этиш багыныңкы сүйлөмдүн тутумдаш баяндоочунун жардамчы компоненти катары келет. Багыныңкы сүйлөм менен баш сүйлөм өз ара кайчылаш мааниде болот. Мисалы: Ар кайсы айылдан арсылдап үргөн иттин үнү болбосо, бардык нерсе табияттын тынч кучагында (К.). Жайкы чилденин мээ кайнаткан аптабы болбосо, сугатчылар эч кандай кыйынчылыкка алдыра турган эмес. Ак-Шыйрактын башын калың булут каптап турганы болбосо, аба ырайында анча өзгөрүш жок (А.Т.).

5) Багыныңкы сүйлөмдүн атоочтуктун -ган (ы) формасында турган баяндоочунан кийин "менен" жандоочунун айкашып айтылышы аркылуу да карама-каршы багыныңкы сүйлөм уюшулат. Бул жол менен түзүлгөн кайчылаш мааниdеги татаал сүйлөмдөр тилибизде кеңири колдонулат:

Бул сөз чын айтылганы менен, Батыш үчүн калп сыяктанды (Н.Б.). Кеч кирип келе жатканы менен, күндүн аптабы али кайта элек (Ч.А.). Жердеген жерибиз башка болгону менен, тегибиз, максатыбыз бир ("КМ").

6) Сейрек кезиксе да, карама-каршы багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин кээде -ып, -бай (ба+й) формасындагы чакчылдар да аткарып калат.

Бирок бул формадагы чакчыл этиштер мезгил, сыпат, шарттуу ж.б. багыныңкы сүйлөмдөрдү уюштурууга да активдүү катышпры белгилүү. Ошондуктан мындай структурадагы татаал сүйлөмдөрдүн кандай мааниде колдонулуп жеткандыгын так ажыратуу үчүн, алардын компоненттеринин ортосундагы маанилик катышка кылдаттык менен көңүл буруу зарыл.

Баяндоочу =ып, =бай формасындагы чакчыл этиштен болгон сүйлөмдөр карама-каршы багыныңкы сүйлөмдүк мааниде колдонулганда, татаал сүйлөмдүн тутумундагы багыныңкы сүйлөм өзүнүн ички маниси боюнча эле баш сүйлөмдө айтылган ойго карама-каршы келип турат. Башкача айтканда, бул учурда карама-каршылык маани татаал сүйлөмдүн өз компоненттеринин маани жактан бири-бирине кайчы (карама-каршы) келиши аркылуу берилет.

Мисалы: Эчки тууй албай жатып, койго аначы болуптур (макал). Эгинди өздөрү багып, оруп-жыйып берип, өздөрү куру кол калышат (Ч.А.).

Ушуну менен бирге, мындай түзүлүштөгү татаал сүйлөмдөрдө да карама-каршылык маани компоненттеринин биринин баяндоочунун оң формада, экинчисиникинин терс формада айтылышы аркылуу, же болбосо компоненттеринин тутумунда антоним сөздөрдүн катышып айтылышы менен да берилет.

Мисалы: Бышарына күйүп, чыгарына күйбөйт. Төө качып, жүктөн кутулбайт (макалдар). Терисин жыйбай, иттен көрөт; башын жуубай, биттен көрөт (макал).

7) Кээде багыныңкы сүйлөмдүн терс формадагы этиштен турган баяндоочунан кийин буйрук ынгайдын =сын мүчөсү жалганып айтылуу менен да, карама-каршы багыныңкы сүйлөм уюшулат. Багыныңкы сүйлөмдүн тутумунда көпчүлүк учурда кайсы, канча, канчалык деген өндүү сурама ат атоочтор кошулуп айтылат. Мааниси боюнча, багыныңкы сүй-

лөмдө айтылган ойго баш сүйлөмдөгү ой кайчылаш келип турат:

Ал канча издебесин, баары бир бизди таба албайт. Мейли, кандай кыйынчылык алдыга келбесин, биз аны жеңип чыгабыз (Т.С.) Энеси канчалык кыстабасын, кызы чечилип ички сырын айтпады.

8) Айрым учурларда багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу барыш жөндөмөдөгү атоочтуктан болуп, ага "карабастан" деген көмөкчү сөздүн кошулуп айтылышы менен карама-каршы багыныңкы сүйлөм түзүлөт:

Бул жолку жолугушубуз өтө кыска болгондугуна карабастан, көп маселелерди чечип алдык.

Убакыт түн ортосуна жакындап калганына карабастан, коноктордун бирөө да кетүүгө ашыкпады.

9) Өтө сейрек болсо да, багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин жатыш жөндөмөдөгү -ган формасындагы атоочтук аткарып, андан кийин "да" бөлүкчөсүнүн кошулуп айтылышы аркылуу да (-ганда да) карама-каршы багыныңкы сүйлөм уюшулат; баш сүйлөмдүн баяндоочу дайыма терс формада айтылат.

Мисалы: Ал келгенде да, мен ага жолуга алмак эмесмин. Керим кат жазганда да, мен дароо жооп бере албайт элем.

Кээде карама-каршы багыныңкы сүйлөм татаал сүйлөмдөн, баш сүйлөмү жөнөкөй сүйлөмдөн болушу мүмкүн. Мындай учурда татаал сүйлөмдөн турган карама-каршы багыныңкы сүйлөмдүн компоненттери өз ара чакчыл -ып формасы аркылуу тутумдашып, бир мезгилде болгон кыймыл-аракетти билдирет:

Кез-кез гана эриндери кыбырап, сакалдарынын учтары дирилдегени болбосо, бечара кедей ушул кебетеде сүрөттөй катып калган (Т.С.). Үстүнкү кереге таштан бирин-серин чөкөтаан чаңкылдап, сагызган учканы болбосо, тоо арасы көшүлүп тынч (Т.С.).

Карама-каршы багынычтуу татаал сүйлөмдөрдөгү тыныш белгиси.

I) Мында да багыныңкы сүйлөм менен баш сүйлөмдүн арасына

дайыма үтүр коюлуп жазылат:

Жакшынын өзү өлсө да, сөзү өлбөйт (макал).

Алар канчалык аракеттенип иштесе да, Ашымахун аларды кекете бере турган болду (А.Т.).

2) Багыныңкы сүйлөмүнүн баяндоочу шарттуу ыңгайдын -са, -са +да формасы уланып турган этиштерден болгон карама-каршы багынычтуу татаал сүйлөмдөрдүн компоненттеринин бирөө же экөө тең өтө кыска келип, оозеки речте ал компоненттеринин ортосунда ачык жана созулуңку тыным (пауза) болсо, арасына сызыкча коюлат:

Досуң миң болсо да — аз, душманың бирөө болсо да — көп (макал). Келсем — жоксуң. Айтсам — укпадың.



МАКСАТ БАГЫНЫҢКЫ СҮЙЛӨМ

Багынычтуу татаал сүйлөмдүн тутумунда туруп, баш сүйлөмдө айтылган ойдун, иштин, кыймыл-аракеттин аткарылыш максатын билдирген багыныңкы сүйлөм максат багыныңкы сүйлөм деп аталат.

Багыныңкы сүйлөмдүн бул түрү эмне үчүн? эмне максат менен? эмнеге? деген өндүү суроолорго жооп берет:

Жаш балдарга суук тийбесин деп, комнатанын эшик, терезелерин жакшылап жылууладык.

Мында „Жаш балдарга суук тийбесин деп" деген багыныңкы сүйлөм эмне үчүн? деген суроого жооп берип, комнатанын эшик, терезелерин эмне максат менен жылуулагандыгын билдирип турат.

Максат багыныңкы сүйлөм кыргыз тилиндеги мезгил, шарттуу себеп, сыпат багыныңкы сүйлөмдөргө караганда азыраак колдонулат, ошондой эле анын баяндоочун уюштуруп, аны баш сүйлөм менен тутумдаштыруучу грамматикалык каражаттар да анчалык көп эмес.

Максат багыныңкы сүйлөм көбүнчө ар түрдүү формадагы этиштик баяндоочунан кийин "деп" жардамчы этишинин жана "үчүн" жандоочунун тутумдашып айтылышы аркылуу уюшулат.

Кыргыз тилинде максат багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу негизинен төмөнкүдөй жолдор менен түзүлүп, баш сүйлөм менен байланышат:

I) Багыныңкы сүйлөмдүн буйрук ынгайдын Ш жагынын =сын мүчөсү уланган этиштик баяндоочунан кийин чакчыл =ып формасындагы "де" (деп) жардамчы этишинин кошулуп айтылышы аркылуу:

Алар чочубай жөн кетсин деп, мен дагы бир аз отурдум (Ч.А.). Эки жаштын комсомолдук тоюна ата-энелери кечикпей келишсин деп, күн мурунтан чакыруу билеттерин жөнөтүштү. Кыштагыбыз көркүү болсун деп, көчө бойлоруна бак-даракtар отургуздук ("КП").

Бул максат багыныңкы сүйлөмдү уюштуруучу өнүмдүү жолдордун бири болуп эсептелет.

2) Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу каалоо ыңгайдын I жагынын =айын, =алы мүчөлөрү жалганган этиш сөздөн туруп, андан кийин "деп" жардамчы этишинин тутумдашып айтылышы аркылуу:

Зулай уулунун таттуу уйкусун бузбайын деп, башка бөлмөгө кирип жатты. Жолдошум экөөбүз армияга жөнөн жаткандар менен коштошуп калалы деп, үйдөн эртерээк чыкканбыз.

3) Кээде багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу келер чактагы этиштерден болуп, андан кийин "деп" айкашып айтылып, максат багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу уюшулат: Биз бала чагыбызда карганын балапанын алабыз деп, тээтиги көрүнүп турган жарга чыкчу элек. Султандан кабар келип калар деп, биз айылда дагы эки күн күтүп калдык. Мындай структурадагы татаал сүйлөмдөрдүн айрымдарында бир аз себептик маани да бардай сезилип турат.

4) Айрым учурда максат багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу шарттуу ыңгайдан туруп, андан кийин "деп" көмөкчү этиши кошулуп айтылып да уюшулат: План мөөнөтүнөн мурда орундалса деп, күнү-түнү тынбай эмгектендик. Айылга эрте жетсек деп, таксиге отурдук.

Кээде максат багыныңкы сүйлөмдүн минтип шарттуу ыңгайдан турган баяндоочунан кийин "экен" жардамчы этиши келип, ага "деп" тутумдашып айтылат. Мындай учурда андагы максаттык маани ачык билинип турат: Айлык план ашыра орундалса экен деп, заводдун жумушчулары эки сменада иштөөгө өтүштү. Театрга кечикпесем экен деп, үйдөн эртерээк чыктым.

5)Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу буйрук ыңгайдын Ш жагынын =сын мүчөсү уланган этиш сөздөн болуп, андан кийин "үчүн" жандоочу айкашып айтылып, максат багыныңкы сүйлөмдү түзүлөт. Бул да максат багыныңкы сүйлөмдү уюштуруудагы активдүү жолдордун бири болуп эсептелет.

Мисалы: Жеңиш биздики болсун үчүн, болгон мүмкүнчүлүктөрдүн бардыгын жумшообуз керек (Т.С.). Жем-чөп жерге чачылып түшпөсүн үчүн, акырлары мыктылап салынды. Тамдын үстүнө чыгуу жеңил болсун үчүн, узун шатыны койдуруп койдук.

6)Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу =ыш,=уу формасындагы кыймыл атоочтордон болуп, ага "үчүн" жандоочу айкашып айтылып, максат багыныңкы сүйлөм уюшулат: Колхоздун малы кыштан эттүү чыгыш үчүн, жем-чөптү жетиштүү даярдашыбыз керек. Эгиндин түшүмү мол болуш үчүн, аны көбүрөөк сугаруу керек. Жакшы пулеметчик болуу үчүн, анын тетигин бүт окуп үйрөнүү керек (Ж.Ашубаев).

7)Багыныңкы сүйлөмдүн тутумдаш баяндоочунун негизги компоненти терс формадагы (-бас) атоочтуктан туруп, андан соң "үчүн" жандоочу тутумдашып айтылып, уюшулат:

Оюмду эч ким билбес үчүн, сүйлөбөстөн компоюп жоош олтурдум. (Т.С.). Араба ала салып кетпес үчүн, эки арткы дөңгөлөгүн чынжыр менен тарттырдык.

8) Багыныңкы сүйлөмдүн тутумдаш баяндоочунун негизги компоненти =макчы (мак) формасындагы ниет ыңгайдан болуп, ага чакчыл =ып мүчөсү уланган "болуп" көмөкчү этишинин айкашып айтылышы аркылуу да максат багыныңкы сүйлөм түзүлөт:

Зарыл көптөн бери ичинде сактап жүргөн оюн айтмакчы болуп, мектеп директорунун кабинетине кирди.

Кээде баяндоочуна "деп" жардамчы этиши же "үчүн" жандоочу айкашып айтылган багыныңкы сүйлөмдөр максаттык маанини эмес, себептик ж.б. маанини туюндуруп калышы мүмкүн.

Мисалы: Артисттер бүгүн келбей калган экен деп, клубга чогулган элди таратып жибергенбиз. Ал жылдык планын ашыра орундаткандыгы үчүн, совхоздун дирекциясы аны баалуу сыйлык менен сыйлады.

Бул татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы багыныңкы сүйлөмдөр эмне үчүн? эмнеликтен? деген суроолорго жооп берип, баш сүйлөмдөгү иштин, кыймыл-аракеттин аткарылыш себебин билдирип турат; булар—себеп багыныңкы сүйлөмдөр.

Демек, баяндоочу "деп" жардамчы этишинин же "үчүн" жандоочунун катышып айтылышы аркылуу уюшулган бул сыяктуу багыныңкы сүйлөмдөр максаттык мааниде же себеп маанисинде колдонулуп жаткандыгын так ажыратуу үчүн, алардын ички маанилик катышына терең көңүл буруу керек.



ОРУН БАГЫНЫҢКЫ СҮЙЛӨМ

Орун багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин, окуянын кайсы жерде болгон ордун көрсөтөт; кайда? кайдан? кайсы жерде? деген сыяктуу суроолорго жооп берет.

Орун багыныңкы сүйлөмдөр да тилибизде секрек учурайт жана анын түзүлүш жолу да чектелүү.

Орун багынычтуу татаал сүйлөмдөр уюшулганда, анын тутумундагы багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу дайыма=са формасындагы шарттуу ыңгайдан болот да, мындан тышкары багыныңкы сүйлөм менен баш сүйлөмүнүн составына кайда—ошондо, кайда—ошол жерде, кайда-ошол жакка, каякка—ошол жакка, кайдан—ошол жактан, кайсы жерге—ошол жерде, кайсы жерге—ошол жерге, кайсы жерде—ошол жерде деген сыяктуу сөздөр кошулуп айтылат.

Маниси боюнча, орун багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин болгон ордун аныктап көрсөтөт.

Мисалы: Өкмөтүбүз кайда жиберсе, ошол жерде эмгектенебиз.

Мында багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу шарттуу ыңгайдын =са формасында келип, өзүнөн кийинки баш сүйлөм менен түтумдашып турат. Экинчи жагынан, бул татаал сүйлөмдүн составында айтылган кайда—ошол жерде деген байламталык функциядагы сөздөр ал орун багыныңкы сүйлөм менен баш сүйлөмдүн ортосундагы маанилик байланышты бекемдеп, чыңдап турат. Маниси боюнча, багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин кайсы жерде аткарылыш ордун (өкмөт жиберген жерде иштерин) аныктап көрсөтүп турат.

Орун багыныңкы сүйлөмдөр негизинен төмөнкүдөй маанилерди туюндурат:

I)Эгерде багыныңкы сүйлөм менен баш сүйлөмдүн тутумунда келген жогорку байламталык функциядагы сөздөр жатыш жөндөмөдө айтылса,

орун багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин, окуянын болгон ордун билдирет:

Сиз кайда болсоңуз, мен ошол жерде (Н.Б.).

Кай жерде той-тамаша болсо, Ыманбай Сараласы менен ошондо (Т.С.). Жайылып жүргөн отору кайда болсо, Жумаш да ошол жерде ("ЖЛ"). Каерде сын болсо, ал жерде өсүш да болот.

2) Багыныңкы сүйлөм менен баш сүйлөмдүн составындагы каякка, кайда —ошол жакка деген сөздөр барыш жөндөмөдө турса, же багыттос маанисинде болсо, орун багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин багытталган орун көрсөтөт:

Мен каякка барсам, ал да ошол жакка жөнөйт. Немецтер каякка качса, биздин пулеметчулар да ошол жакка карай ок жаадырышты. Алдыңкы көч кайда барса, арткы көч ошол жакка барат (макал). Бригадир кайсы жерге жиберсе, ошол жерге барып иштейбиз.

3) Эгерде багыныңкы сүйлөм менен баш сүйлөмдүн тутумунда келген кайдан —ошол жактан, кай жактан—ошол жактан деген сыяктуу сөздөр чыгыш жөндөмөдө айтылса, орун багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин башталып чыккан ордун көрсөтөт:

Шамал кайдан соксо, жамгыр да ошол жактан келет. Силер кай жактан келсеңер, бул коноктор да ошол жактан келишиптир.

Кээде багыныңкы сүйлөм менен баш сүйлөмдүн тутумунда келген жогоркудай орундук маанидеги сөздөр бирдей жөндөмөдө эмес, ар түрдүү жөндөмөдө да айтылып калышы мүмкүн. Мындай учурда орун багыныңкы сүйлөмдүн мааниси баш сүйлөмдөгү орун маанидеги сөздүн жөндөмөлүк маанисине карай аныкталат.

Мисалы: Кайсы жериң ооруса, ошол жерге ушул дарыны үч маал шыба. Биздин жаштар кайсы жерге жиберилсе, ошол жерде жаңыча иш башталат.

79 5.12

Мында биринчи татаал сүйлөмдө багыныңкы сүйлөмдүн тутумундагы орундук маанидеги "кайсы жериң" деген сөз атооч жөндөмөдө, баш сүйлөмдөгү "ошол жерге" деген сөз барыш жөндөмөдө турат. Экинчи татаал сүйлөмдөгү "кайсы жерге" —барыш жөндөмөдө, "ошол жерде" жатыш жөндөмөдө турат. Бирок биринчи татаал сүйлөмдөгү багыныңкы сүйлөм өзүнөн кийинки баш сүйлөмдүн составындагы орундук маанидеги сөздүн ("ошол жерге") барыш жөндөмөдө тургандыгына байланыштуу кыймыл-аракеттин багытталган ордун көрсөтүп турат. Экинчи татаал сүйлөмдөгү багыныңкы сүйлөм болсо баш сүйлөмдүн тутумундагы орундук маанидеги сөздүн ("ошол жерде") жатыш жөндөмөдө тургандыгына байланыштуу кыймыл-аракеттин боло турган ордун билдирип турат.

ӨЛЧӨМ БАГЫНЫҢКЫ СҮЙЛӨМ

Багыныңкы сүйлөмдүн бул түрү баш сүйлөм билдирген иш-аракеттин, ойдун өлчөмүн, даражасын же көлөмүн аныктап көрсөтөт.

Кыргыз тилинде өлчөм багыныңкы сүйлөм анчалык көп кездешпейт жана анын баш сүйлөм менен тутумдашуу жолдору да көп өнүккөн эмес.

Өлчөм багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу дайыма =са формасындагы шарттуу ыңгайдан болот да, андан тышкары багыныңкы сүйлөм менен баш сүйлөмдүн составына байламта сөздүк функцияда колдонулган төмөнкүдөй ат атоочтор кошулуп айтылат: канча— ошончо, канчалык— ошончолук, канча-ошончолук, канчадан— ошончо.

Ушинтип, өлчөм багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу шарттуу ыңгайдын =са формасында айтылып, аны (багыныңкы сүйлөмдү) баш сүйлөм менен тутумдаштырат; ал эми багыныңкы сүйлөм менен баш сүйлөмдүн тутумунда айтылган жогорку байламта сөздөр ал-эки сүйлөмдүн ортосундагы маанилик байланышты бекемдеп, чыңдап турат.

Өлчөм багыныңкылуу татаал сүйлөмдүн уюшулушунда:

I) Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу дайыма =са формасындагы шарттуу ыңгайдан туруп, өлчөм багыныңкынын составына "канча" деген, баш сүйлөмдүн составына "ошончо", кээде "ошончолук" деген байламталык функциядагы ат атоочтор катышып айтылат.

Мааниси жагынан, ал ат атоочтор багыныңкы сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин, заттын жалпы өлчөмү канча болсо, баш сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин, заттын өлчөмү да ошончо экендигин билдирет: Бу дүйнөдө жумуш азбы? Канча иштесең, ошончо акыңды аласың(Ч.А.). Досуң канча болсо, душманың ошончо (макал). Фронтко канча продукция керек болсо, ошончолук беребиз ("КК").

2)Багыныңкы сүйлөмдүн тутумуна "канчалык" деген ат атооч, баш сүйлөмдүн тутумуна "ошончолук" деген ат атооч кошулуп айтылып, баш сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин, абалдын, белгинин өлчөмүн,

даражасын аныктап көрсөтөт:

Турмуш шарты канчалык татаалдашса, ал ошончолук жигердүүлүк менен эмгектене баштады ("КМ"). Пахта мамлекет үчүн канчалык пайдалуу болсо, колхозчулар үчүн да ошончолук пайдалуу ("СК").

3) Кээде багыныңкы сүйлөмдүн составына "канчадан" деген, баш сүйлөмдүкүнө "ошончо" деген ат атоочтор кошулуп айтылат: Орган өзү канчадан куйса, ошончо гана суу ишишерин айтты (Ч.А.).

4) Кээде багыныңкы сүйлөмдүн составына "канча", "канчалык" деген ат атоочтор, баш сүйлөмдүн составына болсо "андан да артык", "андан көп" деген сыяктуу сөз айкаштары кошулуп айтылат. Мааниси боюнча, багыныңкы сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин, заттын ж.б. өлчөмүнө караганда баш сүйлөмдөгү заттын, иш-аракеттин өлчөмү көбүрөөк артык экендигин билдирет: Сенин мен үчүн кылган жакшылыгың канча болсо, менин сага кылган жакшылыгым андан да артык го деп ойлойм (К.Ж.). Сүйүнгөнүм канчалык көп болсо, өкүнүп-өксүгөнүм андан көп (Ч.А.).

5) Айрым учурда багыныңкы сүйлөмдүн составына "көп" деген сандык тактооч, баш сүйлөмдүн составына "ошончолук" деген ат атооч кошулуп айтылып да, өлчөм багынычтуу татаал сүйлөм уюшулат: Ким коом үчүн көп иштесе, ал кишини өкмөтүбүз ошончолук сыйлайт, кадырлайт (М.Жанг.).

Өлчөм багынычтуу татаал сүйлөмдөр тутумундагы ат атоочтордун кайсы сөз түркүмү менен байланышта айтылышына карай, негизинен, төмөнкүдөй маанилерди билдирет:

а) Эгерде жогоруда көрсөтүлгөн ат атоочтор этиштик баяндооч менен байланышта айтылса, өлчөм багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдүн баяндоочу билдирген кыймыл-аракеттин өлчөмүн билдирет: Күчүм канча жетсе, ошончо окутам (Ч.А.). Кош айдоо канчалык кечиктирилсе, жердин нымдуулугу ошончолук төмөндөй берет ("СК").

б) Эгерде жогорку ат атоочтор сүйлөм ичиндеги сын атооч же сыпат тактооч менен байланышта айтылса, баш сүйлөмдөгү ар кандай белгинин, сыпаттын даражасын, өлчөмүн билдирет:

Адамга тиричилик канча кымбат болсо, жашоо ошончо кызык го (Т С.). Коммунист марксисттик-лениндик теорияны канчалык жакшы өздөштүрсө, анын активдүүлүгү ошончолук жогору болот ("СК"). Дарыя канчалык терең болсо, ал ошончолук жай агат (макал).

в) Бул ат атоочтор зат атооч менен байланышта айтылса, анда өлчөм багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдөгү кандайдыр бир заттын өлчөмүн билдирет: Мансабың канча болсо, дымагың ошончо (макал). Төө канча болсо, жүгү да ошончо (макал).

Кыскасы, өлчөм багыныңкы сүйлөмдөр негизинен баш сүйлөмдө айтылган ойдун көлөмүн, кандай даражада экендигин, өлчөмүн билдирет, ошону менен бирге аларда бир аз салыштыруу мааниси да бар экендиги сезилип турат(жогоруда келтирилген мисалдарды караңыз).

КӨП БАГЫНЫҢКЫЛУУ ТАТААЛ СҮЙЛӨМ.

Буга чейин негизинен эки гана компоненттен, башкача айтканда, баш жана багыныңкы сүйлөмдөн турган татаал сүйлөмдөргө тиешелүү маселелер каралып келди. Мындай структурадагы татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдүн өз ара мамилеси, багыныңкы сүйлөмдөрдүн баш сүйлөмгө карата болгон маанилик катышы, аларды бири-бири менен байланыштыруучу грамматикалык каражаттар иликтенди. Минтип, багыныңкы жана баш сүйлөмдөн түзүлгөн эки компоненттүү татаал сүйлөмдөр биздин жазма жана оозеки адабий тилибизде өтө активдүү колдонулат.

Ушуну менен бирге, кыргыз тилинде, өзгөчө жазма адабий тилибизде, публицистикалык жана көркөм адабий чыгармаларда бир нече багыныңкы сүйлөмү бар татаал сүйлөмдөр да көп кездешет. Мындай көп багыныңкылуу татаал сүйлөмдөр маани жагынан өз ара тыгыз байланыштагы бир нече бөлүктөн турган кеңири бир ой-пикирди билдирүүдө колдонулат.

Мисалы: Жылкычылар айт-айттап, койчулар кыроолоп, жылкы кишенеп, кой маарап, жайлоого бет алган көчтүн шаңы өзгөчө (Ч.А.).

Мында төрт багыныңкы сүйлөм маани жагынан бирдикте туруп, аяккы баш сүйлөм менен байланышып, жайлоого бет алган көч кандай көрүнүштө кетип бараткандыгын кеңири сыпаттап көрсөтүп турат.

Ботаника багына киргенибизде, бактын жай-маанисин билген адамды ээрчитип алалык десем, алар болбой коюшту.

Бул татаал сүйлөмдүн тутумунда эки багыныңкы сүйлөм бар. Алардын биринчиси өзүнөн кийинки багыныңкы сүйлөмгө карата мезгилдик катышты билдирсе, экинчи багыныңкы сүйлөмү өзүнөн кийинки баш сүйлөмгө карата карама-каршы катышты билдирип, жалпы жонунан бир-

диктүү бир татаал ойду туюндуруп турат.

Көп багыныңкылуу татаал сүйлөмдөрдө көбүнчө эки-үч, кээде андан да көбүрөөк багыныңкы сүйлөм бир баш сүйлөмгө багынып айтылат. Көп багыныңкылуу татаал сүйлөмдөр түзүлүшү жана туюндурган жалпы маниси боюнча бир багыныңкылуу татаал сүйлөмдөрдүн анчалык деле айырмаланбайт. Алардын баяндоочторунун түзүлүшү, баш сүйлөм менен байланыштыруучу грамматикалык каражаттар жана көп багыныңкы сүйлөмдөрдүн туюндурган грамматикалык маанилери бир багыныңкылуу татаал сүйлөмдөрдүкү менен бирдей. Ошондуктан бул жерде көп багыныңкылуу татаал сүйлөмдөр жөнүндө сөз болгондо, жогоркудай жалпы окшош маселелерге кайрадан токтолуп отуруунун зарылдыгы жок.

Көп багыныңкылуу татаал сүйлөмдөрдүн составындагы жөнөкөй сүйлөмдөр маниси боюнча жана грамматикалык, интонациялык жактан бир бүтүн биримдикти түзүп, толук аяктаган кандайдыр бир татаал ойду туюндурат.

Көп багыныңкылуу татаал сүйлөмдөрдө алды менен багыныңкы сүйлөмдөр өз ара бири-бири менен байланышып келип, анан баш сүйлөм менен байланышып айтылат. Көп багыныңкы сүйлөмдөрдүн туюндурган маниси, алардын бири-бири менен жана баш сүйлөм менен байланышуу жолдору, ошондой эле баш сүйлөмгө карата болгон маанилик катыштары ар түрдүү болот. Ошол өзгөчөлүктөрүнө карай алар бир өңчөй багыныңкылуу татаал сүйлөм жана бир өңчөй эмес багыныңкылуу татаал сүйлөм болуп бөлүнөт.

БИР ӨҢЧӨЙ БАГЫНЫҢКЫЛУУ ТАТААЛ СҮЙЛӨМ.

Бир өңчөй багыныңкы сүйлөмдөр бирдей маанини билдирет, баяндоочтору да бирдей формада уюшулат, багыныңкы сүйлөмдөрдүн ар бири баш сүйлөм менен түздөн-түз байланышып, андагы айтылган ойду түрдүү жагынан (мезгилин, же сыпатын, же ордун ж.б.) аныктап

турат, бир гана суроого жооп болуп түшөт: Ал эми Акман, сен менен биз ынтымактуу иштеп турганда, биздин балдар бир кишидей күрөшүп жатышканда, душман жеңе албайт (Ч.С.).

Бул татаал сүйлөмдүн тутумунда эки багыныңкы сүйлөм бар, экөөнүн тең баяндоочу бирдей формада: =ган формасындагы атоочтукка чыгыш жөндөмөнүн =да мүчөсүнүн жалганышы менен уюшулган, ар бир багыныңкы сүйлөм баш сүйлөм менен түздөн-түз байланышып, качан? деген суроого жооп берип, мезгилдик маанини билдирип турат — бир өңчөй мезгил багыныңкы сүйлөмдөр.

Көбүнчө багыныңкы сүйлөмдүн төмөнкү түрлөрү бир өңчөй формада айтыла берери байкалат:

I)Көпчүлүк учурда сыпат багыныңкы сүйлөмдөр бир өңчөй болот. Өзгөчө баяндоочу =ып формасындагы чакчылдан турган бир өңчөй багыныңкылар көп кездешет.

Ошондо камыштын ичинен оттор жаркылдап, түтүндөрү буркулдап, тарс-тарс үндөрү күрпүлдөп, мылтык атылды (Ч.А.). Көп соко кыркаар тартып, кара жер коңторулуп, коңурсуп буу көтөрүлүп, айдоо тереңдей берди (Т.С.)Эдигей менен Абуталип кыса кучакташып, биринин ичиндегисин бири жүрөгү менен сезип, көз ирмемге туруп калышты (Ч.А.).

Аз да болсо баяндоочу =бай, =гансып формасындагы чакчылдардан болгон сыпат багыныңкы сүйлөмдөр да бир өңчөй түрдө айтылып калат: Бир айрым куйрук жер бетиндеги жем болчу макулуктарды чочутпай, курулай канат кагып шуулдабай, бул аймактын ээси экенин белгилеген салабат менен бийикте калкып барат (Ч.А.). Бирдеме кошулгансып, бирдеменин сыры ачылгансып, өзү кандайчадыр өзгөргөнсүп, өзүнө өзү тың калды (Ч.А.).

Айрым учурларда бир өңчөй сыпат багыныңкы сүйлөмдөрдүн баяндоочтору бирдей формада эмес, ар түрдүү формада айтылып калышы да мүмкүн. Бирок анткени менен ал багыныңкы сүйлөмдөр маниси боюнча

баары бир баш сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин кантип, кандай мүнөздө аткарылгандыгын билдирет, демек бир өңчөй сыпат багыныңкы сүйлөм боюнча кала берет.

Мисалы: Алиги жигит терезе түбүндөгү столчого чыканактап, мендөн далдалагандай жаагын таянып, баятан берки калыбын жазбай, сыртты телмире тиктеп келатат (поездде) (Ч.А.).

Бул сүйлөмдүн тутумунда үч багыныңкы сүйлөм бар, алардын экөөнүн баяндоочу =ып формасындагы чакчылдан, үчүнчүсүнүн баяндоочу =бай формасындагы чакчылдан уюшулган, б.а. баяндоочтору ар түрдүү формада. Бирок бул үчөө тең кантип? деген бир суроого жооп берип, баш сүйлөм билдирген кыймыл-аракеттин кандай абалда, кандай мүнөздө болгондугун санап көрсөтүп турат— бир өңчөй сыпат багыныңкы сүйлөмдөр.

2) Шарттуу багыныңкы сүйлөмдөрдүн (өзгөчө баяндоочу шарттуу ыңгайдан болгондор) бир өңчөй болуп айтылышы да тилибизде көп учурайт: Өстөн казылса, плотина курулса, станция тургузулса, шырыктар орнотулса, зымдар тартылса, мына ошондо гана тентек суу жүгөнделүп, оор турбинаны айлантат (Т.С.). Согуш бүтсө, үйгө аман кайтсам, ушул комузумду келиндерге көрсөтсөм деп жүрөм(Т.С.). Күтөрү жок болсо, башка үмүт жок болсо, жаш келин эрге тийбегенде жерге тиймек беле (Ч.А.).

3)Мезгил багыныңкы сүйлөмдөр бир өңчөй болуп айтылат.

—Баяндоочу =ганда формасындагы атоочтуктан турган мезгил багыныңкы сүйлөмдөр бир өңчөй болот:

Таң кашкайып сургөндө,
Жерге жарык киргенде,
Кара буурул күлүктөр
Кызыл болуп алыптыр ("Манас").

Анан Зарипа станцияда жүргендө, кайра үйүнө келатканда, акыл-эсин жыйнап алганга убактысы болот (Ч.А.).

—Баяндоочу =ганча//=гыча формасындагы чакчылдан турган мезгил багыныңкылар бир өңчөй болот:

Оңолуп чубак алгыча,
Кайра найза сайгыча,
Коңурбай чаап жетти эми ("Манас").

Жомоочу атын чалдырганча, дыйкан тамагын ичкенче, убакыт өтпейт (Т.С.).

—Баяндоочу = майынча формасында чакчылдан болгон мезгил багыныңкы бир өңчөй болуп айтылат:

Жеңиш болмоюнча, сүйгөн теңибиз жеңиш менен келмейинче, бизге жылуу төшөк, таттуу уйку да жок (Т.С.).

Мындагы бир өңчөй багыныңкы сүйлөмдөр таттуу уйкунун качанга чейин болбостугун билдирип, мезгилдик маанини туюндуруп турат. Ушуну менен бирге буларда бир аз шарттык маани да бар.

—Баяндоочу =ганы формасындагы чакчылдан турган мезгил багыныңкылар бир өңчөй болот:

Кан соруучу залимдер
Кедейден коркуп ыкканы,
Азаттык таңы атканы,
Залимдин күнү батканы,
Кара таман кедейдин
Өзүнө тийди тапканы (Тоголок Молдо).

—Баяндоочу =ган формасындагы атоочтуктан кийин "сайын" жандоочунун кошулуп айтылышы аркылуу уюшулган мезгил багыныңкылар бир өңчөй болот:

Таңшыган комуз күүсү чыккан сайын, ага акындардын обондору кошулган сайын, журт аккан суу келтирген таалайды көз алдыларына элестетти(Т.С.).

Кээде бир өңчөй багыныңкы сүйлөмдөрдүн баяндоочтору да бирдей формада эмес, ар түрдүү формада уюшулушу мүмкүн. Бирок буга карабастан алардын берген мааниси бирдей болот, качан? деген бир суроого жооп берип, баш сүйлөмдөгү иш-аракеттин болгон мезгилин билдирет, б.а. бир өңчөй багыныңкы сүйлөмдүк белгисин сактайт.

Мисалы: Иштин жайы туура чечилгенден кийин, ат-көлүктөр тыңыган соң, элди көздөй жол тартууга кам көрдүк (К.Ж.).

Бул татаал сүйлөмдүн тутумундагы бир өңчөй багыныңкы сүйлөмдөрдүн баяндоочтору ар түрдүү формада түзүлгөн (чечилгенден кийин, тыңыган соң), бирок андай болгону менен ал экөө тең качан? деген бир суроого жооп берип, баш сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин мезгилин көрсөтүп турат — бир өңчөй мезгил багыныңкы сүйлөмдөр. Бул багыныңкы сүйлөмдөрдүн баяндоочторунун тутумунда айтылган кийин, соң жандоочтору сырткы түрү жагынан ар түрдүү болгону менен, мааниси боюнча синонимдеш, экөө тең мезгилдик маанини билдирет.

4) Себеп багыныңкы сүйлөмдөр бир өңчөй болот:

Кышында суук катуу болгондуктан, жем-чөп жетишпегендиктен, койлорубуз чыгашага көп учурады. Баарыдан да ал балдардын жалооруган көздөрүн карай албай, суроолоруна жооп бере албай, жүрөгү мыкчылат (Ч.А.).

5) Салыштырма багыныңкы сүйлөмдөр да бир өңчөй формада айтылат. Булардын баяндоочтору да көбүнчө =дай, =гыча формасындагы сөздөрдөн болот, же кандай — ошондой деген байламта сөздөрдүн катышуусу менен уюшулат. Мисалы: Моюну чүрөктүн мойнундай, кашы калем менен тарткандай, көзү жаңы туулган ботонукундай, оозу ой-

моктой, бели кындай, чачы жибектей, ал өзүнчө бир укмуштай сулуу кыз эле (К.Ж.).

Жер үстүндө от кандай өчпөс болсо, суу кандай соолбос болсо, аба кандай түгөнбөс болсо, ал да так ошондой киши го дейм өзүмдүн жаман акылымда (Ч.А.).

Мен каракчы канга тийгиче,
Кадырына күйгүчө,
Казан асып сенделип,
Калкында тирүү жүргүнчө,
Каным, жүрү кетели,
Качып жүрүп өтөлү ("Кедейкан").

6) Карама-каршы багыныңкы сүйлөмдөр бир өңчөй болот.

—Көбүнчө баяндооч мүчөсү шарттуу ыңгайдан кийин "да" бөлүкчөсүнүн кошулуп айтылышы аркылуу түзүлгөн карама-каршы багыныңкы сүйлөмдөр бир өңчөй болуп айтылат:

Артелде жүрүп жайдыр-кыштыр канча балык кармашса да, баалуу-баасыз балыктардын неченин кармашса да, торго алтын мекре (осетр) түшүп келгенин Эдигей көргөн эмес (Ч.А.). Күнүмдүк тиричиликтен тышкары экөөнүн ортосунда башка сөз болбосо да, башка сөз болууга Зарипа эч качан кашын какпаса да, Эдигейдин ойлогону эле Зарипа (Ч.А.).

—Кээде баяндоочу буйрук ыңгайдын -сын формасында уюшулган карама-каршы багыныңкы сүйлөм бир өңчөй болот:

Бирок кандай иште жүрбөсүн, канчалык кыйынчылыкка калбасын, оюнан Абуталип Куттыбаевдин башына түшкөн мүшкүлү такыр чыкпайт. (Ч.А.)

Айрым учурларда бир өңчөй карама-каршы багыныңкы сүйлөмдөрдүн баяндоочтору да бирдей формада эмес, ар түрдүү формада айтылып калышы мүмкүн. Бирок ага карабастан, ал багыныңкы сүйлөмдөр баш

сүйлөмгө карата карама-каршы катышты билдирип, бир өңчөйлүк белгисин сактайт.

Мисалы: Делегациянын ичинде ага окшогон жол мектери болгону кандай маанилүү экенин түшүндүрүүгө канча аракеттенсем да, Байтемир сыйлап угуп отурганы менен, такыр ынанбай койду (Ч.А.).

Мында биринчи багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу шарттуу ыңгайдан кийин "да" бөлүкчөсүнүн тутумдашып айтылышы менен түзүлгөн, экинчисиники -ган формасындагы атоочтуктан кийин"менен" жандоочунун айкашып айтылышы менен түзүлгөн, демек экөө эки түрдүү формада уюшулган. Бирок семантикасы боюнча бул эки багыныңкы сүйлөм тең баш сүйлөмгө карата карама-каршы маанини билдирип тургандыктан, бир өңчөй карама-каршы багыныңкы сүйлөмдөр болуп эсептелет.

7) Максат багыныңкы сүйлөмдөр бир өңчөй формада айтылат:

Анан өзү шамалда кайыкты бир багытта кармап туруш үчүн, эки кайырмактын кыл жиптери чатышып калбасын үчүн, калактарды сууга матырып кармап турду (Ч.А.).

8) Өлчөм багыныңкы сүйлөмдөр бир өңчөй болот: Коомдун мүчөлөрүнүн аң-сезими канчалык жогору болсо, алардын чыгармачылык активдүүлүгү канчалык толук жана кеңири болсо, коммунизмди куруунун программасын турмушка биз ошончолук тез жана ийгиликтүү ашырабыз ("СК").

9) Орун багыныңкы сүйлөмдөр да бир өңчөй түрдө айтылат: Эмгек тартиби кай жерде жакшы коюлса, илим менен техниканын жетишкендиктери кай жерде кеңири пайдаланылса, ошол жерде эмгек өндүрүмдүүлүгү да жогору болот ("СК").

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз тилинде багыныңкы сүйлөмдүн кандай түрлөрү болсо, алардын көпчүлүгү бир өңчөй формада айтыла берет. Бирок багыныңкы сүйлөмдүн тигил же бул түрүнүн бири-бири

менен тизмектешип айтылыш мүмкүнчүлүгү бирдей эмес. Мисалы тилибизде сыпат, мезгил, шарттуу, салыштырма багыныңкы сүйлөмдөр башка түрлөрүнө караганда бир өңчөй түрдө көбүрөөк колдонулары байкалат.

АР ТҮРКҮН БАГЫНЫҢКЫЛУУ ТАТААЛ СҮЙЛӨМ

Эгерде бир өңчөй багыныңкы сүйлөмдөрдүн баяндоочу бирдей формада түзүлүп, багыныңкы сүйлөмдөр бирдей грамматикалык маанини туюндуруп, ар бири баш сүйлөм менен түздөн-түз байланышып, андагы айтылган ойду түрдүү жагынан аныктап турса, ар түркүн багыныңкы сүйлөмдөрдүн баяндоочу түрдүүчө формада уюшулат, маниси жагынан да ар башка келип, баш сүйлөмдөгү ойду ар түрдүү белгилери боюнча аныктайт.

Ар түркүн багыныңкы сүйлөмдөр баш сүйлөм менен түздөн-түз байланыша албайт. Баш сүйлөм менен ага жанаша турган биринчи багыныңкы сүйлөм гана тикеден-тике байланышат да, андан кийин ал биринчи багыныңкыга экинчи багыныңкы сүйлөм, экинчи багыныңкыга үчүнчү багыныңкы сүйлөм баш ийип айтылып, бири-бири менен илмектешип ырааттуу түрдө (последовательно) байланышат. Ушинтип, ар түркүн багыныңкылуу татаал сүйлөмдөрдө алдыңкы багыныңкы сүйлөмү улам кийинки багыныңкы сүйлөм менен байланышып келет да, анан эң акыркы багыныңкы сүйлөм баш сүйлөм менен байланышып айтылып, ошол аркылуу бардык багыныңкы сүйлөмдөр баш сүйлөм менен тутумдашып, аны менен тыгыз маанилик карым-катышты түзөт. Ушундан улам, баш сүйлөм менен тикеден-тике байланышкан биринчи багыныңкы сүйлөм өзүнүн алдындагы багыныңкы сүйлөмдөрдү баш сүйлөм менен тутумдаштыруучу данакерлик (связка) кызматты да аткарат деп кароого болот.

Мисалы: Танабай койнуна колун салып, боолуу булгаары калтадан Чоронун билетин алып чыкканча, сектор башчысы чыдап күтүп турду (Ч.А.).

Бул татаал сүйлөмдүн тутумунда ар түркүн эки багыныңкы сүйлөм бар, алардын баяндоочтору ар түрдүү формаца уюшулган (салып, алып чыкканча), берген маанилери да түрдүүчө: биринчиси - сыпат багыныңкы, экинчиси - мезгил багыныңкы сүйлөм.

Бул татаал сүйлөмдөгү баш сүйлөм "сектор башчысы чыдап күтүп турду", муну менен "боолуу булгаары калтадан Чоронун билетин алып чыкканча" деген жанаша айтылган багыныңкы сүйлөм түздөн-түз байланышып, баш сүйлөмдөгү иштин мезгилин көрсөтүп турат. Ал эми "Танабай койнуна колун салып" деген багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмгө багынган жок, ал өзүнөн кийинки багыныңкы сүйлөмгө баш ийип, анын сыпатын (амалын) көрсөтүп ("Танабай койнуна колун салып, боолуу булгаары калтадан Чоронун билетин алып чыкканча"...), ошол багыныңкы сүйлөм аркылуу гана баш сүйлөм менен тутумдашып турат.

Ар түркүн багыныңкылуу татаал сүйлөмдөрдө түрдүү маанидеги багыныңкы сүйлөмдөрдүн бири-бири менен тутумдашып айтылышы, алардын өз ара жайгашыш тартиби айтылуучу ойдун мазмуну, максаты менен байланыштуу болот.

Ар түркүн багыныңкы сүйлөмдөр өз ара, негизинен, төмөнкүдөй тартипте жайгашып (орун алып) айтылышы мүмкүн.

I) Сыпат багыныңкы + мезгил багыныңкы: Паровоз дагы алдыга жыла түшүп, шуулдата буу бүрккөндө, бала коркконунан силкинип алды (Ч.А.). Күндөрдүн биринде Касейин комузун чертип, Микола-Аскер экөө эрмектешип олтурган кезде, Каныштын үйүнө бир капитан жигит кирди (Т.С.).

2) Сыпат+ шарт:

Алар каскатар тура калышып, шарт-шарт орок чалышса, колдору тез эле тестеге толо калат (Т.С.). Активдер эмитен эле өз ара

айтыш баштап, ар кими өз билгениндей ишти чойгулай берсе, иштин бузулары айгине (Т.С.).

3) Мезгил +шарт:

Кызыган темир сууганда, аны кайра отко салып көрүктү басса, көмүрдүн арасынан чубалжып көк жалын чыгат (К.Бек.).

Экөө көчөдө жанаша басып баратканда, өткөн-кеткендер аялына көз кырын салып өтүшсө, Исабеков деле ичинен корстон болуп калар эле (Ч.А.).

4) Мезгил + сыпат:

Эдигей ошентип кайра боодон кармап тарткыча, буура дагы бир топ жерге сүйрөп барып, анан токтоп калды (Ч.А.). Эдигей кайыктан белин түзөп тура бергенде, Үкүбала чуркап барып, анын суу болгон муздак моюнунан кучактады (Ч.А.).

5) Мезгил + себеп:

Домбунун артынан доочу келгенден бери, элдин чуулдаганы, кейигени арбыгансып, Мадыдан тынчтык кетти (Т.Кас.). Мен талаадан келген сайын, Алымкан карындашымдын карагаттай мөлтүрөгөн көздөрүнөн жаш чыккансып, зээним кейир эле (М.Эл.).

6) Мезгил +карама-каршы:

Токмок шаарына кире бергенибизде, Керимакунду да ээрчитип алалык десем,Султан эмнегедир көңүлсүнбөй койду.

7) Мезгил +максат:

Бала ыйлаганда, үйдөгү ата-энем үнүн уксун деп, баланын башын терезенин көзү сыныk жерине тушташтырып койдум (К.Ж.).

8) Себеп+мезгил:

Бул аймак коргоого алынып, түлкү, чөөлөр эркин жайлоп кире албай калгандан бери, майда канаттуу же арсчыкан өңдүү жеми арбыды (айры-куйруктун) (Ч.А.).

9) Себеп+шарт:

Капилеттен мылтык тарс этип, алдындагы беги жалп этип аттан түшүп калса, өлүм кимди коркутпайт (Т.Кас.).

I0) Себеп+сыпат:

Болжошкон күн чукул калган сайын, Шаагүлдүн көңүлү чөккөнсүп, башына катуу кайгы түштү (А.Т.).

II) Шарт+сыпат:

Бурганактаган шамал кичине эле өткөөл тапса, ошерге кар уюлгутуп, темир жолду күрткүгө тиштетип кетет (Ч.А.).

I2) Шарт+карама-каршы:

Сен тирүү болсоң, өз башың аскерге кетсе да, колуктуң жанымда болбойт беле (Т.С.).

I3) Карама-каршы+мезгил:

Ал орусча сүйлөсө да,анын үнү чыкканда, эненин жүрөгү жарылып кете жаздады (Т.С.).

I4) Карама-каршы+себеп:

Казангаптын сөөгүн Эне-Бейитке коё албасак да, бул жерден жайын тапканыбыз сооп болду деп, ушунда гана көңүлү тынчыгансыды (Ч.А.).

I5) Карама-каршы+шарт:

Алыбек экөөбүз араздашып жүрсөк да, эгер Асел алардын үйүнө барган болсо, болгон ишти айтар деп ойлодум (Ч.А.).

Айрым учурларда мындай структурадагы татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы багыныңкы сүйлөмдөр ар түрдүү маанини эмес, бирдей маанини билдириши мүмкүн. Бирок ага карабастан алар бир өңчөй багыныңкы сүйлөм боло алышпайт, себеби алардын баяндоочтору бирдей формада эмес, ар түрдүү формада уюшулган болот жана ал багыныңкы сүйлөмдөрдүн ар бири баш сүйлөм менен түздөн-түз байла-

нышпайт; баш сүйлөм менен ага жанаша турган биринчи багыныңкы сүйлөм тикеден-тике байланышат да, андан мурунку сүйлөм ошол кийинки багыныңкы сүйлөмгө баш ийип, ошол аркылуу баш сүйлөм менен тутумдашат.

Мисалы: Касым сары жоргонун башын коё бергенде, төгүлгөн жаандай болгон жаныбардын карааны ыраактап кеткиче, Алиман кол булгалап жүрө берди (Ч.А.). Пахта жакшы ачылган үчүн, бункерлердин толушу да ылдамдап, түшүмдү машина пахта аянтынын эки башынан тосуп алмай болду (К.Ж.).

Мында биринчи сүйлөмдөгү эки багыныңкы сүйлөм тең мезгилдик маанини, экинчи татаал сүйлөмдөгү эки багыныңкы себептик маанини билдирип турат. Бирок булар бирдей маанини билдиргени менен, бир өңчөй багыныңкы сүйлөм боло алышпайт, себеби алардын баяндоочтору ар түрдүү формада жана багыныңкы сүйлөмдөрдүн (ар бири) баш сүйлөм менен түздөн-түз байланышпай, бири тике түрдө, экинчиси кыйыр түрдө байланышат, ошол себептүү ар түркүн багыныңкы сүйлөмдөр болуп эсептелет.

Кээде ар түркүн багыныңкы сүйлөмдөр баш сүйлөм менен, жогоруда белгиленгендей, тике жана кыйыр түрдө байланышпастан, түздөн-түз байланышып да айтылып калат.

Мисалы: Үкүбала таң эрте бастырмадан көмүр апкелип, убактысы болсо, мешке жагып берип кетет (Ч.А.). Колдо эч нерсе жок болгон соң, оозго канча каргыш алынган менен, убада ордунан чыкпады. (Т.Кас.). Бул татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы биринчи багыныңкы сүйлөм өзүнөн кийинки экинчи багыныңкы сүйлөмгө баш ийип, ошол аркылуу баш сүйлөм менен байланышып турган жок. Мында багыныңкы сүйлөмдөрдүн ар бири түздөн-түз эле баш сүйлөмгө баш ийип, байланышып турат.

Кээ бир ар түркүн багыныңкылуу татаал сүйлөмдөр структурасы жагынан татаалдашкан формада уюшулат. Андай түзүлүштөгү сүйлөмдөр ар түрдүү маанидеги бир нече ойду өз ара тизмектештирип келип, ал тууралу кеңири түшүнүк алууга мүмкүнчүлүк берет. Мисалы: Ал ушул ойдун кысмагынан кутулганча, Гүлсары каткалаң кара жолдун танабын кыскартып, кең жайыктан сымаптай зыргып өтүп, Кара-Суунун кырына жетти (Ч.А.).

Бул сүйлөмдүн тутумунда бир мезгил багыныңкы, эки сыпат багыныңкы жана баш сүйлөм (4 сүйлөм) бар; булар грамматикалык жактан жана мааниси боюнча өз ара байланышып келип, бир татаал ойду туюндуруп турат.

Кээде ар түркүн багыныңкылуу татаал сүйлөмдөрдүн айрым бир компоненттери багындыргыч (себеп) байламталар аркылуу түтумдашат. Бул өндүү түзүлүштөгү татаал сүйлөмдөрдүн составдык бөлүктөрүнүн ортосундагы маанилик катыш да ар түркүн, көп кырдуу болот.

Мындай структурадагы ар түркүн багыныңкылуу татаал сүйлөмдөрдүн компоненттери көбүнчө төмөнкүдөй тартипте жайгашарын байкоого болот:

I)Шарттуу багыныңкы +баш сүйлөм + себеп багыныңкы. Тактап айтканда, биринчи багыныңкы сүйлөм өзүнөн кийинки баш сүйлөмдүн шартын көрсөтсө, эң акыркы багыныңкы сүйлөм өзүнөн мурунку ошол эле баш сүйлөмдүн себебин билдирип турат. Башкача айтканда, баш сүйлөм ортодо, анын эки жагынан шарттуу жана себеп багыныңкы сүйлөм орун алат.

Мисалы: Короодо кой болсо, коңуругунан үркүп быт-чыт чыкмак, себеби кор-шар, бышыйлаган коңуругу үйдүн ичин оң таптырбайды(А.Уб.

2) Мезгил багыныңкы + баш сүйлөм+себеп багыныңкы сүйлөм: Көпчүлүгү жайлоого чыгып баратканда, бул сайга уйлар жык толчу эле, неге десең бул жерлер-конушка жайлуу тептегиз жерлер (С.С.).

3) Карама-каршы багыныңкы + баш сүйлөм + себеп багыныңкы сүйлөм:

"Большевик келет экен" деген сөздөр мурун алыскы кабар сыяктанып көрүнсө да, ал күндөр жедеп чындыгына жеткендей, андан эч ким качып кутулбай тургандай байкалчу, анткени түрдүүчө кабарлар аркылуу жакшылык көз алдыга элестеп турду (М.Э.).

Бул өндүү структурадагы татаал сүйлөмдөрдүн айрым компоненттери кээде натыйжа маанисиндеги байламталар (ошондуктан, ошол үчүн ж.б.) аркылуу да тутумдашат. Андай түзүлүштөгү ар түркүн багыныңкылуу татаал сүйлөмдөрдүн компоеттеринин ортосундагы маанилик катыш дагы да татаалдашкан, чиеленишкен түрдө болот.

Мисалы, кээ бир ар түркүн багыныңкылуу татаал сүйлөмдөрдүн составында эки түрдү баш сүйлөм катышат, алардын бири өзүнүн алдындагы багыныңкы сүйлөм үчүн баш сүйлөм болот да, ошол эле учурда өзүнөн кийинки экинчи баш сүйлөмгө себеп багыныңкы сүйлөмдүк функцияда да келет.

Төмөнкү мисалдарды караңыз:

I) Мезгил багыныңкы + баш сүйлөм — себеп багыныңкы +баш сүйлөм:

Тыныбек балдарына энчи бөлүштүргөндө, Мамат менен келинчеги жаш болчу, ошол үчүн аларга кызмат кылууга Алымбайды кошо берген (К.Каим.)

Мында "Тыныбек балдарына энчи бөлүштүргөндө" деген багыныңкы сүйлөм өзүнөн кийинки баш сүйлөмдүн мезгилин көрсөтүп турат; экинчи жагынан, ошол эле "Мамат менен келинчеги жаш болчу" деген баш сүйлөм өзүнөн кийинки "ошол үчүн аларга кызмат кылууга Алымбайды кошо берген" деген экинчи баш сүйлөмдүн себебин билдирип, себеп багыныңкы сүйлөмдүк функцияда дал турат.

2) Себеп багыныңкы + карама-каршы багыныңкы + баш сүйлөм — себеп багыныңкы + баш сүйлөм:

Өмүрбектин атасы дыйкан болгондуктан, күтүрөтүп мал айдабаса да, күрмөп жутар нан менен жарманы үйүнөн үзгөн эмес, ошол үчүн эч нерсеге кор болуп көрбөгөн (К.Ж.). Бул жерде "күрмөп жутар нан менен жарманы үйүнөн үзгөн эмес" деген сүйлөм өзүнүн алдындагы себеп жана карама-каршы багыныңкы сүйлөмдөр үчүн баш сүйлөм болуп эсептелет, ошол эле учурда өзүнөн кийинки "ошол үчүн эч нерсеге кор болуп көрбөгөн" деген экинчи баш сүйлөмдүн себебин көрсөтүп, себеп багыныңкы сүйлөмдүк функцияда да турат.

3) Карама-каршы багыныңкы + себеп багыныңкы + баш сүйлөм — себеп багыныңкы + баш сүйлөм:

Мезгил жетсе да, көк чыкпагандыктан, элдин үрөйү учту, ошон үчүн ар бир үй-бүлө табияттын кырсыгына баш ийбеске кам көрүштү (М.Эл.).

Мында "көк чыкпай, кургакчылык болгону турат" деген түшүнүктү билдирген биринчи баш сүйдөм, ушул эле учурда өзүнөн кийинки экинчи баш сүйлөмдүн себебин да билдирип турат.

Ар түрдүү түзүлүштөгү, ар түрдүү маанидеги багыныңкы сүйдөмдөрдүн өз ара байланышып, жайгашыш тартиби жана алардын баш сүйлөмгө карата болгон катышы жогоруда айтылгандар менен эле чектелип калбайт. Өзгөчө жазма сөздө айтылуучу ойдун мазмунуна, максатына карай алардын бир кыйла татаалдашкан, ар түрдүү варианттары кеңири жолугары байкалат.

АРАЛАШ ТАТААЛ СҮЙЛӨМ

Кишинин айтайын деген татаал ою дайыма бир нече жөнөкөй сүйлөмдүн өз ара тутумдашып айтылышы менен уюшулган бирдиктүү бир татаал конструкциясы аркылуу берилет. Андай татаал структурадагы сүйлөмдөр, жогоруда көрсөтүлгөндөй, бир өңчөй багыныңкы же ар түркүн багыныңкы сүйлөмдөрдүн катышуусу аркылуу түзүлүү менен бирге, көпчүлүк учурда багынычсыз татаал сүйлөм менен багынычтуу татаал сүйлөмдүн өзүнө ара байланышып айтылышы аркылуу да уюшулат. Мындай структурадагы татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр мааниси жана грамматикалык жактан өз ара тыгыз байланышып келип, бирдиктүү бир бүтүндүктү түзөт.

Аралаш татаал сүйлөмдөрдүн составындагы жөнөкөй сүйлөмдөр бири-бири менен кандайдыр бир өзгөчө тилдик каражаттар аркылуу байланышпайт. Багынычсыз жана багынычтуу татаал сүйлөмдөрдүн компоненттери кандай грамматикалык каражаттардын жардамы менен (сөз мүчөлөрү, жандоочтор, айрым башка кызматчы сөздөр, интонация, байламталар) байланышса, аралаш татаал сүйлөмдөрдүн компоненттери ошол эле грамматикалык каражаттар аркылуу байланышат. Ошондой эле багынычсыз жана багынычтуу татаал сүйлөмдөрдүн компоненттеринин ортосунда кандай маанилик катыш (тең маани, себеп, мезгил, шарт ж.б. маанилери) түзүлсө, аралаш татаал сүйлөмдөрдүн компонеттери да негизинен ошондой эле маанилик катышты билдирет.

Мисалы: Эдигей буураны нарыдан-бери чомдоп жиберди, ал ортодо Коспан да Эдигейдин тонун көтөрүп жетип келди, Эдигей тонун кийип, ноктолонгон, буйлаланган буурага шашып минди (Ч.А.).

Бул сүйлөмдөгү "Эдигей буураны нарыдан-бери чомдоп жиберди, ал ортодо Коспан да Эдигейдин тонун көтөрүп жетип келди" деген бөлүгү - багынычсыз татаал сүйлөм, "Эдигей тонун кийип, ноктолонгон, буйлаланган буурага шашып минди" деген бөлүгү сыпат (амал)

багыныңкылуу татаал сүйлөм. Бул жерде багынычсыз татаал сүйлөм менен, багынычтуу татаал сүйлөм бири-бири менен интонация аркылуу тең даражада байланышып келип, аралаш татаал сүйлөм уюшулган. Мунун тутумундагы биринчи багынычсыз татаал сүйлөмдүн компоненттери да өз ара интонация аркылуу тең даражада байланышып, удаалаш болгон кыймыл-аракетти билдирип турат; экинчи багынычтуу татаал сүйлөмдүн компонеттери чакчыл -ып формасы аркылуу байланышып, багыныңкы сүйлөмү өзүнөн кийинки баш сүйлөмдүн сыпатын (амалын) көрсөтүп турат.

Ушинтип, аралаш татаал сүйлөмдөрдүн компоненттери бири-бири менен тең байланышта жана багыныңкы байланышта тутумдашкандыктан, аларда багынычсыз татаал сүйлөмдүн да жана багыныңкы татаал сүйлөмдүн да белгилери болот.

Составындагы жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара тең жана багыныңкы байланышта тутумдашып, түзүлүшү жана маниси жактан бир бүтүн бирдикти түзүп турган сүйлөм аралаш татаал сүйлөм деп аталат.

Аралаш татаал сүйлөмдөр көбүнчө өз ара байланыштагы үч сүйлөмдөн түзүлөт.

I) Алардын биринчиси өзүнөн кийинки сүйлөм менен тең даражада байланышкан жөнөкөй сүйлөм болот да, экинчиси багынычтуу татаал сүйлөмдөн болот. Мисалы: Ошончолук чоң станцияга болгону беш балаты (ёлка) келиптир, Куттыбаев темир жол жергиликтүү комитети менен сүйлөшүп, бирөөнү акыры Борондуга бөлдүрүп келет (Ч.А.)

Мында "Ошончолук чоң станцияга болгону беш балаты келиптир" деген жөнөкөй сүйлөм өзүнөн кийинки сыпат (амал)багыныңкы сүйлөм менен тең даражада байланышып, аралаш татаал сүйлөм уюшулган.

Минтип, биринчи орундагы жөнөкөй сүйлөм менен тең даражада байланышкан багынычтуу татаал сүйлөм маанисине карай шарттуу

багыныңкылуу сүйлөм болушу мүмкүн:

Чатактын баары быякта,Каранарыңдан тезирээк куткарбасаң, биз камоодо калдык (Ч.А.).

—Ошондой эле, "жөнөкөй сүйлөм+ себеп багыныңкылуу татаал сүйлөм" түрүндө да уюшулат:

Жан чыдагыс катуу ооруга буура онтоп жиберди, коркунучтан ирмелбей акшыйган көзүнөн Эдигей өзүн көрүп алып, өз кебетесинен өзү чочуп кетти.(Ч.А.)

—"Жөнөкөй сүйлөм+сыпат багыныңкылуу татаал сүйлөм" түрүндө уюшулат: Абуталип ага тынчып калбады, балдардын баарын эшикке ээрчитип чыгып, кар киши жасай баштады (Ч.А.).

Ушундай эле, бул сыяктуу жөнөкөй сүйлөм менен тең укукта байланышкан багынычтуу татаал сүйлөмдөр башка маанини да (мезгил, карама-каршы ж.б.) билдириши мүмкүн .

Мындай структурадагы аралаш татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөм өзүнөн кийинки багынычтуу татаал сүйлөм менен багындырбас байламталар аркылуу да тутумдашат:

Эдигей ыргып сууга түштү да, кайыгын өгүзчө сүйрөп, кургак жээкке алып чыкты (Ч.А.)

2) Кээ бир аралаш татаал сүйлөмдөрдүн биринчи бөлүгү багынычтуу татаал сүйлөмдөн болот да, аны менен экинчи бир жөнөкөй сүйлөм тең укукта байланышып айтылат:

Аттар тойгондон кийин, арабакечтер арабаны чечип жиберишти, Кабылдан өзгөлөрү буйдалбай түн катып кайра кылдырашты (М.Э.).

Бул жерде "Аттар тойгондон кийин, арабакечтер арабаны чечип жиберишти" деген мезгил багыныңкылуу татаал сүйлөм өзүнөн кийинки жөнөкөй сүйлөм менен тең даражада байланышып айтылып, аралаш татаал сүйлөм түзүлгөн.

Мындай түзүлүштөгү аралаш татаал сүйлөмдүн биринчи бөлүгүн түзгөн багынычтуу татаал сүйлөм көбүнчө сыпат багыныңкылуу болуп, ага жөнөкөй сүйлөм тең укукта байланышып айтылат: Казангап аны бир карап, мыйыгынан күлүмсүрөп койду, кыязы, мындай сөздү күтпөсө керек (Ч.А.).

— Ошондой эле, себеп багыныңкылуу татаал сүйлөм + жөнөкөй сүйлөм" түрүндө уюшулат: Борондудагыдай болуп бул жерде да шарактаган поезддер өтүп, терезе калдырттап калат, кептешкен жерлеринде /терезенин/ шамал ышкырат (Ч.А.).

—"Мезгил багынычтуу татаал сүйлөм + жөнөкөй сүйлөм" түрүндө уюшулат:

Мындай кайгылуу кабар угулган соң, Шахабуддинов батальондо калган бардык адамдарды Масанчинге тапшырды, өзү штабга карай чү койду (К.Б.).

Айрым аралаш татаал сүйлөмдөрдүн биринчи бөлүгү багынычсыз да, багынычтуу да татаал сүйлөмдүн белгилери бар конструкциядан болуп, ага жөнөкөй сүйлөм тең даражада байланышып айтылып да, уюшулат: Дөбөлөрдүн күнгөй чекеси карайып, аң-жарлардын күнгөй кабактары ачылды, адыр-кырлар чаар ала боло баштады (Ч.А.). Ангыча арттагы трактор токтоп, озунуп Сабитжан ыргып түштү, артынан Эдилбай Куркут түштү (Ч.А.).

Аралаш татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы багынычтуу татаал сүйлөм менен андан кийин келген жөнөкөй сүйлөм өз ара багындырбас байламталар аркылуу да байланышып айтылат: Эл үркүп кеткенден кийин, жер ээн калат да, Түптүн бай-кулактары ал жерге келип чөп чаап, эгин эгишет (М.Э.). Кайра жүгүрүп лазеретке келсем, жарадарларым калыптыр, бирок докторум жок (К.Б.).

Аралаш татаал сүйлөмдөр кээде маани жактан өз ара тутумдашып айтылган төрт жөнөкөй сүйлөмдөн уюшулат.

Андай структурадагы аралаш татаал сүйлөмдөрдүн биринчи бөлүгү да, экинчи бөлүгү да ар түрдүү маанидеги багыныңтуу татаал сүйлөмдөрдөн болот да, ал эки бөлүгү өз ара интонация аркылуу тең даражада байланышып, натыйжада аралаш татаал сүйлөм уюшулат.

Мисалы: Абуталип ишин иштеп, иштен кийин балдары менен алек, алардан колу бошогондо, түнкүсүн терезенин түбүнө отуруп алып жазып жатат (Ч.А.).

Бул татаал сүйлөмдүн "Абуталип ишин иштеп, иштен кийин балдары менен алек" деген биринчи бөлүгү мезгил маанисиндеги багыныңтуу татаал сүйлөм, "алардан колу бошогондо, түнкүсүн терезенин түбүнө отуруп алып жазып жатат" деген экинчи бөлүгү да мезгил багыныңтуу татаал сүйлөм, ал эки бөлүгү бири-бири менен интонация аркылуу тең даражада байланышып, аралаш татаал сүйлөм уюшулган.

I) Мындай түзүлүштөгү аралаш татаал сүйлөмдөрдүн биринчи бөлүгү мезгил багыныңтуу татаал сүйлөмдөн, экинчи бөлүгү себеп багыныңтуу татаал сүйлөмдөн болот: Чилде түшкөндө, Боролдуу Каранар дагы кирди, бууралык жини күчөп, ал кутуруп баратты (Ч.А.).

2) Биринчи бөлүгү себеп багыныңтуу татаал сүйлөм, экинчи бөлүгү сыпат багыныңтуу татаал сүйлөмдөн болот:

Лампанын майы бөксөрүп, жалын кичирип келаткан экен, үй ичи күңүрт тартып, кандайдыр коркунуч тургансыйт (Т.С.).

3) Биринчи бөлүгү сыпат (амал) багыныңтуу татаал сүйлөм, экинчи бөлүгү шарттуу багыныңтуу татаал сүйлөмдөн болот:

Эдигей Абуталип менен Зарипанын мандайында отуруп, экөөн элжиреп тиктей берет да, эгер тагдыр эбелектей кубалабаса, экөө ушинтип эле жыргап жашай бере турган жуп деп ойлойт (Ч.А.).

4)Биринчи бөлүгү багындыргыч байламта аркылуу тутумдашкан себеп багыныктуу татаал сүйлөм, экинчи бөлүгү каршылагыч маанидеги багыныктуу татаал сүйлөмдөн болот:

Каранарда эки бууранын күчү бар, ошол үчүн ал эчтемеден тайманбайт, жолунан эмне жолукса да, талкалап тепсеп кете берет (Ч.А.)

5) Биринчи бөлүгү мезгил багыныктуу татаал сүйлөм, экинчи бөлүгү шарттуу багыныңкылуу татаал сүйлөм болот:

Чоң жылгадан чыга берсем, талаа бетин дүңгүрөтүп бир балээ келатат, карай салсам - Каранар (Ч.А.).

6) Биринчи бөлүгү багыныктуу сүйлөмдүн да, багынычсыз сүйлөмдүн да белгиси бар татаал сүйлөм, экинчи бөлүгү шарттуу багыныңкылуу татаал сүйлөмдөн болот:

Делебеси толкуп, каны дүүлүктү, эгер ушул адамдардын айрыкча туяр туюму болсо, Раймалы ага азыр бүркүт болуп талпынып канат кагып калганын көрүшмөк (Ч.А.).

7) Биринчи бөлүгү шарттуу багыныктуу татаал сүйлөм, экинчи бөлүгү тең байланыштагы татаал сүйлөмдөн болот:

Айбанда акыл жок десе, баарыңар ишенесиңер, бирок ботосу үчүн ингендин жүрөгү назик, ал өтө жашык болот (А.Т.).

Мында аралаш татаал сүйлөмдүн биринчи бөлүгү менен экинчи бөлүгү "бирок" байламтасы аркылуу тутумдашкан.

Минтип, төрт жөнөкөй сүйлөмдөн түзүлгөн бир катар аралаш татаал сүйлөмдөр жогоруда көрсөтүлгөндөрдөн башкача структурада (түзүлүштө) да кеңири жолугат:

I) Аралаш татаал сүйлөмдүн биринчи бөлүгү составында эки багыныңкы сүйлөмү бар татаал сүйлөмдөн болот да, андан кийин аны менен тең даражада байланышкан жөнөкөй сүйлөм келет: Жайкы жан кейиткен ысыкта Зарипанын чачы оңуп, эриндери чарт-чарт жарылып кеберсип, өзү күйгөн чычаладай болуп жүрдү эле, эми ал Зарипа жок (Ч.А.)_

2) Биринчи бөлүгү багыныңкы сүйлөм, андан кийинки баш сүйлөмү багынычтуу татаал сүйлөмдөн болот да, ага тең байланыштагы жөнөкөй сүйлөм тутумдашып айтылат:

Биринчи империалисттик согуш башталганда, Масанчин армияга чакырылып, Ташкентке келет да, ал жерде ополченисттердин дружинасына алынат (К.Б.).

3) Аралаш татаал сүйлөмдүн биринчи бөлүгү жөнөкөй сүйлөм болот да, экинчи бөлүгү бир өңчөй шарттуу багыныңкылуу татаал сүйлөм болот: Апасы да ошону каалап калыптыр, мен атасы болсом, экөөнүн каалоосун аткарбасам, менин аталыгым кайсы (Ч.А.).

4) "Жөнөкөй сүйлөм + багынычтуу татаал сүйлөм+ жөнөкөй сүйлөм" түрүндө да уюшулат. Мында биринчи жөнөкөй сүйлөм өзүнөн кийинки татаал баш сүйлөм менен тең даражада же багыныңкы байланышта тутумдашат: Балдар болсо тегерегинде жардамдашкан болуп кошо жүрүшөт, төө бурк этип койсо, этек алдына корголой качышат, кайрадан жардамдашуу менен алек болушат (Ч.А.).

Бетине жуккан топурак-чаңды көз жашы жууп ылайлап, Борондуу Эдигей казанактан чыгып, чункурдун түбүндө өөдө болду эле, кырда тургандар кол сунуп тартып алышты (Ч.А.).

5)Багыныңкы сүйлөмдөн кийин үч жөнөкөй сүйлөмдөн турган баш сүйлөмдүн тутумдашып айтылышы аркылуу да аралаш татаал сүйлөм уюшулат. Баш сүйлөмдүн тутумундагы үч жөнөкөй сүйлөм бири-бири менен багыныңкы байланышта жана тең даражада байланышып айтылат:

Эртеси көчтүн алды белге чыга бергенде, күн бүркөлүп, туман түштү, борошолоп кар жаады (К.Б.).

Бир катар аралаш татаал сүйлөмдөр маани жактан жана грамматикалык жактан өз ара тутумдашып айтылган 5 жөнөкөй сүйлөмдөн уюшулат. Ал жөнөкөй сөйлөмдөр бири-бири менен негизинен төмөнкүдөй

жолдор менен байланышып, төмөнкүдөй тартипте жайгашары байкалат:

I) "Багыныктуу татаал сүйлөм + багыныктуу татаал сүйлөм ± жөнөкөй сүйлөм".

Мындай түзүлүштөгү аралаш татаал сүйлөмдүн тутумундагы ар бир багыныктуу татаал сүйлөмдүн компоненттери өз ара тиешелүү грамматикалык каражаттар аркылуу багыныңкы байланышта тутумдашат да, ал эми багыныктуу татаал сүйлөмдөрдүн өзү бири-бири менен жана эң акыркы жөнөкөй сүйлөм менен тең даражада байланышып, аралаш татаал сүйлөм түзүлөт:

Мен интернатка барып, баланы көрдүм да, анан Бүкөй самын ала кел дегенин эстеп, вокзалдагы дүкөнчөгө кайрылып калдым, эшиктен кирип баратып, станчанын начендиги Чернов экөөбүз сүзүшүп калдык (Ч.А.).

Мында "Мен интернатка барып, баланы көрдүм" деген биринчи сыпат (амал) багыныктуу татаал сүйлөм, "анан Бөкөй самын ала кел дегенин эстеп, вокзалдагы дүкөнчөгө кайрылып калдым" деген экинчи себеп багыныктуу татаал сүйлөм, бул экөө бири-бири менен жана эң акыркы "эшиктен кирип баратып, станчанын начендиги Чернов экөөбүз сүзүшүп калдык" ("эшиктен кирип баратып" -чакчыл түрмөк) деген жөнөкөй сүйлөм менен тең даражада байланышкан.

2) Багыныңкы сүйлөмү да багыныктуу татаал сүйлөмдөн болуп, андан кийинки баш сүйлөмү да багыныктуу татаал сүйлөмдөн болот да, ага акыркы жөнөкөй сүйлөм тең даражада байланышып айтылат:

Асман чаңыттап, ала бүркөк турганы менен, аба мемиреп, түндөгү сыдырым жок, суук күндөгүдөн бир аз кайта түшүптүр (Т.С.).

Бул жерде "Асман чаңыттап, ала бүркөк турганы менен" деген карама-каршы татаал багыныңкы сүйлөм, "аба мемиреп, түндөгү сыдырым жок"— татаал баш сүйлөм, мындан кийин аны менен "суук күндөгүндөн бир аз кайта түшүптүр" деген жөнөкөй сүйлөм тең даражада байланышып

айтылып, ошол өзүнүн алдындагы сүйлөмдүн маанисин толуктап, тактап турат.

3) "Жөнөкөй сүйлөм + багыныктуу татаал сүйлөм + багыныктуу татаал сүйлөм" түрүндө уюшулат:

Эки наймандын бири жебе тийген жерде оңкосунан сайылып түштү, экинчиси жарадар болуп, кайра качты да, өз тобуна эптеп жетип, ошерде кулады (Ч.А.).

Мында биринчи жөнөкөй сүйлөм кийинки татаал сүйлөм менен тең даражада байланышкан, "экинчиси жарадар болуп, кайра качты" деген багыныктуу татаал сүйлөм өзүнөн кийинки экинчи багыныктуу татаал сүйлөм менен "да" байламтасы аркылуу тең даражада байланышкан; ал эми татаал сүйлөмдүн өз компоненттери бири-бири менен багыныңкы байланышта тутумдашып, натыйжада аралаш татаал сүйлөм уюшулган.

4) Аралаш татаал сүйлөм "Багыныңкы сүйлөм + багыныктуу татаал сүйлөм түрүндө уюшулуп, анын баш сүйлөмүнүн өзү бир нече жөнөкөй сүйлөмдөн болушу мүмкүн".

Алда бирөөлөр тарабынан эл арасына тараган жаман айың гана бир аз чочутканы болбосо, ушул тоо арасына Совет бийлиги келгенден бери, карапайым кишилер ачык-айрым, бейпил; алдым-жуттум жок, зордук-зомбулук күчтөн тайып калган (Т.С.).

Мында "Алда бирөөлөр тарабынан эл арасына тараган жаман айың гана бир аз чочутканы болбосо" деген карама-каршы багыныңкы сүйлөм, ал өзүнөн кийинки бүткүл багыныктуу татаал сүйлөмгө карай кайчылаш маани берип турат; ал эми "ушул тоо арасына Совет бийлиги келгенден бери" деген багыныңкы сүйлөм кийинки баш сүйлөм билдирген абалдын мезгилин көрсөтүп турат, ал баш сүйлөмдүн өзү үч жөнөкөй сүйлөмдөн түзүлүп, бири-бири менен тең даражада байла-

нышкан.

5)"Багыныҥтуу татаал сүйлөм + багыныҥтуу татаал сүйлөм + жөнөкөй сүйлөм" түрүндө уюшулат:

Мурдагы күнү бир айры куйрук бийик учуп жүрүп, серендеген бөжөктү көрдү да, куушурулуп түшүп илип кетерде, бөжөк тосмонун алдына кире качып, айры куйрук өзү тикендүү зымга капталып кала жаздады (Ч.А.).

Бул жерде биринчи орундагы сыпат (амал) багыныҥтуу татаал сүйлөм өзүнөн кийинки мезгил багыныҥтуу татаал сүйлөм менен "да" байламтасы аркылуу тең даражада байланышкан. Ал эми ошол эле мезгил багыныҥтуу татаал сүйлөмдүн "бөжөк тосмонун алдына кире качып" деген баш сүйлөмү ошол эле учурда өзүнөн кийинки жөнөкөй сүйлөм менен чакчыл -ып формасы аркылуу ("кире качып") байланышып, ал акыркы сүйлөмгө карата себеп багыныҥкы сүйлөмдүн милдетин аткарып турат.

6) Аралаш татаал сүйлөм мындан тышкары "Багыныҥтуу татаал сүйлөм + татаал баш сүйлөм + жөнөкөй сүйлөм" түрүндө да уюшулат:

Сайроочу куштар өз ырына өздөрү өтө кумар келишип, айлананы шаҥга бөлөөнү эңсешет, ошон үчүн бир жерге узакка олтуруудан талыкпайт жана жаагы талбай атайын безенишет, булбул менен торгой дал ушундай (К.К.).

Бул жерде биринчиси - себеп багыныҥтуу татаал сүйлөм, бирок мунун "айлананы шаҥга бөлөөнү эңсешет" деген баш сүйлөмү, экинчи жагынан, өзүнөн кийинки татаал сүйлөм менен "ошон үчүн" деген багындыргыч байламта аркылуу тутумдашып, ага карата себеп багыныҥкы сүйлөмдүк функцияны да аткарып турат; демек, " ошон үчүн бир жерге узакка олтуруудан талыкпайт жана жаагы талбай атайын безенишет" деген багыныҥсыз татаал сүйлөм өзүнүн алдындагы "айлананы шаҥга бөлөөнү эңсешет" деген себеп багыныҥкы сүйлөмдүн

баш сүйлөмү болуп эсептелет; бул татаал баш сүйлөм менен эң акыркы "булбул менен торгой дал ушундай" деген жөнөкөй сүйлөм тең даражада байланышып айтылып, өзүнөн мурунку сүйлөмдүн маанисин тактап, аныктап турат.

Айтылуучу ойдун татаалдыгына карай аралаш татаал сүйлөмдөр да ар түрдүү жолдор менен татаалдашып айтыла берет.

Ушундан улам 7-8 жөнөкөй сүйлөмдүн өз ара тутумдашып айтылышы аркылуу уюшулган аралаш татаал сүйлөмдөр да жолугат.

Мисалы: Душман жеңилип, согуш аяктаганда, алдастаган дүйнө тымтырс боло түштү да, мурда согуштун кызуусу менен анча байкалбаган нерселер ошондо, элдин жүрөгүн бир сыйра кансыратып алды, анткени жеңиш олжо алып келген жок, ал майрам болуп да келген жок, ал бизге согуштан аман калган жоокерлердин сүрдүү кейпинде нечен жолдор басып, таманы жешилген солдат өтүгүн кийип келди (Ч.А.).

Бул аралаш татаал сүйлөм 7 жөнөкөй сүйлөмдөн түзүлгөн. Мында "Душман жеңилип, согуш аяктаганда" деген - татаал мезгил багыныңкы сүйлөм, андан кийинки баш сүйлөмү да багынычсыз татаал сүйлөм ("анткени" байламтасына чейин), ал баш сүйлөм менен 3 жөнөкөй сүйлөм " анткени" деген байламта аркылуу тутумдашып, анын себебин билдирип турат.

Тумагы башынан учуп, күрткүгө башы барып киргенде, бирде муздак кар уруп, ичи-койнуна кар кирип, карысына да шапалагы оролуп, же турар чактысы жок, же белбоосунан буураның боосун бошотор чамасы жок, оңкобаш атып кете берди /Эдигей/ (Ч.А.).

Бул аралаш татаал сүйлөм 8 жөнөкөй сүйлөмдүн өз ара тутумдашып айтылышы аркылуу уюшулган. Мында "Тумагы башынан учуп, күрткүгө башып барып киргенде" деген — багынычтуу татаал мезгил багыныңкы сүйлөм; андан кийинки татаал баш сүйлөмдүн тутумунда өз ара багыныңкы жана тең даражада байланышкан 6 жөнөкөй сүйлөм бар.

Бир нерсе тууралуу жазуу түрүндө же оозеки түрдө баяндама берип жатканда, өз сөзүбүзгө башка бирөөнүн сөзүн да катыштырып айтууга туура келет.

Мындай конструкциянын ичиндеги өзүбүздүн сөзүбүз төл сөз деп, башка бирөөнүн сөзү бөтөн сөз деп аталат. Адатта, көркөм адабий чыгармалардагы кейипкерлердин (персонаждардын) сөзү жана илимий, публицистикалык чыгармалармалардагы башка авторлордун эмгектеринен келтирилген цитаталар бөтөн сөзгө кирет.

Мисалы: Анан Чернов айтты: "Жолукканың ырас болбодубу, жүр менин кабинетиме, силерге кат бар, разъездге ала кет", -деди. (Ч.А.)

Мындагы автордун өз сөзү - Анан Чернов айтты; деди. Бул — төл сөз. Башка бирөөнүн (кейипкердин) сөзү — "Жолукканың ырас болбодубу, жүр менин кабинетиме, силерге кат бар, разъездге ала кет". Бул - бөтөн сөз.

Төл сөздүн ичинде бөтөн сөздү колдонууда көэде анын мазмуну гана эмес, сырткы формасы: лексикалык составы, грамматикалык курулушу да өзгөрүлбөй, так берилсе, көэде жалпы мазмуну гана сакталып, лексикалык составы, грамматикалык түзүлүшү айрым өзгөрүүлөргө дуушар болот. Бөтөн сөз колдонулушундагы ушул өзгөчөлүктөрүнө карай тике сөз жана кыйыр сөз болуп бөлүнөт.

Башка бирөөнүн сөзүнүн мазмуну да, лексикалык, грамматикалык өзгөчөлүгү да өзгөртүлбөй, так сакталып берилсе, тике сөз деп аталат. Тике сөз дайыма кейипкердин (персонаждын) өзү тарабынан айтылат).

Мисалы: "Таза балээ эми болот турбайбы" -деп, Эдигейдин эси эңгирей баштады. (Ч.А.).

—Балдарга деңиз тууралу айта жүр! - деп шыбырады Абуталип (Ч.А

Мындагы "Таза балээ эми болот турбайбы", "Балдарга деңиз туу-

ралу айта жүр" дегендер — тике сөз. Булардын мааниси, лексикалык составы, грамматикалык түзүлүшү өзгөртүлбөй, алар кейипкерлер (Эдигей, Абуталип) тарабынан кандай мааниде, кандай формада айтылса, ошол боюнча толук сакталып берилген.

КЫЙЫР СӨЗ

Башка бирөөнүн сөзү лексикалык составы, синтаксистик түзүлүшү жагынан айрым өзгөртүүлөргө учурап, жалпы мазмуну гана берилсе, кыйыр сөз деп аталат.

Кыйыр сөздө кейипкердин ою анын өзү тарабынан айтылбастан, автордун атынан берилет.

Мисалы: Садык акем анда госпиталда. Куда кааласа күз ортосуна карай бошоп келермин дептир (Ч.А.).

Мында Садыктын катта жазган сөзүнүн мазмуну гана берилип, синтаксистик түзүлүшү так сакталган эмес. Экинчиден, бул кыйыр сөздөгү ой кейипкердин (Садыктын) өзү тарабынан айтылбастан, автордун атынан берилип жатат. Эгерде бул сүйлөмдүн синтаксистик курулушун так берүү керек болсо, төмөнкүдөй болмокчу:

Садык акем катында: "Куда кааласа, күз ортосуна карай бошоп келермин",- дептир.

Кыйыр сөздүн түзүлүш өзгөчөлүгүн өзгөртүүгө дуушар боло турган тике сөздүү сүйлөмдүн структурасы менен салыштырып караганда ачык байкоого болот. Тике сөздүү сүйлөмдү кыйыр сөзгө айландырганда анын синтаксистик структурасы олуттуу өзгөрүүгө учурайт: тике сөздүн кимге тиешелүү экендигин билдирип турган автордун сөзү кыйыр сөздө ээ, баяндооч катары келет, ал эми тике сөздүн мазмунун берип турган сөз тизмеги кыйыр сөздүн ортосуна (анын ээ менен баяндоочунун арасына) жайгашып, объектилик маа-

нини билдирет. Кыйыр сөздүн баяндоочу көбүнчө сүйлөө, ойлоо маанисин билдирүүчү деди, дешти, деген, деп айтты, сурады, ойлоду ж.б. деген сыяктуу этиштерден болот. Эгерде тике сөз менен төл сөз бири-биринен кыска тыным аркылуу ачык бөлүнүп айтылса, кыйыр сөздө тике сөзгө мүнөздүү болгон андай интонациялык өзгөчөлүк сакталбайт. Экинчи жагынан, жогоруда белгиленгендей, тике сөз кейипкердин өзү тарабынан айтылса, кыйыр сөздөгү ой автордун атынан берилет.

Салыштырыңыз:

Тике сөз	Кыйыр сөз
-Ой, түш де аны аттан, үйгө кирсин! -деди үй ээси(Ч.А.).	Үй ээси аны аттан түшүп үйгө кирсин деди.
Үрпөйгөн Эдигей баса айтты: -Мен эчтемеге кол койбойм! (Ч.А.)	Эдигей мен эчтемеге кол койбойм деп баса айтты.
-Мага Чабдар көбүрөөк жагат,- деди Султанмурат атасына (Ч.А.).	Султанмурат атасына мага чабдар ат көбүрөөк жагат деди.

Мында биринчи тике сөздүү сүйлөмдөгү "деди, үй ээси" деген автордун сөзү (төл сөз) кийинки кыйыр сөздө баш мүчө катары келди; ал эми "-Ой түш де аны аттан, үйгө кирсин!" деген тике сөздүн маанисин берип турган кыйыр сөздөгү "аны аттан түшүп, үйгө кирсин" деген сөз тизмеги кыйыр сөздүн "деди" деген баяндоочуна карай объектилик катышты билдирип турат. Ошондой эле, тике сөздүү сүйлөмдө тике сөз менен төл сөздүн чеги кыска тыным аркылуу ачык жиктелип турса, кийинки кыйыр сөздө андай интонациялык өзгөчөлүк жок. Тике сөз кейипкердин өзү тарабынан айтылса, кыйыр сөз автордун атынан айтылып жатат. Кийинки тике сөздүү

сүйлөмдөрдү кыйыр сөзгө айландырууда да алар ушул сыяктуу өзгөрүүлөргө учураган.

Тике сөздүн тутумунда каратма сөз болсо, андай тике сөздү кыйыр сөзгө айландырууда каратма сөз көбүнчө барыш жөндөмөдө айтылып, толуктоочтук милдетти аткарып калат.

Салыштыр: Кезек күтүп тургандар: "Карыя, майдаңызды тез бериңиз!" -дешти (Т.С.).—Кезек күтүп тургандар карыяга майдаңызды тезирээк бериңиз дешти.

Тике сөз илептүү сүйлөм болсо, аны кыйыр сөзгө өзгөртүү/да адатта, анын эмоционалдык мааниси жоюлуп, илептүү сүйлөм жай сүйлөм менен алмаштырылат. Эгерде мындай маанидеги тике сөздүн составында сырдык сөз болсо, ал кыйыр сөздө түшүрүлүп айтылат.

Мисалы: —Баракелде, тапкан тура акылды!- деп, Чаргын ачуулана кетти (Т.С.).—Чаргын тапкан тура акылды деп ачуулана кетти.

—Бали! Тартынбай сүйлөп жатат! -деп, Ыманбай ага ыраазы болуп отурду (Т.С.).—Ыманбай ага тартынбай сүйлөп жатат деп ыраазы болуп отурду.

Тике сөз суроолуу сүйлөм болсо, аны кыйыр сөз менен алмаштырууда суроо тикеден -тике коюлбастан, ал суроолуу сүйлөмдө суралган ой тууралуу жайынча гана баяндама берилет жана анда суроолуу сүйлөмгө мүнөздүү болгон суроо интонациясы болбойт.

Салыштыр: Баягы доктур жигит көргөн сайын сурап калат: "-Кандай апа, уулуң чоңоюп жатабы?" -дейт (Ч.А.)—Баягы доктур жигит көргөн сайын уулуң чоңоюп жатабы деп сурап калат.

—Данике, сайдагы аттар сеникиби? -дедим (Ч.А.)

—Даниярдан сайдагы аттар сеникиби деп сурадым.

Айрым учурларда суроо маанисиндеги тике сөздү кыйыр сөзгө өзгөртүү суроолуу интонацияны баяндоо интонациясы менен алмаштырып айтуу аркылуу жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

Мисалы: Райондон келген киши: —Библиотекаңарда канча китеп бар? -деди. — Райондон келген киши библиотекаңарда канча китеп бар деп сурады. Ал: —Окууңду качан бүтөсүң? -деди. —Ал окууңду качан бүтөсүң деди.

Бул келтирилген мисалдарда суроолуу тике сөз катышкан сүйлөм менен кыйыр сөз түзүлүшү жагынан негизинен бирдей экендиги көрүнүп турат. Бул жерде төл сөз менен тике сөздүн ортосундагы кыска тынымды жана тике сөздөгү суроо интонациясын өзгөртүп айтуу менен тике сөздүн негизинде кыйыр сөз уюшулган.

Бардык эле тике сөздү кыйыр сөзгө эркин өзгөртүп айта берүүгө болбойт. Өзгөчө тике сөз бир нече сүйлөмдүн өз ара тутумдашып айтылышынан уюшулуп, структурасы жагынан татаал, берген мааниси ар түрдүү болсо, аны кыйыр сөзгө өзгөртүп айтуу ошончолук кыйын болот.

Мисалы: Мен бул кишинин жөнөкөйлүгүнө, адамкерчилигине ичим жылып, бир күнү жашырбай эле өзүнө айттым: -Эже, айыл жакка барып, эл-журт менен жолугушуп келсеңиз кантер эле? Сизди сыртыңыздан баары эле билип сыймыктанышат экен, бирок көпчүлүгү тааныбайт. Атактуу окумуштуу кызыбыз айылын теңине албай чанып жүрөбү деген сөздөр бар (Ч.А.).

Бул тике сөздү кыйыр сөзгө өзгөртүп айтуу чыны менен эле кыйын, мүмкүн да эмес.

ТИКЕ СӨЗ

Тике сөз оозеки речте да, жазуу сөзүндө да учурайт, өзгөчө көркөм адабий чыгармаларда өтө активдүү колдонулат.

Тике сөздүн мүнөздүү белгилери: I) башка бирөөнүн сөзүнүн мазмуну, лексикалык, грамматикалык өзгөчөлүгү өзгөртүлбөй, так сакталып берилет; 2) дайыма кейипкердин өзү тарабынан айтылат; 3) тике сөз ар убакта төл сөздүн (автордун сөзүнүн) коштоосу менен

айтылат. Төл сөздүн (автордун сөзүнүн) милдети: айтылып жаткан сүйлөмдүн составында башка бирөөнүн да сөзү бар экендигин белгилөө жана ал сөз ким тарабынан айтылгандыгын, кимге арналгандыгын көрсөтүү; ошондой эле тике сөздүн кандай кырдаалда, кандай мүнөздө айтылгандыгын билдирүү болуп эсептелет.

Мисалы: Карып кызды кайра өзүнө тартып:

—Качан келейин? -деди , көзүн күлүндөтө сүйлөп (М.Аб.).

Мындагы "Карып кызды кайра өзүнө тартып, деди" "көзүн күлүндөтө сүйлөп" деген төл сөз "Качан келейин" деген тике сөз ким тарабынан (Карып) айтылгандыгын, кимге (кызга) багытталгандыгын жана ал тике сөз кандай шартта, кандай мүнөздө айтылгандыгын көрсөтүп турат.

Тике сөз менен төл сөз экөө биригип келип, составына бөтөн сөз катышып айтылган татаал сүйлөмдүн өзгөчө бир түрүн уюштурат. Мындай структурадагы татаал сүйлөмдөр ар бири өз алдынча турган эки бөлүктүн (тике сөз менен төл сөздүн) бири-бири менен мааниси боюнча жана интонациялык жактан байланышып айтылышы аркылуу уюшулат.

Мисалы: Алиман сөздүн алдын ала айтты: "Эртең колхоздон кол бошобойт, эне, жууп алгын, чачынды тарап берейин" (Ч.А.).

Мында төл сөз менен тике сөз, биринчиден, маани жагынан өз ара байланыштуу: тике сөз төл сөздүн мазмунун чечмелеп, Алиман эмне деп айтканын тактап көрсөтүп турат; экинчиден, ал экөө бири-бири менен интонациянын жардамы менен байланышып татаал сүйлөм уюшулган.

Ушуну менен бирге, тике сөз менен төл сөз бири-бири менен ар түрдүү формада (деп, дейт, деди, деген ж.б.) колдонулуучу "де" жардамчы этиши аркылуу да активдүү тутумдашып айтылат.

Мисалы: —Тиги да күндүзү жумушта болот, - деди Эдигей (Ч.А.). В.И.Ленин: "Тил адам баласынын өз ара катнашынын маанилүү куралы болуп саналат", -деген.

-Катыңардын каары катуу экен, кантип келбей коёсуң -деп, Эдигей күлдү (Ч.А.).

Минтип тике сөз менен төл сөздүн тутумдашып айтылышы аркылуу уюшулган татаал сүйлөмдөрдө, адатта, төл сөз баш сүйлөмдүн функциясын, тике сөз багыныңкы сүйлөмдүн функциясын аткарат.

Мисалы: „—Ырдай турган кишини тапкан экенсиң!“ - деп, күлүп койдум мен (Ч.А.).

Бул татаал сүйлөмдүн тутумундагы тике сөз менен төл сөздү маанилик катышына карай талдасак: "Күлүп койдум мен" деген— баш сүйлөм; ал эми "Ырдай турган кишини тапкан экенсиң!" -деп“ деген тике сөз "кантип? (күлүп койду) деген суроого жооп берип, сыпат (амал) багыныңкы сүйлөмдүк функцияда турат.

"Эмне айтар экен?" -дегенсип, Самтыр ээрчий басты (Т.С.).

Мында "Самтыр ээрчий басты"—баш сүйлөм; "Эмне айтар экен?"-дегенсип"— тике сөз. →

"(Самтыр) эмне үчүн? (ээрчий басты)"деген суроого жооп берип, себеп багыныңкы сүйлөмдүк функцияда турат.

Эгерде баш сүйлөмдүк функцияда турган төл сөздүн баяндоочу айтуу, сүйлөө маанисиндеги өтмө этиштен (мис., "айткан") болсо, ал өзүнүн алды жагында эмне жөнүндө айтылгандыкты билдирүүчү обьектинин турушун талап кылат. Мындай обьектилик маани тике сөз аркылуу да берилиши мүмкүн. Мындай учурда тике сөз толуктооч багыныңкы сүйлөмдүн маанисинде колдонулат.

Мисалы: "Жаш жазуучулар адабият тарыхын жакшы билүү керек" - деп, Максим Горький айткан.

Бул татаал сүйлөмдө "Максим Горький айткан" - баш сүйлөм, баяндоочунун милдетин "айткан" деген өтмө этиш аткарып турат. Ушуга байланыштуу "Жаш жазуучулар адабият тарыхын жакшы билүү керек"- деп" деген тике сөз"(Горький) эмнени айткан?" деген суроого жооп берип, сүйлөө процесси багытталган обьектини көрсөтүп, толуктооч багыныңкы сүйлөмдүк маанини берип турат.

Эгерде тике сөз төл сөз менен "деген" жардамчы этиши аркылуу тутумдашып айтылып, өзүнөн кийинки заттын кандайдыр бир белгисин көрсөтүп турса, тике сөз ошол "деген" жардамчы этиши менен бирдикте туруп, жайылма аныктоочтук функцияда келет. Мисалы: Аңгыча; —Туугандар, үйгө киргиле! - деген өтүнүч угулду.

Мында "Туугандар, үйгө киргиле! -деген" тике сөз "кандай (өтүнүч угулду?) деген суроого жооп берип, жайылма аныктоочтук милдетти аткарып турат.

Эгерде төл сөз менен тике сөз бири-бири менен интонация аркылуу тутумдашса, анда алар багынычсыз татаал сүйлөмдүк маанide колдонулат: Ал бир убакта жардамчысына катуу буюрду: "Эмне карап турасың жүргүз моторду!".

Адатта: I) башка бирөөнүн сөзү тике сөз катары берилет; 2) бирөөнүн айтылбаган ою тике сөз катары берилет;, 3) сүйлөөчүнүн өз сөзү да тике сөз формасында берилиши мүмкүн.

Мисалы: а) Энелер Жамийланын мунусун кеп кылышып, анан кайра: "Бала да, бара-бара салмак тартар" - деп коюшчу (Ч.А.).

б) „Үй ээси ушу болсо керек", -деп ойлоду Атай (К.К.).

в) —Жүр, жеңе, үйгө кетели, -дедим мен (Ч.А.)

Тике сөз түзүлүшү жагынан ар түрдүү формада жолугат: ал жөнөкөй сүйлөмдөн, татаал сүйлөмдөн түзүлөт, ал гана эмес бир сөздөн, жалаң сырдык сөздөн да болушу мүмкүн.

Мисалы: а) Касым аттан түшөр замат: "Силер станцияга узатабыз деп убара болбогула, ата",-деди (Ч.А.).

б) "Ко-ош, ал жөнүндө талаш жок, бирок Каныбектин өзүн иштетип алууну ойлобо" -деди да, Түлкүбек жантая кетти (К.Ж.).

в)-Ташта! Ташта капты! - деп кыйкырып жиберди Жамийла.

-Ташта! - деп, башкалар да кыйкырышты

г) -Ий,бетим! - деп, Зуура тескери бурулуп кетти ("К.М.").

Тике сөз менен бирге айтылган төл сөз да түзүлүшү жагынан түрдүүчө болот: көбүнчө эки составдуу жөнөкөй сүйлөм түрүндө, кээде татаал сүйлөм түрүндө кездешет.

Мисалы: а) Алиман андан: "Бул эмне болгон эшелон?" -деп шыбырап сурады (Ч.А.).

Бригадир: -Сугатты качан бүтөсүңөр? -деди.

Кээде төл сөздүн грамматикалык ээси, стилдик максатка ылайык, айтылбай да калат, бирок анын кайсы сөз экендиги баяндоочунун аягындагы жак мүчөдөн белгилүү болуп турат, же ээсинин кайсы сөз экендиги алдыңкы сүйлөмдөрдө айтылган болот.

Мисалы: "Капырай, ушунун баарын ал кайдан үйрөндү, кайдан укту экен?" -деп ойлоно берем (Ч.А.).

-"Карыя, кайгырбаңыз, балаңыз үчүн биз душмандан өч алабыз",-деди (К.Б.).

б) -Анчейин эле, иним, -деп, Алтынай Сулайманова эки-үч кайтара саатын карап коюп, башка эчтеке айткан жок (Ч.А.).

Төл сөздүн тутумуна чаңыл түрмөктөр да көбүрөөк кошулуп айтылат:

Анан ал бери кылчайды да, ойлоно калып: -Азыр үйүндө болосуңбу? -деди (Ч.А.).

Жазуу речинде тике сөзгө эки түрдүү тыныш белгиси коюлат: Эгерде тике сөз автордук баяндаманын ичинде берилсе, тырмакчага алынып жазылат:

Апам: "Эң тарткан азапты эл менен кошо тарт" -деп, келинин кайраттандырмакчы болуп жемелеп коет (Ч.А.)

Эгерде тике сөз, өзгөчө көркөм адабий чыгармаларда, диалогдун бир бөлүгү катары колдонулса, анда ал тырмакчага алынбай, жол башынан сызыкча коюлуп жазылат:

Аскар бир тынымча унчукпай калып сурап койду:

—Азыр сиздин оозуңуздан колхоздун бүгүнкү абалын укkум келет (Т.С.).

Тике сөз өзү менен бирге айтылган төл сөздүн ар түрдүү жеринен орун алышы мүмкүн, ошого байланыштуу буларда тыныч белгиси да түрдүүчө коюлат.

Тике сөз менен төл сөздүн жазылышына байланыштуу берилген төмөнкү мисалдарда айрым тике сөз автордун баяндамасынын ичинде берилсе, айрымдары диалогдун бир бөлүгү катары берилген. Ошого байланыштуу кээ бир тике сөз, жалпы эреже боюнча, тырмакчага алынып жазылса, кээ бири жол башынан сызыкча коюлуп жазылган.

I. Төл сөз мурда, тике сөз андан кийин келсе, төл сөздөн кийин кош чекит (:) коюлат да, тике сөз баш тамга менен башталып жазылат:

Алар мындай деп шыбырашкандай болду: "Азыр күмүш, алтын буюмдарды аябай көп жасап, пайдага тунуп калды..."

Ал бир аздан кийин сөзүн кайра улантты:

—Илээлетип жетелеп отуруп араң апкелдим (М.Аб.).

2. Тике сөз мурда, төл сөз андан кийин келсе, тике сөздүн аягына коюлуучу чекиттин ордуна үтүр коюлат, же болбосо тике сөздүн маанисине карай суроо, же илеп белгиси, же көп чекит коюлат. Анан бул белгилерден кийин сызыкча (-) коюлуп, төл сөз кичине тамга менен башталып жазылат.

Мисалы: "Каранардын ушуякка келип калганы жакшы болгон экен",

–дейт Эдигей ичинен (Ч.А.).

–Тобо, түн ичинде эмне кылып жүргөн немелер? – деди шофердун жанында отурган тумакчан жигит (Ч.А.).

–Кана, калайыктан бата алалы! –деп заңк этти мааракe башы аксакал чабендестерге (Ч.А.). "Эл көрүп, каада көрүп калган экен... – деди Абдылдабек, ичи жылып (Т.Кас.).

Минтип, тике сөз мурун келип, андан кийин төл сөз айтылганда, кээде ал экөө "де" жардамчы этиши менен байланышпай, интонация аркылуу, биринен кийин экинчи удаалаш айтылып байланышат. Мындай учурда тике сөздүн аягына тиешелүү тыныш белгиси (чекит, суроо, илеп) коюлат да, андан кийин сызыкча коюлуп, төл сөз баш тамга менен башталып жазылат:

–Куру кол эмесмин. Мына менин куралым. –Эдигей куржундан сабына оролгон шапалагын алып чыкты (Ч.А.).

–Бая күнү эле ушинтпей! –Атай сууп калган чайын жутту (К.К.).

3. Төл сөздүн ортосуна тике сөз келсе, төл сөздүн биринчи бөлүгүнөн кийин кош чекит коюлуп, тике сөз баш тамга менен башталып жазылат да, эгер аягына чекит коюла турган болсо, анын ордуна үтүр, же болбосо маанисине карай суроо, же илеп белгиси, же көп чекит коюлат. Анан бул белгилерден кийин сызыкча коюлуп, төл сөздүн экинчи бөлүгү кичине тамга менен башталып жазылат.

Мисалы: Жаштар адегенде: "Азык алып жүрбөйбүз, жүгүбүз оор болуп, жолду арбытышка жолто кылат", –дешти.

Дүйшөн анын бет алдына барып тура калып:

–Сиз эмне жумуш менен келдиңиз? – деди (Ч.А.).

Дүйшөн тигилерди качырып сала берди:

–Качкыла, балдар! Кач, Алтынай! – деп кыйкырды (Ч.А.).

Муну көргөн Бекназар баатыр: "Жакшы өңүт алган экен..." –деп, ичинен ойлонду (Т.Кас.).

4.Тике сөздүн ортосуна төл сөз келгенде, тыныш белгилери төмөнкүдөй коюлат:

а) Эгерде тике сөздү төл сөз эч кандай тыныч белгиси коюлбай турган жерден, же үтүр, үтүрлүү чекит, кош чекит коюла турган жерден бөлсө, тике сөздүн ортосуна келген төл сөз эки жагынан үтүр жана сызыкча менен ажыратылат.

Тике сөздүн экинчи бөлүгү кичине тамга менен башталып жазылат:

-Анан, -деди Үкүбала,-мындайда Зарипаны жалгыз жиберип болбойт (Ч.А.).

—"Ким иштебесе, -деген В.И.Ленин, —ал тиштебейт".

Азыр сенден өтүнүчүм бар, —деди ал, —төрүмдөгү меймандар жөнүндө кымындай шек чыгара көрбө (К.Осм.).

б) Тике сөздү төл сөз чекит коюла турган биринчи бөлүмүнөн кийин бөлсө, ал чекиттин ордуна үтүр жана сызыкча коюлуп, андан кийин келген төл сөз кичине тамга менен башталып жазылат да, аягына чекит жана сызыкча коюлуп, тике сөздүн экинчи бөлүгү баш тамга менен башталып жазылат:

"Бул сөздү кайдан айттым экен, -деди ичинен Чүкөбай.—Эми Зуура муну элге айтып, мени маскара кылат го" (К.Б.).

-Мен макул эмесмин, —деди Эдигей. —Андай болушу мүмкүн эмес (Ч.А.).

в) Төл сөз тике сөздү суроо, илеп белгиси же көп чекит коюла турган биринчи бөлүмүнөн кийин бөлсө, анда тике сөздөн кийин маанисине карай суроо,же илеп белгиси, же көп чекит жана сызыкча коюлуп, андан кийинки төл сөз кичине тамга менен жазылат да, аягына чекит жана сызыкча коюлуп, андан кийин келген тике сөздүн экинчи бөлүгү баш тамга менен башталып жазылат:

"Сүйүнчүңү чыгар! - деди Аккыз.—Тилегибиз орундалды!"(К.К.).

—Балам, кайда жүрөсүң? - деп, бир маалда Карабаш келди.—
—Сени күтүп калдык. (К.К.).

—Эмне болсо да кабар бер... —деди Саадат, кетип бара жатып.
—Мен күтөм. (Т.С.).

5) а) Тике сөз менен төл сөздү байланыштырган "деп" жардамчы этиши өзүнүн алдындагы тике сөзгө тиешелүү болуп, анын тутумуна кирсе, "деп"тен кийин да үтүр коюлат:

—Жетишем, али убакыт бар, —деп, Касымжан ширенке чакты. (Ч.А.).

—Эмне болуп кетти буларга? -деп, Чүкөбай шашып тышка чыкты. (К.Б.).

б) Эгерде тике сөз менен төл сөздү байланыштырган "деп" төл сөздүн баяндоочуна тиешелүү болуп, анын составында айтылса, "деп" тен кийин үтүр коюлбайт:

Ала келген түйүнчөгүмдү көрө коюп: "Эне, алма алып келдиңби?" деп сүйүнүп кетти Жанболот. (Ч.А.).

—Булар эмнеден коркуп жүрөт? — деп сурады Нурбек (Ч.А.).

6) Суроо - жооп иретиндеги айтылган сүйлөмдөр (диалогдор) да эки түрдүү берилет.

а) Эгерде ар бир кишинин сөзү (тике сөз) жалпы текстten бөлүнүп алынып, абзац менен берилсе, жол башынан сызыкча коюлуп, тырмакчага алынбай жазылат. Төл сөз кошо айтылса, тиешелүү тыныш белгилери сакталат:

—Данике, сайдагы аттар сеникиби? -дедим.

—Ал бурула берип, жай карап койду:

— Экөө меники.

— А беркилеричи?

— Жанагы Жамийла дейби... ошол келиндики.

—Сенин ал жеңең беле?

—Жеңем.

—Бүгүн багып бересиң деп, бригад өзү таштап кетти (Ч.А.).

б) Эгерде суроо - жооп иретинде айтылган сүйлөмдөр абзац менен бөлүнбөй, тексттин ичинде берилсе, ар бир кишинин сөзү (тике сөз) тырмакчага алынып, бири-биринен сызыкча аркылуу бөлүнөт. Төл сөз катышса, тиешелүү тыныш белгиси сакталат:

—"Абуталип Куттыбаев деген иштерди беле силерде?" —"Бизде иштеген, эмне болуптур?" —"Мобу каттын келгенине үч күн болду. Ме, аялына алпарып бер" -деп, катты берди Чернов (Ч.А.).



ТЫНЫШ БЕЛГИЛЕРИ

Тыныш белгилери жазма түрүндө баяндалган ой-пикирге так, туура түшүнүүгө жардам берет. Эгерде сүйлөмдө керектүү тыныш белгилери коюлбаса, же туура эмес коюлса, окуганда киши анын маанисине өтө кыйынчылык менен түшүнөт, же түшүнбөй калышы да мүмкүн.

Мисалы, төмөнкү сүйлөмгө эч кандай тыныш белгисин койбой жазып көрөлү:

Албетте ал кызуулана сүйлөдү ага окшогон жан бактыларды катуу сынга алуубуз керек.

Мында эмне жөнүндө сөз болуп жаткандыгына ачык түшүнүү кыйын.

Эгерде бул сүйлөмдү тиешелүү тыныш белгилерин туура коюп жазсак, анда ал ой-пикирди ачык, так туюндурат:

—Албетте, —ал кызуулана сүйлөдү, — ага окшогон жан бактыларды катуу сынга алуубуз керек. Ошондуктан жазылган сүйлөмдөрдө тийиштүү тыныш белгилери дайыма туура коюлууга тийиш. Ал үчүн I) сүйлөмдүн синтаксистик түзүлүшүн так ажырата билүү керек — синтаксисти жакшы билүү керек;

2) сүйлөмдүн маанисине терең, туура анализ кыла билүү керек, себеби бир катар тыныш белгилери (чекит, суроо, илеп, кош чекит ж.б.) сүйлөмдүн маанисине негизделип коюлат:

3) тыныш белгилеринин коюлуш эрежелерин так билип, аны практикалык иште туура колдоно билүү зарыл;

4) тыныш белгилери менен интонация белгилүү бир учурда бирдей маанилик катышты билдирип, бири-бирине туура келип калган учурлар да болгондуктан, жазуу учурунда кээде оозеки сөздөгү интонацияга да тиешелүү көңүл бурууга туура келет.

Кыргыз тилинде колдонулуп жүргөн тыныш белгилерине чекит, суроо, илеп белгиси, көп чекит, үтүр, үтүрлүү чекит, кош чекит, сызыкча, кашаа, тырмакча кирет.

Бул тыныш белгилерин сүйлөмдө коюлган ордуна карай эки топко бөлүүгө болот: сүйлөм аягында коюлуучу тыныш белгилери (чекит, суроо, илеп) жана сүйлөм ичинде коюлуучу тыныш белгилери (жогорку үчөөнөн башкалары).

Сүйлөм аягында коюлуучу тыныш белгилеринин ар бири (чекит, суроо, илеп белгиси) эки түрдүү милдетти аткарат: биринчиден, сүйлөмдө айтылган ойдун аяктаганын билдирет жана ал сүйлөмдү өзүнөн кийинки сүйлөмдөн ажыратып бөлүп турат; экинчиден, ал сүйлөмдүн кандай мааниде айтылгандыгын (жайынча айтылганын, же суроо маанисинде экендигин, же күчтүү сезим менен айтылганын) көрсөтөт.

Чекит

I) Чекит белгиси дайыма жай сүйлөмдүн аягына коюлат. Жай сүйлөмдөр синтаксистик түзүлүшү жагынан түрдүүчө болот. Алар жөнөкөй же татаал сүйлөм, жалаң же жайылма сүйлөм, бир тутумдуу же эки тутумдуу сүйлөм, кемтик сүйлөм түрүндө кездешет. Демек, чекит белгиси жайынча айтылган сүйлөмдүн ушул түрлөрүнүн баарынын аягына коюлат.

Мисалы: Жапар кубанды.(К.Б.) Колунда мөөр басылган кагазы бар.(Ч.А.) Алдыңкы тажрыйбаны мектептерге кеңири жайылтуу керек. ("Муг.газ.")

-Кайдан келдиң? —Шаардан.

Жымжырт. Түн жана мен. Үйдө туруп эптеп бир аракет кылгым да келген жок .(Ч.А.)

Жан кыйналбай, жумуш бүтпөйт.

2) Күчтүү сезим менен айтылбай, жайынча гана баяндама берген буйрук сүйлөмдөрдүн аягына да көбүнчө чекит коюлат:

- Баса, Зукеш, сен да черт. (К.Б.)

Суроо белгиси

Суроолуу сүйлөмдөрдүн аягына коюлат:

- Баса, анын жакага кеткен себебин билдиңби?

- Эмнеге сен буга күмөн кыласың? (К.Б.)

Илеп белгиси

I) Илептүү сүйлөмдөрдүн аягына коюлат:

Эмгек деген кандай сонун нерсе! (Т.С.)

Жашасын коммунизм — адамзаттын жаркыраган келечеги!

2) Каратма сөз же сырдык сөз сүйлөм башында келип, күчтүү сезим менен айтылса, илеп белгиси ошол сөздөрдөн кийин да коюлат:

Майсалбек! Алда айланып, согулуп кетейин балам ай! (Ч.А.)

Бах! Ачкыл болсо ушундай болсун! (К.Б.)

3) Буйруу маанисиндеги сүйлөмдөр күчтүү сезим менен айтылса да, аягына илеп белгиси коюлат: Ай, жолдош, токто, кайт артыңа! (Ч.А.)

Көп чекит

I) Кээ бир сүйлөмдөрдө ой толук айтылбай, бир жеринен үзүлүп, өксүп айтылат. Сүйлөмдүн антип үзүлүп, өксүп айтылган жерине көп чекит (үч чекит) коюлат:

-Жалгызым... кызым... сен кантесиң?..

Келчи мага!.. Окко учту... Айткул ай!... Кайдасың?.. (К.Б.)

2) Айрым сүйлөмдөрдө айтылган ойдун андан ары да уландысы бардай сезилип турат. Андай сүйлөмдөрдүн аягында узагыраак тыным болот, жазууда көп чекит коюлат:

Шордуу Батийна туулгандан шорго жаралган экен да...(Т.С.)

Үтүр.

I) Бир өңчөй мүчөлөрдүн арасына коюлат:

Таалайлуу, ырыстуу балдар Советтер Союзунда гана бар (К.Б.).

Алымжан, Акбар, Шарип аке да келген (К.Бек.).

2) Бир өңчөй мүчөлөрдү „да" байламтасы байланыштырып, бир нече ирет кайталанып келсе, үтүр ар бир байламтадан кийин коюлат, эң аяккы "да" дан кийин коюлбайт:

Түз да, талаа да, тоо да, ой да, жылга да, жыбыт да кар жамынып, мелтиреп тымтырс (Т.С.).

3) Бир өңчөй мүчөлөрдү „ары" байламтасы байланыштырып, бир нече ирет кайталанып келсе, үтүр ар биринин алдына коюлат:
Ал билимдүү, ары өткүр, ары уюштургуч жигит эле.

"Ары" байламтасы бир нече ирет кайталанып, бирок биринчи "ары" эки бир өңчөй мүчөнү байланыштырбай, өзүнөн кийинки сөзгө күчөтүү маанисин гана берип турса, анын алдына үтүр коюлбайт, кийинкилеринен мурун коюла берет:

Алымбайдын сөзү ары өтүмдүү, ары законду болуп калды (М.Аб.).

Эгерде "ары" байламтасы бир нече ирет кайталанбай, эки бир өңчөй мүчөнү байланыштырса, үтүр коюлбайт: Сапарбайдын сөзү чечкиндүү ары маңыздуу болду (Т.С.).

4) „Же" байламтасы байланыштырып, бир нече ирет кайталанса, ар бир байламтадан мурун коюлат: Быйыл Асан, же Омор, же Салый айыл чарба көргөзмөсүнө жиберилет.

Эгерде "же" бир нече ирет кайталанып, бирок биринчи "же" эки бир өңчөй мүчөнү байланыштырбай, жөн гана өзүнөн кийинки сөзгө божомолдоо, ажыратуу маанисин берип турса, биринчи байламтадан мурун үтүр коюлбайт; кийинки "же" байламталарынан мурун коюла берет:

Самтырда же эне, же ата, же күйөр ага=ини жок (Т.С.).

Эгерде "же" байламтасы кайталанбай, эки бир өңчөй мүчөнү гана байланыштырса, үтүр коюлбайт: Күчтүү шамал отту өчүрөт же күчөтөт (Ч.А.).

5) Байламтасыз багынычсыз татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр бир мезгилде же удаалаш болгон окуяны билдирип, маани жагынан өза ара тыгыз байланышта болсо, ал жөнөкөй сүйлөмдөрдүн арасы үтүр менен ажыратылат:

Атанын муундары калтырады, сакалдары титиреди (Т.С.). Эртеси күн бүркөлдү, туман түштү, борошолоп кар жаады (К.Б.).

6) Байламталуу багынычсыз татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү "да" байламтасы байланыштырса, үтүр байламтадан кийин коюлат: Бурганак сапырып паровоз өтө чыкты да, поезд токтоду (Ч.А.).

7) Татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү ары, а, ал эми, бирок, анткени, ошондуктан, себеби, же, же болбосо деген байламталар байланыштырганда, алар өзүнөн кийинки сүйлөмгө таандык болуп айтылат, ошол себептүү үтүр алардан мурун коюлат:

Сабатсыздыгымды жаңы гана жойдум, ары жашым да алтымышка келип калды (Н.Б.). Колунда барлар эптешер, а кедейлер кантишет... (Т.С.) Баарың түгөл келипсиң, бирок Пудовкин көрүнбөйт да? (К.Бек).

"Жана" байламтасы эки жөнөкөй сүйлөмдү байланыштырат, бирок алардын эч бирине тиешелүү болуп айтылбайт. Ошол себептүү андан мурун да, кийин да үтүр коюлбайт:

Полу сырдалган жана дубалдары акталган (К.Б.).

8) Багынычтуу татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн арасына коюлат:

Нурбек эшикке чыкканда, шамал бет алдынан урду (Ч.А.). Карымшак кетери менен, Бозгунчу дагы эскертти (Т.С.). Сепкен үрөнүңүз өнүмдүү болсо, күзүндө кампаңыз да түшүмгө жык толот (К.Б.).

9) Чакчыл түрмөктөр үтүр менен ажыратылат (сүйлөм башында келсе, өзүнөн кийин, сүйлөм ортосунда келсе,эки жагынан, сүйлөм аягында келсе, өзүнөн мурун үтүр коюлат):

Аларды айландыра курчап, элүүдөй чоң тамандар отурушат (К.Ж.). Алар, кызыкка батып, мектептин жанында ойноп жүрүшкөн эле (Т.С.). -Жоокер болгум келет, —деди Жапар, көз жашын кылгыртып (К.Б.).

10) Обочолонгон түшүндүрмө мүчөлөр үтүр менен ажыратылат:

Биз, малчылар, андай адатты жакшы көрбөйбүз (А.У.). Тең укуктуулук бизде, Советтер Союзунда.

11) Каратма сөз, киринди сөз, сырдык сөздөр үтүр менен ажыратылат:

Саадат, коногунду ойгот (Т.С.). Коркпо, Жамийла, алыс жолдон (И.А.) Тилекке каршы, азырынча курал жок (К.Бек.).

Туура, деп ойлойм, албетте (Н.Б.) —Бали, Шаке! (Т.С.) Эми эмне кылчумун, катыгүн (К.Б.).

Үтүрлүү чекит

1) Багынычсыз татаал сүйлөмдүн составындагы жөнөкөй сүйлөмдөр маани жагынан бири-бири менен анчалык тыгыз байланышта болбой, белгилүү бир өлчөмдө өзүнчө айрым түшүнүктү билдирип турса, аралары на үтүрлүү чекит коюлат.

Ошондой эле татаал сүйлөмгө бириккен жөнөкөй сүйлөмдөр составы жагынан жайылыңкы келип, алардын өз ичинде коюлган үтүр белгилери болсо, ал үтүр аркылуу бөлүнгөн синтаксистик тизмектер менен татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү бири=бири менен чаташтырбоо үчүн, ар бир жөнөкөй сүйлөмдүн чеги үтүрлүү чекит менен ажыратылат.

Мисалы: Атасы Айткулу үркүндө окко учкан; энеси Батма кечээ жакында кытай жеринде өлгөн (К.Б.). Чүкөбай Зууранын кажыбас кайратына, акыл-эсине ишенди; бундуу ишин көрүп, олуттуу сөзүн угуп, ошондой болууга өзү да тырышты; мурунку шашкалак-күйкөлөгү калды. (К.Б.).

Кош чекит

I) Бир өңчөй мүчөлөрдөн мурун келген жалпылагыч сөздөн кийин коюлат;

Өрдөктөр үчөө: бири-соно, бири-чүрөк, үчүнчүсү - темир канат балапан (К.Ж.). Арттагылар - жергиликтүү активдер: Чаргын чап жаак, Акия кетирекей, Зарыл, сельсоветтин кызматкерлери (Т.С.).

2) Байламтасыз багынычсыз татаал сүйлөмдүн тутумундагы биринчи сүйлөмдүн маанисин экинчи сүйлөм ачып, конкреттешип турса, жалпыланган маанидеги биринчи сүйлөмдөн кийин кош чекит коюлат: Анын мойнуна тагылган кызматы бар: ал айылаткомдун катчысы (Т.С.).

Байламтасыз татаал сүйлөмдүн тутумундагы экинчи сүйлөм биринчи сүйлөмдө айтылган ой=пикирдин себебин көрсөтсө, биринчи сүйлөмдөн кийин кош чекит коюлат:

Анын кай тараптан келгенин билүү да кыйын: изди жамгыр жууп кеткен (Ч.А.).

3) Жалпыланган маанидеги сүйлөмдүн мазмунун бир нече сүйлөм же сөз тизмектери чечмелеп келсе, жалпы маанидеги биринчи сүйлөмдөн кийин коюлат:

Өсүмдүктөрдү үч жол менен көнгүч кылууга болот: а) кыйыштыруу жолу менен, б) аргындаштыруу жолу менен, в) тышкы чөйрөнүн таасир этиши менен ("Ботаника"). Биздин өлкө жер шаарынын эки бөлүгүнөн орун алган: бир бөлүгү Европада, экинчи бөлүгү Азияда.

4) Төл сөз тике сөздөн мурун келсе, төл сөздөн кийин кош чекит коюлат:

Элде мындай деген макал бар: "Ойлобой сүйлөгөн онтобогон ооруга жолугат".

Бирок Зуура анын сөзүн бөлдү: - Кечириңиз, аксакал. Сөзүңүздү угууга убактым жок (К.Б.).

Сызыкча

I) Бир өңчөй мүчөлөрдөн кийин жалпылагыч сөз келсе, андан мурун сызыкча коюлат:

Микола, Жапар, Жамийла, Лена — төртөө мектептен чыгышты (К.Б. Ал идиш-аяк, жууркан=төшөк —баарын арабага салды(К.Б.).

2) Баяндоочтун милдетин атооч жөндөмөдөгү зат атооч аткарса, ээ менен баяндоочтун ортосуна /ээнин тобу менен баяндоочтун тобунун ортосуна/ сызыкча коюлат:

СССР — космосту биринчи ачкан өлкө ("СК").

3) Баяндоочтун милдетин кыймыл атооч, затташкан сын атооч, атоочтук аткарса:

Биздин милдет — билбегенге билдирүү (Т.С.).

Салыйдын жоолугу — кызылы. Жаш жигиттин уялганы — өлгөнү. Өлгөндүн жазасы - көмгөн, (макалдар).

4) Ээнин да, баяндоочтун да милдетин абстракттуу маанидеги сан атоочтор аткарса:

Беш жерде беш — жыйырма беш. Эки он — жыйырма. Ондун жартысы-беш.

5) Обочолонгон түшүндүрмө мүчө же айкындалуучу мүчө бир өңчөй мүчөлөрдөн болсо, экөөнүн ортосуна сызыкча коюлат (түшүнтүрмө мүчөдөн кийин үтүр коюлат): Украинанын жеринде пайдалуу кендердин— көмүрдүн, газдын, темирдин, марганецтин, эң көп запасы жатат ("СК"). Советтик окумуштууларга, инженерлерге, техниктерге — космос кораблин түзгөндөргө, урмат жана даңк("СК").

6) Эгер обочолонгон түшүндүрмө мүчөдөн кийин ага улай бир өңчөй мүчөлөр катар айтылса, түшүндүрмө мүчөнү өзүнөн кийинки бир өңчөй мүчөлөр менен чаташтырбоо үчүн, түшүндүрмө мүчөдөн кийин сызыкча коюлат (мурун үтүр коюлат):

Биз, дыйкандар —дан, сүт, эт камдайбыз (Т.С.).

7) Байламтасыз багынычсыз татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй

сүйлөмдөрдүн экинчиси маани жагынан биринчисине кескин түрдө карама каршы коюлса, андай жөнөкөй сүйлөмдөрдүн арасы сызыкча менен ажыратылат:

Үйдө чечен — жоодо жок. Буту жок — жүрөт, тили жок — сүйлөйт. (макал). Айттым — укпадың.

8) Байламтасыз багынычсыз татаал сүйлөмдүн составындагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн экинчиси биринчи сүйлөмдө айтылган ойдун натыйжасын, жыйынтыгын билдирсе, экөөнүн ортосуна сызыкча коюлат: Асманды кара булут каптады — күн жаайт экен.

9) Байламтасыз багынычсыз татаал сүйлөмдүн тутумундагы акыркы жөнөкөй сүйлөм өзүнүн алдындагы сүйлөмдө айтылган ойго кошумча толуктоо, түшүндүрмө маани берип турса, экөөнүн арасына сызыкча коюлат.

Түшүм өз убагында жыйналып бүтүүгө тийиш — биздин колхоздун закону мына ушундай ("СК"). Дароо эле таанылым — Алиман экен (Ч.А.).

IO) Шарттуу багыныңкылуу татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр составы жагынан өтө кыска келип, экинчи сүйлөмү күтүлбөгөн кескин жыйынтыкты билдирсе, эки сүйлөмдүн арасына сызыкча коюлат: Ачып жиберсе — Самтыр экен (Т.С.). Жакындап барсам — түлкү (Т.С.).

II) Шарттуу багыныңкылуу татаал сүйлөм түзүлүшү жагынан өтө кыска келип, биринчи сүйлөмү шартты, экинчиси андан чыга турган жыйынтыкты, натыйжаны билгизсе, эки сүйлөмдүн ортосуна сызыкча коюлат. Мындай түзүлүштөгү татаал сүйлөмдөр көбүнчө макал, лакаптар үчүн мүнөздүү:

Отту көзөсө - өчөт, коңшуну козгосо - көчөт.

Ит жадаса - үрөт, киши жадаса - күлөт. Иштесең — тиштейсиң (макалдар).

Кээде мындай түзүлүштөгү сүйлөмдөрдүн баш сүйлөмүнүн баяндоочу кыскарып калат. Мындай учурда да сызыкча сакталат:

Айтса - жүрөккө (тиет), чапса - билекке (тиет). Жаш келсе - ишке, кары келсе - ашка. Эмгектен качсаң - дөңгөккө.

I2) Шарттуу багыныңкылуу татаал сүйлөм кыска жөнөкөй сүйлөмдөрдөн уюшулса жана анын тутумундагы экинчи сүйлөм маани жагынан биринчисине кескин түрдө карама-каршы мааниде айтылса, араларына сызыкча коюлат:

Тий десе — тийбейт, тийбе десе — тиет. Акмакка акыл айтсаң — укпайт, пайда кылсаң — жукпайт (макал).

I3) Баяндоочу кыскарылып айтылган сүйлөмдөрдө коюлат: Эт — этке, сорпо — бетке. Пахта — мамлекетке.

I4) Тике сөздөн төл сөздү ажыратуу үчүн коюлат:

"Ким иштебесе, — дейт Ленин, — ал тиштебейт".

I5) Диалог (суроо = жооп) иретинде айтылган сүйлөмдөрдүн баш жагына коюлат:

— Атың ким?

— Таалайбек.

— Кимдин баласысың?

— Жакыптын (Ж.Ташт.).

Кашаа

Кээде айрым сүйлөмдүн же сөздүн маанисин толуктоо, тактоо үчүн, ачыгыраак түшүндүрүү үчүн кошумча сүйлөм, сөз тизмеги же сөз кошулуп айтылат, жазууда алар кашаага алынып жазылат:

-Отурунуз! Тартип сактаңыз. (Ал Калкабай уулунун атын атайы атабады). Эл ичинде кадырман Какем (Карымшак) бул жерде Саадатты жактап өттү (Т.С.).

Тырмакча

Тике сөз жалпы тексттен бөлүнбөй, анын ичинде берилсе, тырмакчага алынып жазылат. Цитата да тырмакчага алынат:

Өмүрбек: "Алардын аты=жөнү ким?" -деди (А.Т.).

